С (Кыр)
А 13

2018

КАРА-КӨЛ ШААРЫ 50 ЖАШТА

33154

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК
КИТЕПКАНАСЫ
ОКУУ ЗАЛЫ
Инв. № 1603

Бишкек – 2012

Кара-, ьсна

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 13

А 13 Кара-Көл шаары 50 жашта. – Б.: Бийиктик, 2012. – 544 б.

ISBN 978-9967-14-858-3

А 4702300100-12

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-14-858-3

Бул китеп 20 улуттан турган 23400 дөн ашуун калкы бар Кара-Көл шаарынын 50 жылдык мааракесине арналып жазылды. Анда шаардын жаралыш таржымалы, өсүп-өнүгүшү, ага салым кошкон инсандар жана бүгүнкү өнүгүү абалы көркөм публицистикалык көз карашта баяндалат.



КАРА-КӨЛ ШААРЫНА 50 ЖЫЛ

Элгек менен алга карай умтулган,
Элүү жашта шаарым бүгүн күлпүнгөн.
Ченеми жок энергия өндүрүп,
Чексиздерге канат сермеп кол сунган.
Күрпү-Сайдын, Токтогулдун ГЭСтери,
Кубаттуулук ГЭСтин күчү чектери.
Энергетиктердин шаары Кара-Көл,
Элүү жылдык тарых жолун эстеди.
Эстен кетпейт ошол мезгил дагы эле,
Ээн жаткан, камыш баскан сай эле.
Анда-санда кепе сымал салынган,
Алты түтүн жашоочусу бар эле.
Чарын дайра бөгөлүп да, байланып,
Чаамы чыкты гигант ГЭСке айланып.
Жарык чачкан кубаттуулук күчүнө,
Жалпы эл-журт тең бериште таң калып.
Канчалаган улут эли топтолуп,
Калың камыш каптап жаткан жок болуп.
Шаани менен долбоору чийилди,
Шаар куруу маселеси козголуп.
Көркүн көрсөң көңүл сергип тазарып,
Көп улуттуу «Достук шаары» аталып.
Элүү жашка толгондугун күттуктап,
Эргүү менен ыр саптарын жазалык.
Жарык чачып, көк асмандан күн күлүп,
Жаштар шаары экендигин билдирип.
Колун сунуп бийиктикке Кара-Көл,
Коштоп келет тынымы жок ийгилик!.

Манасчы жана акын Салимбай ТУРСУНБАЕВ.

БАШ СӨЗ

Ар бир инсандын, ар бир айыл-кыштактын, шаар-райондордун өзүнө таандык болгон өз жолу, өз тарыхы болот эмеспи. Ошондой тарых аркылуу биз өзүбүздөн кийинкилерге жашоонун, андагы эң жакшы жөрөлгөлөрдүн өрнөгүн калтырабыз. Колуңуздардагы "Кара-Көл шаарынын тарыхы жана кыска энциклопедиясы" да мына ошондой багытта даярдалып, шаарыбыздын аймагы энергетиктердин сүйүктүү шаары болгонго чейин жана андан бери карай кандай жол менен жашап, өнүгүп келгендиги жөнүндө баян этилди. ГЭС куруучулардын каарман эмгектери, шаарыбыздын алгачкы пайдубалы качан, кайсыл жерге, кандайча түптөлгөндүгү, гидрокуруучулардын зор уюшкандык иш-аракеттери, ошол мезгилде өздөрүнүн мээнеткечтиги, Ата Мекендин ишине берилген патриоттуулугу менен айырмаланган эмгек адамынын каармандыктары жөнүндө чагылдырылуу аркылуу келечек муундарыбызга үлгү болсун деген максат этибарга алынды.

Союздук мезгилге салыштырмалуу азыр таптакыр жаңы коом, жаңы заманда жашап жатабыз. Эгемендик келээрдин алдында жана андан бери карай төрөлгөн жаш муундарыбыз өз ата-бабаларынын кандайча иштеп, кандай зор курулуштарда жигердүү эмгектенгендиктерин билишпейт.Ал эми колуңуздагы Кара-Көл тарыхын чагылдырган китеп ушулардын баардыгынан биздин жаштарыбызга аздыр-көптүр маалымат береринде күмөнүбүз жок.

Китепте Кара-Көлдүн шаар болгонго чейинки таржымалы, шаарыбыздын алгачкы аталышы, андагы элдин турмушу, табияты, жерлердин, булактар менен дарыялардын, көлдөрдүн, айылдардын, айрым көчөлөрдүн аталыш таржымалдары, ж.б.менен таанышып чыгууга келечек муундар үчүн толук мүмкүнчүлүктөр бар.Бул китепке союздук доордо жаштык жигерин, жалындуу аракетин бүтүндөй Ата Мекенине, коомдун өсүп-өнүгүшүнө сарптаган адамдардын сүрөттөрү, баяндары берилди.

Учурдагы ар бир иш, ар бир инсандын басып өткөн турмуш жолу—эртеңки тарых. Ошондуктан китепке шаар аймагындагы ишкана-мекемелерде уюштуруучулук таасири менен жигердүү эмгектенип жаткан жетекчилер, өзгөчө базар экономикасынын шартында билимдүүлүк, чыгармачылык дараметин туура колдонуп иштеп келаткан ишкерлер, эмгектин, согуштун өзгөчөлөнгөн ардагерлери,Ооган, коогалаңынын каармандары, ар башка тармактан өз жекече аракети менен айырмаланган адамдар(мүмкүнчүлүгүнө жараша) киргизилди.

Китепте табийгат сырлары тууралуу адамдар айткан ар кандай уламыштар жана шаар тууралуу, ГЭСтер тууралуу көркөм ырлар да камтылган. Демек, улам кийинки урпактарыбыз бул энциклопедиядан өздөрүнүн бабалары менен чоң энелеринин каарман эмгектери менен өрнөктүү иштери тууралуу билип, алардай болууга шыктанышат, умтулушат деген таттуу үмүттөбүз.

Китептеги айрым материалдарды орус тилинде да берүүгө туура келди. Себеби, шаарыбыз түптөлгөндөн эле ГЭСтерди жана шаарды курууга катышкан инсандарыбыздын бир тобу башка улуттун өкүлдөрү, айрыкча орус тилдүү адамдар болушкан жана алар кыргыз тилин билише албагандыгы эске алынды. Эки тилди бирдей мыкты өздөштүргөн элибиз үчүн бул эч бир ыңгайсыздык жаратпайт деген ишеничтебиз.

Кара-Көл шаарынын жаралышы

КАРА-КӨЛ шаарынын географиясы

Кара-Көл шаары областтын борбору болгон Жалал-Абад шаарынан 175 чакырым түндүк-батышта, борборубуз Бишкек шаарынан 385 чакырым түштүгүндө жайгашкан. Таш-Көмүр темир жол бекетинен 78 чакырым аралыкта орун алган.

Кара-Көл 1962-жылы Токтогул ГЭСин куруучулардын шаарчасы катары негизделген. 1977-жылы 17-январда шаар статусун алган. Нарын дарыясынын сол жээгинде, Ош—Бишкек автожолунун оң жээгинде жайгашкан.

Аймактын ландшафты жеринин бетинин түзүлүшүнүн тата-алдыгына, климаттын өзгөчөлүктөрүнө жараша болот.Түздүктүү талаа ландшафты Нарын капчыгайын бойлото шаардын батыш тарабына мүнөздүү (деңиз деңгээлинен 800—1000м). Тектирлүү тегиз түздүктөрдүн аянттары анча жазы эмес. Рельефи кыйла тик, Нарын дарыясын көздөй тилмеленген. Аймактык Түндүк-Чыгыш тарабы тоо капталдуу ландшафтарга туура келет. Алар 1000 метрден 1800м. чейин бийиктикте созулуп, тоо-токой шалбаа ландшафтына кирип кетет.

Кара-Көл кенчи

Кара-Көл кенчи X1 кылымга таандык казына. Кара-Көл шаарынын аймагындагы "Комсомол" көлүнүн ордун тегиздөө учурунда байыркы шаар урандыларынан эки кесе, кумган жана эки тулга табылган. Кеселерге кооз оймо-чиймелер түшүрүлүп, кумганга араб тамгасы менен "Ахмад жасады" деп жазылган.

Кочкор-Дөбө дөбөсү

Фергана тоо тизмегинин түндүк-чыгыш тарабы. Кетмен-Төбө өрөөнүнүн түштүгүндө. Батыштан чыгышты карай кеңдик багытта ийрилип созулуп жатат. Узундугу 23 километр, туурасы 6 километрдей. Орточо бийиктиги деңиз деңгээлинен 1700-1800 метр. Эң бийик жери 2534 метр. Тоонун суу бөлгүчү түзөң жана тайпаң. Тоо капталдары жантайыңкы (20—30). Неогендин боз түстүү конгломерат, кумдук ж.б. тоо тектеринен түзүлгөн.

Эфемерлүү талаа ландшафты басымдуу. Чарбачылыкта чабынды жана жайыт катары пайдаланышат.

Табияты жана климаты

Кара-Көл шаарынын түндүгү ири өрөөн Кетмен-Төбө ойдуңуна кирип кетет. Деңиз деңгээлинен 800-1200 метр бийиктикте жайгашкан. Батыш тарабы Нарын өзөнүн бойлоп, Фергана өрөөнүнө чектешет.

Өрөөн Евро Азиянын борбордук бөлүгүндө, деңиз , океандардан алыс, мелүүн алкактын түштүк четинде жайгашкан. Түзөң жана өрөөндүү бөлүгүндө субтропиктен мелүүн алкакка өтмө климат мүнөздүү.

Күн радиациясы климат пайда кылуучу маанилүү фактор болуп саналат. Анын жер бетине тийиши күндүн бийиктик абалына жараша болот. Күндүн чак түштөгү бийиктиги декабрда 25 градус, июнда 70 градуска чейин жетет. Күн тийүү узактыгы булуттардын пайда болуу шартында гана горизонттун жабык же ачык болушуна байланыштуу, кууш өрөөндөрдө жана капчыгайларда ошол эле кеңдиктерде жайгашкан рельефтин башка формаларына караганда күн тийүү узактыгы кыскарак болот. Күн тийүүнүн жылдык орточо узактыгы Жалал-Абад станциясында 2787 саатты түзөт, бул болсо ошол кеңдиктердеги күн тийүүнүн 66-69 пайызы гана.

Өрөөндүн климатына 80 - жылдардан кийин пайда болгон Нарын дарыясындагы Токтогул, Күрп-Сай, Таш-Көмүр ири суу сактагычтарындагы пайда болгон суу бетинин энергиясына да таасири чоң.

Атмосфералык басымдын чоңдугу төмөнкү зоналарда 950гПа дан бийик тоолуу зонада 600г.Па (же 715тен 450 мм.сымап мамычасына) чейин өзгөрөт.

Деңиз деңгээлинен 1000-2000м бийиктикте басымдын минимуму июлда байкалып, максимуму октябрь-ноябрда оошот; жылдык амплетудасы 6-14 гПа ды түзөт. Деңиз деңгээлинен 1000м ден жогорку бийиктиктеги аймактарда абанын жылдык температурасы 22-27 градус С ди түзөт.

Абанын суткалык орточо температурасы 10 градус Сден өтүү даталары айыл чарба өсүмдүктөрүнүн басымдуу бөлүгүнүн активдүү вегетация учурунун башталышы жана аягы кабыл

алынган. Деңиз деңгэлинен 1000 метр чегиндеги бийиктиктерде бул мезгил марттын аягынан октябрдын аягына чейин созулат. Бул бийиктиктерде жазгы үшүк марттын 2чи жарымында, күзгү алгачкы үшүк ноябрдын 1чи декадасында жүрөт.

Атмосфералык жаан-чачындын өлчөмү 500-600 чакырым. Ным алып келүүчү аба агымдарынан тоолору аркылуу пайда болуп турган Кетмен-Төбө жана Тогуз-Торо райондорунда жылдык жаан-чачындын өлчөмү 330-370мм-ди гана түзөт. А бирок өрөөндө ондогон суу сактагычтардын пайда болгонуна байланыштуу бул көрсөткүч жогорулоо жагына өскөн.

Кара-Көл аймагына фергана өрөөнүнүн түндүк тарабында деңиз деңгээлинен 1000-1200м бийиктигинде жайгашканына байланыштуу декабрдын 2чи декадасынан баштап кар катмарынын жатышы 2-3 айга чейин созулуп кетет. Кар катмарынын калыңдыгы 30-40см-ге чейин жетет. Жаан-чачындуу күндөрдүн жылдык орточо саны 45—55-күндү түзөт.

Суулары

Кара-Көл –Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш капталындагы чакан тоо көлү. Көгарт суусунун оң куймасы Ачы-Сайдын алабында деңиз деңгээлинен 1300 метр бийиктикте жайгашкан. Ал көлдүн аянты 0,1кв.километр. Көл кар жана жаан-чачындын суулары менен толукталып турат. Суу агып чыкпаган туюк көл. Жети чакан көлдөн турат: Кичи-Көл, Чоң-Көл, Шырын-Көл, Тегерек-Көл, Бешик-Көл, Салык-Көл деген көлдөр бар. Кийинчерээк шаар жайгашкан жерге Кара-Көл деген аталыш ошол көлдүн атынан берилген.

Кара-Көл шаарына бийик тоолордун мөңгүлөрүнөн куралып түшкөн Кара-Суу, Кайыңды, Кара-Көл сыяктуу үч дарыя агып өтүп, шаардын батыш тарабынан Нарын дарыясына кошулат. Булардын эң чоңу Кара-Суу дарыясы. Дарыянын узундугу 78 чакырым. Ал Кара-Суу көлүнүн агымы болуп эсептелинет. Көл деңиз деңгээлинен 2022 метр бийиктикте жайгашкан. Аянты 4,2 чакырым, эң терең жери 150 метр. Кара-Суу көлүнүн баш жагы, ондон 3,5 чакырым чамасында чыгыш тарабында жайгашкан Капка-Таш көлү түзөт. Анын бийиктиги 230 метр, аянты 0,96 чакырым. Бул көлдөр техногендик жер силкинүүлөрдүн натыйжасында тоолор урап, Кара-Суунун нугун бөгөп калгандан кийин

пайда болгон.

Узундугу 25 чакырым чамасында. Суу Кайыңды, Босого-Таш, Тепши, Ыспы, Муз-Төр бийик тоолуу колоттордогу булак, мөңгүлөрдөн куралган.

Баш жагы Кара-Көл жайлоосундагы көлдөрдөн топтолот. Кайыңды тоо кыркаларынын батыш жагы менен чектелип, түштүк-чыгыш тарабы Арсланбап тоо кыркаларындагы булак-мөңгүлөрдүн кошундусунан пайда болуп түзүлгөн. Суунун жалпы узундугу 30 чакырымга чейин.

Кара-Көлдүн аймагындагы өсүмдүктөр жана жаныбарлар

Кара-Көл шаарынын аймагы өсүмдүктөр дүйнөсүнө бай келет. Токойлуу аймагы орто бийиктигиндеги тоо алкагына кирип кетет. Аймактын түндүк-чыгыш тарабы Батыш теңир тоо тизмегинде турат. Бул алкакта жаз мезгилинин биринчи күнүнөн баштап эфемерлер (бир жылдык өсүмдүктөр) дүркүрөп өсөт. Аларга кызгалдак, кунжа, шыбак, арпакан, чытыр сымал өсүмдүк түрлөрү кирет. Ал эми көп жылдык өсүмдүктөрдөн –кырк муундуу чекенди, ири мөмөлүү жуп жалбырак, чайыр өсүмдүктөрү кездешет. Алар жай мезгилине жакын куурап жок болуп, шыбак, баялыш, кылканактуу өсүмдүктөр үстөмдүк кыла баштайт. Көп жылдык өсүмдүктөрдөн жана дагы чырыш, адырашман, коңурбаш жылганы, тоо тектеринде бадалдуу караган жана кызыл чие өсүмдүктөрү үстөмдүк кылат. Шаардын ортосунан өткөн Кайыңды, Кара-Суу сууларынын бою негизинен Ак-Кайың, четин ж.б. Капчыгайдын баш жактарындагы тоо этектери арчалуу, шилби, караган сайлуу келет. Долонолордун кызыл, сары түрлөрү, аса-муса, катын жаңак токой даректары өсөт. Жаз кылтаяры менен эң биринчи байчечекей, төтө мойнок, сүтүкөн, эрмен чөп биринин артынан бири көктөп чыгып беткейлерге жан киргени байкалат. Бул аймактарда ит мурун, чычырканак, жийде даректары, сасык кайың, ак-чечек, катыраңкы, тобулгу, чие, жапайы алча, өрүктөр өсөт.

Аймактын ландшафтарынын өзгөчөлүктөрүнө жараша жаныбарлар да ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Алар түрдүү формалык топторго биригишип, ар түрдүү экологиялык шартты ээлейт. Кара-Суу, Кайыңды дарыячаларында кызыл темгилдүү

Амударье форели бар. Күрп-Сай суу сактагычында –маринка, Ысык-Көл форели, Амударье форели, сига балыктары тукум улап келүүдө. Ал эми Токтогул суу сактагычында –сазан, карп, толстолобик (казанбаш) карас, маринка, сига, Ысык-Көл форели сыяктуу балыктар жашайт.

Жерде—сууда жашоочулардан көл бакасы, кур бака; сойлоп жүрүүчүлөрдөн—суу жылан, кара чаар жылан, сары жыландар бар.

Аймакта куштардын бир нече түрлөрү бар. Айрым куштар жыл мезгилдеринде бийиктик алкагы боюнча орун которуп турушат. Кышында тоо капталдарынын төмөнкү тилкелеринде кекилик, улар, кара койчу, боз таркылдак...

Жергиликтүү куштардан кашка чымчык, чабалекей, көгүчкөн, ала чыйырчык жана башкалар болсо; тоо сууларын бойлоп жылкычы чымчык, көгүчкөн, ала куу, бактектер мекендейт.

Сүт эмүүчүлөрдүн кеңири тараган түрлөрүнөн кадимки коен, кызыл суур, момолой чычканы, түлкү, суусар, карышкыр, кашкулак, кирпи, сүлөөсүн, эликтер бар. Булардан башка өтө азайып бараткан сүт эмүүчүлөрдөн суусар, кундуз жаныбарлары да кездешет.

Мителик муунак буттуулар эволюциялык өнүгүү процессинде рептилиерлер, куштар, сүт эмүүчүлөр менен түрдүү биоценологиялык байланыштарда болот. Кара-Көл аймагы кирген Батыш Теңир-Тоодо айбанаттардын жана адамдын денелеринин сыртында мителик кылуучу эктопорозиттердин 145 түрү аныкталган. Облустун аймагында курт-кумурскалардын 2283 түрү, жөргөмүштөрдүн 129 түрү, малюскалардын 45 түрү бар.

Рождение города Кара-Куль

В апреле 1962 года Советом Министров СССР было принято решение о строительство Токтогульской ГЭС, в связи с чем Минэнерго СССР приказом от 28 мая 1962 года, преобразовало строительное управление "Нарынгидроэнергострой" в задачи которого входило строительство Токтогульской ГЭС и окончание работ по строительству Уч-Курганской ГЭС. И в апреле 1962 года в район строительства Токтогульской гидроузла высадился первый десант строителей в количестве 5(пять) человек и одного

бульдозера. Место расположения гидроузла представляло собой неприступное ущелье со скалистыми, почти отвесными берегами, высотой в несколько сотен метров. В этих условиях расположить поселок для гидростроителей не предствовлялось возможным.

Наиболее удобным местом для поселка оказалась пойма реки Кара-Суу, левобережного притока р.Нарын в 8 км. От створа. Фундаменты первых сборных щитовых домов были заложены 16 мая 1962 года, а уже в октябре того же года были сданы эксплуатацию 140 квартир и поселок был назван Кара-Куль с приданием ему статуса поселка городского типа. А первые строители жили в палатках, которые были возведены в районе нынешней площади Строителей. В 1-м квартале 1963 года был получен передвижной поселок, состоящий из вагончиков с необходимым минимумом устройств комунально-бытового назначения, расчитанный на 400 человек. Поселок был собран на стройплощадке №2, на против нынешней базы "Гидромонтажа", и назывался простонародии "Зеленный Париж".Для отопления данного поселка была построена котельная с водогрейными котлами. Данный поселок просушествовал4 года, после чего вагончики было демонтрированы, часть из них были розданы подразделениями строительства, остальная образовала "Поселок АТПО". В течении 1963 года строительством были получены 335 передвижных домов ПДУ, которые были смонтированы на территории нынешного города и в которых до настоящего времени живут жители города Кара-Куль.

К концу 1963 года было введено 8000м2 жилья в домах ПДУ и 7200м2 в сборных щитовых домах, что позволило иметь численность поселка до 3000 человек. Строительство жилья и обьектов соцкультбыта осуществляло строительное управление СУ-1, при активной помощи всех подразделений строительства. В 1964 году квартиры получили 2850 семей, а в 1965 году ещѳ 1423 семьи. В 1969 году жилой фонд Кара-Куля составил 70 тысяч м3, а население составляло порядка 17 тыс. Человек. Район строительства гидроузла и поселка был связан с перевалочной базой Шамалды-Сае старой дорогой. Для ускоренного строительства руководство Кыргызской ССР обязяло территориальное организации Миншосдора формировать строительство автомаги-

страли Ош—Фрунзе (Бишкек) на участке от Таш-Кумыра до района строительства с мостами через р. Нарын. Дорога проходила по правому берегу, а постоянный мост, который строился ниже подвесного был введен в 1965 году, так была решена проблема связи районе створа ГЭС и поселка с перевалочной базой в Шамалды-Сае, что облегчила поставку строительных материалов и оборудования на строящихся обьекты. В целом за период 1962—1968 год на строительных площадках и в поселке было построено свыше 40 км. Внутрипостроеных автомобильных дорог и строительством жилья, необходимо было решать вопрос энергоснабжения всех обьектов. На первом этапе, т.е. в 1962 году

Энергоснабжение поселка осуществлялось от дизельных электростанций мощностью от 30 до 200 кВт напряжением 0,4кв. В июле месяца 1962 года было начато строительство ВЛ-110 кв.от Уч-Курганской ГЭС до района строительства ГЭС и поселка , протяженностью 90 км. Работы были поручены Ферганской мехколоне №47 треста "Средазэлектросетьстрой".

Трасса ЛЭП –110 кв. Проходила вдоль строящейся дороги по правому берегу р.Нарын. Несмотря на сложные горные условия , монтажники в сжатые сроки сумели выполнить все строительные и монтажные работы и в мае месяце 1963 года ЛЭП-110 кв была сдана в эксплуатацию. Одновременно к этому сроку была построена подстанция 110/35/6 кв.на два трансформатора мощностью 15 т. Ква.

В первую очередь был введен один трансформатор и три линии 6 кв. Одна линия была построена в сторону поселка, вторая линия была построена в стороны поселка "Зеленный Париж" и третья линия на первый берег, где уже возводился бетонный завод и база ГЭС. По мере роста обьектов жилья, на У11 площадке в районе строительства поселка П-очереди в 1966 году была построена ЛЭП-35 кв., и подстанция 35/6 кв., которая запитывалось от подстанции 110/ 35 / в кв,. Эти источники энергоснабжения обеспечивали в полном обьеме потребности жилья и обьектов соцкультбыта которые были введеных этому сроку. Все кысоковольтные сети и подстанции обслуживались персоналом УЭиС.

Строительство всех внутрипостроечных сетей 6,0, 4кв. и подстенций, осушествлялось Токтогульским участком треста "Ги-

дроэлектромонтаж", которой функцировал к этому времени и располагался на месте расположения в настоящее время базе Кара-Кульского РЭС.

Для обогрева поселков на стройплощадках УП и Х были построена водогрейные котельные с котлами "Универсал", которые работали на Таш-Кумырском угле. На стройплощадка П, где располагался временный поселок ""Зеленный Париж", для отопления была так же построена котельная с котлами"Универсал". По мере роста жилого фонда и обьектов соцкультбыта, мощности котлеьных стало не хватать, поэтому в 1965 году в поселке были смонтированы три передвижных паровых котла, на железнодорожном ходу, парапроизводительностью по 12 т/час две на центральной котельной и один в районе АТПО. Все котельные работали на угле Таш-Кумырского месторождения. Использования угля для котлов, было сопряжено с большими трудозатратами, и поэтому в 1968 году Нарынгидроэнергостроем было получено разрешение на использование топочного мазута, что аозволило существенно улучщить теплоснабжение поселка.

На цент ральной котельной поселка к двум существовавшим в 1969 году, было добавлено ещѳ три передвижных паровых котла паропроизводительностью по 10 т/час и на котельной АТПОещѳ один такой же котел, что позволило иметь суммарную производительность поселковых котельных 76 т. Пара в час, что по действовавщим нормативом, полностью покрывало потребность поселка. В релуьтате этих мероприятий в поселка были ликвидированы водогрейные котельные, Весь жилой фонд Кара-Куля, все предприятия здания соцкультбытаи административные здания были обеспечены централизованным водянным отоплением, а жилой фонд третьей очереди поселка, ныне улица имени З.Л. Серого, кроме того был обеспечен горячим водоснабжением.

Эксплуатация всех котельных и магистральных теплотрасс, осушествлялась участком теплохозяйства внутриквартирные разводки и тепловые приборы-эксплуатировались силами ЖКО Нарынгидроэнергостроя. Ныне на месте паровых котлов центральной котельной смонтированы электрические водогрейные котлы.

Водоснабжение поселка на первоначальном этапе, осушест-

влялось от скважин 1 очереди водонасосной, которые были задействованы три глубиных насоса. По мере роста поселка, были забурены дополнительные скважины. В общем поселок а затем и город никогда не ошушал дефицита в питьевой воде. Первые скважины находились на месте нынешней водонасосной города Кара-Куль.

В целом город на первоначальном этапе сразу возводился с системами водоснабжени, отопления и канализации.

Город Кара-Куль всегда славился высокой культурой, так здесь были собраны лучшие умы гидротехников бывшего союза, и недаром его называют "столицей энергетиков" Республики Кыргызстан.

Житель г.Кара-Куль с февраля месяца, 1964 года.
Главный технолог АО 2НарынГЭС", заслуженный строитель Республики Кыргызстан Ю.В. ВЫГРАНЕНКО.

Кара-Көл шаарынын аткаруу органы: кечээ жана бүгүн

1962-жылы Кара-Көл шаарчасы (поселок) негизделгенден кийин, жергиликтүү бийлик катары поселкалык совет түзүлгөн. Поссоветтин биринчи төрагасы болуп Каипов Бекташ дайындалып, 1965-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.

Ал эми 1965-жылдан 1977-жылга чейин Кара-Көл поселоктук советинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп, Масиров Камчыбек шайланган жана көрсөтүлгөн ишенимди абийирдүүлүк менен аткарып жемиштүү иштеген.

1977-жылдын 7-январындагы Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун Указы менен поселок областка баш ийген шаар болуп статусу өзгөрүлөт. Шаардын статусун алганга байланыштуу Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жылдын 7-январындагы №1279-1X Токтому чыгып, Кара-Көл шаарында жайгашкан шайлоо округдары боюнча шайланган Таш-Көмүр шаардык советинин депутаттары кезектеги шайлоо өткөнгө чейин депутаттардын Кара-Көл шаардык советинин депутаттары болуп эсептелип, шайлоочуларынын өкүлү болушкан. Ошол эле жылдын 27-апрелинде 1-чакырылыштагы

шаардык советтин депутаттарынын биринчи уюштуруу сессиясы өтүп, шаардык советтин аткаруу комитетинин төрайымы болуп Абдысаматова Роба Насыровна шайланган.

Р.Н.Абдысаматова аткаруу комитетинин төрайымы катары шаардын өнүп-өсүшүнө көп салым кошкон. Роба Насыровнанын принципиалдуулугу, тырышчаактыгы менен шаарда көп социалдык обңектилер курулган: маданият үйү, оорукана, жолдор, тротуарлар оңдолуп салынган.

1980-жылдын ноябрь айында Роба Насыровнанын партиялык ишке өткөндүгүнө байланыштуу шаардык советтин аткаруу комитетинин төрагасы болуп Паньков Александр Иванович шайланган.

1987-жылы А.И.Паньковдун башка жумушка которулгандыгына байланыштуу шаардык советтин аткаруу комитетинин төрагасы болуп Абдыкалыков Орозмат шайланып, 1990-жылдын июль айынан партиянын шаардык комитетинин биринчи катчылыгына дайындалган.

1990-жылдын июль айынан 1992-жылга чейин шаардык советтин аткаруу комитетинин төрагасы болуп Масиров Кошбай Масирович шайланган.

Советтер Союзунун таркашы менен, Кыргыз Республикасы эгемендүү мамлекет катары мамлекеттик башкаруу системасын өзгөртүп, аткаруу комитетинин ордуна 1992-жылдан мамлекеттик администрация түзүлүп, Кара-Көл шаардык мамлекеттик администрация башчысы - биринчи акими болуп Масиров Кошбай Масирович дайындалган. Ал Кара-Көл шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө чоң салым кошкон. 1992-жылы Кошбай Масировичтин тырышчаактыгы менен, анын шаардын ал убактагы жетекчилери менен бирдиктүү иш жүргүзө алгандыгынын жыйынтыгында шаардын коммуналдык чарбасы Каскад Токтогул ГЭСтеринин өндүрүлгөн электроэнергиясынын өздүк наркына отургузулган. Ошентип, азыркы убакта шаардыктар үчүн баардык жакшы шарттар түзүлүп, кышкысын жылуулук менен камсыз болушуп, муздак суусу, ж.б. баардык коммуналдык кызмат боюнча маселелери чечилген. Мындан сырткары, өзгөчө белгилеп кете турган маселе: ТГЭС Каскадынын директору Б.Иманалиев менен бирдикте өз учурунда маселени так коюп шаардын жылуулук системасын электр энергия менен жы-

лытууга өткөргөн. Кошбай Масирович акимиат институтунун түптөлүшүнө өзгөчө салым кошкон.

1996-жылдан 1999-жылга чейин шаардык мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими болуп Бекбоев Турдуназир Бекбоевич иштеген. Турдиназир Бекбоевич иштеген учурда эл менен тыгыз байланышта иштөө, элдин көйгөйлүү маселелерин жакындан чечүү, шаардын тазалыгын сактоо максатында шаарды алты аймакка бөлүп, атайын алты кварталдык комитеттерди түзгөн. Кварталдык комитеттер аркылуу элдин көйгөйлүү маселелерин чечкен. Ошондой эле Турдиназир Бекбоевичтин жетекчилиги менен мэриянын астындагы ак кайыңдар жана жол жээгиндеги бак-даректар эгилген.

1999-жылдан 2001-жылдын июнь айына чейин Кутманова Зебикан Кутмановна шаардык мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими болуп иштеген. Зебикан Кутмановна иштеген учурда шаардын жолдору, тротуарлары ремонттон өткөрүлүп, шаардын көрктөндүрүү, жашылдандыруусуна өзгөчө көңүл бөлүп, чоң өзгөрүүлөрдү киргизген. Кыска мөөнөттүн ичинде Камчыбек Масиров атындагы көчөсүндө Улуу Ата-Мекендик согушта курман болгондорго эстелик орнотулуп, коомдук бак уюштурулган.

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу институту түптөлгөнүнө байланыштуу Кыргыз Республикасынын Президентинин 2001-жылдын 2-майындагы №151-Указына ылайык областтык баш ийүүдөгү шаарларда мамлекеттик администрациялар мэрияга өзгөртүлгөн. Жогоруда белгиленген Указга ылайык шаардын мэри шаардык кеңештин депутаттары тарабынан шайлана баштаган. Анын негизинде 2001-жылы шаардык кеңештин кезексиз сессиясында Абытканова Рабшан Абытковна шаардын мэри болуп шайланып, 2004-жылдын декабрь айына чейин үзүрлүү иштеген.

2004-жылдын декабрь айынан 2005-жылдын апрель айына чейин Кара-Көл шаарынын мэринин милдетин аткаруучу болуп Бейшеев Турусбек Жумабаевич иштеген. Турусбек Жумабаевич эл менен жергиликтүү бийликти жакындаштырууга көп аракеттерди жасап, жума сайын эл менен жолугушууларды уюштуруп, бул көрүнүштү жакшы салтка айландырды. Мындан сырткары, ар бир мекеме-ишкананын эмгек жамааттарына кезигип, жый-

Төрөкулов көчөлөрүнүн жолдоруна асфалть бастырылган жана келечекте Серый, Сабирова көчөлөрүнө асфалть бастырылмакчы.Ошондой эле шаардын баардык мектептериндеги эң мыкты алдыңкы окуучуларына өзүнүн стипендиясын жыл сайын берип келүүдө.

Шаар жетекчилеринин өмүр баяндары

БЕКТАШ КАИПОВ

1907-жылы Кара-Көл айылында бийдин үй-бүлөсүндө туулган. 1925-1930-жылдары Кызылдар Армиясынын легендарлуу атчандар дивизиясында кызмат өтөгөн. 1941-1945-жылдары Улуу Ата Мекендик согушта катышкан.1946-жылы Улуу Ата Мекендик согуштан кийин Токтогул, Ленин (азыркы Ноокен) райондорунда "Өзгөрүш", "Чкалов" атындагы колхоздордо башкарма болуп иштеген.1962- 1965-жылдары Кара-Көл поселоктук советинин төрагасы болгон. И.Сталиндин өз колунан "За отвагу" орденин алган.

КАМЧЫБЕК МАСИРОВ

1934-жылы 9-майда Кара-Көлдө туулган. Үч-Терек районундагы Горький атындагы (ошол мезгилде) орто мектепти бүткөндөн кийин 1958-жылы Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумду аяктап, ветеринардык фельдшер деген кесипке ээ болгон. Ошол эле жылы областтык айыл чарба башкармалыгынын жолдомосу менен 1962 жылга чейин Ноокен районунда колхоздо ветеринардык дарыгер,андан кийин ветеринардык пункттун башчысы болуп эмгектенген. Кыска убакытта билимдүү адис, өз ишине жоопкерчилик менен мамиле кыла билген арнамыстуу инсан катары бааланып, КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Камчыбек Масиров 1962-1964-жылдары Кара-Көл шаарчасында башталгыч класстын мугалими болуп иштеген.1964-1965-жылдары Кара-Көл шаарчасында күзөт бөлүмүнүн (ВОХР) жетектеген. 1965-1977-жылдары Кара-Көл поселоктук советинин аткаруу комитетинин төрагасы болгон. 1972-жылы КПСС Бор-

бордук Комитетинин алдындагы Жогорку партиялык мектепти сырттан аяктаган. Коммунист, өз мезгилинин чыныгы патриоту катары Масиров Камчыбек коомдук иштердин баардыгына активдүү катышып, өзүнүн жетекчилик да, уюштуруучулук да жөндөмүн көрсөтө алган. 1978-жылы "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын алдындагы граждандык коргонуу бөлүмүнө башчы болуп дайындалып, бул кызматта 1993-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.

АБДЫСАМАТОВА РОБА НАСЫРОВНА

1940-жылы Ала-Бука районунун Жаңы-Базар айылында туулган. 1964-жылы Москва шаарындагы М.В.Ломоносов атындагы мамлекеттик университетти бүткөн.1958- 1964-жылдары Ала-Бука районунда комсомол комитетинин катчысы. 1964-1977-жылдары Кыргызстан ЛКЖС БКнын инструктору, комсомолдун Ош облустук комитетинин катчысы, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин Жаңы-Жол райкомунун экинчи катчысы болуп эмгектенген. 1977-1980-жылдары Эл депутаттарынын Кара-Көл шаардык советинин аткаруу комитетинин төрайымы. 1980-1985-жылдары партиянын Кара-Көл шаардык комитетинин биринчи катчысы жана Талас облустук комитетинин катчысы болуп иштеген. 1985-1988-жылдары Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин маданият бөлүмүнүн башчысы, 1988-жылдары Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Жалал-Абад шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп эмгектенген.

Абдысаматова Роба Насыровна 1985-1990-жылдары Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин депутаты болгон.1995-жылы "Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын эмгек сиңирген кызматкери" ардактуу наамы ыйгарылган. Эки жолу "Ардак Белгиси" ордени жана медалдар менен сыйланган.

ПАНЬКОВ АЛЕКСАНДР ИВАНОВИЧ

1942-жылы туулган. Ташкент шаарындагы ирригация инженерлери жана айыл чарба механизация институтун аяктаган. Эмгек жолун УОСто мастерликтен баштаган, андан кийин инженер, "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын өндүрүш бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштеген. 1977-жылы

ноябрь айына чейин партиянын Кара - Көл шаардык комитетинин өндүрүш-транспорт бөлүмүнүн башчысы, 1977-1980-жылдары Кара-Көл шаардык аткаруу комитетинин төрайымынын орун басары, 1980-1987-жылдары Кара-Көл шаардык аткаруу комитетинин төрагасы болуп эмгектенген. 1987-жылдан Десногорск шаарынын аткаруу комитетинин аппаратында, кийин Смоленск АЭСинде директордун орун басары болуп иштеген.

ОРОЗМАТ АБДЫКАЛЫКОВ

1950-жылдын 20-июнунда Ош областынын Алай районунун Тамбашат айылында туулган. 1971-жылы Фрунзе политехникалык институтун аяктаган.1971-1973-жылдары Майлуу-Суу электролампа заводунда инженер болуп эмгектенген.1973-1987-жылдары Ош областтык комсомолдор комитетинин инструктору, бөлүм башчы, ЛКЖС Борбордук комитетинин жооптуу уюштуруучусу (Москва шаарында), комсомолдун областтык комитетинин биринчи катчысы, Кыргызстан ЛКЖС Борбордук комитетинин биринчи катчысы, 1987-1992-жылдары Кара-Көл шаарынын аткаруу комитетинин төрагасы, партиянын шаардык комитетинин биринчи катчысы болуп иштеген.1992-1994-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин туруктуу комиссиясынын төрагасы, 1994-1998-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппарат жетекчиси-министр,1998-1999-жылдары Кыргыз Республикасынын тышкы соода жана өндүрүш министри, 1999-2005-жылдары Кыргыз Республикасынын Социалдык Фондунун төрагасынын орун басары, 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрация башчысынын орун басары, Кыргыз Республикасынын улуттук статистика комитетинин төрагасы болуп иштеген.1983-1995-жылдары Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, шаардык жана областтык советтин депутаты, Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук комитетинин, ЛКЖС борбордук комитетинин мүчөсү болуп шайланган."Элдин достугу" ордени менен сыйланган.

МАСИРОВ КОШБАЙ МАСИРОВИЧ

1951-жылдын 9-майында Кара-Көлдө туулган.1969-1970-жылдары "Гидроэлектромонтаж" ишканасында (Казахстан) электромонтажник.1970-1972-жылдары Советтик Армияда кызмат өтөгөн.1972-1977-жылдары "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгында слесарь.1976-жылы Фрунзе политехникалык институтун аяктап, инженер-энергетик кесибине ээ болгон. 1977-1980-жылдары "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгында ЛКЖС комитетинин катчысы, 1980-1983-жылдары Кыргызстан ЛКЖСнын Талас областтык комитетинин бөлүм башчысы,1983-1987-жылдары Кыргызстан Коммунисттер партиясынын Кара-Көл шаардык комитетинин бөлүм башчысы,1987-1988-жылдары "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын парткомунун катчысы,1988-1990-жылдары Кыргызстан коммунисттер партиясынын Кара-Көл шаардык комитетинин экинчи катчысы, 1990-1992 - депутаттардын Кара-Көл шаардык советинин аткаруу комитетинин төрагасы, 1992-1996-жылдары Кара-Көл шаардык мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими, 1996-1999-жылдары Таш-Көмүр шаардык мамлекеттик администрациясынын башчысы-акими, 1999-2001-жылдары Чүй областынын Москва районунун мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орун басары. 2001-2004-жылдары "Нарынгидроэнергокурулуш" Акционердик коомунун генералдык директору, 2004-2005-жылдары "КОЭЗ" ЖЧКсынын уюштуруучулар кеңешинин төрагасы болуп иштеген. Ал эми 2005-2008-жылдары Чүй областынын Москва районунун мамлекеттик администрациясынын башчысы – акими, 2008-2010-жылдары Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы – губернатордук кызматты аткаруу менен өлкөнүн экономикасына өз салымын кошкон. Гидроэнергетика тармагындагы баалуу эмгеги үчүн "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу" ардактуу наамына татыктуу болгон. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак Грамотасы, "Эл достугу" ордени, Кыргыз Республикасынын Ардак Гра-

мотасы менен сыйланган. Кара-Көл шаардык Кеңешинин бир нече чакырылышынын депутаты.

БЕКБОЕВ ТУРДУНАЗИР БЕКБОЕВИЧ

Бекбоев Турдиназир Бекбоевич 1961-жылы 14-апрелде Жалал –Абад областынын Сузак районунун Урумбаш айылында туулган. Билими жогорку, Белорус Айыл чарба жана механизациялоо институтун 1983-жылы бүтүргөн жана инженер кесибине ээ болгон. Эмгек жолун 1983-1992-жылга чейин Жалал-Абад шаарындагы №1-Кесиптик лицейинде мугалим болуп баштаган, кийин комсомол комитетинин катчысы, директордун орун басары, директор кызматында иштеген.

1992-жылы Жалал-Абад шаардык мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, акимдин орун басары, 1992-1995-жылга чейин Жалал-Абад шаардык эл депутаттар Кеңешинин төрагасы, 1995-жылы Жалал-Абад шаардык мамлекеттик администрациясынын акиминин биринчи орун басары, 1995-1996-жылга чейин Үч-Терек райондук мамлекеттик администрациясынын акими, 1996-1999-жылга чейин Кара-Көл шаардык мамлекеттик администрациясынын акими, 1999-2000-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жалал-Абад областтык атаандаштыкты колдоо жана өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы, 2000-2001-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Президенттик Администрациясынын уюштуруу жана кадр иштери боюнча бөлүмүнүн инспектору, 2001-2003-жылга чейин Ноокен, 2003-2004-жылга чейин Сузак, 2004-2005-жылга чейин Токтогул райондук мамлекеттик администрацияларынын акими, 2006-2009-жылга чейин Жалал-Абад шаардык мэриясынын I вице-мэри, 2009-2010-жылга чейин Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясында губернатордун биринчи орун басары, 2011-жылдан баштап Жалал-Абад областтык "Өнүгүү" кыймылынын координатору болуп эмгектенип келе жатат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматынын 3 – класстагы мамлекеттик кеңешчиси, Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын эмгек сиңирген кызматкери.

КУТМАНОВА ЗЕБИКАН КУТМАНОВНА

1945-жылы 28-сентябрьда Аксы районунда Кашка-Суу айылында туулган. 1968-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин биология факультетин аяктап, ошол эле жылы Ленин атындагы мектепте мугалим болуп иштеген. 1969-1977-жылдары Жаңы-Жол райондук комсомол комитетинин экинчи катчысы, андан кийин биринчи катчысы,1977-1980-жылдары партиянын Жаңы-Жол райондук комитетинин биринчи катчысы,1980-1985-жылдары эл депутаттарынын Ала-Бука райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1985-1991-жылдары Ала-Бука райондук аткаруу комитетинин төрайымы, партиянын райкомунун катчысы, 1991-1994-жылдары партиянын Жалал-Абад обкомунун биринчи катчысы, кийин Жалал-Абад областтык элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы. 1994-1999-жылдары Майлуу-Суу шаардык мамлекеттик администрациясынын башчысы – акими болуп иштеп, анын кызматтык эмгек жолу 1999-2001-жылдардын аралыгында Кара-Көл шаардык мамлекеттик администрациясынын башчысы – акими болуп улантылган. 2002-2004-жылдары Аксы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары болуп иштеген. Ал эми 1990-1995-жылдары Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаты болгон. Жалал-Абад областтык Кеңешине төрт ирет депутаттыкка шайланган."Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер" наамы ыйгарылган. Эки жолу Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин "Ардактуу профессору" наамын, "Манас-1000" төш белгисин алган.

АБЫТКАНОВА РАБШАН АБЫТКАНОВНА

1955-жылы 13-октябрда Үч-Терек районуна караштуу Жазы-Кечүү айылында туулган. 1974-жылы Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумун бүтүрүп, эмгек жолун Кара-Көл шаарындагы "Курулушбанкынан" баштаган. 1981-1994-жылдары "Курулушбанктын" Кара-Көл бөлүмүнүн башчысы,1994-2001-жылдары "Кыргызөнөржайкурулушбанкынын" Кара-Көл бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.1994-

жылы Фрунзе политехникалык институтун аяктаган. 2000-жылы шаардык Кеңештин депутаттыгына шайланган. 2001-2004-жылдардын аралыгында Кара-Көл шаарынын мэри болуп иштеп турганда шаардын жкономикалык, социалдык абалынын чыңдалышына салым кошкон. 2004- жылдан 2005-жылдын апрелине чейин – Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрация башчысынын орун басары болуп иштеген.2005-жылдан тартып, азыркы убакта - "Кыргызөнөржайкурулушбанкынын", "Залкар" банкынын Кара-Көл шаарындагы филиалынын башчысы болуп иштеп келет. 2004-жылдын 30-октябрында Кыргыз республикасынын өзүн өзү башкаруу жана аймактык өнүктүрүү иштери боюнча мамлекеттик министрликтин, андан соң Кыргызстан банктар союзунун Ардак грамоталары менен сыйланып, "Кыргызөнөржайкурулушбанкынын эмгек ардагери" наамына жана "Кыргызөнөржайкурулушбанкынын отличниги" төш белгисине татыктуу болгон. Шаардын "Эн мыкты коомдук ишмер" номинациясынын ээси.

БЕЙШЕЕВ ТУРУСБЕК ЖУМАБАЕВИЧ

1963-жылдын 10-сентябрынад Ысык-Көл областынын Балыкчы шаарында туулган. 1980-жылы Кемин районунун №3 Быстровка орто мектебин аяктап, ошол эле жылы Фрунзе политехникалык институтуна тапшырып, аталган окуу жайды 1986 жылы бүтүргөн.

1986ж. 1995ж. Кыргыз тоо-металлургия комбинатында мастер, прораб, участоктун башчысы , Кыргыз энергобанкында кредиттик бөлүмдүн башкы адиси болуп иштеген.

1996-жылдын май айынан 1998-жылдын март айына чейин Кемин районунун чарбаэсеп-коммерциялык башкармалыгынын башчысы. 1998-жылдын март айынан Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын өндүрүш саясаты боюнча бөлүм башчысы, ошол эле жылдын октябрь айында Кемин Айыл Өкмөтүнүн башчысы болуп дайындалган.

2000-2003ж. Кемин райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, 2003-жылдын апрель айынан 2004-жылдын декабрь айына чейин Кемин райондук мамлекет-

тик администрация башчысынын орун басары болуп иштеген.

2004ж. 13-декабрында Кара-Көл шаарынын мэринин милдетин аткаруучу болуп дайындалган.

2005-жылдын 19-апрелинен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын консультанты, ал эми 2005-жылдын ноябрь айынан азыркы убакытка чейин коммерциялык мекеменин жетекчиси болуп иштейт.

МОЛДОМУРОВ ТОЛКУНБЕК ТЕМИРКУЛОВИЧ

1959-жылы 18-апрелде Токтогул районунун Толук айылында туулган. 1983-жылы Фрунзе политехникалык институтун аяктаган.1983-1984-жылдары Түндүк автотрестинин инженери, 1984-1988-жылдары Кыргыз ССРинин автомобилдер жана шоссе жолдорунун министрлигинин Кара-Көл шаардык автобазасында ага инженер, өндүрүш-техникалык бөлүмүнүн башчысы, башкы инженердин милдетин аткаруучу, 1988-1993-жылдары "Кыргызэнергоремонт" мекемесинде ага инженер, мастер,1993-1995-жылдары «NNK» ишканасынын коммерциялык директору,1995-2005-жылдары ТГЭС Каскадынын автобазасынын башчысынын орун басары, башкы инженери, башчысы болуп иштеп, 2005-2009-жылдары Кара-Көл шаарынын мэри болуп эмгектенген. 2009-жылдан тартып, азыр ТГЭС Каскадынын автобазасынын башчысы болуп иштеп келет. Шаардык Кеңештин эки жолку чакырылышынын депутаты."Эрдик" медалы, Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы менен сыйланган,

КАЗАКБАЕВ ТАГАЙБЕК САПАРБЕКОВИЧ

1970-жылы 18-февралда Сузак районуна караштуу Комсомол айылында туулган. 1993-жылы Одесса шаарындагы тамак-аш технологиялык институтун аяктаган, кесиби инженер-технолог.1988-1989-жылдары Советтик Армияда кызмат өтөгөн. 2005-2008-жылы Кыргыз Мамлекеттик юридикалык Академиясынын сырттан окуу бөлүмүн аяктап, юрист кесибине ээ болгон.1993-1996-жылдары Жалал-Абад дан-азыктар

комбинатынын инженер-технологу, 1996-2005-жылдары "Томас" жоопкерчилиги чектелген коомунун директору болуп иштеген.2005-жылдын апрель-декабрь айларында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутатынын жардамчысы болгон. 2005-жылдын сентябрь-декабрь айларында Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрация жетекчисинин биринчи орун басарынын жардамчысы, 2006-2007-жылдары Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу иштери боюнча Улуттук Агенттигинин башкы адиси, уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 2007-2009-жылдары Бишкек шаарынын Ленин райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын 1 орун басары болуп иштеген. 2009-2010-жылдары Кара-Көл шаарынын мэри болуп эмгектенген. 2010-жылдын май айынан 2012-жылдын июнь айына чейин Ата-Журт саясий партиясынын Жалал-Абад области боюнча координатору, ал эми 2012-жылдын май айынан азыркы убакка чейин Ата-Журт саясий партиясынын Бишкек шаары боюнча координатору болуп иштейт.

2004-жылы Жалал-Абад шаардык Кеңешинин депутаты болуп шайланган. Бишкек мэриясынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Кара-Көл шаары туурасында кыска статистикалык маалымат

Кара-Көл шаарынын аймагында бүгүнкү күндө 24 миңге жакын калк жашайт. Булардын 1929у Кетмен-Төбөдө, 1771и Жазы-Кечүүдө. Жалпы калктын 22095и кыргыздар, 664ү орустар, 143ү өзбектер, татарлар 120, украин улутунун өкүлдөрү 55. немец 4, армян 3 жана тажик 6, корейс, уйгур, түрк жана башкалар болуп 20дан ашык улуттун өкүлдөрү бар.

Ушул жылга шаарда иштегендердин орточо айлык маяналары 14 миң 105 сомду түзөт.

Кара-Көл шаардык мэриясы

Кара-Көл шаарынын мэриясы төмөндөгү курамда түзүлгөн: Жалпы бөлүм, өнөр-жай жана курулуш, социалдык жана уюштуруу секторлору.

ЕРКЕЕВ ИЛЬЯЗ МАРСОВИЧ

Еркеев Ильяз Марсович 1976-жылы Жалал-Абад областына караштуу Кара-Көл шаарында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. 1983-жылы Ч.Түлөбердиев атындагы орто мектепке 1-класска кирип, 1993-жылы бул мектепти "күмүш медаль" менен ийгиликтүү аяктаган. Ушул эле жылы Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин академиясына тапшырып, аны 1999-жылы бүтүрүп "юриспруденция" адистиги боюнча "юрист" квалификациясын алган. Мындан кийин Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик башкаруу Академиясында менеджмент багытында да билим алууга жетишкен.

И.М.Еркеев 1993-жылдын 24-июль айынан 2004-жылдын 22-июлуна чейин Сокулук, Свердлов райондук ички иштер бөлүмдөрүндө кылмыш изилдөө иштери боюнча опер кызматкер болуп иштөөдөн өзүнүн алгачкы эмгек жолун баштаган.

2004-жылдын 30-июлунан Кант шаарындагы нефти өндүрүү заводунда коопсуздукту камсыздоо кызматынын башчысы жана 21-декабрь, 2006-жылы Камбар-Ата-2 ГЭСинин дирекциясында участканын башчысы, башкы директордун жардамчысы болуп иштеген.

2010-жылдын апрель айынан Кара-Көл шаарынын мэринин милдетин аткаруучу болуп иштеп келип, 2011-жылдын 27-августунда шаардын мэри болуп шайланган.

2010-жылдын апрель айынан 2011-жылдын август айына чейин шаардын мэринин милдетин аткаруучу болуп иштеп, ал эми 2011-жылдын 27-августунда шаардык кеңештин кезектеги сессиясында шаардын мэри болуп шайланган. И.М.Еркеев кызматка келгенден баштап шаардын инфраструктурасын, айлана-чөйрөнү

жакшыртууга баардык күчүн жумшады. Шаардык муниципалдык менчик обңектилерин өз деңгээлинде кармоо, каржылоо маселесине шаар мэри И.М.Еркеев өзгөчө басым жасап, шаардын социалдык – экономикалык өнүгүү стратегиялык планында каралган иш-аракеттерди шаардык кеңештин тиешелүү токтомдоруна жана шаар тургундарынын өтүнүчтөрүнө ылайык төмөнкү иштер аткарылган: шаардын ичиндеги социалдык обңектилер, аллеялар, шаардагы балдар ойноочу аянтчалар калыбына келтирилип, курулду, шаардын эс алуу паркы ж.б. обңектилер ремонттон өткөрүлгөн, Рахимов, Токтогул көчөлөрүндөгү саздак жерлерди тазалоо максатында дренаж арыктары казылган, светофор коюлган, Ак-Шаар, Төрөкулов көчөлөрүнүн жолдоруна асфальт бастырылган жана келечекте Серый, Сабирова көчөлөрүнө асфальт бастырылмакчы.Ошондой эле шаардын баардык мектептериндеги эң мыкты алдыңкы окуучуларына өзүнүн стипендиясын жыл сайын берип келүүдө.

ӨСКӨН УУЛУ КАЛЫБАЙ

Өскөн уулу Калыбай 1963-жылы 15-июлда Кара-Көл шаарында туулган. Улуту кыргыз, билими жогорку 1981-жылы НГЭС кичи станция башкармалыгында эмгектенип, 1983-1988-жылдар мезгилинде №30-жол тейлөө мекемесинде мастер болуп иштеген. Ал эми 1988 – 1991-жылдарда Кесип суу курулуш (ГСС) мекемесинде комсомол комитетинин катчысы болуп иштөө менен көптөгөн комсомол-жаштарды эмгекке, коомдук турмушка тарбиялаган.

Өскөн уулу Калыбай 1991 – 1997-жылдары Кара-Көл шаардык администрациясында референт болуп эмгектенүү менен эки жолу шаардык Кеңешке депутаттыкка шайланган.

2010-жылдан бери карай азырга чейин Өскөн уулу Калыбай шаардык мэрияда 1-вице-мэр болуп иштеп келе жатат.

САТАРОВА ГҮЛМИРА ОКУШЕВНА

Сатарова Гүлмира Окушевна – 1965-жылы Токтогул районунун Үч-Терек айылында туулган. Билими жогорку, магистр академиялык даражасына ээ. 1985-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине он биринчи чакырылышында Бишкек шаарынын Биринчи май районунун №31-шайлоо округу боюнча депутаттыкка шайланган. Кара-Көл шаарынын №1, №4, №3-орто мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 2004-жылдан азыркы учурга чейин Кара-Көл шаарынын вице-мэри болуп эмгектенүүдө. Шаардын социалдык маселелерин чечүү багытында абдан жеткилең көз караш менен иш алып барууда ар тараптан изденип иштеп келе жатат.

АНАРБАЕВА АЙША ТОКТОСУНОВНА

Анарбаева Айша Токтосуновна 1975-жылы 31-мартта Кара-Көл шаарында туулган. Билими жогорку, магистр академиялык даражасына ээ. 1993-жылы эмгек жолун шаардык Кеңешке референт болуп иштөө менен баштаган, кийин башкы адиси, мэриянын уюштуруу секторунун башчысы, шаардык кеңештин аппарат жетекчиси болуп иштеген. 2004—2008-жылга чейин шаардык Кеңешке депутат болуп шайланган. Азыркы учурда шаардык мэриянын аппарат жетекчиси болуп иштейт. Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги, Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын 1-класстагы кеңешчиси, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын өнүгүшүнө кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

МАДЖИНОВА ТОКТОКАН

Маджинова Токтокан 1949-жылы Токтогул районунда туулган. 1967-жылы Токтогул атындагы орто мектепти аяктап, ушул эле жылы Ош шаарындагы мамлекеттик педагогикалык институтунун чет тилдер факультетине окууга кирген. Бул окуу жайды 1972-жылы ийгиликтүү аяктап, Кара-Көл шаарындагы Ч.Түлөбердиев атындагы №2-орто мектебине келип, келечек ээлерине чет тил сабагынан билим бере баштаган. 1985—1996-жылдарда шаардык Кеңештин алдында түзүлгөн жашы жетпегендер менен иш алып баруу комиссиясынын жооптуу катчысы болуп иштеген.

1997-жылы шаардык мамлекеттик администрациясында жашы жетпегендер боюнча комиссиясынын референти, 1997-2007-жылдарда шаардык билим берүү бөлүмүндө жетектөөчү адис болуп жигердүү эмгектенген. 2007-жылдан баштап шаардык мэрияга 1-категориядагы адис болуп кызматка которулган. Бул кызматта азырга чейин үзүрлүү эмгектенүү менен шаардын коомдук турмушуна да дайыма ар тараптуу жана активдүү катышып келүүдө. Бир топ жылдан бери шаардык Аялдар Кеңешинин мүчөсү. Турмуштук тажрыйбасы мол, адамгерчиликтин эрежелерин мыкты билген инсан, аял-эне катары шаардыктардын турмуш-тиричилигиндеги көптөгөн көйгөй маселелеринин чечилүүсүнө жана ар кыл мазмундагы үй-бүлөлүк чыр-чатактардын, адамдар ортосундагы пикир келишпөөчүлүктөрдүн оңдуу чечилишине салмактуу салымын кошуп келе жатат.

Маджинова Токтокандын билим берүүдөгү жана коомдук турмушка кошкон жигердүү салымдары жогору бааланып, өз баасын алып келүүдө. Билим берүү министрлигинин Ардак Грамотасын алган жана "Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги" наамынын ээси. Шаарды жашылдандыруу жана көрктөндүрүү боюнча жарыяланган 3 айлык ишембиликтерге активдүү катышкандыгы үчүн шаар мэриясынын "Мыкты уюштуруучу" номинациясы менен да сыйланган.

ТҮРКБАЕВА САФИНА АСКАРБЕКОВНА

Түркбаева Сафина Аскарбековна1964-жылы 15-декабрда Ош областына караштуу Ленин районунун Ленин-Жол айылында туулган.Чкалов атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктап, Фрунзедеги Политехникалык институтта окуп, жогорудагы окуу жайдын инженердик-курулуш факультетин 1988-жылы бүтүрүп, инженер-куруучу-технолог кесибине ээ болгон жана эмгек жолун 1988-жылдан баштап "Достук" заводунда сатууну -пландоо бөлүмүндө (планово - сбытового отдела) диспетчер, 1990-1996-жылга чейин экономист болуп эмгектенген.

1996-1999-жылга чейин Шаардык Кеңеште кварталдык комитетин төрайымы, 1999-2004-жылга чейин шаардык Социалдык фондун башчысынын орун басары, киреше бөлүмүнүн башчысы, 2005-2006-жылга чейин "Кыргыз почтасы" мамлекеттик ишканасынын башчысы жана 2006-жылдан баштап шаардык мэрияда жетектөөчү адис, башкы адис, уюштуруу секторунун, жалпы иштер боюнча секторунун башчысы, азыркы учурда өнөр жай жана курулуш маселеси боюнча секторунун башчысы, мэриянын профсоюздук уюмунун төрайымы болуп эмгектенип келе жатат.

2004-2008-жылга чейин шаардык Кеңештин депутаты болуп шайланган. "Эл жана турак жай фондун" каттоого үч жолу катышкан жана жетектеген. Бир нече жолку шайлоолордо участкалык шайлоо комиссиясынын төрайымы болуп шайланган.

Шаар калкынын, жаштардын жана коллективдин арасында кадыр - баркка ээ. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өнүгүүсүнө жана шаардын социалдык-экономикалык туруктуулугун камсыз кылууда кошкон өзгөчө салымы үчүн төмөндөгүдөй жетишкендиктерге жетишкен:

Кара-Көл шаардык мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасы", Жалал-Абад областтык Социалдык фонд башкармалыгынын "Ардак грамотасы", Жалал-Абад областтык мамлекеттик статистика башкармасынын "Ардак грамотасы", Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигинин "Ардак грамотасы", шаар-

дык Кеңештин жана мэриянын "Ардак грамотасы", Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасы" жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу курулуш жана регионду өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттигинин "Муниципалдык кызматтын отличниги" төш белгиси менен сыйланган.Кыргыз Республикасынын "Муниципалдык кызматынын 3-класстагы кеңешчиси,..

Кара-Көл шаардык кеңеши

Кара-Көл шаары 1962-жылы Таш-Көмүр шаарына баш ийген Кара –Көл шаарчасы болуп түзүлгөн. Жаңы түзүлгөн поселкалык Советтин төрагасы болуп Каипов Бекташ шайланган. Андан соң Камчыбек Масиров поссоветти башкарган.

1977-жылы январда Кара-Көл шаары түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Ош областынын эл депутаттарынын Ош областтык советинин эл депутаттарынын Кара-Көл шаардык Совети жана анын аткаруу комитети иштей баштаган. Кара-Көл шаардык советинин жана аткаруу комитетинин председатели болуп Абдысаматова Роба Насыровна иштей баштаган. Андан соң Паньков Александр Иванович, Абдыкалыков Орозмат Абдыкалыкович, Масиров Кошбай Масирович иштеген.

Союз учурунда шаардык советтин депутаттарынын сессияларына аткаруу комитетинин председатели төрагалык кылган.

Союз таркагандан кийин мамлекеттик башкаруу системасында да өзгөрүүлөр болгон.

1992-жылы депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңеши жана Кара-Көл шаардык мамлекеттик администрациясы түзүлгөн.

30.09.1992-ж. 31.10.1994-ж. Шаардык кеңешке 63 депутат шайланган. Шаардык кеңештин төрагасы болуп Акматкул Кочкорович Исабеков иштеген.

АКМАТКУЛ КОЧКОРОВИЧ ИСАБЕКОВ

1952-жылы 16-июнда Ленин районунун Ноокен айылында төрөлгөн. 1958-1968-жылдары орто мектепти аяктаган. 1971-1973-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1974-1980-жылдары Фрунзедеги политехникалык институттун курулуш факультетинде билим алып, "инженер- куруучу" кесибин алган. 1973-1986-жылдары "Нарынгидроэнер-

гокурулуш" башкармалыгында жумушчудан прорабга чейинки кызматтарда, 1986-1992-жылдары НГЭС, Таш-Көмүр ГЭС, Камбар-Ата ГЭ-Стеринде профсоюз комитетинин төрагасы, 1992-1994-жылдары Кара-Көл шаардык кеңешинин төрагасы болуп иштеген. Учурда Каскад КТГЭС кесиптик кошуунунун төрагасы болуп эмгектенет. Үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

1994-1999 жылдары 2-чакырылыштагы Шаардык кеңештин депутаттары өз ишин жүргүзгөн. Шаардык кеңешке 19 округдан 19 депутат шайланган. 1994-1996-жылдары шардык кеңештин төрагасы болуп Заирбек Сарсеитов шайланган.

ЗАЙЫРБЕК САРСЕЙИТОВ

1952-жылы 15-октябрда Кетмен-Төбө айылында төрөлгөн. 1959-1968-жылдары орто мектепти аяктаган. 1967-1968-жылдары №6-Чкалов атындагы орто мектебинде пионервожатый, 1968-1970-жылдары НГЭСте жыгач уста болуп иштеген. 1970-1973-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1973-1974-жылдары НГЭСте жыгач уста, 1974-1974-жылдары ГМК НГЭСте мастер, 1974-1975-жылдары СУ-875 УС-16 жыгач уста, 1975-1976-жылдары СУ-875 мастер болуп иштеген. 1976-1983-жылдары Фрунзедеги политехникалык институтунда автомобиль жолдору адистиги боюнча жогорку билим алган. 1976-1978-жылдары СУ-875те инспектор, 1978-1979-жылдары СУ-875те камсыздандыруу бөлүмүнүн башчысы, 1979-1983-жылдары СУ-875те мастер, 1983-1988-жылдары СУ-875те улуу прораб, 1988-1990-жылдары СУ-875те жетекчинин орун басары, 1990-1995-жылдары башкы инженер, 1995-1996- жылдары шаардык кеңештин төрагасы, 1998- 2010-жылдары ДЭП-30 ишканасынын жетекчиси болуп эмгектенген. Үй-бүлөлүү, 5 баланын атасы.

1996-жылдын август айынан Кара-Көл шаардык кеңешинин төрагасы болуп Сабыржан Уезбаевич Токтогулов шайланган.

Октябрь 1999-2004-жылдары 3-чакырылыштагы Шаардык

кеңештин депутаттары ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырган. Мыйзамда өзгөрүүлөр болуп шаардык кеңешке 25 депутат шайланган. Шаардык кеңештин төрагасы болуп кайрадан Сабыржан Уезбавич Токтогулов шайланган.

Октябрь 2004-2008-жылдары 4-чакырылыштагы шаардык кеңештин депутаттары өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырган. Шаардык кеңешке 25 депутат шайланган. Шаардык кеңештин төрагасы болуп кайрадан Сабыржан Уезбавич Токтогулов шайланган.

САБЫРЖАН УЕЗБАЕВИЧ ТОКТОГУЛОВ

1957-жылы 7-январда Майлуу-Суу шаарында төрөлгөн. 1974-1975-жылдары УОС УС НГЭС жыгач устага жардамчы болуп иштеген. 1975-1977-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1977-1979-жылдары СУ ПГС УС НГЭСте кыш кыноочуга жардамчы, 1979-1980-жылдары "Нарынгидроэнергострой" курулуш башкармалыгында комсомол комитетинин катчысынын орун басары, 1980-1986-жылдары "Нарынгидроэнергострой" курулуш башкармалыгында комсомол комитетинин катчысы, 1986-1988-жылдары НГЭСте профкомдун төрагасы болгон. 1986-1992-жылдары Фрунзедеги политехникалык институтун бүтүргөн. 1988-1991-жылдары "Нарынгироэнергострой" курулуш башкармалыгында парткомдун катчысы, 1991-1996-жылдары Кетмен-Төбө поссоветинин (шаарчалык кеңешинин) төрагасы, 1996-1996-жылдары Кетмен-Төбө поселкалык (шаарчалык) өкмөт башчысы, 1996-2008-жылдары Кара-Көл Шаардык кеңешинин төрагасы, 2008-2010-жылдары Майлуу-Суу шаарынын мэри болуп иштеген. Учурда НГЭС ААКнда эмгектенүүдө. Үй-бүлөлүү, 4 баланын атасы.

2008-жылдын апрель айынан шаардык кеңешти Мамбеткул Суеркулович Капалбаев жетектеп келе жатат.

Октябрь 2008-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин Шаардык кеңештин 25 депутаты өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырышууда. Шаардык кеңештин төрагасы болуп кайрадан Мамбеткул Суеркулович Капалбаев шайланды.

МАМБЕТКУЛ СУЕРКУЛОВИЧ КАПАЛБАЕВ

1958-жылы 17-январда Токтогул районуна караштуу Кетмен-Төбө айылында туулган. 1963-1973-жылдары орто мектепте окуган. 1973-1979-жылдары Фрунзедеги политехникалык институтунун Кара-Көл шаарындагы Токтогул ГЭСтеринин алдындагы филиалынын кечки бөлүмүнө тапшырып, "инженер-механик" адистигин алып чыккан. 1979-1980-жылдары "Гидроспецкурулуш" мекемесине 5-разряддагы слесарь болуп ишке орношкон. 1980-1999-жылдары "Достук" заводунда инженер, башкы механиктин орунбасары, башкы инженер, башкы көзөмөлчү, директордун орун басары, 1999-2008-жылдары "Достук" заводунун коммерциялык директору болуп иштеген. 2008-жылы Кара-Көл Шаардык кеңешинин төрагасы болуп шайланды. Үй-бүлөлүү. 2 уулдун атасы.

1989-1994- жылдардагы шаардык кеңештин депутаттары:

Л. Абдрахманова, Т.Азимкулов, К.А.Айткулуев, А.Алымбаев, Ж.А.Аманов, Л.П.Апатрова, А. Арыкбаев, К.А.Аскаров, К. Бекболотов, А.Большаков, А. Боронов, Д.Б. Бушман, В.И.Вареник, В.П. Ворочева, А. Долонбаев, О.Достаналиев, Н.С.Еланский, М.Жакыпов, Б.Ж. Жоомартов, В.С. Земский, Т.Зилалиев, Б.И.Иманалиев, А.К. Исабеков, Х.Р.Искендеров, К.К. Исмаилова, Б.Ишенов, С.Калпаков, В.Н. Ким, А.Кожоназаров, В.Г.Косинский, М.К.Кочоров, Н.С.Кузьмина, С.Г.Кулакли, А.Д.Ли, К.М.Масиров, Е.Б.Медведкина, Е.Митрофанов, К.Молдожунусова, Р.Мурзакматов, А. Наливайко, А.П.Никулин, Ж.Т.Осмонкулов, А.Отомбаев, Т.П.Паязов, А.Ф.Попов, Б.О.Рысбеков, А. Садиев, М.Р.Садыралиев, Т.Э. Сартов, К.Сарчаев, М.С.Султаналиев, С.С.Султаналиев, Ш.А.Султанкулов, Т.Тагайкулова, У.Токталиева, С.У.Токтогулов, С.Топчубекова, Б.Ж.Умаров, Ж.Чаргынов, Т.Ызаков, А.Ыманкулов.

1994-1999-жылдардагы шаардык кеңештин депутаттары:

Ж.Алиев, К.Аскаров, Д.В.Бушман, А.А.Дарбышев, Б.Ж.Жоомартов, Б.Иманалиев, А.К.Караев, Ш.Кызалаков,

К.Масиров, Т.Паязов, А.Ф.Попов, И.У.Рахимов, А.С. Садабаев, З.Сарсейитов, К.Б.Сарчаев, С.У.Токтогулов, Т.У.Укубаев, В.Н.Шевелев, Т.Ызаков.

1999-2004-жылдардагы шаардык кеңештин депутаттары:

Р.А. Абылов, Р.Абытканова, Т.Ажиканов, Н.А.Акжолова, А.А.Алишеров, Б.М.Бекболотов, А.А.Дарбышев, Н.Т.Дүйшебаев, Б.Ж.Жоомартов, Х.Р.Искандеров, А.Н.Исраилов, У.Калыбеков, А.К.Караев, Т.Каракожоев, Ш. Карачаев, Р.К.Кожоев, Т.Т.Молдомуров, А.П. Никулин, М.Н.Нуржанова, Ж.Т.Осмонкулов, М.Ф.Садыков, М.Р.Садыралиев, З.С.Сарсейитов, С.У.Токтогулов, Т.У.Укубаев,

2004-2008-жылдардагы шаардык кеңештин депутаттары:

Р.А.Абылов, Ч.А.Алиев, Б.М.Алымбаева, Ч.А.Айталиев, А.Т.Анарбаева, А.А.Арыкбаев, Г.Б.Базарбаева, А.Б.Бакасова, Р.О. Батыркулова, Т.Н.Бримкулов, С.Ж.Жетешиков, Б.Ж. Жоомартов, Б.Ж.Жумалиев, Х.Р.Искандеров, Т.К. Кадыралиев, А.Калчороев, К.Ж.Камбаров, М.С.Капалбаев, Ө.С.Кыдырмаев, Х.Н.Нурматов, А.А.Нусубалиев, Оскон уулу Калыбай, Ж.Т.Осмонкулов, А.С.Садабаев, З.С.Сарсейитов, М.С.Султаналиев, С.У.Токтогулов, С.А.Түркбаева, Т.Т.Эшалиева.

2008-2012-жылдардагы шаардык кеңештин депутаттары:

А.С.Абазбеков, Э.С.Абазов, Э.Аденов, А.А.Анакеев, А.Арыкбаев, К.А.Аскаров, Э.Э.Бабаканов, А.Т.Болгомбеков, Т.Н.Бримкулов, А.М.Бусурманов, А.А.Дарбышев, Ш.Т. Дүйшебаев, Ж.У.Жанчаров, Ж.А.Жетигенов, Б.Т.Жолборсов, Т.К.Кадыралиев, М.С.Капалбаев, З.П.Куватбеков, М.Ч.Куджаев, А.Б.Кыдыралиев, Ө.С.Кыдырмаев, А.Р.Мамытов, М.С.Султаналиев, А.Т.Токтосунов, Б.Уркуналиев, М.Ы.Усенканов, А.Р. Худайбердиев.

Өз алдынча башкаруу органдарынын жаңы мыйзамына ылайык шаардык кеңештин 6- чакырылышына шайланган депутаттардын саны өзгөрөт.

Шаардык кеңештин депутаттары өз ыйгарым укугуна ылайык маселелерди ийгиликтүү аткаруу максатында туруктуу жана убактылуу комиссияларга жана депутаттык группаларга (фрак-

цияларга) бөлүнүшөт. Азыркы учурда шаардык кеңеште 4 туруктуу комиссия иштейт.

Шаардык кеңештин бюджет,экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясын Таалайбек Калчороевич Кадыралиев жетектейт.

ТААЛАЙБЕК КАЛЧОРОЕВИЧ КАДЫРАЛИЕВ

1969-жылдын 13-ноябрында Токтогул районунун Үч- Терек айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1977-1987-жылдары орто мектепте окуган. 1987-1989-жылдары Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумунда окуп, «финансист» кесибине ээ болгон. 1989-1991-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Аскердик наамы – гвардиянын ага сержанты. 1991-1995-жылдары Кара-Көл шаары боюнча мамлекеттик салык инспециясында ага инспектор, башкы инспектор, бөлүм башчы кызматтарында иштеген. 1992-1996-жылдары Казак мамлекеттик башкаруу академиясына сырттан тапшырып, «экономист» адистигине ээ болгон. 1995-жылдын сентябрь айында Токтогул ГЭСтеринин Каскадына которулуп, ар түрдүү кызматтарда иштеп келди. 2008-жылдын июнь айынан бери Токтогул ГЭСтеринин Каскадынын материалдык-техникалык камсыздоо бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.Үй-бүлөлүү, 2 кыз, 1 уулдун атасы. Шаардык кеңештин социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясын Арстанкул Турдуевич Болгомбеков жетектейт.

АРСТАНКУЛ ТУРДУЕВИЧ БОЛГОМБЕКОВ

1959-жылдын 20-ноябрында Жалал-Абад областынын Токтогул районунда кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. 1967-1977-жылдары орто мектепте окуган. 1977-1985-жылдары Бишкектеги политехникалык институттун «энергетика» факультетинде билим алып, «инженер- электрик» кесибин алган. 1978-1980-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1985-1991-жылдары эм-

гек жолун Күрп-Сай ГЭСинде инженер, ВВИ башчысы, ПЭХЛ башчысы , 2000-2003-жылдары КТГЭСтин башкы инженеринин орун басары, 2003-2011-жылдары Күрп-Сай ГЭСинин башчысы болуп иштеген. 2011-жылдан баштап КТГЭСте директордун орун басары болуп эмгектенүүдө. Үй-бүлөлүү, 3 уулдун атасы.

Шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак-жай, коммуналдык чарба, муниципалдык менчик жана жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясын Култемир Аскарович Аскаров жетектейт.

КУЛТЕМИР АСКАРОВ

1952-жылдын 1-мартында Токтогул районуна караштуу Жазы-Кечүү айылында туулган. 1958-1968-жылдары орто мектепте окуган. 1968-1972-жылдары "Гидромонтаж" ишканасында слесарь болуп өзүнүн эмгек жолун баштаган. Андан кийин КИЭ-1 "Саогидродолбоор" ишканасынын жумушчусу, №47-Саогидроэлектросетькурулуш" ишканасында электролинейщик, Үч-Терек айылында рабкооптун жумушчусу болуп иштеген. 1972-1974-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1974-1977-жылдары Фрунзедеги курулуш техникумунун кечки бөлүмүндө окуган. 1977-1985-жылдары Фрунзедеги политехникалык институтунда билимин уланткан. 1974-1978-жылдары "Нарынгидроэнергокурулуш" ишканасында слесарь, 1978-1991-жылдары Кара-Көл шаардык аткаруу комитетинде өндүрүш бөлүмүндө инженер, жетекчи, андан кийин партиянын шаардык комитетинде инструктор, партиялык комиссиянын төрагасы, шаардык партиялык комитетинин биринчи катчысы, 1991-1999-жылдары Жалал-Абад областтык мам.мүлк фондунун Токтогул, Үч-Терек райондору, Кара-Көл шаары боюнча өкүлү, 1999-2002-жылдары жер бөлүштүрүү жана кыймылсыз мүлккө укукту каттоо башкармалыгынын башчысы, жер бөлүштүрүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 2002-2004-жылдары Кара-Көл шаардык мэриясынын коммуналдык менчик бөлүмүнүн башчысы, турак-жай фондду менчиктештирүү адиси, "Жылуулук энергиясы жана коммуналдык тейлөө" мекемесинин инженери, ЖЭО башчы-

сы, башкы инженердин орун басары, ал эми учурда ишкананын башчысынын орун басары болуп иштеп келе жатат. Үй-бүлөлүү. 6 баланын атасы.

Шаардык кеңештин регламент, этика, укуктук маселелери жана коомдук уюмдар, партиялар менен иштөө, идеология жана дин иштери боюнча туруктуу комисиясын Замирбек Паизбекович Куватбеков жетектейт.

ЗАМИРБЕК ПАИЗБЕКОВИЧ КУВАТБЕКОВ

1954-жылдын 5-майында Сузак районунда туулган. 1961-1969-жылдары орто мектепте окуган. 1969-1971-жылдары №3 ГПТУ да билим алып, "3-разряддагы электрик" кесибин алып чыккан. 1971-1973-жылдары Жалал-Абад шаарындагы "Сельэлектро" ишканасында өзүнүн эмгек жолун баштаган. 1973-1975-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1975-1977-жылдары Фрунзедеги Ленин атындагы №15-цехте слесарь, КИП пирометристи болуп иштеген. 1977-1981-жылдары дене-тарбия институтунда билим алган. 1981-1982-жылдары Кыргыз ССР спорт комитетинин төрагасынын жардамчысы болуп иштеген. 1982-1983-жылдары Минск шаарындагы СССРдин КГБ мектебинде окуган.1983-1994-жылдары КГБнын ОШ башкармалыгында, 1994-1998-жылдары райондук жана шаардык КГБ,ГКНБ,МНБ, СНБда жетекчи кызматтарда иштеген. 1998-2002-жылдары №64489 аскердик бөлүктүн полкунун командири болуп кызмат өтөгөн. 2002-жылдын 10-октябрынан пенсияга чыккан. Учурда "Нарынспецгидроэнергомонтаж" ААКнун техникалык коопсуздук бөлүмүнүн инженери болуп эмгектенет. Үй-бүлөлүү.

Депутаттардын Кара-Көл шаардык кеңешинде техникалык кызматкерлер менен бирге 7 штат бирдиги бар. Ал эми аппаратта 3 кызматкер эмгектенет.

Кыйматкан Исмаиловна Нурматова- шаардык кеңештин аппарат жетекчиси.

Чолпонай Молдобековна Шералиева- шаардык кеңештин башкы адиси.

Темиркулова Наргиза Данияровна – шаардык кеңештин иш кагаздарын алып баруучу адиси.

Кыргыз республикасынын энергетика тармагын жетектеген инсандар

ШАДИЕВ АСКАРБЕК АЛИМБАЕВИЧ

А.А. Шадиев 1969-жылы 31-январда Ош областынын Лейлек районундагы Голбо айылында туулган.Улуту кыргыз.

1988-жылы Фрунзедеги политехникалык техникумун артыкчылык менен аяктап, "гидромелиоративдик механизация иштери" боюнча кесипке ээ болгон. 1988-1993-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Университетинен окуп, "бухгалтердик учет жана соодадагы чарбалык ишкердикти анализдөө" боюнча адистик алган. 1993-1994-жылдарда "Сфера" өндүрүштүк коммерциялык фирмасында башкы бухгалтердин орун басары болуп иштеген. 1995-жылы "Азнур ЛТД" жоопкерчилиги чектелген коомдун коммерциялык директору, 1995-2000-жылдары жоопкерчилиги чектелген "Датка" Корпорация" коомунун вице-президенти болуп иштеп туруп, КМУнун юридикалык факультетин аяктаган. Ушул эле жылда КРнын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу палатасына №23-Лейлек шайлоо округунан депутат болуп шайланган. Менчиктештирүү жана лицензиялоо боюнча комитеттин төрагасы. КРнын мыйзамдарын иштеп чыгууга катышкан жана анын үчөө Жогорку Кеңеште кабыл алынган.

2002-жылдан Кыргыз Республикасынын финансы министринин орун басары, 2002-2003-жылдарда КРнын финансы министрлигинин алдындагы киреше Комитетинин төрагасы-КРнын финансы министринин орун басары болуп турган.

2003-2005-жылдарда Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор болгон. 2005-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. 2-класстагы мамлекеттик кеңешчи. "Исхак Раззаков" деген тарыхый-публицистикалык китепке авторлош. Республикалык көптөгөн маалымат каражаттарына басылып чыккан бир нече макалалардын автору.

А.А. Шадиев бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын өнөржай жана энергетика боюнча министри.

ТЕНТИЕВ АМАН МУКАНБЕТОВИЧ

"Электр станциялары"ААКнун башкы директору.

Тентиев Аман Муканбетович 1976-жылы Бишкек шаарында төрөлгөн. Мектепти бүтүргөндөн сон, өз билимин улантуу максатында жогорку окуу жайына кирип, 1998-жылы Кыргыз мамлекеттик университетин каржы кредит адистигин бүтүргөн.Жаштыгынан тартып, мамлекетке жана элге кызмат кылууну эңсеген жигит кандай гана кызмат болбосун жигердүү иштеди. Эмгек ишмердүүлүгүндө республиканын ар тараптан өсүп-өнүгүшүндө белгилүү деңгээлде кошкон салым кошту. Ал эми 2011-жылдын 22-февралынан баштап, «Электр станциялары» ачык акционердик коомунун башкы директору болуп дайындалган. Бүгүнкү күндө да өлкөбүздүн энергетика тармагын өнүктүрүүдө өзүнүн билимин, эмгегин жана тажрыйбасын жумшап келет.

Шаар куруучу мекемелер

"Нарынгидроэнергокурулуш" акционердик коому

Кыргыз элинин турмушун айрыкча азыркы күндө электр энергиясыз элестетүү кыйын. Завод-фабрикалар, тоо-кен, шахта, деги кайсыл гана ишкана-мекеме болбосун, деги баары энергиянын жардамы менен иштейт. Айыл-кыштактардан тартып, тээ тоо башына чейин электр жарыгы жеткен. Жайлоодогу малчынын боз үйүндө да электр жарыгы күйүп турат. Учу-кыйырсыз кең талаанын бир бурчунда да жарык бар. Ал жарыкты гидрокуруучулар куруп берген электр станциялары өндүрөт.

Азыркы биздин баяныбыз гидро куруучулар иштеген Кара-Көл шаарындагы азыркы «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун алгачкы тагдырынан ушул бүгүнк күнгө чейинки жашоо абалы туурасында болот.

Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүү үчүн өнөр жай жана башка ишканаларды иштетүү жана калктын жашоо деңгээлин жакшыртуу максатында учурунда электр энергиясы керек болду. Ошол кезде Нарын дарыясына эле 22 электр станциясын куруу ишин атайын долбоор түзүлдү. 1910-жылдан кийин эле

Үч-Коргон ГЭСинин орду так белгилүү болгон. Улуу Ата Мекендик согуштан кийин бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү, ошону менен бирге турмуштук оор кыйынчылыктарга туш болгон элдин жашоо деңгээлин жакшыртуу үчүн Нарын дарыясына мына ушул электр станциясын курууга аракеттер көрүлгөн.

Ага чейин Өзбекстанда « Фергана ГЭС» курулуш ишканасы ГЭС курган. Кыргызстанда Үч-Коргон ГЭСин куруу үчүн 1956-жылы «Фергана ГЭСтин»базасында Арамбицский жетектеген «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемеси түзүлгөн. Бул мекеме ГЭС куруу боюнча Кыргызстандын аймагындагы жападан жалгыз көрүнүктүү мекеме болгон. Ошентип, дал ошол жылы күз мезгилинде Үч-Коргон ГЭСи курула баштаган. Куруучулар СССР энергетика жана электрофикация министерствосу аркылуу «Фергана ГЭСинен» жана СССРдин булуң-бурчунан гидро куруучулар тартылып, ГЭСтин курулушунда 3-4 миңден кем эмес куруучу иштеген. Ал мезгилдеги патриоттук улуу сезимди сөз менен айтып түшүндүрүү оңой эмес. ГЭС куруп жатабыз деген демилге, умтулуу бөтөнчө эле. Үч-Коргон ГЭСинин курулушу менен Шамалды-Сай шаарчасы пайда болгон. Темир жол курулган. «Нарынгидрроэнергокурулуш» мекемесинин темир жана автожол базасы да Шамалды-Сайда курулган. Ошону менен бирге электр станциясына керектүү болгон жабдууларды камсыз кылып берүү үчүн «Гидростальконструкция» ишканасы жана башка тиешелүү мекеме-ишканалар түзүлүп, иштей баштаган. Демек, Шамалды-Сайда гидрокуруучулар үчүн негизги база түзүлгөн. Аларга кызмат кылуучу социалдык, маданий, билим берүү мекемелери пайда болуп, балдар бакчалары, спорт аянтчасы, клуб жана башка тейлөө жайлары курулуп, гидрокуруучулар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Алты жылга созулган ГЭСтин курулушу 1962-жылы бүткөрүлгөн. Ар бир агрегаттын кубаттуулугу 45 миң киловатт саатты түзүп, бардыгы болуп 4 агрегат ишке киргизилип, баары бириккенде кубаттуулугу 180 миң киловатт саатка жеткен. Үч-Коргон ГЭСи Орто Азиядагы мамлекеттердин эл чарбасында көрүнүктүү орунду ээлеген. Бул ГЭСтин ишке киргизилиши менен ирригациялык комплекстин дагы кошумча 45 миң гектар жер аянтын өздөштүрүүгө шарт түзгөн.Үч-Коргон ГЭСи жылына 820 миллион киловатт-саат электр энергиясын өндүрүүгө ылай-

ыкташкан. Бул мезгилде «Нарынгидроэнергокурулуш» башкармалыгынын эмгек жамааты кесиптик чеберчилиги жогору жана билимдүү жаңы инженер-техникалык кызматкерлер жана жумушчулар менен толукталган. 1962-жылы Үч-Коргон ГЭСи Токтогул ГЭСтер каскадындагы бирден бир көрүнүктүү гидрокурулуштардын бири болгон.

Нарын дарыясы Тянь-Шань тоолорунан агып келген суулары менен Кыргызстандагы эң көп суулуу дарыя катарында эсептелет. Ал жыл сайын мөңгүлөр менен карлардын эриндисинен толукталып турат. Ошону менен бирге Токтогул ГЭСинде 8,5дан 23 миллиард метр кубга чейин суу топтолот. Негизинен Нарын дарыясы аркылуу Фергана өрөөнүнүн талаалары сугарылат. Кетмен-Төбө өрөөнүндө Токтогул суу сактагычында суунун көлөмү 19 миллиард метр кубга жетет.

1962-жылдын 16-июну Кара-Көлдүн тарыхында унутулгус окуялардын бири катарында жазылып калды. Бул учур жайдын толуп турган мезгили. Кара-Көлгө биринчи үйлөр курулуп, гидрокуруучулар келе баштаган. Алардын отурукташышы менен шаардын түптөлүшүнө кадамдар жасалды. ГЭСке карай жол курулушу жүрдү. Анткени, кийинки жылы Токтогул ГЭСинин курулушу башталмак. Кара-Көл шаарчасынын биринчи жашоочулары да гидро куруучулар болушкан. 1970-жылы калктын саны 17 миңге жетип, алар үчүн турак үйлөр салынып, бир катар социалдык жайлар, элди соода, турмуш-тиричилик, маданий тейлөөчү курулуштар курулду. Кыскасы, гидро куруучулардын өндүрүмдүү иштеп, жакшы шартта жашашына керектүү болгон шарттар түзүлдү. Гидрокуруучулардын чакан шаарчасы, азыркы өнүккөн шаарга айланды. Ошону менен бирге Кара-Көл Кыргызстандын тарыхында гидрокуруучулардын шаары катарында жазылып калды. Азыр анын жашоочуларынын катары 22 миңден ашты. Учурунда бул калктын 4 миңден ашыгы «Нарынгидрроэнергокурулуш» мекемесинде иштеп келди.

1962-жылдын 1962-жылдын 28-майында СССР энергетика министрлигинин буйругу менен «Нарынгидрроэнергокурулуш» башкармалыгы (УС) түзүлгөн. Бул курулуш мекемесинин биринчи жетекчилигине Поддубко Валентин Алексеевич дайындалды. Анын кесиби гидрокуруучу эмес болчу. Аскер кызматкери, ички аскерлердин генералы болгон. Ошондон улам аны ГЭС

куруунун адиси эмес экен дешкен. Бир жылдан соң, аталган ишкананын жетекчилиги дагы алмашты.

«Нарынгидроэнергокурулуш» башкармалыгынын өнүгүү тарыхы анын гидроэлектр станцияларын куруу менен байланышкан. Мындагы гидрокуруучулардын кайратман эмгеги менен Үч-Коргон, Токтогул, Ат-Башы, Күрп-Сай,Таш-Көмүпр, Шамалды-Сай, Камбар-Ата-2 ГЭСтери курулуп, элге электр энергиясын берүү мүмкүнчүлүгү жаралды. Ар бир ГЭС туурасында кезеги менен өзүнчө сөз кылабыз.

1962-жылдын жаз мезгилинде Казбек Хуриев механизация иштер башкармасынын (УМР) башчылыгына дайындалды. Ал өз участкасынын куруучулары менен Ош-Бишкек жолунан тартып, 5 чакырым аралыкка Токтогул ГЭСине карай жол салууга киришти. 1963-жылы негизги жабдуулар (УОС) башкармалыгы түзүлүп, ишке кадрлар тартыла баштады. Токтогул ГЭСин куруу үчүн алгач албууттанган сууну бөгөп, курутуп алган соң, сууну тоннел аркылуу өткөрүп, өз нугуна салып алуу жумушу жүрдү. Анткени, ансыз электр станциясынын фундаментин куруу мүмкүн эмес болчу. Бул жумуштар ишке ашкандан соң, эки тарабындагы эки зоонун ичине карай 50 метр ичкери киргизип, арматура өткөрүп, бетондоп чыгышты. Эки асканын ортосу кууш тартып,300 метрди, ал эми аска-зоонун бийиктиги бир жарым миң метрди түзгөн. ГЭСтин курулушунда бир нөөмөттө эле 4-5 миңден кем эмес адам иштеген. Курулуш жеңил эмес болчу. Бир караганда аскада салаңдаган турган таштар кудум эле кулап түшчүүдөй сезилчү. Анын үстүнө шагырап шагыл түшүп турчу. Анын астында коркунучтан чочубаган жумушчулар иштеп жатышты. Мына ушул чоң-чоң таштары түшүп кетчүүдөй болгон асканын астында аскаларды суу жана шамал менен үйлөп жууп, таштарды кесип түшүрүп, анан темир тор менен тосуп, коркунучту кетирүү үчүн бекемдөө жумуштарын жасашкан. Аны жыгач тирөөчтөр менен тиреп, коопсуз абалга келтиришкен. Адам өмүрүнө зыян келтирбөө үчүн аскаларга жабышып алышкан алпинисттер ошол асылган калыбында иштеп жатышкан учурду көргөн адам аларды өмүрүн Мекен үчүн тобокелге салган жалтанбаган алп баатырга теңешер эле. Кыштын кычыраган аяздуу күндөрүндө да мурутуна муз тоңгонуна карабастан, иштеген гидрокуруучулардын эмгеги айтып бүткүс . Бирок, канчалык кый-

ынчылык болбосун мамлекеттик бул улуу курулуштун аягына чыгуу гидрокуруучулардын башкы милдети болгон. Ошол милдеттин ийгиликтүү өтөөсүнөн чыгуу үчүн чынында кийинкилерге аңыз кеп боло турган эрдиктерди мына ушул гидрокуруучулар жасашты. Ошол кезде Нарын дарыясында тереңдиги беш метрден кем эмес муз тоңуп, үстүндө бульдозер өткөндүгүн Токтогул ГЭсинин курулушуна күбө болушкан карт гидрокуруучулар азырга чейин айтып жүрүшөт.

Бул кезде кайратман гидрокуруучулар күндү күн, түндү түн дешкен эмес. Аларда убакыт менен эсептешүү таптакыр болбогон. Үйүн жана үй-бүлөсүн унутушуп,нечен күндөп, үйлөрүнө барбай иштешкен. Кирпик ирмелбей көптөгөн түндөрдү уйкусуз өткөрүштү. Аларга берилген улуу ишеним- ГЭСтин курулушу баарынан маанилүү болчу. Бир гана ой-максаттары ГЭСти убагында, белгиленген мөөнөттө бүткөрүү эле. Электр станциясын куруп бүткөрсөк жашообуз оңолот деген эңсөөлөр болгон. Ал кезде идеология күчтүү эмес беле. Жакшы иштесем, жашоом жакшырат деген үмүт болгон, ошол үмүттөр ишке да ашкан. Ар бир адам баласында өлкөнү сүйүү сезими бар эле. Гидокуруучулардын жан-дүйнөсүндө ГЭСти курсам деген аруу-тилектер оргуштап турган. Катуу шамалдан, кыштын кычыраган суугунан иштеп жаткан обьектин үстүн жаап алышып, иштөөгө мажбур болушкан. Анткени, сууктан кол бүгүлбөй, шамалдын учуруп кетиши калетсиз болчу. Бетон тоңбосун үчүн, жылыткычтар да коюлган. Кичинекей баласын энеси кандай бапестесе, алар да ошондой бапестеген. Куюлган бетон катыганча кайра үстүнөн куюп, бүткүчө улам бетондор куюлган. Болбосо катыган бетон жакшы бирикпей, сапаты өз деңгээлинде болбой калмак. Анын үстүнө аска жарылып кетпеши үчүн бетон платинанын ордунда турушу абзел эле. 9-10 баллга туруштук бере турган бетон куюлган. Суу сактагычтын узундугу 60 чакырымды, туурасы 25 чакырымды түзүп, тереңдиги 120 метр болгон. Ошончо күч басып турган күчтүн кубатын элестетип көрүңүз. Бул гидрокуруучулардын солк этпеген, каарман эмгегинин натыйжасында жаралган.

1963-жылдын 3-августунда «Нарынгидроэнергокурулуш» ишканасынын жетекчилигине СССРдин энергетика жана электрлештирүү министрлигинин буйругу менен Серый Зосим Львович келди. Ал буга чейин Кременчук ГЭСинде негизги жаб-

дуулар бөлүмүн (УОС) жетектеген. Аталган электр станциясын курууга катышкандыгы үчүн Ленин ордени менен сыйлануугa татыктуу болгон. ГЭС куруу ишканасына чыныгы адисттин келиши менен жумуш өз ыргагы менен жүрө баштаган. Ал гидрокурулушка иштей турган адистерди чогултуп, шаардын түптөлүшүнө салымын кошту.

1963-жылдын 25-мартында Токтогул ГЭСинин тоннелин куруу иши башталды. СССРдин энергетика жана электрлештирүү министрлиги тарабынан башкы инженерликке дайындалган Леонид Азариевич Толкачов да курулуш ишинде башкы орунду ээледи.

ГЭСтин курулушун керектүү жабдуулар менен камсыз кылуу максатында автотранспорттук колонна уюшулган. Бардык жабдуулар темир жол аркылуу жеткирилген. Шамалды-Сай шаарчасына дейре темир-жол менен келинген жабдууларды транспортторго жүктөп, Токтогул ГЭСине жеткиришчү. Ошону менен бирге Өзбекстан, Тажикстан, Фрунзеден жүк ташуучу унаа менен да ташып келишкен. Базага келген жабдууларды кыштын кычыраган суугуна карабастан Токтогул ГЭСине жеткирүү чоң жоопкерчилик болгон. Кышкы 44 градуска жеткен суукка карабастан, иштеген жумушчулардын эмгеги эрдикке тете улуу иш болгон.

Токтогул ГЭСинин курулушу менен бирге эле шаарчанын курулушу кошо жүрдү. Ошол кезде Бүткүл Союздук эпкиндүү комсомолдук курулуш отряддары түзүлүп, ага өз демилгеси менен Союздун булуң-бурчунан кошулган жаштардын патриоттук сезими менен улуу иштер жасалды. Алар өз жүрөгү менен электр станциясын курууга салым кошууну эңсеген жаштар болчу. Бирок, турак-жайдын толук жетишпегендигинен улам, алардын арасында кайрадан кеткендер да болду. Бир квартирада үчтөн, бир вагондо экиден үй-бүлө жашап иштешти. Братск, Днепро, Красноярск ГЭСтерин куруу учурунда колдонулган гидрокуручулар жашаган вагондор менен көчмө вагондор алып келинген. Аларды кыр-катар тизип, ортолоруна көмүрлөрдү төгүп, кышында темир мештерди орнотуп, өздөрү от жагып жылытып, жашашкан.

ГЭСтин курулушу тездетилген ылдамдык менен жүрүп, техникалардын саны улам көбөйүп, «Нарынгидроэнергокурулуш» ишканасына караштуу техникалык транспорттук колоннада,

ири ишканага өсүп жетти. Иштеген кадрлардын саны 15 миңди түздү. Ишкананын ошол кездеги башчысы болуп Добротворский Вячеслав Прокофевич иштеп жаткан. Ал өз ишине берилген, жумушчуларга тартипти жогору койгон жетекчи эле. Жумушчулар жашаган вагондо эле жашап, иштегендиктен, ал ушундай жөнөкөйлүгү менен кадыр-баркка жетишкен. Өзү жетектеген ишкананы Союздагы ири мекемелердин катарына кошкон. Анын натыйжасында алар СССР энергетика жана электрофикация министрлигинин Кызыл Туусун жеңип алышкан. Иштеген жумушчуларга жакшы шарт түзүүгө жетишкен, ашканада акысыз тамак уюштуруп берген. ГЭСте түнкү нөөмөттө иштеген жумушчуларга термоско ысык тамак куйдуруп алып, атайын автобус менен жеткиртип турчу. Жумушчуларга камкордук көргөн мындай жетекчилер сейрек болгон. 600 чарчы метр жерди ээлеген атайын теплица курдуруп, кышын-жайын жашылча-жемиштерди кала берсе атайын Тажикстандан алып келип, лимон өстүрүп, жумушчулар ашканасын акысыз азык-түлүк менен камсыз кылып турган. Ар жылы 23-февраль менен 8-март майрамында теплицада өстүрүлгөн гүл менен жумушчуларды куттуктаар эле. Эмгек жамаатынын күчү менен ашкана, эки кабаттуу 50 орундуу профилактория курдурган. Анын ичинде жабык бассейн, сауна, дарылоо бөлмөлөрү болгон. Ылай жана туз менен дарылоого жетишишкен. Мындан тышкары Добротворский Вячеслав Прокофевичтин аракети менен ишкананын атайын көмөкчү чарбасы уюшулган. Анда тооктон тартып, жылкыга чейинки жаныбарлар багылып, бал челек иштетишкен. Бул малдар менен үй канаттууларын атайын чет өлкөлөрдөн алып келген. Жумушчуларга малдар акысыз союлуп, эти таркатылып турулган.

Вячеслав Добротворский бардык керектүү жабдуулары менен камсыз болгон атайын борбордук ремонттук мастерской курган. Анын ойлоп табуучулугунун дагы бир өзгөчөлүгү бетон ташууга ылайыкташкан «Нарын» деп аталган атайын машина ойлоп чыгарган. Бул машина СССР эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө алтын медалга татыктуу болгон.

ГЭСтин курулушунда иштеген кадрлардын көпчүлүгү сырттан келип иштешкен. Ошондуктан, аларды жатакана менен камсыз кылуу зарылдыгы туулган. Ошол себептүү Вячеслав Добротворский бардык ыңгайлуу шарты бар жатаканаларды курууга жетишкен.

Вясечлав Добротворскийден кийин бул ишкананы Талгат Хасанбаев жетектеген. Андан соң, Георий Охрименко, Эстебес Исаевдер жетекчи болуп иштешкен. Ар бир жетекчинин өзүнө таандык орду болгон.

«Нарынгидроэнергокурулуш» ишканасына курулуш механизация башкармасы да караган. Бул мекеме 1963-жылы түзүлүп иштей баштаган, аны Солодилов жетектеп, 700дөн кем эмес жумушчу иштеген. Электр станциясын курууга катышкан бульдозер, эксковатор сыяктуу керектүү техникалардын баары аталган ишканага караган.

Токтогул ГЭСинин курулушуна (Су ГЭС) гидростанциялар курулуш башкармасы да катышкан. Жилин жетектеген бул ишканада 500дөй жумушчу эмгектенген.

Мындан тышкары СУ-1 курулуш башкармасы да көмөк көрсөткөн. Анын башчысы Киртбая Алексей Константинович болгон. Алар Кара-Көлдө турак жайлар менен мектептерди да курушкан. Мындагы 350 жумушчунун күчү менен коммуникация, суу түтүкчөлөрү менен канализация иштери да, бүткөрүлгөн. Токтогул ГЭСинин курулушуна көптөгөн ишканалар катышкан. Алардын дагы бири Энерго байланыш башкармасы болгон. Аны Буров Николай Михаилович жетектеген. Бардык байланыш линиялары, энерго системалары алардын колунан өткөн. Ишкананын 300 жумушчусунун эмгеги менен бардык турак үйлөргө, ишканаларга, мектептерге жылуулук жеткирилген.

Турак жай коммуналдык чарба ишканасынын да өз орду бар эле. Алар шаарды көрктөндүрүү менен жашылдандыруу-га активдүү катышкан. Бул жерде 350дөн кем эмес адам иштеген. Алар бак-даракгарды, гүлдөрдү эгишип, жашыл парктарды уюштурушкан. Эки миңдей адам жашаган эки чоң жатакананы жана мейманкананы, коммуналдык тейлөө мекемелерин иштеткен.

Гидрокуруучулардын балдары үчүн он бир балдар бакчасы иштеген. Ал жерде 600 кызматкер эмгектенип, 3000 бала тарбияланган.

Бардык мекемелерди тейлеген (ЗОХР) 300 адамды өз ичине бириктирген атайын күзөт бөлүмү иштеген. Курулушту мына ушул күзөт караган.

Жергиликтүү жаштардан адистерди үйрөтүү үчүн атайын окуу

комбинаты ачылып, ага улан-кыздар тартылган. Кыргызстандын булуң-бурчтарынан келишкен жаштар ГЭСте иштөө үчүн алгач мына ушул комбинаттарда окуп, адистик алып чыгышкан. Алардын арасынан жөндөмдүүлөрүн жогорку окуу жайларына жөнөтүп, окутушкан. ГЭСте иштеген инженер-техникалык кызматкерлер орустар, украиндер, еврейлер, татарлар, башкыр, осетин, армян, өзбектер болгон. Бара-бара кыргыз кадрлары да даярдала баштаган. Жергиликтүү улуттун арасынан кийин белгилүү гидрокуруучулар өсүп чыгышкан.

«Нарынгидроэнергокурулуш» башкармалыгында ГЭСтердин курулушу жүргөн сайын гидрокуруучулардын кесиптик чеберчилиги өсүп, такшала бериштн. Алар Токтогул ГЭСинин курулушу менен бирдей эле мезгилде Ат-Башы гидроэлектр станциясын да куруп жатышты. Бул ГЭСтин курулушунун башталышы менен башкармалыкта жаңы « Ат-БашыГЭСкурулуш» курулуш мекемеси түзүлдү. 1966-1970-жылдардын аралыгында бул ГЭСтин курулушун аяктап,пайдаланууга бериштн. Бул ГЭСтин жылдык кубаттуулугу 160 миллион киловатт-саатты түзгөн.

Жээнбек Анарбаев комплекстүү бригаданы жетектеген. ГЭС курулушундагы анын күжүрмөн эмгеги бааланып, «КРнын эмгек сиңирген курууучусу» наамына татыктуу болгон.

Гидрокуруучу Төлөн Усубалиев туурасында да жылуу пикир айтууга болот. ГЭС курууга активдүү катышкан бул инсан өзүнүн күжүрмөн эмгеги менен үлгү болгон.

ЗОСИМ СЕРЫЙ ЛЬВОВИЧ

«Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинин жетекчиси Зосим Серый Львович 1963-жылдан тартып, 1976-жылга дейре, башкача айтканда өмүрүнүн акырына чейин аталган ишкананы жетектеп келген. Ал чыныгы уюштургуч жана таланттуу жетекчи болгон. ГЭС куруудагы күжүрмөн эмгеги бааланып, эки Ленин орденине татыктуу болуп, жана Кыргыз ССРине эмгек сиңирген курууучу» наамын алып, «Социалисттик Эмгектин Баатырлыгына» чейин жеткен. Ал алтымыш бир жашка чейин гана

жашаган. Ошол кезде «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинин СССРдеги алдыңкы комплекстүү механизациялаштырылган ишкана болушунда анын өлчөөсүз эмгеги бар.

Зосим Серый Львович башында турган гидро куруучулар 1976-жылы Токтогул ГЭСинин курулушунун аягына чыгышты. Ошол кезде СССРдин мамлекеттик кабыл алуу комиссиясы тарабынан сапаттык деңгээли жагынан эң жогорку баа менен тапшырылган. ГЭС куруудагы анын эмгеги бааланып, партиянын XXУ сьездине делегат болуп шайланган. Ал аталган сыйлыктарынан тышкары Октябрь революциясы, «Ардак белгиси» ордендери менен да сыйланып, «СССРдин ардактуу энергетиги» наамына татыктуу болгон. Мындан тышкары бир катар медалдар, төш белгилер менен сыйланган.

Ошол кезде Токтогул ГЭСинин төрт агрегаты толугу менен бүтүп, электр энергиясын өндүрүп чыгара баштаган.

Өз ишинин устаты, жөндөмдүү гидротехник 61 жашында бул ааламдан кетип, кийин жетекчиликке Хуриев Казбек Бексултанович келди. Ал Ташкенттеги Борбордук Азия политехникалык институттун гидротехникалык жабдуулар факультетин бүтүргөн. Бул инсан ага чейин УОСту жетектеп турган.

Зосим Серый Львович ГЭС курууда такшалган, ал үзүмдүү эмгеги менен артына бараандуу из калтырган. Гидростанцияларын куруунун өрнөктүү адамы, татыктуу эмгеги үчүн Социалисттик Эмгектин Баатыры наамына татыктуу болгон. Ленин, Октябрь Революциясы, «Ардак белгиси», эки Эмгек Кызыл Туу ордендери жана күжүрмөн эмгеги үчүн медалы, бир катар төш белгилер менен сыйланган. СССРдин «Ардактуу энергетики» наамына татыган.

ХУРИЕВ КАЗБЕК БЕКСУЛТАНОВИЧ

Хуриев Казбек Бексултанович Түндүк Осетиянын борбору Владикавказда төрөлгөн, улуту осетин , 1955-жылы Ташкент шаарында окуп, атайын адистик алган. Алгач Аламедин чакан ГЭСин курган. Үч-Коргон ГЭСинин башталышында мастер, прораб, участка башчысы болуп иштеген. Андан соң, (УМР) механизация иштер башкармасында, (УОС) негизги жабдуулар башкармасында начальник болуп иштеген.

1977-жылдын февралында «Нарынгидроэнергокурулуш»

мекемесинде курулуш башкармасынын башчысы болуп келди. 1993-жылы аталган мекеменин башкы директорлугуна дайындалды.

-Казбек Бексултанович ишке өтө жоопкерчилик менен мамиле жасаган инсан болчу,-дешет. – Өз ишине аябай берилгендиги менен айырмаланып турган. Калп айтканды жактырбаган, ар убак туура, чын сүйлөгөн. Элге жан-оту менен кызмат кылган. Өзүнүн жетекчи экендигине карабастан, катардагы адамдарга жөпжөнөкөй мамиле жасагандыгы менен кадыр-барктуу эле. Жумушчулардан эч нерсени аячу эмес. ГЭСтин кайсыл участкасына барбасын, анын жетекчилеринен мурда эң оболу жөнөкөй, карапайым жумушчунун алахвалын сурачу. Андан соң ал жумушчудан көз карашын сурап, ишти кандай алып баруу керектигин, кандай жол менен жасаса оңой бүтөөрүн сурамжылап билип, андан тыянак чыгарып, ошондон кийин гана жетекчилердин ой-пикирлерин угуп, иштин жүрүшүнөн маалымат алчу. Жүрүш-турушу жөнөкөй болчу, байлык менен бийликке таптакыр кызыкчу эмес. Кызматта атайын жумушчулук кийим менен жүрөөр эле. Өзүнүн менчик унаасы да болбогон. Майрам, салтанаттарда ашыкча шаан-шөөкөттү жактырбаган.

Ал үчүн эс ала турган күн болчу эмес. 1-майда да майрамдык жүрүштөн кийин иш бөлмөсүнө келип, күндөгү көнүмүш адаты боюнча түнкү саат 12ге дейре иштээр эле. Бир жолу жубайы Таиса Владимировна Казбек Бексултанович жөнүндө мындай деди: « күн сайын кечки саат 8де телефон чалып, келбейсиңби, чарчадың го, тамактанып, эс алып ал», деп айтам. Жубайынын айтымында Казбек Бексултанович «азыр барам»,-дейт экен. Эки сөз айтса эки сааттан кийин, « бир аздан кийин барам», десе 3 сааттан соң үйүнө келет дейт. Баарына бирдей сапаты менен башкалардан айырмаланган тынып-тынчыбаган бул адамдын жөнөкөй пейилин билген адамдар жумуштабы, көчөдөбү, ага сураныч менен кайрыла беришет экен. «Сизде жумушум бар эле», -деп кайрылган ар бир адамга токтой калып, көңүл бура, ал кишинин бардык

сөзүн угуп, түшүнүп, ошол замат анын маселесин чечкенге аракет кылчу.

Бул адамын таржымалына сарасеп салып олтуруп, укканыбызга караганда анын жетекчилик да, адамгерчилик да сапатын билген адамдар « Кара-Көлдө» элдин оюн, көйгөйүн уга билип, маселесин чечкен жетекчи бар экен»,-дешип, сырттан келгендер да болушуптур. Ага кайрылган адамдардын айрымдары материалдык жардам сурап кайрылса, кээси турак-жай сурап, дагы бири балдарын жумушка орноштурууну өтүнүшсө, бирине да терс жооп бербептир. Андан жардам сурап келген адамдын кимдигине карабастан, кунт коюп угуп, кыйналса кыйынчылыгын кошо тартып, кубанычы болсо тең бөлүшүп, колунан келишинче жардам берүүгө умтулган бул адамга ишенгендер улам көбөйө берген. Айрыкча жаш адистерге көп көңүл бурчу. Алардын баскантурганын, жасаган ишин байкап, өзү көзөмөлгө алган. Турак-жай менен камсыз кылып, балдарын бакчага жайгаштырып, келинчектерин жумушка орноштуруп, баарына жакшы шарт түзүүгө аракеттенди. Көрсө анын жан-дүйнөсүндө боорукердик, адамгерчилик толтура тура.

Казбек Хуриевдин камкордугу менен көп гидрокуруучулардын балдары ишкананын эсебинен жогорку окуу жайларынын мыкты делген факультеттеринде окушту. Алардын көбү Москва, Ленинград, Новосибирь,Одесса шаарларындагы өтө бийик деңгээлдеги жогорку окуу жайларында билим алышты. Гидрокуруучулар үчүн 100дөгөн квартираларды куруп берди.

Күрп-Сай ГЭСинин биринчи агрегаты пайдаланууга берилген мезгил. ГЭСти ишке киргизүү үчүн сууну бөгөгөндө эски жол суунун астында калып, жаңы жол бүтө элек. Аскалардан таш түшүп жатат. Жол болсо кууш, таш. Жолдун айланма жеринен бир машина араң батат. ГЭСтин ачылыш аземи. Алдыңкы жумушчулар көкүрөктөрүнө лента байлап алышкан. Усубалиев, Дүйшеев, Кошоевдерди күтүп жатышты. Казбек Хуриев курулуштун жетекчиси. Ташкенттен « Гидродолбоорлоо» институтунун адистери, СССРдин энергетика, электрофикация министерствосунан коноктор да келишкен. Ошол кезде да СССРде деле эмес, дүйнөдө бир беш жылдыктын ичинде Күрп-Сайдай ГЭС куруу мүмкүн эмес, төрт жарым жылда да ГЭС курабы дешкен. Бул ГЭСтин саатына 800 миң киловатт-саат электр энергиясын

иштеп чыгаруу мүмкүнчүлүгү бар эле. СССРде эң арзан, бир киловатт электр энергиясынын наркы, 0,1 тыйын болгон. Себеби, төрт жарым жылда курулуп, Күрп-Сай үчүн өзүнчө база болбой, Токтогул ГЭСинин эле базасында курулган болчу. Кара-Көл шаарынан Шамалды-Сай, Таш-Көмүр шаарына барып иштешкен, жатакана, шарт болгон эмес. Ошондуктан, тездик темп менен куруу керек болучу. Башка обьектерди курганда ГЭСтин курулушу созулуп кетет болучу. Ошондо Казбек Хуриев: « Болбой турган ишти болтурдук. Гидрокуруучулардын патриоттук сезими, арнамысы, жоопкерчилиги, берилгендиги менен элибиздин турмушу тез арада оңолсун деген аракет менен бир духта бүтүп кетти» деген ачылышта сүйлөгөн сөзүндө. Себеби, мындан ары да көп ГЭСтерди тез темпте курушубуз керек деп айткан. «Биз ар жылда бирден агрегаты куруп, ишке киргизсек болот», деген эле.

Казбек Хуриев «Кыргызстан гидроэнергетиканын Мекени» дөп айтчу дешет. «Бир мезгил келет, суунун башында турган кичинекей мамлекет-Кыргызстан дүйнөдөгү эң бай мамлекетке айланат. Нарын дарыясынын баркын билип, анда агып жаткан сууну туура колдонуп, курула турган ГЭСтердин бардыгын куруп ишке киргизсе Кыргызстан бай өлкөлөрдүн арасына кошулат. Элибиздин турмушу абдан оңолот. Экономикабыз гүлдөйт. Электр энергиясын башка мамлекеттерге сатып, ал каражатка элге керектүү болгондун баарын жасаса болот.

Хуриевдин бир сөзү бар эле: «Ар бир мамлекетке кудай бир источник берет. Кыргызстанга Нарын дарыясын кудай таллаа берген. Ушул Нарын дарыясынын күчүн колдонсок, ага нефтинин да кереги жок. Ушул сууну колдонуп, ГЭСтерди куруп койсок, Нарын суусу кыргыздын турмушуна, экономикасына иштейт. Ошондо гүлдөп-өсөбүз. Турмушту ондоо үчүн ГЭСтерди куруу керек», деп көп айтчу. –Аны Москвага энергетикага министрдин орунбасарлыгына бир нече жолу сунуш кылышкан. Ал бул сунушту кабыл алган эмес. «Өмүрүмдүн барынча Кыргызстандын ГЭСтерин курамын», деп айтаар эле. « Түшүмө да ГЭСтер кирет дечү.

Казбек Хуриевдин катышуусу менен алгач Аламүдүн, кийин Үч-Коргон, Токтогул ГЭСтери курулду. Ага электр станциясын куруудагы күжүрмөн эмгеги үчүн «Кыргыз ССРине эмгек сиңирген куруучу» наамы берилген. Күрп-Сай ГЭСи курулуп

бүткөндө Ленин ордени берилди. Шамалды-Сай ГЭсинин биринчи, экинчи агрегатын куруп, Кара-Көл шаарынын курулуп, түптөлүшүнө салымын кошту. Кетмен-Төбө шаарчасынын пайда болушунда да анын чоң эмгеги бар. Камбар-Ата ГЭСин баштап, 40 пайыз жумушун аткарып, аягына чыкпай, 1994-жылы 64 жашында ааламдан кетти. Ошондо ден соолугунун айынан Москвага барып, жүрөгүнөн операция жасалгандан беш-алты сааттан кийин көз жумган.

«Сөзсүз Камбар-Ата ГЭСин курабыз, анын шарапаты менен Кетмен-Төбөдө чоң шаарча пайда болот», -деп Казбек Хуриев ошондо эле айткан тура.Ошондогу ой-максаттар кечигип болсо да ишке ашып, Камбар-Ата -2 ГЭСин курдук. Хуриев чынында алдыны көрө билген көрөгөч адам болуптур.

Ал Кыргызстандын гидроэнергетикасынын өнүгүшүнө өлчөөсүз эмгек сиңирген. Ошол себептүү анын эмгеги өкмөттүк сыйлыктарга татыктуу болгон. Тактап айтканда Ленин, Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери , Эмгектеги күжүрмөндүгү үчүн жана башка медалдар,Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланып, «Эмгек сиңирген курууучу» наамына татыктуу болгон.

ШЕВЕЛЕВ ВЛАДИМИР НИКОЛАЕВИЧ

Ал Нарын дарыясына курулган бардык ГЭСтердин курулушунда салым кошту. Шамалды-Сай ГЭСинин 3-агрегаты да Владимир Шевелевдин мезгилинде башталган .

Союздун тарашы менен курулуп жаткан ГЭСтерди да сактап калуу жеңилге турган жок. Мында албетте, анын салымы болду. 1994-1998-жылдардын аралыгында башкы директор болуп иштеген Владимир Шевелевдин жетекчилигинин орду болгон. Анын эмгеги да текке кеткен эмес. «Ардак белгиси», «Эмгек Кызыл Туу » ордендери менен сыйланган.

Ар бир жетекчинин өз мезгилинде өз орду болду. Эң башкысы «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун гидро-

куруучулары Нарын дарыясында курулган ар бир ГЭСтин курулушуна катышышты. Шамалды-Сай ГЭСинин курулушу да мына ушул күжүрмөн гидро куруучулардын патриоттук эмгеги менен курулду. Анын курулушу менен бирге Таш-Көмүр ГЭСинин да курулушу жүрдү. Ошол кезде бирдейинен жүрүп жаткан аталган гидростанцияларынын курулушу «НарынГЭСтин» эмгек жамаатынын күчү менен бүткөрүлдү.Гидрокуруучулардын бешенесине Ош-Бишкек жолу башталып, анын курулушуна катышышты. Якутиядагы Вилюй -3 ГЭСин курулушунда да мына ушул гидрокуруучулардын салымы бар.Себеби, өздөрүндө жумуш жок болуп, үй-бүлөсүн багуу кыйынчылыкты туудурган чактарда ал мына ушул ГЭСте иштешти. Ал гана эмес 1996-жылдан тартып, учурунда республикадагы улуу курулуш болгон Ош-Бишкек жолунун курулушу гидрокуруучулардын бактысына туш келди. Алар түрктөрдүн фирмасы менен бирдикте Кара-Көл шаарынан тартып, 12 чакырым узундуктагы эң оор жана татаал аймагын курууга салым кошушту.Андан соң, Суусамыр, Чычкан участкаларында да фирмалар менен бирдикте жол курулушуна катышышты.

1996-жылы Жалал-Абад шаарында канадалык фирманы нефтини кайра иштетүүчү заводу курууга киришип, «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коому менен келишим түздү. Бул завод аталган фирма курган алтымыш биринчи завод болгон. Аталган фирманын тарыхында алты айдын аралыгында өндүрүштүк ишкананы куруп бүткөрүү болбогон экен. Анткени, «НарынГЭСтин» куруучулары бул заводдун курулушун 1996-жылдын 1-апрелинде баштап, 1-октябрында бүткөрүп, пайдаланууга беришкенде бир чети таң калышса, экинчиден аябай ыраазы болушкан. Канадалыктар ширетүүчүлөрдү атайын Арап өлкөлөрүнөн алып келишкен. Бирок, алар жасаган иштерин үч жолку сыноодон араң өткөрүшсө, «Нарынгидрроэнергокурулуш» акционердик коомунун куруучулары сырттан келген ширетүүчүлөрдөн да мыкты, ары сапаттуу иштешип, биринчи сыноодон эле ийгиликтүү өтүшкөн. Мына ошондо канадалыктар алардын эмгегине жогору баа беришкен.

Жалал-Абад областынын аймагында маанилүү курулуштардын негизинен көпчүлүгүндө аталган мекеменин куруучуларынын изи калды. Дагы бир мисал, Аксы районундагы «Беш

батман» каналын, ошону менен бирге Базар-Коргон – Арстанбап жолун жана «Кызыл-Үңкүр» каналынын жээктерин бекемдеп, суу тосмосун курушту.

Майлуу-Суу шаарында уран калдыктары сакталуучу жайларды да бекемдешип, бул жумуш үч жылдын аралыгында бүткөрүлдү. Адам баласынын ден соолугуна зыян келтирип, коптуу деп эсептелген ондон ашык жайлар жабылып, уран калдыктарынын коркунучу бир кыйла азайды.

МАМАСАЛЫ САБИРОВ

ГЭС курулушунда белгилүү гидрокуруучу Мамасалы Сабировдун эмгеги да бөтөнчө сөз кылууга татыйт. СССРдин жана Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин депутаты болгон бул инсанга «Снежный барс» наамы берилген. 7 миң метр бийиктиктеги зоокага чыккан алпинистке ошол учурда ушундай наам ыйгарылган. Бул наам спорттун чебери катарында бааланган. Ал кийин политехникалык институттун курулуш факультетинде сырттан окуп, инженер-куруучу адистигин алган.

Мамасалы Сабиров 1945-жылы азыркы Ноокен районундагы Наукент кыштагында туулган.

Ошол кезде Фрунзедеги политехникалык институтун бүтүргөн.Эмгек жолу 1962-жылдан башталган. Ал жогорку билимдүү жана мыкты адис катары слесарь-монтаждоочулардын бригадири болуп иштеген. Мамасалы Сабиров гидрокуруучулар арасында аскага чыгуу иштерин эң мыкты өздөштүргөндүгү менен кадыр-барктуу болчу.

М.Сабиров 1977-жылдан тарта аскага чыгуучулар жана монтаждоочулар бригадасын жетектеп, ал башкарган эмгек жамааты өздөрүнүн башкаларга окшобогон татаал иштеги эпкиндүүлүктөрү менен атакталып, даңкталып иштешкен. Мамасалы Сабировдун бригадасы Токтогул ГЭСинин плотинасын курууда Нарын дарыясынын оң жана сол жээктериндеги аскалардын коопсуздугун камсыз кылууда таң каларлык ишкердүүлүктөрүн көрсөтүшкөн.

Кийинчерээк Мамасалы Сабиров жана ал жетектеген жама-

ат асман тиреген бийик аскалардын чокусуна электр өткөргүч зымдарды тартуучу темир таянычтарды мамыларды) орнотууда да өздөрүнүн өзгөчөлөнгөн күжүрмөндүүлүгү менен эсте каларлык иш аткарышкан. 1980-83-жылдарга белгиленген 5 жылдык пландуу тапшырмаларын төрт жарым жылда ашыра орундаткандыктары үчүн ал жетектеген бригада жана Мамасалы Сабировдун ысмы биздин Кыргызстанга гана эмес, ошол мезгилдеги Советтер өлкөсүнүн бүтүндөй аймагына "Эпкиндүү комсомолдук-жаштар бригадасы" катарында дүңгүрөп чыккан.

Деңиз деңгээлинен дээрлик 2000 метр бийиктиктеги аскаларда иштерди жөнгө салууда күн сайын, саат сайын айтаарлык мыкты ийгиликтерге жетишип турган. Мына ушундай күжүрмөн эмгеги жана бараандуу ийгиликтери үчүн Мамасалы Сабиров Советтер Союзунда биринчилерден болуп спортчу катары гана эмес, эң мыкты альпинист катары да "Спорттун мыкты чебери", "Ак илбирс" номинациясына ээ болгон. Мындай наамдын ыйгарылышы ошол кездеги жаштар муунун чоң сыймыкка бөлөп гана тим болбостон, жүздөгөн жаштар Мамасалы Сабировдой эмгектен таанылууга умтулуусун шарттаган.

Мамыларды ийиндерине көтөрүп чыгышкан

Мен окуучуларга: "Тээтиги аскалардын чокусундагы электр мамыларын кантип коюшкан деп ойлойсуңар?-деп суроо узаттым. Алар: "Ой эжеке, аны вертолет менен көтөрүп чыгып эле коет да" деп жооп беришти. Мамасалы Сабиров ГЭСтердин курулушунда аска-зоолорго чыгуу, бургулап-тешүү, аска чокуларына зым тарткыч темир мамыларды орнотуу иштеринде зор ийгиликтерге жетишкендиги менен өзгөчөлөнгөн.

Мында белгилей кетүүчү маанилүү нерсе, азыр да ошол кездеги гидрокуруучулардын залкар эмгегинин далили болгонсуп аска чокуларында турган темир мамыларды бөлүк-бөлүктөн таңгактап, ийиндерине көтөрүшүп ташып чыгышып анан орноткондуктарын азыркы муундар кайдан элестете алышсын. Ал убакта кайдагы вертолет, анан да чет элдегидей аска үстүнө акырын коно калчудай вертолет түшкө да кирген эмес да. Мына бүгүн дал ошол темир мамычалар аркылуу миллион-миллиондогон кВт электр энергиясы күнү-түнү тынымсыз агып өтүп, элибизди жарык нурга, жан жыргаткан жылуулукка бөлөп олтурбайбы.

Бүткүл союздук сьездге барган

Мына ушундай баасыз кымбат эмгеги үчүн ошол мезгилде Ата Мекендин кызматына берилген күжүрмөн комсомол-жаштардын сабында болуп, Мамасалы Сабировдун ысмы бүт элге таанылган. Чебер альпинист, бригаданын уюштургуч жетекчиси катары ал ошол кездеги Кыргызстан Ленин комсомолунун ХУП жана ХУШ сьезддеринин жана Бүткүл Союздук Ленин комсомолунун ХУ1 Сьездинин делегаты болуп Москвага жаштардын сьездине катышып келген жана Бүткүл Союздук Лениндик комсомолдор союзунун бюро мүчөсү болуп шайланган.

Жаштар суктана турган эмгеги калды

Мамасалы Сабиров күргүчтөп күчүнө толуп турган кырчындай жаш мезгилинде күтүүсүздөн көзү өтүп кетти. Бирок, анын артында азыркы муундар суктана турган каарман эмгеги калды.

Эмгектеги эң жогорку жетишкендиктери үчүн Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордендерин алган. Кыргызстан Ленин комсомолунун Борбордук Комитетинин Ардак Грамотасы, бир нече төш белгилер менен сыйланган.

Ибрагим Алиевдин «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинде башкы директор болуп иштеген мезгили 1998-2001-жылдарга туура келет. Калинин шаарындагы политехникалык институту бүтүрүп, 1976-жылдан мастер, кийин прораб, участка башчысы, УОСтун башкы инженери болуп иштеди. Андан соң, «Нарынгидроэнергокурулуш» мекмесинде башкы инженер, көп өтпөй башкы директорлукка дайындалды. Аралыгында Кубада атом электр станциясынын курулушунда 3 жыл иштеп келген. Анын эмгеги бааланып, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген курууучусу» наамына татыктуу болду.

Кошбай Масиров Ибрагим Алиевден кийин келген жетекчи. Анын аталган мекемедеги жетекчилик эмгек жолу 2001-жылдан башталып, 2004-жылга чейин созулду. 2004-жылы кайрадан жетекчиликке Ибрагим Алиев келди.

АЛЬБЕРТ АБАЗБЕКОВ

Биздин эмки каарманыбыз Альберт Абазбеков болду. Бүгүнкү күндө ал бул кызматтан кетип, ар кандай көз караштар айтылып жатканы менен анын бир мекемени жетектегени, ал мекеменин гидрокуруучулары ГЭС курганы бул чындык. Ошондо ал

"Нарынгидроэнергокурулуш" акционердик коомун жетектеп турган. Ал башкарган мекеменин гидрокуруучулары ошол кездеги өлкөдөгү эң улуу курулуш болгон Камбар-Ата-2 ГЭСин куруп жатышкан. Ал Камбар-Ата -2 ГЭСинин курулушу туурасында айтып жатып, мындай деди: -Биринчи ишенген эмесмин. Техника жок, кантип курабыз ? деген кыжалаттуу ойлор бийледи. Анын үстүнө дасыккан кадрлар Россияга, башка жактарга иштегени кетип калышкан. Ал жактагы Рахимов Икрам, Охаев Владимирди «келгиле ГЭС куралы», -деп чакырдым, келбей коюшту.

Ошол кезде Москвада иштеп жатышкан, бир кезде эмгектенип кетишкен кадрларга өзү баргандыгын айтты. Мурда «Нарынгидроэнергокурулушта» иштеп кеткен Юрий Салатин деген адис бар эле. Ал да макул болбоду. Ошентип, бирөө да келбей койду. Шайы ооп, кайра кайтты. Алар « Кыргызстан өз күчү менен кантип ГЭС курат» дешти окшойт.

2008-жылдын 10-марты тарых баракгарында жазылып калды. Курулушу башталып, көп жылдар токтоп калган гидроэлектр станциясынын биринчи бетону куюлду. Андан мурда даярдык жумуштары жасалып жатты. 2007-жылдын ноябрь, декабрь айларында кыш оор болду.

Камбар-Ата-2 ГЭСин куруу үчүн каражат маселеси 2007-жылдын 7-октябрында чечилди. Бетон куюу үчүн кумшагылды ылайдан ажыратып, жууп алуу керек болчу. Бироок, кыштын узактыгы өзүнүн терс таасирин тийгизди. Күн суук болуп туруп алды. Ошентип, биринчи бетон 2008-жылдын 10-мартында куюлду.

- Өзүбүздү, анан президентти уят кылбайлы деп көздү жумуп, ГЭС кура баштадык. Адис жок. Сыртта иштеп, эс алууга убактылуу келгендердин үйүнө чейин бардык. Башкы инженер Жолдошбек Жетигенов экөөбүз кошо жүрөбүз. Ал ошол мезгилде Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулушуна активдүү катышып жаткан адистердин бири Жолдошбек Жетигенов туурасында айтты: -Келгиле, иштегиле, дейбиз, көңүл бурушпайт. Кайрадан бизге суроо беришет.

- Канчадан төлөйсүңөр? Бизди канааттандырбаса кайра Россияга кетебиз.

- Алардан ушундай жоопторду уктук.

Ошондо башкы инженер экөө ошол кадрлардын эл үчүн, мамлекетке деген сезимдердин жоголгондугуна зээни кейип турду. Алардын сунуштарын кабыл алышпаган адистер акчанын кулу болуп калышкан экен. Бир чети жашоонун кыйынчылыгы аларды мына ушуга мажбур кылышкан.

Быйыл жамгыр денеден өтүп, укмуш жаады го. Согончокко чейин кирип кетет. Ошол жамгырларга карабастан адистерди иликтеп жүрүштү. Анан аргалары кеткенде жергиликтүү жаштардан кадр даярдоону чечишти.

- Эч кимге ишенбей өзүбүз ГЭС курууга кириштик,- дейт Альберт Авазбеков. –Атайын адистерди даярдоочу комбинат ачтык. Анда мурда ГЭС курууда иштеген Курманбек Арыковго окшогон тажрыйбалуу кадрлар адистерди окутууга киришишти.

Ошентип, жумуш бирдейинен жүрүп жатты. Ошол эле мезгилде ГЭС курууга иштей турган элүүдөй жаңы техника сатып алынды. Ошол тапта Россияда кризис башталды. Ал жакта иштеген кадрлар өздөрү келе башташты. Алардын арасынан кээрктүү адистер жумушка кабыл алынды. Кадр маселесиндеги проблема да чечилди.

ГЭСти курууга алгач 450 адам катышты. Бара-бара иштеген адистер менен жумушчулардын саны көбөйүп олтурду. Анан 2000 жетти. Субподрядчиктер менен бирге ГЭСте иштеген адамдардын саны 3000 миңден ашты. Алгач орточо 3,5 миңден эмгек маяна алышса, кийин 10 миңге чейин алышчу болушту. Кээсинин айлык маянасы 20-25 миң сомго дейре жетти.

ГЭСтин курулушу кызуу башталганда өз көзүбүз менен көрүп бир чети таң калдык. Эмнегедир көргөн көзүбүзгө ишенбей турдук. Кайсыл тарапка карабаңыз патриоттук сезим байкалат. Баракелдээ, дейбиз ичибизден. Кыргыздын улуттук намысы бир козголсо кол менен таштыда талкалай турган кудурети болот тура. Тээ Союз учурундагыдай эпкиндүү курулуш. Ар биринин жан-дүйнөсүндө «Биз ГЭС куруп жатабыз», деген сыймыктануу сезими орун алган. Күн сайын бетон кечип иштеген бул адамдардын эмгеги жеңил эмес болучу. Канчалык чаалыгып-чарчашса да, убакытты уттурбай, шашылып жатышты.

«Камбар-Ата—2» ГЭСинин биринчи агрегатынын курулушу бул республикадагы улуу курулуш болуп олтурат. Муну менен Кыргызстан өз күчү менен гидроэлектр станциясын куруугa мүмкүнчүлүгү бар экендигин далилдеп койду, - дейт Альберт Авазбеков.

Анын айтымына караганда 1984-жылы ал кездеги ири держава болгон Союздун күчү менен бул жерде эпкиндүү курулуш жүргөн. Айрыкча суу агып чыгуучу үч тоннелдин казылып калганы чоң утуш болгон экен дейт. Ал эми Камбар-Ата—2 ГЭСинин курулушу үч бөлүктө жүрүп жатат. Анын башка ГЭСтерден айырмачылыгы жана өзгөчөлүгү ал деревяциялык ыкмада курулуп жатат , же жөнөкөй тил менен айтканда тоннель аркылуу суу келет, ал негизги станциядагы агрегаттарды ишке киргизет. Ал эми негизги станцияны бул ГЭСтин жүрөгү деп аташат.

Жумуш жалаң бетон, арматура жана темир түтүкчөлөрү менен гана жүрөт. ГЭСтин негизги электр энергиясын иштеп чыгуучу агрегаттары орнотулган негизги станциясы жалаң бетон менен тургузулгандыктан, бул жерде тажрыйбалуу адистер гана иштеши керек, себеби бетон сапаттуу жана өз нугу менен куюулуусу зарыл , деп айтты башкы директор.

Курулуш кызуу жүрүп жаткан экинчи бөлүгү суу кабылдагыч деп атала тургандыгын айтты Альберт Авазбеков.—Бул жер агрегаттарга суу жиберилүүчү ар биринин узундугу орточо 500 метрди түзгөн үч тоннелдин суу кабылдагыч бөлүгү. Мында да жалаң темир арматуралар кураштырылып, бетон менен бекемделет, анан ири техникалар иштетилет.

Гидрокуруучулар темир арматуралардын ар бирин бирден ширетип, бир-бирине кынаптап, бекитип жатышты.

-Минтпесе аралыгы ачылып, өз ордунан жылып кетүүсү мүмкүн, - деди ал.Ошондуктан, мында көбүнчө жогорку категориядагы ширетүүчүлөр иштешет.

Альберт Авазбековдун өткөн өмүрүнө сарасеп сала турган болсок, 1973-жылдын 30-апрелинде Кара-Көл шаарында туулган. 1995-жылы Москвадагы мамлекеттик университетти бүтүрүп инженер -гидротехник адистигин алган. 2003-2006-жылдары Россиянын президентинин алдындагы Россиялык академияда мамлекеттик кызмат боюнча окуган. Эгерде анын эмгектик ишмердүүлүгүнө назар таштасак, 1996-жылдан «Нарынгидро-

энергокурулуш» акционердик коомунун (УОС) негизги имараттар башкармасында ПТОнун экинчи категориядагы инженери, ПТОнун башчысы, башкы инженердин орунбасары болуп иштеген. Андан соң, 2000-жылдан 2002-жылга дейре Вилюй ГЭСинде жетектөөчү инженерден ОМТСтин начальнигине чейин жеткен. 2006-жылдын декабрында «Нарынгидроэнергокурулуш » акционердик коомуна техникалык директор болуп келгенде отуз үч жашта эле, андан бир жыл өткөндө, башкача айтканда отуз төрт жашында аталган чоң мекеменин башкы директору болуп калды.

Мына ошентип, мамлекет башчысы кылымдын улуу курулушу болгон Камбар-Ата ГЭСин курууну жаш жетекчи Альберт Авазбековго жүктөлүп олтурушу да бекеринен эмес. Бул да болсо ага берилген улуу ишеним.

-Буюрса Камбар-Ата –2 ГЭСинин биринчи агрегаты 2009-жылдын 22-декабрына чейин бүтөт, ага мамлекет тарабынан 5 миллиард сом өлчөмүндө каражат белгиленген. Бул ГЭС ишке киргизилгенден кийин биз Камбар-Ата –1дин курулушун баштайбыз. Муну менен Кыргызстан жана «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун гидрокуруучулары өз күчүбүз менен ГЭС кура ала тургандыгыбызды далилдеп койдук,-деди Альберт.

Бул жерде башкы директор Альберт Авазбеков баш болуп чыныгы эмгек адамдарынын кажыбас кайратын көрдүк. Алар өз өлкөсүнүн патриоттору экендигине ынандык.

Камбар-Ата -2 ГЭСинин биринчи агрегаты курулуп бүткөнү менен Камбар-Ата-1ди курууга мамлекеттин мүмкүнчүлүгү болбой калды.Ошол кезде 2010-жылдын 7-апрелинде бийлик алмашып кетти. Балким, буга көпкө чейин өлкөдөгү стабилдүүлүктүн болбой жаткандыгы да бир себептир. Дал ушул кезде «Нарынгидрроэнергокурулуш» АККнын да жетекчилиги алмашты. Бирок,ГЭСтин курулушу улантылбай калып кетти. Анткени, кайра-кайра митингдердин болушу сырткы инвесторлордун келишине да тоскоолдук кылбай койгон жок. Бирок, ошол кезде Камбар-Ата-2 ГЭСинин биринчи агрегатынын курулушунун курууга катышкан «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомун жетектеп турган Альберт Абазбековдун ким кандай дебесин эмгегин баалоого гана болот.

2010-жылдын август айынан бул ишкананы жетектөө милдети Осмонбек Качкынбаевге жүктөлдү. Анын «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомуна жетекчи болуп дайындалган мезгил өлкөдөгү оор кырдалга туш келди. 2011-жылдын январынан Кушубаков жетекчиликке келип, көп созулбастан, Жолдошбек Жетигенов «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун башкы директору болуп дайындалды. Бул жетекчи тууралсында да алдыда айтаар кептер бар.

Кезегинде республиканы гана эмес, чет өлкөлөргө чейин жеткен Камбар-Ата-2 ГЭСи тууралсында да өзүнчө сөз кылууга туура келет. Гидроэлектр станциясынын алгачкы курулушу 1984-жылы башталып, СССРдин кыйрашы менен токтоп калгандыгы тууралсында башында учкай сөз кылдык. 2007-жылдын ноябрь айынан тартып, Камбар-Ата-2 ГЭСин куруу аталган мекеменин гидрокуруучуларына жүктөлдү. Аз гана убакыттын ичинде ишкананын техникалык жана кадрдык мүмкүнчүлүгү чечилди. Албетте, бул оңой болгон жок. Курулуштун техникалык базасын модернизациялоо долбоору түзүлүп чыгылды. Бул долбоордун негизинде бетон иштеп чыгара турган бетон заводу жана башка керектүү техникалар Кытай республикасы тарабынан алынды. Жаңы самосвалдар, автобетоннасостор,цемент ташуучу жана автожүкт өөчү,эксковатор,автобус,бургулоо жабдуулары менен камсыз кылынып, кыскасы техникалык база чыңдалды. Ишканын ГЭС куруу мүмкүнчүлүгү жогорулады.

Ошентип,кыргыз мамлекети өз каражатынын эсебинен биринчи жолу өз күчү менен Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулушунун баштап соңуна чыкты. Баса белгилеп кете турган болсок, адистердин айтымында 1984-жылы ал кездеги ири держава болгон Союздун күчү менен бул жерде эпкиндүү курулуш жүргөн. Бул ГЭСтин курулушу Союз мезгилинде башталып, анын алгачкы долбоору 1984-жылы ошол мезгилде Ташкенттеги эң мыкты делген Союздук маанидеги долборлоо институту тарабынан түзүлгөн. Адистердин айтымында ошол эле алгачкы долбоордун негизинде жумуш жүргөн. Болгону мезгилдин агымына жараша баанын өзгөрүшү менен улам толуктоолор киргизилип турган. Айрыкча суу агып чыгуучу үч тоннелдин казылып калганы чоң утуш болгон экен дешет.

ГЭСтин негизги электр энергиясын иштеп чыгуучу агрегатта-

ры орнотулган негизги станциясы жалаң бетон менен тургузулгандыктан, ал жайда жалаң тажрыйбалуу адистер иштешкен. Себеби, бетон сапаттуу жана өз нугу менен куюлуусу керек болчу.

Курулушту негизинен ачык типтеги «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коому жүргүзгөнү менен мындагы жумуштун ыргагына карап, сырттан да атайын кошумча күч, же башка курулуш ишканалары да жардамга келди.

Курулушта ширетүү жумушу көп колдонулду. Себеби, темир арматуралардын ар бирин бирден ширетип, бири-бирине кынаптап, бекитип чыгып жатышты. Антпесе, аралыгы ачылып, өз ордунан жылып кетүүсү мүмкүн эле. Ошондуктан, бул жерде жогорку категориядагы ширетүүчүлөр иштешти.

Ошол кездеги жумуш ыргагын байкаган ар бир адам Камбар-Ата-2 ГЭСин курган чыныгы эмгек адамдары экенин ачык эле байкамак. Анткени, ГЭСтин курулушунда дем алыш күн болбойт экен. Ишемби, жекшемби күндөрү да кадимки иш күнүндөгүдөй жумуш жүргөн.

Камбар-Ата-2 ГЭСинин өзгөчөлүгү тоннел аркылуу суу келет. Тоннелдин ичин бекемдөө үчүн жумушчулар караңгы жерде 10 сааттан кем эмес иштешкен. Ошол кезде 2 миңден кем эмес адам иштеп, өз үй-бүлөсүн багууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Бул ГЭСтин курулушунун башталышы менен сыртта-Россиянын ГЭСтеринде жана башка аймактарында иштеп жатышкан мурдагы бир катар гидро куруучулар кайтып келишкен.

ГЭСтин курулушунун токтоп калышы менен сыртка иштегени кеткен кадрдар кантип, кандай жолдор менен алынып келинип, жаш кадрлар кантип даярдалгандыгы туурасында Альберт Абасбеков туурасында жазылган баянда кенен кесири сөз болот. Ошентип, Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулушу толук кандуу башталды. Ага дейре курулуш базасы толук ремонттолуп, даярдыкка келтирилген. Кетмен-Төбө шаарчасындагы 400 орундуу курулушчулардын жатаканасы да капиталдык ремонттон чыгарылды. Жумушчуларга күнү-түнү тамак уюштурулуп,тээ Союз учурундагыдай күрдөөлдүү эмгек өкүм сүрдү. 2008-жылы иштеген жумушчулардын саны 3000 жетти. Улам жаңы жабдуулар менен толукталып, жумушчулар нөөмөт менен иштеп жатышты. Жаңы адистешкен жабдуулар жана техникалардын агылып келиши ГЭСтин ишин тездетти. Камбар-Ата-2 ГЭСинин суткалык кубаттуу-

лугу 2 миллион киловатт-саат болсо, жылдык электр энергиясын өндүрүү кубаттуулугу 6,4 миллиард киловатт-саатка эсептелген болчу.

Курулуштун башталышында аталган ГЭС үчүн республикалык бюджеттен 3,4 миллиард сом, анын ичинде 2009-жылга 1,6 миллиард сом бөлүнгөн. Ал эми «Электр станциялар» акционердик коомунун өздүк каражатынан 380,77 миллион сом берилген. 2009-жылы Кыргыз Республикасынын өнүгүү фондусунан жеңилдетилген кредит менен 60 миллион долллор (1,4 миллиард сом) курулуш ишине алынган. Бардыгы болуп, 2007-жылдан тартып 2010-жылдын 1-январына чейин Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулушу үчүн 5,3 миллиард сом финансылык колдоо көрсөтүлгөн. Ошентип, Камбар-Ата-2 ГЭСи республикабыздагы улуу курулуш болуп, убагында өзүбүз электр станциясын кура ала тургандыгыбызды башкаларга далилдеп койдук эле. Ошол кезде аталган бул улуу курулуштун жүрүшү менен нечен курдай таанышып, массалык маалымат каражаттары аркылуу маалымат берип турдук. Ошол кезде «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомуна жетекчи болуп дайындалган жаш жетекчи Альберт Абазбековдун да эмгеги чоң болгондугун калыстык үчүн айтып коюу парз. Анда ошол каармандарыбыз тууралуу сөз кезеги ирети менен болсун.

ЖОЛДОШБЕК ЖЕТИГЕНОВ

Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулушунун жүрүшүнөн маалымат алганы барганыбызда «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун башкы директору Альберт Авазбеков «Камбар-Ата-2» ГЭСинин биринчи агрегатынын курулушуна катышып жаткан тийиштүү жетекчилер жана адистер менен эртең мененки пландаштыруу жыйынын өтүп жатыптыр.

-Силерге техникалык директорду кошуп берейин, ал баарын айтып берет- деди.

Ал кезде техникалык директор Жолдошбек Жетигенов.Азыр «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун башкы директору. Ошол учурда кайсыл кабарчы келсе да, ал коштоп

жүрөт, ГЭСтин курулушун ийне-жибине чейин айтып. Анын «Нивасына» олтуруп алып, ГЭСтин курулушуна карай жөнөдүк.

- ГЭСте үч агрегат болот, аларга үч тоннел,- деди Жолдошбек Жетигенов. Машинасын тоннелдин ичи менен айдап баратып, бир кезде келип токтотту да, машинасынан түштү, артынан биз да түштүк. Тоннелди бетондоп жатышыптыр.

-Ар бир тоннелдин узундугу 670 метр, кеңдиги эле тогуз метр, - деди.

-Аябай чоң го. Таңдана сүйлөдүк.

-Ооба чоң. Төртүнчү тоннель да бар. Анын узундугу 335 метр, кеңдиги он бир метр. Үч агрегат иштеп жатканда суу үч тоннель менен барат. Ал эми ашыкча суу төртүнчү тоннель аркылуу өтөт. Төртүнчү тоннелге секундасына 1200 метр куб суу батат. ГЭСтин биринчи агрегаты ишке киргизилгенде 120 миговат электр энергиясын иштеп чыгара алат. Эгерде экинчи, үчүнчү агрегаттар ишке киргизилсе баары 360 миговат электр энергиясын иштеп чыгарууга мүмкүнчүлүгү болот.-Жолдошбек баарын чечмелей айта кетти.

- Союз мезгилинде эле тоннелдердин курулуп калышы биз үчүн пайда эле болгон экен,- деди.

- ГЭСтин биринчи агрегаты бүткөндө суу кандай бөгөлөт?

- Биринчи агретат пайдаланууга берилерде тоннель аркылуу 3300 тонналык жардыргыч коюлат да, бир тоо жарылып, экинчи тоо менен биригип, Нарын суусу бөгөлөт.

- Ошондогу силкинүүгө бул тоннелдер туруштук береби:

-Албетте берет да, ошого жараша арматуралар коюлуп, өтө бышык бетондолуп жатпайбы. Жардыргыч жардырылганда бул жерде 9 балл силкинүү болот, ошого туруштук берет. Ар бир ГЭС 12 баллга туруштук бере ала тургандай курулат.

Биз кайра сыртка бийик жайга чыктык. Ылдыйда куруучулар иштеп жатышыптыр. Жолдошбек иштин жүрүшү туурасында айтып жатты. Бир кезде тээ алдыны карап ойлуу турду.

- Эмне туурасында ойлонуп калдыңыз?

- Өзүм туурасында,- деди.

- Ой бөлүшпөйлүбү?

- Жумушуңуздар бүтсө мейли.

- Бардык маалыматтарды алдык окшойт. А сиз буга чейин кайда иштедиңиз эле?

- Атайын адистикке ээ болгондон кийин эле окуу-өндүрүштүк комбинатында мугалим болуп бир жыл иштедим. Анан «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомуна жумушка кирип, 1990-жылы « Камбар-Ата» ГЭсинин курулушунда инженер -геодезист болуп иштей баштадым. Үч ай иштегенден соң, мени мастердин жардамчылыгына которушту. Ал учурда иштегенден эки айдан кийин экзамен тапшырышчу, өтпөй калса, айдап жиберчү Анан мастер, прораб, жетектөөчү прораб, участка башчысы болуп иштедим. 1993-жылы «Камбар -Ата» ГЭСинин иши токтоду. 1992-жылдын декабрында Шамалды-Сай ГЭСинде участка башчысы болдум. 1993-жылы апрелде Шамалды-Сай ГЭСинин биринчи агрегаты ишке кириштн. Ошондо сыйлангандардын катарында мага Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасын беришти. 1996- жылга чейин Шамалды-Сай, Таш-Көмүр ГЭСтеринин курулушунда бирдей эле мезгилде иштеп жүрдүм, анан аларда да жумуш солгундап калды.

Жолдошбек сөзүн токтотту да, машинасына карай басты.

- Жүргүлө, калганын баратып айтып берем.-Анын бир жерде сүйлөшүп турууга убактысы жоктугун түшүндүк.

- Анан менин участкамдагы 35 курууучу менен Жалал-Абад шаарындагы нефтини кайра иштетүүчү заводдун курулушунда иштедик, - деди ал машинанын рулун башкарып баратып. -Заводдун курулушу алты айда аяктады. Канадалыктардын бул фирмасынын заводу элүү үчүнчү завод экен. Биздин эрте бүтүшүбүзгө аябай таң калышты.

Заводдун курулушунан кийин Жолдошбектин участкасынын курууучулары Таш-Көмүр ГЭСи менен кошо ошол учурда башталып калган Ош-Бишкек жолунун Бекечал-Күрп-Сайга чейинки аралыгын салышты. Түрктөрдүн фирмасы менен бирдикте жолду курууда участканын 400дөй адамы иштешти. Алар 2001-жылы Таш-Көмүр ГЭСин толук кубаттуулукта ишке киргизишти. Бул улуу курулушка кошкон салымы үчүн 2002-жылы Жолдошбек Жетигенов « Даңк» медалы менен сыйланды.

Андан кийин ал жетектеген участканын курууучулары Шамалды-Сай ГЭСинин экинчи, үчүнчү агрегаттарынын, ошону менен бир эле мезгилде Күрп-Сай ГЭСинин курулушунда иштешти. 2003-жылдан тартып «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун УОС деп аталган башкармалыгында

башкы инженер болуп эмгек чыйырын улантты. Андан бир жарым жылдын аралыгында бир нече ишканалар бириктирилип, « Камбар-Ата» ГЭС курулуш башкармалыгы түзүлүп, анда башкы инженер болуп, көп өтпөй аталган башкармалыктын начальниктигине дайындалды.

2007-жылдан тартып, «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун техникалык директору болуп иштей баштады. Негизги улуу курулуш болгон «Камбар-Ата—2» ГЭСинин курулушунда иштеп келди. Бул жерде бүт курулуштун жүрүшүнө көз салуу анын жоопкерчилигинде болчу. Өзгөчө техникалык жоопкерчилик анын мойнуна жүктөлгөн. ГЭСтин курулушунда 180ден ашык техника иштетилди. Демек, анын жумушу да, жоопкерчилиги да чоң.

Ошондо «Камбар-Ата-2» ГЭСинин биринчи агрегатынын курулушу жүрүп жаткан учурда техинкалык директор болуп иштеп жаткан Жолдошбек Жетигеновдун иш үстүндөгү эмгегине күбө болгон элек.

Азыр ал Камбар-Ата-2ни пайдаланууга берер алдындагы бир көрүнүштү эске салды. Анын айтымына караганда 22-декабрда жардыргыч коюп, сууну бөгөш керек болчу. Бирок, белгиленгендей болгон жок, жардыруудан соң,андан 2,5 эсе аз түшүп калды. Бул күтүлбөгөн көрүнүш болду. Суу толук бөгөлбөй калды. Убакытты уттурбаш керек болчу. Ошол себептүү сууну бөгөш үчүн чечкиндүү кадам жасашты. Жоопкерчиликти Жолдошбек Жетигенов өз мойнуна алды. Жумуш өтө ыкчамдыкты талап кылды. Суу улам көтөрүлгөн сайын тоонун бошоп калган топурагын ныктап, ошого жараша көтөрүп жатышты. Болбосо топурпакты суу жиреп, тоосмо жуулуп кетмек да, гидрокуруучулардын эмгеги текке кетмек. Бул бир чети дейли. Экинчиден ГЭС курабыз дешкен гидрокуруучулар бүт өлкөгө, сыртка чейин күлкү болушмак. Мына ушул намыс аларды акылдан аздырбай өтө ыкчамдык менен убакыт менен эсептешпей иштөөгө үндөп жатты. Эки апта сууну бөгөө менен алпурушкан куруучулар, механизаторлор, айдоочулар 31-декабрда да дем алышсыз, тынымсыз иштешти. Ошондо Жолдошбек Жетигенов техникалык директор. Бардык жумуштун башында жүрүп, аларга чексиз ыраазы болуп турду. Баатыр сымал жасалган бул эрдик азыр да кудум бүгүнкүдөй көз алдында турат. Ошол кезде «Нарынгидроэнергокурулуштун»,

дегеле кыргыз элинин намысын мына ушул карапайым адамдар сактап калышкан.

Бул инсан буга дейре Токтогул,Күрп-Сай,Таш-Көмүр, Шамалды-Сай ГЭСтерин курууга катышты. Анын эмгек чыйыры катардагы инженерликтен башталып, «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун башкармалыгынын башчысына дейре жетти. Эмгеги бааланып , Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ардак грамотасына, «Даңк» медалына, «Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер» наамына татыктуу болду.

ГЭСтин курулушу да бүттү. Азыр электр энергиясын өндүрүп жаткан кези. Гидрокуруучулар куруп беришет, ГЭСти андан ары иштетип кетүү энергетиктердин жумушу. Азыр болсо Жолдошбек Жетигенов «Нарынгидрроэнергокурулуш» акционердик коомунун башкы директору. Аталган ГЭСтин кийинки агрегаттары дагы курулат, эң башкысы «Камбар –Ата-1» курулат деп бийлик башындагылардын айткан убадасы менен көңүл ток жүрүшкөн гидрокуруучулардын бешенесине ал убадалар айтылган бойдон калып кетти да, азыр канчалаган адистер кайрадан жумушсуз калышты. Биздин каарманыбыз азыр ушул маселенин үстүндө бирде Бишкекте, бирде Кара-Көлдө болсо кайрадан эле Бишкекте болуп, гидрокуруучуларды жумуш менен камсыз кылып, эмгек маяна алып, үй-бүлөсүн багышы үчүн аракеттенип жүргөн кези. Эгерде ал аракет текке кетпей, бир кезде журт башындагылар Нарын дарыясына 22 ГЭС курса болот деген кыйкырык менен айткан сөздөрү ишке аша турган болсо, гидрокуруучулардын бактысы ачылмак. Алардын басып өткөн эмгек жолуна кайрадан көз алдыга элестете турган болсо, бүгүнкү күндө иштеп жаткан ГЭСтердин баары мына ушул алп куруучулдардын күрдөөлдүү эмгеги менен курулгандыгын эч убакта тана албайбыз. Мына ушуну эске алсак, бүгүнкү бийлик да бир кездеги максаттардын ишке ашышына жан оту менен киришсе, бул карапайым гидрокуруучулар үчүн эле эмес, жалпы кара-көлдүктөр, бүтүндөй кыргызстандыктар үчүн зор иштер жасалган болоор эле. Мындан эки жыл мурда Камбар-Ата-2ни куруп тан калтырган гидрокуруучулар эми деле катар-катар гидроэлектр станцияларын куруп, башкаларды суктандырууга кудуреттери албетте жетет.

ОСМОНБЕК КАЧКЫНБАЕВ

Андан кийин «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун башкы директорлугуна Осмонбек Качкынбаев дайындалды. Анын да жаш болгондугуна карабастан ГЭС курууда чоң тажрыйбасы бар болчу.

Айрыкча Камбар-Ата-2 ГЭСин курудагы эсте калган окуялар азыр да анын көз алдында турат. Айтымына караганда тоннелдердин астыңкы бөлүгүн бетондоо үчүн опалубка жасоо зарыл болуп калды. Россияга жасаталы дешип, сүйлөшүп да көрүштү. Бирок, наркы кымбаттыгынан Бишкектеги «Дастан» заводунда үч ай мөөнөттө араң жасатууга үлгүрүштү. Баасы деле жогору болгон. Анан ошол опалубканы өздөрү жасамай болушту. Керим Көкөев башында турган «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун адистери 3 опалубканы өз колдору менен жасоого киришишти. Анын ар бири үчүн бир ай мөөнөт жумшалды. Ошентип, металын гана сатып алышканы болбосо бир чети арзан, экинчиден батыраак иштешип, сапаттуу опалубканы өздөрү жасашты. Бир чети жумуштун, экинчиден мекеменин кызыкчылыгы үчүн алар көп ишти жасай тургандыктарын бир нече ирет далилдешти. Дагы бир мисалы агрегаттын өзүндөгү татаал бетонду куюу үчүн керек болгон опалубканы да өздөрү жасап алышты.

Мына ушундай гидрокуруучулардын иш-аракеттерин өз көзү менен көргөн Осмонбек Качкынбаев алардын ар бир ишине күбө болгондон уламбы, азыр бизге бир чети сыймыктануу менен айтып берди.

-Убагында гидрокуруучулар чыныгы патриоттук сезимдерин көрсөтүшкөн. Эгерде каражат табылса, азыр да ошол кездегидей дух менен Камбар-Ата-1ди да курушмак,-деди. Бир чети бул ырас.

Аталган мекемеде эмгектенип, мурдатан кесиптештери менен жуурулушуп иштеп келген бул инсан үчүн эгерде өлкөдө кырдаал бир калыпта болсо ишти шыр жүргүзүп кетүү жеңилге эле турмак. Бирок, мурдагы бийликтин кетип, Убактылуу өкмөттүн келиши, андан кийинки улам нааразычылык митингдеринин

чыгышы, өлкөдөгү стабилдүүлүктүн болбой жатышы, өзгөчө дүрбөлөңдүү июнь окуясынын чыгышы, дегиси ушул сыяктуу татаал кырдаалдар ал башкарган ишкананын гидрокуруучуларынын туруктуу иш менен камсыз болушуна да терс таасирин тийгизди. Журт башындагылар электр станциясын куру мындай турсун өз бийликтерин бекемдеп калуусу кыйынчылыкты туудуруп жатты. Камбар-Ата- 2 ГЭСинин биринчи агрегаты мына ушул оор мезгилде жүрүп, акыры аягына чыкканы менен башталат деген мына ушул ГЭСтин уландысы башталбай туруп алды. Кыскасы, ал татаал мезгилде мекемени жетектеди. Ал эми азыр болсо ал өзү иштеген мекемеде техникалык директор. Башкы директор мекеменин жумуштары менен иш сапарында жүрөбү, же башка учурбу анын мойнунда да чоң жоопкерчилик бар.

Бул инсандын басып өткөн эмгек жолуна саарсеп сала турган болсок, жаш кезинен ГЭС курууга аралашты. (УОС) Негизги жабдуулар участкасынын башчысы болуп иштегенде ишке жөндөмдүү жигит бат эле көзгө көрүнүп, оозго алынды. 2010-жылдын июль айында «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун техникалык директорлугуна дайындалды. Ал Нарын дарыясында курулган Токтогул ГЭСтер каскадынын Күрп-Сай,Таш-Көмүр, Шамалды-Сай, Камбар-Ата -2 ГЭСинин курулуштарына чоң салым кошту. Ош- Бишкек жолунун курулушунда да анын өлчөөсүз эмгеги бар. Гидроэнергетиканын курулушуна жана өнүгүшүнө сиңирген эмгеги үчүн « Каарман» төш белгиси, «Кыргыз Республикасынын энергетикасынын отличниги», энергетика, өнөр жай жана жылуулук ресурстар министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Областтык жана шаардык бийликтердин, профсоюздардын да бир нече Ардак грамоталарын алууга жетишкен.

КЫРГЫЗ ЭЛ БААТЫРЫ КУРМАНБЕК АРЫКОВ

«Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунда иштеп, ГЭС куруп, эки Кыргыз эл Баатыры чыкты. Бири Кыргыз республикасынын Жогорку Кеңешинин экс-депутаты Акбаралы Кабаев, экинчиси Курманбек Арыков. Биздин баяныбыз мына ушул эки Баатырдын бирөө Курманбек Арыков туурасында болмокчу.

Бул инсанга Кара-Көл шаардык мэриясынан жолуктук. Кара

торусунан келген арык, шыңга бойлуу адам экен. Баатыр десе эле, кен далылуу, булчундуу, балбан кишилерди элестетебиз. Эл-Журтун коргогон илгерки баатырлар ошондой болсо, Курманбек Арыков эмгеги менен Баатыр болуптур көрсө.

-1949- жылдын 31-июлунда Аксы районунун айтылуу, керемети кооз Сары-Челек көлүнүн жээгинде жайгашкан Аркыт кыштагында туулуптурмун. Атам Жоро Арыков жумушчу болгон. Атам менен апамдын колунда тарбияландым. Мектеп жашына келгенде 1-класска бардым да, 1968- жылы Чолпонбай Түлөбердиев атындагы орто мектепти аяктап, аскерге кызмат өтөгөнү чакырылдым.

Бирок, ал ден соолугуна байланыштуу аскердик кызматын толук өтөгөн жок, бир жылдан соң кайтып келип, мектепти бүткөндө иштеп кеткен «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомуна келип эмгек жолун улантты. Ошондо ага экинчи разряддагы бетончулукту беришкен. Жумуштан кийин Кара-Көл шаарындагы алты айлык окуу -өндүрүштүк комбинатында кечки мектептен окуду. Анан 3-разряддагы ширетүүчү болуп иштей баштады. Бул кесипте жыйырма бир жыл иштеди. Анын арасында 1977-жылы Россиянын Москвага жакын Чехов шаарында « Металконструкция» заводунда үч ай окуду. «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунда иштеп жатканда ага бешинчи разряддагы ширетүүчүлүк берилди. Ал жаштайынан ишке жөндөмдүү, тыным алууну билбей иштеген адис болчу.

Курманбек Арыков Кыргызстанда бир топ ГЭСтердин курулушуна катышты. 1969-жылы Ата-Башы ГЭСинин курулушунда иштеди. 1970-жылдын 22-декабрында бул гидро электр станциясы курулуп, бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Ошону менен бирге 1961-жылы курулушу башталып, 1979-1980-жылдарга созулган Токтогул ГЭСинин курулушунда иштеди. 1976-жылы Күрп-Сай ГЭсинин курулушу башталган. Мында да ал четте калган жок. 1977-1980-жылдары Таш-Көмүр ГЭсинин курулушу жүргөн. 1980-жылы ал комплекстүү бригаданын бригадири болуп калды. ГЭСтердин курулушунда иштеген Курманбек Арыков эки беш жылдыкта, социалисттик мелдештин женүүчүсү деп

табылган, 1986-жылы «СССРдин энергетикасынын отличниги», «Эмгектеги каармандыгы», ошондой эле «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалдары менен сыйланган. 1995-жылы ага «Кыргыз республикасынын эмгек сиңирген курууучусу» наамы берилди. 2003-жылдан бери «Нарынгидрокурулуш» акционердик коомунун директорлор кеңешинин мүчөсү.

Жумушчулар 15 күндөн иштешет, ал эми Курманбек Арыков ишемби, жекшемби күнү гана дем алат, калган мезгилде дайыма ГЭСтин курулушунда.

Жумуш оор болчу, негизинен бетон менен иштешет, майда жумуштар кол менен жасалат. Бетон кран менен төгүлөт да, кол менен куюшат. Темир материалдардын бардыгы Россиядан алып келинген, 8 диаметрден 40 диаметрге чейин жеткен арматураларды иштетишет. Чоңдорун кран менен, майдаларын кол менен бир-бирине кынап коюп, ширетишет.

-ГЭС курганга катыша берип көз да, кол да үйрөнүп калган. Бул менин алтынчы ГЭСтин курулушуна катышып жатышым, -деп айтты бизге Кыргыз эл Баатыры.

-Гидро курууучулар жумушка суусап калышкан экен. Мындай патриоттук улуу сезимди көптөн бери көрө элек элем, -дейт ал. Биз да Кыргыз эл Баатырынын сөзүнө ынана түштүк. Эмне дейбиз, «Баракелдээ эрдигиңерге» дедик. Эрдик эмей эмне. Баарын таң калтырып, Камбар-Ата-2 ГЭСин кургандар Курманбек Арыков сыяктуу жөпжөнөкөй гидрокуруучулар го.

Аталган ГЭСтин курулушу да бүттү. Аны кайрадан «Нарын-ГЭСтин» мекемесинен жолуктурдук.

- Сизди дайыма келгенибизде эле мекеменин жайынан жолуктурчу болдук. Кызматыңыз бийиктеп калган . –Ал биздин тамашабызды түшүндү да, капалуу унчукту.

- Жумуш жок, анан жетекчилердин бир жакшы жаңылык угабыз го деп бат-бат келип калдык. Камбар-Ата-2ни кургандагыдай ургаалдуу жумуш болсо кана эле. Чоңдор кийинкилерин баштабай жатышат.

«Баатыр аке» айткандай ошондой болсо кана эле. Дагы эле бир кездегидей убадалар кайталанчу болду. Бирок, качан, кайсыл мезгилде ГЭС куруу улантылат. Баягыдай эле канчалаган гидрокуруучулар кетип калышты. Эгерде Россиялыктар колдоп,Кыргызстан үчүн пайда алып келе тургандай деңгээлде

Камбар-Ата-1дин курулушу башталчу болссо Эл Баатыры сыяктуу бардык эле гидрокуруучулардын мекемеде олтурууга убактылары болбой калмак. Ошол күндөр жакын бекен, же дагы көпкө күтөбүзбү?!

КЫРГЫЗ ЭЛ БААТЫРЫ АКБАРАЛЫ КАБАЕВ

Акбаралы Кабаевдин өмүрүнүн эң керемет учурлары, тактап айтканда жалындаган жаштыгы ГЭС курууга арналды. Ар бир ГЭСтин курулушунда өткөрөгөн түйшүктүү жана ары жоопкерчиликтүү күндөр азыр күүнү бүгүнкүдөй анын эсинде. Кээде ошол ирмемдер эске түшкөндө бир чети сыймыктанып кетет. Ал өзүнүн кесиптештери сыяктуу патриоттук улуу дем менен гидро электр станцияларын курууга катышты. Айрыкча, өздөрүнүн күчү менен Камбар-Ата-2 ГЭСинин биринчи агрегатын куруп жатышкпнда аябай сыймыктанган. Чарчоону да билишпей, эргип иштешкен.

Нарын дарыясында курулган ар бир ГЭСте анын да издери калды. Дайыма ГЭС курууга катышып жүргөндө түшүнө да ГЭСтер кирген учурлар болду. Анткени, анын өмүрү ГЭС менен байланышкан. Акбаралы Кабаевдин жигердүү эмгеги мамлекет тарабынан жогорку сыйлыктар менен бааланды. Үчүнчү даражадагы "Эмгек даңкы" орденине,андан соң, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасына татыктуу болду. Акырында "Кыргыз эл Баатыры" ардактуу наамы берилди. Бул сыйлыктар күжүрмөн гидрокуруучунун эмгегин баалагандык болуп саналат.

АДЫЛ ДАРБИШЕВ

«АККАН АРЫКТАН СУУ АГАТ»

Дагы бир гидро куруучу жөнүндө айтайын деп турам. Бул инсан Адыл Дарбишев.

Анын эмгек тармымалына сарасеп сала турган болсок, кечки мектепте окуп, «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинде иштеп,Токтогул ГЭСинин курулушуна да катышты. Бир кезде

1979-жылы Монголиянын Улан-Батыр шаарына (ТЭС) жылуулук электр станциясын курууга 10 баланын катарында жөнөп кетти. Бир жылдан соң кайрылып келип, «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинде мастер болуп иштей баштады. Андан соң, ишке тетик жигиттин кызматы көтөрүлүп, прораб, участканын башчысы болду. Токтогул, Күрпсай, Таш-Көмүр ГЭСтерин курууга катышты.

1978-1991-жылдары « Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинин турак-жай коммуналдык чарбасына башкы инженер болуп иштеди.1991-жылы аталган ишкананын начальниктигине дайындалды. Бул кызматта да жакшы иштеп, 1992-жылы «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун башкы директорунун орунбасарлыгына жетти. Ошондо ал отуз беш жашта эле. Бул кызматта ал он сегиз жыл эмгектенди. 2008-жылдын май айында эмгек жамааты аны бириккен профсоюздук комитетине төрагалыкка шайлашты. Азыр 1000дей профсоюздун мүчөсү бар. Курууучулар, шаардын маданият тармагы, музыкалык мектеп, жана башка кээ бир тармактар Адыл Дарбишев жетектеген профсоюздук комитетке карайт.

Адыл Дарбишев кайсыл гана кызматта иштебесин ак ниет, чынчыл, тазалыгы менен ошол жердеги жамаатка жакты. Анын тактыгын, жоопкерчиликти жогору сезе билгендигин жетекчилер баалашат. Мына ушул татыктуу инсандын эмгеги бааланып, 1995-жылы Кыргыз республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланды. Кыргыз республикасынын энергетика министрлигинин жана республикасынын дене тарбия, спорт жаатынын, ошону менен бирге Кыргыз республикасынын профсоюз кыймылынын отличниги. Республикалык профсоюз комитетинин Ардак грамотасы менен сыйланган. Кара-Көл шаарынын «ардактуу атуулу». Президенттин алкышын алган. Якутияда ГЭС курууга катышкандыгы үчүн 2007-жылы Россия Федерациясынын Ардак грамотасы ыйгарылган. Аталган ГЭСтердин курулушу « Нарынгидроэнергокурулуш » мекемеси үчүн да жакшы болгон, курууучулар өздөрү менен кошо балдарын алып барып, көптөгөн жаштар ГЭС курууга үйрөнүштү. Ал жакта да,« Нарынгидроэнергокурулуштун» да бөлүмдөрү болгон. «Камбар-Ата » ГЭСи-

нин башталышы менен бир тобу кайра кайтып келишкен эле.

Ал суу туурасында эң сонун ойлорун айтты. Чынында суу-бул өмүр, суу-бул жашоо. Ансыз турмушубузду элестетүү кыйын. Ал айткандай азыр канча мамлекеттерде сууну сатып ичишет. Ал эми бизде ГЭСтер сууну фильтрлер, тазалап чыгарат. Аны коңшулаш ГЭС курууга каршы чыгып жаткан Өзбекстан ошол ГЭСтер тазалап чыгарган суудан ичип, кала берсе талааларын сугарып жатпайбы. Алар мурда атам замандан бери ылай суу ичип келишпеди беле. Кесирлик кылууга болбойт. Суунун кудурети менен ата-бабаларыбыз тегирмендин ташын айлантып, буудай тартып, ун чыгарышкан. Кудайым кыргызга берген сууну туура пайдаланып, керек болсо гидроагрегат коюп, электр жарыгын өндүрүп алып, кыйынчылык турмушту жыргал жашоого алып келишибиз керек. Ошондуктан, приоретивдүү багыт менен Нарынга канчалаган ГЭС курсак, пайда гана алып келет. Энергия-бул экономиканын лакомативи.

Жөнөкөй бул инсан сезимдерде жылуу таасирлерди калтырды.

АБДЫБЕК АКУНОВ

Абдыбек Акунов-1949-жылы жарык-чылыкка келип, ата-энесинин тарбиясын алып,1965-жылы орто мектепти бүтүрдү. Алгачкы эмгек чыйыры мектепте пионер вожатый болуп иштөө менен башталган. Андан соң, 1966-жылы Кара-Көлгө келип, КИЭ-1де жумушчу болуп иштеген. 1967-жылы «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинде эмгек жолун улантты. УОСто уста, бетондоочу болуп иштеди. 1969-1971-жылдары аскердик милдетин өтөдү. Кайрадан келип, В.Бирюков жетектеген бригадада монтаждоочу болуп иштеди.1977-жылы мастерликке дайындалып, кесиптештери менен вентиляцияны жасап, дирекцияга тапшырышкан.1981-жылы советтик адис катары Монголияга барып, ГЭС курууга катышты. 1982-жылдан тартып «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесине караштуу УОС ишканасында прораб, мастер, участка башчысы болуп иштеп келди. Кесиптештери сыяктуу ал да Токтогул, Күрп-Сай, Таш-Көмүр, Шамалды-

Сай, Камбар-Ата-2 ГЭСтеринин курулушуна активдүү катышты.

Абдыбек Акуновдун 47 жылдык жалпы эмгек жолунун негизинен баары гидроэлектр станциясын курууга арналды. Жаштыгын гидроэлектр станцияларын курууга арнап, бул жумуштун оор-жеңилин, оң-терсин, кыйынчылыгы менен жыргалын өз башынан өткөрдү. Тажрыйба алды, ГЭСтерде такшалды. Акырында эмгегинин ырахатын да көрдү. Канааттандыраарлык жашоо кечирди. Ар бир ГЭСтин курулушунда анын да башкалар сыяктуу изи калды.

Абдыбек ага жумушка барып иштөө, келгенде эс алуу менен эле чектелбестен, көңүл түпкүрүнөн оргуп чыккан сезимдерине да кайдыгер карабайт. Жашоодогу ар кыл кырдаалдарга, көрүнүштөргө жан-дүйнөсү ыргак кошуп, ыр саптары жаралат. Бу сапар Абдыбек ага Кара-Көл шаарынын 50 жылдык маараке си тууралуу укkандан кийин ички дүйнөсүнүн күүсүн угуп, ыр жазып келиптир, ырда шаарыбыздын түптөлүшү, жетилиши, андагы эпкиндүү курулуш, жаштардын эмгеги тууралуу баян этилет. Окурмандарга юбилейге арналган ырды сунуш кылалы дедик:

Жер шарынын көбү бизди таанышкан

Анда союз кучөп турган убагы,
Абал жакшы, он беш өлкө курамы.
Токтомубуз Москвада жазылып,
«ГЭСтер керек» делип чыккан урааны.
Кесипкөйлөр ар өлкөдөн келишип,
Кара-Көлцм болду алардын турагы.

Башталганда айыл эле кичине,
Камандары тап бершичц кишиге.
Тоону тузөп, ой-чуңкурун тегиздеп,
Жаштар тынбайт кич кошулуп кичүнө.
Сыйлыктарды берип турду борбордон,
Сындап, талдап, ар бир кылган ишине.
Тазалашып каптап кеткен камышитан,
Төрт кабаттуу турак жайды салышкан.

Куруш үчүн алп жигиттер бул шаарды,
Комсомолдун жолдомосун алышкан.
«Жалындаган жаштар шаары» аталып,
Жер шарынын көбү бизди таанышкан.
«Бут жаштардын курулушу» аталган,
Бул башталыш карылардан башталган.
Бардык улут жардам берип, дем берип,
Бири дагы калган эмес катардан.
Жабдууларын жиберишсе орустар,
КаМАЗдарын жөнөтүшкөн Татардан.

Аска ойкоруп, кум тазалап сайдагы,
Ар адистер ар улуттун каймагы.
Ширелишип эмгек менен достугу,
Шерденишип жүздөрү шат, жайдары.
Плотина болоор жагын тосушуп,
Карт Нарынды башка нукка айдады.

Туш-туш жактан куттукташып жакшылар,
Келип жатты партиялык катчылар.
Кыдыр даарып кеткен Кара-Көлүмдө,
Жыйналышты көп өлкөдөн башчылар.
Майрамдашып, ырдап, мактап жатышты,
Төкмө төгүп, анан Манас айтчулар.

Кырк эки улут бир тугандай биригип,
Ынтымагы иш жүзүндө билинип.
Сыйланышса кубанычтуу жамааты,
Кошуналар «жууп» берчү сүйүнүп.
Бийлеп, ойноп бирге өмүр сүрүшчү,
Болсун дешип дагы-дагы ийгилик.
Кыйма-чийме машиналар катташкан,
Бетон ташып, кран менен ташташкан.

Инженерлер көп ыкманы колдонуп,
Изилдешип илим менен такташкан.
Чөлдөшүп ар бир шити эсептеп,
Кээ бирөөлөр докторлукту жакташкан.

Токтогул ГЭС, дагы төрт ГЭС салынды,
Кара-Көлүм көп элдерге таанылды.
Таза сууңду сагынышып эңсеген,
Таткан адам ошол суудан чайыңды.
Уул-кызың даңкы чыкты өлкөмдө,
Окуп бүткөн үшүл окуу жайыңды.

Бала толуп, бакыт конуп шаарыма,
Булбул сайрап, куштар үнү багында.
Күндө гүлдөп, күн нуруна бөлөнүп,
Кара-Көлүм тоолорумдун жанында.
Каалоом үшүл, шаарым үчүн тургундар,
Кызмат өтө, алы-күчүң барында.

Акунов Абдыбек

Татыктуулар сыйлыкка жеткен

Ар бир ГЭСтин курулушунда «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинин гидрокуруучуларын баалуу жана унутулгус чоң салымдары бар.

«Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун сыйлыкка татыктуу болгон гидрокуруучуларынын санын өзүнчө тизмелей кетсек ого эле көп болот. Аталган мекеменин эмгек ишмердүүлүгүндө ГЭС куруудагы күжүрмөн эмгеги үчүн төрт батыр чыккан. Алар Социалисттик Эмгектин Баатырлары слесарь Кашников Василий Ильич жана 1963-1977-жылдары «Нарынгидроэнергокурулуш» башкармалыгын жетектеген Серый Зосим Львович болгон. Ал эми Кыргыз Эл Баатырлары Курманбек Арыков,Акбаралы Кабаев.

Мындан тышкары 9 адам Ленин ордени менен сыйланган.

Алар төмөнкүлөр болушкан.

Казбек Хуриев
Мамасалы Сабиров
Жээнбек Анарбаев
Төлөн Усубалиев
Мурзакан Калиев
Сеяр Феттаев
Серый Зосим Львович
Курашов Анатолий Игьнатевич-бульдозерчулардын бригадири.
Кашников Василий Ильич.

Ал эми электро булддозерчу-машинист Ксенофонтов Иван Михаилович 1,2,3- даражадагы «Эмгек даңкы» ордени менен сыйланган.

Кайнамыш Тайлаков менен Бөкөй Кабыловдор үчүнчү даражадагы «Манас» орденине ээ болушкан. «Даңк» медалына 9, « Октябрь революциясы» орденине 5, «Эмгек кызыл Туу» орденине 44, «Элдердин достугу » орденине 11, «Ардак белгиси» орденине 81, 1,2,3-даражадагы «Эмгек Даңкы » орденине 43, «Эмгектеги каармандыгы» медалына 61, «Эмгектеги артыкчылыгы» медалына 78, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучу» наамына 60, «Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер » наамына 1, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти» наамына 1, «Кыргыз Республикасынын транспортуна эмгек сиңирген кызматкер » 4 адам татыктуу болуп, 166 гидро куруучу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы жана 78и Грамотасы менен сыйланган. Көптөгөн эмгек алдыңкылары энергетика министрлигинин, профсоюздардын, «Электр станциялар» акционердик коомунун, Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын, Кара-Көл шаардык мэриясынын Ардак грамоталарын алышкан.

«Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун күжүрмөн гидро куруучуларынын ар бири туурасында өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Анткени, алар Нарын дарыясынында курулган бардык ГЭСтерде күжүрмөн эмгеги менен бараандуу салым кошушкан. Бул гана эмес, алар Россиянын гидроэлектр станцияларынын курулуштарында да иштеп келишкен. СССР мезгилинде «Саяна-Шушенск», «Загорск» ГЭСтерин жана Кубада,

Вьетнамда,Монголияда, Ефиопияда, Анголада ГЭСтерди курушту. Бүгүнкү күндө Россиянын бардык ГЭСтеринде- Бурей, Богучан сыяктуу электр станцияларында 400дөн ашык гидрокуруучулар иштеп жатышат. Дүйнөлүк деңгээлде алып карай турган болсок, аталган мекеменин гидрокуруучуларынын Кыргызстандын гана эмес, чет элдик ГЭСтердин курулушунда да көөнөрбөс издери калган. Алар жакынкы эле жылдарда «Камбар-Ата-2» ГЭСинин биринчи агрегатын куруу менен да дүйнөнү таң калтырышты. Анткени, сырттагылар алардын ГЭС курууга кудурети жетпейт деп ойлошкон. Бирок, алар өздөрүнүн эмгеги менен дагы канчалаган гидроэлектр станцияларын курууга дараметтери жете тургандыгын далилдеп коюшту. Эң өкүнүчтүүсү, курулат деп турган Камбар-Ата-1 ГЭСинин курулушунун башталбай турушу, бир катар гидрокуруучулардын өз Мекенинен дагы сыртка жумуш издеп кетүүсүнө алып келүүдө. Албетте, инвестор да кел дегенде эле келе бербейт, алардын да өз шарттары, талабы бар, канчалык шарт болбосун, ал белгилүү деңгээлде Кыргызстандын да кызыкчылыгын коргош керек. Ошол себептүү Камбар-Ата-1 ГЭСинин курулушунун кечеңдеши, гидрокуруучулардын жумушсуз калышына алып келип жаткандыгы талашсыз. Болбосо Нарын дарыясына ар бир беш жылдыкта бирден ГЭС курууга «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинин гидрокуруучуларынын кудурети жетмек. Дагы бир баса белгилеп кетишибиз абзел, алардын патриоттук улуу сезимин «Камбар-Ата- 2» ГЭСинин биринчи агрегатынын курулушунун жүрүшүндө өз көзүбүз менен көрбөдүкпү, алардын эргиген кайраттуу эмгегин биз эле эмес, сырттан келгендер да келишип, өз көздөрү менен көрүп, тамшанып да, суктанып да кетишкен. Катар-катар массалык маалымат каражаттарында алардын даңктуу эмгеги туурасында көп ирет сөз болбоду беле. Эми ал күндөр жомоктогудай сезилет. Бирок, гидрокуруучулардын басып өткөн эмгек ишмердүүлүгү жомок эмес чындык, анын баары таасын көрүнүп турат.

ГЭСти курууга катышып, эмгек ыргагына аралашып, өз салымын кошкон айрым инсандардын көз караштарын эч өзгөртпөстөн өз тилинде берүүнү туура таптык.

Пилипенко Владимир Иванович

Взгляд в прошлое

... К конце июня месяца 1962 года приехал в поселок Шамалды-Сай, где меня приняли на должность техника в производственно-технический отдел УС «Нарынгидроэнергострой». Начальником отдела был грамотный человек пенсионного возраста Гончаров И.И. В отделе начинали работать Шевелев В.Н.- начинал старшим инженером, его жена Шевелева Т, а также Мальцева Г, Алехина А., Бушман И., Бушман Ирина и Мальцева Галина были кураторами от ПТО и участвовали в комиссиях по приемке блоков бетонирования при строительстве Уч-Курганской ГЭС. В строительстве Уч-Курганской ГЭС и Токтогулской ГЭС участвовали несколько проектных организаций и большое количество чертежей и сметной документации поступило в отдел, которые необходимо было срочно обработать, выполнить заявки на поступление строительных и других материалов. На строительстве Уч-курганской ГЭС принимали участие Хуриев К.Б.-тогда начальник участка по отсыпке левобережной дамбы, начальником котлована был Зильберштейн..., там же работали проработали и другие.

2 сентября 1962 года мне передали, что я должен переехать в поселок Токтогульсокой ГЭС (пос. Кара-Куль). 3 сентябры я на грузовой машине (в кузове) выехал в будуший поселок Кара-Куль. И когда мы подьехали к месту, где стоит стена с надписью Кара-Куль, я заметил, что мои руки и пассажиры освешены зеленым цветом. Я спросил рядом стояшего мужчину, что он видит, и тот потвердил, что и я весь освещен зеленым цветом. Зеленый цвет пропал, когда мы проежали перевал, торпу.

Дорога от поселка Шамалды-Сай до будущего поселка гидростроителей (кроме дороги по городу Тамшкумыр) была в стадии строительства, где грунтовая или гравийная асфальтного покрытия еще не было и вся пыль, поднимаемая автомашиной, была на наших спинах и волосах головы. По серпентину перевала торпу поднялись и мы поняли, что конец нашим мучениям. С перевала спустились по автодороге, которая проходила по территории базы (АТПО, «НГЭС»). Автомашина подьехала в диспетчерской и мужчины ехавщие в кузове разошлись, а я пошел искать, где

определиться с местом проживания и работой. Диспетчерская, контора, общежитие были размещены в металлических вагончиках (4 шт) на колесах ив нескольких палатах. Все перечисленное размещалось между существующим кафе «Эдельвейс» и школой №1. Первым, кто обьяснил мне куда идти и к кому обратиться, был главный диспетчер Владимир Кудаев, в последствии прораб сантехнических работ в СУ-1и ЖКХ, «НГЭС». На другой день во время выполнения задания по работе, я несколько осмотрел строительную площадку. Автодорог, отсыпанных гравием не было, а где автомашины подвозили материалы, в колеях было пыли глубиной до 20 см. Проезжающие автомашины оставляли за собой столб пыли. В 16-м квартале уже смонтированы первые 3 шитовых дома и отданы под отделку. В районе существующей бани строительства не было, только были ячейки, где торчали остатки от посаженной ранее кукурузы. Этот огород шириной-100 м до ныне существующего кафе «Алина». В районе управления «Нарынгидроэнергострой» в стадии строительства были 3 шитовых дома одноэтажных вдоль автодороги Бишкек-Ош. На строй площадку в районе нижнего магазина интенсивно завозились детали домов ПДУ. Вдоль будушей ул. Боконбаева было установлено и заселено 12 домов типа ПДУ. В них жили: участковый милиционер лейтенант Керезов..., начальник ПТО Токтогульской ГЭС Сидоров. (здесь была выделена и мне малая комната), прораб Рева..., прораб отделочных работ Иванов Феликс (отец у него был участник Великой Отечественной войны в чине генерала), начальник участка Алехин Г.и другие.По пойме строительства не было, посредине площадки гуляла река Карасу и рос камыш. Вода для гидростроителей была привозная (источником-служил ручей по правому берегу р. Нарын в районе 425 км. автодороги Бишкек-Ош). Мыться по утрам и вечером приходилось ходить на р.Карасу через камыши. Ранее в этих камышах водились дикие кабаны, а кр. Карасу спускались с гор Карасу пытались смонтировать 2 вагона-душевые, но санэпидстанции через месяц запретили эксплуатировать по каким-то причинам. На месте магазина Ала-Тоо (магазин Сарсейитова) была построена из легких шитов столовая, столы около 10 штук были установлены вне столовой под открытым небом. Готовили здесь первое, второе и чай. В этой столовой я и увидал первого началь-

ника строительства Поддубко В.А., который вместе с работягами обедал по просту за одним столом и вел разговор. К столу подходил народ с вопросами или подписать какую-либо бумагу. Приходил в столовую всегда пешком, автомашина была, но я ни разу, не видел. Первые автомашины ГАЗ-69 появились на стройке во время прихода начальником стройки Серого З.Л., по разговору генерал Поддубко В.А. на строительст во Токтогулсокй ГЭС был командирован. На строительной площадке был введен сухой закон, водку не продавали и пьяных людей не видел.

Строители штрумовали в 2 смены на строительстве школы №1 и больничного комплекса из 4-х шитовых домов (больничный комплекс в дальнейшем был демонстрован, а располагался на площадке, где в настоящее время стоят 4 двухэтажные коттеджи). Недалеко в сторону магазина Ала-Тоо строились еше 2 барака (шитовые дома) для милиции и санэпидстанции, которые расположены за новым 4-х этажным домом по ул. Ленина. На месте расположени зданий милиции и сада был построен клуб из деревянных шитов с кинобудкой (здесь же проводили занятия по линии учкомбината) и перед клубом был смонтирован каркас из бруса высотой - 6 м. с толевой крышей и обший вокруг каркаса и разделительные стенки мешковиной. Это было вроде общежития временного. В этих отсеках ютились семьи, пока не стали расселять людей после сдачи в эксплуатацию шитовых домов и домов типа ПДУ. Построек из кирпича, кроме школы №1, не было. В районе парка и стадиона построек не было, только камыш и жили там ондатры.

На 7-й площадке, против подстанции, были 3 глинобитные кибитки, а между колледжем и автостоянкой существовала начальная школа-глинобитная кибитка с саманной крышей. Были редко расположенные глинобитные дома под горой и в совхозе Жазы-Кечуу. Автодорога в поселок Токтогул была в стадии строительства, а через р.Нарын (перед старым поселком Уч-Терек) был построен подвесной канатный мост (в дальнейшем-демонтирован).

Бетонно-растворный узел (начальником БРУ был прораб Бажуткин...) находился на спуске дороги к площадке, где располагался позднее, так называемый, «поселок Добротворского» напротив грузо-пассажирной пустуюшей базы. Здесь

же дабывали желтый песок для приготовления растворов для кладки и отделочных работ. Для приготовления бетонных смесей для бетонирования фундаментов гравий добывали в реке Кайынды в районе между базами УЭиС и УМС экскаватором-драглайн из-под воды (машинист экскаватора Беклемешев...) как я уже писал В.А.Поддупко был начальником строительства «Нарынгидроэнергострой»,а главным инженером Толчаков Л.А., начальником уплавления строительства Учкургансокой ГЭС был Арамбицкий..., а главным инженером Сергеев...,начальником управления строительства Токтогульской ГЭС был Абрамзон Н..,а главным инженером Пелих Г.., начальником автотранспортной конторы был Тарасов, который находился в 1962 году в поселке Шамалды-Сай. А автобазе базировалась в районе асфальтного завода и карьера гравия. Начальником управления механизированных работ был Аксенов... а база УМР находится до сих пор напротив ворот бетонного завода и полигона в поселке Шамалды-Сай. В начале строительства поселка и ГЭС все заказы на строительные материалы, оборудование, металлы и трубы велись через базы снабжения (начальник Ружин...) и ремонтных мастерских в пос. Шамалды-Сай, которые сушествуют до сих пор.

... С серединьы ноября месяца 1962 года приказом по управлению был переведен на правый берег р.Нарын мастером на строительный участок (начальник участка Парамонов Анатолий, а прораб Абдуллаев А). Участок выполнял строительные работы на базах «гидроспецстрой», С4-2, столовой (впоследствия СТО),бетонного узла. На этом берегу велись и дорожные работы, в основном земляные и буровзрывные. Буровзрывные работы производил участок (начальник Н.Журавлев) управления «Гидроспецстрой» (начальник Зорин). Землянные работы при помощи механизмов, транспорта вел участок дорожных работ (начальник К.Б. Хуриев) управления Токтогульской ГЭС. Автодорогу вели от подвесного моста через р.Нарын до створа будущей Токтогулской ГЭС и по пути срабатывали осыпи грунта с подготовокой промежуточных площадок под застройку необходимых обьектов: контор,складов,компрессорной,навесов, помешений для ремонта механизмов и машин, автозаправочной и.т.д. Подборку откосов будущей автодороги выполняла брига-

да скалолазов во главе с бригадиром Каренпиным Леонидом, в последствии при возведении плотины Токтогульской ГЭС был мастером, прорабом.

На участке дорожных работ работали следующие ИТР-это Бушман 13, Умралин К,Мальцев А и др, перешедшие с Учкурганской ГЭС. Строительный участок (начальник Парамонов А) состоял из 2-х прорабов: прораб Афанасьев строил подстанцию на 110 квт на левом берегу р. Нарын и базу снабжения: прораб Абдуллаев А., осуществлял руководство по строительству 2-х строительных площадок- это база «гидрострой» и бетонный узел, и база СУ-2 и столовая на 120 мест (сто). На строительстве 2-х строй площадок работали, бригада каменщиков (бригадир В.Бузько), бригада бетонщиков (бригадир Хамдамов И) бригада отделочников (бригадир Громов Н). На подстанции работала бригада бетоншиков (бригадир Бендерский И).

Жили рабочие и ИТР на 2-х строй площадках, а также работники, «гидроспецстрой», УМР, АТК. На строй площадке СУ-2 люди жили в палатках и в вагончиках. На строй площадке «Гидроспецстрой» жили в закрытом складе-бараке, ныне действующий склад запасных частей управления «Гидроспецстрой» но на строй площадке СУ-2 в постелях стали появляться скорпионы, был случай укусов, и людей переселили в палатки, которые расположили под большой осыпью на будущей базе «Гидроспецстрой», Работников на перечисленных строй площадках и с участка дорожных работ, проживаюших в поселке Кара-Куль, перевозил МАЗ-205 с деревянными бортами утром и по окончании работ. Иногда в кузов этого МАЗа набивалось до 70 человек и люди ехали в кузове стоя. Машина была не оборудована под перевозку людей. Те люди, которые опаздывали по каким-то причинам на МАЗ-205, то им приходилось переправляться на люльке через р. Нарын, как с правого берега на левый берег и наоборот утром с левого берега на правый берег. Эта люлька расположена в районе базы «Гидроспецстрой» в составе гидропоста. Но были моменты, когда люлька была на противоположном берегу, то тогда приходилось переправляться на польцах из праволоки ф6 мм. (двойная скрутка).

На этих площадках также не было душевых, и мы иногда ездили в баню г. Ташкумыр или в поселок Шамалды-Сай. Но учи-

тывая, что автодорога Бишкек-Ош не была заасвальтирована, то, в любом случае, мы были и одежда покрыта хорошим слоем пыли.

Зима 1962 -63гг. была суровой и малоснежной по реке Нарын. Так как дул холодный ветер со стороны Токтогула и снег с поверхности земли сметало. Но сама река была забита шугой? и толщина льда доходила до 3-х метров. Тогда люди переходили по льду, перебрасывая доски через трещины льда, которые достигали 1,5 метровой ширины. В поселке снега было много, толщина слоя снежного покрова достигала 40 см, и при солнечной погоде на снег нельзя было смотреть, так сильно слепило глаза. В поселке Токтогул температура воздуха достигала до -40 градусов мороза.

Весной в поселке Кара-Куль создали участок озеленения, и каждый участок управления Токтогульской ГЭС активно участвовали в субботниках-начали озеленять будущие улицы, а потом и парки. Силами комсомольцев была построена танц площадка. Во время открытия танцплощадки был проведен конкурс « лучшее название будушему поселку». Кто-то даже давал название Комсомольск-на –Нарыне, и другие названия.

Весной состоялся комсомольское собрание, где секретарем был Касымов Назар. За свою жизнь строителем проработал на комсомольской работе, инженером дирекции ТГЭС,начальником ПМК в Токтогуле и Ташкумыре. В 1963 году был одним из инициторов открытия вечернего факультета Фрунзенского политехнического института, который и сам закончил в 1969 году.

В конце 1964-и в течение 1965 года на территории где расположен магазин «Универмаг» и милиция, были снесены клуб, жилье-каркасны дом и танцплощадка. На этом месте были смонтированы 3 шитовых дома. 2 дома со стороны Поймы были отданы под жилье, а 3-й отдали под промтоварный магазин-где были отделы: одежды, хозяйственный и кульмаг. Напротив кульмагазина установлен деревянный вагончик для продажи книг и канцтоваров. В середине 1964 года был сдан в эксплутацию и продовольственный магазин (нына магазин Ала-Тоо). Завезли разнообразные продукты, говорили что в поселке, « Москвоское обеспечение».

Семигласов Валерий Николаевич

МОЙ ГОРОД

Этот город- судьба моей жизни,
Здесь я вырос и вырос мой сын
По утрам мне кивали привычно
Две горы, тополей стройный тын.

И опоры-красавицы,издали
Проводами сверкали во след,
И как водится в обществе издревле
Посылали лукавя привет.

Я люблю этот город-строителей.
Он родился по зову сердец
Молодых непосед и мечтателей,
Здесь нашедших любимой венец.

Я горжусь своим маленьким городом.
Он противник старинных свечей
Нет на гербе ни серпа, ни молота,
Есть ладонь с миллиардом лучей.

Каждый луч-это сердце строителя
Покрявшего гордый Нарын,
А ладонь-это сила воителя,
Сила разума, мощь и твердынь.

С юбилеем тебя,славный город!
Расцветай каждый год и цвети!
Вырастай в ширь и ввысь, и будь молод,
Нам с тобой нет другого пути.

ТОКТОГУЛА -25

Расправив плечи над каньоном
Ты ввысь батыром поднялась,
Став всего мира чемпионом,
У мрака, отобравши власть!

Тобой любуются народы
Невесты в брачный путь берут
Здесь силу духа у природы,
Тебя лелеют берегут.

Ведь ты- творение людское
Мечта народом многих стан
А стройка-дело не простое!
Тобой гордится Кыргызстан!

Я все, как было, вспоминаю
Как ты росла, как я мужал.
Уже я многих не встечаю
С кем вместе « пуск» я приближал.

Тех, с кем мы склоны обирали
По трапам! Вверх! Под облака!
Затем плотину воздвигали
Как память дружбе, на века!

И слыше я карнаев звуки
Комуза песнь,аккардеон
И смех, и шутки-прибаутки
Бокалов «пуска» перевозон

Все так и было в День Победы,
Когда ты первый ток дала!

Все позади остались беды
Гидростроителям хвала!

И если пристально всмотреться
В бетона грани тех времен
То можно просто зачитаться
Увидев череду имен!

Имен строителей-героев
Живых и мертвых-сразу всех
Что выходили из забоев
И приближали всем успех.

Что,шаг за шагом шли к победе
Борясь с природой «круто», зло!
Ползли! К победным звукам меди
Секрет!-что их тогда влекло!?

Романтика? Кусочек счастья?
Медали? Деньги? Иль почет?
Не спорте в сумерках ненастья!
Все, скажет скетик-эпизод.

Вот имена героев стройки:
Владимир Хэ, Велен Шангин,
Казбек Хуриев,Зосим Серый,
Бритаев, Ганкин и Кузьмин.

Икрам Рахимов,Выграненко,
Колесников и Шевелев
Чаплыгин Юра, В.Дмитроченко,
Толен Усубалиев,А Петров.

Андреев Толик, Г.Охрименко,
В.Шитиков, А.Кудряшов,
Аксенов В., Т.Хасанбаев,
Сумбаев, Герман, Бирюков.

Ичан Шеленпин, Саша Мальцев
Х.Курмакаев, Кулакли
Каренкин Еня, Паша Зверев
Попов, Васнин, Андрей Ли.

Киртбая К, Терентьев Вова,
Е.Митрофанов, П.Шинко,
Пай, Цой, В.Семигласов,
Лесбеков А, Ли И, Редько.

Боруев С, Х.Кагарманов,
Бурмиситров В И Крюков А,
В.Пилипенко, Наливайко,
Осинцева и Скуйбеда.

Рустам Кулуев и Феттаев,
Галиева и Миша Те,
Сабиров М, Е.Итемеров
Вареник В. И , А Гуло.

Шляпугин И, Сабыр Кулуев,
Мамедов М, Л.Толкачев,
Татаров Г, Салатин Юра,
Э.Тукмамедов, Журавлев.

Беляцкий В и Солодилов,
Косинский В, В.Гревенюк,
Еланский А, Кайрат Умралин,
Г.Рейгач, М.Перепелюк,

Пономарев,Канишев,Буров,
Рассохина, А.Щербаков,
Васянин Миша,И.Алиев,
Дробынин И, В.Куликов.

Ким Лида,Спиров А,Умеров,
Зубревский В, Сережа Ким,
Редько, Куракина, Корнилов,
В.Рогач, Рутман и Ильин.
Мочалин Женя,Ильчебаев,
Семенов, Штайер,Энокян,
Мансуров,Есне Д,Кааров,
Трав,Максин Ю,С.Арутюнян.

Исанов,Лутин,Иноземцев,
Суханкин,Пятерев и Джан,
Деханов Саша, Максин Коля,
М.Эренбург, Арутюнян.

И в каждом имени страница
Истории моей стороны
У вечной дружбы нет границы
И все мы вместе тем сильны.

Живи же вечно Токтогулка
Чеси и дома тепло и свет
Людской ты разум воплотила
Акыны шлют тебе привет!

Сегодня! В праздник Юбилейный
Я предлагаю этот тост:
За мир! За дружбу поколений!
С вином в бокалах, в полный рост!

ГЭС курууга келген эң биринчи комсомол

Касымов Назар 1938-жылы Токтогул районунда туулган. 1959-жылы Ташкент шаарындагы тоо-курулуш техникумун бүтүрүп, курулушчу адистигин алгандан кийин окуу жайдын жолдомосу менен Ферганадагы №1-курулуш башкармалыгына жумушка жиберилген. Мына ушул жерде үч жыл иштегенден кийин Токтогул районуна келип иштеп туруп, комсомолдук жолдомо менен бир бригада түзүлүп, Токтогул ГЭСинин курулушуна - Кара-Көлгө келген. Өзүнүн ГЭС курулушуна келген эң алгачкы жаш кадр жана комсомолдун чыныгы патриот мүчөсү катары кандай жумуштарда, кантип иштегенин, ал убакта ишти уюштуруу, өзгөчө жаштар арасында кандай тарбиялык иштер жүргүзүлгөнүн Касымов Назар аке өз оозу менен ырааттуу баяндап берди:

...Бизге окшогон жүздөгөн, миңдеген жаштар Токтогул ГЭСинин курулушуна СССРдин аймактарынан комсомолдук жолдомо менен келип жатышты. Биз да демилгечи жаштардан түзүлгөн бир бригада болуп комсомолдук жолдомо менен келдик. Мени Үч-Коргон ГЭСине (Шамалды-Сайдагы) №3-курулуш башкармалыгына мастер кылып жибериштн. Биз эми Нарын дарыясынын оң жак жээгине келдик.Участканын начальниги Параманов, прораб Пятеровдор эле. Курулуш участкасы Татыр деген жерге жайгаштырылып, чатырларыбызды (палаткабызды) тиктик. Он орундуу чатырда механизаторлор Шадиев, Анатолий Курашев ж.б. ар башка кесиптегилер турабыз.

Ушул 1962-жылы НГЭС курулуш башкармалыгынын администрациясы, партиялык, профсоюздук, комсомолдук комитеттер биргелешип ГЭС курууучулардын турагы болгон Кара-Көл поселогун кантип көрктөндүрүү маселесин көтөрдү. Бак-даректарды, гүлбахчаларды эгүү, жашылдандыруу боюнча генералдык план түзүлүп бекитилди. Бардык иш жогорку деңгээлде уюштурулду. Тротуарлар түшүүчү жерлер жана эс алуу багы болуучу жерлер

белгиленди. Тездик менен түмөн түрдүү декоративдүү дарак көчөттөрүнөн баштап кооз гүлдөрдүн көчөттөрүнө чейин башка жактардан алып келип олтургузууга кириштик. Иш күнүндө айлананы жаңырткан шаңдуу музыка, адамдардын көөдөнүндө чоң толкундоо, ыр-бий... Анткени, атайын концерттик бригада да түзүлгөн.

Көчөттөрдү уурдашты, бизге жакты

Эң биринчи келтирилген гүл көчөттөрдү отургузуп койдук. Үч күндөн кийин эле карасак көчөттөрүбүз жок. Биз кыдырып издей баштадык... Таптык! 14-кварталда жашагандар уурдап алып барып эшик алдыларына олтургузуп алышыптыр. Бизге жакты! Кубандык! Эми көчөттөрдү түз эле жүктөп келген машинанын үстүнөн элге тарката баштадык. Абдан көп ташып келдик. Эл жапырт көчөттөрдү бардык жерге отургузууга киришишти. Мына, үч жылдан кийин эле Кара-Көл гүлдөгөн шаарга айланды! Муну менен мен "Биз бак-даректуу шаарды курдук!"- деп айтаар элем.

1962-жыл, апрель

Ушул айда"Гидроспецстрой" курулуш мекемесинин базасы жайгаша турган аймак пландаштырылды. Айтмакчы, Кара-Көлдө эң биринчи кирпичтелген имаратка ушул мекеменин коллективи отурукташты.

Түштөнүү мезгилинде Пароманов: - Борбордук Комитеттен адам келиптир, сени сурап жатышат,-деди. Чыктым.Үч адам турат. Арасынан бирөө олбурлуу бою бийик, зымпыйган, салабаттуу адам экен. Үнү да башкача, аскер адамы сыяктанат. Көрсө, бул киши ГЭС курулушунун начальниги В.А. Поддубко экен. Анын жанында турган ортодон өйдөрөөк бойлуу көкүрөгүндө "СССР Жогорку Советинин депутаты" төш белгисин таккан жигит Кыргызстан комсомолунун Борбордук Комитетинин биринчи секретары Кулматов Кенеш Кулматович, орто бойлуу орус жигити комсомолдун Ош областык комитетинин биринчи секретары Саломко Олег экен.

Поддубко андан ары жүрүүнү сунуштады. Бирок, жол жок болчу. Машинасыз жөө басып барып келечектеги ГЭСтин плотинасы курула турган жайды көрүштү.

1962-жыл, май

Мага А. Пятеров Нарын дарыясынын оң жээгине ар башка адистерден он адамды алып, он кишилик чатыр менен келип жайгашууну буйруду. Биринчи десанттардын бул чатыры азыркы ИИБмүнүн имараты турган жерге тигилди. Убактылуу саябан кылууга айбанча коюлду да көпчүлүк жатып иштөөчү (общежитье) жатак үйдү щиттен кура баштадык. Иш улана берди. Экинчи болуп азык-түлүк дүкөнү курулуп баштады. Машина менен жүрүү өзгөчө Поймо аркылуу татаал эле. Анткени бул жер саз, киши жүрө турган чыйыр да жок болчу, анан да жергиликтүү эл мында эң баалуу делген девзера күрүчүн (шалы) эгип коюшкан.

Азыркы НГЭС башкармалыгы жайгашкан жер да саз болуп, дайыма булактар агып чыгып турчу. Жерди кургактоо үчүн терең дренаждарды казууга туура келген.

Күн сайын курулушка иштөөгө агылып келип жаткан ар түрдүү кесиптери бар жаштарды бөлүмдөргө бөлүштүрүп жиберилет. Ошондо эле ар башка улуттардын саны 28ге жеткен.

1963-жылдын сентябрь айында "Комсомольская правда" деген союздук масштабда чыгуучу газетанын бетинен кичинекей маалымат окуп калдык. Анда бийик тоодогу Кара-Көл поселкасында политехникалык институттун филиалы ачылгандыгы жазылыптыр. Бул жаңылыкты комсомолдор менен жалпы эле жаштар зор кубануу менен кабыл алышты. Жаштардын баарысы эле институттан окугулары келишет, күтүп жаттык.

6-октябрь.Ушул күнү биз Фрунзедеги политехникалык институттун ректору Сухомлинов менен жолугуштук. Күндүзгү саат 4төрдө азыркы институттун имараты жайгашкан аймакта жаштар толтура. Кубанычтары кучагына батпай көңүлдөрү куунак. Шатыра-шатман кол чабуулар менен Сухомлиновду тосуп алдык. Бул күн дүйнөдөгү биринчи аял космонавт В.Терешкованын космоско көтөрүлгөн тарыхый күнү менен да дал келет. Ректор сөз алып сүйлөдү. Ал:

-"Келечектеги Токтогул ГЭСин куруу үчүн институттун филиалын ачуу биз үчүн проблема эмес"—деди. Баарысы дүркүрөтө кол чабышты. Ураалашты. Тургандардын арасынан бирөө: А кай жерде окуйбуз?-деп кыйкырды. Ректор болсо "Бул силердин проблемаңар, кыска мөөнөттүн ичинде институттун имаратын куруу зарыл"-деп койду.

Ошентип, комсомол комитети институттун курулушун шефке алды. (өз жоопкерчиликтерине алды). Менин демилгем менен комсомолдор "Бардык жаштар иш убактысынан сырткары институттун курулушуна 10 күндөн иштейбиз" деген ураанды кабыл алдык. Жаштар өздөрүнүн иш орундарында жумушун бүткөндөн кийин ар бири он күнгө чейин институттун курулушуна келип иштеп кетишет. Ал убакта "курулуш материалдары жок, ал жок, бул жок" деген сөз болчу эмес. Курулуш материалдары кармалган кампага келсек эле эмне керек болсо четтен алып кете берчүбүз. Мындай керектөө үчүн, жаштар үчүн жүрүп жаткан асыл ишке эч ким тоскоол боло албайт. Кыска мөөнөттүн ичинде щит формасында (жыгачтан) институттун имараты туруп калды. Борбордон окутуучу педагог адистер келишти.

Студенттерди кабыл алуу жүргүзүлө баштады. Бир орунга 20 талапкер бар. Экзаменден тандалып алгачкы 90 студент калды. Биринчи окуу жаңы жыл алдында башталды. Курулуш, механик жана энергетик факультеттеринде студенттер окуп калышты. Студенттик совет (кеңеш)түзүлүп, мага кеңешти жетектөө тапшырылды. Бул институттун алгачкы бүтүрүүчүлөрү менчилеп баары эмгеги сиңген ардагер болуп пенсияга чыгып кетишти.

Жаштар менен иштөө оңой болгон эмес

Ар тараптан келген жаштардын мүнөздөрү, жүрүм-турум, адеп-ахлагы да ар башка эле. Аларды биримдикке тарбиялап, бир тартип, бир ыкка келтирип иштетүү үчүн ар биринин мүнөздүк өзгөчөлүктөрүн, психологиясын, маанайын билүүгө туура келген. Сөздүн ачыгын айтканда алгачкы жылдары ГЭСти курууга жиберилгендердин дээрлик 90 пайызга жакыны абакта отуруп мөөнөтүн бүткөндөр болчу. Себеби, союздук тартип боюнча ар бир отуруп мөөнөтүн аяктаган адамды иш менен камсыз кылуу милдети бар. Ошондуктан ар башка союздаш мамлекеттерден келген, ар башка кылмыш иштери менен отуруп чыккан адамдар менен тарбиялык иштерди жүргүзүү да бизге эч убакта оңой болгон эмес. Тынымсыз алардын баскан-турганын, жатаканаларды көзөмөлгө алып, атайын текшерүүлөрдү жүргүзүп турганбыз.

Кайсы бир жекшемби күнү өтүп баратып, абалдан кабар алуу үчүн жатаканага кире кетүүнү чечтим. Эмнегедир ыраактан эле бир укмуш атырдын (одеколон) жыты аңкыйт. (Себеби ал учур-

да арак деген кем болчу, табыш кыйын эле. Шылтоолоп ичкиси келгендер ушинтип атырды да ичишкен.) Бөлмөдө жаш жигиттер менен 2 кыз да отурушат. Мени көрө коюп жигиттердин бири:

-Келиңиз, Биз менен бирге болуңуз. Бүгүн Николайдын туулган күнү эле. Сиз да тост сүйлөп коюңуз деп мага да тигинден узатышты. Мен каалоомду айттым, бирок одеколонду ичкеним жок. Чыгып баратып аларга "Эч бир ЧП болбосун!" деп катуу эскерттим. Мен эртеси күнү тигил эки кызды машинага отургузуп келген жагына кетирип жиберүүнү буйрудум. (булар да наркоман экендиги менен кооптуу болчу). Алардын тааныш жигиттери мени опузалап "Эмнеге кетирип жибересиң?!" деп ороңдошту. Тартипти сактоо үчүн ушундай кылуу керек болчу. Мен опузаларынан корккон жокмун.

Кенже лейтенант Жумабаев Жолборс бул жердеги эң биринчи иштеп жаткан милиция кызматкери болчу. Экөөбүз жатакананын бөлмөлөрүнүн бирине кирдик. Бир жигит жатат. Стол үстүндө шприц. Жолборс алып чыгып баратса андагы дагы бир жигит кайра беришин тим эле жалынып суранды. Жолборс мага бул жигит нашакор экенин айтты. "Нашаны сайынгандан кийин бутун кесип кетсең да эч нерсени сезбейт",--деди ал. Мен ушинтип нашакорду өмүрүмдө биринчи ирет жолуктурдум.

Кийинки бөлмөгө кирип бардык. Отурган жаштар мында да наша чегип жатышкан экен. Жолборс алардын бирин сыртка чакырып обыск (тинтүү) кылды. Эки күкүрттүн кутусуна салынган наша таап алды. Булар милицияга өзгөчө каттоого алынды. –Бул али эч нерсе эмес,--деди Жолборс-- Буларда куралдар бар экендиги тууралуу маалымат бар. Көпкө отуруп ойлондук. Кантип кармайбыз, кантип бул ишти ачабыз?...

-Мен Маслов Александр деген жигитти билем,-деди Жолборс.—Анын жашы 22де, соттолгон жылдарынын жалпы эсеби 24 жыл экен. Балдар үйүндө жүргөндөн соттолуп келатыптыр. Азыр ачыкка соттолуп келиптир.

Биз эртеси түн ичинде Маслов менен жолуктук. Муну өзгөчө көзөмөлдөп калганыбыздын себеби, жаштар анын айланасына көп топтоло баштаган эле. Аны, дагы экөө-үчөөн кошуп бөлүмгө алып жөнөдүк. Поймого түшө бериште терендиги 4 метр болуп казылган траншея бар эле. Бир убакта күтүүсүздөн алиги кармап бараткан жигит милиция кызматкерин желкеден ары коюп жи-

берди. Тиги тереңге учуп түштү. Жигиттер качып жөнөштү. Баары бир биз аларды кууп жүрүп кармадык. Ал эми жер кар аралаш ылай, түн караңгыда траншейга кулап түшкөн милиция кызматкерин биз кайра-кайра көп убараланып акыры аркан жип алып келип байлап араң тартып чыгарып алдык.

Биз Масловдун нашакор экенин билдик.Аны менен көпкө чейин пикир алыштык. Анча-мынчага алдырбай турган катуу жаңгак (крепкая орешка) экенин байкадык. Кантсе да андан сыр алууга жетиштик. Алардын бирөөсүндө түрмөдөгү станоктон колго жасап алган тапанча бар экен. Аны матрастын ичине же жаздыктын ичине катканын билип алдык.Кийин баарысы жумушка кетишкенде биз бөлмөнү тинттик. Таап алдык, өзү менен сүйлөшкөнүбүздө "Муну жасап алуу проблема эмес, керек болсо автоматты да жасап алууга болот",-деп айтты тапанчанын ээси.

Мен тажрыйба үйрөнүүгө бардым

Кыргызстан Ленин комсомолунун Борбордук Комитети мени Россиянын Нарву шаарындагы Прибалтика ГРЭСинин эпкиндүү курулушуна тажрыйба алмашып келүүгө жиберди. Ал жердеги комсомолдук ыкчам топтун(отряддын) тажрыйбасын үйрөндүм. Келгенден кийин администрциядан вагон бөлдүрдүм. Комсомолдордон түзүлгөн ыкчам топтун мүчөлөрүнө атайын форма (кийим) тиктирдик. Вагонду жасалгаладык. Фотоаппарат алдык. Сүрөт чыгаруучу лаборатория пайда болду. Ыкчам топтун жетекчиси самбо боюнча спортчу жигит А.Паллади болуп калды. Коомдук тартипти бузгандар менен катуу күрөшө баштадык. Тартипсиздерди сүрөткө тартабыз да, көчөдөгү дубал газетага уяткарып чыгарып коебуз. Чектен чыккан тартип бузуучуларды эмгек коллективинде талкуулоого жиберилет, администрациялык ар кандай жазалоолор кабыл алынат. Ушундан кийин адепсиздик кылган, ичкен жаштар ыкчам топтун бөлмөсүнө алып барбоону, сүрөткө тартып уяткарбоону суранышып коркушчу, кечирим сурап турушчу. Бир гана ушундай жол менен биз жүздөгөн, миңдеген жаштарды тартипке келтирип кармап турганбыз.

1963-жыл, 13-март

Сыртта кар жатат. Биринчи жолу партиялык жыйналышка коммунисттер чогулушту. Ушул партиялык чогулушта алгач-

кы партиялык комитет түзүлдү. Абдрахманов М.А. партиялык комитеттин секретары, Пыко Е.С. анын орунбасары болуп калышты. Партиялык комитеттен кийин эле комсомолдук комитет түзүлдү. Комитеттин секретары болуп мен (Касымов Назар) орунбасарым Глушков Ю.болуп шайландык. Ушинтип баштапкы комсомолдук уюмдарды түзө баштадык.

Н.Меркулов менен М.Рассохиндин бригадалары

ГЭС жана шаар курулушунун арттагы тарых баракгарына көз чаптырсаңыз совет доорундагы эпкиндүү курулуш майданы көз алдыңызга тартылат:

Жыл өткөн сайын коомдук жана маданий обьектилердин, соода жана тейлөө мекемелеринин курулуштары кеңири кулач жайып отурду. Бул курулуштарда жумушчулар эң чоң эргүү, демилгелүүлүк менен иштешти. Н.Меркуловдун шыбакчылар бригадасы менен Б.Кислицкийдин усталардан турган бригадасы өздөрүнүн сменалык нормаларын дагы 50-60 пайызга жогорулатышты. М.Рассохиндин комсомолдук-жаштар бригадасы сменалык тапшырмаларын жогорку сапатта орундаткандыктары менен айырмаланышты. 1965-жылы "Коммунисттик эмгектин бригадасы" деген наамды жеңип алышты.(Бул эң алдыңкы ийгиликтерди камсыз кылган бригадаларга ыйгарылуучу ошол мезгилдин сыймыктуу наамдарынын бири болчу).

Коммуналдык тейлөө, билим берүү мекемелери

Кара-Көлдөгү бардык жумушчу-кызматчылар коммуналдык тейлөө мекемесинин кызматын көрө баштады: үйлөр электрлештирилип, суу түтүктөрү киргизилип, эл борборлоштурулган жылыткычтарга өтүштү. Көпчүлүк үй-бүлөлөр газдын кызматынан пайдаланып калышты. Газ да борборлоштурулган жерден жиберилет да, атайын орнотулган газ плиталары тамак-ашын да, нанын да ж.б. бышыра берет.Эң мыкты ошол мезгилдин талабына ылайыкташкан заманбап балдар мекемелери, эки үч кабаттуу 2200 окуучуга ылайыкташтырылган спорттук залы жана кол эмгегин өздөштүрүүчү ыңгайлуу бөлмөлөрү бар мектеп, музыкалык, спорттук мектептер, борборубуздагы политехникалык

институтунун Кара-Көлдөгү филиалы, курулуш техникуму, китепкана, бардык керектүү адабияттар менен камсыз болунган техникалык китепкана иштеп калды. Гидрокуруучулардын бул поселогунда көптөгөн коомдук мекемелер, соода түйүндөрү, чоң универмаг, китеп дүкөнү, нан заводу, "Чолпон" ресторану ж.б.элге кызмат көрсөтө баштады.

Партиялык, профсоюздук, комсомолдук уюмдар

"Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын профсоюздук, партиялык, комсомолдук уюмдары башкармалыктын жетекчилиги менен бирдикте жумушчулар менен кызматчыларды биринчи кезектеги милдеттерди чечүүгө эң мыкты уюштура алышты. Токтогул ирригациялык-энергетикалык комплексинин курулушу үчүн зарыл болгон шарттарды кыска мөөнөттүн ичинде түзүүгө жетишилди. Бул уюмдар бири-бири менен тыгыз байланышта жана ынтымакта иш жүргүзүшүп, уюштуруучулук бардык аракеттерди берилген пландуу тапшырмалардын бардык тармактарда сапаттуу жана өз убагында аткарылышына багытташкан. Жеринде эле уюштуруучулук жакшы жүргүзүлсө, башка керектүү инвентарь, материалдардын бардыгы союздук система боюнча жогору жактан камсыздандырылып туруучу.

Хакимжан Нурматов

Нурматов Хакимжан өзү 1956-жылы Базар-Коргон районунда жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Мектеп жашына келгенде атасы Нурмат балдары терең билим алуусу жана ошол учурдун талабына ылайык орус тилин эркин сүйлөөгө үйрөнүүсү үчүн Базар-Коргон айылына көчүп келип, жалгыз орус мектеп болгон Макаренко мектебине киргизди.1-класстан эле Хакимжан башкаларга караганда сезимталдыгы, чыйрактыгы менен айырмаланып жалаң "5" деген баа менен окуду. Орто мектепти аяктаганга чейин ушул темптен жазган жок. Мектепте эң алдыңкы отличник, активист, урмат-сыйдын ээси. Жыл сайын Мактоо Грамоталар менен сыйланат. Атасы Хакимжандын мунусун көргөн сайын көөдөнүн көтөрүп кубанычынан жүзү тамылжыйт. Уул-кыздарын жакшы

окуп жаткандары үчүн алкайт.

Хакимжан 1973-жылы аттестатын колуна алды да, Базар-Коргондогу МСОдо (курулуш башкармалыгы) бир жыл каменьщик болуп жаштардын комсомолдук бригадасында иштеди. Алгачкы эле күндөн ишке болгон жөндөм-шыгы, ар-намыстуу жоопкерчилиги, бүгүнкү ишти эч убакта эртеңкиге калтырбаган иштермандыгы менен оозго алынып, бир жылда эле партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынды. Коммунист жаштарды партия өтө чоң колдоого алаар эле. 1979жылы эле Фрунзе шаарындагы политехникалык окуу жайынан инженердик-курулушчу факультетинин даярдоо курсуна кирди. Жалындап турган жаш жүрөк, билимдин көрөңгөсү эң жакшы. Ал жерден да окуу жайынын жетекчилигине аттын кашкасындай белгилүү болуп, Москвадагы Патриса Лумумба атындагы "Элдердин достугу" университетине атайын жолдомо менен барып кирип окуп калды.

Ал жерде алгачкы жылы бир жыл тил үйрөндү. Шарт ошондой болчу. Хакимжан француз тилин бир жылда жетиштүү дэңгээлде үйрөнө алды.Университеттин гидрокуруучулар кафедрасынан окуп, инженер-куруучу адистиги боюнча жогорку билимге ээ болуп чыкты.

Өмүрлүк жубайы Кыйматкан Исмаиловна менен Москвада окуп жүрүп табышып бүтөөрүндө баш кошушкан. Кыйматкан 1985-жылы Москвадагы Ленин атындагы педагогикалык институтунун педагогика-психология факультетин бүтүргөн. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун педагогика-психология кафедрасына ишке орношуп иштеп калды.

Хакимжан жыл айланаары менен эле ГЭС курулушунда иштөөнү көксөп Кара-Көлгө келип иштөө максатына бекем туруп алды. Ал убакта Кара-Көлдүн аты союзга дүңгүрөп угулуп, жаштардын шаары деп аталчу. Хакимжан да жаштардын шаарына келип кесиби менен иштөөнү көксөдү. 1986-жылы Кара-Көлгө келип ишке орношту да, кийинки жылы Кыйматкан да артынан келип 1987-жылдан бери энергетиктердин шаарында турмуш кечиришүүдө.

Хакимжан Нурматов энергетика курулушунда иштеп жатып алгачкы мезгилден эле алган теориялык билиминин жеткилең жана терең экендигин иш жүзүндө көрсөтө баштады. Кайсыл участокто иштебесин, алдын ала даярдалган чиймелерди көзү

жетип түшүнүп, жаңылбай-жазбай аткарат.ГЭС курулушунун болобу, тунел же жол курулушунда болобу алдын ала атайын адистер тарабынан чийилген проектилер менен дыкат таанышып чыгып, ылайыктуу рационализатордук сунуштарын дайыма киргизип келди. Мындай сунуштардын жыйынтыгы туура эмес болгон бир да учур болгон жок. Тескерисинче курулуш материалдарды үнөмдөөгө, же жасалган иштин жыйынтыгы максаттагыдай болуусуна, айрым артыкбаш убаракерчиликтин жоюлушуна гана шарт түзүлүп келди.

ГЭС курулушуна келген он-он беш жылдай убакыттын аралыгында эле бир топ ийгиликтерге жетишип, оозго алынып, мен деген адистердин алкоосуна татыды.Өзүнө болгон ишеними ансайын артып баратты.Кайсы жерде иштебесин, элдин ишенимине кирип, көздөгөнү ойдогудай ишке аша берди. Ийгиликтер биринин артынан бири жаралып турду.

Эл оозуна алынган ак пейил, жөнөкөй, адамгерчиликтүү Хакимжанды улуу-кичүүнүн баары ызаатташат, ишенишип кеңеш сурашат, алкашат. Эч кимден , эч нерсесин аябай жардамын да, сунушун да, кеңешин да берүүгө даяр. Хакимжан кадр маселесине абдан көңүл буруп иштеди. Тааныштыгына же тууганды-гына карабайт. Иш үстүндө өзүнүн жетиктигин, билимдүүлүгүн көрсөткөндөрдү дайыма колдоп келди. Өз ишине көзү жетик адис улам кызматынан да жогорулап баратты. "НарынГЭС" АКнун "Негизги курулуш жабдуулар" башкармалыгында директор болуп иштеп турду. Шамалды-Сай, Күрп-Сай, Камбар-Ата-2 ГЭСтеринин курулуш иштерине салмактуу салымын кошту.Улам өсүп жаткан практикалык тажрыйбасы менен билимин айкалыштырып далай участоктордо сапаттуу жумуштарды бүткөрдү. Бул боюнча аңгемелешип жатканыбызда Хакимжандын досу Таңгиров Абдували да бир учурду эстеп өттү:

-Кайсы жыл экени эсимде калбаптыр. Күрп-Сай ГЭСи бүтүп жаткан мезгил эле. Кара-Көл шаарында чоң салтанаттуу жыйналыш болуп, бүтүн гидрокуруучулар мекеме-ишканалардан катышып, көптөгөн энергокурулушчуларга мактоолор, алкыштар айтылып, моралдык жана материалдык урматтоолор көрсөтүлүп жаткан. Ушул салтанатта Ташкенттен, Москвадан да келишкен чоңдор бар экен. Бир убакта эле бир орус тилинде сүйлөгөн аял киши сөзгө чыгып калды. (улуту, аты-жөнү так эсимде калбап-

тыр, болгону Ташкенттеги ГЭСтердин курулуштарын пландоо башкармалыгынын жетекчиси экен" деп айтып жатышканын уктум). Ал чу деген жерден эле Нурматов Хакимжандын ысмын атап, ал Күрп-Сай ГЭСинин курулушу жүрүп жаткан мезгилде өз билими, өз акылы менен өзүнө ишенип проектинин кайсы бир жерин өзгөрткөндүгү жана ал эң туура жана келечек үчүн натыйжалуу болгондугу, бул ишке өзү баш болуп тен берип, таң калгандыгы жөнүндө айта келип, "Мен Проектилөө башкармалыгынан эмес, өзүмдүн жеке атымдан Нурматов Хакимжанга 6 миң сом акчалай сыйлыгымды беремин" деп, Хакимжанды трибунага чакырып алып, бир нече алкоо сөздөрүн айтып, анын билимдүүлүгүнө, жетик инженер экендигине баа бергендигин эл алдында кайра-кайра белгилеп айтып колун кысып акчасын тапшырганы эсимде".

Ооба, мындай мактоолор көп эле болгон экен. Азыркы учурда Х.Нурматов ден соолугунан жабыркап жүргөндүгүнө байланыштуу бул окуяны дааналап эстеп бизге айтып бере албады. Өмүрлүк жубайы Кыйматкан Хакимжан Нурматов алып жүргөн Грамота, дипломдорду алып чыгып алдыбызга койду.

Анда:1995-жылы декабрда " Шамалды-Сай гидроэлектрстанциясынын курулушундагы жигердүү эмгеги үчүн" НГЭС АКнун негизги жабдуулар курулуш башкармалыгынын директорунун орун басары Хакимжан Нурматовго Кыргыз Республикасынын Грамотасы;

2002-жылы августа "НГЭС" АКнун негизги жабдуулар башкармалыгынын директору Хакимжан Нурматовго Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы;

Башка да көптөгөн дипломдор менен мактоо баракчалары, алкыштары, областтык, республикалык курулуш башкармалыктардын Ардак Грамоталары бар экен.

Билими жетик адис өз эмгек жолунда ГЭСтердин курулуштарында мастер, прораб, начальник участка, негизги жабдуулар башкармалыгында башкы инженер, директор, НГЭС АКмунда башкы инженер болуп иштеп турган. Акыркы 7 жылдан бери ден соолугуна байланыштуу эс алуунун, дарылануунун үстүндө.

-Ден соолугу болсо дагы далай эмгектенет эле, элге дагы көп кызмат берет эле, башка кызматтар да сунуш кылынган учурлар далай болгон. Бирок, турмушума мен ыраазымын, Хакимжан

экөөбүз эки уул, үч кызды багып өстүрдүк. –дейт Кыйматкан Исмаиловна.

Алгачкы жардыргыч адис

Өтөмбаев Кеңеш 1934-жылы Кара-Көлдө туулган. Майлуу-Суу шаарында аскерлештирилген өрт коопсуздугу мекемесинде иштеп туруп, комсомолдук жолдонмо менен Токтогул ГЭСин курууга жөнөтүлгөн. Адегенде Гидроспецстройдо жүк ташуучу болуп иштеп туруп, көп өтпөй Орусиянын Мажайский шаарына жардыруу адистиги боюнча окууга жиберилет. Ал жактан 6 ай окуп Токтогул ГЭСинин курулушунда 1964-жылдан баштап жер алдын жардыруу боюнча адис болуп 1973-жылга чейин иштейт. Өтө татаал жана өмүргө коркунуч келтирүүчү бул кесипте 5 разряд алганча чейин үзгүлтүксүз жана катасыз иштөөгө жетишкен.

-Ал убакта азыркыдай уюлдук телефон кайда. Келгенче үйдө коопсуз иштеп келсе деп отурчумун, кечиксе уктабай күтчүмүн,-дейт өмүрлүк жубайы Ажар,-Бир жолу кеткен бойдон 2 күн үйгө келбеди. Абдан тынсызданганым эсимден чыкпайт. Көрсө, жардыруучу заты убагында атылбай калып, эки жакка өткөндөрдү тосуп, кокусунан жарылып кетсе кырсык болот деп жылбай карооолдо туруптур. Иши ушундай жооптуу эле, абдан этият иштешчү.

Өтөмбаев К. Токтогул, Күрп-Сай ГЭСтеринин, Оштогу Папан суу сактагычынын курулуштарында иштеди.Ал эми Калыма ГЭС курулушуна бир жылдык жолдомо менен барып иштеп келген. Токтогул ГЭСине өтүүчү туннелди курууда да иштеген.

Иштеген ишинин кыйын, кооптуу болгондугуна байланыштуу айлык маянаны да арбын алчу. Өмүрлүк жубайы экөө 8 перзентти тарбиялап чоңойтушту.

Тапшырылган иштеги ийгиликтери үчүн көптөгөн “Алкыш” баракчаларын, Ардак Грамоталарды, “Эмгектик отличниги” төш белгисин, 3-баскычтагы “Эмгекке даңк” орденин алууга татыктуу болгон.

Өтөмбаев Кеңеш өзү да мээнеткеч гана эмес, басса-турса бир нерсени ойлоно коюп кагазга жаза жүргөн кыялкеч, ыр жазууну

жакшы көргөн жан дүйнөсү бай адам эле. Бир кезде Кара-Көл шаары жөнүндө да ыр жазган экен:

КАРА-КӨЛ

Бир кезде камыш баскан өзөн элең,
Аралап мен да нечен өтөөр элем.
Кекилик, чил, өрдөгүң толуп жаткан,
Кыргоолуң үй тооктой жөжө ачкан.

Сууларың өзөн жайпап жатаар эле,
Каалаган туш тарапка агаар эле.
Кышкысын кээ бир жылы суу кузгундап,
Кээ жерден адам өтпөй калаар эле.

Кара-Көлүм азыр кандай шаарсың,
Көбөйдү бакма өрдөк, тоок,казың.
Жөжөдөй бакчадагы балдар, кыздар,
Эркинче ойноп-күлүп көңүл ачкан.
***
Айкалышып эки зоо,
Асман тиреп турган жер.
Күжүрмөн совет элдери,
Токтогул ГЭСин курган жер.

Инженер менен жумушчу
Түрдүү элден келишти.
Арматура ширетип,
Монтаждоого киришти,

- деп ГЭСтердин курулушундагы күркүрөгөн эмгектин шаңдуу көрүнүшүн ырга кошуп жазган экен.

Ажиматов Калмамат

Ажиматов Калмамат 1932-жылы азыркы Ноокен районундагы Кыла кыштагынын Ак-Жар айылында туулуп, балалыгы өз айылында өткөн. 1951-жылы Коммунизм сегиз жылдык мектебин аяктаган жана ушул эле жылы Кызыл-Кыядагы СССР көмүр өнөр жайлар министерствосунун техникумуна кирип, 1955-жылы "жер астындагы кен байлыктарын иштетүүчү" адистигине ээ болгон.

Эмгек жолун 1955-жылы Таш-Көмүр шаарындагы шахта башкармасында жер астындагы тоо кендеринде иштөөдөн баштаган. Бирок, 1956-59-жылдары Россиянын Севостополь шаарындагы аскер-деңиз флотунда Советтик Армиянын сабында кызматын өтөгөн.

1959-жылдан баштап "Кыргызнефтегаз" ишканасында оператор, 1961-62-жылдарда нефти жана газ изилдөөчү болуп иштеген. 1963-жылдан баштап, Орто Азия Гидропроект институтунун комплекстүү изилдөө экспедициясында өткөөлчү болуп иштеп, кийинки жылы жер алдындагы кендерди изилдөө боюнча мастер, андан кийин прораб, 1967-жылы жер алдындагы кендерди изилдөө боюнча участканын начальниги, 1976-жылдан МЭиЭ СССР КС "Гидроспецстрой" мекемесинде тоо мастери, кийинки жылдарда КИЭ-1 "Средазиягидропроектиде" участканын начальниги болуп жемиштүү иштеп туруп, пенсияга чыккан.

Калмамат Ажиматов өзүнүн жогорудагы эмгек жолун ыраатту улантуу менен бир мезгилде өндүрүштөн ажырабай туруп борбор шаарыбыздагы политехникалык институтун сырттан бүтүрүп, пайдалуу кендер жаткан жерлерди иштетүүнүн технологиясы жана комплекстүү механизациясы боюнча адистикке ээ болгон.

Күжүрмөн жана тажрыйбалуу адис 1963-жылдан 1993-жылга чейин Токтогул, Күрп-Сай, Камбар-Ата-1, 2- ГЭСтеринде, Торкенде Борду-Кыя, Үч-Теректе "Осмон-Ата", Ноокатта "Папан", Араванда "Кемпир-Башы"суу сактагычтарында жана Арсланбап лагерлеринде чалгындоо, изилдөө-геологиялык иштеринде эмгектенген.

Калмамат ага үч ирет шаардык Кеңештин депутаттыгына шайланган, ДНДнын мүчөсү болгон жана 5 баланы тарбиялап өстүргөн.

СЫЙЛЫКТАРЫ:
Талыкпаган эмгеги үчүн В.И.Лениндин юбилейлик медалы;
"Среднеазгидропроект" төш белгиси;
"Эмгектин ардагери" наамы;
"Среднеазгидропроектинин" Ардак Грамотасы.

Жаштар бригадасынын бригадири

Ажыкулов Назарбек ГЭС курулушуна эпкиндүү жаштык кезин арнаган эмгек адамы. Ал советтик доордогу эмгек жолу туурасында биз менен болгон баарлашуусунда мындайча баян этти:

21 КРАЗ, 41 ЖИГИТ

Мен 1976-жылы ГЭС куруучулардын арасында кыргыз жигиттерден эң биринчи болуп уюшулган комсомолдук-жаштар бригадасын жетектегем. Ал убакта партия да, комсомол да күчүнө кирип турган маал. Бардыгынын максаты өлкөнүн өнүгүшүнө салым кошуу. Эмгеги менен алдыга чыгып көрүнүү.

Эр азаматтар үчүн Советтик Армиятынын сабында кызмат өтөө жигиттик чоң сыймык болоор эле. Он сегизге толуп жоокердик кызматымды Калининградда өтөдүм. Ошол жакта жүрүп шофердук кесипке окуп алгам. Автослесарь болуп иштегенмин. 1974-76-жылдары слесарь, шофер болуп иштеп, ГЭС курулушунда жүк, бетон да ташычумун.

1976-жылы ноябрь айында ГЭС курулушундагылардын арасында биринчи болуп комсомолдук-жаштар бригадасы уюшулуп калды. Жалаң шоферлорбуз. Бригадамда 40 бала, өзүм менен 41. Эки нөөмөт менен КРАЗ-256, КРАЗ-21 самосвалдар (Жүктү өзү аңтарып түшүрүүчү машина) менен бетон ташыйбыз. 21 КРАЗга экиден бала нөөмөттөшүп иштешет. Балдар эс алышат, автомашина дайыма иште.

Биздин самосвалдар бригадасы төрт жыл бою катары менен

социалисттик мелдеште биринчиликти берген эмеспиз. Ар бирибиз чыныгы патриоттук дух менен эмгектенчүбүз. Ошол учурда эле ГЭСтер өндүргөн электр энергиясынын элге кандай пайдасы тиери тууралуу укмуш айтылчу. Биз ушундай маанилүү ишке салым кошуп жатканыбыз менен сыймыктанчубуз. Азыркы жаштар башка коомдо жашап калышты, Ата Мекендин патриоту болууну башкача элестетишет.

Бригадада жалаң кыргыз балдар элек. Комсомолдук уюмдун секретары Бердалиев Султан. ГЭСте иштегендерден АТПОнун өзүндө эле 4 бригада болуп, алар слесарлар, камазчылар ж.б. Советтер Союзунун бардык аймагында кайсыл тармак болбосун партиялык уюмдар менен бир катарда 18 жаштан 28 жашка чейинкилерди тизмегине камтыган комсомолдук уюмдар да зор уюшкандыкта иштеп тураар эле. Социалисттик коомдо жашап жаткандыктан СССРдин бүткүл аймагында эмгек жамааттарынын ортосунда звено менен звено, бригада менен бригада, участка менен участка болуп өз ара социалисттик жарышка чыгып эмгектенчүбүз. Алдын ала белгиленген планды орундоодо кимиси алдыңкы орунга чыкса, ал социалисттик мелдештин жеңүүчүсү болоор эле. Мен жетектеген камазчылар бригадасы 4-5 жыл бою мелдеште биринчиликти колдон бербей иштегенбиз.

Ысымдарыбыз бардык жерде жаңырчу

Ал убак бир өзгөчө эле. Иш менен алдыга чыккан адамды радиодон да, телевидениеден да, газета-журналдардан да дүңгүрөтө мактап, атыбыз дүңгүрөп чыгып турган. "Эмгектин алдыңкысы, үлгүлүү жаштар, эмгектин күжүрмөнү" делип эле сүрөттөрүбүз Ардак Тактaларда илинип, газета-журналдарда чыгып турса эле демибизге дем кошулуп, чаалыгып-чарчоону билбей эмгек кылганбыз. Азыр ойлосом, эгерде эмгек ошончолук чоң уюшкандык менен жүргүзүлбөсө, ушул азыркы ГЭСтер союз мезгилинде бүтпөй да калмак беле деп таңданам.

1980-жылы Күрп-Сай ГЭСинин курулушуна В.Л.Лениндин 110 жылдыгынын урматына 110 миң куб бетон ташуу милдеттенме болуп, Кара-Көлдөн Күрп-Сайга бетон ташыганбыз. Планды да ашыра орундатканбыз.

Мамлекет да жаштардын ишин уюштурууга чоң көңүл бурган. Эс алууга, иштөөгө, тамактанууга, ден соолукту чыңдоого, ал

эмес айрым жаштарды атайын жолдомо менен окуп билим алуусуна шарттар да өкмөт тарабынан түзүп берилген.

Бир күндө эки жумушчу күнү жазылчу

Жумушчу күн 8 сааттан, иш оор болгондугуна байланыштуу бир күндө эки жумушчу күн жазылат жана ошого эмгек акы төлөп берилет. Кезегинде жакшы иштегендер пачкелеп акча алчубуз. 1200 сомго чейин алганбыз. Бул чоң сумма болчу. Мисалы бир саан уй көп болсо 500-700 сом эле. Эртең мененки тамак 20 тыйын, түштөнүүгө 50 тыйын, (ысык тамак, компот, чайы менен) Кечки тамактанууга 18 тыйын сарпталат.

Ушул тыйынга ысык тамагы, кефир, суусундук ж.б.менен тоюп тамактанганыбызга азыркылар ишенишпейтко.

Тамак иштеп жаткан трассага жеткирилет

Эртең менен жатаканадан тамактанып чыксак, кечкисин түз биз иштеп жаткан жердин өзүнө даяр тамакты тартып барат. Жеринде улам бошогону келип тамактанып кете беришет. Түнкү сменадагылар үчүн да түнкү саат 12 де бир, 4төө бир эс алып тамактанышат. Азыр ушундай камкордук менен уюштурулган иш кайда?

Ураалап сүрөп турчу

Жумуштан келсең кинотеатрда кино коюлат, мончо даяр, китеп,газеталарды окугуң келсе кызыл бурч иштеп турат. Радиодон күн сайын элди, жаштарды демдендирип турган ураан-чакырыктар, мактоолор менен шаңдуу сүйлөп турат. Жүздөгөн, миңдеген адамдар, жаштар ишенимдүү эртеңкиси үчүн өзгөчө кубат, дем менен иштешчү.

Бузулсак иш үстүндө оңдогон

Иш үстүндө техника, машиналар бузулса слесарь, механик, инженер ж.б. даяр. Өздөрү карап оңдоп беришет. Бир жерден экинчи жерге ташынып, сүйрөтүп барганды билбегенбиз. Запчасть жок дегенди укпаганбыз. Баары даяр, баары белен. Иштөө гана керек болгон.

Профилакториядан акысыз эс алчубуз. Азыркы АТПО турган жакта медициналык профилактория боло турган. Бир мезгилде 40-50 адам эс алышат. Дарыланышат. Жетиштүү керебет-

тер, бөлмөлөр, телевизор, газета-журналдар. Тамак-аш баары болуп турат. Ар бир адам 1 айдан бекер жатып эс алып кетип, бири кетсе экинчи келип турушчу. Эл бизге "Булар ГЭС курган күжүрмөндөр" деп урмат жана суктануу менен карашчу.

Планды 180-200 пайызга аткарып, сыйлангам

План деген болчу. Мисалы бир күндө нече тонна бетон ташыйт, бир кварталда же бир айда канча? Алдын ала белгиленип, ошону аткаруу үчүн бири менен бири, бригада менен бригада, цех менен цех ж.б. жарышып иштешчү. Ошол мелдеште алдыга чыккандыгым үчүн Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин, ЛКСМ БКнын Ардак Грамотасын алгам.

Эсте калган 1981-жыл

1980-жылы "5 жылдык мелдештин жеңүүчүсү" болуп "5 жылдыктын жаш гвардиячысы" төш белгиси, 1981-жылы КРнын Жогорку Советинин Ардак Грамотасы, Бүткүл Союздук Лениндик Комсомолдор Союзунун Борбордук Комитетинин Ардак Грамотасы менен сыйландым. Мындайда теле-радиодо, газета-журналдарда сенин ийгиликтериң тууралуу даңазалап айтып шыгыңа-шык кошуп турчу.

Ушул эле 1981-жылы сыйлыкка "Москвич -412" жеңил автомашинасын алдым. Ал убакта азыркыдай каалаган машинаңды сатып алуу жок эле. Көп жыл кезек күтүп, же ушинтип сыйлыкка алчусуң.

Ошол мезгилде мени менен бирге иштешкен кураташ жаштардан Бердалиев Султан, Имакеев, Галмеев Юрис жана башка көптөгөн жаштар болгон эле.

Асанбеков Абалкан КАМАЗчылар бригадасынын бригадири болгон. 1982-жылы ВЛКСМ Борбордук Комитетинин Лениндик сыйлыгынын лауреаты болуп, 3 миң сом сыйлыкты жеңип алган. Ошол убакта ал акчага 5-6 кара мал сатып алууга болмок.

Сыймыктанып басчубуз

Бригададагы бардык шоферлордун кийген кийимдери опокшош болоор эле. Аны ишкана өзү бизге бекер эле алып келип кийиндирип койчу. Фуражка, көйнөк, шым. Кышкысын өзүнчө форма. Көрсө аны мамлекет каржылачу экен. Коендой окшошуп жүргөнүбүзгө эл да суктана карап, биз да сыймыктана басчубуз.

Бир айда эки жолу акча алабыз

Айлык маянабызды эки бөлүп ар бир айдын 15чи числосунда аванса деп айлыгыбыздын жарымын берсе, ай бүтөрү менен числонун 1и, же 2синде айлыкты колго алып калчубуз. Акча жок болду дегенден түшүнүгүбүз болбогон. Азыркычылап "Акча келе элек" дегенди эч уккан эмеспиз.

Алахунов Жаныш

Алахунов Жаныш өзүнүн 34 жылдык өмүрүн жалаң ГЭСтердин курулуштарына сарптады. Ал 1962-жылы Бүткүл союздук эпкиндүү курулуш болгон Нарын суу сактагычын, Токтогул ГЭСин курууга жумушка келген. Ошол күндөн тарта Ат-Башы, Токтогул, Үч-Коргон, Таш-Көмүр, Күрп-Сай, Камбар-Ата ГЭСтеринин курулуштарында бүткүл дем-күчүн жумшап, ак ниеттүүлүк менен эмгектенип келди. Бардык жерде өзүнө тапшырылган ишти жогорку деңгээлде аткарып келгендиги үчүн кезегинде бүтүндөй жаш гидрокуруучуларга анын өрнөгү жайылтылып, зор урмат-сыйдын ээси болуп келди. Эмгек жолундагы мындай жетишкендиктери үчүн Алахунов Жаныш көптөгөн төмөнкүдөй сыйлыктардын ээси болду:

- "Өзгөчө татаал шартта атайын тапшырманы үлгүлүү аткарууга жетишкендиги үчүн";
- СССР Электрификация жана Энергетика Министрлигинин электростанциялар жана электрдик-техникалык өнөр-жайынын профсоюздар борбордук комитетинин Ардак Грамотасы;
-СССР Жогорку Советинин Президиумунун "Лениндин 100 жылдыгы" юбилейлик төш белгиси менен;
-"Нарынгидроэнергострой" мекемесинин негизги жабдуулар башкармалыгынын слесарь-монтаждоочусу катары бүткүл союздук социалисттик мелдештин жеңүүчүсү катары "Ардактуу вымпел"(Ардактуу байракча) менен;
-Эмгектеги эң мыкты көрсөткүчтөрү жана коомдук турмушка активдүү катышкандыгы үчүн "НГЭС" курулуш башкармалыгынын Ардак Грамотасы;
-Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасынын түзүлгөндүгүнүн 60 жылдыгына карата эмгектеги жогорку жетишкендиги үчүн Ардак грамотасы;

-Эмгекчилердин эл аралык биримдигинин күнү- 1-Майга карата Ардак Грамота;

-"Нарынгидроэнергокурулуш" мекемесинин негизги жабдуулар башкармалыгынын түзүлгөндүгүнүн 20 -25 жылдык юбилейлерине карата Ардак Грамоталары;

-Бүткүл союздук Эл чарба көргөзмөсүнүн (ВДНХ СССР) катышуучусу;

-СССРдин эл чарбасын өнүктүрүүдөгү жигердүү жетишкендиктери үчүн ВДНХнын Бронза медалы менен сыйланып келгендигинин өзү эле Алахунов Жаныштын бүткүл эмгек жолу жалаң эң мыкты жетишкендиктер менен коштолуп келгендигинин даана далили болуп турат. Демек, "Дарак бир жерден көгөрөт" демекчи бир гана кесипте, бир гана тармакта 34 жыл бою чыныгы ак ниети менен эмгектенген Жаныш Алахуновдун өрнөгү кийинки муундар үчүн таберик десек жаңылбайбыз. Ал 1996-жылдан бери карылыгына байланыштуу пенсияга чыгып эс алууда, уул-кыздарынын урматында болуп турган убагы.

Жаныбек Кара-Көлдө тарбияланды

Менин бет маңдайымда ак жүздүү келген токтоо мүнөз, келбети келишкен жигит олтурду.Бул жигит Жаныбек Жанчаров болчу. Кара-Көл шаарындагы «Гидродолбоорлоо» институтунун директору. Балалыгынан жөнөкөй үй-бүлөдө тарбияланган бул жигит өз өмүр баянын баяндап берип жатты. Ар бир сөзү орундуу. Аз, саз сүйлөп, бирок маанилүү ойлорун айтты.

- Мен 1969-жылдын 16-январында Токтогул районунун Үч-Терек айылында туулганмын,- деп баштады сөзүн.- Атам катардагы эле жумушчу болуптур. Ал эми апам мектептеги ашканада ашпозчу экен. Биз жети бир тууган болчубуз. Ата-энебиз маңдай тери менен тапкан эмгек акылары менен бизди багып, чоңойтушту. Анткени, алардын башка ашыкча кирешеси болгон эмес.Бирок, курсагыбыз ток, кийимибиз бүтүн болуп, эрезеге жеттик.

Айтымында Жаныбек Үч-Терек айылындагы Максим Горький атындагы орто мектепти бүтөрү менен Армияга кызмат өтөгөнү чакырылды.

-Аскерде жүрүп, мен тарбияландым. Ата-эненин, бир туугандардын, эл-жердин баркын билдим. Ошондуктан, аскерден кайтып, өз туулуп-өскөн айылыма келдим да, алыстап кете албадым, дейт Жаныбек. Анткени, сыртка кетүүнү каалаганым да жок.

Ошентип, Жаныбек Кара-Көл шаарында калууну чечти. Анткени, ага бул жерден жумуш табылды. Экинчиден бул шаар ага жакчу, чакан, эли маданияттуу, өздөрүнүн көз караштары бар. Барган сайын өнүгүп бараткан шаар дегиси анын купулуна толоор эле. Ошентип,ал « Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесине жумушчу болуп ишке орношту. Бул ишкана жалаң ГЭСтерди куруп келгендиктен, ал да өз жолдоштору менен бирге «Камбар-Ата» гидроэлектр станциясынын курулушуна катышты. Ал мезгил 1990-жыл болчу. Бир жылдан соң, ал бул жумушка үйрөнүп да калган. Бирок, билим алууну көксөгөн жаш жигит өзү иштеген мекеменин жетекчисинин жолдомосу менен 1991-жылы Казакстандын Жамбул шаарындагы гидромелиорация институтунун студенти болуп калды. 1996-жылы инженер-гидротехник адистигин алып, Кара-Көл шаарына кайтып келди да , бир кезде өзү эмгектенген мекемеде эмгек чыйырын улантты. Мында ал « Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коомунун негизги имарттар башкармасында (УОС) мастер болуп иштей баштады. Ушул жылдары Таш-Көмүр ГЭСинин курулушу жүрүп жаткан. Жаныбек ушул ГЭСтин курулушунда иштеди.

1997-жылы « Нарынгидродолборлоо» мекемесине долбоорчу-инженер болуп которулду. Андан соң, негизги имарттар тобу деп койчу, кыргызча айтканда, ал мына ушул жерде 1998-жылдан жетектөөчү адис болуп иштеди.Ошол мезгилде мында эле эмес, сыртта да ГЭСтердин долбоорлорун иштеп чыгарууга катышты. Алсак, 2000-2001- жылдары Малайзиядагы Бакун ГЭСинин долбоорун түзүүгө да өз салымын кошту.

2004-жылдан ал иштеген мекеме « Гидродолбоорлоо» институту болуп өзгөрдү. Жаш жигиттин токтоолугу, ишке болгон жөндөмдүүлүгү, ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги анын кызматтык тепкичке көтөрүлүшүнө шарт түздү. Жаш болсо да, жетекчилике

жетилип калган болучу. Ошентип, 2004- жылдан аталган мекеменин директору болуп иштей баштады. Бул мезгилдин аралыгында Таш-Көмүр, Шамалды-Сай ГЭСтерин курууга катышты.

-«Камбар-Ата» ГЭСинин курулушунун долбоору мурда эле түзүлгөн болучу. Аны ал жетектеген институтка бериштн. Бул жерде толуктоолор да керек эле. Ошентип, ал республикадагы улуу курулуш болгон « Камбар-Ата—2» ГЭСинин курулушуна салым кошкон жетекчилердин бири болуп калды.

Жаш жетекчинин талыкпаган эмгеги « Электро станциялар» акционердик коомунун, Кыргыз Республикасынын Ардак грамоталары менен бааланды. Албетте, бул ийгиликтин башталышы, эмгегинин үзүрүн көрөр кубанычтуу күндөр али алдыда. Эл ишеним көрсөтүп, Кара-Көл шаардык Кеңештин депутаттыгына шайлашты.

-Келинчегим Афиса экөөбүз бактылуубуз, дейт.-Бизди бактылуу кылган бири-бирибизди түшүнө билүүбүз жана Бектурсун, Байболсун аттуу уулдарыбыз. Анан да ишеним берген эл.

«Камбар-Ата –2» ГЭСинин биринчи агарегатынын курулушу курулуп, бүтүп, анын эмгек жолунда дагы кубанычтуу ирмемдер жана бактылуу учурлар дагы кайталанды. Келечекте мындан кийин да курай колдосо Нарын дарыясынын жээгинде дагы канчалаган ГЭСтердин курулушуна долбоорлор түзүлөт. Буюрса, ушул кызмат насип этип турса, анын башында биз азыр сыймыктануу менен тилге алып олтурган Жаныбек Жанчаров тураар.

Геодезис Анипа Бекташова

Бекташ Каиповдун кызы Анипа да ПИИ "Гидропоект" ишканасында ПГС бөлүмүндө жетектөөчү инженер болуп эмгектенет. Ар убакта атасынын ишмердиги жөнүндө айта берүү Анипа үчүн зор сыймык.

Анипа 1972-жылы шаардагы Чолпонбай Түлөбердиев атындагы мектепти эң жакшы баалар менен бүткөн. Ал убакта мамлекет, өкмөт жаштарга абдан чоң көңүл буруп турган мезгил эле. Өз алдынча коомдук иштерге активдүү катышууга умтулган жаштар дароо жетекчилик тарабынан көңүлгө

алынып, анын иштөөсүнө, окуп билим алуусуна да шарттар түзүлчү.

Анипа да мектепти бүтөөрү менен жаштардын катарын толуктап, иштөөнү максат кылат. Ошол мезгилде шаардык комсомол комитетин жетектеп турган Чынгышев Турсунбай Чынгышевич жаш кызга өзүнүн кеңешин айтып жолдонмо берет. Жолдомо менен "Нарынгидроэнергострой" мекемесинин жетекчиси Хуриев Бексултан Казбековичке барат. Чыйраак жаш кыздын деңгээлин туура баамдап көргөн Бексултан Казбекович аны геодезия бөлүмүнө "окуучу-геодезист" кылып ишке орноштурат. Геодезия бөлүмүнүн жетекчиси Попова Р.П., прорабы Табачков А.Н.,геодезистер Николаева Т., Евдокимова З., Чухрай, Старцева Н., Еленская В., Ковалев В. жана башкалар Токтогул ГЭСинин курулушунда иштеген зор жамааттын адамдары болчу.

Ушулар менен эмгектенип жүргөн бир эле мезгилде 1972-жылы ФФПИ институнун кечки бөлүмүнө окууга тапшырат. Өзүнө табышталган жумушту жакшы өздөштүрүп, өз иши боюнча күн санап чеберчилиги артып, адебей 1, 2- разряддагы адис болуп калат. Азыр Анипа өзү акыркы "905" деген отметканы (белгини) жаш кезинде жөндөмү менен жетишип, аскага жазгандыгы менен азыр да сыймыктанып жүрөт.

Келечеги үчүн сөзсүз билим керек экендигин түшүнгөн кыз билим сапарына аттанып, 1978-жылы ошол кездеги Фрунзе политехникалык институтунун күндүзгү бөлүмүн бүтүрүп инженер-куруучу адистигине ээ болгондугун тастыктаган дипломун колго алат. Андан ары Анипа УЭиС "Нарынгидроэнергокурулуш" ишканасына мастер болуп орношот. Учурдун талабына жараша ылайыктуу адис катары 1983-жылы Кара-Көл шаардык архитектура бөлүмүнө инженер-проектичи болуп которулат. Бул жерде да Анипа Бекташовна өзүнүн ишин мыкты өздөштүргөн адис катары бааланып, бөлүмдө ага инженер, бөлүмдүн жетекчиси, зам. начальник, архитектура бөлүмүнүн начальниги болуп жигердүү милдет өтөдү.

Иш билги адис шаарда өнөржайлык, граждандык жана жер астында жаткан коммуникациялардын проектисин чийүүгө жетишкен жана дагы көптөгөн обьектилердин проектилерин чийген.1998-жылдан баштап Анипа ПИИ "Гидропроект" ишканасына ПГС бөлүмүнө инженер болуп которулган.

Өткөн 40 жыл мезгил аралыгындагы эмгек жолунда Каипова Анипа бай тажрыйбанын ээси болду. Кайсыл жерде иштебесин өзүнүн ишке болгон принциптүүлүгүн, техникалык билимининин жогорулугун, жогорку жоопкерчиликтүү инсан экендигин көрсөттү. Азыркыга чейин ал өзүнөн кийинки жаш адистерге ар тараптуу жардамын көрсөтүп келет.Коомдук иштердин биринен да калбай катышат, эч кимден жардамын аябайт. Эмгек адамынын укугун бир топ жыл коргоп ишканадагы профсоюздук уюмдун төрайымы болуп келген.

Изденгич жана иштерман адис Токтогул, Үч-Коргон, Шамалды-Сай, Таш-Көмүр, Күрп-Сай жана Камбар-Ата-2 ГЭ-Стеринин ПГС, ВК, ТВ тармагындагы проектеринин 9 баллдуу жер титирөөгө туруштук бере турган татаал конструкциясын эсептеп чийген.

Эмгек дайыма бааланат

Каипова Анипа Бекташовнанын эмгеги эл тарабынан да, жетекчилик тарабынан да ар дайым бааланып келген. Натыйжада ал жапжаш эле кезинде Таш-Көмүр шаардык советине депутат болуп шайланса, 1975-жылы эле Ош областтык советке депутат болуп калды.

Каипова Анипа Бекташовнанын көп жылдык эмгегин айгинелеп турган жогорку сыйлыктары бар. Ал Кыргыз энергетикасына кошкон зор салымы үчүн Кара-Көл шаарынын, Жалал-Абад областтык мамадминистрациясынын,"Электр станциялар" АКнун, Энергетика министрлигинин Ардак Грамоталары жана "Энергетиканын каарманы" төш белгисинин ээси. Учурда да А.Бекташовна жамааттын жаштарына насаатчы, кадыр-сыйдын ээси.

Анипанын өмүрлүк жубайы Р.Сатыбалдиев "Электрдик станциялар" тармагында 35 жыл билимдүү инженер катары жигердүү эмгек өтөп келүүдө. Көптөгөн сыйлыктардын ээси. 5 перзенти бар.

-Сиз окурмандарга геодезистер кандай жумуш аткарарын түшүндүрө кетпейсизби?—деген биздин сурообузга ал макул болду. (жаш окурмандар үчүн бере кетели): ошол кезде геодезистер Токтогул ГЭСи курулуп жаткан аймактагы жер кыртышынын ар бир миллиметринде эмне жатканын, алгачкы 00 отметкадан (белгиден) тартып 905 отметкага чейин теодалит, нивелир де-

ген приборлордун жардамы менен, кайсыл сооруженияны, оборудованияны (водовод, насос, тоннель, потерна, затвор ж.б.) орнотуунун так өлчөмдөрүн көрсөтүп аныктап берет жана ГЭС курулушуна пайдаланылуучу эң маанилүү курулуш материалы болгон арматураларды кандайынча жаткырып, бетонду кандай куюу керек, геодезиясыз бир да ишкана же жумушчу ишин баштай албайт. Кандай курулуш болбосун эң биринчи чыйыр жол салып, бүткөнчө тастыктап, текшерип, курулуш-архитектуралык ж.б. эрежелери туура сакталып жатканын көзөмөлдөн өткөрүп изилдеп туруучу жана ылайыгына жараша иштин ыгын өзгөртүп туруучу – геодезистер болуп эсептелет.

Токтогул ГЭСтер каскады

1956-1962- жылдары курулган Үч-Коргон ГЭСи Төмөнкү Нарын Каскадынын эң биринчи станциясы болуп эсептелет. 1962-жылы бул Каскаддын экинчи станциясы –Токтогул ГЭСин куруу каралды. 1963-жылдын 19- сентябрында СССРдин энергетика жана электрлештирүү боюнча өндүрүштүк комитетинин 164 -буйругунун негизинде курулуп жаткан Токтогул ГЭСинин дирекциясы түзүлүп, ага В.А. Байбуз директор болуп дайындалды.

1962- жыл Нарын дарыясы жана Кетмен-Төбө өрөөнү үчүн тарыхый жыл болду, анткени "Нарынгидрэнергокурулуш" курулуш башкармасы Нарын дарыясындагы эң чоң курулуш- Токтогул ГЭСинин жана эң чоң суу сактагычтын курулушуна кириштн. Токтогул ирригациялык энергетикалык комплексинин курулушу Кыргызстан гана эмес Өзбекстан, Тажикстан жана Казакстан үчүн керектүү бүткүл союздук маанидеги иш болуп калды. Курулуштун башталышы менен бирге ар кайсы тармактагы структуралык бөлүмдөр түзүлдү. Кыска мөөнөттө жылдык өндүрүмдүүлүгү 1800 миң куб.метр гравзавод жана 1 млн куб.метр өндүрүмдүүлүктөгү бетон заводу курулду.1962-жылы ВЛКСМ дын XIYсьездинде Кыргызстандын комсомолдук уюмунун сунушу боюнча Токтогул комплексинин курулушу бүткүл союздук эпкиндүү комсомолдук курулуш болгондугу тууралуу бүткүл союздук радио жана телеберүү аркылуу жарыяланды. Ошентип курулуш достуктун курулушу болуп ага кырктан ашык улуттун өкүлдөрү катышты. Алгачкы курулучулар палаткаларда, андан кийин Кара-Суунун боюндагы саздуу

жапайы өрдөк -каз, камандар мекендеген жерди шагыл, топурак менен тегиздеп келечектеги шаардын орду даярдалган. Ошентип, талыкпаган эмгектин натыйжасында 1962- жылдын октябрында биринчи 140 квартира ишке киргизилди. 1962- жылдын 26-октябрында Кыргыз ССР Жогорку советинин Президиумунун чечими менен бул жерге "Кара-Көл" шаар тибиндеги поселок деп аталды.

Токтогул ГЭСинин курулушу менен бирге турак-жайлар, социалдык обьектилер курула башталган. Ошентип Кара-Көл жыл өткөн сайын көрктүү шаар болуп өсүп жатты.

1971-жылдын 8- декабрындагы СССР Энергетика министринин №326-буйругу менен курулуп жаткан Токтогул ГЭСи "Кыргызглавэнергонун" карамагына өткөрүлдү да, директору В.К. Байбуз, башкы инженерликке – В.Л. Шукин, ага бухгалтерликке А.Ф.Рябова дайындалды.

Биринчи агрегатты ишке киргизиш убактысы жакындады. Бул болсо эксплуатациялоочу кадрларды комплектациялоо маселесин чечүүнү талап кылды.

Негизинен эксплуатациялоочулардын курамынын өзөгүн Россиянын булуң-бурчтарынан келген адистер түзгөн. Алар: В.Г.Буров, Т.И. Базина, Айсин, В.Бочаров, Ерычев, В.Осыко,Букаев, Слободчиков, Батяшин, Демин, К.В.Локтионова, А.Земко, Макаров, А.И.Письменный ж.башкалар.

Ошону менен катар И.И.Калинин, В.П.Лебедев, Лебедева.Н.Р, Г.Х.Каримова, Я.К.Каримов, Б.О. Осокеев, Р.А.Баялиева, О. Ефремов, Б.К.Такырбашев, К.Бекболотов, В.А.Сингатулина, Петренко, В.Фетисенко, Корсаков, Кострюков сыяктуу жергиликтүү кадрлар менен толукталып турду.

Агрегатты ишке киргизгенге чейин оперативдик группаны түзүп Россиянын Братский, Усть-Илим, Красноярский ГЭСтерине, Тажикстандын Нурек ГЭСине атайын тажрыйба алмашып, окуп-үйрөнүүгө жөнөтүү маселеси макулдашылган.

Мына ушул максатта А.А.Шуманов, В.П.Лебедев, Я.К.Каримов, Б.О.Осокеев,В.Фетисенко, А.Д.Гилев, Петренко, О.Ефремова, Т.Корсакова, Т. Кострюкова, Р.А.Баялиева, В.Г. Гушин , В.Ерычева, И.И. Калинин, З.Юдина. В.Иртегова ж.башкалар 1,5 айлык стажировкадан өтүп келип,экзамен тапшырып эң биринчилерден болуп оперативдик ишке жолдомо алышкан.

Кыргыз энергосистемасынын флагманы болгон Токтогул

ГЭСи өлкөбүздөгү эң кубаттуу электр станциясы, анын жалпы кубаттуулугу-1 200 МВтты түзөт. Станцияда ар биринин кубаттуулугу 300МВтты түзгөн төрт гидроагрегат эки катар болуп жайгаштырылган. Токтогул ГЭСинин суу сактагычынын көлөмү 19,5 млрд кубометрди түзөт. Плотинанын бийиктиги 215 метрге жетип анын курулушуна 3 971,25 миң кубометр бетон сарпталган. Токтогул ГЭСи Борбордук Азиянын энергетикалык системасында өзгөчө орунду ээлейт. Ага энергетикалык системадагы чыңалууну жана жыштыкты кармоодо зор роль таандык. Токтогул ГЭСинин №1-чи агрегаты 1975 -жылдын 1-чи январында, андан кийин №2-чи агрегат 1975 - жылдын 27- ноябрында, №3,4 -агрегаттар 1978- жылдын январь, февраль айларында ишке киргизилген. "Нарынгидроэнергокурулуш" мекемеси 1976-жылы Күрп-Сай ГЭСин курууга киришти. Күрп-Сай ГЭСи кубаттуулугу жагынан Токтогул ГЭСинен кийинки орунда турат, анын жалпы кубаттуулугу 800МВтты түзөт. Күрп-Сай ГЭСинин суу сактагычынын көлөмү 370млн кубометрди түзүп, жумалык жөнгө салууга ылайыкташтырылган. Станцияда ар биринин кубаттуулугу 200МВтты түзгөн төрт гидроагрегат бир катарда жайгаштырылган. Плотинанын бийиктиги 113 метрди түзөт. Күрп-Сай ГЭСинин №1- агрегаты 1981- жылдын 21-февралында ишке киргизилген. Андан кийин №2 агрегат –1981-жылдын 19-декабрында, №3 -агрегат 1982 -жылдын 15-апрелинде, ал эми 1982 -жылдын 15-апрелинде №4- агрегат ишке киргизилген.

Кадрлардын катары борбордук окуу жайларынын, ФПИнин бүтүрүүчүлөрү жана ФПИнин Кара-Көл шаарындагы кечки бөлүмүндө окуган жаштар менен толукталып турду. Ошол кезде аталган окуу жайларынан атайын адистик алышкан С.О.Момукеев, Н.Т.Ниязов, А.Н.Исраилов, Т.Н.Бримкулов, Т.Медеров, А.У.Султанбаев, Т.Чырмашева, З.Султанбаева, А.Мамбетов, А.К.Абдысатаров, А.К.Тыныбеков,О.К.Бакиев, Ш.Т.Дүйшебаев, Д.А.Усупбаев, Г.Канатова,Т.Мамытова, К.Бекболотов, У.Атагараев, А.Болгонбеков, Б.К.Такырбашев, Ж.Койбагаров ГЭС курууга салым кошушуп, кийин көрүнүктүү кадрлардын сабына кошулушкан.

Көптөгөн маселелердин убагында чечилиши Күрп-Сай, Таш-Көмүр ГЭСтерин курууда чоң өбөлгө болду, анткени жумушчу күч, турак-жай, көмөкчү мекемелер , социалдык обьектилер

Токтогул ГЭСинин курулушу менен бирге орчундуу деңгээлде чечилип калган.

Токтогул ГЭСи 1975- жылдан бери өндүрүштүк ишканалардын катарына кирди.

1.2001-жылы акционерлердин 12-январдагы кезексиз жалпы чогулушунда "Кыргызэнерго" акционердик коомун реорганизациялоо маселеси каралды.

2. Ошентип, "Электр станциялар " ачык акционердик коомунун курамына электр жана жылуулук энергиясы иштеп чыгаруучу ишканалардын кириши каралып, ага Токтогул ГЭСтеринин Каскады, ПС ГЭС, Ат-Башы ГЭСи, Бишкек ТЭЦ, Ош ТЭЦтери кирди.

3. Токтогул ГЭСтеринин Каскады "Электр станциялар"ачык акционердик коомунун 2001-жылдын 19-июнунда жаңы негизделген курамына кирди.

2002- жылдын 1-октябрынан баштап, "Электр станциялар" ачык акционердик коомунун 2002- жылдын 19-августунда №145- буйругунун негизинде Үч-Коргон ГЭСи ТГЭСКанын курамынан чыгарылган.

Ошентип 2002 -жылдын аягынан тартып Токтогул ГЭСтери Каскадынын карамагын:

1200МВт кубаттуулуктагыТоктогул ГЭСи,

800 МВТ кубаттуулуктагы Күрп-Сай ГЭСи,

Коммуналдык ишканалар комбинаты,

социалдык обьектилер түзгөн.

Айтылган ГЭСтерде өндүрүлгөн электр энергиясы республиканын бардык инфраструктурасын тактап айтканда өнөр жай, айыл-чарба жана жарандардын электр энергиясына болгон керектөөсүн үзгүлтүксүз камсыз кылат. Андан тышкары электр энергиясын сыртка, коңшулаш Казакстан,Өзбекстан, Тажикстан жана Россияга экспортко берүү маселеси дагы канаттандырылып келген. 2011- жылы Казакстан жана Өзбекстанга электр энергиясы экспортко берилген. Мындан тышкары дагы бир топ жаңылоо жаатында иштер каралууда.

Айтканга оңой болгону менен электр энергиясы жана жылуулук менен камсыздоо милдети Токтогул ГЭСтер Каскадынын эмгек жамаатынан чоң жоопкерчиликти талап кылат. Мурдагы убакытта калыптанган байланыштардын үзгүлтүккө учурашы,

каражаттардын жетишпегендиги терс таасирин тийгизди. Ошого карабастан Токтогул ГЭСтер Каскадынын эмгек жамааты иш билгичтик, ойлоп табуучулук жана бардык чараларды колдоно билүү менен кыйынчылыктарды жеңип, иштеп келе жатышкандыгы калетсиз.

Натыйжада 2011-жылы Токтогул ГЭСтеринин Каскады 8 млрд 579 млн квт.саат электр энергиясын өндүрүп чыгаруу пландаштырылган болсо анын ордуна 9 млрд 566 млн кВт сааттан ашуун электр энергиясын өндүрүп чыгарууга жетишти. Анын ичинен Токтогул ГЭСинде 6 млрд. 078 млн.кВт сааттан ашык, Күрп-Сай ГЭСинде 3 млрд.488 млн. кВт саат электр энергиясы өндүрүлдү.

Токтогул ГЭСтери Каскады ишке киргизилгенден бери 244 млрд 335 млн 972 миң квт саат электр энергиясы өндүрүлүп чыгарылды, андан Токтогул ГЭСи - 152 млрд 173 млн 533 миң квт саат, Күрп-Сай ГЭСи 92 млрд 162 млн 439 миң квт.саат электр энергиясын өндүргөн.

Электр энергиясынын 1 квт саатынын өздүк наркы - 6,71 тыйынга барабар.

Өндүрүлгөн товардык продукцияны акчага айландырганда 4 560 294,7 миң сомду түзөт.

Электр энергиясын өндүрүүгө кеткен чыгым - 641 044,9 миң сомду түздү.

Капиталдык курулуш боюнча - 65 681,4 мин сом өздөштүрүлгөн.

Токтогул суу сактагычындагы суунун көлөмү – 14 404,27 млн кубометрди, суунун кириши секундасына – 174 метр кубду, ал эми чыгышы – 710 метр кубду түздү. Жогорку бьефтеги суунун деңгээли - 880,89м.

Токтогул ГЭСи 1982-жылы, Күрп-Сай ГЭСи 1986- жылы ГЭСтерди курууга кеткен чыгымды толугу менен актаган.

Токтогул ГЭСи 36 жылдан ашуун,1975 - жылдан бери, Күрп-Сай ГЭСи 30 жылдан ашуун, 1981- жылдан бери тынымсыз электр энергиясын иштеп чыгууда.

Өткөн убакыттын ичинде ГЭСтердин жабдуулары жана тетиктери нормативтик иштөө мөөнөтүнөн ашык иштетилип кайрадан жаңылоону талап кылууда. Убагында жабдуулар чыгарган заводдор менен калыптанган тыгыз байланыштар Союз

жоюлгандан кийин үзгүлтүккө учурады. Реконструкция боюнча планды ишке ашыруу, электр жабдууларын модернизациялоого өзгөчө көңүл буруу мезгилдин талабы.

Алсак Токтогул, Күрп-Сай ГЭСтеринде генератордун өчүргүчтөрүн эле газ тибиндеги өчүргүчтөргө (8 даана) алмаштыруу, беш комплект аккумулятордук батареяларды алмаштыруу каралууда.

Андан тышкары:

- Токтогул ГЭСинде: трансформаторлордун 500кВтук вводдорун, 500кВтук төрт кабелдик линияны алмаштыруу,

- Күрп-Сай ГЭСине: трансформатордун 220 кВтук (15 даана) 110кВтук (9 даана) вводдорду, элегаз – өчургучтөрүн: 220кв тук 4 комплект,110кВтук 9 комплект алмаштыруу каралды.

Мындан тышкары дагы бир топ жаңылоо жаатында иштер каралууда.

Токтогул ГЭСи ишке киргенден берки аралыкта республикага гана эмес коңшулаш мамлекеттерге, Россия Федерациясына дагы мааниге ээ болгон Токтогул ГЭСтеринин Каскадын тажырыйбалуу, өз ишинин жогорку деңгээлдеги адиси деп таанылган кызматчылар жетектеген, алардын ар бири ТГЭСканын тарыхында төмөнкү инсандар өздөрүнүн чыныгы жетекчилик уюштуруучулук эмгеги, инсандык сапаттары менен белгилүү болуп калды.

ТГЭСКнын директорлору

ВИКТОР КОНСТАНТИНОВИЧ БАЙБУЗ

Краснодарский крайынын Чолбасскийинин кулуну.1934-жылы Рабфакты, 1940-жылы Уралдан индустриалдык институтунун инженер-электрик адистигин аяктаган. Ал көп жылдар аралыгында жылуулук жана гидравликалык электростанцияларды куруу жана эксплуатациялоодо инженер электр цехинин башчысы болуп эмгектенген. 1963-жылдын 19-сентябрында СССРдин энергетика жана электрлештирүү боюнча өндүрүштүк комитетинин 164-буйругунун негизинде курулуп жаткан Токтогул ГЭСинин дирекциясы түзүлгөн. Ошол жылы бул мекемеге В.А. Байбуз директор болуп дайындалды. Жетекчилик кызматында В.А.Байбуз Токтогул ГЭСинин дирекциясынын түптөлүшүнө

белгилүү деңгээлде салым кошкон. Бул жерде жетекчилик кызматта ал 1976-жылга чейин иштеген.

КРЮКОВ АЛЕКСАНДР ДМИТРИЕВИЧ

Родился 1929г.14-апреля.в селе Привокзальное Кызыл-Аскерского района Кырг.ССР. Национальность русский, образование высшее, техническое. 1948—1953г.—Средне-Азиатский политехнический институт-энергетический, инженер-гидроэлектрик. Диплом № Ж 454054

Трудовая деятельность:

1048—1953гг.Студент Средне-Азиатского института МВО СССР г. Ташкент.1954—1958гг.Ст. инженер ПТО строительства Быстровский ГЭС, сменный инженер ГЭС, зам.начальника энергоцеха Кыргызского горно-обогатительного комбината п.Быстровка Кеминского района Кырг.ССР.1958—1962гг. Главный инженер Быстровского энергокомбината Управление Кыргызэнерго.1962—1967гг. Главный инженер Уч-Курганской ГЭС, Кыргызглавэнерго Минэнерго СССР п.Шамалды-Сай Ошской обл.1967—1976гг. Начальник управления Энергохозяйства и связи Управления строительства "Нарынгидроэнергострой" Минэнерго СССР п.Кара-Куль Ошской обл.1976—1977гг. Главный инженер Красноярского монтажного управления Всесоюзного треста Гидроэлектромонтаж Мин.СССР г. Саяногорск Красноярского края.

1977—1981гг. Директор строяүихся ГЭС Нижне-Нарынского Каскада Кыргызглавэнерго Минэнерго СССР г.Кара-Куль Ошской обл. Кырг.ССР.1981г. Директор Каскада Токтогульских ГЭС, Кыргызглавэнерго Минэнерго СССР г.Кара-Куль Таласской обл. Кырг ССР.1988г. Уволен в связи выездом за пределы Кыргызской Республики.

Правительственные награды

1968г. Почетная Грамота Минэнерго СССР. 1970г. Медаль "За доблестный труд" в ознаменование 100 летия со дня рождения В.И.Ленина. 1971г. Медаль "За трудовое отличие" 1976г. Орден "Знак почета"2000г. Медаль "25 лет Токтогульской ГЭС".

ИМАНАЛИЕВ БОЛОТ ИМАНАЛИЕВИЧ

1959-жылы Фрунзедеги политехникалык институтун ин-

женер-электрик адистиги боюнча бүтүргөн. Эмгек жолун АГЭС Каскадында мастерликтен баштап, 1960-жылы инженер, андан кийин Фрунзе шаарында ТЭЦте ага инженер болуп иштеген.1965-жылдан 1966-жылга чейин «Кыргызглавэнергодо» ЦСРЗАнын башчысынын орун басары кызматын аркалаган.1966-1969-жылдар аралыгында Ысык-Көл ПЭСинде, ал эми 1974-1976-жылдарда Ош ПЭСинде башкы инженер болуп эмгектенген. 1976-жылы Токтогул ГЭСине директор болуп дайындалат, 1981-1988-жылдар ичинде Токтогул ГЭСтер Каскадына башкы инженер кызматында иштеген. 1988-1996-жылдарда Токтогул ГЭСтери Каскадында директор болуп үзүрлүү эмгектенген. Болот Иманалиев жетектеп турган мезгил башка улуттагы адистер агылып кетип жаткан учурга туш келип, анын алдын ала көрө билгичтиги менен кыргыз улутундагы эң мыкты инженер адистердин тобун тарбиялап чыккандыгы менен кылган иштери ташка тамга баскандай ТГЭСКнын тарыхында калды. Болот Иманалиев Кара-Көл шаарынын жылытуу системасын алгачкылардан болуп электр энергиясы менен жылытууга өткөрүүсү менен шаарыбыздын калкынын жашоо шартын жакшырткан. Б.И.Иманалиевдин жасаган ак эмгеги бааланып, «Эмгектин кааарманы» медалы, СССР Минэнергонун Ардак грамотасы «СССР энергитка жана электрификациясынын отличниги» значогу менен сыйланган. Ал эми 1994-жылы «Кыргыз Республикасынын өндүрүшүнүн эмгек сиңирген жумушчусу» ардактуу наамы ыйгарылган.

ИСРАИЛОВ АБДЫЛДА НУРГАЗИЕВИЧ

Эмгек жолун 1978-жылы Токтогул ГЭСинин электр цехинде электр монтерлукка окуучу болуп баштаган. Ал бир учурда Фрунзенин политехникалык институтунун Кара-Көл шаарындагы кечки бөлүгүндө энергетика факультетинин студенти болгон. 1984-жылы ФПИни аяктагандан кийин Токтогул ГЭСтери Каскадында алгач машина залында кезметчи электр монтер, андан кийин кезмет башчысы кызматын аткарган.1986-жылдан баштап ЭТЛде ТА жанаТВ тобунун инженери, андан кийин ЭТЛдын башчысы болуп

иштейт. 1992-жылдын апрелинен тартып алгачкы электротехникалык жабдууларды эксплуатациялоо боюнча башкы инженердин орун басары болуп эмгек жолун уланткан.1993-жылдын майынан баштап ТГЭСКнын ЦСРЗАсынын башчысы, 1994-жылы ТГЭСКнын башкы инженери болуп дайындалган. 1996-жылдын 1-ноябрынан 2002-жылга чейин Токтогул ГЭСтери Каскадынын директору кызматында эмгектенген.

А.Н.Исраилов-«Россиянын бирдиктүү энергетика системасынын эмгек сиңирген жумушчусу» жана «Кыргыз Республикасынын өндүрүшүнүн эмгек сиңирген жумушчусу» ардактуу наамдарын алган.

САДАЙ МОМУКЕЕВ

1976-жылы Фрунзедеги политехникалык институтун инженер-электрик адистиги боюнча факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун Токтогул ГЭСинде электр слесарь, машзалда нөөмөтчү электр монтер адистиги боюнча иштеп баштаган. Ал эми 1977-жылдан баштап электр цехинде нөөмөт башчы, ага мастер, 1982-жылдан электр цехинин башчысы болуп иштеген.1988-жылдан баштап Токтогул ГЭСтери Каскадында башкы инженердин орун басары кызматын аркалаган.1993-1995-жылдар аралыгында «Кыргызэнергоремонт» өндүрүштүк оңдоо ишканасында турбиналык цехтин башчысынын орун басары кызматында, 1995-1996-жылдары Бишкек шаарында ТЭЦте турбиналык цехтин башчысы болуп эмгектенген. 1996-жылдан баштап Токтогул ГЭСтери Каскадында башкы инженер, 2001-2002-жылдары «Кыргызэнерго» акционердик коомунун башкы директорунун биринчи орун басары, 2002-жылдын 16-апрелинен баштап 2005-жылга чейин Токтогул ГЭСтери Каскадында директор болуп иштеген. С.О.Момукеев-"КМШнын эмгек сиңирген энергетиги", "Кыргызстандын эмгек сиңирген энергетиги".

АЗАМАТ АБДЫКАДЫРОВ

Эмгек жолун 1980-жылы баштаган. 1985-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун инженер-электрик адистиги боюнча бүтүргөн. Кыргызстандын энерго тармагында ЖОЖду аяктагандан кийин "Кыргызэнерго» ААКнын, андан кийин «Электро станциялар» ААКнын ар түрдүү кызматтарында инженердик

кызматта иштеп келген. 2005-жылдын апрелинен тартып, Токтогул ГЭСтери Каскадынын директору кызматын аркалаган.

МЫРЗАТАЙ СУЛТАНАЛИЕВ

Мырзатай Сагынбекович Токтогул районунун Үч-Терек айылында 1957-жылдын 9-апрелинде кызматкердин үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Орто билимге айылындагы М.Горький атындагы орто мектебинен ээ болгон жана ошол эле жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун энергетика факультетине кирип, 1979-жылы инженер-электрик адистигин алып чыккан. Жогорку билимдүү, келечегинен көптү үмүттөндүргөн чыйрак, тыкан жаш жигитке Кара-Көл шаарында иштөө насип этип, 1979-жылы эле шаардагы "Достук" заводунун капиталдык курулуш бөлүмүнүн инженери болуп дайындалып, электрдик цехтер боюнча бөлүмдүн башчысы, негизги энергетика бөлүмүнүн башчысы, башкы инженердин орун басары болуп иштеген. Ар тараптуу дараметке эгедер жаш жигит тапшырылган бардык кызматтарда өзүнүн татыктуу жактарын көрсөтүп, ийгиликтерди камсыз кылып иштеди. Адамдардын, жетекчилердин ишенимине татыды.

Мүнөзүндөгү адамгерчилик сапаты менен иш билгилиги шайкеш келген жаш инженер-энергетик жигит 1996-2005-жылдары Токтогул ГЭСтер Каскадынын материалдык-техникалык жактан жабдуу бөлүмүнүн жетектөөчү инженери, ушул эле мекеменин директорунун орунбасары, анан директору болуп эмгектенди.2008-жылга чейин Каскадды жетектеди. Мырзатай Сагынбековичтин жыйырма беш жылдык эмгек таржымалынан көрүнүп тургандай эле улам жооптуу участокторго жиберилип жатышынын өзү анын ар тараптуу иш билги, билимдүү инженер-энергетик, чоң жамаат менен ырааттуу иш жүргүзө алган ички маданиятынын көрөңгөсү мол экенинен дарек берип турат.

-Чоң жамаатты жетектейсиңби, же беш-он адамды башкарып иштейсиңби адамга эң зарылы бирөө эле,-дейт Мырзатай Сагынбекович,-Өзүң ким менен, кандай адам менен иштешип жатасың, же сүйлөшүп жатасың, чече турган маселенин жүйөлүү

деңгээли канчалык? Мына ушул жагдайдан тереңирээк ой калчап, ар адамдын деңгээлине ылайык талап коюп, анан андан жоопкерчиликти талап кылсаң натыйжасын көрө аласың. Демек, кадрларды туура тандоодо маселе жатат. Өзүнүн жоопкерчилигин сезе билбеген адамга кайра-кайра какшап талап коюунун эч кандай кереги жок.Уяттуу адам бир ишти эки айттыргандан өзү эле уялат.

Ооба, мыктысынып бой көтөрбөгөн, кайсы бир көйгөйдү чечүүдө карбаластап ачуу чакырып чакчырылбаган оор-басырыктуу адам-өтө жогорку маданияттуу адам эмеспи. Мырзатайдын ушундай тубаса мүнөзү бар. Бирок, митайымданып, антқорлонуп, арамзаланып эптеп жоопкерчиликтен буйтап кетүүнү көздөгөн адамдар менен эч убакта келише албайт. Талапты катуу коет, "алданбайт". Чейрек кылым арыткан эмгек жолунда эл ичинде чоң аброй топтоду, урмат-сый тапты. Үй-бөлүнүн мээримдүү башчысы, эл-журттун кадырман инсаны боло алды.

БОЛОТ НУРБАЕВ

Энергетикага эмгеги сиңген

Болот Нурбаев -1947-жылы 16-июнда Базар-Коргон районунун Беш-Бадам айылында туулган. 1965-жылы райондун борборундагы мектеп-интернатынын 11-классын бүтүрүп, жетилүү аттестатын алган.1971-жылы Фрунзедеги политехинкалык институтунун энергетика факультетин аяктаган. 1971-жылдан 1981-жылга чейин Фрунзедеги жылуулук электро борборунда электро ширетүүчүлүктөн баштап, электр тармактарынын башчысынын орунбасарлыгына чейин иштеди. 1981-1997-жылдары Токтогул ГЭСинин начальниги, 1997-2004-жылдары Бишкектеги өндүрүштүк ремонттоо ишканасында башкы инженер, 2004-2006-жылдары Кыргыз өкмөтүнүн алдындагы энергетика институтунда электр станцияларын көзөмөлдөө бөлүмүнүн башчысы, 2006-2008-жылдары улуттук электр тармактар акционердик коомунун электр тармактарын эксплуатациялоо жана ремонттоо бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенди. Ал эми 2008-жылдан 2010-жылга чейин Токтогул ГЭСтер каскадын жетектеди.

Ал алгачкы эмгек чыйырын баштагандан тартып, энергетика жаатында иштеп, бул тармактын өсүп-өнүгүшүнө салым кошуп келди. Ошентип, бир кездеги политехникалык институттун сту-

дентинин жаштык курагы энергетика тармагына арналды. Бул жерде иштеп, улам такшалып, ишке каныгып, тажрыйбалуу адис болуп чыга келди. Анын эмгек жолунун он алты жылы Токтогул ГЭСинин начальниктигине арналса, акыркы жылы Токтогул ГЭСтер каскадында иштеди. Азыр эс алууда.

... Анда Токтогул ГЭСтер каскадын жетектеп жаткан кези. Ошол күнү биз менен ал өзүнүн эмгек таржымалы туурасында сүйлөшүп олтурду. Ар бир сурообузга кыска гана жооп берип жаткан бул инсандын турпатынан токтоолукту жана сабырдуулукту байкоого болот эле. Көп жылдык эмгек жолунан улам кимдин ким экендигин аңдай билгендиги даана сезилип турду. Ар кимге эле ачыла бербеген бул адам башында анчейин чечилбегени менен акырында ой туйгуусун, көз карашын төгүп салды. Ал канчалык дилиндегисин айтканы менен оор басырык үн менен сүйлөп олтурду.

- Эмгегимди энергетика тарагына багыштап, бирок, сыйлыкка кол созгон жокмун. А бирок, эмгегим бааланган учурлар болду. Кыргыз башкы энерго мекемесинин, улуттук электр тармактар акционердик коомунун, Токтогул ГЭСтер Каскадынын Ардак грамоталарын алдым. 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйландым.

Ал жетекчи болуп иштеген 1981-1997-жылдары башталышында Токтогул ГЭСи жаңыдан ишин баштап, жөнгө салына элек болуучу. Ушул учурда убакыт менен эсептешпей күнү түнү иштөөгө туура келди. Көбүнчө таң эртең мененден тартып, түнкү бир оокумда жумуштан кайтчу, ал келгенде балдары нечен күрдай уктап калышып, атасынын кайсыл учурда келип-кеткенин билишпей, бир нече күн көрбөй калышчу.Табиятында бир сырдуу инсан бардык мезгилде эмгек жамааты менен биргелешип иштеди, анын күпүлдөп сүйлөп, айрым жетекчилерге окшоп опурулуп-жапырылбаган мүнөзү жакчу. Иш билгилиги жана токтоо,сабырдуу мүнөзү аркылуу бир жерде он алты жыл начальник болуп иштеди.Бул учурда Токтогул ГЭСинин жетинчи, сегизинчи, тогузунчу энерго блокторун монтаждап,жүргүзүүгө чейин катышты.

Мына азыр Токтогул ГЭСтер Каскадына директорлукка келгенине эми гана жыл айланды.

-Он беш жылдын аралыгында кадр саясатында проблемалар

көбөйүп кеткен болчу, деди ал ой учугун улап. Кадрлардын тез-тез алмашуусу пайда алып келген жок. Рыноктук мамиле өкүм сүргөндүгүнө карабастан,эмгек маяна көтөрүлбөдү.Турмуш шарты оорлошкон энергетиктердин 60-70 пайызы жумуштарын таштап, чет өлкөлөргө иштегени кетип калышты. Алардын ордуна дароо кадр даярдоо жеңил эмес. Себеби, кеткен кадрлардын ордун толуктоо үчүн окуу жайларынан жаңыдан бүтүп келишкен адистерди иштетүүгө туура келди. Бирок, алар сапатсыз билим алышкандыктан, өндүрүштү дароо эле жүргүзүп кете алышкан жок.Демек, аларды кайрадан үйрөтпөсө болбойт эле. Жакшылап иштешсе гана эң кеминде беш-он жылда араң гана үйрөнүшөт. Ошентип, азыр кайсыл тармакка болбосун даяр кадр келбейт, алар менен көп жылдар иштешүүгө туура келет.

Ал гидро электр станцияларынын жабдуулары улам эскирип жатканына кейигенин билдирди.-Ал жабдуулар моралдык да, материалдык да жактан эскирип бүттү. Сатып алалы десек, Кыргызстанда жок, деди ал.-Баары Россиядан чыгат.Эскирген тектиктерин оңдоп иштеткенге, каражат жетишпейт. Анткени, өндүрүлгөн электр энергиясы элге сатылгандан кийин, анын акысы өз убагында толук кайтпай жатат.

Болот аганын айтымына караганда бир кезде баары Кыргыз энерго башкы башкармалыгына карай турган. Союз бузулганда энергетика тармагы алты башкармалыкка бөлүндү. Электр станциялар акционердик коому пайда болду. Улуттук электр тармактар акционердик коому уюштурулду. Жалал-Абад, Ош, Түндүк электр тармактары бөлүнүп кетти, деп айтты ал. Алгачкы концепция ишгелип чыгылганда Ош, Жалал-Абад, Түндүк электро сыяктуу тармактары сатылмак болчу. Бирок ала коем деген эч ким жок. Эгерде сатыла турган болсо элге эле түйшүк болот. Анткени, сатып алган адам баасын жогорулатат. Аны калк көтөрө албайт.

- Мына азыр Токтогул ГЭСтер каскадында да иштегендердин эмгек маянасын өтө жогору деп айта албайбыз. Агрегаттар үзгүлтүксүз иштеш керек, ошого жараша адистер да тынымсыз эмгектенишет.Айлык акы ошого жараша жогору болсо гана, азыр да үйрөнүшкөндөн кийин Россия жана Казакстанга ГЭСтерге эмгектенгени, же коммерциялык жумуштарга кетишет, аларды токтото албайсыз. Анткени, ал жакта 500-800 доллардан

кем эмес төлөшөт экен.

-Жагдай улам татаалдаша берсе, энергетика тармагынын келечеги кандай болот?—дедик Болот аганын оюн билүүгө кызыгып.

-Ал үчүн мына ушул кемчиликтерди жоюу керек. Бул үчүн энергетика жатында атайын министрлик ачылбадыбы, эми бул мииистрлик катуу иштеп жатат. Бул багытта өкмөттүн кабыл алган атайын прогаммасы ишке ашса энергетика тармагынын келечеги жакшы болот. Эгерде ишке ашпаса проблемалар дагы да татаалдашат. Ош, Бишкек жылуулук электро станцияларын,Ош Жалал-Абад электро акционердик коомдорун сатуу керек.Жабдууларын жаңылоо зарыл. Бул үчүн инвстициялык колдоонун болушу зарыл. Азыр алдыда ушул сыяктуу программаларды ишке ашыруу зарылдыгы турат. Бирок, ага убакыт керек.

Ал Кыргыз өлкөсү эгемендүүлүктү алгандан тартып, башкача айтканда 1991-жылдан бери энергетика тармагына көңүл бурулбай келгендигин айтты. Ошол мезгилде эле

« Камбар-Ата ГЭСин курса болор эле» деген пикирин билдирди.

-Эс алганга убактыңыз болобу? -деп суроо узаттык.

-Кайдан. Дайыма жумуштан кеч кайтууга, кээде кечинде үйдө олтуруп да, жумуш боюнча байланышууга туура келет.Эгерде бош убакыт болсо тоого чыгып эс алмакмын, азыр көп китептер чыгып жатат, аларды окууга убакыт аз. Мен тарыхый китептерди окууга кызыгам. Ар бир адам тарыхты билиши керек. Азыр Советтер Союзу учурунда тыюу салынгандар ачыкка чыгып жатат,алсак азыр дин маселеси. Аны да билип койгон жакшы.

-А дин маселесине сиздин жеке көз карашыңыз?

- Бул маселеде оюм түз, дин адам баласын жакшылыкка-ыйманга гана тарбиялайт.

Кайрадан анын оюн негизги жумушуна багытталган суроолорго бурдук.

-Азыр бир кездегидей план барбы?

-Ансыз иш болбойт. Азыр атайын программа менен иштейбиз. Мен Токтогул ГЭСтер каскадына жетекчиликке келгенде бир жыл бою атайын программанын үстүндө иштедим.Ал эми азыр келерки жылдын ноябрь айына чейин келерки жылга стратегиялык өнүгүү программасынын үстүндө иштеп жатабыз. Жал-

пысынан 2008-2020-жылга чейинки өзүбүздүн иштей турган программабызды түзүп алдык. Ал эми өкмөткө стратегиялык өнүгүүнүн 2015- жылга чейин белгиленген программасын бердик. Биз иштеп чыккан программа финансылык мүмкүнчүлүккө жараша улам өзгөрүп, толукталып турат.

- Токтогул суу сактагычында суунун аздыгы туурасында дайыма айтылып келет.

-Ооба, акыркы мезгилде бул көйгөй болуп калды. Айрыкча кышында электр жарыгын өчүрүүлөрдүн бат-бат болуп турушу да суунун аздыгынан болуп жатпайбы. Азыр суу сактагычта 13,5 миллирад метр куб суу бар, негизинен бул көрсөткүч 19,5 миллиард метр кубга жетиш керек. Ошондо жетээрлик өлчөмдө электр энергиясы өндүрүлөт.

-Токтогул ГЭСтер каскадынын кубаттуулугучу?

-Жылына эсептегенде Токтогул ГЭСтер каскады 2 миллион киловатт электр энергиясын өндүрөт. Анын бир миллион 200 киловатын Токтогул ГЭСи, 800 миң киловатын Күрс-Сай ГЭСи берет. Ал эми Нарын дарыясынын жээгинде дагы башка ГЭСтер бар эмеспи. Элге керектүү электр энергиясын калган ГЭСтер берет. Ал да суунун деңгээлине жараша болуп жатпайбы.

Биздин каармандыбыз бир топ ынанымдуу ойлорун айтты. Энергетика тармагындагы проблемалар дайыма анын жүрөгүн өйүтүп келет.Бирок,анын баарын чечүүгө Кыргызстанда мүмкүнчүлүк бар, деди. Бизге айтылган ойлор Болот Нурбаевдин жеке көз карашы. Бирок, ал пикирлер турмуштук да, эмгектик да тажрыйбасы мол тажрыйбалуу инсандын пикири деп эсептейбиз. Ал өзүнүн көп жылдык эмгегин жана бүйлимин энергетипка тармагына арнап келди. Ошол кездеги эмгек ирмемдери азыр деле анын көз алдында.

ТЕМИРЛАН БРИМКУЛОВ

Токтогул ГЭСтер каскадынын бүгүнкү директору

Токтогул ГЭСтер каскадын бүгүнкү күндө Бримкулов Темирлан Нургазиевич башкарат. Анын өмүр таржымалы туурасында да өзүнчө сөз.

Бул инсандын балалык чагы Токтогул районунда өттү. Атасы Нургазы Бримкулов өмүр бою билим берүү тармагында иштеп, окуучуларга билимдин уюткусун берди. Анын 58 жылдык

эмгек жолу дал ушул тармакка арналып, көп жылдар мектепте директор болуп иштеди. Өз ишине берилген бул инсандын билим берүү жаатындагы эмгеги бааланып, «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими» наамына татыктуу болушу, анын үзүрдүү эмгегинин айгинеси. Ал эми анын жубайы кесиби математика мугалими Кыркаяк Момункулованын эмгеги да окуучуларга билим жана тарбия берүүгө арналды. . Өзүнүн кырк жылдан кем эмес эмгек жолунда кесиптештеринен өзгөчөлөнүп, окуучуларга билим берүүдөн тышкары адабият жаатына кызыккандыгы анын калеминен жаралган адабий чыгармалары менен далиденип турат. Убагында анын китептери өз окурмандарын тапкан. Айылдык мектепте иштеп, бирок жүрөктүн түпкүрүнөн орун алган чыгармалардын автору ошол кезде Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Өз доорунун татыктуу бул инсандары талыкпай иштеп, кадыр-барк таап таап, тогуз уул-кызды тарбиялап, өстүрүштү. Баарынын жогорку билим алып, эл керегине жараган инсан болуп, өсүп-жетилишинде Нургазы Бримкулов менен анын жубайы Кыраяк Момункулованын эмгеги чоң. Темирлан тогуз баланын сегизинчиси.

Орто мектепти мыкты бүтүргөн баласына ата-энеси жогорку билим алышына камкордук көрдү. Ал Фрунзедеги политехникалык институттун энергетика факультетинин студенти болуп калды. 1984-жылы аталган окуу жайын аяктап, электр станциялар боюнча адистикке ээ болду.Жаңыдан кесипке ээ болуп, жүрөгү дегдеп келген жаш жигиттин ошол эле жылы биринчи эмгек чыйыры Токтогул ГЭСтер каскадына электро-техникалык жабдуулар лабораториясында электромонтер болуп иштөө менен башталды. Ал учурда жергиликтүү улуттун кадрлары сейрек, негизги адистердин көпчүлүгү орус улутундагылар болчу. Өзгөчө автоматташтыруу жаатында алар көпчүлүк орунду ээлешет эле. Ошолордун арасында бул жаш жигит өзүнүн зиректигин көрсөтө алды. Арадан үч ай өткөндөн кийин анын жөндөмдүүлүгүн байкашкан жетекчилери аны инженердик кызматка көтөрүштү. Ал

кезде жаштардын баары эле тапшырылган ишти бат өздөштүрүп кетүүгө умтулаар эле. Темирлан Бримкулов да жатаканада жатып, берилген тапшырманы батыраак өздөштүрүү үчүн, анын үстүнө билбей калып жетекчилеримдин алдында уят болбоюн деген ойдо түнү менен атайын китептерди таап окуп, даярданып, эртеси баарын билип алып жумушка барчу.

ГЭСте иштөө кызыктуу болгондуктан, күндө изденип, бир жаңылык киргизүүгө аракет кылчу. Ойлоп табылган сунуштар техникалык советтер аркылуу өтүп, анан гана өндүрүшкө киргизилчү. Көрүнгөн эле сунуштар өтө берчү эмес, анткени, ГЭСтин ишинде опурталдуу сунушту өткөрүп жиберүү мүмкүн эмес. Ал бөтөнчө чоң тактыкты жана жоопкерчиликти талап кылат. Ар бир сунуш терең ойлонулуп, адистер менен кеңешип чыккандан кийин гана техникалык советтин талкуусуна сунуш кылынчу. Ойлоп табуучулугу жагынан Темирлан Бримкуловдун билими да, таланты да күчтүү болчу. Анын ондогон баалуу сунуштары техникалык совет аркылуу өтүп, ГЭСтерде пайдаланылды.

Союз учуру. Ал үч жылга жакын жаш адистердин Советин жетектеди. Бул советтин жаштар арасында жана ГЭСтин эмгек жамаатында таасири күчтүү эле.

- Советтин катарында 15-20дай жаш адистер бар болчу. Биз дайыма өз ой-сунуштарыбызды айтып, кызуу талкууга алчубуз. Талаш-тартыштар менен кабыл алгандан соң, гана ал сунуштарды жетекчиликке айтаар элек,-деди каармaныбыз.

Жаңычылдыгы, жөндөмү жана ишке болгон жоопкерчилиги менен айырмаланган бул жигит кызматтык бийиктиктерге жетишип жатты. Администрациянын колдоосуна ээ болуп, 1986-жылы инженерлик кызматынан технологиялык процесстерди автоматташтыруу системаларында топтун (группанын) жетекчилигине дайындалды. Токтогул ГЭСтер каскадына компьютерлердин келиши менен компьютерлештирүү системасын ишке ашырууга кадам коюшту. Тимурлан Бримкулов бул кызматты бат өздөштүрүп, адистерди да үйрөтүүгө жетишти. Бул жумушта эки жылдай иштеп, дагы да каныгып, тажрыйба артып, Токтогул ГЭСинин энерго-техникалык лабораториясынын башчылыгына дайындалды. Бул жерде да жаман иштеген жок,өзүнүн ар тараптан талантын көрсөтө алды. Андан кийин каскаддын

МСРЗда башчы болуп, эмгек жолун улантты. 1997-жылы Токтогул ГЭСинин башчылыгына дайындалды. Бул мезгилде ал дагы да такшалып калган болчу. Электр энергиясын өндүрүүдө электр станцияларынын ичинен көрүнүктүү орунда турган Токтогул ГЭСинин беш жыл жетектеп, анын өндүрүмдүү иштешине өз салымын кошту. 2002-2007-жылдар аралыгында анын эмгек жолу дал ушул электр станцияда өттү. Жаштыгынын эң бир гүлдөп турган мезгилинен тартып, өмүрүнүн 28 жылы ГЭСке арналды. Өз артынан канчалаган жаш адистерди тарбиялады.

Биз менен баарлашып олтуруп, Токтогул ГЭСинин 25 жылдык майрамында мурда иштеп кеткен орус улутундагы адистерди да чакырышканын эске салды.

- Алар бизге таң калышты,-деди Темирлан Бримкулов.- «Биз кеткенден кийин Токтогул ГЭСи талкаланат деп ойлогонбуз. Бирок, силер өз калыбында иштеп жаткан турбайсыңарбы», дешпедиби. Чынында биз да ГЭС иштетүүнү үйрөнүп, талкалап-этпей эле, иштетүүнү өздөштүрүп алдык. Кийин да канчалаган татыктуу кадрларды тарбияладык.

Чынында бир кезде ири өндүрүштөрдө башка улуттун кадрлары басымдуулук кылып, Союз ыдырагандан кийин негизинен көпчүлүгү кетип калышты. Алар ошол учурда ГЭСтердин алар кеткенден кийинки тагдыры ойлондурган эмес, тетиричинче биз кетсек, иштете албай, баары жок болот деп ойлошкон. Бирок, Тимурлан Бримкулов сыяктуу кадрлар өздөрүнүн артынан да татыктуу кадрларды даярдашты. Алар ГЭСтерди сактап калышты.

-Сиздин ГЭСтерде иштеген эмгегиңиз бааландыбы? деген сурообузга каарманыбыз канааттануу менен жооп берди.

- Токтогул ГЭСинин 25 жылдыгында Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйландым. 2004-жылы «Кыргыз Республикасынын өнөр жайынын эмгек сиңирген кызматкери» наамын беришти.

Темирлан Бримкулов «Шериктеш мамлекеттеринин эмгек сиңирген кызматкери» наамына да татыктуу болду. Ал эми азыр болсо Кыргыз инженердик академиясынын академиялык кеңешчиси.

Кесиптештери аны өз ишине берилген, айткан сөзүн аткарган принципиалдуу жетекчи катарында билишет. Баштаган ишин аягына чыгармайынча тынчыбайт экен. Мүнөзүнүн токтоолугу,

көз карашынын кенендиги, эң башкысы жөнөкөйлүгү менен кесиптештери арасында аброю бар. Жумушу боюнча бир канча ирет чет өлкөлөрдө болуп, ал жактан алган таасирлерин өз кызматында колдонуп келет.

-Түшүнө да ГЭСтер кирет,-дейт жубайы Гүлмира.- Кайсыл агрегаты, кала берсе кайсыл тетиги кайсыл жерде экенин айттырбай билет. Ал чыныгы энергетиканын адамы. Ошону менен бирге адам эмгегин баалаган инсан. Ал эми жашоодо аялзатын аябай сыйлаган адам. Апасын өтө сыйлап, урматтачу. Анын жакшы тарбиясын алган.

Жубайы жолдошунун өз кызыкчылыгынан ишинин кызыкчылыгын жогору койгон инсан экендигин айтты. Жубайы демекчи, өмүрлүк жары Гүлмира Сатарова Кара-Көл шаарынын вице-мэри. Анын айтымында жолдошу Темирлан Бримкулов үй-бүлөсүндө да өз орду бар кадыр-барктуу инсан. Балдарынын алдында да атанын сөзү экинчи ирет кайталанбайт. Жакшы ата, жакшы жолдош.

Жубайы экөө балдарын жакшы тарбиялашыптыр. Алардын чыныгы билим алышына шарт жаратышты. Азыр тун уулу Чыңгыз Кыргыз Улуттук Университетинин кыргыз-америкалык факультетин аяктаган, кесиби информатик. Кызы Турсунай Ала-Тоо Ата-Түрк университетинин студенти. Кенжеси Бектур 6 жашта.

АРСТАНКУЛ БОЛГОНБЕКОВ

ГЭСти кырсыктан сактап калган

Бир караганда көз алдыңызга карапайымдай көрүнгөн биздин каарманыбыздын өмүрү ГЭСтер менен байланышкан. Анын балалык чагы тоолуу Токтогулда өткөн. Атасы Турдукул колхоздун башкармасынын төрагасы болуп иштеген, анан партиялык, советтик кызматкер болчу. Апасы Турганбүнүн кесиби тигүүчү эле. Токтогул райондук турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатында иштеген. Ал үй-бүлөдөгү сегиз бир туугандын бешинчси болчу. Ата-энеси балдарынын баарынын жогорку билим алышына шарт түзүп беришти. Ал мектептибүткөндөн кийин Кара-Көл

шаарына келип, алгач Күрп-Сай ГЭСинде слесарь, анан автобазада айдоочу болуп иштеп, ошону менен бирге шаардагы Фрунзедеги политехникалык институттун Кара-Көлдөгү филиалында кечкисин окуду. Үчүнчүз курсту бүткөндө, билимин Фрунзеден улантып, бүткөрдү. Жогорку адистикке ээ болгондон соң, Күрп-Сай ГЭСинде инженер болуп иштей баштады. Бир жылдан кийин каскаддга караштуу МСЗПи деп аталган башкармалыкты башкарды.2000-жылдан каскаддын башкы инженеринин негизги жабдуулар боюнча орун басары болуп, үч жыл иштеди да, 2003-жылдан Күрп-Сай ГЭСинин начальниктигине которулду. Эң жооптуу болгон бул кызматында 2011-жылдын декабрына чейин, башкача айтканда 9 жылга жакын эмгектенди. Азыр каскаддын директорунун жалпы маселелер боюнча орун басары.

Арстанкул Болгонбеков энергетика тармагында 30 жыл иштеди. Эмгеги баланды. Жергиилктүү бийликтин, областтык мамлекеттик администрациясынын , тиешелүү мирнистрликтин Ардак грамоталары менен сыйланды. Көз карандысыз мамлекеттердин Шериктештигинин (КМШ) «Эмгек сиңирген энергетиги» болду.

Үй-бүлөлүү болду. Жубайы Бактыгүл Маматаева «Турист» мейманканасын жетектейт, шаардык аялдар кеңешинин төрайымы. Экөөнүн үч уулу бар.

Эгерде өткөн өмүрүнө сарасеп салып көрсө, жөн жашабаптыр. Өмүрү ГЭСтер менен байланышыптыр. Күрп-Сай ГЭСинде иштеген мезгили баарынан мазмундуу болуптур. Шаардан аталган ГЭСке жетүү оңой эмес. Таң саарынан чыгып, эки сааттай жол жүрүшөт. Кыш мезгилинде убакыт мындан да созулуп кеткендей сезилет. Жол тайгак болуп калган учурда алар олтурган автобус жылбай бир орунда тургандай сезилет. Бурум жолдор менен ар кандай коркунуч көзгө элестеп, « кудайлап » жүрүп барышат. Эгерде аскалар кулап, таштар түшүп калчу болсо, жол жабылып, же ары, же бери өтө албай калган нечен күндөрдү баштан кечиришти. Кудум эел ошол аска басып калчуудай сезилгеничи. Бир курдай жол буулуп калып, ГЭСтен бир нече күн үйгө келбей калышкан. Анан Нарын дарыясы аркылуу кайык менен өтүп жүрүштү. Жолдон да тозогу ушул болду. Дарыяда кайык калкылдап, шамал жүргөндө чайпалып, жүрөктүн үшүн алат. Ашпозчулар барбай калышып, нечен күн ачкада калышты.

Дагы бир учурду эстеп көрсө ошол тозоктуу учур кайрадан

кайталанып жаткан сыяктуу тим эле үрөй учурат. Зооканын башынан жарака кетип электр мамычалары, ордунан жылып кулап кетчүүдөй коркунуч туулду. Күрп-Сайга өтө чоң коркунуч туулуп жатты. Адисттер алпинист сыяктуу тоонун бооруна асылып алып, ошол жараканы бүтөгөндөн кийин коркунуч жоголуп, иш жайына түштү.

Дагы бир учур көз алдында кадимки ушул бүгүнкүдөй турат. Күрп-Сай ГЭСине жаңыдан начальник болуп келген кези.Ашыкча сууну кое беришет. Бир курдай да ошондой болду. Платинанын түбүнөн жана үстүнөн суу агып жатты. Ал ошол турушунда жүз метрден бир топ бийик атырылып барып, жээкке ошончолук күч менен келип түшүп жатты. Ак көбүктөнүп, атырылып чыккан суунун күчү ошончолук сөз менен айтып түшүндүрө алгыс жогору жана өтө күчтүү болчу. Токтотуу керек болчу, болбосо бир топ чоң зыянды алып келиши мүмкүн эле. Буга Өзбекстанда жайгашкан Борбордук Азия диспетчердик башкаруусунан уруксат сурашканда алар уруксат бербей коюшту.Эч кимге карабай Арстанкул Болгонбеков жоопкерчиликти өз мойнуна алды да, сууну токтотууга туура келди. Суу тарап бүткөндөн кийин платинанын узундугу 18 метр, туурасы 4, тереңдиги 1,5 метр бетону оюлуп,суу жеп кеткенин көрүштү. Кудай сактаптыр. Сууну токтотпосо Күрп-Сай ГЭСине чоң зыян келтирип, агрегаттарды талкалап,керектен чыгарып, анда иштеген жумушчуларды, анан калса ылдыйда жашаган айылды бүтүндөй суу алып кетмек экен.

Ал ушул өңдүү оор жана татаал, машакаттуу күндөрдү өз башынан өткөрдү. Ал азыр Токтогул ГЭСтер каскадындагы көрүнүктүү, эң башкысы тажрыйбалуу энергетиктердин бири. Бул жерде өз орду, өз кадыр-баркы бар сыйлуу инсандардын катарына кирет.

Токтогул ГЭСи

Токтогул ГЭСи туурасында өзүнчө сөз кылсак болот. Сырттан алып караганда энергетиктердин иши жеңилдей туюлат. Айрымдары алар ири өлөчөмөдөгү маяна алышат деп кеп кылышат. Бирок, алардын эмгеги өтө оор жана түйшүктүү экенин алардын эмгегин өз көзү менен көргөн адам гана ынанат.

Сырткы таза абадан кире берип, ичкери карай кадам ташта-

ганда эле жердин солк эткенин байкайсыз. Ошону менен бирге басып баратып, титирөөнү ачык эле сезесиз. Сыртта мээ кайнаткан ысык болуп турганына карабастан ичкериге кирип, дароо денеңиз ичиркене түшөт. Шамал беттен уруп, агрегататтардын күрүлдөгөн добуштары ГЭСтин ичин каптап турат. Улгая элек энергетиктердин каска ичинен чыгып турган чачтарын карап, эрте эле бубак басып калганын көрөсүз. Мындай адамдар бир, же эки эмес, негизинен көпчүлүгүгүн эле жаш туруп, чачтарын ак басып калган. Анткени, күн көрбөгөн, бетон ичинде иштеген энергетиктердин чачы бат эле агарып кетет экен. Күн сайын таңкы алты жыйырмада Кара-Көлдөн жумушка карай чыгышкан энергетиктер, ГЭСтин мына ушул денени чыйрыктырып турган жайынан кечинде алтыда араң чыгышат. Эгерде агрегаттардын кандайдыр бир тетиги бузулуп, же кандайдыр бир зарыл жумуштар чыгып калса, жумуш күнү андан да узарып кетет. Үйлөрүнө кеч киргенде кайтышкан энергетиктер айрыкча кыш мезгилинде күндүн көзүн көрбөй да калышат. Айрым учурда балдары уктап калган кырдаалдар да болот.

Бирок, Токтогул ГЭСинде иштеген энергетиктер ушул эң баалуу кесиптери менен сыймыктанышат. Бул ГЭС дүйнө жүзүндө уникалдуулугу боюнча башка ГЭСтерге окшошпойт. Ал эки тарабын тоо курчаган кууш жерге курулгандыгы менен айырмаланып турат. Башка ГЭСтерден өзгөчөлөнүп, төрт агрегат эки катар жайгашкан. Башка ГЭСтерге барып калчу болсоңуз агрегаттардын бир катарда турганын көрөсүз. Бизде эле эмес дүйнө жүзүндө ушундай орнотулган дешет энергетиктер. Зарылчылык туулганда бир катарда турган агрегаты ремонттоо үчүн экинчи катардагы агрегаты бир сааттан кем эмес убакытка токтотууга туура келет. Утушу чакан жайда төрт агрегаттын орнотулушу.

ГЭСтин башчысы Узакжан Атагараевдин айтымына караганда Токтогул гидро электр станциясын куруу үчүн эки тоону колдонушкан. Анын платинасы жалаң темир бетон менен курулган. Өтө бышык жана салмагы оор болгондуктан, платина өзүнүн салмагы менен (гравитационный) 19,5 миллиард куб сууну кармап турат.

- 22 жылдын аралыгында курулган Токтогул ГЭСинин бийылкы жылы электр энергиясын өндүрүп жатканына 36 жылдан ашты. Ар бир 4-5 жылда капиталдык ремонттон өткөрүлүп

турулат,-дейт ГЭСтин башчысы Узакжан Атагараев.- Ал эми жылына эки мезгилде- жазында жана күзүндө учурдагы ремонт иштерин жасайбыз.ГЭС долбоордо көрсөтүлгөн кубаттуулук менен иштеп жатат. Иштей баштагандан тартып, бүгүнкү күнгө чейин 153 миллиард 984 миллион киловатт саат электр энергиясын өндүрдү. Кыш мезгилинде орточо суткасына 28 миллион киловатт саат, жылына орточо суткасына эсептегенде 15 миллион киловатт-саат электр энергиясын иштеп чыгарат. Айына эсептегенде 750-800 миллион киловатт саат электр энергиясын өндүрөт.

Узакжан Атагараев азыркы мезгилде 12 сааттан кезеги менен баары 170 адам иштеп жаткандыгын айтты. Ошону менен бирге инженердик күзөттө үзгүлтүксүз жети адам эмгектенет. Баары жогорку билимдүү адистер. Жумушка келген жаштарды алты ай окутуп, даярдыктан кийин экзамен менен кабыл алышат экен. Андан кийин 12 нөөмөт өтөп, башкача айтканда бир ай иштеп, андан машыгуудан өтүшөт. Бул сыноолордон ийгиликтүү өткөн жаштар гана кабыл алынып, ГЭСте өз алдынча иштей башташат. 4 нөөмөт менен баары бириккенде 40 адам күзөттө турушат. Ал эми калгандары аптасына беш күн сегиз сааттан иштешет. Эгерде агрегаттын иштешинде үзгүлтүк боло турган болсо, ал жумушту бүткүчө калышат.

Жогоруда айтпадыкпы ГЭСтин 500 чыңалуудагы киловольту ачык аянтта блүштүрүү- түзүлүшүндө (открытое распредительное устройсво) адамга берилүүчү зыян өтө жогору болгондуктан, келечекте тукумсуздук болуп калуу коркунучу да бар. Ошондуктан, ден соолукка зыян болгондуктан, ал жерлерде кыска мөөнөттө гана иштешет. Ошентсе да ремонт иштери зарылдыкты туудурса, жумуш аяктаганда иштөөгө мажбур болушат. Ошого жараша жетекчилик тарабынан энергетиктерге шарт түзүлүп берилет.

- Силер көп эмгек акы аласыңар,-деп айтып калышат,-дейт ГЭСтин башчысы.-Бирок, энергетиктер ГЭС үчүн өз өмүрлөрүн, да аябай иштеп жатышпайбы. Кышында дайыма терезеде муз тонуп турат. Сырттагыдай аба жок болгондуктан, ден соолукка зыян. ГЭСтин ичи электр менен гана жарыктандырылат.

ГЭСтин 4 агрегат жайгашкан жайына кире бергенде бийикте Лениндин сүрөтүн колу менен жаңсай көргөзө Узакжан Атагараев бир саамга токтой калды. Анын маанилүү бир нерсе айтайын

деп жатканын туйдум. Андан оозуна каскаддын мамлекеттик тил боюнча адиси Чынаркүл Илепбаева оозуна сүйлөдү.

-Энергетиктердин дагы бир эрдиги дубалдын артындагы трансформаторду оңдоо үчүн биз көрүп турган бийиктеги Лениндин сүрөтүн алып, кайрадан мурдагыдай калыпта орнотуп коюшкан.

- Дал ошондой болгон,-деди ГЭСтин башчысы,- бул темир бетон жана мраморго түшүрүлгөн Лениндин сүрөтүнүн орду 250 чарчы метрди түзөт. Бийиктиги 15 метр болгон дубал толугу менен бузулуп алынып, кайра коюлган. Трансформатор ремонттолуп бүткөндө кайра эч бир кемчиликсиз баштагыдай абалда коюлган.Баары алынганын көрүп кеткен ошол кездеги республиканын энергетика министри Илияз Давыдов кайра келип, Каскаддын инженер-техникалык кызматкерлери менен жумушчуларынын колунан жасалган таң каларлык булл укмуш иштин бүткөнүн көрүп, кудум эле өзүндө болгонуна ыраазы боло баш чайкаган.

ГЭСтин адистеринин ойлоп табуучулугу да бир укмуш. Алар мурдагы токтотууга мүмкүн болбогон агрегаттардын кемтигин ойлоп табуучулук менен толук четтетүүгө жетишишкен. Мурда агрегаттардын өзөгүндөгү сууга бөгөт коюучу бөлүкчөлөрү 2-3 айда эле иштен чыгып, ремонту талап кылчу. Ал эми Токтогул ГЭСинин инженер техникалык кызматкерлеринин ойлоп табуучулук сунуштарынын негизинде бул бөлүкчөлөрдүн иштөө мөөнөтү бир жылга чейин узартылды. Бир кезде орустар кетишкенде Токтогул ГЭСи талкаланып, иштете алышпайт деген ойдо болушкан. Тетирисинче кыргыз адистери өздөрү эле ГЭСти иштетүүгө кудуреттери жете турганын далилдеп коюшту. Кайра алардын өтүп,ойлоп табуучулук кудуреттери өрчүдү.

-Быйылкы жылы бир да бөлүкчө олуттуу кырсыкка учурабай, токтоосу жана өндүрүмдүү иштеди,-дейт Узакжан Атагараев. – Жаңыдан келген ар бир жабдуу каскаддын жана Токтогул ГЭСинин адистеринин күчү менен өндүрүшкө ылайыкташтарылып орнотулуп жана пайдалданылып жатат. Ал эми убагында табылбаган жана бузулган тетиктерди өз устаканабызда жасайбыз.

Узакжан Атагараев кээ бир көйгөйлөр да бар экендигин жашырган жок. – ГЭСтин бир катар жабдууларынын тетик-

теринин иштөө мөнөтьү эчак эле эскирген. Ал эми жайылары жана бөлүмдөрү заманбап талапкка жараша ремонттоого дуушар. Буга чейин ГЭСте эки премьер-министр, мурдагы президент Роза Отунбаева келген. Айтайын дегеним атайын кеңешме өткөрө турган жай да азыркы талапка жооп бербейт. Айрыкча мына ушул кеңешме залын капиталдык ремонттон өткөрүп, жаркыратып койсок эң сонун болмок.

Токтогул ГЭСи кудай колдогон гидроэлектр станциясы экендигине өз көзүбүз менен көрүп ынандык.

Биринчиси күрүлдөп иштеп турган төрт агрегаттын биринин астындагы гранит ташынды « аллах» деген жазууну көрдүк. Мындан эки жыл мурда бул жерде иштеген жумушчулар көрүп калышкан. Ал таш ГЭС курулган мезгилде эле коюлган, жазуу да ошондо болгон дешет. Бирок, ага чейин эч кимиси байкаган эмес. Алардын айтымына караганда бул агрегат таптакыр бузулбай, үзгүүлүтүксүз иштейт экен. Бул да болсо кудайдын колдоосу деп билишет.

ГЭСтин дагы бир ыйыктыгы бул жерге тоо башынан ыйык эсептелгшен булак суусунун өз агымы менен келгендиги. Угушубузга караганда булл суунун касиети чоң экен. Бул суу менен улам жуунуп жатып түшкөн чачы кайра чыккандар да болуптур. Бир курдай мугалимдер ГЭСке саякатка барышканда мына ушул суунун дарылык касиетин угушуп, бөтөлкөлөргө куюп алып жатышкан кезде Жалал-Абаддан барган экөөнө жетпей калат. Ошол кезде арактын бөш бөтөлкөсүнө куюп,үстүндөгү пробкасын бекитүүгө үлгүрбөй, ал бөтөлкөнүн асты түшүп калганын көрүшөт. Муну да ыйык суунун керемети менен байланыштырышат. Бул да чындык. Демек, Токтогул ГЭСи кудайым берген ыйык жерге курулуп, ошол ыйыктык бул гидро электр станциясын сактап жана энергетиктерди колдоп келатат деген ойлор айтылып келет. Мына ушул эки көрүнүштөн улам Жараткандын бул колдоосу ырасында чындык экендигине ишендик. Бир чети кандай гана кыйынчылыктарга карабастан эрдикте тете жумуш жасап, өлкөбүздү электр энергиясы менен камсыз кылып жаткан энергетиктердин эмгегине таазим этип, сыйынууга гана болот.

Күрп-Сай ГЭСи

Күрп-Сай ГЭСи кубаттуулугу жагынан Токтогул ГЭСинен кийинки орунда турат, анын жалпы кубаттуулугу 800МВтты түзөт. Күрп-Сай ГЭСинин суу сактагычынын көлөмү 370млн кубометрди түзүп, жумалык жөнгө салууга ылайыкташтырылган. Станцияда ар биринин кубаттуулугу 200МВтты түзгөн төрт гидроагрегат бир катарда жайгаштырылган. Платинанын бийиктиги 113 метрди түзөт.

Аталган ГЭСтин курулушу 1976-жылы башталып, 1982-жылдын ноябрында толугу менен бүткөрүлгөн. Башкача айтканда, бул ГЭСтин курулушу беш жылдан ашык мезгилге созулган.

1980- жылы курамына Үч-Коргон ГЭСи кошулуп, Токтогул ГЭСтеринин Каскады деп аталган.

1981-жылы 1-агрегаттын ишке кириши менен бирге Күрп-Сай ГЭСи да Токтогул ГЭСтери Каскадынын курамына кирди.

Төмөнкү Нарын Каскадынын ГЭСтерин куруу Дирекциясынын жоюлушуна байланыштуу Кыргызэнергонун 1981- жылдын 9-июндагы №260- буйругунун негизинде Токтогул, Күрп-Сай жана Үч-Коргон ГЭСтер биригип, кубаттуулугу 2180 МВтты түзгөн Токтогул ГЭСтеринин Каскады болуп аталып калды.

Азыркы мезгилде ГЭСте 114 адам иштейт. Суткасын орточо 14 миллион киловат- саат электр энергиясын өндүрүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Айына эсептегенде 450 миллион киловат –саат электр энергиясын өндүрсө,ишке киргенден тартып,93 миллиард киловат-саат электр энергиясы өндүрүүгө жетишкен. Ал эми жылына орточо өндүрүлгөнү 3 миллиард 400 миллион киловат-саат. 2012-жылдын январь-февраль айларын эсептеп көргөндө 908 миллион 684,6 киловат-саат электр энергиясы өндүрүлгөн.

Күрп-Сай ГЭСинин агрегаттары жана жабдуулары өз мезгилинде ремонттолуп, 4 агрегаттын иштөө абалы көзөмөлдөн өткөрүлүп турулат.

Азыр Күрп-Сай ГЭсин Алмаз Кушубаков жетектейт.

Күрп-Сай ГЭСинин өзгөчөлүгү шамал күчтүү. Агрегаттардын иштөөсүнүн таасиринен титирөө өтө күчтүү болбогону менен энергетиктер кзн сайын Ош-Бишкек жолунун эң татаал бөлүгү менен 3 тоннелден өтүп, ошол себептүү Кара-Көл шаарынан бир

саат убакытта мамлекеттик автоинспекциясынын кызматкерлеринин коштоосунда атайын унаа менен барып, кайра ошондой коштоо менен келишет. Жолдордо кокустуккка учурашкан мезгилдер да болгон. Өз жашоолорунан ГЭСтин кызыкчылыгын жогору коюшкан энергетиктер өзгөчө кышында жол азабын көп тартышат. Күн сайын эртең менен Кара-Көлдөн Күрп-Сай ГЭСине, кечинде ГЭСтен шаарга карай төрт автобус сапар алат. Кышында жол татаал болгондо ГЭСте калып калышат. Эмгек акылары жогору деп сырттагылар суктануу менен айтышканына карабастан, айрыкча жолдун татаалдыгынан чочулап жүргөн учурлар көп. Ал эми ГЭСтин иши да жеңил эмес. Ошого карабастан бул сыйыктуу ишке берилип, өмүрүн да, эмгегин да арнап келишкен энергетиктердин эмгеги туурасында кези келгенде жылуу кеп кылуу ашыктык болбойт.

Коммуналдык ишканалар комбинаты

Токтогул ГЭСтер Каскадында дагы бир көрүнүктүү мекеме коммуналдык ишканалар комбинаты. Ишкана 1964-жылдары болсо керек, алгач турак жай коммуналдык чарба ишканасы деп түзүлүп, шаарды көрктөндүрүү менен жашылдандырууга активдүү катышкан. Бул жерде 350дөн кем эмес адам иштеген. Алар бак-даракгарды, гүлдөрдү эгишип, жашыл парктарды уюштурушкан. Эки миңдей адам жашаган эки чоң жатакананы жана мейманкананы,коммуналдык тейлөө мекемелерин иштеткен. Кийин аталган мекеме Токтогул ГЭСтер каскадына кошулуп,1991-жылы коммуналдык ишканалар комбинаты менен биригип, коммуналдык ишканалар комбинаты түзүлгөн. Ал учурда эмгек жамаат 690го жеткен. Азыр 297 адам иштейт. Анткени, анын катарынан борбордук жылуулук түйүнү менен шаардык маданият үйү,эс алуу паркы,энергетиктердин спорт залы, шаардык жашылдандыруу жана көрктөндүрүү кызматтары бөлүнүп чыккан.

Аталган комбинат шаардын 162 көп батирлүү үйлөрүн, жападан жалгыз иштеп жаткан мончону тейлейт. Көчөлөрдү жарыктандыруу, сантехникалык,электрожабдуулар, оңдопкуруу кызматтарын аткарат. Таза суу менен камсыздоо, шаарды көрктөндүрүү да ишкананын милдети. Коммуналдык ишканалар

комбинатында азыр электро жана турак-жайларды тейлөө цехтери , күзөт бөлүмү, транспорттук , коммуналдык кызматты сатуу, оператордук, диспетчердик, жемиш бак бөлүмдөрү элге кызмат кылат.Шаардын тазалыгы, кыскасы шаардын жана шаардыктардын көптөгөн маселелери ушул бөлүм аркылуу чечилет. Эгерде калктын турак жайына тиешелүү айрым бир чыр-чатак маселелери болсо сотко жеткирбей чечүүгө аракет кылышат

50 жылдын аралыгында шаарды көрктөндүрүүдө бул ишкананын адистеринин эмгеги чоң. Акыркы мезгилде «Жеңиш» сквери пайда болду. Серый көчөсүнүн тратуары капиталдык ремонттон чыгарылды. Шаар боюнча эки жерге панно жасалды. «Менчик үйлөрдүн шериктештиги» түзүлдү. Анын негизинде турак-жайлардын чатырлары ремонттолду.Кабаттуу үйлөрдүн тепкичтери оңдолду. Мына ушул өңдүү жумуштарды жасоо үчүн акыркы алты жылда 47 миллион сом каражат сарпталды.

Ал эми азыркы мезгилде жылуулук жана ичимдик суулары-нын трубалары алмаштырылып жатат. 72 чакырым трубалардын бир чакырымы алмаштырылды, булл жумуштар аягына чыкканча улантылат. Токтогул суу сактагычынын жээгинде жайгашкан Болот Иманалиев атындагы жумушчулардын эс алуучу базасын тейлөө да биздин ишкананын адистерине жүктөлгөн. Дегиси жасай турган иштер көп кырдуу, ошого жараша түйшүк да, жумуш да көп. Эң башкысы шаарды көрктөндүрүү жана жашылдандыруу менен шаардыктардын кызматында күнү-түнү турабыз. Бул бир чети канчалык татаал экендигине карабастан баалуу да, сыймыктуу да жумуш.

Автоунаа ишканасы

Токтогул ГЭСтер Каскадына караштуу автоунаа башкармалыгын Толкунбек Молдомуров жетектейтМында 168 адам иштейт. Алардын ичинен 23ү инженер-техникалык кызматкерлер,калганы айдоочулар жана жумушчулар. Автоунаа мекемесине 4 автоколонна жана бир борбордук ремонттук мастерской карайт. Жалпысынан 113 түрдүү маркадагы техникалар бар. Жыл сайын бул техникалар кези келгенде ремонттолуп жана жаңыланып турат. Толкунбек Молдомуров аталган ишканага жетекчиликке келген мезгилде бар болгону автоунаанын 52 техни-

касы бар эле. Акыркы жылда эле 8 жаңы автобус сатып алышты.

Автоунаа башкармалыгы Кара-Көл шаары менен Токтогул ГЭСтер Каскадын унаа менен тейлешет. Күн сайын биринчи нөөмөттө жумуш таңкы төрт жарымда башталат. Мындайча айтканда, эртең мененки жумушту мына ушулар башташат. Эгерде оперативдүү жумуштар чыгып кала турган болсо тынымсыз иштешет.

Автоунаа башкармалыгынын көпчүлүгүн айдоочулар түзөт. Алардын бардык өмүрү жолдо өтөт. Жол сапарында баратканда эки колу рулда болгону менен эки көзү тең жолдо. Демек, жол алардын өмүрү менен байланышкан.

Токтогул ГЭСтер каскадынын бардык жумушу бул башкармалыктын айдоочуларысыз бүтпөйт. Күн сайын алар таң эртең менен шаардан ГЭСтерге карай энергетиктерди автобус менен алып жөнөшөт, кечинде кайра үйлөрүнө ташышат. Мындай көрүнүш күн сайын кайталанат.

Токтогул ГЭСтер Каскадына караштуу жылуулук түйүнү

Бул мекеме мурда коммуналдык ишканалар комбинатынын карамагында турган.2009-жылдан аталган мекемеден бөлүнүп чыгып, өзүнчө ишкана катарында Токтогул ГЭСтер Каскадынын курамына кирип, борбордук жылуулук түйүнү деп аталып калды. Бул борбордук жылуулук түйүнүндө 80 адам иштеп, аны Талант Сартбаев жетектейт. Бул жерде эки бөлүм бар. Биринчиси ички жылуулук берүү жана сырткы жылуулук берүү бөлүктөрү эсептелет. Бул бөлүмдү Эркиналы Бабаканов 28 жылдан бери башкарып келет. Экинчиси электр менен жылытуучу от казандары бөлүгү, аны 25 жылдан бери Жолдошбек Раимкулов жетектейт.

Борбордук жылуулук түйүнү шаардын бардык менчик үйлөрү менен мекеме-ишканаларын жылуулук менен камсыз кылат. Тактап айтканда, шаардын 24 000ге жакын калкын тейлешет.

Энергетиктердин династиясы

БЕШИ ОСОКЕЕВ

Токтогул ГЭСтери Каскадында сменанын башчысы.

Мен 1948 жылдын 1 - июлунда Нарын облусунун Жумгал районундагы Кызыл-Туу айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулгам. Атам Жаркымбаев Осоке, апам Айтбаева Кымбат экөө эжекем Осокеева Сайнаке жана менин билимдүү болушубузга колдон келген аракеттерин жасашты. Эжекем Кара-Көл шаарында акушер-гинеколог болуп эмгектенип шаардыктардын алкышына ээ болгон инсан эле. Мен мектепти Чаектеги орто мектепте,андан соң Фрунзе шаарында мектеп интернатта уланттым. Кийин эжекем жашаган Кара-Көл шаарындагы Т.Сатылганов атындагы орто мектепте окуумду улантып, аны 1966-жылы бүтүрүп Кара-Көл шаарындагы ФПИнин кечки бөлүмүнө тапшырдым. Ошентип студенттик турмушум эмгек менен айкалышып АТПО ишканасында слесарь болуп иштей баштадым. Ишкананын Ардак Тактасында мыкты слесарь катарында сүрөтүм тагылып турду.Үчүнчү курстан кийин Фрунзе шаарындагы политехникалык институтка которулуп, аны 1972 жылы бүтүрүп инженер -электрик деген кесиптин ээси болдум. Кайрылып Кара -Көл шаарына келип Гидроспецстрой ишканасында компрессордук станциянын начальниги болуп иштеп калдым. 1974 жылы Токтогул ГЭСинин Дирекциясына которулуп электроцехте сменанын начальниги деген кызматка дайындалдым. Ошол эле жылы оперативдик ишке кирген инженер-техникалык кызматчыларды стажировкага 1,5 айга Таджикстандагы Нурек ГЭСине, Россиянын Братский, Красноярский, Усть-Илим ГЭСтерине жөнөтүштү. Биздин топ Нурек ГЭСинде болдук. Токтогул ГЭСинин 1-чи агрегатын ишке киргизгенге чейин сыноолордон өтүп өз алдынча иштөөгө жолдомо алдык. 1975- 1976 жылдардын ичинде Токтогул ГЭСтеринин 4 агрегаты тең ишке киргизилип электр энергиясын иштеп чыгарып жатты.1978-жылы Токтогул ГЭСинде трансформатордук участоктун мастери болуп иштей баштадым. 1980 жылы Күрп-Сай ГЭСин ишке ка-

был алуу мезгилинде Токтогул ГЭСинен бир топ тажырыйбалуу кадрларды которушту. Ошентип мени дагы Күрп-Сай ГЭСине ЭТЛге релейкалык коргоо боюнча инженерликке которушту.

Иш жоопкерчиликти талап кылды, бирок ишти так аткарууга аракеттендим. 1986-1989 жылдары Каскадда СНТБ нын начальниги болуп кызмат өтөдүм.1989-жылдан 2003 жылга чейин оперативтик группанын начальниги, андан бери Токтогул ГЭСтери Каскадында сменанын начальниги болуп иштеп келе жатам. Көп жылдык эмгегим Токтогул ГЭСинин, АО "Кыргызэнерго"нун , ТГЭСКанын, областын, ОАО "Электрические станции" тарабынан Ардак граматалар менен белгиленген. 1999 жылы Токтогул ГЭСинин 25-жылдык юбилейине карата Токтогул ГЭСтерин курууда жана эксплуатациялоодо кошкон салым үчүн юбилейлик "Ветеран Токтогульской ГЭС " деген медаль тапшырылган. 2008- жылы "Заслуженный энергетик СНГ" деген наам жана төш белгиси менен сыйлангам. Үй- бүлөбүз менен энергетиктербиз. Аялым Баялиева Рысбүбү ТГЭСКада өндүрүштүк техникалык бөлүмдө 1-чи категориядагы инженер болуп иштейт. Эки уул, бир кыздуу болдук.

Уулдарым жогорку билимдүү Токтогул, Күрп-Сай ГЭСтеринде иштешип, тажырыйба алышкан. Көпчүлүк катары Россияга кетишкен. Уулум Мамбет Северный Сахалинде өз кесиби менен иштеп жатат. Кызыбыз Жылдыз жана күйөө балам Боржоев. Алмаз экөөсү билимдерин өркүндөтүп Американын Лос- Анджелос шаарында турушат. Келиндерим Сатыбалдиева Салтанат Базарбаевна Камбар –Ата ГЭСинде өндүрүштүк бөлүмдүн начальниги, Осокеева Венера Рысбековна жекече ишкер болуп иш алып барат. Беш неберелүү бактылуу чоң атамын.

РЫСБҮБҮ БАЯЛИЕВА

ТГЭСКдын өндүрүштүк техникалык бөлүмүнүн 1-чи категориядагы инженери.

Кыргыз кыздардан мен жалгыз элем

Мен 1950 - жылдын 12-мартында Талас облусунун Киров районуна караштуу Грозный (Азыркы Аманбаев) айылында туулгам. Атам Баялиев Абдыкерим лесхоздо токойчу, апам Жамалбекова Анаш үй кызматында болуп төрт кыздын бактылуу ата-энеси болушкан. Ал кезде кыздарды шаарга окууга жөнөтүү

сейрек экен. Атабыз билимдүү адамдарды өзгөчө урматтаган адам болгон. Ал учурда жогорку окуу жайларынын мугалимдери айылдарды кыдырып, окууга жөндөмдүү кыздарды үгүттөөчү экен. Ошондой учурдан пайдаланып эжекем Абдыкеримова Шарапатты алгач №5 - мектеп интернаттан, андан кийин кыз- келиндер педагогикалык институтунун физика - математики факультетин окуп бүтүрүүгө шарт түзгөн. 1958- жылы эжекем институтту бүтүп, Көк - Сай орто мектебине жолдомо алган. Эжекем менен бирге мен дагы мектеп босогосун биринчи ирет аттадым. Ата- энебиз токой чарбасында жашашкандыктан кийин сиңдилерим Жүзүмбүбү, Зейнеп дагы эжекемдин колунда окуп тарбия алышты. 1964 - жылы жездем Орозбаев Сүйүндүктү партиялык кызматка Талас облусунун "Красная Заря" колхозуна жөнөттү. Ошентип Орловка орто мектебине которулуп, аны 1968 - жылы ийгиликтүү аяктап, Фрунзедеги политехникалык институттун энергетикалык факультетине тапшырдым. Студенттик жылдарда жолдошум Осокеев Беши таанышып,1972 жылы. экөөбүз баш коштук. Ал дипломун алып Кара-Көл шаарына кетти. Мен окуумду улантып, 1974- жылы ийгиликтүү аяктап, Токтогул ГЭСине жаш адис катары жолдомо алдым. Ошол убакта энергетика тармагынан эл арасында маалымат аз эле, анткени кыздар мугалим,врач, экономист, ашып кетсе юристтин кесибин тандоочу. Менин кесибимди элестетүү кыйын эле, ошондуктан ээ айланайын эми 5 жыл окуп столбага чыгып, зым улап, лампочка алмаштырасынбы? деп сурашчу. Ошентип ,менин эмгек чыйырым Токтогул ГЭСинин борбордук башкаруу пультуна дежурный электромонтер болуп орношкон күндөн, 1974- жылдын 2-чи августунан башталды.

Жоопкерчилик чоң эле, оператиптик ишке кабыл алынгандардын көпчүлүгүн Россиянын булун- бурчтарынан келген адистер түзөт эле. Кыргыз кыздардан мен жалгыз элем. Токтогул ГЭСинин 1- агрегатын ишке киргизүүгө аз убакыт калган эле. Бизди, оператиптик ишке кирген инженер-техникалык кызматчыларды стажировкага 1,5 айга Тажикстандагы Нурек ГЭСине, Россиянын Братский, Красноярский, Усть-Илим ГЭСтерине

жөнөтүү маселеси чечилди. Мен Братский ГЭСине чегерилген топто стажировка өттүм, жолдошум Нурек ГЭСинде болду. Кайтып келип Токтогул ГЭСинин 1- агрегатын ишке киргизгенге чейин сыноолордон өтүп өз алдынча иштөөгө жолдомо алдык. 1975- 1976- жылдардын ичинде Токтогул ГЭСинин 4 агрегаты тең ишке киргизилип электр энергиясын иштеп чыгарып жатты. Андан кийин метрологиялык службада инженер болуп 1985- жылга чейин иштедим. 1985- жылдан бери ТГЭСКада өндүрүштүк техникалык бөлүмдө 1- категориядагы инженер болуп иштейм.

Өндүрүштүк техникалык бөлүмдө иштеп илимий техникалык информация жаатында ГЭСте иштеген рационализаторлордун ойлоп тапкан, жасап чыккан, колдонгон жабдууларын, ыкмаларын тажырыйба бөлүшүү максатында Кыргыз НИ ИНТИге, кийинчерээк Кыргызгосэнерго компанисынын сектор НТИ аркылуу чыгарыла баштаган "Перечень рацпредложений внедренных на предприятиях Кыргызгосэнерго компании" жана кийин,1999-жылы биздин жетишкендиктер өзүнчө"Краткая аннотация внедренных технологий и новой техники на Каскаде ТГЭС" деп китепче болуп чыгарылды. 1994-жылы "Энергетиктер" күнүнө карата "Энергетик" газетасынын 1- номери жарыкка чыкты. Ай сайын чыкчу бул газетага дагы материалдарды даярдап турдук. 1977-1979- жылдары Кара-Көл шаардык кеңешине депутат болуп шайланып жардамга муктаж үй-бүлөөлөр менен иш алып баргам. Эмгегим Токтогул ГЭСтери Каскадынын, "Кыргызэнерго", "Электр станциялар" ААКтын Ардак граматалары менен белгиленген. 1987 -жылы Кыргыз Республикасынын Эл-Чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүндө 3- даражадагы диплом жана медаль менен сыйлангам. 1999- жылы Токтогул ГЭСинин 25 жылдык юбилейине карата Токтогул ГЭСтерин курууда жана эксплуатациялоодо кошкон салымым үчүн юбилейлик "Ветеран Токтогульской ГЭС " деген медаль тапшырылган. 2000- жылы ГОЭЛРО планын кабыл алынганынын 80 жылдык юбилейине төш белги ыйгарылды. 2009-жылы Жалал-Абад аймак аралык курчап турган чөйрөнү коргоо башкармалыгы тарабынан Ардак грамота ыйгарылган.

Токтогул ГЭСи 1975- жылдан,Күрп-Сай ГЭСи 1981-жылдан бери иштеп жабуулары жана тетиктери нормативтүү иштөө

мөөнөтүнөн ашык убакыттан бери иштеп жатат. Алмаштыруга каражат маселеси жеткиликтүү өлчөмдө каржыланбайт. Ушундай кырдаалда үзгүлтүксүз электр энергиясын иштетип чыгаруу коллективдин ар бир мүчөсүнөн чоң жоопкерчиликти талап кылат. Каскаддын жетекчилери бул маселенин үстүндө талыкпай иш алып барышууда. Мен иштеген чакан жамаат көп жылдардан бери бир туугандай чогуу иштешип келе жатабыз. Өндүрүштүк техникалык бөлүмгө жүктөлгөн жоопкерчилик чоң. Эмгек жамаатында ар кимиси жоопкерчилик менен иш алып барат. Бөлүм башчыбыз Ш.Т. Дүйшебаев, орун басары Т.С.Курманалиев, инженерлер Н. Тавашарова, Т.Артыков жана У.Калыбеков Токтогул ГЭСинде иштеп, тажрыйба алып, такшалышкан. Азыркы учурда Каскаддын ветерандардын катарында көп жылдан бери иштеген Ш.Т. Дүйшебаев, Т.С.Курманалиев, Т.К.Артыков, Г.С.Суеркулова, Н.Тавашарова, С.О. Абдуллаевага сыяктуу адистерди айтсак болот. А.А.Акунов " Нарынгидроэнергокурулуш" мекемесинен которулуп келип иш билги адис катары өзүн көрсөтө алды. Жаштарыбыз У.Калыбеков жана И. Худайбердиев улуу ага-эжелери менен бирдикте жоопкерчилик менен иштешүүдө.

Биз эки уул, бир кыздуу болдук. Уулдарым жогорку билимдүү Токтогул, Курпсай ГЭСтеринде иштешип, тажырыйба алышкан. Көпчүлүк катары Россияга кетишкен.Улуу балабыз Осокеев Асылбек Южный Сахалиндеги нефтини иштетүүчү чоң заводдо иштеп турду. 2009 жылы мезгилсиз кайтыш болду. Бул биздин үй-бүлө үчүн чоң жоготууну алып келди.

Экинчи уулум Мамбет Северный Сахалинде өз кесиби менен иштеп жатат. Кызыбыз Жылдыз жана күйөө балам Боржоев. Алмаз экөө тең билимдерин өркүндөтүп, Американын Лос- Анджелос шаарында турушат. Келиндерим Сатыбалдиева Салтанат Камбар –Ата ГЭСинде өндүрүштүк техникалык бөлүмдүн начальниги, Осокеева Венера жекече ишкер болуп иш алып барат.. Беш неберелүү бактылуу чоң ата-чон энебиз..

КАРАЕВ АТАМЫРЗА

Караев Атамырза 1950-жылы 10-сентябрда Жалал-Абад областындагы Токтогул районунун Токтобек –Сай деген айылында туулган. Билими техникалык атайын орто . 1990—1996-жыл-

дары Самарскидеги энергетикалык техникумунун электрдик өткөргүчтөрдү куруу жана монтаждоо боюнча факультетин бүтүрүп, техник-энергетик адистигине ээ болгон.

Караев Атамырза эмгек жолун "Гидромонтажда" биринчи разряддагы слесарь-жыйноочу болуп иштөөдөн баштап, 1969-жылы УОСто бетондоочу үйрөнчүк болгон. 1971-1973-жылдары Нарынгидроэнергокурулуш башкармалыгынын АТКсында үчүнчү разряддагы автослесарь болуп эмгектенген. 1973—74-жылдарда "Спецгидроэнергомонтаж" мекемесинде 3-разряддагы слесарь-монтаждоочу, 1974—75-жылдары Токтогул ГЭСинин турбиналык ГЭСинде 4-разряддагы слесарь, кийин №16-курулуш башкармалыгында 3-класстагы айдоочу-шофер, Токтогул ГЭСинин турбиналык цехинде 4-разряддагы слесарь, андан ары гидроагрегатта машинист, машзалдын инженери, электрдик машиналар цехинин сменалык начальниги, кийин сменалык ага начальник болуп ушул кезге чейин да Токтогул ГЭСинде жигердүү эмгектенип келүүдө.

Караев Атамырза өзүнүн жемиштүү ак эмгеги үчүн "Токтогул ГЭСине 25 жыл" медалы менен, ГОЭРЛО планынын кабыл алынгандыгынын 80 жылдыгы" төш белгиси менен, ошондой эле Кыргыз Республикасынын "Ардак Грамотасы" менен сыйланган.

Токтогул ГЭСтер каскадынын энергетиктеринин алтын фондун түзгөн инсандар

Абдысатаров Алмазбек Качкынбекович -ТГЭСКнын башкы инженеринин орун басары.

Абдыразаков Насыр – пенсионер

Абыканов О.-№3- авто колоннанын айдоочусу

Абдыразаков Замир Насирович-АРККнын жетектөөчү инженери

Айтыкулов Ж-пенсионер

Айталиев Чилдебек-КГЭСтин станциянын кезмек башчысы

Алкожоев Умарбек Күзөбаевич -ТГЭСтин т/цехинин башчысы

Алыбаев Т- АУИнин кезмекчи механиги

Акматбеков Насыр - Үч-Коргон ГЭСи

Аманбекова Жанна Джаманбаевна-ТГЭСКнын жана ККнын эмгек акы боюнча жетектөөчү экономисти

Анохина Нина Николаевна- ТГЭСКнын МТЖБнын техниги

Атагараев Узакжан Мамадильдевич -ТГЭСтин башчысы

Асаналиев Жаныбек Абдыласович- КК жана ЖКнын жетектөөчү инженери

Асаналиев Жолдошбай –ТГЭСтин г/цехинин мастери

Асанов Жакшыбай - өткөрмө бюросунун башчысы (учурда иштебейт)

Арзыкулова К.Э. - машинист ТГЭС

Базина Тамара Ивановна-АРККнын жетектөөчү инженер, пенсионер

Бажуткина Галина Юрьевна- Капиталдык курулуш бөлүмүнүн башчысы

Баялиева Рысбүбү Абдыкеримовна-ӨТБнын башкы адиси

Балташов Шүкүралы- КК жана ЖКнын жетектөөчү инженери

Батыров Д-№1-автоколоннанын айдоочусу

Бекболотов Кулунбай –башкы инженердин орун басары

Бекболотов Маралбай- Курулуш базасынын бөлүк башчысы

Бримкулов Темирлан Нургазиевич- Токтогул ГЭСтери Каскадынын башчысы

Болгонбеков Арстанкул Турдиевич- ТГЭСКнын директорунун орун басары

Болпокеев Алимжан К.- ТГЭС г/цехтин ага мастери

Беков Абдылдабек-АУИнин эксплуатациялоонун башчысы

Бекташев Эмилбек Мамаевич- пенсионер

Бейшекеева Жыпаргүл Ишеновна-КИКтин турак жай фондунун техниги

Гриүенко Галина Николаевна- АУИнин оператору, пенсионер

Добулов Алтынбек-КГЭСтин 6-баскычтагы бетондоочу

Дүйшөбаев Шаарбек Турдалиевич-ӨТБнын башчысы

Дүйшөналиев Бектемир-КГЭСтин цехтин ага кезмек башчысы

Дурбелов Айтмамбет Бапышович- БМОУнун башчысы

Денисенко Любьов Александровна- КИКте ДТнын кезметчи

Ефремова Ольга Евгеньевна –ТГЭС ОДТнын башчысы

Жееналиева Базарбү Айдыновна-КИКтин оңдоо цехинде 4-баскычтагы шыбакчы майлоочу

Жолдошева Жаанбү-ТГЭСтин кран айдоочусу

Жолдошев А-пенсионер

Жуманов Аскарбек Ырысбекович- КГЭСтин э/цехинин ага мастери

Жумашев Т.-№2- авто колоннанын айдоочусу

Жумалиев Осмон- АУИнин №2-а/колоннанын тракторист

Жолдошев Айтмырза-пенсионер

Жороев Максат-АУИнин башчысынын орунбасары

Зулпукоров Жолдошбек-№1-а/колоннанын айдоочусу

Иманалиев Болотбек Иманалиевич-ТГЭСКнын директору

Ибраимова Айтбү-КИКтин суу менен камсыздоо бөлүмүндө мастер-химик

Исраилов Абдылда Нургазиевич- ТГЭСКнын директору

Исаков Жаныбек-ТК жана ИКтин(Техника коопсуздугу жана ишеним кызматы)инженер- нускоочусу

Калпаков Султан Төрөбекович-КТИКнын башчысы

Калманбетова Чолпонай Абазбековна-КИКтин коммуналдык сатуу бөлүмүнүн башчысынын орун басары

Каримова Гульфия Хаеретдиновна- ӨТБнын башчысынын орун басары

Каримов ЯкубКаримович-башкы инженердин орун басары

Карымшаков О.-ТГЭСтин 5-баскычтагы электр слесары

Кармышев Т.Э.-ТГЭС г/цехтин бургулоочусу

Кенжекулов Х.К-ТГЭСтин 6-баскычтагы электр слесары

Кобзарь Татьяна Евгеньевна-ИАЧСКнын 1-баскычтагы инженер- химиги

Кожобеков Сагыналы-КГЭСтин г/цехинин 5-баскычтагы жыгач устасы

Камбаралиев Букарбек- сүрөтчү,жасалгалоочу

Камбаров Мамрасул-КГЭСтин т/цехтин ага мастери

Караев Атамырза- ТГЭСте цехтин кезмек башчысы

Култаев Кубатбек – ТГЭСтин цехинин ага кезмек башчысы

Кокумбаев Курманбек – КГЭСтин г/цехинин башчысы

Кыязбекова Райкан-КИКтин ӨТБнын техниги

Лебедев Владимир Петрович-ОДТнын башчысы

Лебедева Надежда Романовна-Метрология кызматынын

жетектөөчү инженери

Лисин Владимир Юрьевич-ДТЖБКнын инженери

Мадемиров Ы.- ТГЭС г/цехтин крепильшиги

Маматов Жанышбек Оңолбекович-МТЖБнын инженери

Мамашаев Алимжан Кадышович.-БМОУнун 6-баскычтагы токары

Мамытов Карим- ТГЭСтин ОТнын станциянын кезмек башчысы

Мамытов Сагынбай Бекмурзаевич-ИАЧКСКнын 5-баскычтагы электр монтеру

Манапов Адил Гарипович- пенсионер

Макешова Төрайым Сакышовна-КИКтин СКБнын сордургуч орнотмонун 3-баскычтагы машинисти

Момукеев Саадай Орозбакович- ТГЭСКнын директору

Молчанов В.-АУИде иштеген пенсионер

Молдомусаев Э.-пенсионер

Матназарова Токтобүбү-ТГЭСтин э/цехинин электр слесары

Мамытов Сакеналы- КГЭСтин башчысы

Мамбетов А- ТГЭС ЭТЛдин башчысы

Мукашова Элдар.-3-баскычтагы аккумляторшик

Муратбекова Акылбү-КИКде ондоо цехинде 4-баскычтагы шыбакчы- сырдоочу

Нурбаев Болот Нурбаевич- ТГЭСКнын директору

Насиров Медетбек Жолдошович-башкы инженердин орун басары

Насырынбеков Догдурбай- ТКжана ИКнын инженери

Норузалиев Б.Б.- ТГЭС ЭТЛдин инженери

Несаленов Ф.-АУИнин №2-а/колоннанын айдоочусу

Осокеев Беши Осокеевич-ТГЭСКнын ОДТнын каскаддын кезмек башчысы

Оморов Кочкорбек- пенсионер

Оганов Ш.-ТГЭСтин 5-баскычтагы электр слесары

Оморов К- ТГЭСтин 5-баскычтагы электр слесары

Отунчиев Д.Б.-КГЭСтин цехтин кезмек башчысы

Пахомова Вера Исламовна-ТГЭСКнын бухгалтери

Переплюк Елена Рязановна-ДТЖБКнын 3-баскычтагы электр монтеру

Раманкулов К-ТГЭСтин жыгач устасы

Сатаров С.-АУИнин №2-а/колоннанын айдоочусу
Станалиев Мыктыбек-КИКте оңдоо цехинин прорабы
Султанбаев Акылбек Улукманович-КГЭСтин башчысы
Султанбаева Закия Гариповна- ТГЭСтин ОДТ
Султаналиев Мырзатай Сагынбекович-ТГЭСКнын директору
Сухарев В.-АУИнин авто слесары
Сариева К.Д.- ТГЭСтин жумушчусу.
Сингатулина Римма Александровна-ТГЭСтин башкы башкаруу шитинин кезмекчиси
Стефанович Людмила Федеровна-окуу борбрунун бөлүгүнүн башчысы
Толубаев Таалайбек Матмусаевич-ТГЭСКнын башкы инженери
Толубаева Гүлсүн Ормоновна-КИКде СКБнын сордургуч орнотмонун 3-баскычтагы машинисти
Токонова Талчабү-КИКтин күзөт отрядынын күзөтчүсү
Тен Петр Иванович-КГЭСтин башчысы
Тыныбеков Аалы Каратаевич- башкы инженер
Тынаев Жолдошбай- ТГЭСтин инженерии(пенсионер)
Ташыкулова Лола- АЧККнын жумушчусу
Такырбашев Бейшеналы Касымалиевич-КГЭСтин башчысы
Текебаев Нурманбет-Каскаддын кезмек башчысы
Темиркулов Байышбек- КГЭСтин станциянын кезмек башчысы
Темиралиева Анаркан Тойчубековна-АЧККнын жумушчусу
Текебаева Калия-3-баскычтагы лаборант
Тунгатаров А.Э.-ТГЭС г/цехтин жыгач устасы
Туркманов Сатыкей- КИКтин 5-баскычтагы тракторист-машинист.
Токторалиев С.-ТГЭСтин жумушчусу
Раимкулов Жолдошбек-БЖТ бөлүк башчысы.
Умралин Кайрат Бахрамович- башкы инженердин орун басары
Умралиева Анара Шейшеевна-ТГЭСКнын бухгалтери
Укуев Токтоналы Орозмамбетович-ТГЭСтин цехтин ага кезмек башчысы
Усупбаев Доулбек Алымович-ТГЭСтин жетектөөчү инженери.
Уметов У.М.-ТГЭСтин ӨКБнын ага мастери.

Хмыров Евгений Сергеевич-ДТЖБКнын жетектөөчү инженери

Худайбердиев Акпаралы Рахманалиевич- башкы инженердин орун басары.

Чаарова Апаш Девитовна- КИКде СКБнын сордургуч орнотмонун 3-баскычтагы машинисти.

Чырмашова Тамара-ТГЭС ОДТ

Черныш Татьяна Степановна-ТГЭСКнын бухгалтери

Черненко В.Ф.-кранчы (пенсионер)

Чоюбеков Памирбек Маралбаевич- КИКде оңдоо цехинде 4-баскычтагы жыгач уста

Чолпонбаев А.-АУИнин №2- а/колоннанын айдоочусу

Чыналиев Сабыр Б.-ТГЭСтин г/цехтин башчысы

Шайымкулов Ж.-АУИнин №2а/колоннанын айдоочусу

Юсупахунов А.- ТГЭСтин 5-баскычтагы электр слесары

"Электр станциялары"ААКнун филиалы

Камбар-Ата ГЭСтери

Эгемендүү мамлекет болгондон кийин энергетика тармагында биринчи жолу дүйнөлүк масштабдагы ГЭС курулду. Бул кыргыз эли үчүн чоң жетишкендик жана мамлекетибиздин экономикасына чоң салым кошору бышык.

Камбар-Ата-1 жана Камбар-Ата-2 гидроэлектрстанциялары-нын курулушу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Камбарата-2 ГЭСинин курулушу жөнүндөгү" 2007-жылдын 23-октябрындагы №502 -токтомунун жана "Камбар-Ата" ГЭСтеринин филиалын түзүү жөнүндөгү" 2008-жылдын 8-январындагы №3 - буйругунун негизинде "Электр станциялары" ачык акционердик коомунун филиалы Камбар-Ата ГЭСтери болуп түзүлгөн.

2008-жылдын январында "Электр станциялары" ачык акционердик коомунун №8-буйругунун негизинде директор болуп Дженалиев Зайырбек Нуржанович дайындалган.

Ишкана алгач ирет ишин баштаган мезгилде 34 жумушчу эмгектенген. Алар тажрыйбалуу адистер катары "Электр станциялар" ачык акционердик коомунун филиалы курулуп жаткан ГЭСтерден которулуу жолу менен кабыл алынган. Ишкана 4

бөлүмдөн туруп, алар каржы жана экономика, капиталдык курулуш, эсеп-кысап жана аскерлештирилген коргоо бөлүмү.

Ишкана ачылгандан эле анын капиталдык курулуш бөлүмүнүн жумушчулары, келишимдик ишканалар жана долбоор изилдөө мекемелери менен бирдикте курулуш иштерин тынымсыз жүргүзүштү. Ал эми 2009-жылы сентябрь айынан баштап Камбар-Ата -2 ГЭСине эксплуатациялык персоналдарды кабыл ала баштады. 2009-жылы 22-декабрда биринчи жолу ири масштабдагы жардыруу жолу менен тосмо курулду. Долбоордо көрсөтүлгөн белгиге чыгыш үчүн кошумча жер кыртышы төгүлдү жана сарыккан сууга каршы иш аткарылды. Курулуш иштери бүтүп иштей баштады. Суу кабыл алуучу курулуштарга жана станциянын имаратына чоң көлөмдөгү бетондор коюлуп, гидромеханикалык жабдуулары жана темир конструкциясы кураштырылып орнотурулду. Биринчи суу өткөргүч ичиндеги курулуш иштери бүтүп, темир түтүктөрү куралып бекемделип ишке киргизилди, пусконаладкалык иштер жасалып, 2010-жылдын ноябрь айында биринчи агрегат жүргүзүлүп, электр тогун өндүрүүгө шарт түзүлдү.

Быйылкы 2012-жылдын 13-мартына карата 501 147 380 кВт саат электр тогу өндүрүлдү.

Ишканада эмгектенип жаткан тажрыйбалуу жумушчулар менен кызматкерлердин саны арбын.

Алардын арасында энерго тармагында үзүрлүү эмгектенип, өздөрүнүн зор салымдарын кошкондугу үчүн Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн жана Кызматташ мамлекеттердин шериктештиги тарабынан сыйлыктарга да ээ болуп келген адистер бар.

Азыркы мезгилде ишканада эмгектенип жаткан жумушчулардын саны 198ге жетти.

Башкармалыкта азыр 11 бөлүм бар. Алар: кадрлар, эсеп-кысап, каржы жана экономика, автотранспорттук участок, материалдык-техникалык камсыздоо, ишеним жана техникалык камсыздоо, өндүрүш-техникалык, капиталдык курулуш жана жабдууларды комплектациялоо, башкаруунун автоматташтырылган система кызматы, юридикалык, аскерлештирилген күзөт бөлүмдөрү жана ашкана эсептелет.

Ал эми Камбар-Ата-2 ГЭСинде 6 бөлүмчө бар. Алар: электрдик цех, ЭТЛ, турбиналык цех, гидроцех, ыкчамдар тобу, ЦРМ (борбордук оңдоокана).

КАЧКАНКУЛОВ БЕКТУРСУН ДЖАНДАРОВИЧ

Бектурсун Качканкулов 1963-жылы 27-февралда Ош областынын Токтогул районуна караштуу "Акчий-Карасуу" айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Билими жогорку,1990-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун "өнөр жай жана граждандык курулуш" факультетин аяктап, инженер-куруучулук адистигине ээ болгон. Өз эмгек жолун 1984-жылы "Нарынгидроэнергокурулуш" ААКу ишканасында жөнөкөй жумушчу болуп баштап,өнөр жай жана курулуш башкармалыгында, "Нарынгидроэнергокурулуш" ишканасында эмгек жолун улантып, Камбар-Ата ГЭСтеринде техникалык өндүрүш бөлүмүнүн 1 категориядагы инженери, техникалык өндүрүш бөлүмүнүн башчысы, "Нарынгидроэнергокурулуш" ачык акционердик коомунун техникалык директору, директор жана аталган мекемеде "Нарынгидроэнергокурулуш" ишканасынын башкы директорунун милдетин аткаруучу кызматтарында иштеген.

Бектурсун Джандарович Шамалды-Сай, Таш-Көмүр, Камбар-Ата ГЭСтеринин курулуш иштерине катышкан. 2010-жылдын апрель айынан бери "Электр станциялар" ачык акционердик коомунун филиалы Камбар-Ата ГЭСтеринин директору болуп эмгектенип келүүдө.

Б.Ж. Качканкулов 2010-жылы ар кандай оор шарттарга карабастан Камбар-Ата-2 ГЭСинин биринчи агрегатын ишке киргизүүдө келишимдик уюмдар менен жана ГЭСтерди куруучу ири ишканалар менен иштиктүүлүк, билгичтик менен иштешкендигинин натыйжасында ушул жылдын 27-ноябрында Камбар-Ата- ГЭСинин биринчи агрегаты ишке киргизилип, электр тогун өндүрө баштаган.

Бектурсун Жандаровичти мекеменин улуу-кичүүсүнүн баары тең урматтап-кадырлашат. Жетекчи катары ал кызматчыларга жана жумушчуларга калыс жана так мамиле жасагандыгы менен элдин урматына ээ,үй-бүлөлүү, бир уул,бир кыздын атасы.

1995-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы, 2010-жылы Ички иштер министрлигинин 1-даражадагы "Мыкты" төш белгиси менен, 2011-жылы Ички иштер министрлиги-

нин 1-даражадагы "Айбат" төш белгиси менен сыйлануунга жетишкен. 2011-жылдын жыйынтыгы менен Кара-Көл шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон зор салымы үчүн "Өнөр жай" багытындагы товарларды өндүрүү тармагындагы 2011-жылдын алдыңкы ишкери" наамына ээ болгон.

ХУДАЙБЕРДИЕВ АКБАРАЛЫ

Камбар-Ата ГЭСтеринин директорунун биринчи орун басары.

1957-жылы Ош областына караштуу Таш-Көмүр шаарында шахтердун үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз, билими жогорку. Москва гидромелиоративдик институтун 1982-жылы бүтүрүп, гидроэлектрстанциялар жана дарыя курулмаларын гидротехникалык куруу адистигине ээ болуп, инженер-гидротехник квалификациясы ыйгарылган.

Үй-бүлөлүү, үч баланын атасы, эки небереннин чоң атасы.

1975-жылы Токтогул ГЭСинин курулушунда жумушчу болуп иштөө менен эмгек чыйырын баштаган.1982-жылдан тартып 1989-жылга чейин "Нарынгидроэнергокурулуш" курулуштар башкармалыгында иштеп, Күрп-Сай, Таш-Көмүр, Шамалды-Сай ГЭСтеринин курулушунда мастердин жардамчысы, мастер, прораб болуп эмгектенген. 1989-жылы партиянын Кара-Көл шаардык комитетинин өнөр-жай, курулуш жана транспорт бөлүмүн башкарды.1990-жылы Кара-Көл курулуш куроо участкасынын башчысы болуп эмгектенген. 1992-жылдан 1994-жылга чейин Токтогул ГЭСтер каскадынын гидроцехинин башчысы, капиталдык курулуш жана экономика боюнча директордун орун басары болуп эмгектенген. 1994-жылдан 1996-жылга чейин курулуп жаткан ГЭСтер ишканасынын капиталдык курулуш боюнча директорунун орунбасары кызматын ээлеген. 1997-жылдан 2008-жылга чейин гидрокурулма жана капиталдык курулуш боюнча башкы инженердин орунбасары болуп эмгектенген.

Күрп-Сай, Шамалды-Сай, Таш-Көмүр, Камбар-Ата ГЭСтеринин курулушуна жана агрегаттарынын ишке киргизилишине катышкан.


КАРА-
-ХВЛ

АВТОБАЗА
КАСКАДА ТГЭС



ДАРЫНАЯ
АПТЕКА
24



ШААРДЫК КЕҢЕШТИН БЕШИНЧИ ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН ДЕПУТАТТАРЫ

Капалбаев Мамбеткул Суеркулович

№5 «Ак-Шар» көп мандаттуу шалоо округунун депутаты, Шаардык кеңештин төрагасы

Дарбишев Адыл Акматович

№2 «Кара-Суу» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты, Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары

Аскаров Култемир Аскарович

№6 «Ак-Кыя» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы

Болгонбеков Арстанкул Турдуевич

№1 «Пойма» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин социалдык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы

Кадыралиев Таалайбек Калчороевич

№1 «Пойма» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы

Куватбеков Замирбек Паизбекович

№4 «Школьная» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы

Бримкулов Темирлан Нургазиевич

№2 «Кара-Суу» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Бусурманов Алтынбек Мотуевич

№1 «Пойма» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финанасы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын катчысы

Жанчаров Жаныбек Уркуналиевич

№2 «Кара-Суу» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финанасы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Арыкбаев Абдыманап

№3 «Байгалмак» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин социалдык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Жетигенов Жолдошбек Аттокурович

№3 «Байгалмак» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финанасы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Худайбердиев Акбаралы Рахманалиевич

№3 «Байгалмак» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финанасы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Кыдырмаев Өмүржан Самтырович

№4 «Школьная» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин бюджет, экономика жана финанасы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Абазбеков Альберт Сатыбекович

№9 «Школьная» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Уркуналиев Базарбек

№9 «Школьная» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Анакеев Абдымомун Абылович

№8 «Жазы-Кечүү» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Аденов Эстебес

№8 «Жазы-Кечүү» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Усенканов Мурас Ыманбекович

№7 «Төш-Мазар» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты,

Шаардык кеңештин социалдык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Султаналиев Мырзатай Сагынбекович

№7 «Төш-Мазар» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты

Шаардык кеңештин өндүрүш, курулуш, архитектура, турак жай, муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Кыдыралиев Ажыман Бабаканович

№7 «Төш-Мазар» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты

Шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы

Куджаев Махамадали Чукаевич

№6 «Ак-Кыя» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты

Шаардык кеңештин социалдык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

олборсов Бейшенбек Туйбаевич

№6 «Ак-Кыя» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты

ардык кеңештин мандат, гламент, этика, укуктук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Мамытов Автандил Райымбекович

№5 «Ак-Шар» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты

Шаардык кеңештин социалдык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Дуйшебаев Шаарбек Турдалиевич

№5 «Ак-Шар» көп мандаттуу шайлоо округунун депутаты

Шаардык кеңештин мандат, регламент, этика, укуктук маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын мүчөсү

Токтосунов Аби Токтосунович

№4 «Школьная» мандаттуу шайл округунун депут

Шаардык кеңешт бюджет, экономика финанасы маселел боюнча туруктуу комиссиясынын мү

Азыркы учурда "Электр станциялар" ачык акционердик коомунун филиалы Камбар-Ата ГЭСтеринин директорунун биринчи орун басары. Ошону менен бирге 2007—2010-жылдары Кыргыз Республикасынын өнөр-жай, энергетика жана отун ресурстар министринин кеңешчиси болуп келген. Бул жумуштардан сырткары гидротехникалык маселелер боюнча илимий макалалардын автору. Анын Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулушунда салымы чоң жана ГЭСтин 1-чи агрегатын ишке киргизүүдө, жардыруу жолу менен курулган тосмого техникалык чечим менен кошо долбоор иштерине өзүнүн тажрыйбасын колдонуп келет.

Кыргыз Республикасынын гидроэнергетика тутумунун өнүгүшүнө кошкон салымы жана өндүрүштүк жогорку ийгиликтери үчүн алкыштарга ээ болгон, түрдүү тармактагы жана өкмөттүк сыйлыктардын ээси. Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы, "Токтогул ГЭСтеринин 25 жылдыгы" медалы, "Кыргызэнерго" акционердик коомунун Ардак Грамотасы, "ГОЭЛРО" планынын 80 жылдыгы" төш белгилерине татыктуу болгон. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген курууучусу.

ТӨРӨБЕКОВА ДҮРИЯКАН РАСИЛКАНОВНА

Башкы эсепчи Төрөбекова Дүриякан Расилкановна 1959-жылы Ош областына караштуу Таш-Көмүр шаарында туулган. Кыргыз эл аралык университетинин "Экономика жана бизнестин жогорку мектеби факультетинен "экономика" багыты боюнча "Экономика бакалавры" академиялык даражасы ыйгарылган.

Төрөбекова Дүриякан өз эмгек жолун 1976-жылы "Нарынгидроэнергострой" ишканасында арипкердин окуучусу (үйрөнчүк) болуп баштаган.

1979-82-жылдарда Кара-Көл шаарынын мамлекеттик банкында арипкер-телетайпчы жана башкы эсепчинин орун басары болуп эмгектенген.

1982-93-жылдар аралыгында Кара-Көл шаардык каржы бөлүмүнүн башкы эсепчиси жана бюджеттик текшерүүчү-башкаруучунун орун басарынын милдетин аткаруучусу болуп которулат. Шаардык каржы бөлүмүнүн бюджеттик текшерүүчүнүн

башчысы болуп дайындалган.

1993-95-жылдары Токтогул ГЭСтери Каскадынын электрэнергия жана аны электрэнергия бөлүмүнө сатуу боюнча эсепчиси, ал эми 1995-жылы Кара-Көл РЭСине эсепчи болуп которулган.

1996-2008-жылга чейин курулуп жаткан ГЭСтердин ишканасында эсепчи, капиталдык курулуш боюнча экинчи категориядагы эсепчи жана башкы эсепчи болуп эмгектенген.

2008-жылдан бери карай Дүрүякан Расилкановна "Электр станциялар" ачык акционердик коомунун филиалы болгон Камбар-Ата ГЭСтеринде башкы эсепчи.

Өзүнүн кесиптик багытындагы көп жылдык эмгек жолунда Дүрийкан Расилкановна жогорку сабаттуу адис, эмгекчил жана ак ниеттүү кызматкер экендигин көрсөтө алды жана ишканадагы эсеп-кысап иштери боюнча бай тажрыйба топтоду. Союздук калыптанган эреже бузулуп, мамлекетибиз жаңыча жашоого өткөн мезгилден берки аралыкта ар бир эле ишкана-мекеменин эсеп документацияларында, иш кагаздарында көптөгөн түбүнөн-түрө өзгөрүүлөр болду. Дүрийкан алардын ар бир өзгөрүшүнүн күбөсү жана алардын ар биринин өзгөчөлүгүн, максатын, багытын эң жакшы түшүнөт.

Дүрийкан Расилкановнанын курулуп жаткан ГЭСтердин ишканасынын жана "Электр станциялар" ачык акционердик коомунун филиалы Камбар-Ата ГЭСтеринин бухгалтериялык иштерин базар экономикасынын талаптарынын деңгээлине жана эл аралык стандартка ылайык жөнгө салууда кошкон салымы абдан чоң. Улам бир өзгөрүлүп жаңы реформаларга туура келип жаткан отчеттуулук маселелерин, иш кагаздарынын жаңы эрежелерин дароо өздөштүрөт жана так аткарууга жетишет.

Кырк жылга жакын эмгек жолунда Дүрийкан Расилкановна көптөгөн жетекчилер, адистер менен тил табышып иштешти. Келген жаш адистерди эсеп-кысап жүргүзүүнүн жолдоруна үйрөттү. Азыркы кезде Дүрийкандын дагы деле көптөгөн татаал эсеп иштерин, отчеттук иш кагаздарын бүткөрүүдө өзүнүн бай тажрыйбасы жардам берет.

Д.Төрөбекова кайсыл мекемеде иштебесин ал жердеги коомдук иштердин бардыгына активдүү катышып келет. Адамдар менен дайыма сый мамиле кылып, элдин да кадырлоосуна эгедер.

Тажрыйбалуу эсепчинин өндүрүштөгү жараткан көптөгөн ийгиликтери үчүн көптөгөн сыйлыктарга ээ болуп, алкыштар жарыяланган.

Азыр Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин Ардак Грамотасы, "Электр станциялар" ачык акционердик коомунун Ардак Грамотасы, Мамлекеттик мүлк комитетинин Ардак Грамоталары Дүриякан Төрөбекованын жемиштүү жана ак ниеттүү эмгегинин далили.

Дүриякан Төрөбекова үй-бүлөлүү, 3 перзенттин жана неберелердин мээримдүү энеси.

БӨРҮБАЕВА АЙНАГҮЛ МИДИНОВНА

Капиталдык курулуш жана жабдууларды комплектациялоо бөлүмүнүн башчысы.

Бөрүбаева Айнагүл Мидиновна 1962-жылы Жети-Өгүз районуна караштуу Покровка айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1985-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун өнөр жай жана граждандык курулуш факультетин ийгиликтүү аяктап, инженер-куруучу квалификациясына ээ болгон.

Өзүнүн эмгек жолун 1985-жылы Таш-Көмүр ГЭС башкармалыгы "НГЭС" акционердик коомунда мастердин жардамчысы болуп баштаган. 1987-жылдын ноябрь айынан "НГЭС" АКнун өнөр жай жана граждандык курулушчулук (СУПГС) башкармалыгында 2 категориядагы инженер болуп иштеген. 1994-жылдын июнунан баштап архивариус, кийин курулуп жаткан ГЭСтер ишканасынын капиталдык курулуш бөлүмүнүн инженери болуп эмгектенди. Ал эми 1997-жылдан 2002-жылга чейин капиталдык курулуш бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштеп, 2002-жылдан курулуп жаткан ГЭСтер ишканасынын капиталдык курулуш бөлүмүнүн башчылыгына келген.

2008-жылдын январынан баштап "Электр станциялар" ачык акционердик коомунун филиалы Камбар-Ата ГЭСтеринде капиталдык курулуш жана жабдууларды комплектациялоо бөлүмүнүн башчысы катарында өзүнүн кызматтык милдетин эң жакшы билген жана жоопкерчиликти терең сезген адис катарын-

да жемиштүү эмгектенип келе жатат.

Бөрүбаева Айнагүлдү билген кесиптештери жана ишкананын жетекчилиги ар кандай учурда ишкананын уюштуруучулук иштеринде демилгечил экендигин баалашат. Өз ишине чыгармачылык менен мамиле жасайт. Шамалды-Сай ГЭСинин үчүнчү агрегатынын негизги жабдууларын комплектациялоого активдүү катышкан. Таш-Көмүр жана Шамалды-Сай ГЭСтеринин курулушунда бүгүнкү күндүн талабына ылайык ыкмаларды, тажрыйбаларды колдонуп, капиталдык салымды максаттуу багытта колдонуу менен бирге техникалык көзөмөл жүргүзөт.

Айнагүл Мидиновна сабаттуу жана активдүү, иш билги жетекчи. Билимдүү жана тажрыйбага бай инженер катары курулуш иштерин аткарууну жогорку деңгээлде уюштура алат. Өзгөчө өзүнө да, кызматчыларга да талапты катуу койгондугу менен айырмаланат. Курулуш иштеринин кайсыл түрү болбосун дасыккан адис катары жаштарга өзүнүн билимин бөлүшүп келет. Өз кызматында ал учур талап кылган кадрларды сапаттуу деңгээлде даярдоого жана тарбиялоого чоң көңүл бурат. Айнагүл Мидиновна ишенимдүү адис жана жоопкерчиликтүү, ишти терең билген кызматкер катары жылдык жумуштардын графигин иштеп чыгуу жана өндүрүштүк өнүгүүнүн келечеги боюнча топтун жетекчиси.

Көп жылдык өндүрүштүк эң жакшы ийгиликтери үчүн Айнагүл Мидиновна 1998-жылы Жалал-Абад облусттук мамлекеттик администрциясынын Ардак Грамотасын, 2002-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасын алууга жетишкен.

Кара-Көл шаарынын өнүгүшүнө салым кошкон жана республикага белгилүү инсандар

ТУРСУНБЕК ЧЫНГЫШЕВ

Год рождения – 15-октября, 1942 года.Место рождения Нарынская область, Тянь-Шаньский район, село Төш-Булак. Образование высшее, окончил Фрунзенский Автодорожный техникум, Калининградский машиностроительный техникум, экономический факультет Кыргызского национального университета, Академию общественных наук в г. Москве.

Трудовая деятельность-1963-дорожный мастер ДЭУ-21 Ысык-Кульской области. 1963-66 – служба в рядах Советской Армии, Прибалт. Военный округ. 1966-68- секретарь комитета комсомола Автоагрегатного завода Минавтопрома СССР, г. Калининград Российской Федерации. 1969—1970-зав. орготделом Первомайского райкома комсомола. Фрунзе. 1970—1977 - секретарь комитета комсомола, затем секретарь партийного комитета Всесоюзной ударной комсомольской стройки Токтогульской ГЭС.1977—1980-первый секретарь Кара-Кульского горкома партии Ошской области.1980—1988-заместитель зав.промышленным отделом, заведующий социально-экономическим отделом ЦК Компартии Киргизии.1989—1991-первый секретарь Токмокского горкома Компартии Киргизии, 1991-государственный секретарь Правительства Кыргызской Республики (вице-премьер-министра). 1991-член Комитета по оперативному управлению народным хозяйством СССР в г. Москве (Временное правительство СССР после ГКЧП).1992—1993-премьер- министр Кыргызской Республики.1994—2000-работа в банковскойсистеме республики.С 2003 года—исп. Директор Обшественного фонда "Иссык-Куль". С 2007 года—член Совета Директоров ОАО "На-

циональные электрические сети Кыргызстана".

НАГРАДЫ:

Орден "Знак Почета", орден "Дружба Народов", 1 медаль, 2 Грамоты Верховного Совета КР, "Заслуженный экономист Кыргызской Республики". Депутат Верховного Совета Кыргызской Республики 1990-1995 годы("Легендарный парламент").

Чынгышев Турсунбек деятельность начал в 1963 году после окончания с отличием Фрунзенского автодорожного техникума мастером на строительстве и эксплуатации автомобильной дороги Сарыджаз—Энильчек. Эта автотрасса сыграла большую роль при строительстве Сарыджазского оловорудного комбината, проведении геологоразведочных работ в регионе. В период службы в рядах Советской Армии избирался секретарем комсомольской организации батальона, заместителем секретаря комитета комсомола полка. После службы в армии по приглашению Калининградского обкома комсомола в 1966-1968 годы работал секретарем комитета комсомола Автоагрегатного завода Минавтопрома СССР г. Калининграда. Здесь же с отличием он окончил вечерний иашиностроительный техникум по специальности технология машиностроения, после возвращения в республику работал на машиностроительном заводе имени В.И.Ленина. По решению ЦК комсомола был направлен в Первомайский райком комсомола г.Фрунзе, где работал заведующим организационным отделом. В 1970 году ЦК комсомола республики направил Т.Чынгышева на строительство Токтогульской ГЭС, где был избран секретарем комитета комсомола Всесоюзной ударной комсомольской стройки. За 1970-1974 годы комсомольская организация Токтогульской ГЭС неоднократно признавалась лучшей не только среди комсомольских организаций республики, но и во Всесоюзном масштабе. Награждалась Пепреходящими Красными Знаменами ЦК Комсомола республики и ЦК ВЛКСМ.

В 1974 году Т.Чынгышев избран секретарем партийного комитета стройки, затем первым секретарем Каракульского горкома Компартии Киргизии. Как известно в этот период партийные комитеты непосредственно занимались производством, организуя и мобилизуя трудовые коллективы на выполнение народнохозяйственных задач. Комсомольские и партийные организации, руководимые Т. Чынгышевым, внесли большой вклад в

освоение гидроэнергоресурсов реки Нарын. За годы строительства Токтогульской ГЭС выполнен огромный обьем строительно-монтажных работ и в 1975году введены в эксплуатацию 1 и 2 гидроагрегаты. Для выдачи электроэнергии потребителям в этом же году завершено сооружение ЛЭП-500 кВ "Кара-Куль—Андижан". Уже через два года сданы в промышленную эксплуатацию 3 и 4 гидроагрегаты Токтогульской ГЭС, т.е.крупнейшей гидроузел электрической мощностью 1200 тыс. квт и водохранилищем в 19,5млрд. кубометров был введен на полную мощность. Для передачи энергии на север республики в 1979 введена в эксплуатацию ЛЭП-500 "Кара-Куль-Чалдовар".

Одновременно в 1976 году начато строительство Курпсайской ГЭС мощностью 800 тыс. КвТ. В небывало короткий срок, в течение 5 лет, был выполнен необходимый обьем строительно-монтажных работ и введены в промышленную эксплуатацию в 1981 году первые 2 агрегата, а уже в следующем году – еще 2 агрегата. В эти же годы параллельно с Курпсайской ГЭС были начаты работы по сооружению Ташкумырской ГЭС.

Каскад ГЭС на реке Нарын, в сооружении которых принимал самое активное участие Т.Чынгышев, стал ныне становым хребтом экономики республики, вносит серьезную лепту в повышении благосостояния народа.

В 1976 году Т.Чынгышев за заслуги в строительстве Токтогульской ГЭС награжден орденом «Знак Почета».

Т.Чынгышев за время работы в городе Кара-Куль внес значительный вклад в возведение таких важных народнохозяйственных обьектов, как завод «Достук» Минэлектронпрома СССР, Папанского водохранилища на реке Акбура, нового райцентра Токтогул и ряда других обьектов. В 1975 году Т.Чынгышев закончил экономический факультет КГУ, а в 1987 году с отличием Академию общественных наук в г.Москве по специальности «Управление социально-экономическими процессами». В 1980 году Т.Чынгышев приглашен в аппарат ЦК Компартии Киргизии, где занимал должности зам. заведующего промышленными отделом, заведующим социально-экономическим отделом. Работая на этих должностях, курировал важнейшие отрасли народного хозяйства Кыргызстана, также внес весомый вклад в развитие экономики нашей страны. В 1989 году за эти заслуги

награжден орденом «Дружбы народов».

В 1989 году избран первым секретарем Токмокского горкома партии. В эти годы при его активном участии в городе Токмок были введены в строй такие важные обьекты как радио и стекольный заводы.

В 1990 году избран депутатом Верховного Совета республики, активно участвовал в демократическом движении в составе Депутатской группы «114», введении президентского правления.

В начале 1991 года назначен Госсекретарем (вице-премьер министра)правительства, а с августа по декабрь 1991 года работал в городе Москве в составе Комитета по оперативнему управлению народным хозяйством СССР (Временное правительтсво СССР), созданного Президентом СССР М.С.Горбачевым после ГКЧП и роспуска Правительтсва СССР.

В феврале 1992 года назначен Премьер-министром Кыргызской Республики. Годы работы Т.Чынгышева в правительстве совпали с самым сложным периодом истории Кыргызстана. Развал СССР, распад единого народнохозяйственного комплекса Союза, получение республикой суверенитета, начало политических и экономических реформ, первые шаги вхождения в мировое обшество. В феврале-марте 1992 года в республике по ряду причин были истощены запасы продовольственного зерна, их оставалось на 2-3 недели, не хватало сахара, растительного масла, других продуктов первой необходимости. На их закупку в стране не было инвалюты. Ситуация усугублялось еще и тем, что весной этого года на республику обрушились серьезные стихийные бедствия Джалал-Абадское , Сары-Камышское, Суу-Самырское замлетресения, сели и наводнения в Кара-Суйском районе.

В тяжелом положении оказались практически все отрасли экономики.

В этой сложной обстановке правительству Т.Чынгышева пришлось принимать неодинарные, экстренные меры по обеспечению населения хлебом, сахаром, растительным маслом и другими продуктами питания. В короткий срок была разработана и реализована Программа увеличения производства зерновых, масличных культур, сахарной свеклы, картофеля, плодоовощной продукции.

В целом Агропромышленному сектору в 1993 году было изы-

скано и выделено 975 млн, сомов дешевых кредитных ресурсов. В результате комплекса принятых мер, республика в дальнейшем не имела серьезных проблем в обеспечении населения продовольственными товарами.

В 1992-1993 годы правительством разработана и реализована Программа перехода страны к свободной рыночной экономике. Начато разгосударствление и приватизация, развитие частной торговли, малого и среднего предпринимательства. Впервые появились коммерческие банки с частным капиталом. К концу 1993 года было приватизировано около 30 процентов госимущества, на долю частных структур приходилось производство более пятой части ВВП.

В комплексе мер по осуществлению экономических реформ особое место работа по подготовке и введению национальной валюты. Указом Президента республики был создан Комитет по введению национальной валюты, Председателем которого был назначен Т.Чынгышев. После выполнения огромного обьема организационных, экономических мер в мае 1993 года была введена национальная валюта – кыргызский сом.

Введение собственной денежной единицы позволило Кыргызстану обеспечить независимость от России по обеспечению страны денежной наличностью, эффективнее вести финансово-кредитную политику, снизить инфляцию, способствовало привлечению иностранной финансовой помощи.

В 1992-1993 годы правительство формировало и реализовало впервые самостоятельно свою внешнюю экономическую политику, осуществило первые шаги для интеграции в мировую экономику. Республика вошла в состав ряда международных и финансовых организаций: Всемирный Банк, Международный валютный фонд, Европейский банк развития и реконструкции и других структур. В результате визита Премьер-министра были установлены надежные контакты с Комиссией Европейского сообщества. Все эти меры дали впоследствии хорошие результаты в привлечении в страну инвестиций, внешней финансовой помощи.

После отставки с поста премьер-министра Т.Чынгышев продолжал работать в финансово-экономической сфере: вице-президентом топливой кампании, генеральным директором ком-

мерческих банков, Председателем Ассоциации коммерческих банков республики.

Т.Чынгышев награжден 2 орденами , 1 медалью, 2 Почетными Грамотами Верховного Совета Кыргызской Республики. Народный депутат Жогорку Кенеша 1991-1995 годы. Заслуженный экономист Кыргызской Республики. Является получателем пенсии за особые заслуги перед Кыргызской Республикой.

Последние годы Т.Чынгышев активно занимается общественной деятельностью, избирался Исполнительным директором Общественного фонда «Иссык-Куль», является членом Совета директоров АО «Национальное электрические сети». За 2004-2006 годы принял участие в 8 международных конференциях, саммитах, прошедших в городах Сеул (Южная Корея), Вашингтоне и Нью-Йорке (США), Москве (Россия). Межрелигиозной и международной Федерацией за мир во всем мире ему присвоено почетное звание «Посол Мира» и награжден Памятными медалями и Грамотами это организации.

АРТЫКБАЕВ ОСМОНБЕК МАМБЕТЖАНОВИЧ

Осмонбек Артыкбаев 1960-жылы 19-февралда Токтогул районунун Кызыл-Ураан айылында туулган. Улуту кыргыз, билими жогорку. 1986-жылы борбордогу политехникалык университетин аяктаган, 2010-жылы Ж.Баласагын атындагы Улуттук Университетинин "Юриспруденция" факультетин аяктаган.

Азыркы учурда О.М. Артыкбаев Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясынын директору. Мамлекеттик кызматтын 2-класстагы Кеңешчиси.

Илимий даражасы: экономикалык илимдердин кандидаты. Европалык университеттин "Экономикалык илимдер" адистиги боюнча философиялык доктору, 30дан ашык экономикалык-илимий иштердин автору. Кыргызча, орусча жана англисче таза сүйлөй алат.

О.М. Артыкбаев 1980-1981-жылдары Күрп-Сай ГЭСинде инженер болуп эмгектенген. 1981-жылдын июль айынан 1982-жылдын августуна чейин Токтогул ГЭСтер Каскадында 3-разряддагы электрослесарь, 1983-жылдын февраль айына чейин Кыргыз Республикасынын ЦС ОСВОД куткаруу станциясында 3-класстагы

суучул, 1983-жыл, март айынан, июлга чейин "Достук" заводунда 3-разряддагы электрослесарь, 1986-жыл, августтан 1991-жыл, ноябрга чейин Таш-Көмүрдөгү жарым ток өткөрүүчү материалдар заводунда инженер, бөлүмдүн башчысы, 1991-жыл, ноябрдан 1995-жыл, августка чейин "Скорпион" компаниясынын менеджери, 1996-жыл, октябрдан 2004-жыл, сентябрга чейин "Неман Холдинг" компаниясынын башкы директору, 2010-жыл, апрелден июль айына чейин Кыргыз Республикасынын энергетика министри, 2011-жыл, январдан 2012-жыл, январга чейин "Кыргызалтын" ААК Башкармалыгынын төрагасы, "Кумтөр Голд Компани" ЖАОнун директорлор Кеңешинин төрагасы болуп эмгектенген.

2005-жылдын март айынан 2007-жылдын октябрь айына чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 3-чакырылышынын, 2007-жыл, декабрдан 2009-жыл, июнга чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 4-чакырылышынын депутаты болуп шайланган.

СЫЙЛЫКТАРЫ:

2003-жылы "Даңк", 2009-жылы Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген куруучусу, 2009-жылы Каржы министрлигинин отличниги, 2009-жылы 19-ноябрда "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 70 жылдык" юбилейлик медалы, 2010-жылы укук коргоодогу зор салымы үчүн "Ардак" медалдары менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты катары Кара-Көл шаарынын калкынын социалдык маселелерин чечүүдө, б.а. электрэнергия төлөмдөрүнө жеңилдиктерди киргизген мыйзамдын кабыл алынышына зор салымын кошкон. Ошондой эле жыл сайын калктын аялуу катмарына жана мугалимдер менен дарыгерлерге демөөрчүлүк жардамдарын көрсөтүп келүүдө.

Үй-бүлөлүү, үч баланын атасы, эл арасында чоң урмат-сыйдын ээси.

ЧОТКАРАЕВ ДҮЙШЕНБЕК ОЗОНОВИЧ

Д.О. Чоткараев 1965-жылы 12-июлда Кара-Көл шаарында туулган. Улуту кыргыз, билими жогорку. 1988-жылы Омск шаарындагы политехникалык институтту аяктаган.1988-жылдын

октябрь айынан 1989-жылдын июнь айына чейин Омск шаарындагы "Электроцентрмет" заводунда инженер-конструктор, 1989-жылы март-ноябрь айларында Кара-Көл автобазасында, 1989-жылдын ноябрынан 1991-жылдын октябрь айына чейин "Достук" заводунда инженер-конструктор, 1991-1992-жылдары Кара-Көл шаардык комсомол комитетинде бөлүм башчы, Төмөнкү Нарын каскадында мастер, 1992-94-жылдары КР УМККнын Жалал-Абад области боюнча "Т" бөлүмүндө опер өкүл, кадрлар тобунун опер өкүлү, 1996-1998-жылдарда КР УМККнын Жалал-Абад области боюнча Шералиевадрлар тобунун опер өкүлү, "К" бөлүмүнүн башчысынын орун басары, контрабанда менен күрөшүү бөлүмүнүн башчысы, коррупция жана контрабанда менен күрөшүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1998-жыл, августтан 1999-жыл, июлга чейин Сокулук райондук улуттук коопсуздук комитетинин башчысы, 1999-жыл, июлдан 2001-жыл, мартка чейин Бишкек шаары жана Чүй области боюнча УМККнын башчысы, 2001-2002- жылдары Сокулук районунда УККнын башчысы, 2002-2003-жылдарда Аксы районунда УККнын башчысынын милдетин аткаруучу, 2003-2004-жылдары терроризм жана коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча башкы башкармалыкта 1-бөлүктүн башчысынын милдетин аткаруучу, 2004-2005-жылдарда коомдук коопсуздук башкармалыгынын башчысынын милдетин аткаруучу, кайра башчысынын орун басары, 2005-2006-жылда маалымат-информация башкармалыгынын башчысынын орун басары, 2006—2007-жылда Ош шаарынын улуттук коопсуздук башкармалыгынын башчысынын орун басары, 2007-жылы КР МУККнын карамагында, кайра 2009-жылдын сентябрына чейин Ош шаарындагы улуттук коопсуздук башкармалыгынын башчысынын орун басары, кайра 2010-жылдын январына чейин Улуттук коопсуздук башкармалыгынын башчысы, 2010-жылдын апрелинен Жалал-абад области боюнча УКБнын башчысы, андан бери карата КРнын МУККнын карамагында ар түрдүү кызматтарда иштөө менен катардагы лейтенанттан полковникке чейин өсүп жетти. Азыркы учурда КРнын МУККнын төрагасынын орунбасары болуп эм-

гектенип келе жатат.

СЫЙЛЫКТАРЫ: 2000-жылы "Милдет" төш белгиси, 2001-жылы Ардак Грамота, 2004-жылы "Эрдик" төш белгиси жана КР МУККна 80 жыл" юбилейлик медалы, 2007-жылы "Күжүрмөн кызмат өтөгөндүгү үчүн" 2-даражадагы медалы, 2008-жылы "Мамлекеттик чек араны мыкты кайтарганы үчүн" 2-даражадагы медалы жана "КР МУВККна 90 жыл" юбилейлик медалы, 2009-жылы "Салык кызматташтыгын бекемдегени үчүн" медалы жана "КРнын улуттук копсуздук кызматынын отличниги" төш белгиси, 2010-жылы "Контрчалгындоо кызматына 70 жыл" төш белгиси, 2012-жылы КРнын МУККна 70 жыл" юбилейлик медалдары менен сыйлынган. Үй-бүлөлүү, үч баланын атасы

ЗИЛАЛИЕВ ДҮЙШӨНБЕК ТЕКШЕРБЕКОВИЧ

Д.Т.Зилалиев 1973-жылы 16-июлда Кара-Көл шаарында туулган.Улуту кыргыз. Юридикалык жана экономикалык жогорку билимге ээ. 1995-жылы Турциядагы Ички иштер министрлигинин Анкарадагы полициялык Академиясын аяктаган. 2005-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин экономика факультетин бүтүргөн. Юридикалык илимдердин кандидаты. 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыкка талапкер болгон.

Д.Т.Зилалиев 1990-жылдын сентябрынан 1991-жылдын июлуна чейин Кара-Көл шаарында "НГЭС" АКунда электрдик монтаждоочу, 1995-жыл, августтан 1996-жыл, сентябрга чейин Бишкек шаарында тергөөчү, 1996-жыл сентябрдан 1999-жылдын ноябрына чейин Москва шаарында ички иштер Академиясынын башкармалыгында аднюдант, 1999-жыл, ноябрдан 2000-жыл, августка чейин Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин академиясында кылмыш процесс кафедрасынын окутуучусу, 2000-жыл, августтан 2002-жыл, июнга чейин Кыргыз Республикасынын ИИМнин академиясында илимий катчы, 2002-жыл, июлдан 2003-жыл. февралга чейин Бишкек шаарындагы укук-көзөмөлдөө башкармалыгынын башчысы, 2003-жыл, февралдан 2004-жыл, мартка чейин Ош – Жалал-

Абад - Баткен аймактык бөлүктөрдө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик мүлкүнүн башчысы, 2004-жыл, марттан декабрга чейин Бишкек шаарындагы мамлекеттик мүлктү башкаруу комитетинде аппарат жетекчиси, 2005-жыл, июндан 2009-жыл, октябрга чейин Кыргыз Республикасынын администрациясында уюштуруу жана мамлекеттик саясат бөлүмүндө, 2009-жыл, декабрдан 2010-жылдын апрелине чейин коргонуу, коопсуздук жана укук коргоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин кеңешчиси, 2010-жыл, апрелден декабрь айына чейин Убактылуу Өкмөттүн аппаратында коргонуу, коопсуздук, укук коргоо бөлүмүндө инспектор, 2010-жыл, декабрдан 2011-жыл, декабрга чейин Кыргыз Республикасынын Аппаратындагы коргонуу, коопсуздук бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштеген. 2011-жылдын декабрь айынан азыркы убакка чейин Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын коргонуу Кеңешинин секретариатынын катчысынын орун басары болуп эмгектенип келүүдө.

МАМБЕТЖУНУС АБЫЛОВ

Мамбетжунус Абылов 1954-жылы 1-мартта Жалал-Абад областынын Токтогул районунда туулган. 1979-жылы Фрунзедеги политехникалык институтун аяктап жогорку билимге ээ болгон жана инженер-куруучу адистигин алган.

М.Абылов окумуштуулук даражасы боюнча экономикалык илимдердин кандидаты,Кыргыз Республикасынын инженердик Академиясынын Академиги (Бишкек), Эл аралык Инженердик Академиясынын мүчө-корреспонденти (Москва), аскердик чини – Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтөрүнүн генерал-майору.

Дипломаттык ишмердиги – Өзгөчө кырдаалдар полномочиесинин Кыргыз Республикасындагы элчиси, Кыргыз Республикасынын инженердик Академиясынын Академиги, Москвадагы эл аралык инженердик Академиясынын мүчө-корреспонденти.

Үй-бүлөлүү—үч перзенттин атасы.

М.Абылов кыргыз тилинен башка англис, орус жана түрк тилдерин эркин сүйлөй алат.

Мамбетжунус Абылов өмүр жана эмгек жолунда бараандуу жолдорду басты. 1973-1979-жылдары Фрунзедеги политехникалык институтунун студенти болгон, 1979-1981-жылдары "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгында мастер, прораб, ага прораб, курулуш участкасынын начальниги болуп иштеген, 1981-1983-жылдары Фрунзе политехникалык институтунда кафедрада окутуучу, Москва шаарындагы башкаруу институтунда сырттан окуу бөлүмүндө аспирант, 1983-1986-жылдары Кыргыз Республикасынын агроөнөржайында "Чүйайылкурулуш" трестинин башкармасынын орунбасары,"Таласагроөнөржай" бирикмесинин начальнигинин орунбасары, 1986-1991-жылдары Мамлекеттик курулуш тармагында "Ысыккөлкурулуш" трестинин башкаруучусу, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик курулуш экономикасынын башкы башкармалыгынын начальниги, КРнын мамлекеттик курулушунун төрагасынын биринчи орунбасары, 1991-1995-жылдары Кыргыз Республикасынын мурдагы курулуш министрлигинин алдындагы "Кыргыз курулуш" Госконцернде төрага, 1995-1996-жж. Кыргыз Республикасынын Борбордук Шайлоо Комиссиясынын төрагасы, 1996-1998-жжылдары Кыргыз Республикасынын граждандык коргонуу жана өзгөчө кырдаалдар боюнча министр, 1998-2003-жж. Кыргыз Республикасынын Малайзиядагы элчиси, 2003-2005-жж. Кыргызстанда демократиялык партияларды өнүктүрүү боюнча төрага, 2005-2009-жылдары. Кыргыз Республикасынын Турциядагы элчиси болуп эмгектенип келди.

Мамбетжунус Абылов өзүнүн илим-билимге болгон умтулуусу, табиятынан сергек жана сезимталдыгы, саясий көз карашынын жеткиленди менен Кыргыз Республикасынын өнүгүшүнө ар тараптуу жана ак эмгек менен кызмат өтөп келе жаткан, каракөлдүктөр сыймыктана турган жигердүү, күжүрмөн уулдарынын бири.

АКЫНАЙ МАРКОЗУЕВА

Маркозуева Акынай өз убагында мамлекеттик жана коомдук ишмер катарында калың элге таанымал болуп жашап өткөн. Кыргыз элинин чыгаан жана элине эрдике тете иш кылып өткөн Акынай Маркозуева 1911-жылы ошол кезде Үч-Терек районуна караштуу болуп турган Кара-Көлдө азыркы Байкалмак айма-

гында 8-март күнү жарык дүйнөгө келген.

Акынайдын атасы Маркозу карапайым, сабатсыз болгону менен өтө сөзгө чебер, куудул, айыл ичинде чоң кадыры бар адам болгон экен. Ошон үчүн да билими күчтүү миңди жыгаарын илгиртпей түшүнүп, кызынын билим алуусуна өбөлгө болсо керек.

Акынай Маркозуеваны билген муундардын айтымына караганда ал тырмактайынан эле башкалардан өзгөчөлөнгөн чыйрак, тыкан жана көп нерсеге акылы жеткен сезимтал, жүрөгү таза кыз болгон экен. Ал кезде элди туташ сабаттуу кылуу мезгили келе элек болсо да, кандайдыр мүмкүнчүлүктөрдүн натыйжасында мектептен окуп, 1927-жылы Орто Азия боюнча Ташкенттеги коммунисттер университетине -САКУга кирип билим алып, аны кызыл диплом менен бүтүрүп чыгат. Ынтызар кыргыз кызы кайра эле айыл чарба техникумун да окуп бүтүрөт жана техникумду бүтөөр жылы ошол жерден партиянын мүчөлүгүнө өтөт.

Замана билимдүү адамдарга суусап турган убак болгондуктан Акынай Маркозуева билимге жана кесипке ээ болгондон соң, Ташкенттеги ылайыктуу кызматка да сунуш кылынат. Бирок, сезимтал сергек кыз өз жеринде кызмат кылууну көксөйт. Айылына келет да, тарыхыбызда санжырага айланган анын эмгек жолу башталат. Адегенде Үч-Терек райЗО бөлүмүнүн жетекчиси болуп дайындалат. 1930-жылы февраль айынан Үч-Терек райондук аткаруу комитетинин төрайымы болуп кызматка киришет.

Мезгилинин билимдүү жана уюштургуч, көзү жетик иш билги кызы болгон Акынай Маркозуева 1931-жылдын декабрь айынан тартып, партиянын Токтогул райкомунун 2чи секретары (катчысы) болуп кызматка коюлат. Кайра эле 1932-жылдын январынан 1933-жылдын декабрына чейин "Ачы" райкомунун биринчи секретары болуп дайындалат.1934-жылдан кайрадан Үч-Терек районуна райкомдун 1-чи катчысы болуп келет.

Акынай Маркозуева акылы тунук, улуттук сезими күчтүү инсан катары эки тизгинди бирге алып жүрөт. Ал чоң адамгерчилиги, кең пейилдүүлүгү менен адамды өзүнө тартып турган, инсан жана жетекчи кызматкер катары да, көпчүлүк менен тил табыша билгендиги менен өзгөчөлөнүп турган.

Еркеев Ильяз Марсович – шаардын мэри

Өскөн уулу Калыбай – 1-вице-мэр

Сатарова Гүлмира Окушевна – шаардын вице-мэри

Анарбаева Айша Токтосуновна – мэриянын аппарат жетекчиси

2012/03/03 11

11.06.2009 09:12

07.02.2012



Гидрокуруучулардын эмгек таржымалын чагылдырган сүрөттөр




Камбар-А
ГЭС-2
30 августа

23/06/2010

31/12/2009 16:49
С Новым Годом!

572

Токтогул ГЭСтер каскады





Аялзатынан чыккан билимдүү жана ишмекер инсан катары ал жашы улгайганга чейин чыныгы патриоттук сезими менен ошол доордун жетектөөчү күчү болгон коммунисттик партияга да, эли-жерине да жан аябай кызмат кылды. Партия аны кайсыл аймакка жетекчиликке дайындабасын, ал райондун эл чарбасын көтөрүүдө өзүнүн иш билгилиги, уюштургучтугу жана талапчандыгы, партиянын чыныгы жоокери катары такшалгандыгы менен өзгөлөрдөн айрымаланып алдыңкы сапта болуп иштеди.

Жаңы эле орногон совет бийлиги мезгилинде Акынай Маркозуева жүздөгөн, миңдеген кыргыздын кыз-келиндерине билим алууга карай кеткен жолго жарык чачкан шоола болуп артынан башкаларды ээрчите алды. Анын жолун улагысы келген далай кыз-келиндер мектептен окуп билим алуунун, бир кесипке ээ болуунун канчалык зарыл экенин, келечектүү экенин түшүнүштү. Өздөрүнүн келечегине Акынай Маркозуевагын өмүрүн мисал тутушту. Эскичиликтин "кыз киши окуп кайда бармак эле" деген көз карашын төгүнгө чыгарган Акынай Маркозуева кайсыл жерде жетекчи кызматтарда иштебесин мектептердин ишине, жаңы мектептердин курулушуна, аларга заманбап билими бар кадрларды даярдоого чоң көңүл буруп келди.

Ар бир доордун өзүнө ылайык зарыл талаптары болот эмеспи. Акынай Маркозуеванын заманында мамлекет билими бар жаштарга муктаж болуп турган. Партия да буга тийиштүү камкордук көрүүнү биринчи планга коюп караган. Шаарларда адистик берүүчү, айрыкча мугалим кадрларды даярдоочу курстар ачылып, ага жергиликтүү жетекчилердин кийлигишүүсү менен аз болсо да жаштар билим алууга жиберилип турган. Улам жыл өткөн сайын эл сабаттуулуктун маанисин түшүнүп, анан барып туташ билим алууга өткөндүгү Ч.Айтматовдун "Биринчи мугалиминен" эле көрүнүп турбайбы.

Акынай апа эли-жери үчүн көп жыл кызмат кылды. Кара-Көл шаарынын эли менен жетекчилиги бир кездеги өзүнүн чыныгы мекенчил жана патриот кызынын ысмын түбөлүккө калтыруу үчүн жедигерлер жашаган бир чоң көчөнү Акынай деп атаган.

Шопоков атындагы №4-орто мектептеги край таануу музейинде А.Маркозуеванын басып өткөн өмүр жолу боюнча эстелик буюмдар менен маалыматтар коюлган атайын бурч уюштурулган.

МАРКОЗУЕВА АКЫНАЙДЫН УРПАКТАРЫНАН

Акынай Маркозуева 4 бир тууган болгон. Улуу эжеси Кишим турмушка чыкпай эле кароосуз калган жетим балдарды багып өстүрүп өкмөткө салымын кошкон. Маркозуев Култай (1905-жылкы) совет бийлиги жаңы орногондо колхоздо башкарма болуп иштеген. Акынайдын апасы уздугу жагынан айылдаштарынын алдында болчу. Сакынай (1909-жылкы) эжеси да апасын тартып уз болуп,чебер колу менен түрдүү буюмдарды тиге билген, бей-бечараларга акысыз кийим тигип берчү. Ал эми Машы Акынай Маркозуеванын иниси болгон. Ал жыйырма беш эле жашында Улуу Ата Мекендик согушка аттанып кайтпай калган.

Акынай Маркозуеванын 1931-жылы туулган уулу Субат 1966-жылы оорудан көз жумуп, анын артынан 4 кыз, 2 уулу калган, алар азыр Бишкекте турмуш кечиришүүдө.

Маркозуева Акынайдын бир тууган агасы Маркозуев Култайдын балдары Өзгөрүш жана Эркин. Култай уулу Өзгөрүш 1939-жылы 1-ноябрда Кара-Көлдө туулган. Өзгөрүш да жаштайынан билимге умтулуп, бир эле мезгилде коомдук турмушка өз салымын кошуп, эмгек кылууну абдан эрте баштаган. 16 эле жашында эң биринчи Кара-Көл шаарындагы киномеханик болгон. Иштеп жүрүп жогорку билим алууга аракеттенип, Фрунзедеги политехникалык институтун бүтүргөн. Замананын агымына жараша коммунисттик партиянын мүчөсү болгон. Бир топ убакыт бою Эл депутаттарынын Кара-Көл шаардык аткаруу комитетинде түрдүү кызматтарда иштеген.1980-жылдарда "Достук" заводу жаңыдан дүркүрөп иштеп турган мезгилде подстанциянын начальниги болуп, бир топ жыл эмгектенген. Союз таркагандан тарта Токтогул каскадынын ар кайсы тармактарында электрдик участканын башчысы катары иштеген жана 2001-жылы жашы улгайгандыгына байланыштуу ардактуу эс алууга чыгып, бирок шаардагы ар кандай коомдук иштерге активдүү катышып жүргөн. Өмүрүнүн акыркы жылдарында "Ак-Жар" аксакалдар сотунун төрагасы болуп, коомдук милдетти аткарып жүрүп, бир топ коомчулукка тиешелүү маселелердин чечилишине, жаштарды адеп-ахлакка тарбиялоодо маанилүү милдеттерди аткарды. 2008-жылы мезгилсиз дүйнөдөн өткөн.

СТЕФАНОВИЧ ЛЮДМИЛА ФЕДОРОВНА

Стефанович Л.Ф.—1937 года рождения, по национальности русская, образование высшее, работает в должности заведующей филиалом Учебного центра ОАО "НЭС Кыргызстана" при Каскада Токтогульских ГЭС. Трудовой стаж 57 лет. С.Л.Федоровна в г.Кара-Куль работает с 1977 года—35 лет. Из них: в должности 2-го секретаря Кара-Кульского горкома Компартии Киргизии- 10 лет, в коллективе энергетиков Каскада Токтогул ГЭС - 25 лет.

НАГРАДЫ: Орден "Знак почета" - 1986г;
Медаль "За трудовую доблесть" - 1981 год;
Медаль "За доблестный труд" - 1970 год;
Медаль "Ветеран труда" - 1989год;
Медаль "Ветеран Токтогульской ГЭС" - 1999год.
Почетная Грамота Президиума Верховного Совета КР, Мин. высш.и сред.обр.Кыргызст, ПО Кыргызэнерго, Кыргызэнергохолдинг, ОАО "Электрстанции", АО "Кыргызэнерго" и др.многие.

Светлана СУСЛОВА

МОЙ ГОРОД

Соловьи уводят здесь ночами
Из садов в заоблачную тьму.
Здесь еще не старые печами
И не в каждом снятся дому.

***

На скамейке слышен нежный щепот,
Звонкий смех за окнами в домах...
Возвращаясь затемно с работы
Город светом солнечным пропах.

***

Солнцем, да бензином... Да немного
Голодом, что юности сродни.
Ведь ведут нелегкие дороги
К новым ГЭС, где светятся огни.

Городов столичных, фабрик, улиц,
И аулов, и библиотек...
А пока Нарын вздымаев воды
Грозных волн не сдерживая бег.
***
Молодого города заботы
В предрассветной дымке сизевы...
Кара-Куль мне мнится отчего-то
Маленьким макетом всей страны...

АЛГАЧКЫ АДИСТЕРДИН БИРИ

Масиров Камчыбекти кара-көлдүктөр өз куракташтарынан алдыга суурулуп чыккан билимдүү адис, кызматын чоң жоопкерчилик менен так аткара билген партиянын чыныгы патриоту катарында билип калышты.Биз да бул инсанды көзү өтөөрдөн үч-төрт жыл илгери көрүп калдым. Өзү өтө кичипейил, элпек, бой көтөрүүнү билбеген жөнөкөйлүгү менен өзгөчөлөнүп турган адам экен. Союз жаңыдан эле ыдырап турган мезгил.Ошого карабастан ал адам "Нарынгидроэнергокурулуш" мекемесиндеги профсоюздук, комсомолдук, граждандык коргонуу багытындагы уюштуруучулук иш-аракеттер тууралуу көп маалыматтарды сүйлөп берген болчу.

Масиров Камчыбек 1934-жылы 9-Майда Кара-Көлдө төрөлгөн. Үч-Терек районундагы Горький атындагы (ошол мезгилде) орто мектепти бүткөндөн кийин Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумду 1958- жылы аяктаган жана ветеринардык фельдшер адистигине ээ болгон. Ошол эле жылы областтык айыл чарба башкармалыгынын жолдомосу менен 1956-жылдан 1962-жылга чейин азыркы Ноокен районунда колхоздордо мал доктур, андан кийин ветеринардык пункттун башчысы болуп эмгектенген. Кыска эле убакытта ары билими бар адис, ары өз ишине жогорку жоопкерчилик менен мамиле кыла билген ар-намыстуу инсан катары бааланып, КПССтин (партиянын) мүчөлүгүнө кабыл алынган.

Мектепте мугалим болгон

1962-жылдан 1964- жылга чейин Кара-Көлдө башталгыч класстын мугалими болуп иштеген. Себеби, ал убакта педагогикалык адистиги бар мугалимдер жетишсиз болгон эле.

Өрт өчүрүү бөлүмүн жетектеген

1962-1963-жылдарда шаардагы өрткө каршы күрөшүү бөлүмүндө инспектор болуп иштеген. 1964-жылы Кара-Көл шаарында күзөт (ВОХР) бөлүмүнүн жетекчиси болуп бир жыл иштегенден кийин, өз заманындагы сабаттуу жана билимдүү инсандардан болгондуктан, Кара-Көл поселоктук советинин аткаруу комитетинин төрагасы болуп шайланган жана көрсөтүлгөн ишенимди абийирдүүлүк менен аткарып, 1965-жылдан 1976-жылга чейин жемиштүү иштеген.

Партиянын жоокери

1972-жылы КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы Жогорку партиялык окууну сырттан аяктаган. Коммунист катары да, өз мезгилинин чыныгы патриоту катары да Масиров Камчыбек абдан жигердүүлдүк менен коомдук иштердин бардыгына активдүү катышып, өзүнүн жетекчилик да, уюштуруучулук да жөндөмүн көрсөтө алган.

1978-жылы "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын алдындагы граждандык коргонуу бөлүмүнө начальник болуп дайындалып, бул кызматта 1993-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.

Өзгөчө камкор жан эле

Үй-бүлөдө камкор ата, бир туугандарына күйүмдүү, боорукер, меймандос инсанды бир тууган карындашы Кумаркан эскерет:

"Камчыбек акем өзгөчө карамдуу, бир туугандарына башкача жан тартып ал-абалын күндө, күн алыс сурап турган жароокер жан эле. Мен Камчыбек акемден улам баары эле ушундай экен деп түшүнчүмүн. Көрсө, менин агам эч кимге окшобогон боорукер жан турбайбы. Токсонунчу жылдары эки-үч жыл ооруп калдым. Улам жумушка чыгам, кайра ооруп жатып калам. Күн сайын алдыма келет.Абалымды сурайт. Кыз кишидей көңүлүмдү көтөрөт. Кээде сабак өтүп жаткан учурумду күтөт экен да, мага билдирбей. Коңгуроо болоору менен акырын кирип келет. Тим

эле эки жума көрбөгөнсүп, ден соолугумду терип-тепчип сурайт. "Өзүңдү кыйнап иш кылба, ойлонбо, муну ичтиңби, тигини тигинтип көрдүңбү, деп арасында бир топ тамашаны да сүйлөп, мени жаш баладай эркелетип, күлдүрүп анан кетет".

Камчыбек аганын карындашы Кумаркан бир топ маанилүү эскерүүсүн баяндап берди:

"Атам Масир 1902-жылы төрөлүптүр. Чоң атам Жапар менен чоң апам Айкүмүш Туту, Аалы, Каакылар ата-энеден эрте калышат да, чоң атамдын бир тууганы Эсеке өз балдарындай асырап, үйлүү-жайлуу кылат.Камчыбек менен Асылбек акемдер 5—3 жаш болгон кезде Ата Мекендик согуш чыгып, иниси Туту экөө кан майданга аттанат.Берлинге чейин барып, 1946-жылы мекенине келет. Согуштан аман келгенде төрөлдү дешип, кийинки уулун Амангелди деп коет экен. Бир топ перзенти турбай анан Кошбай, кийин мен, 1964-жылы Таалайбек төрөлөт.

Атамдын Туту бир тууганы согуштан дайынсыз жоголот. Андан калган эки кыз - Бүажар менен Бүайшаны атам асырап алат.

Үйдүн эң улуусу Камчыбек акемди атам 30 жашка чыкканда көрүптүр.Таятам Курама менен таэнем Кадича "Чоң үйдө болсун" деп ырымдашып өздөрү колго алышат.

Атам согушка аттанарда балдары жей турган буудайдын бир бөлүгүн үйгө ор казып көмөт да, бир бөлүгүн жакын жердеги мүрзөгө алып барып ор казып көмөт. Муну Асылбек акем укмуш эскерчү:"Бир күнү тааныш эле киши үйгө келип үйдө эмне бар экенин сураса, үч жаштагы Асылбек "Бул жейде буудай бай" деп мактанат. Ошол түнү атчан эки киши келип:"Үнүңөрдү чыгарбагыла, болбосо өлөсүңөр" деп үйгө көмүлгөн буудайды алып кетип калышат.

Үч жашта болсо да бул окуя Асылбек акемдин эсинде калат. Көп жыл кийин Асылбек акем капчыгай менен жайлоого баратып бир атчан менен жолу бирге болуп калат. Ал бейтааныш "Кимдин баласысың, канча бир туугансың?"- деп сураштырат да, "Ой тообо, силер ушунчалык эрезеге жетип калдыңарбы?" дегенде карай салып тааныйт да, атына шак секирип кишини быкылдатып басып калат. Эмне болгонун тиги киши сураса: "Согуш убагында биздин буудайды сен алып кетпедиң беле!"-дейт. Тиги киши:"Жанымды кой, айланайын, экинчи Кара-Көлдү бутум баспасын" деп араң бошонот.

Ата-энемдер ак мээнет менен тиричилик кылышкан. Бизди өтө эрте ойготоор эле, биз да ошого көнгөнбүз. Жайкысын эрте турган адам чарбачылык жумуштарынын көбүн бир заматта бүтүрүп алса болот.

Элестерине арналган турнир болуп турат

Камчыбек агамдын да, Асылбек агамдын да көзү өтүп кеткен. Жыл сайын Камчыбек акемдин урматына футбол оюну, Асылбек акемдин урматына эркин күрөш боюнча мелдештер өткөрүлүп, өзүбүз демөөрчүлүк кылып турабыз".

* * *

Ооба, Камчыбек Масиров билимдүү адистердин алгачкы карлыгачтары катарында Кара-Көл шаарынын турмушуна арбын салым кошуп кеткен инсандардан болгон. Бардык дайындалган кызматтарда жетишкен ийгиликтери үчүн сыйлыктарга да татыктуу болгон.

1982-жылы "Союзгидроэнергострой" дун Ардак Грамотасы менен, ал эми 1974-ж. Кыргыз Советтик Социалисттик республикасынын Жогорку Советинин Президиумунун Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Мындан башка К.Масиров шаардык, областтык көптөгөн мактоо баракчаларды, материалдык сыйлыктарды, Ардак Грамоталарды алууга жетишкен.

КАМЧЫБЕК МАСИРОВДУН ЭЛЕСИНЕ

Улуу муун басып өткөн из менен,
Өмүр бою калк камында иштеген.
Акыл айтып, жаштарга өрнөк болуп,
Адыл жүрүп, абийир жолун издеген.

Мансабына манчыркап башкалардай,
Чылым чегип, же ичкилик ичпеген.
Жан элеңиз зобололуу, эң бийик,
Сыймыктанган ага-тууган Сиз менен.

Кызматына кыянаттык кылбаган,
Айлык күтүп, дүнүйө-мүлк жыйбаган.

Ою бийик, дили таза акемди,
Ошондуктан эли-журту сыйлаган.

70 же 80 жашты жашабай,
Эрте кетти арабыздан аттиң, арман.
Тубөлүккө аты калды, өтсө да,
Бийик болуп, тирүү жүргөн кыйладан.

САНДЫБАЕВА Шарипа, карындашы.

КАКИШЕВ КУРМАНБЕК

Кыргыз Республикасынын өнөр-жайына эмгек сиңирген кызматкер

Какишов Курманбек 1959-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун энергетика факультетинин кечки бөлүмүнө кирген. Ошол эле мезгилде эмгек жолун баштап, ФРЭС мекемесинде электрдик монтер болуп иштеген. 1965-жылдан Кара-Көл ДЭС мекемесинде башкы инженер, 1966-жылдан Ат-Башы ГЭСинин курулушунда ага энергетик, электромонтаж иштери боюнча прораб, кайрадан 1971-жылы которулуу жолу менен "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгы тарабынан ПМКга прораб-энергетик, 1973-жылдан Токтогул ГЭСине инженер, ага инженер, бир нече бөлүмдөрдүн башчысы, мастер, Күрпсай ГЭСинин электрдик цехинин мастери, ОКС, КТГЭСтин ага инженери "Кыргызэнерго" аркылуу которулуу жолу менен Кара-Көл РЭСтин башчысы, Кара-Көл электр тармагынын башчысы, ага инженери, КТГЭС ОКСинин инженер-куратору, жабдууларды комплектилөө боюнча 2-категориядагы инженер, 1993-жылдан баштап 1-категориядагы инженер, КТГЭС ОКОнун жетекчиси, 1994-жылдан ПСГЭС 1-категориядагы инженери, ОКС ПС ГЭСтин жабдууларды комплектилөө боюнча жетектөөчү инженер болуп 2008-жылга чейин үзгүлтүксүз жана жемиштүү эмгектенген.

Курманбек Какишов өзүнүн байсалдуу жана көп жылдык эм-

гек жолунда кайсыл кызматка жиберилбесин өзгөчө билимдүү адис экендиги жана тапшырылган ишке чоң жоопкерчилик менен мамиле кылган ар-намыстуу, адилет, ак ниет инсан экендиги менен башкалардан айырмаланып иштеген адам. Кандай кызмат жүктөлбөсүн өтө жоопкерчиликтүү участоктордо иштөөгө туура келди. Себеби, жетекчилик чындыгында эле Курманбек Какишовдун адамдык абийирине, ишти жөндөй билгенине, коомдук мүлктү көздүн карегиндей кармай ала турганына ишеним артып жөнөтүп жаткан да. Институттан алган теориялык билимин практика менен айкалыштырып, жетекчи болуп дайындалабы, бөлүмдү башкарабы, же инженер болобу ага эки гана сапат керек экендигин жакшы түшүнгөн: билимдүү адис жана иштей билген жетекчи болуу.

Өздүк билимин тынымсыз жогорулатууга умтулуп, жаңы эрежелер, талаптар, ачылыштар көз жаздымынан калбады. Энергетикага байланышкан кандай тема болбосун Курманбек Какишов көздөн өткөрөт. Ошон үчүн да кайсыл иште болбосун өтөлүнөн чыгып иштей алды. Билимдүү жана талыкпас, тажрыйбалуу энергетик экендигин көрсөтүп иштеди.

Өз эмгек жолунда көптөгөн адистер менен, карапайым адамдар менен иштешти. Алардан турмуштук мисалдарды алып такшалды, кийинчерээк өзү да көптөгөн адамдарга, өзгөчө жаш адистерге эмгектик да, адамгерчилик да көмөгүн көрсөтүп, эмгек жолуна тарбиялады. Эч бир жаштардан билгенин аяган жок. Ушундай жакшы сапаттары менен элдин кадырлоосуна ээ болду.

Курманбек аганын эң мыкты адис экенин бир эле нерсе өзгөчө аныктап турат. 1967-жылы эле жаш энергетиктин эмгеги жогору бааланып, СССРдин энергетика жана электрлештирүү министрлиги тарабынан "Энергетиканын жана электрлештирүүнүн отличниги" наамын алгандыгы. Андан бери карата Курманбек Какишовдун эмгек жолун көптөгөн сыйлыктар коштоп келди.

Анын талыкпаган үзүрдүү эмгеги бааланып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин "Ардак Грамотасы",СССРдин энергетика министрлигинин Профсоюздар Борбордук Комитетинин Президиумунун "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү" наамы менен, СССР Жогорку Советинин Президиумунун көп жылдык жана ак ниет эмгеги үчүн "Эмгектин ардагери" төш белгиси менен, "Кыргызэнергохолдингдин "Ардак Грамотасы"

менен, "Кыргызэнергонун" "Ардак грамотасы" менен, Кыргыз Республикасынын энергетикасына кошкон салымы үчүн "ГОЭЛРОго 80 жыл" эстелик төш белгиси менен, Көз карандысыз мамлекеттердин "Электрдик энергиялар Кеңешинин" "СНГ мамлекеттерине эмгеги сиңген энергетик" күбөлүгү жана көптөгөн областтык, шаардык, райондук сыйлыктары менен сыйланууга татыктуу болгон.

Курманбек Какишов менен сүйлөшүп отуруп менде таңдануу да, кубануу да сезими болду. Анткени ал Кыргызстандагы энергетиканын тагдырына күйүп-бышып, бир топ олуттуу ойлорун ортого салды. "Утуру эле бирөөсү элди ишендирип, Камбар-Ата-1 жана калган ГЭСтердин курулушун баштоо тууралуу кайсы бир мамлекеттер менен келишим түзүп жаткандыктарын айтышат. Азыраак убакыттан кийин андан дайын жок, башкасынан, кайра дагы башкасынан элди үмүттөндүрүп келүүдө. Байкуш эл жакшылыктан үмүт этип ишенүүдө. Бирок ГЭС куруу үчүн эң биринчи Кыргызстандын өзүнө долборлоо институтун ачмайынча болбойт. Ташкентте жана Алма-Атада гана мындай институттар бар. Союз мезгилиндеги ГЭСтерди куруу боюнча түзүлгөн долбоорлор жараксыз. Андай долбоорлор 2-3 жылга гана эсептелип жасалган. Табият өзгөрүүдө, талап өзгөрүүдө, жаңы технологиялар пайда болууда. Анан өзүңүз эле ойлоп көрсөңүз, 25 жылдан мурда түзүлгөн долбоор бүгүнкү ГЭСти курууга кантип жарасын!?" деп күйөт. Мында кадиксиз чындык, акылмандык, билгичтик жана көрөгөчтүк жаткансыйт. Илгерки түзүлгөн проекти боюнча Камбар-Ата ГЭСинин курулушуна сарпталуучу каражаттын өзүн да, жаңыдан өнүгүп жаткан технологиялык жабдууларды да тең салмакта карооого мүмкүн эмес да. Сарпталуучу каражаттын өзүндө канча айырмачылык жатат. Сокур киши да байкаса болчудай экен. Ал эми кайрадан башка институттардан долбоорлорду даярдатууга канча миллиондогон каражат керек. Анан да алар канчалык деңгээлде адилеттүү, келечектүү долбоорлорду даярдап беришет? Бул суроого так жооп айтуу мүмкүн эмес.

Ылайым эле Курманбек Какишовдун ойлогон ою ордунан чыгып, жогорку бийликтерде жүргөн инсандарыбыз анын коюп келаткан маселелерин көтөрүп президенттин жана министрликтердин, депутаттардын алдына алып чыгып, эң биринчи

долбоорлоо институтун ачууга кадам таштaлса, анын келечеги түбөлүктүү болоору талашсыз го. Анткени, коңшулаш Ташкент менен Алма-Атадагы долбоорлоо институттары дагы эле жемиштүү иштеп жатпайбы. Бизде да мындай институттарда берилип, жан күйдүрүп иштөөчү, көзү жетик, илимпоз, окумуштуу, жөндөмдүү инсандар бар экендигине бөркүбүздөй эле ишене турган мезгил деле келбедиби. Жок эле дегенде Курманбек Какишев сыяктуу кутман карыларыбыздын кеп-кеңеш, сунуштарын эмнеге пайдаланууга, башкаларга багыт берип үйрөтүүгө болбосун?

«Шаар көз алдымда курулду»

Кара-Көл шаарынын эли сыймыктанган уулдарынын бири Кошбай Масиров шаар курулушу тууралуу дайыма ушинтип эскерет. Чындыгында эле Масиров Кошбай ГЭСтер курулушу боюнча алгачкы иштер башталган мезгилде болгону 11 гана жашта экен. Кечээ эле мамыр-жумур жайынча турмуш кечирип жаткан бул аймакта жашоонун нугу тездик менен өзгөрүп, Кошбайга окшогон мектеп окуучуларынан баштап 90догу карияларга чейин эле жаңыча бир жакшылыктын жышаанасын, чоң бир өзгөрүүнүн илебин сезип жатышты. Азыркы шаар турган чөлкөмгө күн санап ар тараптан ар башка улуттардан, ар башка шаарлардан, союздаш мамлекеттерден жүздөгөн, миңдеген элдин агымы чоң жээкти бузуп кирген суу сымал келе баштады. Эл арасында ушунчалык жаңылык сөздөр көп. "ГЭС курулат имиш. Нарындын суусун бөгөлөт экен. Анан ошол ГЭС деген немең суудан электр тогун алат экен. Чырактар ошол ток менен күйөт дейт. .." деген узун сабак элге "укмуш" сезилген сөздөр.

А дебей эле 5-6 жыл өтүп, ал арада камыш басып, ээн жаткан аймак кым-куут машиналар каттаган, чар тарапта ар башка курулуш иштери жүргүзүлүп жаткан эле бир абат жайга айланып кетти. Жандуу кыштак пайда болду. Бул арада кечээги 4-5-класста окуп жаткан балдар да эрезеге жетип турмуштун кайнаган агымына кошула баштады. Алардын арасында Кошбай Масиров

да бар. Түз эле ГЭС куруучулардын сабына келип кошулду. Башка жакка барып окуу, иштөө тууралуу ойлонуунун да, кыйналуунун да зарылдыгы жок болчу. Анткени, СССРдин туш тарабынан жүз, миңдеген эмгек адамдары Кара-Көлгө келип жатышса, бул жердегилер башка жакка эмне издеп барышмак!?

Мектепте башкаларга салыштырмалуу чыйрааk да, жакшы да окуучу болчу. Бой-келбети боло, ой жүгүртүүсү кенен, улуу курулушка салым кошууга ынтызарлыгы артып турган жаш жигитти ГЭС куруучулар дароо эле өздөрүнүн катарына кошушту да, электрдик монтаждоочу кылып үйрөтүштү. Тез эле өзүнө тапшырылган ишти өздөштүрүп, ГЭС курулушу адистерге суусап турган кырдаалда, ишенимдүү адис боло алаарын көрсөтүп койду. Ураалаган улуу курулуштун агымында келечегинен көптү үмүттөндүрүп иштеп жаткан күжүрмөн жигит 1970-жылы Советтик Армиянын сабына чакырылды. Жигиттик милдетин да ар-намыстуулук менен өтөп, кичи мекениндеги шары күчтүү, күндөлүк жашоосу майрамдагыдай болуп турган жайга сагынычы көкүрөгүн демеп кирип келди.

Мурдагыга караганда да бир кыйла каныгып калган жигит эми "Нарынгидроэнергокурулуш" мекемесине слесарь-монтаждоочу болуп жумушка орношту. Бул учурда ГЭС курулушуна гидроэнергокурулуш тармагында керектүү адистерди даярдоочу политехникалык институтунун филиалы Кара-Көлдүн өзүндө жаңы эле ачылып калган эле. Келечеги үчүн атайын кесиптик жогорку билим алуунун зарылдыгын мурда эле максат кылып жүргөн жаш жигит документтерин институтка тапшырды. Эми күндүзгүсүн такай курулуш участогунда жумушта болот да, кечкисин институттан билим алуусун улантат. Мезгил деген учкан куш сыяктуу зымырап билинбей эле өтө берет турбайбы. Бир эле мезгилде жогорку окуу жайдын студенти, күжүрмөн ГЭС куруучу, анан да атасынын айтканын эки кылбай үйлөнүп, төрт баланын атасы.

Масир ата бул баласынын аракетине ыраазы. Үй-бүлөсүнө карамдуу, ишине тың. Келечегине ишенимдүү карайт. Жалкоолукту, куулук-шумдукту же башканы билбейт. Турмушка жандили менен мамиле кылат. Чарчадым-чаалыктым, бул оор болду, тигиге өтөйүн дегени жок. Бар күчүн үрөп иштөөдө.

Кайсыл участокто иштебесин дайындалган иштин майын чы-

гарат. Комсомолдун активдүү мүчөсү катары ар тараптан өзүн үлгү катарында көрсөтүп иштеген жаш жигитти жетекчилик абдан баалайт. Жогорку билимдүү инженер-энергетик жаштар арасында коомдук кайсыл иште болбосун алдыңкы сапта болуп жүрдү. Дипломун алгандан кийин эле ага баштапкы комсомол уюмун жетектөөгө ишеним көрсөтүлдү. Дилгир жигит жаштарды ишке тартууда дагы бир уюштуруучулук чеберчилигин, учур талап кылган ишке болгон саясий көз карашынын жетиктигин көрсөтүп иштеди. Баштапкы комсомол уюмунун ишин жөнгө салууда да ишмердиги даана байкалды.

Өзүн жакшы жактары менен гана жетекчиликке, элге тааныта алган жигит эми партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынды.

-Менин кийинки келечегим үчүн кам көрүп, баалуу пикирин айтып, өзүмдүн өзүмө болгон ишенимимди бекемдеген адамдардын бири, ошол кездеги Кара-Көл шаардык партиялык комитеттин 1-катчысы Турсунбек Чынгышев,-дейт Кошбай Масиров. -Ал адам мени өзүнө чакырып алып бир топ баалуу кеңештерин айтуу менен: "Комсомолдун баштапкы уюмунда иштеп такшалып калдың. Эми мекемеде комсомол комитетинин секретарынын орун басарлыгына адам керек болууда. Бул иш сенин колуңдан келээрине ишенем."-деп сунушун айтты. Кошбай дал ушул сунушталган кызматтан ары карай өрдөп отурду. Анын бар аракети "Мага ишеним көрсөткөн адамдар өкүнбөгүдөй иштейин. Ишенимден кетпейин, аларды да уятка койбоюн" деген максат.

-Менин жетилүүм шаардын кулпуруп өсүп, күн санап жетилүүсү менен кадамдаш,-дейт Кошбай Масиров. -Шаардагы бардык курулуш менин көз алдымда, менин эмгектик үлүшүмдүн аркасында жүрдү. 1974-жылы Токтогул ГЭСинин алгачкы эки агрегаты ишке киргизилип, куйрук улаш эле андан 40 чакырым төмөн жайгашкан Күрп-Сай ГЭСинин курулушу башталды. 1978-жылы алп Нарынды гидрокуруучулар экинчи жолу багындырышып, улуу дайранын агымы 600 метрлик тоннелге бурулду. Ошентип, электр энергиясын өндүрүү 1975-жылга салыштырганда 1980-жылы эки эсеге өстү. Бул мезгилде Кара-Көл шаары да күн санап обого бой керип, 190 миң чарчы метр турак жай фондусу бар аймакка айланып, асфальтталган көчөлөр, заңгыраган маданият үйү, элди ар тараптуу тейлөөчү мекемелери, үч орто мектеби, кесиптик окуу жайы, ооруканасы, спорттук жайлары

бар чакан жана кооз шаар пайда болду,-дейт Кошбай Масиров эмгек жолун кеп кыла.

Ооба, Кошбай Масиров демилгечил да, уюштургуч да, намыскөй да жаштардын катарында болуп иштеди. Бир эле мезгилде Кошбай менен катарлаш ГЭС куруучу жаштардын арасынан Мамасалы Сабиров, Төлөн Усубалиев, Анатолий Андреев, Сеяр Феттаев сыяктуу эмгек каармандары өсүп чыгышты. Ушул мезгилде биздин каармандын кызмат этабында дагы бир чоң өзгөрүү болду. 1980-жылы Талас областы түзүлүп, Кошбай Масиров уюштуруу бөлүмүнүн башчылыгына жиберилди. 1983-жылы комсомолдук баскычтан партиялык баскычка которулуп, эми 32 жаштагы коммунист жигит Кара-Көл шаардык партиялык комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп кызматка кириштн.

-Ошол кезде Күрп-Сай ГЭСинин курулушу Советтер Союзунда гана эмес, чет өлкөлөрдө болуп көрбөгөндөй темп менен жүрдү,-деп эскерет К.Масиров.- Бул курулуш бир беш жылдыкта бүткөрүлүп, төрт агрегаты тең ишке киргизилди.

Ооба, ушундан кийин кезек Таш-Көмүр ГЭСинин курулушуна жетти. Буга чейин Кошбай Масиров курулушчулардын катарында эмгек этип келсе, эми андагыларды партиялык уюм аркылуу жетектеп, тарбиялоого, кадрларды тандоого, окутууга келди. Адамдардын эмгекке болгон мамилеси өзгөрүлүп, иштен себепсиз кечигүү, калуу, иш учурунда тартип бузуу ж.б.жөнгө салынды. Азыр эки күндө эле беш киши жасап жаткан жумушту ал убакта бир бригада бир айда жасашчу. Анткени, азыркыдай техника өнүгө элек болчу.

Чындыгында бардык жумуш график менен жүргүзүлөт. Эмгек адамынын квалификациясына болгон талап күчөтүлдү. Эт менен челдин ортосунда иш кылгандар ылгана баштады. 1984-жылдын аягына чейин 14 миллион сомдук генподрядлык жумуштарды бүткөрүү планы бар. Жанды үрөп иштөө гана башкы максат. ГЭСтин таманына төшөлүүчү бетон 70 чакырым алыстан ташылат. Келгенче тоңуп калат. Кайрадан аралаштырып жумшартуу, арматураларды түз, бекем коюп бетон куюу. Буга кошумча ГЭСтин имаратын куруу жана бетон заводунун курулушун аяктоо милдети бар. Мындагы ишти уюштурууда партиялык жетекчиден да инженердик билгичтик талап кылынды. Кошбай Масировдо

тажрыйба жетиштүү болчу.

Какыраган ээн талаада Нарын дайрасынын агымы күрпүлдөйт. Аска капчыгайдан агып жаткан дайранын эки жээги тең бийик жалама таш. Алдыда ушул жерден дайраны бөгөө милдети. Канчалаган адам жана техника күчү, каражаттар керектелет. Адам күчүнөн эмне качып кутулмак. Көп өтпөй ал жерде ГЭСтин штабы, кеңсе, кампа, куруучулар үчүн ыңгайлуу үй жана административдик имараттар курулду. Насостук станция, трансформаторлор орнотулуп, аба компрессору иштетилди. Бул максатта бир километрден ашык жерге түтүктөр орнотулду. Таш-Көмүр ГЭСинин экинчи агрегаты 1986-жылдын июль айында ишке киргизилди. Келечекте 902 млн кВт-саат электр энергиясын иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгү болгон Шамалды-Сай ГЭСинин курулушу башталды. Шамалды-Сай ГЭСи бүткөндө ГЭСтердин төмөнкү Нарын каскады бирдиктүү өндүрүш комплексине айланып, бардыгы 2870 миң кВт-саат электр энергиясын бермек. Бардык станциялар автоматтык, телемеханика менен Токтогул ГЭСинен башкарылмак.

Орто Нарын каскадынын биринчиси Камбар-Ата ГЭСи 1984-жылы башталган.Бул Кыргызстандагы эң кубаттуу гидростанция болмок. Анын күчү 1900 кВт, экинчи Камбар-Атаныкы –300 миң, үчүнчүсү –170 миң деп эсептелинген экен.

ГЭСтердин курулушу менен шаарда дээрлик 90 пайыз жаштар иштеп жана жашап турушкан. Алардын өндүрүмдүү жана сапаттуу эмгектенүүсү жана көңүлдүү эс алуулары үчүн бардык шарттарды түзүү партиялык комитеттин биринчи кезектеги милдети болгондуктан 5 миңден ашык адам сыя турган стадион, мындан башка 16 баскетболдук, 19 волейболдук, 3 топ ойноочу аянттар, 5 футболдук талаа, 3 теннистик корт, 2 тир, 7 спорт зал, ачык жана жабык суу бассейндери эмгек адамдары үчүн кызмат кылып турду. Спорт боюнча шаар аймагынан тышкары Жалал-Абад, Майлы-Сай, Кочкор-Ата шаарларынын командалары менен кызыктуу беттешүүлөр өтүп турган. Шаардык эс алуу багы элге ыңгайлуу кызмат өтөп, дайыма эс алуучулар үчүн түрдүү оюндар, тамак-аш, суусундуктар, дем алыш күндөрү жана кечкичин обону жаңырткан шаңдуу музыка менен ыр-күүлөр эмгек адамын ар убакта өзүнө тартып турган. Булардын баары Кошбай Масировдун көз алдында, өзүнүн катышуусу менен жүз берип отурду.

1988-жылдын ноябрь айынан баштап Кошбай Масирович шаардын партиялык комитетинин экинчи секретары болуп шайланып, шаардын бүтүндөй курулуш, транспорт, байланыш, жол курулуш жана башка тармактарын жетектеп калды. Кошбай Масировдун жетекчилик ишмердиги ушундан ары улана берди. 1988-жылдан 1990-жылга чейин Кара-Көл шаардык аткаруу комитетинин төрагасы болду. 1992-жылы К.Масиров Кара-Көл шаардык мамлекеттик администрациянын башчысы болуп келген убакта союз жаңыдан ыдырап, туташ кыйынчылыктар пайда болуп турган эле. ГЭС курулуштары солгундап, айрым башталган жол курулуштарына материалдар жетишпей токтоп, күн санап көйгөйлүү маселелер өсүп жатты. Мамлекетибизди экономикалык кризистен чыгаруунун жалгыз жолу-энергетиканы өнүктүрүү экендиги аныкталып, 1993-жылы 11-январда КРнын президентинин Указы чыкты жана финансылык оор кыйынчылыктарга карабай Шамалды-Сай ГЭСинин 3 агрегаты ишке киргизилди. Көптөгөн башка курулуштар токтоду.

1992-жылы Кошбай Масировичтин тырышчаактыгы менен, анын шаардын мекеме-ишканаларынын жетекчилери - ТГЭС Каскадынын директору Б.Иманалиев, "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын башчысы Б.Хуриев менен бирдиктүү иш жүргүзө билгендиктен, "Кыргызэнерго" мекемесинин генералдык директору Ж.Тулебердиевдин, О.Абдыкалыковдун, Карпасовдун колдоосунун натыйжасында, шаардын коммуналдык чарбасы Каскад Токтогул ГЭСтеринин өндүрүлгөн электрэнергиясынын өздүк наркына отургузулган. Ошентип, азыркы убакта шаардыктар үчүн бардык жакшы шарттар түзүлүп, кышкысын жылуулук менен камсыз болушуп, муздак суусу, ж.б. бардык коммуналдык кызмат боюнча маселелери чечилген. Мындан сырткары, өзгөчө белгилеп кете турган маселе: ТГЭС Каскадынын директору Б.Иманалиев менен бирдикте өз учурунда маселени так коюп шаардын жылуулук системасын электр энергия менен жылытууга өткөргөн.

Шаардын Пойма районундагы 110-подстанция алгач Камбар-Ата ГЭСине тиешелүү болгон. Бирок, бул подстанция өтө керектигин далилдеп жатып, шаарга өткөрүп алган жана жетинчи аянтчадагы подстанцияны да Б.Иманалиевдин катышуусу менен шаар карамагына коюлган..

-Булардын баарын мен өзүм жалгыз жүзөгө ашырдым дегенден алысмын. Мен шаар жетекчиси катарында түз милдеткер болсом, ошол кезде премьер министр болуп турган Т.Чынгышов, НГЭСтин жетекчиси Б.Хуриев, ТГЭС Каскадынын директору Б.Иманалиев, О.Абдыкалыков, Кыргыз Энергону жетектеп турган Ж.Түлөбердиевдер шаар элинин кызыкчылыгы үчүн көтөргөн менин маселелеримди толук колдошкон, сөз кошуп жардамдашышкан. Бери эле дегенде 19 министрлик, мекемелерге кат менен кайрылып жатып жаңыдан союз ыдыраган убакта шаар элине берилүүчү жылуулук электр энергиясы менен иштөөгө өткөрүлдү, шаардагы коммуналдык чарба толук шаар балансына өткөрүлмөк болгондо, муну да кайрадан ТГЭС Каскадынын балансасында калтырууга жетишилди. Бул маселе мен губернатор болуп турганымда экинчи ирет козголгонлдо да мен каршы болуп шаар балансына өткөрткөн жокмун. Анткени кышкы жылуулукка сарпталган каражат эле 2,5млрд. сом болуп жатка аны шаар, эл кантип актай алмак. Бул элге абдан кыйын болмок.

Ооба, Кошбай Масирович кезегинде бул иштерди аткарганын эч кимге жарыя кылып мактанган жок. Баары көмүскө эле калды. Бирок, эл бул жеңилдиктерди жыргап пайдаланып жаткандын эч ким танбайт. Мындан башка да түздөн-түз Кошбай Масировичтин кийлишүүсү менен эгемен мамлекетибиздин эмгек алдыңкыларына Эл Баатыры наамы берилип жаткан алгачкы учурда Курманбек Арыков менен Акпараалы Кабаев экөөнө ушул наамды алып берүүгө демилгечи болду, булар республикабыздан чыккан ондогон Баатырлардын ичинен түштүк аймактан чыккан алгачкы Эмгек Баатырлары болушту, жердештерибизден 70 эмгек азаматтарына мамлекеттик сыйлык алып берилиши да биздин каармандын эмгеги экенин белгилей кетели.

1996-жылы Таш-Көмүр шаарынын акими болуп келди. Абал оор болчу. Шаарда дээрлик 90 пайыз өндүрүш иштери токтоп турган. Бир миллион тоннадан ашык көмүр казып алып турчу кен башкармалыгында иш солгундап отуруп, инженер-техникалык кызмат адамдарынын саны эки эсеге азайып кеткен. Ал эмес ошол учурда Кыргыз өкмөтү кабыл алган "ПЕСАК" программасына жамынып алышып, айрым шылуундар тарабынан приватизация болуш керек эле. "Тегене" разрезин ГАО "Таш-

Көмүрдөн" бөлүп сатып жиберишкен.

Жаңы аким өндүрүштүк иштерди кыймылга келтирүү менен эмгек тартибин жакшыртуудан ишин баштады. Өзү чече ала тургандан башка областтык, мамлекеттик деңгээлде чечиле турган маселелер да арбын болчу. Чет өлкөлөр менен байланышта иштөөчү жагдайлар да жок эмес. Союздун ыдырашынан такыр токтоп калган "Кристалл" заводун ишке киргизүү үчүн кыргыз өкмөтүнө кайра-кайра кирип жатып 10 млн.сом (коммерциялык жол менен) коңшулаш Өзбекстан, Казакстан сыяктуу мамлекеттерден бартердик жол менен 4 млн.сом, Борбордук Азия Банкынан 1,5 млн. доллар кредит алып, заводдун 44 установкасынан төртөөсүн иштетүүгө жетишти. Бул завод чыгара баштаган жарым кристалдуу кремний дүйнөдө Японияга, Швейцарияга, Украинага, Россияга сатыла баштаган. Бирок, али да 4 печка жетишсиз болчу. Демек, толук баалуу өндүрүмдүүлүк болбоду. Көп өтпөй иш токтоду да, 2007-жылы завод сатылып кетти.

Таш-Көмүр ГЭСинин курулушунда такай болуп, курулуш материалдары, күйүүчү, майлоочу майлары менен камсыз кылууга көмөгүн көрсөттү. Ишсиздиктен эли чачырап ар жакка тарап, турак үйлөр тонолуп, көчөлөрдүн жарыктары өчүп, суу түтүктөрү иштебей калган абалдан чыгарууну колго алган бул инсан бүтпөй калган ГЭС куруучулардын үйүн да бүтүрүгө мүмкүндүк тапты. Маданий жактан тейлөө колго алынып, спорт иштери жандандырылды. Шаар ичинде жолдорду оңдоого көңүл бурулуп, спорт иштери үчүн 1,5 млн.сом бөлүндү, мектептерде компьютердик класстар ачылды, ансамблдер түзүлдү, келечектин мыкты кадрларын даярдоо үчүн терең билим берүүчү гимназия мектеби ачылды.

Кошбай Масиров ишмердигинин көбүн кичи мекени Кара-Көлгө арнады. Ошентсе да азыраак Таш-Көмүрдө, Москва районунда иштеди, Жалал-Абад областынын губернатору болуп турду. Дегеле ар кандайынан айтсак да, кара-көлдүктөр Кошбай Масиров менен сыймыктанышат десек туура болчудай.

Кошбай Масиров "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу", "Элдердин достугу" орденинин ээси, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы, Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

КОЖОМАТОВ НАРЫНБЕК ТЕМИРБАЕВИЧ

Кожоматов Нарынбек Темирбаевич 1953-жылдын 12- ноябрында Таш-Көмур шаарында туулган. 1971 жылы орто мектепти буткондон кийин Киев шаарындагы эл чарбачылык институтунун экономикалык кибернетика факультетинде окуп, инженер-экономист адистигине ээ болот. Эмгек жолун 1976-77 жылдары Кыргызстандын мамлекеттик пландоо комитетинде экономист болуп иштоодон баштаган. 1978 жылы Советтиик Армияда атуулдук милдетин отогондон кийин, Кара-Кол шаарынын "Достук" заводунда экономикалык пландоо болумун башкарган. 1980 жылы коммунистик жаштар союзунун Кара-Кол шаардык комитетинин катчысы болуп шайланып, торт жыл узурлуу эмгектенген. 1985-87 жылдары Кыргызстан коммунистик партиясынын Кара-Кол шаардык комитетинде онор-жай жана транспорт болумунун башчысы болуп, 1987-89 жылдары Кыргызстан коммунистик партиясынын Талас жана Ысык-Кол областык, ал эми 1989-91 жылдары Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитеттеринде жооптуу кызмат отогон. 1991-95 жылдары Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратында онор-жай болумунун башчысынын орун басары, андан сон энергетика жана онор-жай министиринин орун басары болуп кызматтанган. 1995 жылы Кадамжай сурьма комбинатынын генералдык директору болуп дайындалып, торт жыл ийгиликтуу эмгектенген. 1999-2008 жылдары Кыргызстандын эн ири онор-жай мекемеси - Карабалта тоо - кен комбинатынын генералдык директору болуп иштеген. Азыркы кезде "Мегалит Групп" компаниясынын директорлор кенешинин торагасы.

2002 жылы "Данк " медалы менен сыйланган."Эл аралык кадрлар Академиясынын " алтын медалынын ээси (2003 жыл).Россиянын РАЕН Академиясынын профессору (2004 жыл). Эки уул жана эки кыздын атасы.

Ата кесибин улап

Эсимде. 2001-жыл болчу. Кара-Көл шаарынын мэри болуп Рабшан Абытканова шайланды. Кайсыл жетекчи кызматка келбесин мурда иштеген жерин сураштырышат.

-Кайда иштеген экен? деген суроолор пайда болду.

-Кара-Көл шаарынын өзүндө эле банкта иштептир, банк кызматында тажрыйбасы мол, жетекчиликке бышкан аялзаты экен. Шаардын экономикалык, элдин социалдык абалын да жакшы билет. Эң башкысы токтоо, мүнөзү жумшактыгы жакты дешкендер болду. Ошентип, 2001-жылы биринчи жолу өзүн өзү башкаруу жолу менен мэр институту киргизилип, Рабшан Абытканова республикадагы биринчи аял мэр болуп калды. Бул бир чети жалпы аялзаты үчүн сыймык болчу. Ал жакшы иштеди. Анан 2004-жылдын жазында Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын башчысынын социалдык маселелер боюнча орун басары алмашты. Анын ордуна Рабшан Абытканова келди. Кийин республикада бурулуштар болуп кетти. Ал кайрадан өзү көнгөн банк кызматына кайтып келди.

Биз барганда Рабшан эже иш бөлмөсүндө экен. Баягыдай татынакай турпаты өзгөрбөптүр. Күлүмсүрөп, жылуу кабыл алды. Жумушунун көптүгүнө карабастан, биз менен баарлашууга убактысын бөлгөнүнө кубандык. Анан ал өз таржымалы тууралуу мына буларды баяндады.

Рабшан Абытканова Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумду бүтүп келип, СССР курулуш банкынын Кара-Көлдөгү филиалында ишин баштаганда бар болгону он тогуз жашта эле. Бул банк Союз мезгилиндеги Токтогул ГЭСин каржылоо банкы болуп эсептелген. Ал мезгилде союздук маанидеги курулуш болгон Токтогул, Күрп-Сай ГЭСтери да ушул банк аркылуу каржыланып,финансы-экономикалык абалы да көзөмөлдөнүп турган. ГЭСтердин долбоорунан тартып, сатылып алынган жабдууларына чейин банк аркылуу текшерилип, каржыланчу. Кала берсе бүткөн курулушту кабыл алуу да банк аркылуу жүргүзүлчү. Ошондо секелек кыз курулуштун жетекчилери менен бирге иштеп, бир чети каныгып, экинчиден алардан тарбия да алып кал-

ды. Баары « Рабшан» дешип, атынан сүймөнчүк менен аташчу. Оо кийин да алар үчүн ошондогу секелек кыздай Рабшан бойдон калып кетти. Анда «Нарынгидроэнергокурулуш» мекемесинин башкы директору Казбек Хуриев. Бир күнү жетекчилердин бири «Рабшан» деп кайрылганда аны жемеледи.

-Эмне үчүн Рабшан деп атынан айтасыңар, «отчествосунан» айтпайсыңарбы?

-Жаш кезинен келип, биз менен аралашып жүрүп, көнүп калыптырбыз,-деди бирөөсү.

-Ал азыр ошондогу секелек кыз эмес, начальник, деди. Ошондо Рабшан Абытканова жыйырма алты жашта эле. Дале болсо ошондогу жетекчилердин катарында ал жапжаш болчу. Бирок, жетекчилик жактан каныгып калган, бир топ тажрыйбасы бар эле.

Кара-Көл шаарынын партиялык комитетинин биринчи катчысы Турсунбек Чынгышев жана аткаруу комитетинин төрагасы Роба Абдысаматова иштеп турган мезгилде 1977-жылы ал партиянын катарына өттү. Ошол кезде шаардагы бардык финансы мекемелеринин партиялык уюмунун катчылыгына шайлап коюшту. Ал кезде бул тармакка шаардык финансы бөлүмү, шаардык статистика, салык инспекциясы, бардык банктар карачу. Акыркы мезгилде партиянын шаардык комитетинин текшерүү комиссиясынын мүчөсү болуп бир топ иштерди аткарды. Ошентип, ал ошондо он тогуз жаштагы секелек кыз эмес, банк ишинде такшалган адис, жетекчи болуп калган. Казбек Хуриевдин «отчествосунан айткыла»,деген сөзү да бекеринен эмес болчу. Ошону менен бирге ал мезгилге чейин активист болуп, окуучулуктан баштап, класском,комсорг, техникумда комсомол комитетинин бюро мүчөсү болуп, коомдук иштерде да такшалып калган эле.

Коммунист мезгилинде тапшырмасы көп болчу, элдик контролдоо комитетинин текшерүү комиссиясынын мүчөсү болуп жүргөндө текшерүүлөргө көп катышчу. Техникумду бүтүп келип, август айында жумушка кирип, 1975-жылы бактылуу жигит Эстебес аганын таалайлуу жары болду. Ал Армиядан жаңы эле келип, комплекстүү изилдөө экспедициясында долбоор менен иштөө мекемесине жумушка орношкон. Экөө жашап жүргөндө өмүрлүк жубайынын билимин дагы улантышына шарт түзүп берди. Анын колдоосу менен Фрунзе политехникалык институ-

тунун кечки бөлүмүн бүтүрдү. Балдарын кошо карашып, кошо тарбиялашты. Анткени, банкка жетекчиликке келгенде Роба Абдысаматова, Кошбай Масировдор:

- Сен окушуң керек, дешти. -Ошондо 1974-жылы үчүнчү уулу Нурбек төрөлгөндө үйдө олтуруп калган. Кошбай Масиров партиянын Кара-Көл шаардык комитетинде уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болчу.

-Сен жетекчи болгондон кийин жогорку билим алышың зарыл,- деди ал. Ошентип, Равшан Абытканова жогорку окуу жайына тапшырды. Дипломун жактап жатканда төртүнчү, кызы Чолпонай төрөлдү. Ал окуп жатканда чоң балдары Алтынай, Тилек өздөрүн багууга жарап калышкан.

Чоңоюшканда балдарынын баарысы апасынын жолун жолдоп, финансы тармагында иштеп калышты. Ал эми Рабшан Абытканованын финансист болушуна атасы түрткү болгон. Ал техникумду бүтүп келгенде атасы Абыткан Борбугулов СССР мамлекеттик банкынын Кара-Көл шаарындагы филиалынын жетекчиси эле. Рабшан Абытканова

«Курулуш банкынын» Кара-Көлдөгү филиалында экономист болуп ишин баштаган. Ал ушул мекемеде, атасы мамлекеттик банкта башкаруучу болуп иштешти. Кийин СССРдин мамлекеттик банкы менен СССРдин курулуш банкы биригип, «Өнөржайкурулушбанкы» болуп түзүлүп, анын Кара-Көлдөгү филиалы да уюштурулду. Ушул мезгилде атасы байланыш бөлүмүнүн башчысы болуп калган. Ал эми Рабшан Абытканованын кызматы жогорулап, банктын башкаруучусунун орунбасарлыгына дайындалды.1994-жылы аталган банктын жетекчилигине жетти. Бул жерде 2001-жылга чейин иштеди.

-Мен банк кызматында жүргөндө Бишкектеги жетекчилерим Үсөн Набитаев, Муратбек Мукашевдер менен иштешип калдым, талап күчтүү болчу, ошого жараша алар колдошту. Ал эми Кара-Көлдө Роба Абдысаматова, Зебикан Кутманова Турдуназир Бекбоев, Кошбай Масиров, акырында Толкунбек Молдомуров менен чогуу иштештим,- деди Рабшан эже. Шаардын деңгээлиндеги кээ бир маселелерди чечилүү зарылдыгы туулганда мен да өз оюмду айтчумун.Кээде туура эмес иштер болуп калса да пикиримди билдирсем да алар туура эле кабыл алышчу.

Кезегинде Кара-Көлдөн көптөгөн татыктуу кадрлар өсүп чы-

гышты. Бир тобу азыр дал ушул шаарда иштеп жатышат. Алардын бири биз жылуу сөз кылып жаткан каармаңыбыз Рабшан Абытканова. Ал шаардын мэри болгондо кыйынчылык мезгилге туш келди. ГЭСтерде жумуш мурдагыдай болбой, гидроэлектр станцияларынын курулушу токтоп, адистердин көбү сыртка иштегени кетип калышты. Ошентсе да, шаарды өнүктүрүүнүн аракеттери жасалды. Дал ушул мезгилде Кара-Көл шаарынын кырк жылдыгы өткөрүлдү. Бир кезде шаарда жетекчи болуп иштеп кетишкен Роба Абдысаматова, Александр Карпасов, Турсунбек Чынгышевдер келишип, бир топ өзгөрүүлөрдү байкашты..

-Ошол майрам салтанатына мурда комсомолдо, партияда биринчи катчы болуп иштешкен мурдагы жетекчилердин бир тобу жана башка көптөгөн коноктор болушту. Бул салтанат бир чети марафон катарында өттү. Анын шарапаты менен кийин чакан цехтерди ачтык. Бир топ жумуштарды жасадык,- деди Рабшан эже.

Ош-Бишкек жолунун курулушу менен шаар ичиндеги жолдорду оңдоп алышты. Бир чети Кара-Көл шаарында өнүгүүнүн мүмкүнчүлүгү бар эле. Анткени, элдин атмосферасы жакшы болчу. Бул билимге жараша болот. Себеби,бул жерде куруучуларды, механиктерди, энергетиктерди даярдоочу Фрунзедеги политехникалык институттун кечки факультети иштеп жаткан. Куйбышевдеги энергетикалык техникумдун бөлүмү бар эле, ал азыр коллежд болуп калды.

Эмгек жолунда чечкиндүү жана ишенимдүү кадамдарды басып өттү.Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйлануунга татыктуу болду.

2001-жылы Кара-Көл шаарынын мэри болуп иштеп турганда жакырчылыкты жоюу программасынын негизинде бир топ жетишкендиктер жана экономикалык жактан өсүүлөр жаралып, республикадагы кичи шаарлар арасында биринчи болуп Эстелик Туусун, 2003-жылы республикалык Өтмө Кызыл Тууну, 2004-жылы областык Өтмө Кызыл Тууну жеңип алышып, катары менен биринчиликти беришкен эмес. Албетте, мындай жетишкендиктердин баарында Рабшан Абытканованын эмгеги чоң болгон деп айтсак аша мактагандык эмес чыгар. Анын эмгеги бааланып, 2004-жылдын 30-октябрында Кыргыз республикасынын өзүн өзү башкаруу жана аймактык өнүктүрүү иш-

тери боюнча мамлекеттик министрликтин, андан соң Кыргызстан банктар союзунун Ардак грамоталары менен сыйланып, "Кыргызөнөржайкурулушбанкынын эмгек ардагери" наамына жана "Кыргызөнөржайкурулушбанкынын отличниги" төш белгисине татыктуу болгон. Шаардын "Эн мыкты коомдук ишмер" номинациясынын ээси.

- Кара-Көлдү төрт жыл жетектеп, көп чөйрөгө аралаштым. Губернатордун орун басары болдум. Жетекчилер жана эл менен тил табыштым. Бул менин ишиме да оң таасирин берди.—Эже дагы бир топ ойлорун айтты.

- Аял киши иштеп жүрүп, кээде балдарга карай албай ,ошондон улам алардын тарбиясына да кээде таасирин тийгизбей койбойт экен.

- Азыр жолдошум Эстебес «Нарынгидроэнерго курулуш» акционердик коомунда иштейт. Экөөбүз жумуштан келгенде дайыма балдардын окуусуна,баскан –турганына, жасаган ишине, бир-бирине болгон мамилесине, дегиси жүрүш-турушунун баарына сарасеп салып турчубуз. Алар биздин көз алдыбызда тарбияланышты. Ошондуктан, кудайга шүгүр балдарыбыздын жаманчылыгын көрбөдүк. Мына азыр Алтынай окуп, Токтогул ГЭСтер каскадында жетектөөчү адис, Кара-Көлдөгү кредиттик союзун жетектейт. Тилек №30- жол курулуш башкармасында кассир-контролер, Нурбек Бишкектеги кредиттик союздарды колдоо финансы компаниясында мониторинг бөлүмүн жетектейт. Чолпонай Баласагын атындагы университеттин экономика факультетинин студенти. Эки неберем бар.

Ошентип, Рабшан эженин кыскача таржымалын, ой туйгуусун жазып алдык. Кайсыл учурда жолугушсак да, дайыма бирдей жөнөкөй пейилинен, бирдей жагымдуу мүнөзүнөн жазбаган бул аялзаты сезимдерде жылуулукту уялатып келет. Анын басып өткөн өмүр, эмгек жолуна сарасеп салып олтуруп, шаардын өсүп-өнүгүшүнө бул аялзатынын да салымы бар экендигин туйдук.

ТОКТОГУЛОВ САБЫР УЕЗБАЕВИЧ

Муниципалдык кызматтын 1-класстагы кеңешчиси

Эмки каарманыбыз Токтогулов Сабыр Уезбаевич 1996-2008-жылдары шаардык кеңештин төрагасы болуп иштеген. Анын өткөн өмүрүнө сарасеп сала турган болсок, жигиттик сыймыктуу милдетин өтөө үчүн эки жыл Чехословакия мамлекетинде Советтик Армиянын катарында болду. Жоокердик кызмат өтөөдө да Сабыржан Уезбаевич өзүнүн шамдагайлыгы, милдетине берилгендиги, умтулгучтугу менен башкалардан айырмаланып, жоокерлер үчүн жогорку пост болгон взводдун командиринин орун басары болууга чейин жетишти. Дилгарак, орус тилин жакшы билген, ар бир тапшырмага жоопкерчилик менен мамиле кылган жигитти бүткүл аскер кызматчылары урматташкан. Жигиттик милдетин ар-намыстуу өтөп келип кайра эле НГЭС башкармалыгына кирип катардагы кыш кыноочулуктан жумушун баштады.

-Ата-энемдин шартын туура түшүндүм. Жогорку билим алуу үчүн күндүзгү бөлүмдө 5-6 жыл окутууга алардын мүмкүнчүлүгү чектелүү эле. Менден башка да бир туугандарым жетилип келаткан. Алардын канчалаган түйшүктөрүн көтөрүп, мен үчүн да каражат сарптоо аларга кыйынчылык туудурмак. Ошон үчүн күндүзү иштеп, кечкисин институттан окуп билим алууга жетиштим,-дейт Сабыржан Уезбаевич. -Жаш адам чын ниетин койсо көп нерсеге жетишсе болот.А жалкоолонуп, өз келечегине кайдыгер карагандарга шылтоо да табыла берет.

Ооба, Сабыржан Токтогулов жаш экенине карабастан кайсыл участокто иштебесин өзүнүн сергектигин, сезимталдыгын, арнамыстуулугун, чыныгы жаштык кайрат-демин көрсөтө алды. Ошон үчүн да жүздөгөн комсомол-жаштардын катарынан алдыга суурулуп улам бир жооптуу тапшырманы аркалап эмгек кылып отурду. Адегенде комсомолдук-жаштар бригадасынын катардагы мүчөсү болсо, көп узабай СУПГСте комсомолдук-жаштар бригадасынын комсомолдук баштапкы уюмун жетектеп калды. Бригадири Гроб Илья Петрович деген адам болуп, ал түз Хуриевдер менен сүйлөшүп турган, шаарда таасирдүү орду бар адам

эле. Мына ушул бригадада иштеген 22 адамдын 18и жаш комсомолдор болчу. Баштапкы уюмдун секретары катары нечендеген уюштуруу иштерин жүргүзүп, комсомолдук тапшырмаларды аткаруу, кетирилген кемчиликтерди жоюу, жаштарга дем берүүчү иш чараларды өткөрүү боюнча өзүнүн зирек жөндөмдүүлүгүн көрсөттү.

Жаштык дем, келечекке болгон бийик максаттар алга үрөп адебей 1979-жылы НГЭС мекемесинде райондун деңгээлиндеги комсомол комитети түзүлдү. Комитетте каттоо сектору бар, 6 адам эмгектенет, эми Сабыржан мында комсомол комитетинин секретарынын орунбасары болуп иштеп калды. Ураалап иш кызуу, бүткүл союз комсомол жаштарга ишеним артып турган учур. Чарчоо дегенди билбей эмгектенишет. Коюлган талапты, көрсөтүлгөн ишенимди ар-намыстуулук менен аткарып көнгөн жигитке улам ишеним артып баратты.1980-жылы ушул комсомол комитетинин секретары болуп калды.Өздөрүнүн мөөрү бар. Жыйналыш, конференцияларды өтүшөт, ылайыктуу токтомдорду, чечимдерди кабыл алышат. Өсө турган жаш комсомолдордун далайынын тушоосу ушул комитеттен чечилгени ошол доордун чындык көрүнүшү.

Чынгышев партияга өтүүнү сунуштады

Ал убакта партияга мүчө болуу чоң жеңиш болчу. Себеби, ар тараптуу сынактан өтүп, иш жүзүндө адил, ар-намыстуу, уяттуу, саясий көз карашы бир топ өйдө, өндүрүштө же коомдук иштерде өзүнүн эң мыкты жактарын көрсөтө алган гана жаштар партиянын мүчөлүгүнө сунуш кылынчу. Сабыржанды ошондогу Кара-Көл шаардык партиялык комитеттин 1-секретары(катчысы) Т.Чынгышев өзүнө чакырып, пикир алышып көрүп партиянын мүчөлүгүнө өтүүнү сунуштады. Көп өтпөй жаш коммунисттердин катарына кошулду. 1980-жылы комсомол комитетинин секретары болуп турган жерден 1986-жылы НГЭСте өзүнүн катарына 7-8миң адамды камтыган бириккен профсоюздар комитетинин төрагасы болуп калды.

Профсоюздук комитеттин төрагасы

-Ал убакта профсоюздун укугу да абдан чоң эле,-деп эскерет Сабыржан Уезбаевич,-биздин областын деңгээлинде укугубуз болгон. Бүтүндөй ГЭС курулуштарында иштеген эмгек адамдарынын кызыкчылыгы үчүн бардык шарттарды түзүү биздин

милдет. Маданият үйү, кино, китепканалар, кызыл бурчтардын иши, элди тейлөөчү тармактардин иши көзөмөлүбүздө. Эмгек адамынын эс алуусун, ден соолугун чыңдоосун, ж.б. маселелерин чечүү профсоюздук комитеттин иши. Уюштуруу иштери үчүн күнү-түнү аракетте. Ураалаган учур, социалисттик мелдеш кеңири жайылтылган, жарышкан бригада, звенолорго дем берип, утуп чыккандарга ар түрдүү, кызыктыруучу чараларды уюштуруу, сыйлыктарды берүү, партиянын мүчөлүгүнө сунуштоо, акчалай жана материалдык сыйлыктар, орден-медалдар берүү—профсоюздун милдети болгон.

Партиялык комитеттин секретары

31 гана жаштагы жаш жигит НГЭСтей чоң мекемеге эми партиялык комитеттин катчысы болуп дайындалды. Мында партиянын 450 мүчөсү бар. Эми бүтүндөй мекеменин тармактары боюнча элдин жашоо-тиричилигинин көйгөйлөрүн чечүү парткомдун милдети. Атайын кызматтык машина. Жүздөгөн эл менен сүйлөшөт, даттанууларын, сунуш-пикирлерин угат. Ар кандай мазмундагы арыздарын кабыл алат. Иш менен камсыздоо, курорт-санаторийлерге жолдомолорду берүү, турак үйлөрдү бөлүштүрүү дегиси чече турган маселе көп. Партиялык комитеттин катчысынын дагы бир орчундуу милдети-, улуттар ортосунда биримдик менен ынтымактыкты бекемдөө болгон. Эл улутунун ким экенине карабастан ынтымакта эле. Союздук тартип да ошону талап кылган.Түздөн-түз партиялык комитеттин катчылары тарабынан көптөгөн тарбиялык жана уюштуруу иштери жүргүзүлгөн.

Турак-үйлөр биринен сала бири бүткөрүлүүдө. Үй алууга кезекке тургандар көп. Баарысын арыз жазган мөөнөттөрүнө, кезегинин келишине карап бөлүштүрүп, көрүнөө жерге тизмесин илип коет. Эч ким нааразы болуп, кезегим өтүп кетти, же адилетсиз болду деп келген жок. Бул деген маселе калыстык менен чечилгени да. -Бир гана аял квартира бөлүштүргөндө "Менин бутум ооруйт, биринчи кабаттан бер",-деди. Дароо 1-кабаттагы адамды чакырдым да, макулдашып чечип бердим,-дейт эскерип отуруп Сабыржан Токтогулов.

Эгемендик келди, коом өзгөрдү

1991-жылы Кетмен-Төбө поселоктук Совети болуп статус алды. Сабыржан Токтогулов шаарчалык Советтин төрагасы бо-

луп барды. Шаарчаны өнүктүрүү багытында көп укуктар берилген. Ошол жылдарда азыркы Кетмен-Төбө поселогунда бир түп да дарак жок эле. Жаңы төрага ишти ушул жагынан колго алып, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча көп иштерди аткарды. Жер бетиндеги кыртышка 30 сантиметрге чейин топурак төктүрүп чыкты. Партком күн сайын топурак төгүлгөн кыртышты өз көзү менен карап чыгат, таштактуу жердин бетиндеги топурак кыртыш кеминде 30 сантиметр болушун катуу көзөмөлдөдү. Скважина аркылуу суу чыгарылды. Дарак көчөттөр эгилди.

Турак-жай курулуштары жүргүзүлүп, көчөлөргө аттар берилди. Мектеп курулду. Төрага катары талапты катуу коюп, Эски Көк-Белге төшөлүүчү асфальтты мектепке төшөтүүгө жетишкен. Себеби, жаңы трасса бүтсө, эски Көк-Белдин жолу жараксыз болмок. Бул иш абдан туура болгондугун бүгүнкү турмуш өзү далилдеп отурат.

Шаарчанын ардактуу атуулу

Сабыржан Токтогуловдун Камбар-Ата шаарчасынын түптөлүшүнө түздөн-түз катышуусу бар.Эмгеги чоң.Ошон үчүн да шаарчанын ардактуу атуулу. Шаарчаны жетектеп турганда анда 3500 адам жашаган, турак үйлөр, балдар бакчасы, мектеп, башка да тейлөө мекемелери бүткөрүлгөн. Жайкы кинотеатр башталганда союз ыдырап токтоп калды. Бирок Сабыр Уезбаевичтин уюштуруучулук аракети менен айыл өз нугунда жашоосун улантып келүүдө. Болгону, аягына чыкпай калган ошондогу көйгөйлөр алиге чечиле албай келүүдө.

Кызыктуу пано белек кылганда

-НГЭСте Бушман Дмитрий деген башкы технолог бар эле, -деп эскерет Сабыржан Уезбаевич,-эч бир курулуш долбоору ансыз башталчу эмес. Кыйын адам эле. Көп нерсеге көзү жетчү. Кайсы бир юбилейлик майрамда долбоордун авторлору бир панону белек кылып НГЭСке беришти. Анда чуркап бараткан аргымак атка укуругун даярдаган адамдар жете албай жүрүшөт. Көрсө, Бушман дайыма долбоорчулардан алдыда жүрөт экен. Бушман ишин баштагандан кийин алар бүтөт экен. Панонун мазмуну ушуга ылайыкташтырылып атайын буюртма менен тартылыптыр.

Үзгүлтүксүз депутат болгон

1996-жылы альтернативалык шайлоолор башталды.

1986-2008-жылга чейин Кетмен-Төбө шайлоо округунан үзгүлтүксүз депутат болуп шайланып, ар бир депутаттык мөөнөтүндө айылдыктардын ондогон көйгөйлөрүнүн чечилиши жөнүндөгү маселелерди сессияларга коюп келген.

Шаардык Кеңештин төрагасы

Токтогулов Сабыржан 1996-жылы Кара-Көл шаардык Кеңешке төрага болуп шайланды. Ошол бойдон үч чакырылышка катары менен төрага болуп турду. Бул жылдар аралыгында төрага катары эгемендик доордун жаңы эрежелери башталып, адамдардын психологиялык көз карашынан баштап, депутаттарды шайлоолордун көндүм эрежелеринен бери жаңы нукка өзгөрдү. Эл менен тыгыз байланышта иштөөнүн, шайлоолорду альтернативдүү негизде өткөрүүнүн мыйзамдык эрежелерин терең үйрөнүп өздөштүрүүгө, элдин пикири менен кылдат эсептешүүгө туура келди. Табиятынан саясий билими да жетиштүү, инсандык парасаты мол Сабыржан Уезбаевич шаар аймагында жергиликтүү Кеңештин депутаттарын шайлоодо да, Жогорку Кеңешке шайлоолорду өткөрүүнү уюштурууда да бардык билимин, адилеттик дараметин сарптап эмгектенди. Талапкерлер арасында нааразылыктар жаралып, адилетсиздик болду деген дооматтар болбоду.

2008-жылы Майлуу- Суу шаарына мэр болуп барды.

Азыркы учурда кайрадан НГЭС акционердик коомунда эмгектенип жатат. Шаардын ар тараптуу өнүгүшүнө бараандуу салым кошуп келген Сабыржан Токтогуловдун эмгеги бааланып,"Эмгектеги өзгөчөлүгү үчүн" ,"Муниципалдык кызматтын отличниги" төш белгилери, Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Президиумунун Грамотасы,"Ош—3000" медалы менен сыйлануу татыктуу болгон. "Муниципалдык кызматтын1-класстагы кеңешчиси". "Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу ассосациясынын Кыргызстандагы төрагасы, Кыргызстан боюнча түрк тилдүү муниципалчылардын курултайына катышкан. -Бизде ассосациянын укугу тийиштүү деңгээлде таасирин көрсөтө элек. Ал азырынча ооз жүзүндө гана болуп келүүдө. Эзелтен бери ассосациянын иши калыптанып калган мамлекеттерде тийиштүү мыйзам, чечимдерге ассосациянын төрагасы кол коймоюнча күчүнө кирбейт,-дейт С.Уезбаевич.

ТОЛКУНБЕК МОЛДОМУРОВ

Кезегинде шаардык бюджет 11,5 эсе өскөн Толкунбек Молдомуров да Кара-Көл шаарына келгенден тартып, бул аймактын өсүп-өнүгүшүнө чоң салымын кошту. 2005-жылдын 26-апрелинде Кара-Көл шаарынын мэри болуп шайланган. Ал бул кызматта 2009-жылдын 11- сентябрына чейин эмгектенди.

Анын эмгеги жергиликтүү бийликтердин, областтык мамлекеттик администрациясынын, «Электр станциялар» ААКнын Ардак грамоталары жана Кыргыз Республикасынын «Муниципиалык кызматынын отличниги» төш белгиси, «Эрдик» медалы менен бааланган. Үч ирет Кара-Көл шаардык кеңешине депутат болуп шайланган.

Үй-бүлөлүү. Өмүрлүк жубайы Динара Дарбикеева Токтогул ГЭСтер Каскадында башкы эсепчи. Бул кызматта иштегенине 15 жылдан ашты. Бул мезгилдин аралыгында бүгүнкү күндө жетинчи жетекчи менен иштеп жатышы. Бир жерде мына ушунча жыл иштөө, болгондо да башкы эсепчилик кызматты аркалап келүү, албетте ар кимдин колунан эле келе бербейт. Көрсө анын ишке жоопкерчиликтүү мамилесинен жана тактыгынан каскаддын жетекчилиги анын эмгегин баалап келишет тура.

Толкунбек Молдомуров жубайы Динара экөө бир кыз эки уулду татыктуу тарбиялашты. Уулу Марленбек Бишкек шаарында жеке ишкер, Кызы Аида Кытай Эл республикасынын Сянь университетин аяктады, «Нарынгидроэнергокурулуш» акционердик коому Камбар-Ата-2 ГЭСин куруп жаткан учурда мына ушул жерде кытай жана англис тилдери боюнча котормочу болуп иштеди. Ал эми кенже уулу Нурланбек кыргыз-түрк «Манас» университетин артыкчылык диплому менен бүтүп, Японияга стажировкага жолдомо алды.

Эгерде артка бир кылчайып, бу өмүрдө татыктуу иштеп, мазмундуу жашаптыр. Кубанычтуу күндөрү көп болду.

Тун уулу төрөлгөндө аябай кубанган. Ага эле эмес, жубайы экөө үчүн бул күн унутулгус жана бактылуу күндөрдүн бирине айланган. Атын Марленбек коюшкан. Анын артынан кызы, дагы бир уулу төрөлдү. Ар бир баланын төрөлүшү сүйүнүчтөрдү тар-

туулады. Жубайы менен бактылуу жашашты, азыр деле жаш кездегидей ортодогу жылуу мамиле, аруу сезим өчпөгөн, тетирисинче улам татуулашып, улам эң жакын адамындай ысык болуп калышат тура. Ортодо данакер болгон балдар да бул үй-бүлөгө башкалар суктанаарлык жашоону тартуулады.

Студенттик кездин керемет күндөрүн дале унутпайт. Жан-оту менен окушчу. Автомобиль, транспорт жаатында окуп, практика мезгилин Москвадагы Лихачев атындагы «ЗИЛ» чыгаруучу заводдо өткөрүп жүрдү. 1980-жылы диплом алардда да практикасын аталган заводдо өтөдү. Бүткүл Союздук күчтүү техникалык автоматташтырылган чоң завод эле. Ар жерде автомашинанын ар бир бөлүктөрүн жасаган жети завод, баары биригип келип, акырында «Зил» автомашинасы бир цехте чогултулуп чыгарылчу. Ал мотор чыгарчу заводдо практикасын өтөп, ал бүткөндө да калып, баары алты ай болду, 1980-жылы олимпиада өткөн жылы мына ушул жерде иштеп жаткан. Анын жаштыгынын эң бир сонун учурлары Москвада өттү. Политехникалык институтту бүтүрүп, атайын адистигигин алгандан кийин, өзү окуган окуу жайда иштеп, андан соң, авто жол министрлигинде эмгек чыйырын улантты. 1995-жылы ал Бишкектен Кара-Көл шаарына келди, Каскаддын автобазасында башчынын орун басары болуп иштеди. Кийин башкы инженер, анан эле башчы болуп калды. Ошол кезде шаардык кеңештин депутаттары аны Кара-Көл шаарынын мэрлигине сунуштап калышты. Ошол кезде шаардык кеңешке депутат да болчу. Кесиптештеринин арасында иш билгилиги менен кадыр-баркы бар эле. 3 талапкердин ичинен ал шаар башчылыгына өтүп кетти. Ал шаардын мэрлигине келгенде шаардын экономикалык абалын талдап көрсө, өтө кыйын абалда калган эле. Ага чейин эле билчү. Бардык билимин, эмгегин шаарды көтөрүүгө жумшады. Ооруканаларды, мектептер менен балдар бакчаларын, бир топ социалдык жайларды капиталдык ремонттоого жетишти. Көчөлөрдү оңдоду, түнкү жарык берүүчү жайларды калыбына келтирди. Анын демилгеси менен муниципиалдык менчик башкармалыгы түзүлдү. Өндүрүш бир топко алдыга жылды. Ал келген мезгилде шаардык бюджет 7,1 миллион сом болсо,80,5 миллион сомго өсүп, жетип, 11,5 эсе көп өсүш жаралды. Бул цифраны угуп, таң калышкандар болушту Ал жетектеген шаар үч ирет республикада биринчи орунду жеңип алды. «Муни-

ципиалдык кызматтын отличниги» төш белгиси жана «Эрдик» медалы менен сыйлануунга татыктуу болду.

-Бактылуусузбу?- деп сурадык биз андан.

-Албетте,-деди ал. –Мен бактылуумун. Айрыкча неберелүү болгондо өзүңдү аябай бактылуу сезет экенсиң. Небере жыты өзгөчө бакыт экен. Үч неберем бар, алар үйгө келгенде кадимки майрам болот. Азыр атам Молдомур 81 жашта. Апам Бейше 81 жашка чыкканда жакында эле оо дүйнө узап кетти. Алардын алты баласы,28 небере, 30 чебереси бар.Казактын бир ырында: апам бар, эч убакта картайбаймын,-деп айтылыптыр. Анын сыңарындай ата-энем экөө тең барда мен бактылуумун дечүмүн. Эми бактыбызга атам аман болсун.

-Айыл жытын сагынасызбы?

-Сагынбагандачы. «Ааламга кеткен жол айылдан башталат», деген жакшы бир сөз бар. Менин туулуп-өскөн айылым Тоолук айылы, ал тарапка тез-тез барып турам. Элдин абалынан кабар алып, социалдык абалын көрүп, колдон келген жардамымды берем,мектептерге колдоо көрсөтөм. Азыр болсо Токтогул районунун ардактуу атуулумун,-деп сөзүн аяктады.

КАДЫРКУЛОВ ТААЛАЙБЕК КОЕНБЕКОВИЧ

Кадыркулов Таалайбек Коенбекович 4-май 1968-жылы Токтогул районунда туулган. Билими жогорку, Кыргыз мамлекеттик улуттук институтун 1993-жылы аяктаган.

1994-жылы февраль айында- лейтенант, 1996-жылы 3-февралда ага лейтенант, 1999-жылы 15-февралда капитан, 2002-жылы 1-мартта майор, 2004-жылы 16-ноябрда подполковник, 2008-жылы 19-ноябрда полковник аскердик наамдарды алган.

1994-жылдын февраль айынан 1994-жылдын май айына чейин Кыргыз Республикасынын МУКК нын 1-2 бөлүмдөрүнүн ага опер өкүлү, 1994-жылдын май айынан 1994-жылдын ноябрь айына чейин Кыргыз Республикасынын МУККнын контрчалгындоо башкармалыгында, 1994-жылдын ноябрь айынан 1996-жылдын сентябрына чейин Кыргыз Республикасынын МУККнын контрчалгындоо башкармалыгында ага опер өкүлү,



Абдыбек Акунов

Касымов Назар

Хакимжан Нурматов

Өтөмбаев Кеңеш

Ажиматов Калмамат

Ажыкулов Назарбек

Жаныбек Жанчаров

Анипа Бекташова

Исраилов Абдылда
Нургазиевич

Султаналиев Мырзатай

Темирлан Бримкулов

Арстанкул Болгонбеков

Беши Осокеев

Рысбүбү Баялиева

Качканкулов Бектурсун Джандарович

Худайбердиев Акбаралы

Төрөбекова Дүриякан Расилкановна

Бөрүбаева Айнагүл Мидиновна

Турсунбек Чынгышев

Чоткараев Дүйшенбек Озонович

Зилалиев Дүйшөнбек
Текшербекович

Абылов Мамбетжунус

Акынай Маркозуева

Стефанович Людмила
Федоровна

Масиров Камчыбек

Какишев Курманбек

Кожоматов Нарынбек
Темирбаевич

Рабшан Абытканова

Кадыркулов Таалайбек
Коенбекович

Калыбеков Умарбек
Чаргынович

Мүсүралиев Казыбек

Момбеков Болот
Канаевич

Доронкулов Маматраим
Көчөрбаевич

Худайбердиев Авазбек
Рахманалиевич

Медеров Тынчтыкбек
Рапитбаевич

Дарбишев Султан
Акматович

Нурчакан Осокеева

Эмилбү Адишова

Кенжекан Сарсейитова

Айнагүл Алыбаева

Жумалиева Гүлүмкан

Дилара Алтымышбаевна



Салимбай Турсунбаев

Жанышбек Кочкоров



Апал Аликеева

Айнагүл Жолдошев

Туралиева Айтилек

Дөөлөтбек Алымбаев Молдобекович

Молдодосов Искендербек

Назарбеков Абдылас

Валиулина Ирина Болеславна

Мырзакан Шатманов

Нурбай Уулу Кожон

Филимонов Александр Сергеевич

Долонбаев Арстаналы

Каипов Бекташ

Мырзаева Самара

Каипова Нурчакан

Осокеев Арстан

Ажиматов Исмаил
Калмаматович

Шүкүраалы Балташев

Ооган согушунун ардагер жоокери Итикеев Казыбек Смаилович



Масиров Кошбай
Масирович

Абытканова Рабшан
Абытхановна

Бейшеев Турусбек
Жумабаевич

Молдомуров Толкунбек
Темиркулович

Казакбаев Тагайбек
Сапарбекович

Еркеев Ильяз
Марсович

Өскөн уулу Калыбай

Сатарова Гүлмира
Окушевна

Анарбаева Айша
Токтосуновна

Маджинова Токтокан

Туркбаева Сафина
Аскарбековна

Исабеков Акматкул
Кочкорович

Зайырбек Сарсейитов

Сабыржан Уезбаевич
Токтогулов

Мамбеткул Суеркулович
Капалбаев

Таалайбек Калчороевич
Кадыралиев

Арстанкул Турдуевич
Болгомбеков

Култемир Аскаров

Замирбек Паизбекович
Куватбеков

Нурматова Кыйматкан
Исмаиловна

Шералиева Чолпонай
Молдобековна

Темиркулова Наргиза
Данияровна

Зосим Серый
Львович



Хуриев Казбек
Бексултанович



Шевелев Владимир Николаевич

Сабиров Мамасалы

Абазбеков Альберт

Жетигенов Жолдошбек

Качкынбаев Осмонбек

Кыргыз Эл Баатыры
Курманбек Арыков

Кыргыз Эл Баатыры
Акбаралы Кабаев

Дарбишев Адыл

Бекмырза Мамытов



Ельняков Иван Фомич

Мажинова Марьям Мажиновна

Санабар Абдыназарова

Түркбаева Калиман Аскарбековна

Атамбекова Инаят Джакубовна

Кургинова Елена Геннадьевна

Аблакулова Салима

Камбарова Дилбар
Джураевна

Бердигулова Раткан
Кадырбаевна

Гарипова Галия
Манаповна

Мүсүралиев Байышбек
Казыбекович

Билим Көкүмова

Токтобаева Калипа
Доморбек Кызы

Алыкулова Асылхан
Исраиловна

Идирисова Турсункан
Бакеновна

Илипбаева Чынаркүл
Токтогоновна

Орунова Жамила
Жаныбековна

Сатарова Сагынбү
Карабековна

Гүлмира Сарбалаева

Чукун Токталиев



Казыбек Мүсүралиев

Умарова Минабархан
Каримжановна

Кыдыкеева Жыпаркул
Кудакеевна

Жибек Матназарова

Укуева Абида
Калыбековна

Чолпонкулов Шайырбек
Сатыбалдиевич

Эргешбаев Темирбек

Боронбаев Оморбек
Тургунович

Камчыбеков Таалайбек
Жанатбекович

Абдыкерим Тургунов

Желденбаев Талантбек
Сагындыкович

Чокоев Калмурза
Насипбекович

Эсенканов Райкан
Сыргабаевич

Матибраимов Маматсабыр
Раимбекович

Осмонкулов Жапар
Түркмөнович

Алымбаева Бурмакан
Молдобековна

Муратов Темурлан
Төлөбаевич

Паязов Токтоназар

Нурбү Усенова

Дамира Кожошова

Айгүл Каракозуева

Исмаилова Венера
Мамазакировна

Көкөева Гүлбайра
Станбековна

Калымбай Мырзакулов

Бекжан Сарпашов

Канықей Акимова

Исмаилова Калийма Коомбаевна

Мамутова Халимахан
Караевна

Чукунова Орунбү
Чукуновна

Мираш Нурубекова

Жуматаева Саблеткан
Анварбековна

Разакан Койчукараева

Айгүл Кыдырмаева

Айбарча Эргешова

Сандыбаева Шарипа

Кутмидин Султаналиев

Мырзалиева Алымкан
Фбопоновна

Эшалиева Тотукан
Турдумаматовна

Казатова Зоя
Казатовна

Марийпакан Нуржанова

Шайлоокан Бекташова

Ж.Т. Жумаев

Гүлайым Кочкорова

Кеңешбек Абазбеков

Касымбеков Токторалы Касымбекович

Сүйналиев Жакып

Жуманова Гүлүмкан Кожобековна

Дозалиева Кумархан

Бекташов Забыр
Жолдошевич

Бабаканов Элдияр
Эркиналиевич

Төлөн Шатманалиев

Кочкор Миңдибаев

Жороева Зейнеп Эргешовна

Рахатбек Жолдошевич

Салаев Темирболот Бакиевич

Габриэль Татьяна Петровна

Мамытова Жумагул Ташкуловна

Рысбек Зарилович

Курамаев Максат Садырбекович

Еркеев Кадырбек

Айдаралиев Борсол

Кармышаков Канчоро Каленович

Боржуев Мырзагани Аватаевич

Султаналиев Сыргатай
Сагынбекович

Чолпонкулов Азизбек
Медербекович

Төрөкелдиева Зинакан
Сейденовна

Борбугулов Абыткан

1996-жылдын сентябрь айынан 1997-жылдын октябрь айына чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук министрлигинин контрчалгындоо башкармалыгында 2-бөлүктүн 1-бөлүмүнүн ага опер өкүлү, 1997-жылдын октябрь айынан 1998-жылдын март айына чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук министрлигинин контрчалгындоо башкы башкармалыгынын "Р" бөлүмүндө ага опер өкүлү, 1998-жылдын ноябрь айынан 2001-жылдын март айына чейин Жалал-Абад областы боюнча коррупция жана контрабанда менен күрөшүү бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 2001-жылдын март айынан 2001-жылдын ноябрь айына чейин Жалал-Абад областы боюнча экономикалык контрчалгындоо бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 2001-жылдын ноябрь айынан 2002-жылдын март айына чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кеңешинин 1-бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 2002-жылдын март айынан 2003-жылдын февраль айына чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кеңешинин контрчалгындоо башкармалыгынын 1-бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 2003-жылдын февраль айынан 2004-жылдын март айына чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кеңешинин 1-бөлүмүнүн башчысы, 2004-жылдын март айынан 2004-жылдын декабрь айына чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кеңешинин 1-бөлүмүнүн биринчи оперативдик департаментинин башчысы, 2004-жылдын декабрь айынан 2010-жылдын сентябрь айына чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитетинин терроризмге каршы күрөшүү башкармалыгынын башчысы, 2010-жылдын сентябрь айынан 2011-жылдын апрель айына чейин Кыргыз Республикасынын МУКК УПТнын башкы башкармалыгынын башчысы, 2011-жылдын апрель айынан 2012-жылдын январь айына чейин Кыргыз Республикасынын МУКК УПТнын (4-башкармалыгынын) башчысы болуп эмгектенген. 2012-жылдын январь айынан бери Кыргыз Республикасынын МУККнын 4-башкы башкармалыгынын башчысы болуп иштейт.

1997-жылы "Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук министрлигинин контрчалгындоосуна 60-жыл" төш белгиси, 2002-жылы "Милдет" төш белгиси, 2004-жылы "Эрдик" төш белгиси, 2004-жылы "Кыргыз Республикасынын Улуттук кооп-

суздук комитетине 80 жыл"медалы жана Ардак грамоталар менен сыйланган.Үй-бүлөлүү, үч баланын атасы.

БЕЛЯЦСКАЯ АННА ГАБДРАХМАНОВНА

Беляцская А.Г. приехала в поселок Кара-Куль в 1963-году после окончания школы в г.Кок-Янгак. В этом же году начала работать в КИЭ -1 (Комплексно-изыскательская экспедиция) "Саогидропроекта"-техником-геологом на строительстве Токтогульской ГЭС где проработала до мая 1977 года.

С мая месяца 1977 года переводом работала старшим инспектором по кадрам п и спецработе в исполкоме Кара-Кульского городского Совета народных депутатов.

В 1979 году обучалась на курсах повыҷения квалификации заведуюҷих обүих отделом при ЦК Компартии Киргизии в г. Фрунзе. В этом же году переведена зав. обүим отделом горисполкома .

В 1983 году переходит в отдел архитектуры при горисполкоме старшим инженером, руководителем секторе по отводу земельных участков, где проработала до 1986 года.

С мая 1986 года до сентября 2000 года работала в горисполкоме, горадминистрации старшим инспектором по кадрам и спецработе, инструктором, референтом по оргработе, затем главным специалистом по специальным вопросам.

С сентября 2000 года по 2010 год переводом работала в Кара-Кульском горОО и специалистом библфонда.

С января 2011 года на заслуженном отдыхе за многолетний и добросовестный труд, активную общественную деятельность неоднократно пооүрялась и награждалась городскими, областными Грамотами.

В 1997 году награждена Почетной Грамотой Кыргызской Республики.

КАЛЫБЕКОВ УМАРБЕК ЧАРГЫНОВИЧ

Умарбек Калыбеков 1957-жылы Токтогул районунда туулган. 1973-жылы орто мектепти актагандан кийин Фрунзе шаарындагы техникалык окуу жайында окуду. Ал эми 1975-1980-жылдарда борбордогу политехникалык институтунун энергетикалык факультетинин студенти болду жана ал окуу жайынан инженер-энергетик адистигин алды. Ушул эле жылы Советтик Армиянын катарына барып, 1982-жылы аскердик милдетин ак ниеттүүлүк менен толук аяктап, "капитан" чинин алып келди.

Умарбек Калыбеков эмгектик ишмердүүлүгүн 1973- жылы эле баштоо менен катардагы жумушчудан жетекчилик деңгээлге чейин өсүп жетти. Адегенде НГЭСтин УЭиСинде байланыш боюнча мастер, Күрп-Сай ГЭСинин электрдик цехинде нөөмөт башчы, Таш-Көмүр ГЭСинин станциясында нөөмөт бөлүмүнүн начальниги, кайра эле ушул жерде ага начальник, Токтогул ГЭСтер Каскадынын станциясында нөөмөт бөлүмүнүн ага начальниги, Күрп-Сай ГЭСиин, ЭМ цехинин,Токтогул ГЭСинин электрдик цехинин башчысы, Токтогул ГЭСтер Каскадынын материалдык-техникалык жабдуулар бөлүмүнүн начальниги болуп өзүнүн билимдүү, такшалган жана таланттуу адис экендигин далилдеп жигердүү эмгектенип келди.

Ал эми 2003-жылы 19-майда ПС ГЭСтин башкы инженери кызматына дайындалган эле. Бул мезгилдер аралыгындагы өз милдетине берилип иштеген аракеттерин Калыбеков Умарбек Чаргыновичтин өмүрлүк жубайы мындайча эскерет:

-Инженер-энергетик катары билими жана түшүнүгү абдан терең эле. Көп нерсеге көзү жете турган. 2003-жылы ПС ГЭСте башкы инженер болуп иштеп жүргөндө Үч-Коргон ГЭСинде улам бузулуулар көп болуп, электр энергиясы көп жолу үзгүлтүккө учурап жатты. Мен кыйынмын деген адистер ошондо Үч-Коргон ГЭСи боюнча "Бул ГЭСтин бардык жабдуулары эскилиги жетип иштен чыккан, эми муну кайра ремонттоп ишке киргизүү мүмкүн эмес. Бул ГЭСтин иши ушуну менен токтотулат. Кыргызстан азыр ГЭСтин ишке кириши кетүүсүнө керектелүүчү жабдууларды башка жактан алып келүүгө кудурети жетпейт" деген тыянак

менен эч бир ремонт иштери натыйжа бербейт деген жыйынтыкка келишкен.

Бирок, ишетүүгө боло тургандыгына Умарбектин көзү жетти. "Бишкектеги машиналардын оор жабдыктарын даярдоочу завод менен сүйлөшүү керек. Аракет кылсак болот" деген бекем ишеним менен ошол заводго күнү-түнү тынымсыз эки ай каттап, керектүү жабдууну жасатып келип, орнотууга жетишти. Мына, эми иштебейт деген Үч-Коргон ГЭСи андан бери элге млрддаган кВт саат электр тогун берип келет.

Ооба, өмүлүк жубайы белгилегендей Умарбек Чаргыновичтин коомго зор пайда алып келүүчү ишмердиги эми гана башталган болчу. Анын алдына койгон чоң-чоң максаттары бар эле. Эмдигиче далай-далай рационализатордук сунуштарды ойлоп таап,өндүрүшкө киргизмек. Мүмкүн терең билими менен практикалык көзү жетик аракети эске алынып, Абдылда Нургазиевич айткандай министрликке барып иштеп калат беле. Өмүрү кыска экен, күтүүсүздөн өтүп кетти.

Бирок, артында калган уулу Улан жана кызы Дилара экөө тең ата кесибин улантышып,энергетика тармагында эмгектенип жатышат.

ЭМГЕКТЕН БАРКТАЛГАН ПЕДАГОГ

Мүсүралиев Казыбек 1928-жылы 5-майда Кара-Көл кыштагында туулган.1949-жылы Үч-Терек айылындагы Максим Горький атындагы орто мектепти бүтүргөн. Өз эмгек жолун ошол мектепте окуп жүрүп пионер вожатый болуп иштөө менен баштаган. 1950-1953-жылдарда жигиттик ыйык милдетин өтөп, Советтик Армиянын катарында кызмат кылган.

Казыбек Мүсүралиев 1953-жылы Жалал-Абад шаарындагы мугалимдер институтуна кирип, 1955-жылы аны артыкчылык диплому менен аяктаган. Билимге ынтызар жана жетик жигит кайра эле 1959-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна тапшырып, кыргыз тили жана адабияты факультетин бүтүрүп, атайын адистигин алган.

К. Мүсүралиев 1955-жылы Жалал-Абад областынын Октябрь районундагы Кара-Алма жети жылдык мектебинде мугалим,

азыркы Ноокен районунун элге билим берүү бөлүмүндө инспектор болуп эмгектенген. 1956-жылы Бүргөндүдөгү "Социализм" мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы,1957-жылы Хыла айылында Калинин атындагы мектепте мугалим,1958-жылы Сакалды айылындагы Ленинград мектебинде директор,1961-жылы Сталин атындагы мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы жана директору,1962-жылы Ноокен мектебинде директор,1963-жылы Коминтерн мектебинде мугалим, 1965-жылы Таш-Көмүр шаарынын №3-орто мектебинде директор,1966-жылы Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы,1968-жылы Токтогул районунун Өзгөрүш айылындагы Тельман мектебинин директору,1972-жылы Кара-Көл шаарындагы кечки жумушчу жаштар мектебинин директору,1976-жылданТоктогул районундагы Чкалов мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенип жүрүп, 1988-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Мүсүралиев Казыбек өз замандаштарынан билимдүүлүгү, милдетин так аткаргандыгы, ишке болгон чоң жоопкерчилиги менен айырмаланган Кара-Көлдүн зирек уулу болгон. Кайсыл жерде иштебесин, эмгек жамаатынын ишин ырааты менен жөнгө сала билген, алдыга чыгара билген иштиктүү адис болгон. Бардык жерде ал өзүнүн мээнеткечтиги жана билимдүүлүгү менен иш аткарып элдин эсинде калган. Учурдун талабын терең жана туура түшүнүп билим тармагынын кай жеринде иштебесин, жаштарды билимдүү болууга чакырчу. Жаштардын көп окуп, көп билиши—замананын оңолушуна пайдасы тиерин көп айтчу. Билимдүүлөр менен өлкөбүз гүлдөөрүн ошол кезде эле байкаган. Бүгүнкү заманга деле көз чаптырып, ой калчасаңыз турмуш билимдүүнүн билимдүүсүн талап кылган учур болуп жатпайбы. Казыбек агай муну илгери эле терең түшүнгөн турбайбы.

Казыбек агайдын артында өзү окутуп билим берген, замананын татыктуу уул-кыздарынан болууларына так багыт берип, жол көрсөткөн жүздөгөн окуучулары калышты. Алардын алды азыр пенсия курагына келип калышса да, өздөрүнүн үзүрлүү эмгектеринде багыт берген Казыбек Мүсүралиевди дайыма эстеп урмат менен сөз кылышат.

1984-жылы "Эмгек ардагери" төш белгиси менен сыйланган.

Казыбек Мүсүралиев кай жерде иштебесин жергиликтүү жетекчилик урматтап-сыйлап, райондук, шаардык , областык

көптөгөн Ардак Грамоталардын ээси болду. Анын ишине болгон сарамжалдыгын, ак, таза иштеген, мээнеткечтиги менен элди таң калтырган инсан болгондугун замандаштары ар убак таңдана, тамшана эскеришет. Ал адамда эч качан көз боемочулук менен илең-салаң, же кайдыгер иштеген күнү болгон эмес экен. Казыбек агайдын жүздөгөн окуучулары бүгүн Кыргызстандын көп аймактарында ар кыл кесиптин ээси.

Кадырман билим берүүчү 1995-жылы узак оорудан кийин дүйнөдөн кайтты.

Кара-Көл шаарында эмгектенип жаткан мекеме, ишканалар жана уюмдар

Укук коргоо кызматтары

ШААРДЫК ПРОКУРАТУРА

Кара-Көл шаар статусун алганга чейин ГЭС куруучулардын поселогу болуп турган Кара-Көлдө мыйзамдуулуктун сакталышын көзөмөлдөө жана атуулдардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо Кара-Көлдөн 60 километр алыс аралыкта турган Таш-Көмүр шаарынын прокуратурасы тарабынан көзөмөлгө алынып турган.

Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун 1977-жылы 7-январда чыккан Указынын негизинде Кара-Көл областтын карамагындагы шаар болгон жана ошол эле жылы шаардык прокуратура ишке киришкен.

Шаарда атайын прокуратура үчүн курулган имараттын жоктугуна байланыштуу анын кызматкерлери 1999-жылга чейин ар кайсы имаратка көчүп жүрүүлөрүнө туура келген. Мындай шарт албетте прокуратуранын иштөөсүнө тийиштүү деңгээлде ыңгайсыздыктарды жаратпай койгон эмес. Ошондой болсо да шаардык прокуратура мыйзамдуулукту көзөмөлдөөдө өзүнүн милдетин жүзөгө ашырып келген.

Шаарда биринчи прокурор болуп 1977-1985-жылдары Захарченко Нина Ивановна иштеген. Ал мурда Таш-Көмүр шаарында прокурор болуп, 1967-1977-жылдары иштеп турган.

Андан кийин 1985-1993-жылдары Исмаилова Күлипа Конокбаевна шаарга прокурорлук кызматка келген.

1993-1998-жылдарда Борон Жаанбаев, 1998-2003-жылдары Алишер Султанов, 2003-2008-жылдарда Адамжан Алиев, 2008-2010-жылдын апрелине чейин Фархад Сайдалиев Кара-Көл шаарында прокурор болуп турду. Ал эми андан бери карай шаарда прокурор болуп юстициянын 2-класстагы кеңешчиси М.А.Сарыевдер иштеп келишти.

ШААРДЫК СОТ

Кара-Көл шаардык соту 1977-жылы түзүлгөн. Шаардык соттун биринчи төрагасы болуп В. Шаков болгон. Андан кийин 1983-1985-жылдары Эстебесов Ажимудин, 1985-1990-жылдары Нуржанова Анаш, 1990-1996-жыддары Чаргынов Жаныбек, 1996-1999-жылдары Акыев Арзыбек, 1999-2012-жылдарда шаардык соттун төрагасы болуп Момбеков Болот төрага болуп, ал эми 2010-жылдан баштап Дүйшеев Мамыт шаардык соттун төрагасы болуп биринчи жолу иштеп келүүдө.

МОМБЕКОВ БОЛОТ КАНАЕВИЧ

Момбеков Болот Канаевич 1952-жылы Талас областынын Кара-Буура районундагы Сулуу-Маймак айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти балдар спорттук мектеби менен бирге 1969-жылы бүтүрүп, Киров райондук спорт мектебинде эркин күрөш боюнча машыктыруучу жана спорттук инструктор болуп иштеген.1971-1977-жылдарда Кыргыз Мамлекеттик Университетинин юридикалык факультетинин студенти болгон жана жогорку билимдүү юрист адистиги боюнча дипломун алган. Б.К. Момбеков эмгек ишмердүүлүгүн 1977-80-жылдарда Кара-Балта шаардык прокуратурасында үйрөнчүк тергөөчү болуп иштөө менен баштаган. 1980-1982-жылдары Чүй областынын Панфилов райондук прокуратурасында тергөөчү, 1982-1986-жылдарда Токмок шаардык прокуратурасында ага тергөөчү, 1986-1990-жылдарда Кыргыз Республикасынын Прокуратурасынын борбордук аппаратында тергөө башкармалыгынын прокурору болуп иштеген, 1990-1992-жылдарда Бишкек шаарындагы Биринчи Май райондук юридикалык кеңешинде адвокат, 1992-1994-жылдары Кыргыз Республикасынын адилет министрлигинде башкы адис, 1994-1999-жылдары Чүй областынын Аламүдүн районунун элдик сот, 1999-жылдан баштап Кара-Көл шаардык сотунун төрагасы болуп эмгектенип келүүдө.

Үй-бүлөлүү, 5 перзенттин атасы. Улуу уулу Санжар СНБ органдарынын капитаны, коррупция бөлүмүнүн кызматкери, Камбар келечектин юристи, студент, кыздары Алия, Динара үй-

бүлөлүү, Санира 10-класстын окуучусу.

Болот Момбеков эркин күрөш боюнча Кыргыз Республикасынын эки жолку чемпиону, Орто Азия жана Казакстан Республикаларынын эркин күрөш боюнча жеңүүчүсү, спорттун чебери. Бош убактыларында мергенчилик жана балык кармоо менен алектенет.

-Сот болуп иштөө абдан кыйын. Ар кандай куралтагы, ар кыл шарттагы, жыныстагы, ар башка улуттагы адамдардын эртеңки тагдыры сен аркылуу чечилет. Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө ар бир маалыматка кылдат ой жүгүртүү, фактыларды салыштыруу, окуянын мүнөзүнө логикалык баа берүү ж.б. оңойго турбайт. Элдер соттордун максаты абакка кесип жазалоо гана болот деп түшүнгөндөрү туура эмес. Бизде бардык нерсе мыйзам талаптарына негизделет жана пенде катары деле ой толгоп, боор ооруп, туура эмес ишке кандай себептер менен барганын талдап, кандайдыр деңгээлде кечиримдүүлүккө чейин баруруга, жазасын жеңилдетүүгө да туура келет,- дейт Болот Канаевич. -Бирок, мыйзамдан тайып кетүүгө эч мүмкүн эмес.

. Татаал жана жооптуу тармактагы ишмердүүлүгү үчүн Болот Момбеков бир топ сыйлыктардын, Ардак Грамоталардын ээси. Жаштардын кадырман насаатчысы.

ЧАРГЫНОВ ЖАНЫБЕК АЛЫБЕКОВИЧ

Жаныбек Чаргынов 1949-жылы 1-декабрда Токтогул районундагы Кызыл-Өзгөрүш айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.

Эмгек жолун 1966-жылы орто мектепти аяктагандан кийин Үч-Терек совхозунда слесарь болуп иштөө менен баштаган. Бирок, келечекке ишенимдүү караган жаш жигиттин мүдөөсү юридикалык кесипке ээ болуу эле. Ошентип, ал 1969-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин юридикалык факультетине кирди да, ал окуу жайды 1974-жылы ийгиликтүү аяктады.Ушул эле жылы Ысык-Көл райондук прокуратурасында, 1975-жылдан баштап Ак-Суу райондук прокуратурасында тергөөчү болуп иштеди.

1980-жылы Жаныбек Чаргыновдун кызматтык турмушунда кескин бурулуш болду. Алгачкы баштаган ишинде эле өз

кызматын жөндөп кетүүдө бир топ артыкчылыктарын көрсөтө алган жаш жигитти Ак-Суу райондук сотунун судьялыгына көрсөтүштү. Эки жылдан кийин эле Тоң райондук сотунун төрагасы болуп калды. Кызмат абалындагы мындай илгерилөө чындыгында Жаныбек Чаргыновдун юрист гана эмес, инсан катары дагы адамдардын тагдырына байланышкан ар кыл жагдайдагы маселелерди ырааттуу чечүүгө жетишкендиги менен түшүндүрүлөт.

-"Адамдардын тагдыры менен иштөө өтө оор, ага жеңилжелпи кароого мүмкүн эмес. Мүмкүн тагдыры соттолууга дуушар болгон адамдын алдында эл үчүн арналган чоң дарамети жаткандыр. Күтүлбөгөн кокустук, ар түрдүү кырсык, курулай доомат сыяктуу тагдырлар менен соттолушат. Ал адамдардын өткөн-кеткенин, иштин жагдайын кылдат, адилеттик менен иликтөө үчүн терең ой калчоо зарыл" дечү эле,-дейт өмүрлүк жубайы Айгүл Жаныбек Алыбековичти эскерип отуруп.

Чындыгында эле Жаныбек Чаргыновду билгендерден эч убакта жаман пикир уга албайсың. Баары тең ал адамдын терең адамгерчилик сапатын урматташат. Муну өзгөчө кара-көлдүктөр эскеришип калганын угуп жүрөбүз. Анткени, Ж.А.Чаргынов Тоң районунан кийин эле 1990-жылы Кара-Көл шаардык сотунун төрагасы болуп шайланган. Бул жерде алты жыл иштеп, Аксы райондук сотунун төрагалыгына шайланды. 1999-жылдын 2-декабрынан Баткен областык сотунун төрагасынын орунбасары болуп иштеди.

Жаныбек Чаргынов райондук деңгээлде да, областтык деңгээлде да анын кылмыш жана граждандык иштерин кароодогу ишмердиги жакшы болгон. Же Жаныбек Алыбекович караган кылмыш иштеринен кассациялык кароого түшкөндөрү өтө сейрек болоор эле. Мунун өзү соттук кароого түшкөн иштин адилет чечилгендигинин көрүнүшү да.

Сот тармагында эмгектенген жылдар мезгилинде Ж.А.Чаргыновдун төрагалыгы менен каралган көптөгөн административдик укук бузуулар боюнча иштер мыйзамга негизделип, так жана туура чечилип келген.

Жаныбек Чаргыновдун көп жылдык адилеттүү эмгеги жогору бааланып, 1999-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак Грамотасы менен сыйланган. Өмүрү өткөнчө элге ак

кызмат кылган чебер юристтин артында өмүрлүк жубайы Айгүл жана перзенттери бар.

КАРА-КӨЛ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР БӨЛҮМҮ

Кыргыз милициясы Улуу Октябрь Революциясы мезгилинде 1917-жылы "Советтик милиция" болуп түзүлсө,1924-жылдын 1-ноябрынан баштап, Кыргыз автономиялык область болгонубуздан кийин "Кыргыз милициясы" деп аталып, элибиздин тынчтыгын жана бейпилдигин сактап келүүдө. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 1994-жылы кабыл алган токтомунун негизинде жыл сайын ноябрь айынын 1-числосу "Кыргыз милициясынын кесиптик майрамы" катарында белгиленет.

Кара-Көл шаар статусун алганга чейин шаардык ИИБу Таш-Көмүр шаарына баш ийип турган. Кара-Көл шаар болгондон бери коомдук тартипти сактоонун чыныгы патриоттору болушкан милициянын да өз таржымалы бар.

Кара-Көл шаарына алгач коомдук тартипти көзөмөлгө алуучу милиция кызматкерлери 1962-жылы келген. Тагыраак айтканда ушул жылы шаарга Көк-Жаңгак шаардык милициясында кызматкерлерди издөө тобунда кызмат өтөгөн милициянын ага лейтенанты Жумабаев Жолборс жалгыз милиция кызматкери болуп келген жана шаар боюнча ушул жылдын август айына чейин өзү жалгыз коомдук тартипти көзөмөлгө алып иштеген.

Ошол 1962-жылы Кара-Көлдө жалпысынан 4 жумушчулар жатаканасы курулуп, ГЭСтердин алгачкы курулуш иштери жүргүзүлүп жаткандыгына байланыштуу СССРдин ар кайсы аймактарынан түрдүү улуттагы жана ар кыл курактагы, ар башка адистиктеги жүздөгөн адамдар келе башташкан. Ошол учурда келгиндердин саны 600гө чейин жеткен. Натыйжада ар башка жактан келген жумуш адамдарынын коопсуздугун көзөмөлгө алуу жалгыз милиция кызматкерине оор болуп жаткандыгы иш жүзүндө далилденген жана ушуга байланыштуу Таш-Көмүр шаардык милициясына караштуу 6 кызматкерден турган айылдык милиция бөлүмчөсү уюштурулган. Бөлүмчөнү Жумабаев Жолборс жетектеген. Иштегендердин төртөө милиция кызматкери, бирөө тергөө кызматкери болгон.

Милиция бөлүмүнүн имараты азыркы эски санэпид.станциясынын имаратындагы 4 бөлмөдө болгон. Улам жыл өткөн сай-

ын Кара-Көлдө ГЭС куруучулардын саны өсүп, турак-жай жана тейлөө имараттарынын бири бүтсө, экинчиси башталып, тейлөө, соода точкаларынын саны өсүп отурду.

Ошентип отуруп 1964-жылы бул жерде иштеген милиция кызматкерлеринин саны 14кө жеткен. Алардын 7си катардагы милиция кызматкери, 2 участкалык инспектор, 2 МАИ кызматкери, 1 тергөөчү, 2 кылмышкерлерди издөө өкүлдөрү болушкан. Кара-Көл шаарына келип алгачкы инспекторлордон болуп иштешкендердин алгачкысы милициянын кенже лейтенанты Молдобек Алымбаев, экинчиси милициянын лейтенанты Хамид Хасанов болгон. Ошол учурда МАИ кызматынын инрспектору болуп милициянын ага лейтенанты Осмон Керезов, милициянын катардагы инспектору болуп милициянын сержанты Турдукул Бешубаков, тергөөчү болуп милициянын капитаны Александр Мельниковдор иштеп турушкан.

1960—1970-жылдар мезгилинде атайын кесиптик билими бар жана тажрыйбалуу милиция кызматкерлери сейрек болгондугуна байланыштуу өз ишин мыкты билгендер улам жооптуу участокторго жиберилип, талапчан, ишти билген инсандар милиция бөлүмүнө жетекчиликке дайындалып отурган.

Жолборс Жумабаев Токтогул райондук ички иштер бөлүмүнө иштөөгө которулуп кеткенден кийин анын ордуна Кара-Көл айылдык милициясынын начальниги болуп, милициянын майору Редько Василий Анатольевич келген. Ал 1971-жылга чейин бөлүмдү жетектеп иштеген.

1971-1976-жылдары милициянын капитаны Дарбишев Акмат;

1976-1980-жылдарда Ыманкулов Анарбек ;

1980-1981-жж.Каплунов Александр Иванович;

1981-1984-жж.Сарыбасов А.А;

1984-1989-жж.Карабатов Анатолий Александрович;

1989-1994-жж.Сатымкулов Улан Бердикеевич;

1994-1995-жж.экинчи ирет Ыманкулов Анарбек;

1995-1997-жылдары Досов Сыргатай Исмаилович;

1997-1998-жж.Жумабаев Арстан Жолборсович;

1998-2001-жж.Жунусбаев Эсен Кудайбергенович;

2001-2005-жж.Найманбаев Жангарач Мукашевич;

2005-2006-жж.Келдибаев Жеңишбек Кудайбергенович;

2006-2009-жж.Ашыралиев Рысбек Токтоналиевич;
2009-2010-жж.Канзаманов Курманбек Токтошевич;
2010-2011-жж.Ашыралиев Рысбек Токтоналиевич;

2011-жылдын апрель айынан бери карай милициянын подполковниги Нусубалиев Аркыт Абилович ШИИБнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Башчынын орунбасары милициянын подполковниги Нурунбетов Кочкорбай Валиевич, милициянын подполковниги Сулайманов Райымбек Атахановичтер менен биргеликте шаар аймагында коомдук тартипти сактоо, чыңдоо багытында учур талабына ылайык иш жүргүзүп келүүдө.

ШИИБнүн ӨМҮРҮ ӨРНӨК АРДАГЕРЛЕРИ

Шаардык ички иштер бөлүмүнүн ардагерлер Кеңеши бар. Аны милициянын отставкадагы майору Улан Абдыкеримов, ардагерлер Акымбек Караев, Анарбек Ыманкулов, Манас Абыканов, Кулбай Үсөнкулов, Оомат Жуматаев, Турдукул Бешубаков, Каланбек Насыранбеков, Шайлообек Мамытов, Арзымат Айтиевдер бөлүмдүн жаш кызматкерлерине насаатчы катары урматсыйдын ээси, буларды шаарыбыздын бардык эли кадырлашат.

Азыркы күндө шаардык ички иштер бөлүмүндө жалпы 46 кызматкер иштейт. Анын ичинен офицердик курамда – 31,сержанттык курамда—15 кызматкер бар.

Билими боюнча жогорку юридикалык билими барлар – 20, жогорку техникалык билими барлар – 10, педагогикалык билими барлар – 2, атайын юридикалык окуу жайын бүтүргөндөр—2.

Учурда өздөрүнүн ишине берилген, шаардагы коомдук тартипти сактоого зор салым кошуп өрнөк көрсөтүп жатышкандар жана республикабыздагы ар кандай зарылдыктарда өрнөктүү иштеп жаткандар менен бөлүм сыймыктанып келүүдө. Алар ШИИБнүн башчысынын оперативдик иштер боюнча орунбасары, милициянын подполковниги Р.А.Сулайманов башчынын өздүк курам менен иштөө боюнча орунбасары, милициянын подполковниги К.В. Нурунбетов, КИБнүн ага опер өкүлү, милициянын лейтенанты Р.Т. Орозалиев, ага УИМ милициянын майору О.Т.Боронбаев, нөөмөт бөлүмүнүн ага нөөмөткери, милициянын капитаны А.Т. Асанов, ЖККнын ага инспектору, милициянын лейтенанты Ж.Т. Мурзабеков, жардамчы нөөмөтчү, милициянын старшинасы Д.К.Орозалиев, милиционер-конвоир,

милициянын сержанты Б.А.Суеркулов менен ШИИБү коомдук тартиптин сакчылыгында жемиштүү иш алып барууда.

Милициянын мурдагы муундарынан

КАРАЕВ АКЫМБЕК КАРАЕВИЧ- МИЛИЦИЯНЫН МАЙОРУ, ПОЛКОВНИК

Бир чындыкты белгилей кетели. Мындан он жыл илгери шаардын 40 жылдык юбилейине арнап шаарыбыздын тарыхын жана анын түптөлүшүнө өздөрүнүн зор салымдарын кошушкан инсандардын бейнесин чагылдырган баян-энциклопедия китебин жазып чыгартуу демилгесин эң биринчилерден болуп ушул Акымбек Караев көтөрүп чыгып, алдын ала тиешелүү бардык программасын даярдаган, бул боюнча жетекчиликке маселени алып чыккан эле. Тилекке каршы ал убакта шаарыбыздын финансылык мүмкүнчүлүгү өтө чектелүү болгондуктан жарым-жартылай даярдалган китеп ошол бойдон токтоп калган.

Акымбек Караев 1933-жылы Токтогул районунун Торкен айылында төрөлүп, айылдык мектептен 7-класс билим алып, анан райондун борборундагы орто мектептен 10-классты аяктаган. Ошол кездеги билимге суусаган жаштардын ичинен 1950-жылы борбор калаадагы мамлекеттик университетинин физика жана математика факультетине окууга өтүп, 1954-жылы ийгиликтүү аяктаган. Бирок, Акымбек Караев ага чейин эле эмгегинен медаль менен сыйланганын эскерет:

-Согуштун оту күч алып турган 1942—1944-жылдарда баккан агам Кыдыралиев Шалаңбай Толук айылдык Кеңеште сельсовет (өкмөт башчы) болуп турчу. Ал жерде пахта эгилчү. Мектеп окуучулары да пахтага иштейбиз. Чабабыз, отойбуз, суугарабыз, теребиз. Анда жетиштүү кийим кайдан? Жылаңайлак, жалаң баш, буттарды тикенек канатып... Пахта терим маалында ар бир окуучуга норма(план) салчу. "Сен бир күндө мынча кг.пахта тересиң" деп. Мен өтө астейдил аракеттенчүмүн. Нормамды күнүгө атка-

рып ударник болдум. Анан андагы бизди иштеткен, кошо иштешкен улуулар да "мээнеткеч, элпек, тартиптүү" деп макташчу. Анан 1947-жылы күзүндө эле пахта жыйым-терим болгондо "За доблестный труд"(Эмгектеги жетишкендигиүчүн) төш белгиси (значок) менен сыйландым. Он төрт эле жашта элем. Өзүм азыр таң калам. Ойлосом ошондон менин эмгегимдин дайыма илгерилеп жогору бааланышы башталган экен.

Ооба, Акымбек Караев кыргыз жаштарынын арасынан алгачкы жогорку билимдүүлөрүнүн сабында болду.Университетти бүтөөрү менен айылындагы өзү окуган мектепте физика-математика боюнча мугалим болуп эмгектенип, бир эле жылдан кийин директордун орунбасары (завуч) болуп иштеп калды. –Ошондогу жаштар ыйбаалуу экенбиз,-деп эскерет А.Караев,-Агайларымдын күндөлүк иш-пландарын күн сайын текшерем. Окуткан агайларым болгондуктан,өзүм алардан уялам. Өтө эле талапчан болуп катуу сүйлөбөй, анча-мынча кемчилигин акырын кыйытып айтам д,а кол коюп берем. Азыркылар антпейтко...

1957-жылы Москвада өтө турган Бүткүл Союздук жаштар фестивалына даярдык жүрүп калды. Бардык жерде өздүк-көркөм чыгармачылык ийримдер уюштурулуп, программада биримдиктин, ынтымак менен достуктун жана тынчтыктын ураяны катарында ар башка улуттардын ыр-бийлери, патриоттук ырлар, хор менен ырдоо ж.б.бар эле. Ошондо Акымбек Караев иштеген мектептин окуучулары менен жаш мугалимдери уюштурган концерттик программа абдан жактырылып, элдин алдына чыгып көп жолу концерт коюшкан.

Ошондон тартып, анын ишмердиги, билимдүүлүгү жана уюштуруучулук жөндөмү райондун гана эмес, областтын да айрым жетекчилеринин көңүлүнө илинип калат.1958-жылы комсомолдордун Жалал-Абад областтык конференциясына барат. Ал убакта комсомолдун областтык комитетинин 1-2-секретары деген улуу, абройлуу бийлик болчу. Алар районго келгенде Акымбек Караевди таанып, ишин, билимин баалап жүрүшкөн. Конференция башталаар алдында эле өздөрүнө чакырып, Борбордук Комитеттен келгендер менен чогуу ортого алып сүйлөшүшөт да, ошол конференциянын жүрүшүндө эле комсомолдун областтык комитетинин агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчылыгына шайлап коюшат. Бир жылдан кийин област жоюлуп, Сузак

районунда комсомол комитетинин 1-секретары(катчысы) болуп иштеп калат. Ошондо Сузакта Бекмолдо Эшимов партиянын райондук комитетинин 1-секретары экен, ошол адам менен бирге иштешет. Партиянын райондук комитетинин бюросуна мүчө болуп шайланат. Эки жарым жылдан кийин Жалал-Абад шаардык партиялык комитетинде инструктор болуп иштейт да, бир жылдан кийин Кыргызстан Коммунисттик партиясынын борбордук комитетинин "Прокуратура органдарында партиялык кызматкерлер иштеши керек" деген чечими чыгып, натыйжада Акымбек агай Сүлүктү шаарынын прокурордук кызматына жиберилет. Ошол учурда Харьков шаарындагы прокуратура кызматкерлеринин эң жогорку мектебинин кыска мөөнөтүү курсун окуп келет да, дароо кайрадан Кыргыз Мамлекеттик университетинин юридикалык факультетине сырттан окууга кирип, аны да 1968-жылы аяктайт.

Сүлүктү шаарында 5 жыл иштеп туруп, Жалал-Абал шаардык прокурордук кызматка сунушталат. Бирок, жогорку билимдүү, өз кызматын жөндөй билген интеллектуалдуу жигитти ошол мезгилдеги партиянын Ош областтык комитетинин 1-секретары Акматбек Сүйүнбаев обком партияга инструкторлукка алып кетет. Андан ары улай кайсыл кызматка дайындалса да жан-дили менен так, эң жакшы аткарып көнгөн Акымбек агай партиянын Ош областтык комитетинин бюросунун чечими менен Ош областтык ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары болуп дайындалат. Эң жооптуу жана ардактуу болгон бул кызматта 6 жыл иштеп, майор чинин алат. Кийин Ош шаарында и чки иштер бөлүмүнүн башчысы болуп калат. Бул кызматта да талыбай ак ниети менен иштеген А.Караевге 7 жыл иштегенден кийин полковник чини ыйгарылат.

Жаштык кайраты, жогорку билими, жыйнаган бай тажрыйбасы бар иштерман жигитти эми 1976-жылы СССР ички иштер министрлигинин буйругу менен Ысык-Көл областынын ички иштер бөлүмүнүн башчылыгына дайындалат. 1982-1984-жылдарда кайра Ош шаарына которулуп, анда үч жыл иштегенден кийин пенсияга чыгат.

-Партия, комсомол ишенип, кызмат тапшырдыбы, аны аткарбай коюу болгон эмес. Улам ишенимге кирип башка кызматтарга дайындалганым сайын, өзүмө ошончолук чоң талап коөор элем.

Айрым учурларда үйгө келбей иш бөлмөмдө коомдук тартипке, партиялык тапшырмалардын аткарылышына көзөмөл кылып кала берчүмүн. Биз ошол кызматыбыз менен сыймыктанчубуз. Демибизге дем кошулуп удургуп турчубуз. Партиянын ишенимин аткаруудун бийик, баалуу, жооптуу эч нерсе жок боло турган. Тыным алууну билбей таза иштедик. Ошто 1-секретарь кезимде "грязный"киши иштеп турган. Өзүнө окшогондорду топтоп карта ойночу. Чакырганда мен "акчам жок" деп барбай койчумун. Анан "Ой Акымбек Караевич дегенди уккансыңарбы. Өзү да жебейт, бирөөгө да бербейт" деп калганын элден угуп жүрдүм. Бирок, ак иштегеним үчүн тазамын, эч кимден коркпойм, эч кимден басынбайм, эч кимге күнкор болуп кошомат кылбайм. Өз ишиме өзүм такмын. Азыр жемекей каражемсөөлөр абдан көбөйүп кетти. Акмын деп көкүрөк каккандары менен тазасын табуу кыйын көрүнөт. "Азаттыктан" айтып отурса дегеле элдин мүлкүн тонопжемейдин аягы болобу билбейм.- Акымбек Караев мына ушуларды айтып берди.

Анын айткандары азыркы жаштар үчүн жомоктой сезилер. Бирок, союздук эреже орноп турган доордун тарыхый чындыгы. Жаштайынан укук коргоо тармагында жигердүү эмгек кылып келген адамда зор тажрыйба бар эле. 1993-жылы Оштон Кара-Көл шаарына көчүп келип, керектүү жана тажрыйбалуу кадр катарында Токтогул ГЭСтер касадында да он жыл юрист болуп иштеди.

Өзүнүн өрнөктүү өмүр жолунда Акымбек Караев майор, полковник чининен башка да көптөгөн союздук, республикалык, областтык, шаардык Ардак Грамоталар менен сыйланып келген жана кайсыл шаар, райондо иштебесин шаардык жана райондук Кеңештерге депутат болуп шайланып турган. Өмүрлүк жубайы Зулайка эже менен жарым кылым өмүр кечирип эки эркек, эки кызды тарбиялап чоңойтушту. Тун уулу менен кийинки кызы, неберелеринен да Акымбек агайдын жолун жолдоп укук коргоо тармагында эмгектенип келатышат. Азыр карыялыгына жана ден соолугуна байланыштуу уул-кыздарынын ардактуу төрүнүн ээси болуп эс алууда.

-Атам кайсыл жерде, кандай кызматтарда иштебесин, өз замандаштарынын катарында канчалык билимдүү болбосун, үйдө жөпжөнөкөй биздин сүйүктүү атабыз, үйдүн камкор башчысы

эле. Атам да, апам да бизди жөнөкөйлүккө, кичипейилдикке тарбиялады. Алар бизге эч убакта бой көтөрүп кекирейүүчүлүккө калыптануубузга жол койгон жок. Урук-туугандар менен да, башка элдер менен да сылык, жакын, элпек, кишиликтүү мамиледе болуубузду кулагыбызга ар дайым салып турушаар эле,- дейт кызы Мира.

Акымбек Караевдин татыктуу эмгеги көптөгөн сыйлыктар менен бааланды.1947-жыл."1941—1945-Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы мыкты эмгектери үчүн" төш белгиси, 1970-жыл."В.И.Лениндин 100 жылдык юбилейи" төш белгиси, 1974-жыл."Коомдук тартипти сактоодогу эң мыкты эмгеги үчүн" төш белгиси, 1975-жыл."СССРдин мамлекеттик чек арасын коргоодогу өзгөчөлүгү үчүн" төш белги, 1976-жыл."Улуу Жеңиштин 30 жылдыгы" төш белгиси, 1978-жыл."Куралдуу күчтөрдүн 60 жылдыгы" төш белгиси, 1979-жыл."3-даражадагы Үзгүлтүксүз кызматы үчүн "төш белгиси, 1984-жыл."2-даражадагы үзгүлтүксүз кызматы үчүн" төш белгиси, 1989-жыл."1-даражадагы Үзгүлтүксүз кызматы үчүн" төш белгиси анын үзүрдүү эмгегин даңазалайт.

ЖУМАБАЕВ ЖОЛБОРС

Жолборс Жумабаев 1934-жылы Жалал-Абад областынын Сузак районунун Жалгыз-Жаңгак айылында туулган. 1959-жылы Алма-Атадагы милициянын атайын окуу жайын бүтүргөн. 1960-жылдан Көк-Жаңгак шардык ички иштер бөлүмүндө участкалык инспектор, 1962-жылы ошол эле шаардык ички иштер бөлүмүндө кылмыш иликтөө бөлүмүндө опер өкүлү болуп иштеген. 1963—1964-жылдарда Кара-Көл шаарчасында милициянын начальниги болуп турган. 1964—1969-жылга чейин Токтогул районунун ИИБнүн башчысынын оперативдик иштер боюнча орун басары, 1969-1973-жылдарда аталган райондук ички иштер бөлүмүнүн башчысы, 1973-1978-жылдарда Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

-1978-1981-жылга чейин Ош шаарындагы СИЗОнун башчылыгына дайындалып, ушул эле жылы Баткен районуна колониянын башчылыгына которулган.

Жумабаев Жолборс 1985-жылдын ноябрь айынан баштап ардактуу эс алууга чыккан.

ҮСӨНКУЛОВ КУЛБАЙ

Усөнкулов Кулбай учурдагы милиция кызматкерлеринин эң эле улуу муундарынан болуп саналат. Ал 1932-жылы Токтогул районунун Тельман айылында туулган. 1959-жылы Токтогул районунун күзөт бөлүмүндө милиция кызматын өтөп, 1963—1964-жылдары Кара-Көл милиция бөлүмүндө жардамчы нөөмөтчү болуп кызмат өтөп туруп, ардактуу эс алууга чыккан. Азыр милиция кызматкерлеринин ардактуу насаатчысы жана кутман карыясы.

БЕШУБАКОВ ТУРДУКУЛ

Милициянын старшинасы Бешубаков Турдукул 1934-жылы 2-январда Токтогул районунун Үч-Терек айылынын Ничке-Сай участкасында туулган. 1964—1970-жж.ШИИБүндө жардамчы нөөмөтчү,1970—1975-жылдарда мамлекеттик автоинспекциясынын начальниги, 1975—1985-жылдары шаардык ички иштер бөлүмүндө жардамчы нөөмөтчү болуп иштеп, 1985—1990-жылдары Кара-Көл шаарынын күзөт бөлүмүндө мамлекеттик банкты кайтарууда кызмат өтөгөн. 1990-жылдан бери ардактуу эс алууда.

ҮСӨНБАЕВ СЫРГА МОЛДОБАЕВИЧ

Милициянын старшинасы С.М.Үсөнбаев 1938-жылы 2-майда Үч-Терек районунда кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.1963-жылы милиция бөлүмүнө кызматка кабыл алынган жана ошол бойдон жигердүү эмгектенип жүрүп, 1988-жылы май айында ардактуу эс алууга чыккан. Үзүрлүү жана ак ниет, күжүрмөн эмгеги үчүн Үсөнбаев Сырга Молдобаевич шаардык, областык, партиялык жетекчиликтер жана областтык ички иштер башкармалыгы тарабынан Ардак Грамоталар, төш белгилери менен сыйланган.

АЛЫМБАЕВ МОЛДОБЕК

Милициянын капитаны Алымбаев Молдобек 1928-жылы 1-майда Токтогул районуна караштуу Совет айылында туулган. 1962-жылдын 12-октябрында Кара-Көл шаардык милиция бөлүмчөсүнө кызматка орношкон. Өзүнүн коомдук тартипти сактоодогу жигердүү эмгеги үчүн көптөгөн Ардак Грамоталарга,

мактоо баракчаларына жана төш белгилерине татыктуу болгон. 1970-жылы 21-мартта В.И.Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата "За доблестный труд" юбилейлик төш белгиси менен, 1980-жылы СССРдин ички иштер министрлигинин №561, 197, 951- буйруктары менен "За безупречную службу" төш белгисинин 2-3 баскычы менен, 1973-жылы Токтогул райондук ички иштер бөлүмүнүн №17-буйругу менен "Коомдук тартипти сактоодогу артыкчылдыгы үчүн" алкышы менен, 1984-жылы Кыргыз ССР Ички иштер министрлигинин №632-буйругу менен "Милициянын отличниги" төш белгиси менен, 1985-жылы Кыргыз ССР Ички иштер Министрлигинин буйругу менен "Эмгектин ардагери" төш белгиси менен сыйланган жана бир жерде үзгүлтүксүз үзүрлүү эмгектенүү менен бирге 10 баланы тарбиялап өстүргөн.

ДАРБИШЕВ АКМАТ

Милициянын капитаны Дарбышев Акмат 1925-жылы Ош областынын Ноокат районундагы Жал айылында туулган. 1960-жылы Кызыл-Кыя ички иштер бөлүмүнүн соолуктуруучу жайында начальник болуп иштеп туруп, кийин экономкалык кылмыштарга каршы күрөшүү бөлүмүнүн өкүлү болуп дайындалган. 1969-жылы Карагандыдагы милициянын жогорку окуу жайын сырттан окуп бүтүргөн. 1971-жылы Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1976-жылы Жалал-Абад шаардик ички иштер бөлүмүнүн башчысы, 1980-жылдан баштап кайрадан Кызыл-Кыя ички иштер бөлүмүнүн башчылыгына которулган.

1983-жылы Акмат Дарбышев ардактуу эс алууга чыккан.

Өз эмгек жолундагы кайратман жана жемиштүү эмгеги үчүн көптөгөн Ардак Грамоталардын жана төш белгилердин ээси болгон.

ЫМАНКУЛОВ АНАРБЕК

Ыманкулов Анарбек 1938- жылы Аксы районуна караштуу Ак-Суу айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.

1972-жылдын март айынан 1975-жылдын июнь айына чейин Ош ички иштер бөлүмүндө МАИнин башчысы болуп иштеген. 1975-жылдан Таш-Көмүр шаардык ички иштер бөлүмүндө начальниктин өздүк курам боюнча орун басары болуп иште-

ген.1977-жылы Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнө башчы болуп келген. 1996-1998-жылдары МРЭГдин (МАИнин) ага инспектору, 1994-1996-жылдары кайрадан Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

Иманкулов Анарбек 1996-жылдан баштап ардактуу эс алууга чыккан.

Өзүнүн үзүрлүү жана жемиштүү ак эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Ардак Грамотасы, көптөгөн мактоо баракчалары жана "Кадырман", "Кыргыз милициясына 85 жыл" юбилейлик, "Ардагер" төш белгилерин алууга татыктуу болгон.

АБЫКАНОВ МАНАС БАЙБАТЧАЕВИЧ

Абыканов Манас 1949-жылы 9-майда Кара-Көлдө туулган. Шартка жараша Таш-Көмүр шаарына көчүп барып, шахтада кызмат өтөгөн. Андан ары 1968-197 жылдары өз каалоосу менен Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн.

Абыканов Манас 1971-жылы 25-майда комсомолдун чакыруусу менен Кара-Көлгө келип ички иштер бөлүмүнө кызматка орношкон. Ошол эле мезгилде комсомолдук уюмдун мүчөсү катары да активдүү кызмат өтөп, комсомолдук уюштуруу иштерине катышып жүрдү. Ал убакта ички иштер бөлүмүндө болгону 15тей гана кызматкер болуп. Таш-Көмүр шаарына баш ийип турган. Абыканов ошол кездеги иш тартибин эскерет:

Кызматка орношуу кыйын болгон

Ал убакта милиция болгусу келгендердин кызматка орношусу бир топ татаал кароолордон өтүүнү талап кылган. Адегенде жети атаңа чейин сураштырып, ата-бабаларың соттолбогонбу,чет элде болгонбу, ата-бабаң бай-манапчыл эмеспи? деген сыяктуу суроолорго жооп беришип, ал кадрдын бардык таржымалы сураган. Мына ушулар туурасында айтып келип, -азыркы турган жерге ШИИБү 1977-жылы жайгашып, кызматкерлердин саны 27ге чейин жетип, шаардагы калктын саны да 25 миңге жеткен,- деп эскерет М.Абыканов. -Мен ошол жылдары катардагы милиция кызматкери жана жолдоштук соттун төрагасы болуп иштеп, кызматын аткарбай тартип бузгандар менен иш жүргүзчүмүн.

Дароо жазаланган

Шаарда өзүнчө коомдук тартипти көзөмөлгө алган комсомолдук отряд да иштеп турган. Биз түн бир оокумга чейин эле убакыт менен эсептешпей иштеп, алар менен чогуу бир топ тартип бузгандар болсо маселесин карап анан тарап кетчүбүз. Коомдук тартипке көзөмөл жүргүзгөн биздейлер үчүн ар дайым бир автоунаа кызмат кылып, кай жерде тартип бузуулар болсо дароо жеткирип, андан кайра тартип бузгандарды кошо милицияга ташып жеткирип турган.

Сыйлык же жолдомолорунан ажырашкан

Ооба, ар бир тартип бузган адам өзү адебине жараша жазасын алып, эскертүү, сөгүш, катуу сөгүш, айлык маянасынан айып төлөө (ар кандай суммада), андан ашса бир нече күн соолуктуруучу жайга жаткырылган. Ал эми тартип бузгандар бир айлык маянасынан, же ала турган сыйлыгынан, эс алууга алуучу жолдонмолорунан (путевкаларынан) ажыратылчу. Булардын баары өтө таасирдүү болгондуктан жаштардын да, иштегендердин арасында да тартип бузууларга жол койбоо үчүн ар бири аракет кылышкан.

Коомдук тапшырмалары көп

Абыканов Манас улгайса да элдин иши менен алек. 2003-жылдан 2008-жылга чейин шаарда ардагерлер кеңешинин төрагасы болуп иштеп келди, анан "Ак-Жар" аймактык ак сакалдар сотунун төрагасы, кайра акыркы он жылдан бери шаардык аксакалдар сотунун төрагасы болуп, коомдук милдетти жигердүү өтөп келе жатат. Улуттук ат оюндары федерациясынын мүчөсү, пенсия, пособилердин таркатылышы боюнча түзүлгөн көзөмөлдөөчүлөрдүн төрагасы. Бул багытта соцфонд менен биргелешип мезгили менен көзөмөл өткөрүп турушат.

Өзүнүн ак эмгеги үчүн Абыканов Манас 1979-жылы Ош областтык ИИБнүн Октябрь революциясынын 62 жылдыгына карата фотоаппарат менен жана СССР ИИ министрлигинин 3-баскычтагы "Үзгүлтүксүз күжүрмөн эмгеги үчүн" төш белгиси, 1985-жылы 2-баскычтагы ушул төш белги, 1987-жылы Улуу Октябрь революциясынын 70 жылдыгына карата Ош облсттык ИИБнүн Ардак Грамотасы, 1991-жылы "Милициянын отлични-

ги" медалы1994-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин "Кыргыз милициясына 70 жыл" медалы менен жана бир нече жолу партиянын Кара-Көл шаардык комитетинин, шаар мэриясынын, шаардык Кеңештин Ардак, Мактоо Грамоталары жана 2010-жылы "2010-жылдын мыкты коомдук ишмери" диплому жана номинациясы менен сыйланган.

НУСУБАЛИЕВ АРКЫТ АБИЛОВИЧ

Милициянын подполковниги А.А.Нусубалиев 1967-жылы 6-февралда Ош шаарында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.

Токтогул районунун Чоң-Арык айылындагы Энгельс атындагы орто мектептен окугандан кийин 1982-1986-жылдары Фрунзе шаарындагы автомобил жана жол техникумунда кесипке билим алган.1986-1988-жылдарда Россия Федерациясынын Хабаровск крайында жоокердик кызматын өтөгөн жана ошол жактан КПССтин мүчөлүгүнө кабыл алынып, ошол замандын талабына ылайык коммунист болуп өз жерине кайткан. АА. Нусубалиев өзүнүн эмгек жолун 1988-1989-жылдары автоунаа ишканасында ондоочу жана айдоочу болуп иштөө менен баштаган.

1989-жылдын апрель айынан баштап 1990-жылга чейин Кара-Көл ШИИБүндө милиционер-айдоочу болуп иштеп туруп, ноябрь айынан 1994-жылдын апрель айына чейин ушул эле шаарда Жол кыймылынын коопсуздугу боюнча инспектор, апрель айынан баштап нөөмөттөгү инспектор болуп иштеген.1994—1997-жж.МАИ ЖККБ ага инспектору болуп кызмат кылган.

1998-жылы Кыргызстан мамлекеттик университетин сырттан окуп бүтүргөн жана 1997-жылдын август айынан 1999-жылдын декабрь айына чейин адмпрактика боюнча инспектор, 2000-жылдан 2007-жылдар аралыгында ШИИБнүн нөөмөт бөлүмүнүн нөөмөтчүсү, кадрлар бөлүмүнүн ага инрспектору, начальниктин кадрлар боюнча орун басары болуп иштеген.

2007-жылдын март айынан июнь айына чейин Токтогул РИИБнүн начальнигинин кадрлар боюнча орун басары, кадрлар бөлүмүнүн ага инспектору, 2008-2010-жылдарда Токтогул райондук ИИБүнүн өздүк курам менен иштөө боюнча башчы-

нын орун басары ,кийин Токтогул РИИБүнүн башчысы, Чаткал РИИБнүн башчысы болуп иштеп, андан кийин ИИМнин карамагына алынган. 2011-жылдын апрель айынан баштап кайрадан Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келүүдө.

Нусубалиев Аркыт Абилович 2004—2008-жылдарда Кара-Көл шаардык Кеңешине депутат болгон. 3 уул, 1 кызды тарбиялап өстүрүүдө.

БОРОНБАЕВ ОМОРБЕК ТУРГУНОВИЧ

Милициянын майору Боронбаев Оморбек Тургунович 1967-жылдын 1-декабрында Жалал-Абад областына караштуу Аксы районунун Кызыл-Жал өрөөнүндөгү Кум айылында туулган. 1985--жылы айылындагы Кычан Жакыпов атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган жана ошол эле жылы Ноокен районундагы "Ленин-Жол" ДОСААФында окуп айдоочулук кесипке ээ болгон.

1986—1988-жылдары Боронбаев Оморбек Германия мамлекетинде Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөп келген. 1988-жылдын декабрь айында Кара-Көл шаарындагы АТПО мекемесине автослесарь болуп жумушка орношуу менен өзүнүн эмгек жолун уланткан.1989-жылы ЖАГУнун "машина куруу" факультетинин кечки бөлмүнө окууга кирип, аны 1995-жылы аяктаган. 1988-1995-жылдарда айдоочу жана механик болуп иштеп туруп, 1996-жылы апрель айында Ош шаарындагы атайын милицияны даярдоо курсун аяктап, Кара-Көл шаарындагы ички иштер бөлүмүнүн убактылуу кармоочу жайына күзөтчү болуп жумушка орношкон. 2001-жылы ошол эле бөлүмдө аймактык тескөөчү болуп иштейт жана 2006-жылдын март айында кылмышкерлерди издөө бөлүмүндө опер өкүл болуп кызматка дайындалган. 2007-жылдын февраль айында Жалал-Абад областынын Токтогул районунун ички иштер бөлүмүнүн кылмышкерлерди издөө тобунда опер өкүл болуп эмгектенет.2008-жылдын июнь айында Токтогул районунун ички иштер бөлүмүнүн Терек-Суу айылдык милиция бөлүмчөсүнүн башчысы болуп иштеп , кайра 2010-жылдын август айынан тартып, Кара-Көл

шаардык ички иштер бөлүмүндө аймактык тескөөчү, 2011-жылдын март айынан бери карай ушул эле бөлүмдө ага аймактык тескөөчү болуп эмгектенип келе жатат.

О.Т.Боронбаев үй-бүлөлүү, 3 кыз, бир уулду тарбиялап өстүрүүдө.

КАМЧЫБЕКОВ ТААЛАЙБЕК ЖАНАТБЕКОВИЧ

Т.Ж. Камчыбеков 1968-жылы 5-декабрда Аксы районунун Кызыл-Жар айылында туулган. 1975-жылы мектеп босогосун аттап, 1986-жылы Кара-Көл шаарындагы Ч.Түлөбердиев атындагы №4-орто мектепти аяктаган. Ушул эле жылы күзүндө жигиттик ыйык милдети болгон мекенди коргоо кызматына чакырылып, Черноморье флотунда кызматын ийгиликтүү өтөп келген.

Аскердик кызматтан келген эле жылы күзүндө Кара-Көл шаарындагы Комсомол эс алуу багындагы көлүндө куткаруучу болуп иштеген.

К.Т. Камчыбеков коомдук тартиптин сакчысы катарында кызматын 1991-жылы шаардык ички иштер бөлүмүндө бөлүмчөсүндө күзөтчү болуп иштөөдөн баштаган.

АБДЫКЕРИМ ТУРГУНОВ

Абдыкерим Тургунов 1957-жылы 28-февралда Ош областына караштуу Жаңы-Жол районунун Ак -Суу кыштагында туулган. Жаңы-Жол районундагы "Кызыл-Жар"совхозундагы А.С.Пушкин атындагы №16-орто мектепти 1974-жылы аяктоо менен 1975—1977-жылдары СССР Куралдуу күчтөрүнүн катарында жоокердик милдетин өтөгөн. Советтик Армиянын катарынан келгенден кийин эле 1977-жылы Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүнө катардагы милиция кызматкери болуп ишке орношуу менен эмгек жолун баштаган. Жаштайынан эле милция кызматкерлеринин кийген формасына, аткарган ишине, жүрүм-турумуна кызыгып жүргөн жаш жигит адегенден эле милция кызматын тыкан алып кете алды. Тапшырылган ишти жоопкерчилик менен аркалайт. Өз убагында

бүткөрмөйүнчө тыным алууну билбейт.

А.Тургуновго эмгек жолун баштагандан үч жылдан кийин эле ишеним көрсөтүлүп, 1980-жылы ички иштер бөлүмүндө жол көзөмөлү боюнча инспектор болуп дайындалган.

Утуру тажрыйбасы артып, ар бир иште анын жөн билги кызматкер экендиги бааланып, 1986-жылы Мамлекеттик Автоинспекциясынын бөлүм башчысы болуп иштөөгө ишеним көрсөтүлдү. Бир жылдан соң эле Талас областтык башкармалыгында (анда шаар Талас областына карачу) МАИ бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштөө менен иш тажрыйбасын дагы өркүндөттү.

1990-жылдан 2002-жылга чейин Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүндө МАИнин башчысы, кайра эле ошол жерде "Нөөмөт бөлүмүнүн" башчысы болуп жигердүү эмгектенди.

Тажрыйбалуу жана жоопкерчиликтүү МАИ кызматкери 2004-жылдан ушул мезгилге чейин Кара-Көл шаарында транспортту каттоо-сыноо боюнча башкы адис болуп эмгектенүүдө.

Абдыкерим Тургунов жогорку билимин тастыктаган эки дипломдун ээси. Өзүнүн эмгек ишмердүүлүгүндө билими менен турмуштук практикасын айкалыштырып, көп натыйжага жетишкен десек жаңылбайбыз.Фрунзедеги политехникалык институтунун инженер-механик факультетин бүтүргөн. Андан кийин Кыргыз мамлекеттик Улуттук Университетинин юридикалык факультетин аяктаган. Демек, инженер-механик жана юрист.

Абдыкерим Тургунов СССР Ички иштер Министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "За безупречный службу" төш белгиси жана "Советтик милициянын отличниги" белгилери менен сыйланган. Кыргыз Республикасында МАИ тармагындагы кызматтын отличниги, Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин ардагери, запастагы офицер, милициянын майору.

ШААРДЫК АСКЕР КОМИССАРИАТЫ

Кара-Көл шаарында аскер комиссариаты иштеп турат. Шаар болгон алгач ирет аскердик комиссариат түзүлгөнгө чейин эле Таш-Көмүр, Үч-Терек, же Токтогулга чейин барып убараланган учурлар болгон. Өткөн 2009—2010-жылдарда да мындай көрүнүш кайталанып, эл аскер комиссариатынан бүтүрө турган

ар кандай иш кагаздары үчүн Токтогул районуна каттоо кыйынчылыгына дуушар болгондон кийин көпчүлүк элдин мүдөөсү, жол аралыгынын алыстыгы, элдин болор-болбос иш кагаздары үчүн күндөп убакыттарды текке кетирип, жол азабына, чыгымына кетирген убаракерчиликтери эске алынып, кайрадан Кара-Көл шаардык аскер комиссариаты толук баалуу иштеп калды. Учурда аскер комиссары болуп Талантбек Желденбаев иштеп жатат.

ЖЕЛДЕНБАЕВ ТАЛАНТБЕК САГЫНДЫКОВИЧ

Т.С.Желденбаев 1977-жылы 16-июлда Чүй областынын Кемин районундагы Кара-Булак айылында туулган. 1997-жылы Бишкектеги аскердик авиациялык окуу жайын бүтүрүп, радиотехникалык каражаттар боюнча кесибине ээ болгон.

Т.С.Желденбаев жыйырма жашынан эле аскердик кызматка келген. Ал 1997-жылдан 2006-жылга чейин 83219–аскер бөлүгүндө взводдун командири, кароол ротанын командири, материалдык-техникалык камсыздандыруу ротасынын командири, кийин 52806-аскер бөлүгүнүн күжүрмөн даярдыктагы ротанын командири болуп иштеп келген.

2006-жылдан баштап Желденбаев Т.С. Токмок бириккен райондук аскер комиссариатынын 3-бөлүмчөсүнүн башчысы, 2009-жылдан баштап, Талас бириккен райондук аскер комиссариатынын 1-бөлүмчөсүнүн башчысы – аскер комиссарынын орун басары болуп иштеген.

Т.С. Желденбаев 2010-жылдын сентябрь айынан баштап Сокулук райондук аскер комиссариатынын 1-бөлүмчөсүнүн башчысы – аскер комиссарынын орун басары кызматтарында эмгек өтөгөн.

2011-жылдын февраль айынан бери карай Желденбаев Т.С. Кара-Көл шаардык аскер комиссариатынын аскер комиссары кызматына дайындалып, үзүрлүү кызмат өтөп келе жатат. Желденбаев Т.С. өз ишине чоң жоопкерчилик менен караган, адамдар менен тез тил табышканга жөндөмдүүлүгү, талапты кое билгендиги менен өзгөчөлөнгөн кызмат адамы. Үй-бүлөлүү, эки перзенттин атасы.

История войсковой части 718

Строительство и становления части было основано на основании Постановления Правительства Кыргызской Республики от 10 августа 2006 года, куда входит ядро части в городе Каракуль, отдельный батальон в пгт. Шамалдуу-Сай и отдельный батальон в селе Кара-Жыгач, Токтогульского района, Жалал-Абадской области.

Первым командирам части являлся подполковник Чокоев Калмурза Насипбекович 1961 года рождения, кыргыз, образование высшее. Награжден юбилейными и ведомственными медалями Кыргызской Республики.

Следующим командиром части в ноябре 2008 года был назначен полковник Джайчибеков Майрамбек Орозбекович 1964 года рождения кыргыз, образование высшее военное.

Воинскую службу начал с Вооруженных Сил СССР, затем Внутренних войсках МВД Кыргызской Республики. Награжден юбилейными, ведомственными и государственными медалями Кыргызской Республики.

В июне месяце 2010 года в связи с осложнившейся общественно-политической обстановкой на юге страны командиром части был назначен полковник Эсенканов Райкан Сыргабаевич 1956 года рождения. Имеет высшее военное политическое образование. Служил в Вооруженных Силах СССР на различных должностях, после чего продолжил воинскую карьеру во Внутренних войсках МВД Кыргызской Республики. За долгую и безупречную службу награжден государственными, ведомственными медалями СССР и Кыргызской Республики.

Служебно-боевая деятельность части заключается в выполнении боевой службы по охране важных государственных объектов стратегического значения каскада Токтогульских ГЭС и предприятий строящихся ГЭС на объектах.

Личный состав части в взаимодействии с органами ВД осуществляет службу по охране общественного порядка и общественной безопасности граждан, принимает участие в ликвидации последствий стихийных бедствий, тушении пожаров в городе Каракуль и его окрестностях.

Неустанно оказывают поддержку и благотворительную помощь ветеранам в ВОВ, труженикам тыла, ветеранам – энергетикам, инвалидам города.

Личный состав части активно участвует в жизнедеятельности города, его благоустройстве и озеленении, так наша часть неоднократно поощрялась мэрии города почетными грамотами «Мыкты ишкана».

30.08.2010 года личный состав части обеспечил, безопасность при запуске агрегата Камбар-Атинской ГЭС 2 в запуске приняли участие Президент КР Р.И Отунбаева и министр энергетики О.Артыкбаев.

Успехи личного состава части:

Военнослужащие части активно принимали участие в спортивных мероприятиях, конкурсах КВН, молодежных референдумах и форумах в масштабе Республики, области и города.

Ежегодно военнослужащие части занимают 1 место в традиционном конкурсе «Шамдагай жигит!» среди студенчества г. Каракуль и п.г.т. Шамалды –Сай.

В честь 70 – летия образования Внутренних войск МВД КР военнослужащие части приняли участие в конкурсе художественной самодеятельности и народного творчества среди частей войск, где заняли почетное второе место.

По итогам конкурса «лучшая воинская часть глазами солдатских матерей», проводимого Общественным объединением солдатский матерей между частями Вооруженных Сил Кыргызской Республики войсковая часть 718 заняли победное место «Гран

- при» и была поощрена грамотой и ценным подарком.

24 августа 2011 года Президентом Кыргызской Республики Р. Отунбаевой вручено Боевое Знамя части и грамота. (Распоряжение Президента КР № 119 от 15.08.11г.)

10 августа 2011 года – отмечена 5-я годовщина образования части.

В книгу почета части внесены наиболее отличившихся в службе и боевой подготовке, а также высокой воинской дисциплины следующие военнослужащие части прапорщика Арапбаева Элиза Анарбаевна и старшина Щербина Татьяна Александровна.

Среди почетных посетителей части:

- губернатор Жалал – Абадской области Турсунбаев А.А;
- мэр города Каракуль Еркеев И.М;
- заместители министра МВД;
- Общественное обнединение солдатских матерей;
- представители ОБСЕ, в том числе из города Вена (Австрия) и другие почетные гости.

В ноябре 2011 года командиром части был назначен полковник Матибраимов Маматсабыр Раимбекович 1965 года рождения. Кыргыз, образование высшее. В Вооруженных Силах Кыргызской Республики с 1992 года. Воинскую службу проходил в системе ГСИН, Пограничных войск, после чего продолжил службу во Внутренних войсках МВД Кыргызской Республики. Награжден юбилейными и ведомственными медалями Кыргызской Республики.

Салык жана фискалдык мекемелер

ОСМОНКУЛОВ ЖАПАР ТҮРКМӨНОВИЧ

Шаардык каржы бөлүмү шаар өз алдынча болгондон бери карай иштеп келе жатат. Мында көп жылдар бою Т.Паязов жетектеп иштеген. (Архивдик документтер 1992-жылдан бери карай гана бар). Ал эми 2004-жылдан бери шаардык каржы бөлүмүн Осмонкулов Жапар Түркмөнович жетектеп келүүдө.

Осмонкулов Жапар Түркмөновичти Кара-Көл шаарынын эли жыйырма жылдан ашуун мезгилден бери жакшы билишет. Өндүрүштү пландоо жана инженер-экономист адистигинин ээси Осмонкулов Жапар 1993-1994-жылдар мезгилинде шаардык мамлекеттик администрациянын башчысынын орунбасары болуп иштеп туруп, элди башкарууну жаңыча көз караш менен колго алгандыгы жана союздук доор жашоосун бүтүп, эгемендик жаңы замандын агымын терең түшүнгөндүгү менен көпчүлүктөн айырмаланган жаш жигитти эл абдан кадырлап турган.

Жапар Осмонкулов 1962-жылы 24-февралда Таш-Көмүр шаарында жарык дүйнөгө келген. Шаарыбыздагы Чолпонбай атындагы №2- орто мектептен билим алды. Ушул мектепте окуп жүргөндө эле катарлаштарына өзүнүн билимге болгон жакшы умтулуусу, коомдук бардык иштерге болгон ак ниеттүү аракетчилдиги менен кескин айырмаланып турган жаш улан кандай да болбосун жогорку билимдүү мыкты адис болууну көксөдү. Орто мектепти аяктагандан кийин Кыргыз Мамлекеттик Университетине кирди да, аны 1988-жылы ийгиликтүү аяктап, өндүрүштү пландоо жана инженер-экономист адистиги боюнча дипломун колго алды.

Жапар Осмонкулов алгачкы эмгек жолун 1982—83-жылдары борборубуздагы Фрунзе атындагы "Айылчарбамашиналарынкуруу" заводунда жүк ташуучу, слесарь, электрдик ширетүүчү жумуштарында иштөөдөн баштаган. Ал эми жогорку билимдүү адис катары дипломду колго алгандан кийин 1988-жылдан 1979-жылга чейин СССРдин өнөржай банкынын Кара-Көлдөгү бөлүмүндө кредиттер бөлүмүнүн экономисти кызматын аркалап иштеди. Жаш жана жаңы эле иштеп баштагандыгына карабастан теориялык жактан алган билимин практика менен айкалыштырып, өз ишин мыкты өздөштүрүп кете алган жаш жигитти тиешелүү жетекчиликтер дароо байкап, 1989-жылы №1- КИЭ "Средазгидропроект" мекемесине пландоо тобунун жетекчиси жана экономика боюнча жетектөөчү адистигине жибериштн. Мында да Жапар Түркмөнович ишти ыкчам жөнгө салып кете алгандыгы менен көзгө илинди. Жетекчиликтин ишенимине кирди. Кийин 1993-

жылы Токтогул ГЭСтер каскадынын башкармалыгында пландоо бөлүмүнүн ага адиси болуп да жигердүү иштеди.

Жаңы заман—эгемендик доор келип, 1990-жылдан бери карай адамдар коомго жаңыча ой жүгүртүп, жаңыча тартипте иштөөгө өтө баштады. Эми шаар, райондорду жетектөөгө жаңыча көз караш калыптанган, өндүрүш тармактарына жаңыча көз караш менен мамиле кыла алган адистер керек болду. Мындай кызматка мурдатан өз ишинде чыйраак, финансылык каржылоо маселелеринин ой-чуңкурун, жаңыча эрежесин өздөштүрө билген, элди да коомго жаңыча мамиле кылууга багыттай алган адис катары Жапар Осмонкуловду ылайык деп табышты.

Ошентип, 1993—1994-жылдарда Осмонкулов Жапар Кара-Көл шаарынын мамлекеттик администрациясынын башчысынын орунбасары болуп кызматка дайындалды. Эгемендиктин бул жылдарында замандын нугу да калыптанып бүтө элек эле. 1994-1999-жылдарда турмуш-жашоонун ыңгайына жараша ишкердикти колго алып кетти.

Бирок, керектүү адиске кайра эле жаңыча нукта ишин баштаган тийиштүү ишкана-мекемелер муктаж болчу. Демек, Жапар Түркмөновичти шаарда жаңыдан ишин баштаган шаардык жер каттоо мекемеси "издеп тапты". Бул жерде жерге жайгаштыруунун башкы адиси болуп 1999-- 2000-жылдары иштеп калды.

Эгемендик келген жаңы коомдо бүтүндөй мекеме-ишканалардагы иш кагаздары да жаңы талап, жаңы форма менен иштеп баштады. Бухгалтердик-экономисттик тажрыйбасы бар жана жаңы реформаларды терең түшүнгөн адис катары Жапар Түркмөновичти эми "Нарынгидроэнергокурулуш" акционердик коому кызматын сунуштап чакырды. Бул чоң мекеме ушул учурда көптөгөн финансылык маселелер боюнча ишти жаңы нукка буруу аракетинде эле.Эми бул жерде Ж. Осмонкулов башкы бухгалтердин салыктарды төлөө боюнча орунбасары жана экономика жана финансы маселелери боюнча генералдык директордун орунбасары милдетин аткарып иштеди. Кызматтагы төрт жыл аралыгында бул жерде да өз ишин эң жакшы билген адис катары тааныла алды. Көптөгөн бухгалтердик эсеп-кысап иштерин жөнгө салып, учурдун деңгээлинде ишин мыкты алып барды.

2004-жылы Кара-Көл шаардык каржы бөлүмүнүн мурдагы

башчысы Т.Паязов эс алууга чыккандыгына байланыштуу анын ордуна шаардын каржы маселелерин ишенимдүү колго алып кете ала турган билимдүү да, тажрыйбалуу да, жоопкерчиликтүү да адис финансист Жапар Осмонкулов келди. Андан бери тогуз жылдын жүзү болду. Шаардын каржы бөлүмүнүн ишин жөнгө салып иштөөдө башка шаар, райондорго салыштырмалуу Жапар Осмонкулов жетектеген каржы бөлүмүнүн бардык эсеп-кысап иштери, отчеттуулугу өз нугу менен жүргүзүлүп келаткандыгы чебер жана билимдүү адистин алган сыйлыктарынан улам байкалып турат.

Мисалга ала турган болсок, бюджетти түзүүдө, коргоодо, аткарууда жана тиешелүү отчетторду берүүдө акыркы жылдарда бюджетти реформалоонун негизинде эки баскычтуу бюджетке өтүүдө шаардык бюджеттин айрыкча киреше бөлүгүн көбөйтүү боюнча салыктык жана салык эмес жыйымдардын салыктык базаларын аргументтөө боюнча бир топ алгылыктуу иштер аткарылып, жыйынтыгында шаардын социалдык-экономикалык, стратегиялык өнүгүү планындагы иш-аракеттерди ишке ашырууда (мисалы: мектептердин, бала бакчалардын ремонттору, шаардын ичиндеги социалдык обьектилер—жолдорду асфальттоо, эс алуу багын көрктөндүрүп кароо, элдин эс алуусуна шарт түзүү, спорт аянтчасын реконструкциялап, үстүн калкалоо ж.б.) тактап айтканда мэриянын муниципалдык обьектилерин эффективдүү кармоо, каржылоо маселелерине өзгөчө басым жасап салымын кошуп келүүдө.

Мындан сырткары шаардык мэриянын муниципалдык менчиктеги обьектилерин эффективдүү кармоо, каржылоо максатын ишке ашырууда муниципалдык менчик бөлүмүн, андан ары муниципалдык башкармалыгын түзүүдө тиешелүү мыйзам талаптарына таянып жобо, уставдарын иштеп чыгууда бир топ эмгек кылды. Азыркы күндө бул башкармалык өз деңгээлинде шаардык мэриянын негизги өзөгүн түзгөн мекеме катары ийгиликтүү иштеп жатат.

Жапар Осмонкулов 1990—1994-жылдары шаардык Кеңештин депутаты, 1995—2000-жылдарда Жалал-Абад областтык Кеңештин депутаты, кайрадан 2001—2004 -жылдарда Кара-Көл шаардык Кеңештин депутаты болуп шайлангандыгынын өзү эле жергиликтүү калктын ага болгон ишениминин далили эмеспи.

Жапар Осмонкулов Финансы министрлигинин Ардак Грамотасы, Жалал-Абад областык мамадминистрациянын Ардак Грамотасы, Жалал-Абад областынын финансы башкармалыгынын Ардак Грамотасы, шаардык мэриясынын Ардак Грамотасы, Россиядагы ООган коогалаңы боюнча ардагерлер кошуунун Ардак грамотасы, Жалал-Абад областык дене тарбия, маданият жана спорт борборунун Ардак грамотасы, Кара-Көл шаардык аскер комиссариатынын Грамотасы менен сыйланган. Кара-Көл шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон өзгөчө салымы үчүн "2010-жылдын мыкты мамлекеттик кызматкери" дипломунун ээси.

АЛЫМБАЕВА БУРМАКАН МОЛДОБЕКОВНА

Шаардык казына бөлүмү Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин тартып алгыс бөлүгү болуп саналат. Шаардык регионалдык казына бөлүмү 1994-жылдын 1-июнунан баштап негизделген. Ошондон тарта КРФМ Борбордук Комитети тарабынан Алымбаева Бурмакан Молдобековна казына бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалып ушул кезге чейин үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Казына бөлүмүнүн негизги кызматы жана максаты—республикалык жана жергиликтүү бюджеттен шексиздик (чындык, ырастык) түрүндө (учет) эсеп жүргүзүү болуп саналат.

Казына бөлүмү 2007-жылдан баштап моденизацияланган системага өткөн. Алсак, "IC" программа, Pandion, Mozilla FireFox ж.б.

Mozilla FireFox аркылуу эсеп-кысаптарды текшерүүгө, электрондук каттарды алууга мүмкүн. Ал эми Pandion программасы аркылуу бардык казына бөлүмүнүн кызматкерлери менен баарлаша алышат.

Бурмакан Алымбаеванын өмүр таржымалына сарасеп сала турган болсок, 1965-жылы 16-февралда Кара-Көл шаарында төрөлгөн. Фрунзе шаарындагы финансы-экономикалык техникумун 1983-жылы аяктап, бухгалтер кесибине ээ болгон. Билимин кайрадан жогорулатуу максатында Алымбаева Бурмакан

1994-жылы Алма-Ата шаарындагы Казак мамлекеттик башкаруу академиясынын дипломун алууга жетишип, бухгалтер-экономист кесибине ээ болгон.

Бурмакан Молдобековна эмгек жолун Кара-Көл шаардык финансы бөлүмүндө инспектор болуп иштөө менен баштап, алган билими менен практикалык ишин ырааттуу айкалыштыра билгендигине байланыштуу 1984-жылы башкы инспектор болууга жетишкен. 1985-жылы киреше бөлүмүнүн жетекчиси болуп дайындалышы жаш кыздын өз кесибин мыкты билген адис жана тапшырылган ишин жеткиликтүү, чоң жоопкерчилик менен аткара билген жөндөмгө ээ экендиги менен түшүндүрүлөт. Бурмаканга болгон ишеним дагы артып, 1989-жылы шаардык финансы бөлүмүнүн башкы бухгалтери болуп дайындалган.

Бардык дайындалган ишинде Бурмакан айым кызматын так аткарып жүзү жарык болду жана ушул багытта 29 жылдык сиңирген үзүрлүү эмгеги үчүн бир топ сыйлыктардын ээси боло алды. Атай кетсек, 1998-жылы Финансы Министрлигинин "Финансы-экономикалык кызматтын отличниги" наамына, ушул эле жылы жергиликтүү бийликтин Мактоо Грамотасына татыктуу болду.

Бурмакан Алымбаева 2004—2006-жылдары Кара-Көл шаарынын жергиликтүү Кеңешинин депутаты болуп эл тарабынан шайланышы да анын эл ишенимине арзыгандыгынын натыйжасы экендигинин так мисалы. Финансы министрлигинин буйругу менен устат казыначы "Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы инспектору" чинин алууга да жетишкен.

Бурмакан үй-бүлөдө камкор жана сүйүктүү эне.

Шаардагы мамлекеттик салык кызматы

Шаардагы мамлекеттик салык кызматы 1990-жылы Ош областык мамлекеттик салык инспекциясынын №К-74 сандуу буйругунун негизинде түзүлгөн. Юстиция министрлигинен №003146- күбөлүгү менен Кара-Көл шаардык мамлекеттик салык инспекциясы болуп каттоодон өткөн жана негизинен финансы иштери боюнча тажрыйбалуу, бюджеттик эрежелерди көзөмөлдөөнү мыкты билген адистер иштеп турган.

1994-жылдан баштап салык кызматы Мамлекеттик салык инспекциясы катарында Кыргыз Республикасынын финансы министрлигине баш ийип калды. Мына ушул жылдан баштап

салык кызматы өнүгүүгө багыт алып, стратегиялык перспективасы аныкталды жана кадрлар менен камсыздоо сапаттык жактан жакшырып,бюджетти формировкалоо жана калкты салык төлөмдөрүнүн эреже-тартиптери боюнча маалыматтар менен камсыздоо ж.б. багытында иштер жөнгө салынды.

2002-жылы Мамлекеттик салык жана Бажы инспекциясынын базасында Финансы министрлигинин алдында Киреше комитети түзүлүп, мамлекеттик салык инспекциясы эми Салык кызматынын Департаменти деген статус алган. 2007-жылдан КРнын салыктар жана жыйымдар боюнча Мамлекеттик комитети болуп кайра түзүлдү. 2009-жылдан бери Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгы болуп калды.

Бүгүнкү күндө Кара-Көл шаардык Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгында 13 кызматкер эмгектенет. 2012-жылдын май айынан баштап шаардык мамлекеттик салык кызматынын башчысы болуп Муратов Темурлан Төлөбаевич иштеп жатат.

МУРАТОВ ТЕМУРЛАН ТӨЛӨБАЕВИЧ

Т. Т. Муратов 1970-жылы Токтогул районунда туулган. Орто мектепти ийгиликтүү аяктагандан кийин жогорку билимдүү адис болуу үчүн Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин Кара-Көл инженердик факультетине кирип окуп, "Бухгалтер" кесибин тастыктаган диплом алган. Азыркы илимий-техникалык прогресс өнүгүп турган жаңы заманда ар тараптуу жогорку билимдин зарылдыгын баамдап 2000-жылы Чүй Университетин ийгиликтүү аяктап ,"Юрист-пруденция" адистигине ээ болду.

Темурлан Муратов алгачкы эмгек жолун 1987-жылы Жети-Суу совхозунда жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. 1988-жылдан 1996-жылга чейин Кара-Көл шаарындагы "Достук" заводунда ремонтчу- слесарь болуп үйрөнчүктөн баштаса, кийин 2-разрядагы ремонтчу слесарь, №5-цехтин мастери, улуу мастери, ушул эле цехтин башчысынын орун басары, башчысы болуп жигердүү иштеди.

Жаш болгондугуна карабастан бир топ тажрыйбага ээ бол-

гон жана башкалардан өз ишин эң жакшы жөнгө сала алганы менен өзгөчөлөнгөн жигитти Кара-Көл шаардык мамлекеттик салык инспекциясында иштөөгө чакырышты жана 1996-жылдан 2006-жылга чейин мында инспектор, улуу инспектор, башкы инспектор болуп улам алдыга илгерилеп эмгектенүү менен жетекчиликке бул тармакта жаңыча талап жана көз караш менен эң мыкты иштей ала турган адис экендигин далилдеди.

Темурлан Муратов 2006-жылдан 2010-жылга чейин Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу мамлекеттик салык кызматынын Кара-Көл шаардык башкармалыгында салык өндүрүүнү көзөмөлдөө бөлүмүн жетектеди, 2010-2012-жылдарда ушул мекемеде салык өндүрүү бөлүмүнүн башчысы болуп калды, 2012-жылдын март айынан Кара-Көл шаардык салык кызматынын начальнигинин милдетин аткаруучу болуп иштесе, ал эми 2012-жылдын май айынан бери Кара-Көл шаардык салык кызматынын башкармалыгынын башчысы болуп иштеп келе жатат.

Темурлан Муратов бул тармакта бир топ жылдан бери ар кандай милдетти аркалап иштөө менен салык кызматы боюнча өзүнө бай тажрыйба топтоду жана буга чейин жигердүү жана ак ниет кызматтары үчүн бир топ сыйлыктарды алууга татыктуу болду. "Салык кызматынын 3- рангадагы кеңешчиси" чининин ээси, 2005-жылы Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик салык инспекциясынын "Алкышы"жарыяланган, 2007-жылы Кыргыз республикасынын мамлекеттик салык комитетинин Түштүк аймактар аралык башкармалыгынын Грамотасы, 2008-жылы Жалал-Абад областык администрациясынын Ардак Грамотасы, 2009-жылы Кыргыз Республикасынын салык кызматынын мамлекеттик комитетинин Грамотасы, 2002-жылы Кара-Көл шаардык мэриясынын Ардак Грамотасы, 2009-жылы "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик салык кызматынын "Салык кызматынын отличниги" наамын, 2009-жылы шаардык мэриянын "2009-жылдын мыкты салыкчысы", 2011-жылы кайра мэриянын "2022-жылдын мыкты мамлекеттик кызматкери" дипломдору ыйгарылган.

Темурлан Муратов үй-бүлөлүү, 3 баланын атасы.

АДИС ФИНАНСИСТ, АРДАКТУУ КАРЫЯ

Паязов Токтоназар 1940- жылы 16-июлда Базар-Коргон районундагы Энгельс атындагы колхоздо туулган. 1958-жылы Базар-Коргон орто мектебин бүтүргөндөн кийин өзүнүн алгачкы эмгек сапарын Энгельс атындагы колхоз башкармалыгында учетчик (эсепчи) болуп иштөө менен баштаган. 1959—1961-жылдары Фрунзедеги (азыркы Бишкек) финансы кредиттик техникумунан окуп кесипке ээ болгон жана 1968—1973-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Университетинен окуп, жогорку билимдүү финансист-бухгалтер кесибин тастыктаган дипломун алган.1961-жылы июнь айында Жалал-Абад шаарындагы борбордук сактык кассада башкы кассир, июль, ноябрь айларында Ленин (азыркы Ноокен) районунда бухгалтер, ноябрь айынан Базар-Коргон районундагы борбордук сактык кассасында башкы бухгалтер болуп иштеген. 1962-1964-жылдар мезгилинде Советтик Армиянын катарында жоокердик милдетин өтөп келген да, 1965-жылы Базар-Коргон райондук госстрахтын инспектору болуп иштеген. Ал эми 1965—1977-жылдары Ленин районунун финансы бөлүмүнүн инспектору, башкы инспектору, финансы бөлүм башчысынын орун басары кызматын аркалаган. 1977-жылы январь-июнь айларында райондук борбордук сактык кассасынын башчысы кызматына которулган. 1977-1979-жылдары Кара-Көл шаарында финансы бөлүмүн жетектеп, 1979-жылдын ноябрынан 1981-жылдын апрелине чейин партиянын Кара-Көл шаардык комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

Жогорку билимдүү жана иштерман жаш жигитти партия ишенип 1981-1990-жылдарда эл депутаттарынын Кара-Көл шаардык аткаруу комитетинин төрагасынын орунбасарлык кызматына жиберген.

1990-2004-жылдары Кара-Көл шаардык финансы бөлүмүн жетектеп иштеген жана ушул 2004-жылдын апрель айынан бери карай пенсияга чыккандыгына байланыштуу депутаттардын шаардык Кеңешинин жетектөөчү адиси болуп эмгектенген.

-Көп жылдык эмгек жолумда сыймыктанаар кадрларды да-

ярдадым. Азыркы казынаны жетектеп турган Алымбаева Бурма, Камбар-Ата-" ГЭС башкармасынын бухгалтери Расилканова Дүрия, республикалык деңгээлге чейин кызмат өтөп жүрүшкөн Батыркулов Базарбек, Мүсүралиева Рахат ж.б.ондоп саналышат,--дейт нускалуу карыя.

Токтоназар Паязов коомдук тапшырма катары шаардагы согуш жана эмгек ардагерлер Кеңешинин төрагасы. Шаар аймагындагы карыялардын ар кандай багыттагы муктаждыктарын, суроо-талаптарын чечүүдө, алардын ой-пикир, сунуштарын шаардык бийликке жеткирүүдө, кандайдыр бир шаардык деңгээлдеги иш чаралардын өтүлүшүнө өзүнүн колдон келген салымын кошуп келүүдө. Акыркы эле жылдарда карыялардын берген сунуштары боюнча маселе көтөрүп чыгуунун натыйжасында жаш өспүрүмдөр арасындагы айрым бир кылмыш иштери ак сакалдардын, айыл сотторунун катышуусу менен жеринде каралып келе жатат.

Мындан сырткары, шаардык ардагерлер кеңешинин өз фондусун ачып, анын суммасын жарым миллион сомго жеткире алды.

-Мен ушул жагдайда ардагер карыялардын эс алуусу, ден соолугуна байланыштуу дарылануусу, же турмуш шартына ылайык муктаждыгын орундатуучу жакшы шарт түзүп алдым,-дейт Токтоназар Паязов, - шаар бийлиги, ишкана-мекемелер да карыялардын суроосуна кайдыгер карашпайт. Транспорт сурасак жок дешпейт. Мындан ары жыл сайын бир автобус сурап алып, Ысык-Көл, Талас, Ош сыяктуу жерлерге барып эс алып келиштерине аракеттенип жатам.

Ардагер карыянын байбичеси Айбарча "Баатыр эне". 7 перзентти тарбиялап өстүргөн. Азыр бир канча неберенин чоң ата, чоң энеси.

Токтоназар Паязов 1978-жылы КПСС БКнын жана СССР Министрлер Советинин, ВЦСПС жана ЦК ВЛКСМдин "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү" төш белгисин,1974-жылы СССР Финансы министрлигинин борбордук профсоюздук комитетинин Ардак Грамотасын, 1986-жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун "Эмгектин Ардагери" төш белгисин, 1999-жылы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин "Финансы-экономикалык иштеринин отличниги" төш белгисин, 2001-

жылы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин мамлекетибиздин эгемендүүлүгүнүн 10 жылдыгынын урматына экономиканы өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн "Эмгектеги жетишкендиги үчүн" эстелик төш белгиисин алууга татыктуу болгон. 2002-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ардак Грамотасы, 2011-жылы Кыргыз Республикасынын улуттук агенттигинин "Муниципалдык кызматтын отличниги" төш белгиси, 2010-жылы Жалал-Абад областык мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы жана да башка ондогон жергиликтүү шаар мэриясынын, шаардык Кеңештин Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Токтоназар Паязович "Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы инспектору", Муниципалдык кызматтын 3-класстагы кеңешчиси.

ФИНАНСЫ-ЭКОНОМИКАЛЫК ИШТИН ОТЛИЧНИГИ

Нурбү Усенова 1960-жылы 29-ноябрда азыркы Ноокен районунда карапайым жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1978-жылы Н.А. Усенова Кара-Көл шаарындагы Ч.Түлөбердиев атындагы №4-орто мектепти бүтүргөн. 1984-жылы азыркы Бишкек шаарынан политехникалык институттун күндүзгү бөлүмүн аяктап, инженер-куруучу адистигине ээ болгон. Өзүнүн эмгек жолун 1985-жылы ошол кездеги Фрунзе шаарында "Кыргызколхоз проект" институтунда инженер болуп иштөөдөн баштаган.

1986—1987-жылдары Кара-Көл шаарында "Достук" заводунда инженер-конструктор, 1987-жылдын декабрь айынан 1992-жылдын май айына чейин Кара-Көл шаардык статистика бөлүмүндө башкы экономист, начальниктин милдетин аткаруучу, 1992-жылдын май айынан 1995-жылдын октябрь айына чейин Кара-Көл шаардык финансы башкармасында экономика бөлүмүнүн башкы экономисти, реорганизациянын (кайрадан уюштуруу) негизинде экономика комитети болуп бөлүнгөндө 1995-жылы октябрдан Кара-Көл шаардык экономика комитетинин төрайымы болуп иштеди. 1997-жылдын июль айында дагы кайра уюштуруу иштеринин натыйжасында экономика комитети финансы бөлүмүнүн кошулганына байланыштуу ушул

жылдан 2008-жылдын август айына чейин шаардык финансы бөлүмүндө жетектөөчү, башкы адис, начальниктин орун басары болуп экономика, киреше, чыгаша бөлүмдөрүндө иштеп келген. 2008-жылдын сентябрь айынан Кара-Көл шаардык мэриясында үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмүндө башчы болуп иштеди.

Өз ишин мыкты билген адис тейлеген бөлүмүндө жүргүзүлүп жаткан бардык иштердин элге кеңири жетип туруусуна өтө чоң маани берет. Шаар аймагында үй-бүлө жана балдарды колдоо багытында эмне иштер жүргүзүлүп жаткандыгы, кимдерге кандай камкордуктар көрүлгөндүгү, кандай каражаттар каралып жаткандыгы тууралуу жергиликтүү басылмага да макалалары менен чыгып турат.

2011-жылдын июнь айынан дагы кайра уюштуруулардын натыйжасында бөлүм шаардык калкты социалдык жактан коргоо башкармалыгына өткөргөнүнө байланыштуу КСКБнын үй-бүлөнү жана балдарды колдоо бөлүмүндө башчы болуп эмгектенип келүүдө. Аймактагы колдоого муктаж болгон ар бир үй-бүлөнүн турмуш-шартын, ал-абалын терең үйрөнүп чыккан. Алар менен мезгил-мезгили менен жолугушуп, муктаждыктарына көңүл буруп, тийиштүү кагаздарды убагында толтуруп турат.

Нурбү Усенова бир топ жыл бою финансы тармагында эмгектенип турганда шаардык, областтык ардак Грамоталарды, алкыш баракчаларын, 1989-жылы Москва шаарынан Госкомстаттан Ардак Грамота, 2003-жылы 6-июнда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин "Финансы-экономикалык иштин отличниги" төш белгиси менен, 2006-жылы шаардык Кеңеш менен мэриянын "2006-жылдын мыкты финансисти" деген номинациясы менен, 2010-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу агентствосунун Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Кара-Көл шаардык Билим берүү бөлүмү

Кара-Көл шаардык ББББ 1977-жылы түзүлгөн. Ага чейин шаарда Токтогул №6 – атындагы мектеби менен Ч.Түлөбердиев №7-мектеби башталгыч мектеп болуп, Таш-Көмүр ШББББүнө карап иштеп келген. Кара-Көл шаардык ББББун жетектеп иштегендер:

В.Д Крюкова 1977 – 1982 -жылдары
Е. И. 1982 – 1991 жылы
Т.У. Укубаев 1991 - 2006 жылдары
Т.М. Маджинова 2006 – 2006 ж.
С.П Сатыбалдиев. 2007-жылдын январынан 2010-жылдын июль айына чейин,
А.Э Эргешова. 2010-жылдын июлунан бир аз убакыт иштесе, андан соң, Д.М. Кожошова шаардык билим берңң бөлүмүнүн башчылыгына келип, бүгүнкү күнгө дейре эмгектенет.

Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу 6 жалпы билим берүүчү, 2 башталгыч класстар, 2 бала бакча жана 2 мектептен тышкаркы мекемелер – балдар чыгармачылык үйү (БЧҮ) менен балдар спорттук мектеби (ДЮСШ) иштейт.

Быйылкы 2011-2012-окуу жылында 4212 окуучу болуп, 166 класстык-комплект түзүлдү. Анын ичинен билим берүүнүн башталгыч класстар баскычында 70 класс комплекти – 1802 окуучу, ал эми билим берүүнүн ортоңку баскычында 79 класс комплекти - 2028 окуучу, билим берүүнүн жогорку баскычында 17 класс-комплекти – 382 окуучу окуп жатат. Ал эми мектепке чейинки "Келечек" №3 жана Камбар-Ата шаарчасындагы "Байчечекей" балдар бакчасында 200 бала тарбияланууда. Мындан башка мектептен тышкаркы мекемелер болгон балдар чыгармачылык үйү жана балдар жана өспүрүмдөрдүн спорт мектебинде 600 өспүрүм тарбия алып жатса, окуучуларга ар кандай өнөр үйрөтүү багытында 9 ийрим иштеп, ага 910 окуучу тартылган.

Шаардын мугалимдер корпусу Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн 47 отличник педагогдору менен сыймыктанат. ШББББүндө жалпысынан 327 мугалимдер жамааты эмгектенишет жана алардын 256сы жогорку, 17си бүтпөгөн жогорку, 31и атайын орто , 14ү орто билимдүүлөр. Азыркы мезгилде 5 предмет боюнча педагог адистерге муктаждык бар.

КОЖОШОВА ДАМИРА МАНАПОВНА

Кожошова Дамира Манаповна 1965-жылы 17-январда Кара-Көл шаарында төрөлгөн. 1987-жылы Бишкек шаарындагы педагогикалык окуу жайынын орус тили жана адабияты факультетин ийгиликтүү аяктап, орус тили адабияты боюнча мугалими кесибин алган.

Дамира Кожошова өзүнүн алгачкы эмгек жолун 1987-жылы Токтогул атындагы №1-орто мектепте орус тилчи мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1993-жылы Фрунзе атындагы №3-орто мектебине которулуп, мектепте директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары болуп 1994-жылга чейин эмгектенип, 1998—2010-жылдары шаардык билим берүү бөлүмүндө жетектөөчү адис, кайра башкы адис болуп эмгектенди. Бул аралыкта Дамира Кожошова билим берүү багытындагы эрежелер боюнча өзүнө бай тажрыйбаларды топтоду.

Дамира Кожошова шаардык билим берүү бөлүмүн 2010-жылдан бери жетектеп келе жатат. Мектептерде жаш муундарга билим берүү боюнча мамлекетибизде жүргүзүлүп жаткан жаңы реформалардын маани-маңызын терең өздөштүрүп, өз ишин учурдун деңгээлине көтөрүүгө ар дайым умтулуп келүүдө.

Билим тармагындагы 25 жылдык эмгек жолунда учурдун талабынан калышпай өзүнүн тажрыйбасын арттыруу максатында чыгармачылык дараметин жумшап, бул максатта көптөгөн семинарларга да катышты. Мисалы 2002-жылы жалпы республикалык тестирлөөнү өткөрүүнү уюштуруу боюнча Ош шаарында болгон семинарга, 2000-жылы Жалал-Абад шаарында болгон республикалык "Жаңы муун" программасын ишке ашыруу боюнча семинарга, 2001-жылы Ош шаарында болгон "СПИДге каршы күрөшүү" боюнча профилактикалык иштерди жүргүзүүгө багытталган семинарга, 2009-жылы Жалал-Абад областы боюнча кесиптик чеберчилигин жогорулатуу боюнча мугалимдердин жана мектеп директорлорунун окуусуна катышкан.

Азыркы учурда Дамира Кожошова шаардагы билим берүү тармагынын жетекчиси катары мектептерди, бир нече балдар жана өспүрүмдөр мекемелеринин техникалык жана материалдык базасын чындоо багытында да көп аракеттерди сарптап иштөөдө.

Билим берүү тармагындагы эмгеги үчүн ал бир топ сыйлыктарды алууга татыктуу болгон. 2003-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Ардак Грамотасы, 2008-жылы "Кыргыз Ресупликасынын билим берүүсүнүн отличниги" наамына татыктуу болгон. 2009-жылы билимди

баалоо жана окутуу усулдары борборунун "Ардак Грамотасы", 2010-жылы билим берүү жана илим кызматкерлеринин профсоюздарынын борбордук комитетинин "Ардак Грамотасы" жана шаар мэриясынын, шаардык ББББүнүн бир топ Ардак, Мактоо Грамоталары менен сыйланган.

"ЖЫЛДЫН АЙЫМЫ" НОМИНАЦИЯСЫНЫН ЭЭСИ

Айгүл Каракозуева Токтогул атындагы №1-орто мектептин информатика мугалими, шаардык билим берүү кызматкерлеринин профсоюздук кошуунунун төрайымы Айгүл Каракозуева жогорку номинацияга жеткенге чейин эле ишмердүүлүгүн ар тараптан көрсөтүп келген. Эмесе, сөз башынан болсун.

Айгүл Каракозуева Токтогул районунун Өзгөрүш айылында 1972-жылы туулган. "Өзгөрүш" орто мектебин 1989-жылы бүтүрүп, И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин физика-математика факультетинин студенти болгон жана 1994-жылы окуу жайды ийгиликтүү аяктап, математика-информатика адистиги боюнча мугалимдик кесипти алууга жетишкен. Мына ушул жылдан бери карай Кара-Көл шаарындагы №1-орто мектепте информатика сабагынан мугалим болуп, жүздөгөн окуучуларга XX1 кылымдын техникасынын туу чокусу болгон компьютер боюнча билим берип келүүдө.

"Жаш болсо да, ишке маш" дегендей Айгүл мугалимдик кесипке келгенден бери эки жолу өз бүтүрүүчүлөрүн мектеп уясынан учурду. Класс жетекчи катарында аларга таалим-тарбия берип, болочок турмушка тарбиялоодо да жигердүү аракеттерин жумшады.

Мугалим катары Айгүл айым ар бир теманын максатын, талабын мыкты билет.Ошого жараша изденип, кезектеги сабагына даярданат. Кайсыл өңүттөн мисалдарды алып сүйлөгөндө окуучуларга тема жетиштүү болорун көп издейт. Ар бир көрсөтмөлүү жана окуучулардын өздөрүнүн катышуусу менен практикага айкалыштырып өтүлгөн ар бир сабак ар дайым аларды өзүнө тартып турат. Информатиканын сырын өздөштүрүүгө көбүнчө доскадагы чиймелер, батмандарга алдын ала даярдалып жазылган

түшүндүрмө белгилер жардам берет. Информатикалык технологиянын заманындагы азыркы окуучулар Айгүл эжекесинин ар бир сабагын ашыгып күтүшөт.

Айгүл Каракозуеваны информатика боюнча билим берүүчү шаардагы алгачкы мугалим деп айтсак эч жаңылбайбыз деп ойлойм. Анткени, биздин турмушубузга компьютердик техника 21-кылымдын башында гана кирип отурбайбы. Ошондуктан Айгүл шаар аймагында өзүнүн информатика мугалими катарында тажрыйбасын жайылтуусу да бекеринен эмес.Шаардык деңгээлде да өз тажрыйбасы жайылтылып келе жатат. Ал эми "Дил", "Кут билим сабак"газеталарына бир нече макалалары, өткөн сабактарынын иштелмелери да басылып чыккан.

Айгүл Каракозуева шаардын билим берүү тармагында мугалим гана эмес, уюштургуч, чыгармачыл, ар кандай ишке жөндөмдүү, башкалардын мүдөөсүн жаңыча көз караш менен баамдай билген адам катары да таанымал. Ар кандай темадагы жаңы маалыматты терең түшүнө алат. Ошондуктан Айгүл Каракозуева ага областтык билим берүү башкармалыгы тарабынан туура бааланып, ар түрдүү жаңы багыт,өзгөрүүлөр, талаптарды элге жеткирүүдө областык тренинг катарында укук берилген. Бул жагдайда да Айгүл айым көптөгөн областык деңгээлдеги иштерге түздөн-түз катышып, өзү чечүүчү орунда болуп келүүдө. Буга төмөндө кенен токтоло кетели:

Айгүл Каракозуеваны 2009-жылы шаардык билим берүү тармагынын кызматкерлери бир добуштан ББ кызматкерлеринин профсоюзунун шаардык комитетинин төрайымы кылып шайлашкан. Профсоюздун шаардык комитетинде 7 профсоюздук уюм, 400гө жакын профсоюз мүчөлөрү бар. Шаарда билим берүү кызматкерлеринин социалдык-экономиалык кызыкчылыктарын коргоодо "Мугалимдин статусу", "Билим берүү жөнүндө","Эмгек мамилелериндеги социалдык өнөктөштүк жөнүндө" мыйзамдардын аткарылышы үчүн шаардык билим берүү жана шаардык мэрия менен 2 жана 3 тараптуу келишимдерди түзүп иштеп келүүдө.

Социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү жана эмгек чырчатактарын жөнгө салууга, кызматкерлердин жана алардын балдарынын ден соолуктарын чыңдоону уюштурууга, профсоюз лидерлерин окутуу, укуктук жана иш жүзүндөгү жардамдарды

көрсөтүүгө активдүү катышып келе жатат. Бир нече жолу профактивдерге, билим берүү кызматкерлерине жаңы айлык акынын төлөнүшү боюнча шаардык семинарларды өткөрдү.

Жогорудагыдай жемиштүү аракеттери профсоюздун жогорку органдары тарабынан да, билим берүү тармагынан да татыктуу бааланып, 2010-жылы КРнын Билим жана илим кызматкерлеринин профсоюздук V сьездине делегат болуп шайланган. Профсоюздардын борбордук комитети тарабынан Ардак Грамота, 2011-жылы "Билим жана илим профсоюз кыймылынын отличниги" деген ардактуу төш белгиси менен сыйланган жана жылдын жыйынтыгы менен "Жылдын айымы" ардактуу наамы ыйгарылган. Арсланбапта өткөрүлгөн эл аралык семинарда областтын профсоюз лидерлерин окутуучу тренерликке тандалып, эл аралык билим берүү уюмунун сертификаттарынын ээси болгон.

ИСМАИЛОВА ВЕНЕРА МАМАЗАКИРОВНА

В.М. Исмаилова 1963-жылы декабрда Сузак районуна каштуу Кара-Дарыя айылында туулган. Ош Мамлекеттик педагогикалык институтун 1985-жылы ийгиликтүү аяктап, физика-математика боюнча мугалимдик кесипке ээ болгон. Жогорку педагогикалык билимге ээ болгон жаш кыз адегенде Сузак районунун комсомол комитетинде мектептер бөлүмү боюнча инспектор болуп иштеген, партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынган.

В.М. Исмаилова 1989-жылдан бери Дүйшөнкүл атындагы №4-орто мектепте мугалим болуп иштеп туруп, акыркы 9 жылдан бери шаардык билим берүү бөлүмүндө жетектөөчү адис болуп, усулдук кабинетти жетектеп иштөөдө. Мурда эле мектепте окуучуларга физика жана математика сабактары боюнча билим берүүдө өзүнө арбын тажрыйбаларды топтоп, ар дайым изденип жана чыгармачылык менен эмгек кылып келген Венера айым чебер мугалим катары урмат-сыйдын ээси болуп келген. Венеранын көптөгөн сабактары көргөзмөлүү жана ар бир теманын окуучуларга жеткиликтүү түшүндүрүлгөндүгү менен айырмаланып, бир топ окуучулардын физикага жана математикага болгон

кызыгуусу арткан.

Өзүнүн 27 жылдык билим берүү тармагындагы эмгегинде Венера Исмаилова өзүнүн ишине болгон шык-жөндөмүнүн эң жакшы экендиги менен, жүктөлгөн кызматтык ишине кайдыгер болбогон ишмер айым экендиги менен башкалардан айырмалана алды.Муну Венера айымдын алган сыйлыктары айкын далилдеп турат. 2007-жылы "Окутуунун жаңы технологиясын колдонуу аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында "Чет тили—улуттук байланыштын куралы" аттуу темада областтык семинарды жогорку деңгээлде өткөргөндүгү үчүн областык билим берүү башкармалыгынын Ардак Грамотасы, шаардык билим берүү бөлүмдөрү боюнча усулдук иштерди өркүндөтүү, усулдук кабинеттерди өзүнчө бөлмөдө жасалгалап, жабдып, аларда алдыңкы тажрыйбаны топтоп, жалпылап жана жайылтуунун борборуна айландыруу максатында "усулдук кабинеттердин областтык кароо-конкурсуна" катышып, областтык билим берүү башкармалыгынын 1-даражадагы диплому жана Ардак грамотасы менен, 2008-жылы көп жылдык эмгек тажрыйбасын жана окуткан окуучуларынын областык олимпиадаларда байгелүү орундарды алгандыгы үчүн "КРнын Билим берүүнүн отличниги" төш белгиси менен, 2001-жылы усулдук кабинеттердин областтык кароо сынагына катышып, алдыңкы орунга татыктуу болгондугу үчүн областык администрациянын "2-даражадагы диплому" менен сыйланган.

Ошондой эле 2011-жылы апрель айында Шопоков атындагы орто мектебинин кыргыз тилчи мугалими Б.К. Мүсүралиевдин тажрыйбасын Республикалык деңгээлде жайылтылышын уюштуруп өткөрүүгө КРнын билим берүү Академиясынын окумуштуусу С.Байгазиев "Дүйнөлүк деңгээлдеги семинар болду" –деп баа бергени да Венера айымдын эстен чыккыс ийгилиги болду.

2007-жылы областык "Мыкты мектеп" кароо-сынагында Токтогул атындагы №1-орто мектептин иш-тажрыйбасы жайылтылып, областа 2-орунду алышында да анын эмгеги бар. Ал эми мугалимдердин алдыңкы тажрыйбасын жайылтуу максатында 2007-жылы Фрунзе атындагы орто мектептин чет тилчи мугалими Г.К.Төрөкулованын, 2008-жылда Токтогул атындагы №1-орто мектептин башталгыч классынын мугалими, башталгыч класстарынын окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун-

басары Р. Койчукараеванын, 2011-жылы Шопоков атындагы №4-орто мектептин башталгыч классынын мугалими Сагынбү Сатарованын иш тажрыйбаларын китепче түрүндө басып чыгарып, областка жайылтуу да жакшы саамалык катарында саналды. .Венера айымдыгын ишмердигинин сапатын толуктап турган дагы бир нерсе- 2008-жылы республикалык деңгээлдеги болгон аттестацияда өзүнүн ишмердүүлүк деңгээлин далилдей алгандыгы үчүн "Кенже инспектор" чинин да алууга татыктуу болгон.

Токтогул атындагы №1-орто мектеп

Кыргыз элинин улуу демократ акыны Токтогул Сатылгановдун ысмын сыймык менен алып жүргөн шаарыбыздагы №1-орто мектеп 1960-жылы өзүнө биринчи окуучуларын кабыл алган. Алгач ирет башталгыч, анан көп өтпөй 7 жылдык билим берүүчү мектеп болуп, азыркы 7-аянтчада (Седьмойдо) ишин улантып турган.

1963-жылы азыркы И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик техникалык университетинин Кара-Көл технологиялык институтунун эски имаратында жаш муундарга билим берүүсүн уланткан. 1964-жылдан баштап азыркы Токтогул атындагы №1-орто мектебинин 1-окуу корпусу пайдаланууга берилип, ушул жылдын 1-сентябрынан окуучуларды кабыл алган. Окуу эки тилде—кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн. Анткени, ал убакта калктын көпчүлүгү ГЭС курууга келген орус ж.б. улуттагы элдердин өкүлдөрү болушкан жана ошол мезгилдин талабына жараша орус тилин үйрөнүү элдин негизги максаты болгон.

Мектептин экинчи корпусу 1967-жылы пайдаланууга берилип, мектепте 1973-жылга чейин окуу орус тилинде жүргүзүлүп калган. Мында орус улутундагылардын шаарыбызда улам көбөйүп баратышын түшүнсөк болчудай.

1973-жылдан тартып, мектепте окуу кайрадан кыргыз-орус тилдеринде жүргүзүлө баштайт. Ошол кезде Кара-Көлдө элге билим берүү бөлүмү ачыла элек болгондуктан Таш-Көмүр БББнө баш ийип, №6-орто мектеп болуп аталчу.

1977-жылы Кара-Көл шаар статусун алгандан кийин шаарыбызда элге билим берүү бөлүмү ачылып, бул мектеп Токтогул

атындагы №1-орто мектеп болуп калган. Мектеп 850 орунга ылайыкташтырылган, 1980—1990-жылдарда бул мектепте эки нөөмөттө окуу жүргүзүлүп, окуучулардын саны 1600гө чейин жеткен учурлары да болгон.

Директор болуп иштеп кеткендер:

1956—1960-жылдары-Султанов Асанбай
1960—1963-жылдары- Рыскулов Жайлообек
1963—1967-жылдары-Абдрасулов Дүйшөнбек
1967—1973-жылдары - Половец Петр Антонович
1973—1974-жылдары-Евсюкова Анна Михайловна
1974—1975-жылдары- Абдукаримов Акиш Атакишиевич
1975—1978-жылдары-Калыков Сатыбалды Калыкович
1978—1980-жылдары-Евсюкова Анна Михайловна
1980—1981-жылдары-Ковалева Раиса Андреевна
1981—1985-жылдары-Ташматов Досу Ташматович
1985—1993-жылдары-Чижова Анна Алексеевна
1993—2002-жылдары-Сандыбаев Токтогазы Саныбаевич

2002-жылдан бери Көкөева Гүлбайра Станбековна иштеп келе жатат.

Мектеп өзүнүн алгачкы бүтүрүүчүлөрүн 1966-жылы уядан учурган. Ошол 1966-жылдан 2011-жылдын июнь айына чейин бул мектепти 3531-окуучу бүтүрүп, анын ичинен 98 окуучу "Алтын медаль", "Өзгөчө үлгүдөгү" атестаттар менен аякташкан.

Мектеп тарыхында калган мугалимдер:

Абдукаримов Акиш Атакишиевич –математик
Сахауова Ханна Галимовна – математик
Ганчина Людмила Николаевна –математик
Евдокимова Анна Александровна—башталгыч класс
Гайсин Насип Кубеевич—химия-биология
Ажибаева Шаршенбек –кыргыз тили жана адабияты
Акбутин Рашид Дамирович – музыкадан
Мухаммедеева Валенти на Иосифовна—географ
Бийгазиева Бегайым—тарыхчы
Бегалиев Аскарбек—башталгыч класс
Иманкулова Мундук—башталгыч класс
Сабырбеков Казакбай –кыргыз тилчи

КӨКӨЕВА ГҮЛБАЙРА СТАНБЕКОВНА

Г.С.Көкөева 1963-жылы 28-январда Таш-Көмүр шаарында шахтердун үй-бүлөсүндө туулган. Таш-Көмүр шаарындагы Токтогул атындагы №4-орто мектебин 1980-жылы аяктап, ушул эле жылы Фрунзедеги орус тили жана адабияты педагогикалык институтунун филология факультетине кирип, аны 1985-жылы ийгиликтүү аяктаган жана 1985—1989-жылдарда Шамалды-Сай поселогунун №2-10- мектептеринде мугалим болуп эмгектенген.

Гүлбайра Станбековна 1989-жылдан ушул мезгилге чейин шаарыбыздагы Токтогул атындагы №1-орто мектебинде жемиштүү эмгектенип келе жатат. Ал 1998—2002-жылдары мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп, андан бери ушул мезгилге чейин мектепте директорлук кызматты аркалап келүүдө.

Гүлбайра ушул мектепте эмгектенип келаткан бардык мезгилдерде өзүнүн ишке болгон жогорку жоопкерчиликтүү мамилеси жана ыраатту иштей ала тургандыгы менен башкалардан айырмаланды. Ал окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштөө менен методикалык жана окуу-тарбия иштеринде, жаш мугалимдердин тажрыйбасын арттырууда же методикалык бирикмелердин ишин жөнгө салып, билим берүүнүн сапатын жогорулатууда талыкпай изденип иштеди.

Директорлук кызматка келген 2002-жылдан берки он жылдын аралыгында мектептин материалдык-техникалык базасын жана инфраструктурасын ондоодо НПОлор менен эң мыкты иштеше алды. Натыйжада 2003-жылы Мерси- Ко уюмунан - 118 100 сом, 2004-жылы 204 000сом, 2004-жылы кайра АБР эл аралык уюмунан 209 220 сом утуп алып мектептин спорттук залын, фоенин, ашкананын чатырын жаап, спортзалдын ичин толук ремонттон өткөргөн.

2006-жылы дагы Мерси-Ко эл аралык уюмунан 74 000сомдук парта, 100отургуч жазылган долбоордун негизинде алынган. Мында Г.Станбековна коомчулук жана ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып бара алгандыгын белгилөөгө болот. Ошондой эле жергиликтүү администрация менен да тыгыз байланышта болуп, мектептин эскилиги жеткен электр жабдуула-

рын оңдоого, ашкана жабдууларын камсыздоого жетишти.

Көкөева Гүлбайра Станбековна жетекчилик кылып келаткан мезгилден бери №1-орто мектеп шаардагы алдыңкы мектептерден болуп бааланып келүүдө. Тагыраак айтканда "Жылдын мыкты мектеби", "Жылдын мыкты методикалык кабинети","Областын мыкты методикалык кабинети", "Областтын мыкты шаардык мектеби", "Жылдын мыкты кыргыз тили кабинети" номинацияларына ээ болуп келди.

2008-жылы Кыргыз Республикасында биринчи орунга ээ болгон"Мыкты Чыңгыз Айтматов кабинети" деген номинацияны мыкты кыргыз тилчи жана таланттуу мугалим Тагаева Рахат жасалгалаган.

2003-жылдан бери карай мектепте англис тилчи мугалим Арстаналиевна Замира, математика мугалими Кырбашова Бүбүайша, башталгыч класс мугалими Шарапова Жылдыз, жаш математик мугалим Чыналиева Элнура, башталгыч класстын мугалими Мурзабекова Гүлмира, орус тили жана адабияты боюнча мугалим, ТТКН сабагы боюнча мугалим Молдомусаева Ызаттар "Жылдын мыкты мугалими" кароо-сынагына катышышып, баары тең алдыңкы орунду жеңип алууга жетишишкен.

1999-2010-жылдар аралыгында областтык масштабда 7 жолу тажрыйба жайылтуу иштери жүргүзүлүшү да мектептеги иштин мыкты уюштурулушу менен түшүндүрүлөт. Гүлбайра Станбековна жетектеген мектеп "Толертанттуулук" боюнча иш жүргүзүүдө да пилоттук мектеп болуп эсептелет. Мектепте 2009-жылдан бери көптөгөн тренинг-семинарлар өткөрүлдү. Мектепте билим сапаты бул жылдарда 30 пайыздан 40 пайызга көтөрүлдү. Окуучулар шаардык, областтык олимпиадаларда байгелүү орундарга жетишип келүүдө. АКСЕЛС программасы боюнча уюштурулган Республикалык тестте жогорку баллдарга ээ болгон окуучулар бар.

Аталган ийгиликтердин жаралышы албетте жетекчиликтин изденүүчүлүк, чыгармачылык жана уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды. Гүлбайра Станбековна мугалимдер жамаатын биримдикте жана чыгармачылык эргүү менен иштөөгө багыттай алгандыгы да белгилей кетүүгө арзыйт.

Көкөева Гүлбайра билим берүү тармагында жаш муундарды тарбиялоодо көрүнүктүү салым кошуп келатат жана иш бил-

ги, талапчан, чыгармачыл жетекчи катары шаардык БББнүн кеңешинин мүчөсү.

Гүлбайра Станбековна "Билим берүүнүн отличниги" жана шаардык жетекчиликтердин, областтык администрациянын көптөгөн Ардак Грамоталарынын, алкыштарынын ээси. "Билим берүү кызматкерлеринин профсоюздук кыймылынын отличниги".

БЕГАЙЫМ БИЙГАЗИЕВА

Бегайым Бийгазиева Токтогул атындагы №1-орто мектепте 1973-жылдан 2006-жылга чейин эмгектенип, өзүнүн 34 жылдык өмүрүн келечек муундарга билим берүүгө арнады. 2006-жылы ден соолугуна байланыштуу пенсияга чыккан . 2010-жылы оо дүйнө салды.

Бегайым Бийгазиева өмүр бою мектептин бардык коомдук-өндүрүштүк иштерине активдүү катышып, жаш кезегинде мектептеги комсомол комитетинин катчысы, профсоюздук уюмдун катчысы, мектепте өтүлүп туруучу саясий окууларда пропагандист, шаардык секциянын жетекчиси болуп талыбай эмгектенип келген.

1992—1999-жылдар аралыгында Бегайым Бийгазиева №1-орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Өзүн чыныгы педагог кылып калыптандырууга жетишкен мугалим Бегайым Бийгазиева тарыхчы катары көп жылдык тажрыйбаны топтой алган жана сабак окутуунун ыкмаларын таба билген изденгич мугалим катарында башкаларга үлгү көрсөтүп иштегендиги менен эсте калды. Пенсияга кеткен акыркы күндөрүнө чейин аймактык аксакалдар сотунун мүчөсү катары да көп маселелердин чечилишине салымын кошуп келген. Ал 1995-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Грамотасы, 1990-жылы Областык билим берүү бөлүмүнүн грамотасы, 1992—2009-жылдары шаардык БББнүн Грамотасы менен, 2000-жылы шаардык мэриянын Грамотасы, 2005-жылы шаардык БББнүн Грамотасы менен жана көп жолу мектеп администрациясынын Грамоталары менен сыйланган. 2006-жылы "Эл агартуунун отличниги" төш белгисине ээ болгон.

КАЛЫМБАЙ МЫРЗАКУЛОВ

Калымбай Мырзакулов 1948-жылы 3-апрелде Токтогул районундагы Жазы-Кечүү айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1955-жылдан айылындагы Чкалов сегиз жылдык мектебине кирип билим алган. 1962-жылдан баштап Токтогул районундагы Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектебинен окуп 1965-жылы аны аяктаган. 1966-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз Мамлекеттик дене тарбия институтуна кирип, 1972-жылы жогорку билимдүү педагог болуп колуна дипломун алган.

К.Мырзакулов 1972-жылдан баштап Кара-Көл шаарындагы Токтогул атындагы №1-орто мектебинде 40 жыл бою окуучуларга дене тарбия боюнча сабак берип келүүдө. Калымбай Мырзакулов эч убакта өзү тандап алган кесибине өкүнбөйт. Тескерисинче канчалаган жаш муундарды дене тарбия жагынан өнүктүргөндүгүнө, көптөгөн окуучулардын эсинде мугалим катары эсинде сакталып келаткандыгына сыймыктанат.

-Жаңы коом башталгандан кийинки өткөөл мезгилдин кыйынчылыктарынан улам көп эле мугалимдер кесибин алмаштырып жибериште. Мен деле мектептен башка жакка кетким келсе эч ким тосмок эмес. Бирок, жаш кезимден мектеп турмушуна, күн сайын эмгек күнүмдү жаш жеткинчектер менен алпурушуп өткөрүүгө көнүп калгандыгымдан, мектептен алыс кете албадым,-дейт агай.

2004-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги" төш белгиси менен сыйланган болсо, 2012-жылы "Кыргыз Республикасынын Дене тарбия жана спорт отличниги" төш белгисин алууга жетишти.

КАЗАКБАЙ САБЫРБЕКОВ

Казакбай Сабырбеков 1948-жылы 20-июнда Жалал-Абад областына караштуу Үч-Терек айылында туулган. Балалык чагы Жазы-Кечүү айылында өттү. К.Сабырбеков өзү туулган Жазы-Кечүү айылындагы Чкалов атындагы 8-жылдык мектепти 1962-жылы ийгиликтүү аяктап, Кара-Көл шаарына келип, Токтогул атындагы №1-орто мектебине келип окуусун уланткан жана

ушул мектептин алгачкы бүтүрүүчүлөрүнөн болуп 10 жылдык билимге ээ болгон.

Жаштайынан мугалимдик кесипке ээ болууну самап келген жаш жигит 1970-жылы Жалал-Абад шаарындагы Пушкин атындагы педагогикалык атайын орто окуу жайын бүтүрөт да, мугалимдик кесипте иштөө менен өзүнүн эмгек жолун баштайт. Бул мезгил аралыгында жогорку билимдүү болуунун зарылдыгын туура түшүнүп, Ош Мамлекеттик педагогикалык институтуна сырттан окуу үчүн кирет жана аны 1978-жылы ийгиликтүү аяктайт.

Казакбай Сабырбеков агай жаштайынан бет алып ишин баштаган ушул мугалимдик кесипте өмүр бою жигердүү эмгектенүү менен көптөгөн окуучулардын сүйүктүү агайы болуп калды жана билим берүү тармагындагы сиңирген көп жылдык эмгеги үчүн көптөгөн сыйлыктарды алууга жетишти. Агайдын өмүрлүк жубайы Алмакан да кесиби боюнча мугалим. Өмүр бою кесиптеш жубайлар миңдеген жаш муундарга билим берүү менен үйбүлөдө 6 перзенттин ата-энеси болушуп, азыр ардактуу эс алууда.

БЕКЖАН САРПАШОВ

Бекжан Сарпашов Токтогул районундагы Толук айылында 1952-жылы 11-августа колхозчунун үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Үй-бүлөдөгү төрт бир туугандын эң кенжеси. Айылындагы Толук орто мектебин 1969-жылы аяктаган жана ошол эле жылы Фрунзе шаарындагы Кыргыз Мамлееттик Университетинин филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнө кирип, аны 1975-жылы ийгиликтү бүтүргөн. Ушул эле жылы окуу жайы тарабынан берилген жолдомо менен Ала-Бука районуна барып, Кызыл-Ата сегиз жылдык мектебинде мугалим болуп алгачкы эмгек жолун баштаган.

1977-жылы үй-бүлөлүн шартына жараша Токтогулга көчүп келип, көп өтпөй Кара-Көл шаарындагы №1-орто мектебине ишке орношкон. Ошондон бери бир мектепте кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими болуп иштөө менен класс жетекчи катары жүздөгөн окуучуларды турмуштун улуу дайрасына

татыктуу тарбиялап кошту. Тажрыйбалуу мугалим катары сабак өтүүнүн чебер ыкмаларын көптөгөн жаштарга үйрөтүп келүүдө.

Мектеп администрациясында компьютердик техника киргизилгенге чейин көптөгөн иш кагаздары жалаң Бекжан Сарпашовдун колу менен жазылып келгенин да айта кетүү абзел. Анткени, бардык эле мекемеде тийиштүү иш кагаздары так, туура жана таза толтурулууга тийиш эмеспи. Бекжандын кол жазмасын бир көргөн адам жазбай таанып калчудай өзгөчө жана ким болбосун аны кыйналбай окуп кете алат. Анан да тилчи катары сөздөрдү ырааттуу байланыштырып жазгандыгы менен бааланчу.

-Мектепте иштеген 40 жылдай мезгилден бери турмуш абдан өзгөрдү. Сабак өтүүнүн жаңы-жаңы, татаал ыкмалары пайда болду. Ар бир мугалим окуучуларга теманы терең жеткирүү багытында изденип, чыгармачылык менен иштөөлөрү талап кылынып келди. Мен да ар бир жаңы ыкманы өздөштүрүүгө, өз алдымча изденүүгө, кайсы бир теманы түшүндүрүүнүн жолдорун табууга тынымсыз умтулуп иштедим,-дейт Бекжан Сарпашов. –Өмүр бою класс менен иштедим. Менин бүтүрүүчүлөрүм мени урматташат. Бул мен үчүн чоң бакыт.

КАНЫКЕЙ АКИМОВА

Канықей Акымова 1949-жылы 2-сентябрда Таш-Көмүр шаарында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Орто мектепти 1967-жылы ийгиликтүү аяктап, Фрунзедеги Кыргыз Мамлекеттик Университетине кирген.

Канықей Акимова эмгек жолун Таш-Көмүр шаарындагы Тоголок Молдо атындагы №3-орто мектептен 1969-жылы баштап, 1972-жылдан Кара-Көл шаарындагы Ч.Түлөбердиев атындагы орто мектептен уланткан. 1983-жылдан бери Токтогул атындагы орто мектепте кыргыз тили жана адабияты сабагынан окуучуларга билим берип эмгектенип келүүдө. Ал жаш кезинде класс менен иш жүргүзүү үчүн Ак-Шар, Токтогул ж.б. көчөлөрүндөгү ар бир үйгө бир нече ирет кирип, ата-энелер менен сүйлөшкөндөрүн, мектептин коомдук иштерине катышам деп жаш бөбөктөрүн күндөп-түндөп апасына калтырып иштегендерин узун сабак сөз кылып эскерет. Өз уул-кыздарынын жүрүм-

турумуна каратай айтылган сын-пикирге туура мамиле кылган ата-энелер менен бирге айрым тескери түшүнгөн ата-энелер да болот. Алар балдарынын туура эмес жактарын айтсаң, кайра өзүңдү күнөөлөп сүйлөшөт. Түшүнүшүү кыйынга турат. Мындайлардын далай окуялары толтура. Ушулардын баарына чыдап, мугалимдик кесипти аркалап келбедикпи.

-Мугалим болгон соң, баарын өздөштүрүшүң керек,-дейт ал. - Кайсы бир жылдары союз мезгилинде балдар бакчасында да улуу тайпадагыларды окутуп иштедим. Жаш бөбөктөр менен иштөөнүн өзүнчө ыкмасы, татаал жагдайлары бар. Бөбөктөр менен аралашып бала менен бала болууга, аларды энелик мээрим менен өзүңө тартып ар бири менен сүйлөшүүгө туура келет.

Каныкей Акимова эжеке мектепте ардагер жана жаш мугалимдердин кадырлуу насаатчысы. Чаалыкпай мектепте иштеп, сомодой зыңгыраган уул-кыздарды өстүргөн. Азыр алардын сый-урматын көрүп, кадырлоосуна ээ болуп турган убагы.

Көп жылдык эмгегинин натыйжасында областык, шаардык, мектептик көптөгөн Ардак Грамоталардын ээси.

ИСМАИЛОВА КАЛИЙМА КООМБАЕВНА

Калийма Исмаилова 1952-жылы 2-августа Таш-Көмүр шаарында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Мектептен 1970-жылы орто билимге ээ болуп, 1976-жылы Пржевальск шаарындагы (азыркы Кара-Кол) мамлекеттик педагогикалык институтту бүтүргөн.

1976—1983-жылдарда Токтогул районундагы Чкалов атындагы мектепте мугалим болуп иштеп, ошол жылдын апрель айынан бери Кара-Көл шаарына келип Токтогул атындагы орто мектепте иштеп келе жатат.

Мыкты педагог жана чыгармачыл математик мугалими катары 2005-жылы үзүрлүү эмгегинин 30 жылдыгына карата чыгармачылык отчету шаардык деңгээлде болуп өттү.

Мыкты математик К.Исмаилова 2009-жылы областтык масштабда болгон семинарда 6 "В" класска "Кыргыз тарбия пирамидасы" деген тема боюнча Эдвар-Де Бононун "алты шляпалуу ойлонуу ыкмасын" пайдалануу менен жогорку деңгээлде сабак

өтүп,көптөгөн мугалимдерди өзүнүн изденгич жана чыгармачылык аракеттери менен таңдандырды.

Ал эми 2010-жылы республикабыздагы чыгаан математик И. Бекбоевдин 80 жылдыгына арналган "Билим берүүнүн сапатынын абалы жана анын келечеги" деген Эл аралык илимий практикалык конференциясында жана 2011-жылы 24-ноябрда Кыргыз Билим берүү Академиясынын 60 жылдыгына арналган "Кыргыз республикасында билим берүү системасын маданий-компоненттик негизде модернизациялоо" деген аталыштагы Республикалык XXIV педагогикалык окууда "Математика сабагында окуучулардын билим сапатын арттыруудагы иш тажрыйбаларым" деген темада окуган мазмундуу доклады үчүн III -даражадагы дипломуна татыктуу болгон. Көп жылдык жемиштүү эмгегинин натыйжасында окуучулардын, ата-энелердин жана педагогикалык жаматтын кадырлоосуна ээ, насаатчы, шаардык математика усулдук бирикменин жетекчиси. Жашы улгайып калгандыгына карабастан, тынымсыз изденүүнүн, жаш педагогдорго өзүнүн бай тажрыйбасын жайылтуунун үстүндө жигердүүлүк менен эмгектенип келаткан мугалимдин жемиштүү эмгеги жогорку баалануп:

Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин , областтык ББББнүн жана шаардык мэриянын, шаардык ББББнүн Ардак Грамоталары менен сыйланган. "Эл агартуунун отличниги" төш белгисинин ээси. Чыгармачыл, изденгич жана тажрыйбалуу мугалим катары ишин улантууда.

МАМУТОВА ХАЛИМАХАН КАРАЕВНА

Халимахан Мамутова 1953-жылы 17-июлда Токтогул шаарында туулган. Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектебин 1970-жылы аяктап, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине кирип, аны 1975-жылы ийгиликтүү аяктаган жана орус тили жана адабияты мугалим кесиби боюнча диплом алган.

Адегенде эмгек жолун Токтогул районундагы Торкен айылында баштаса да, турмуш шартына байланыштуу 1977-жылы Кара-Көл шаарына келип, 35-жылдан бери Кара-Көл шаарындагы Токтогул атында-

гы №1-орто мектебинде эмгек өтөп келүүдө. "Дарак бир жерден көгөрөт" дегендей ушул жерден жаштыгы өтүп, ушул жерде очор-бачар үй-бүлөнүн ээси болду. Бир эле мезгилде мезгил шарынан калбай аракеттенип, көптөгөн бай тажрыйба топтоду.

-"Мугалим—мөмөлүү дарак" дегендей кайда жүрсөм да кайсы бир бүтүрүүчүлөрүм саламын жазбай жаныма келип, ал-абалымды сурап көңүл буруп кол узатып, бетимден өөп турушкандыктары мени кубанычка бөлөйт. Мындай учурда мен өзүм тандап алган кесибиме да, өмүрүмдүн текке кетпегендигине да ыраазы болуп толкунданып кетем,-дейт Халимахан Караевна.-Мугалим үчүн өз окуучусунун сыйынан ашкан баалуу нерсе жоктой. Качандыр өзүндүн окуучуларың үчүн жүргүзгөн адептик-тарбиялык иштериндин да, берген билиминдин да текке кетпегенине кубангандан артык эмне бар?

Окуу бөлмөсүндөгү иш кагаздарын карап отуруп эле сиз бул мугалимдин канчалык изденгич, чыгармачыл экенине тен бересиз. Усултук колдонмолордун, көргөзмө куралдардын түрлөрүнө сан жетпейт.

Х.Караевнанын эмгеги бир топ сыйлыктар менен бааланган. "Билим берүүнүн отличниги", областтык, шаардык ББББнүн Ардак грамоталарынын ээси.

Бул мезгилдер аралыгында бир нече классты жетектеп бүтүрттү жана азыр алар кай жерде жүрбөсүн өздөрүнүн сүйүктүү эжекесин унутушпай саламдарын жазбай келүүдө. Өзү бүтүргөн балдар-кыздарынын мезгили менен ал-абалын сурап атайын мектепке да келип учурашып туруулары Халимахан Караевнанын өз окуучуларынын сезимине калтырган жылуу таасири болуп саналат.

ЧУКУНОВА ОРУНБҮ ЧУКУНОВНА

Орунбү Чукунова 1955-жылы 6-сентябрда Кара-Көл шаарынын Жазы-Кечүү айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

1972-жылы Ч.Түлөбердиев атындагы орто мектепти аяктап, Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынан дене тарбия боюнча мугалим кепсибин алып чыккан. Ал эми 2009-жылы Жалал-Абад мамле-

кеттик университетин аяктаган.

Чукунова Орунбү эмгек жолун Д.Шопоков атындагы №2-орто мектептен баштаган, 1985—1999-жылдарда Чолпонбай орто мектебинде кесибин улантып окуучуларга дене тария боюнча сабагынан берип келген.2000-жылдан бери Токтогул атындагы мектепте эмгектенип келе жатат. Чукунова мектепте класс менен эң жакшы иш алып барып,окуучуларды тарбиялап өстүргөн. Чукунова Орунбүнүн билим-тарбия берүүдөгү мыкты эмгегин жана спортко кошкон салымы үчүн 1995-жылы "Билим берүүнүн отличниги" төш белгиси берилген. Коомдук иштерге да активдүү катышып Жалал-Абад области боюнча кыз-келиндер арасында өтүлгөн "Мырза айым—1997" сынагында 3-орунду ээлеп 3-даражадагы диплом менен сыйланган.

1996-жылы Бишкек шаарында өтүлгөн 1-спартакиаданын жана 2011-жылда Ош шаарында болуп өткөн VI спартакиаданын катышуучусу. Жалал-Абад областында мугалимдер арасында өтүлүп келаткан спартакиададан волейбол боюнча 7 жолку чемпиону.

Ал эми 2010-жылы мугалимдердин республикалык 13-спартакиадасында Кыргыз Республикасынын президентинин кубогу менен сыйлануага татыктуу болгон.

Республикалык, областтык, шаардык, райондук 17 Ардак Грамота, 12 Мактоо Грамотанын, 1-даражадагы 16 дипломдун жана 7 медалдын ээси.

Жыл сайын өтүлүүчү Ысык-Көлдөгү Кыргыз Республикасынын мугалимдер арасындагы спартакиадасына катышып келе жатат. Жалал-Абад области боюнча кыз-келиндердин волейболчулар командасынын капитаны. 3 перзенттин жана 4 неберенин чоң апасы.

МИРАШ НУРУБЕКОВА

Мираш Нурубекова 1955-жылы 15-октябрда Токтогул районунун Алексеевка айылында туулган.1972-жылы орто мектепти аяктаган. 1972—1977-жылдарда Фрунзедеги Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун математика-физика факультетин бүтүргөндөн кийин 1977-жылдан ушул убакка дейре бир гана Токтогул атындагы №1-орто мектепте физика мугалими болуп жигердүү эмгектенип келе жатат.

2002-жылы чыгармачылык отчетун өткөргөн."Эл агартуунун отличниги" төш белгисинин ээси. 2007-2008-окуу жылында областтык семинарда "Физика—турмушта" деген сабагын мазмундуу жана таасирдүү кылып өтүп бергендиги үчүн көптөгөн мугалимдерди өзүнүн чыгармачылык аракети жана изденгичтиги менен суктандыра алган.

Бир ирет Мираш дүйнөгө белгилүү болгон атактуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун 70 жылдык маараксине карата ачык сабагын өттү. Биз ал физика сабагын кантип улуу жазуучунун чыгармалары менен байланыштырарына түшүнгөн жокпуз. Бирок, көп өтпөй анын чыгармачылык дараметине тан бердик. Көрсө ал абдан эрежелүү, так деңгээлде кезектеги теманы жазуучунун "Ак кеме» повести менен байланыштырыптыр. Тема боюнча жооп берип жаткан окуучулар көл үстүндө келе жаткан кемеден көтөрүлгөн түтүндү жана кеме сүзүп келатканда суу бетинде пайда болгон толкунду физикалык илимдин көзү менен чечмелеп бериштн. Түтүн абага кандайча күч менен көтөрүлөт, толкундар кандайча кеменин алдыга жылуусун шарттайт. Баары илимдин тили менен ачып берилди. Мугалим болбосоң кое кал!

Мираш Нурубекова Физика сабагын өтүүдөгү бай тажрыйбанын ээси катары жаш адистердин кадырман насаатчысы. Үзүрлүү эмгеги үчүн бир нече областык жана шаардык Грамоталардын ээси.

ЖУМАТАЕВА САБЛЕТКАН АНВАРБЕКОВНА

Саблеткан Жуматаева 1955-жылдын 3-декабрында Токтогул районунун Көдүл айылында туулган. 1972-жылы "1-Май" орто мектебин аяктаган жана ошол мектепте бир жыл пионер-вожатый болуп эмгек чыйырын баштаган.

1973-жылы Россия Федерациясынын Курск шаарындагы Курск мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине кирип, аны 1978-жылы бүтүргөн жана Токтогул районунун "Комсомол" мектебинде эмгегин уланткан.

1980—1987-жылдары Кара-Көл шаарындагы Ч.Түлөбердиев

атындагы орто мектебинде, 1988-1991-жылдары Д.Шопоков атындагы мектепте, ал эми 1992-жылдан ушул убакка чейин Токтогул атындагы орто мектебинде орус тили жана адабияты боюнча мугалим болуп эмгектенип келе жатат.

Саблеткан Жуматаева 2002—2004-жылдарда директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары болуп эмгектенген. Саблеткан тематикалык ачык сабактарды таасирдүү жана кызыктуу өткөндүгү менен көптөрдү таң калтырат. Ал бир жолу Улуу Жеңиштин 65-жылдыгына арналган ачык сабак өттү. 8- класстын окуучулары ачык сабакка даярдалыптыр. Тема менен тааныштырылгандан кийин эле окуучулардан 1941-1945-жылдардагы согуш тууралуу билгендерин сурады. Тарых менен байланыштырышып бир топ окуучу жооп беришти. Мугалим андан ары согуштун каардуулугуна кыска токтолуп, сценарий көрсөттү. Согуш майданы көз алдыга тартылып, автомат, пулеметтордон ок жааган сымал үндөр чыгып, советтик жоокерлер душмандар менен тайманбай күрөшүп жатканы, танктардын баратканы, кыргыз жоокерлеринин майдандагы тайманбас эрдиги көрсөтүлдү.

Сабакты улантып Саблеткан кайрадан окуучуларга согуш темасындагы кандай чыгармаларды билгендерин, согуш темасындагы обондуу ырлардан сурады. Окуучулардын көпчүлүгү суроолорго жооп беришип, доскада туруп согуш темасындагы ырларды ырдашты. Сабак патриоттук темадагы ырлардан көркөм айтуу менен аяктады. Саблеткандын мындай кызыктуу ачык сабактары ондоп саналат.

Чебер мугалим Жалал-Абад областтык ББББнүн Ардак Грамотасы, шаардык ББББнүн грамотасы, Кыргыз Республикасынын Грамотасы менен сыйланган. Үй-бүлөлүү, 3 уул, 2 неберенин чоң апасы.

КОЙЧУКАРАЕВА РАЗАКАН

Койчукараева Разакан 1953-жылы 11-декабрда Токтогул районунун Көдүл кыштагында туулган.1970-жылы "1-Май" орто мектебин бүтүргөн. 1974-жылы Фрунзедеги Маяковский атындагы педагогикалык институтту аяктап, Токтогул районундагы Жетиген орто мектебинде пионер вожатый болуп иштөө менен эмгек чыйырын баштаган. 1975-жылы НГЭСтин балдар бакчасында мектепке даярдоо бөлүмүндө тарбиячы, бакчада усулдук

иште иштеген.

1986-жылдан баштап Д.Шопоков атындагы орто мектепте башталгыч классынын мугалими, 1987–1989-жылдарда шаардык билим берүү бөлүмүндө балдарды коргоо боюнча инспектор болуп жигердүү эмгектенди.

Разакан Койчукараева 1994-жылдан Токтогул атындагы орто мектебинин башталгыч класстарында мугалим, 2001-жылдан бери карай башталгыч класстарынын окуу бөлүмүнүн башчысы болуп чыгармачылык эргүү менен иштеп келе жатат. Жетекчи катары ар бир мугалим менен тил табышып, эреже менен талаптын аткарылышына туура багыт берип, ар биринин үй-бүлөлүк абалына чейин түшүнүүгө жетишет. Башталгыч класстардын кайсынысына кирбеңиз ажайып бир кооздукка, чыгармачылыкка кабыласыз. Демек, талап ушундай. Бала менен бала болуп кыялданган эжейлердин колу менен не деген гана наристелердин дүйнөсүнө таасир берүүчү сүрөттөр, көргөзмө куралдар, табийгаттын көрүнүштөрү жасалбаган. Ирээттүүлүк, тазалык, жаш балдардын психикасы менен шайкеш келген жазуулар, сүрөттөр...Нукура чыгармачылык. Разакан айым башталгыч класстарды тарбиялоого багытталган аңгеме, жомокторду жазып, ал "Байчечекей" ж.б.басылмаларга чыгып келе жатат. Муну менен Разакан айым жалпы кыргыз элинин келечек муундарын тарбиялоого салым кошуп жатпайбы.

Разакан айым өзүнүн турмушка жана кызматына болгон өзгөчө чыгармачылыгы, түйшүкчүлдүгү менен айырмаланат. Кооздукту, тыкандыкты, гүлзарларды бапестөөнү жактырат. Сүйлөгөн сөзү, турган турпатындагы жагымдуу ажары менен өзгөчөлөнгөн айым. Разакан айым "Эл агартуунун отличниги" бир нече Ардак Грамоталардын ж.б. сыйлыктардын ээси.

Үй-бүлөлүү, 3 перзент, 7 неберенин энеси.

АЙГҮЛ КЫДЫРМАЕВА

Айгүл Кыдырмаева 1950-жылы 2-майда Ысык-Көл областынын Чолпон-Ата шаарында төрөлгөн. 1968-жылы шаардагы Киров атындагы орто мектебин бүтүргөн жана Кыргыз Мамлекеттик Университетинин география факультетине кирип, аны 1973-жылы аяктаган. Алгачкы эмгек жолун 1974-жылы Ысык-Көл областынын Бостери айылындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган.

1975—1983-жылдарда Ысык-Көл областындагы Ак-Суу мектеп-интернатында тарбиячы болуп иштеп, 1983—1990-жылы Ысык-Көл областынын Тоң районундагы Бөкөнбаев айылындагы Токтогул атындагы №1-орто мектепте мугалим болуп иштеген.

Айгүл Кыдырмаева 1991-1997-жылы Кара-Көл шаарындагы Токтогул атындагы №1-орто мектепте башталгыч класстын мугалими, 1997-2000-жылдарда Жалал-Абад областынын Аксы районунун Кербен айылындагы Бөкөнбаев атындагы №1-орто мектепте орус класстарга кыргыз тили боюнча мугалими, 2003-жылдан ушул мезгилге чейин Кара-Көл шаарындагы Токтогул атындагы орто мектепте география, тарых мугалими болуп эмгектенип келе жатат.

1985-жылы Айгүл Кыдырмаева Ысык-Көл областынын Тоң районун мектептери боюнча "Группа продленного дня" деген темада республикалык семинар өткөн. Анын сабак берген окуучулары талапты катуу коюу менен, ар бир теманын натыйжасын чыгарып аларын баалашат.

-Жөнү жок тентектенип, сабакка көңүл бурбай отурган окуучулар менен эч убакта кайдыгер боло албайм,-дейт Айгүл Кыдырмаева. -Такыр болбогондо бир нече жолу жекече сүйлөшүүлөрдү, түшүндүрүүлөрдү жүргүзөм. Окуучу өз кемчилигин туура сезип түшүнүүсү үчүн дайыма күрөшөм. Класс жетекчиси, ата-энелери менен да сүйлөшүүгө аракеттенем.

Көп жылдык эмгеги үчүн Айгүл Кыдырмаева СССР Билим Берүү министрлигинин Грамотасы, бир нече жолу шаардык БББнүн Грамоталары, шаардык мэриянын Ардак Грамотасы менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын "Агартуунун отличниги" төш белгисинин ээси. 4 перзенттин жана 4 небереңин энеси.

АЙБАРЧА ЭРГЕШОВА

Өзүнүн гүлдөй жаштык курагын, чыгармачылык энергиясын, билимин бүтүндөй келечек ээлерине билим-тарбия берүүгө арнаган айым Айбарча Эргешова Кара-Көл шаарына 40 жыл илгери келип, Токтогул атындагы №1-орто мектепке мугалим болуп ишке орношкон. Бир жыл мурда Кыргыз Мамлекеттик Университетинин механика-математика факультетин аяктаган жаш кызда али эмгектик эч кандай тажрыйба жок болчу. Бирок, мектеп партасында окуп жүрүп агай-эжейлеринин ар бир кыймылына сугун арткан кыздын көөдөнүндө зор кубаныч уялаган. Анткени эми ал—чыныгы мугалим. Кадимки өзүн окуткан эжекелериндей доскада зыңгырап туруп сабак өтөт, окуучулар эжекенин ар бир кыймылын суктануу менен карап жатышат. Андагы татаал талаптын бири - ар бир темага окуучуларды тартууга жетишүү, ал үчүн сабагына окуучуларды кызыктыра билүүнүн жолдорун табуу.

-Чарчап-чаалыгуу дегенди билбейм. Бар ойлогонум жакшы мугалим болсом экен. Менин үстүмөн кимдир бирөөлөр жаман пикирлерди айтпаса, ишимди жакшы өздөштүрүп кетсем экен—деген ой,-дейт Айбарча Эргешова. -Кайсыл окуучуга теманы жеткире албадым, эмне себептен. Ушул ойлор мени кыйнайт. Үйдөн эртеңки сабакка даярданып жатып, начар окуучулар менен өз алдынча иштөөнүн пландарын да ойлоном. Дегеле мугалимде мектептен кетип үйүндө башкаларчылап тынч алуу болбосун кийин түшүндүм.

Ооба, мугалимдин эмгеги басса-турса тушап турган түйшүк менен айкалышта экенин ким танат. Өлкөнүн, жаштардын келечегин ойлогон жоопкерчиликтүү адам гана чыныгы мугалим го.

Жыл артынан жыл өтүп жатты. Айбарча Эргешовадан окуучулар сүрдөнгөндөй көрүнөт. Сабак башталганда эле кимдин кандай өзүн алып отурганынан тапшырмага даярданып келгенби, жокпу билип коет. Бирок чебер математик бардык эле окуучу келечекте математик болбосун да жакшы билет. Билбей корунуп отурган окуучулардан деңгээлине жараша суроо берип жооп алат, мыкты окуучулар болсо өздөрү эле айттырбай кол көтөрүп жооп беришет.

Ар бир мугалим—класс жетекчи. Классты жетектөөдөн качкан мугалим эч убакта жакшы мугалим эмес. Иштин жеңил жагына качырган мугалим окуучуларга билимди да жеткилең бербейт. Ал эми Айбарча эжеке класс менен иштөөдө да өз алдына өзгөчө максаттарды коюп иштечү. Класстагы ар бир окуучунун социалдык ал-абалын, психологиялык абалын, тубаса деңгээлин үйрөнүп анан талапты коюучу. Ата-энелер менен байланышты жакшы жүргүзүү натыйжасын сөзсүз берерин да өз тажрыйбасынан жакшы билип калган.

Көп класстарды жетектеди, тарбиялады, нечендеген тематикалык иш чараларга даярдап, ар бир окуучунун талантын, жөндөмүн көрө алды. Аларды эмгекке, сынактарга катышууга уюштура билди.

Мына, эми артта калган кырк жылдык өмүрү учкан куштай сабалап, окуучуларынын неберелери мектепте окуп жатышат. Бир кездеги окуучулары саламдашып абалын сураса сүйүнөт. Алардын жакшы жетишкендиктерин укса кубанат. Эл-журт урматтаса кубанат. Мындай даражага түмөн түйшүк менен жеткен, оңой жеткен эмес.

Айбарча Эргешова мектепте 1983-жылы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары болуп 1994-жылга чейин иштеди, кайра 2007-жылга чейин ШББББнүн башчысынын орун басары болду. Ал эми 2007—2010-жылдары ШББББүн жетектеди. Мындай деңгээлге жетүүнүн өзү эле Айбарча эжекенин ишке болгон туруктуу жоопкерчилигинин анык далили.

Айбарча Эргешова эжеке "Билим берүүнүн отличниги" төш белгисинин ээси. "3-класстагы мамлекеттик кызматтын инспектору" чинин да алган. Көптөгөн областтык, шаардык билим берүү башкармалыктарынын Ардак Грамоталары менен да сыйланып келген.

ШАРИПА САНДЫБАЕВА

Сандыбаева Шарипа эжекени бирге иштеген мугалимдер жамааты да, жетектеген классынын окуучулары да таланттуу инсан деп билишкен. Анткени, ар кандай майрамдарда, мектептик, шаардык ж.б.деңгээлдерде өтүлгөн тематикалык иш чараларда Шарипа Сандыбаева эжекенин калеминен жаралган мазмундуу куплеттер көркөм окулуп, элдин көңүлүн өзүнө буруп турган.

Зыңгыраган токтоо мүнөзү, ар бир адамды акылынын тереңи менен көрө да, сүйө да, баалай да билген бул инсандын мүнөзүнө шайкеш келип турган көзгө толумдуу турпаты да ар кимдин көңүлүн өзүнө бурбай койчу эмес. Өзгөчө жетектеген классындагы окуучулары өздөрүнүн Шарипа эжекеси менен ачык эле сыймыктанышып, эжекеси турганда башка класстар менен болгон ар кандай жарыштарда алдыда болоруна көздөрү жетип турчу. Анткени, ШарипаСандыбаева аларга ар бир иш программа боюнча так жана туура багыт бере алчу. Ар бир окуучунун шык-жөндөмүнө ылайык "таптап" өзүнө ылайык "ролдорду" бөлүштүрүп, анын кылаар ишин да ийине жеткире үйрөтүп койчу.

Пенсияга кетээрден бир аз мурда классында тарбиялык ачык саат өттү. Сабагына катышуу үчүн беш-алтообуз кирип бардык. Мугалим көрүнбөйт. 11-класстын окуучулары болчу. Зыңкыйган эле чоң кызматтагы соттор, юристтер, мыйзамчылар отурушат. Жагымдуу көрүнүшкө кабылдык. Темага болгон кызыгуубуз артты. Көрсө, Шарипа Сандыбаева жаңыдан демократиялык коомго өтүп келаткан өлкөнүн тагдыры боюнча ой калчап, тема тандаптыр да, массалык-маалымат каражаттарынын өкүлдөрү менен жогорку инстанцияда отурган мыйзам таануучулардын пресс-конференциясын уюштуруптур.

Сабак өз алдынча өтүп жатты. Алып баруучу да окуучу. Ал жолугушууга келип отурган мыйзамчылардын өкүлдөрү менен "элди" тааныштырды. Тема өлкөнүнүн эртеңи тууралуу экени да белгилүү болду. Андан ары кайрадан окуучулар өз алдынча иштеп отурушту. Алып баруучу улам бир журналисттин аты-жөнүн тааныштырып турат. Журналист суроосун мыйзамчыларга берет, алар суроо кимисине берилсе жалпыга бирдей кызыкчылыкты көздөгөн жоопторду беришет...

Ал сабак бүткөндөн кийин гана четтен доскага чыгып, катышып отургандарды сабагынын максаты менен тааныштырды. Эч ким сабак максатына жеттиби деп сурабады. Себеби, мындай сабак максатына жетпей калуусу мүмкүн эмес болучу.

Шарипа Сандыбаева 1945-жылы Токтогул районундагы "Совет" колхозунда туулган. Фрунзедеги Маяковский атындагы кыздар институтунун чет тилдер факультетин аяктап, эмгек

жолун Ала-Бука районунда мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1979-жылдан Кара-Көл шаарында №4-1-орто мектептерде чет тилчи мугалим болуп жигердүү эмгектенди. Бай тажрыйба топтоду. Көптөгөн жаштарды мугалимдик кесипке тарбиялады. Ал көптөгөн сыйлыктардын ээси, 4 перзенттин, 9 неберенин мээрбан энеси.

Чолпонбай атындагы №2-орто мектеп

Ырыс-кешиктүү, ачык эшиктүү Чолпонбай Түлөбердиев атындагы №2-орто мектеп 1967-жылы ишке киргизилген. Быйыл мектеп 45 жашта. Бул мезгил аралыгында канчалаган уул-кыздарды уясынан учурду. Азыркы учурда мектепте 933 окуучу билим алууда. Алардын 151и отличниктер.

Мектепте эмгектенген 47 мугалимдин 40ы жогорку, 2си бүтпөгөн жогорку, 5и атайын орто билимдүүлөр. Билим берүүнүн отличниктери 6 мугалим.

1967—2012-окуу жылдар мезгилинде мектепти 2571 окуучу бүтүргөн, булардан 3ү алтын, 4ү күмүш медал алгандар.Алар: К.Масиров , Б.Мүсүралиев, шаар мэри И.М. Еркеев, шаардык Кеңештин төрагасы М.С .Капалбаев, шаардык каржы бөлүмүнүн башчысы Ж. Т. Осмонкулов .

Ушул жылдарда мектепте директор болуп Жайылбек Рысбеков, А. Султанкулов, М.Жаманкулов, Д. Ташматов, М.К. Умарова, П. Осмонбеков, Н.К. Нусубалиева, Ш.А, Токтосунов, Ж.Орунова, Т.К. Жусуповалар . эмгектенип келишкен.

45 жыл убакыттын ичинде мектеп ондогон, жүздөгөн мыкты инсандарды тарбиялап чыгарды. Алар бүгүнкү күндө эл үчүн ак эмгегин сарптап, элин да, мектепти да сыймыкка бөлөп келүүдө. Мектеп жамааты бардык иште биримдикти туу тутушат. Бул мектептин өзгөчөлүгү – француз, немец тилдери тереңдетилип окутулуп келаткандыгында.

Мектеп тарыхында калган мугалимдер:

Макенбай Уметкулов —кыргыз тилчи.

Ельняков Иван Фомич—преподователь НВП.

Кадырбү Арстанова—башталгыч класс мугалими.

Жамийла Камчыбекова—башталгыч класс мугалими.

АТТОКУРОВА САЙРАГҮЛ ТОКТОНАЗАРОВНА

Аттокурова Сайрагүл 22 жылдан бери мектепте чыгармачылык менен үзүрлүү эмгектенип келе жатат жана акыркы жылдарда мектептин директору катарында бир жамаатты жетектеп, мектептеги бардык көйгөй маселелердин чечилишин камсыз кылуу максатында бир топ аракеттерди жасап келүүдө. Окуучуларга билим берүүдө ар түрдүү жаңы ыкмаларды ойлоп таап, орус тилин окутууда оюндарды, ырларды, сахна-сабак, класстер, синквейин, таймаш сабактарына көп басым жасайт.

Сайрагүл Токтоназаровна 1993-жылдан баштап мектепте класстан тышкаркы иштерди уюштуруучу болуп эмгектенди. Көптөгөн кароо-сынактарды шаардык да, областтык да деңгээлде мыкты уюштурган. Мисалга "МАИнин жаш досу","Жаңы муун" өспүрүм жаштар продюссердик борборунун "Кыргызымдын кызгалдактары" сынак фестивалында 1-орунду жеңгенин айтсак болот."СПИД" балалыкты коргоочу "Балдар коркунучта" коомдук семинар-тренингге катышып келип, шаар мугалимдерине жана окуучуларга тренингдерди өткөн. 2003-жылы Ош шаарында билимди баалоо жана окутуу усулдук борборунун семинар-тренингине катышып, администратор болуп да, мектепте иштеген. Сайрагүл ошол жылдан тартып ЦОМО менен тыгыз байланышта иштеп, дайым тест №2-мектепте өтүлүп келүүдө. Тест борборунун мыкты даярдалышын камсыз кыла алганы үчүн 2009-жылы ЦОМОнун "Мактоо грамотасына" татыктуу болгон.

Сайрагүл Токтоназаровна окутуунун инновациялык жана интерактивдүү ыкмаларын колдонуу менен тажрыйбага бай, жаш мугалимдерге үлгү жана насаатчы. Өз билимин заман талабына шайкеш жогорулатуу максатында 2009-жылы "Улуттук курриkулум жана лидерлик" курсунан өтүп келген.

Сайрагүл 2010-жылдан бери Чолпонбай атындагы орто мектептин директору болуп эмгектенип, мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоого көңүл буруп, мектептин ички тышкы жасалгасын оңдоого жетишти.

Билим берүүдөгү жигердүү ак эмгеги үчүн Сайрагүл Токтоназаровна көптөгөн шаардык, областык сыйлыктардын ээси. 2011-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин Ардак Грамотасын алды.

БЕКМЫРЗА МАМЫТОВ

КРнын билим берүүсүнө эмгек сиңирген мугалим

Көп жылдык жемиштүү эмгеги менен элге таанылган жогорку билимдүү алгачкы кыргыз тилчи мугалимдердин бири Бекмырза Мамытов "Эл агартуунун отличниги", "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген мугалим". Ал 1931-жылы Кара-Көл кыштагында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. 1949-жылы Үч-Терек районундагы М.Горький атындагы орто мектептен 10 жылдык билим алган. Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык институтун бүтүрүп, азыркы Ноокен районунун мектептеринде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген.

1962-жылдан 1996-жылга чейин Кара-Көл шаарында №2-орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалим болуп, өзүнүн көп жылдык бай тажрыйбасын жаштарга үйрөткөн жана жүздөгөн жаш муундарды билимге сугарууда талыкпастан чыгармачылык дарамети, токтоо, ырааттуу жана мааниси терең сөздөрү,жарашыктуу жана таза кийинген келбети менен да ондогон жаштардын үлгүсү, тарбиячысы, насаатчысы жана нуска алган булагы болуп келди. Кайсыл мезгил болбосун жаш мугалимидерге билген насаатын айтып, ага туура жол көрсөтүүгө, өз кесибинин маңызын чыгарып иштөөгө жетишүүсүнө камкордук көрөр эле. Жаштардын ар биринин чыгармачылык шыкжөндөмүнө жараша багыт берип турчу.

Кимиси болбосун агайдан кеңеш сурап, алдыдагы иштери боюнча ойлорун ортого салып турушчу. Эч кимисин өкүндүрбөй, туура жооп берүүгө, туура сунуш айтууга аракет кылаар эле. Мектептин гана эмес, шаарыбыздын коомдук турмушуна да көп аралашып, көптөгөн коомдук тапшырмаларды аткарып жүрдү. Ал убакта мугалимдерге шайлоо өнөктүгү жүрүп жаткан кезде, же бир пландуу тапшырмалардын аткарылышында, элге саясий билим берүүдө түшүндүрүү, уюштуруу иштерин жүргүзүү, агитатор, пропагандист болуу милдети тагылаар эле. Мындайда агайда эч убакта баш тартуу болгон эмес.

Бекмырза Мамытов №2-орто мектепте иштеп жүрүп 1996-

жылы ардактуу эс алууга чыкты, бирок шаардын коомдук иштеринен четтебеди. Шаардык аксакалдар сотун жетектеп далай-далай көйгөйлүү маселелерди орду менен чечүүгө жетишти. Эч ким ден кеп-кеңешин аябады. Акылгөйлүк нускасы менен ак эмгеги элге дайыма өрнөк.

Агай 7 баланы тарбиялап өстүрдү. Алардын бешөө жогорку билимге ээ болушту. Баары тең азыр өзү менен өзү, очор-бачар жашап келишет.

Элге кадыр-баркы өтө бийик жаркын инсан көп жылдык жемиштүү эмгеги үчүн Союз мезгилинин эң жогорку сыйлыктарынын бири болгон Ленин ордени, Кыргыз ССринин Ардак грамотасы жана ошол учурдагы Талас областынын Ардак грамотасы менен, 1989-жылы "Эл агартуунун отличниги" наамы менен сыйланууга татыктуу болгон.

1997-жылы шаарда эгемендүүлүк келгенден кийинки биринчи болуп "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген мугалим" деген наамы берилген. Көптөгөн Мактоо грамоталардын, сыйлыктардын ээси. Бекмырза Мамытов 1999-жылы 70 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

ЕЛЬНЯКОВ ИВАН ФОМИЧ

Ельняков Иван Фомич родился 21 февраля 1918 года в поселке Висим Свердловской области. В 1939 году был призван в ряды Красной Армии. Когда в декабре эшелон прибыл в Свердловск, было сообщено об окончании войны с Финландией и эшелон направлен в Монголию. С 1939 года по август 1946 года находился на службе в армии. Он был лучшим снайпером Забайкальского фронта, награжден часами марки Швицмаде. Иван Фомич принимал участие в 1945 году в войне с Японией, награжден орденам Красной Звезды и Монгольской медалью.

С сентября 1946 года по май 1948 года работал на Молибденово –вольфрановом руднике в Югодзере. В сентябре 1948 года выбыл в Исовский горный техникум закончивать учебу, был принят в Висимский старательский участок , горным мастером. В 1950 году был направлен в Москву на курсы замполитов.

С1951 по 1959 года работал в Висимской , Картелинской, Челябинской геологических экспедициях заместителем начальника по политчасти. В Карталинской поисково-разведочной части был назначен начальником партии. В 1959 году был переведен в распоряжение Иркутского управления "Драгстроймонтаж". В Очмякском районе, пос.Усть-Нерск Якутской АССР строил драгу. В 1960 году был назначен начальником участка по строительству драги в поселке Красный кордон Восточно-Казахстанской области. В 1962 году занимался строительством драги в поселке Барит Кемеровской области. В 1963 году переведен в распоряжение Красноярск ГЭСстроя в г.Дивхюгоре. С 1963 года по 1965 год работал на заводе железо-бетонных изделии начальником цеха.

В 1965 году переехал на жительство в поселок Кара-Куль Киргизской ССР.Работал в СУ "Гидроспецстрой", занимался прокладкой туннелей. В 1968 году Иван Фомич заболел, долго лечился. После лечения был переведен подземным слесарем 6 разряда. В июле 1971 года был назначен военруком в СШ №12, и направлен переподготовку. За время работы в школе показал себя знающим специалистом, неоднократно награждался Почетным грамотами. В тире проводились городские и областные соревнования по стрельбе. 9-Мая ежегодно готовил и проводил военные парады учеников с учителями городских школ. В сентябре 1985 года по состоянию здоровья уволился с работы и полностью перешел на пенсию.

Иван Фомич награжден орденом Красной Звезды, монгольской медалью, медалями к юбилеям Великой Отечественной войны, к юбилеям со дня рождения В.И.Ленина, многочисленными Почетными грамотами, ценными подарками с занесением на доску почета.

МАЖИНОВА МАРЬЯМ МАЖИНОВНА

Марьям Мажинова 1930-жылы Токтогул районунда туулган. 1956-жылы Жалал-Абад областык комсомол комитетинде иштеген. Андан кийин Токтогул районундагы Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектебинде директор, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп үзүрлүү эмгек кылган.

Кара-Көл шаарына Марьям Мажинова 1967-жылы келип

Чолпонбай атындагы орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп калган. Ал убакта окуучулар алыскы райондорго пахта терүүгө, "Достук" заводунда деталь тизүүгө иштетилчү. Ал класстын окуучуларын өзгөчө эмгекке тарбиялоодо көп аракет, уюштуруучулук жөндөмүн жумшаган. Анткени, Марьям Мажинованын классындагы окуучулар мындай коомдук-чарбалык иштерде ар дайым алдыңкы орунду башкаларга берчү эмес.

Марьям Мажинованын уюштургуч жөндөмдүүлүгүнүн аркасында анын окуучулары эч ким барбаган Союздук өлкөлөрдүн тутумундагы Латвия, Украина, Казакстан өлкөлөрүнө, СССРдин борбор шаары болгон Москвага саякатка барып келишкен. Бул жактарга анын классы жакшы иштегендиктери үчүн татыктуу деп табылып жолдомо алышкан.

Кайсыл мезгил, кандай коомдук же чарбалык-өндүрүштүк иштер болбосун Марьям Мажинова ишти уюштурууну, анын натыйжасына жетишүүнү биринчи орунга коюп эмгектенген. Мектептеги үзүрлүү жана көп жылдык эмгеги жана коомдук иштерге кошкон салмактуу салымдары үчүн Марьям Мажинова "Эл агартуунун отличниги" наамына татыктуу болгон жана бир топ областтык, шаардык бийликтин Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Марьям Мажинова 4 уул жана 2 кыздын мээримдүү энеси. Уулдарынын бардыгы Ригадагы авиация институтун аяктаган. Улуу уулу Аман Канапиев аскер авиациясынын подполковниги. Орусияда Москва областынын өкмөтүндө иштейт.

САНАБАР АБДЫНАЗАРОВА

2006-жылы бир ирет Санабар Абдыназарова Токтогул атындагы мектепте адаттагы декадалык ачык сабагын өтүп калды. Мен бул сабакка атайын кызыгып кирип көрүүнү чечтим. Анткени, баягүндөн бери эле бир нерсеге катуу даярданып, түстүү кездеме издеп, аны тиктирүү үчүн дагы бирөөлөргө тапшырма берип, анан да окуучуларына кандайдыр гүлдөр жөнүндө сүйлөп

жаткнын уккам. Мен чет тил сабагы боюнча тема өткөн мугалимге гүлдөрдүн кандай тиешеси бар, кездемеден эмне тигет? деген суроомо жооп алуу үчүн кирейин дегем.

Ырас эле кириптирмин, сабак абдан кызыктуу болду. Мугалим өтүлгөн темалар боюнча сөздүктөрдү бир нече окуучулардан сурады. Баары тең англис тилин такалбай сүйлөп жооп берип жатышты. Анан гүлдөр жөнүндөгү кыска аңгемесин окуучулардын эсине салды да, алардын даярдыгы жөнүндө сурады. Окуучулар даярданып келишкендиктерин айтышты. Мугалим "Гүлдөрдүн аңгемеси" жөнүндө сахна сабак болорун маалымдады. Көрсө, өтүлгөн тема жаздын келиши, жаздагы эрте ачылган гүлдөр, алардын бири –биринен артыкчылыктары боюнча өз ара аңгемелешүүлөрү экен.

Окуучулар баягүнкү кездемелерден нарцыз, какым-кукум, көк гүл, кызгалдак, байчечекейлердин "кийимин" кийишиптир. Доскада ар бири мугалимдин койгон талаптарына жараша кыймыл аткарышып, өздөрүнүн табиятын англис тилинде сүйлөп берип жатышты. Ушул эле гүлдөрдүн аңгемесинде апалардын 8-Март майрамы, аларга белек болуулары, жаздын көркүн ачкан сулуулуктары жөнүндө мазмундуу аңгеме курушту. Демек бул сабактын жүрүшү аркылуу ааламды көрккө бөлөп, табийгатты ойготкон жаздын образы толук ачып берилди. Окуучулар жаз менен гүлдөргө байланышкан бир топ сөздөрдү англис тилинде бирбирине түшүндүрүүгө да үйрөнүштү.

Санабар Абдиназарова билим майданында 40 жылга жете эмгектенип жаш муундарга англис тилин жеткиликтүү үйрөтүү багытында көптөгөн тажрыйбаларды топтогон.

-Чет тилине мектептен эле кызыкчумун. Ошон үчүн англис сабагын да жакшы билчүмүн. Бирок, иш жүзүндө чет тилин окуучуларга үйрөтүү кыйын экенин мугалим болгондон кийин билдим,-дейт Санабар эжеке.—Баары эле мага окшоп жан үрөп кызыкпайт экен. Аларга талапты да туура кое билүү, кызыктыра билүү мугалимдеги көйгөй экен. Көп изденип, чыгармачыл болуш керек турбайбы. Түйшүгү оор болгону менен бир кездеги көксөгөн мүдөөм ушул эле. Буга жетүүнүн өзү бакыт эмеспи. Жүздөгөн окуучулардын англис тилин үйрөткөн, эсинде калган эжекейимин. Жетекчи катары канчалаган келечек ээлерин тарбияладым. Бул—кесиптик сыймыгым.

Ооба, Санабар Абдиназарова кырк жылдык эмгек өтөп, эң биринчи окуучуларынын жүрөгүнөн түнөк тапты, элдин урматтоосуна татыды. Анын областтык билим берүү башкармалыгынын Ардак Грамотасы, ШББББнүн Ардак Грамотасы менен сыйланган. "Мен үчүн элдин урматтоосу зор сыйлык"-дейт шыктуу мугалим.

РАМАНКУЛОВА АСИ КУРМАНКУЛОВНА

Аси Раманкулова 1955-жылы 11-ноябрда Токтогул районунун Үч-Терек айылында туулган. 1973-жылы Бишкектеги Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун физика-математика факультетине окууга кирип, мугалимдик кесипке ээ болгон. Эмгек жолун 1977-жылы Токтогул районундагы Чкалов 8 жылдык мектепте иштөөдөн баштап, 1980-жылдан бери карай Кара-Көл шаарындагы Чолпонбай орто мектебинде иштеп келе жатат. Бул мезгил аралыгында Аси мектептеги комсомолдук уюмдун жетекчиси, тарбиялык иштер боюнча уюштуруучусу жана окуу бөлүмүнүн башчысы катарында ак эмгегин өтөп, үзүрлүү эмгектенип келди. Мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуу—ар бир мугалимдин кыймылын көз жаздымдан калтырбай көзөмөлгө алуу, мугалимдин сабак өтүүсүндөгү чеберчилигин талап кылуу сыяктуу ондогон милдеттерди талап кылат. Мындай жүктү Аси эжеке чыдап көтөрдү, түйшүктөндү, эл менен иштөөнүн кыйын жактарын түшүндү. Бир топ мугалимдерди ишке болгон жоопкерчиликке тарбиялады. Жаш муундарды Ата Мекенин сүйүүгө, эл-жери үчүн талыкпай ак кызмат өтөөгө тарбиялоодо нечендеген чыгармачылык дараметин сарптап, нечендеген изденүүлөр менен түйшүктөнбөдү.

Аси Раманкулова эки кыз, бир уулду тарбиялаган сүйүктүү эне. Шаардык жана областтык Ардак Грамоталардын ээси.

КЕРЕЗОВА САЛИМА АСКАРОВНА

Салима Керезова "Эл агартуунун отличниги","Эл Достугу" орденинин жана "Эмгектин Ардагери" төш белгисинин ээси.

Салима Керезова 1944-жылы 24-ноябрда азыркы Ноокен районундагы Кызыл-Туу кыштагында туулган. 1963-жылы азыркы Бишкек шаарындагы Кыргыз кыз-келиндер институтунун химия-биология факультетине кирип, аны ийгиликтүү аяктаган

жана 1968-жылы Ч.Түлөбердиев атындагы №2-орто мектебине шаарыбызга келип жумушка орношкон. Ошондон тартып мектепте Салима Керезова жаш муундарга билим-тарбия берүүнүн татаал жолунда үзгүлтүксүз 36 жыл бою эмгектенди.

-Түшүнгөн адамга мугалимдик ардактуу да, түйшүктүү да кесип. Себеби, мугалим бардыгынын билим менен көзүн ачат. Дүйнөдөгү бардык окумуштуу-илимпоз, учкуч-космонавт, окумуштуу-профессор же президент, депутаттар да алгач ирет мугалимден билим алышкан,--дейт эже сыймыктануу менен. -Ал эми түйшүктүү жагы мугалим басса-турса изденет. Сабагын өтүп эле тынч эс алып калбайт. Ар бир теманы окуучуга кандайча жол менен кызыктуу, жеткиликтүү өтүүнүн ыкмаларын, жолдорун издейт. Көрсөтмө куралдарды даярдайт. Классындагы кээ бир тарбиясы татаал, же социалдык деңгээли начар, кайсы бир ата-энеси ж.б.толук болбогон баланын ички дүйнөсүндөгү өксүүсүүн, окуучунун мындай абалы аны башка жолдорго түртүп ийишинин алдын алууну да класс жетекчи иштен кеткенден кийин үйүндө да тынымсыз ойлонот.

Союздук система таркады, коом өзгөрдү. Бардык тармакта өзгөрүүлөр болду. Бирок бир гана мектеп нугунда иштеди. Мугалимдер эмгектенип жатышты. Анткени, кандай коомдо жашабасын адамзатка илим менен билим аба менен суудай керек экенин ким тана алат. Ошондой болсо да кечээ эле союз мезгилинде эл арасында кадыр-баркы жогору, эмгек акысы жетиштүү жашап келген мугалимдердин даражасы коомдо эң төмөн түшүп кеткенин да эч ким танбайт. Ишсиздик башталды. Мугалимдин иши бар, бирок, эмгек акысы төрт тыйын. Турмушунда эч нерсеге жетпейт. Үй-бүлөсүнүн көйгөйү көбөйдү. Кедейчиликке кептелди. Жакыр турмуштан жүдөштү. Анткен менен мугалимдер билимдүү, көзү жетик калк эмеспи. Элге ар качан билим керектигин, келечекте эртеби-кечпи билим саяпкерлерине жетишерлик көңүл бурулаарын сезишип, бирин-серин кеткени болбосо, көбү чыдап иштешти. Эми мындан ары мугалимдердин кадыр-баркынын көтөрүлүшү, жашоо-турмушунун оңолушу мамлекетибиздин экономиксынын өсүүсүнө көз каранды. Ылайым эле эл-журт тынч болуп, мамлекетибиздин экономикасы өнүгүп кетсе экен.

Ооба, көптү көргөн мугалимдин айтканында калет жок. Му-

галим билимдүү калк. Мугалим—түйшүкчүл калк. Эгерде ал жалкоо, эрикчээл болсо эч убакта мугалим болуп иштей албайт. Коом өзгөрдү, мугалимге талап да өзгөрдү. Мурдагыдан да терең изденүүнү, окутууну талап кылууда жаш муундар. Мугалим жүртуна жараткан күч-кубат, изденүүчүлүк чоң дарамет берсин.-деп тилейли биз дагы.

ФАНАРА ЖАКУТОВА

"Эл агартуунун отличниги" бир нече сыйлыктардын ээси. Токтогул районундагы Тельман айылында 1957-жылы 19-ноябрда кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1973-жылы айылындагы Тельман атындагы мектептен 8-классты аяктап Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына кирген. Окуу жайды аяктагандан кийин өзү окуган мектептен эмгек жолун баштаган, кийин 1979—1983-жылдар мезгилинде Кызыл-Ураан орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуп иштеген. 1983-жылдан тартып Токтогул районундагы Ломоносов атындагы орто мектебинде иштеп жүрүп, 1992-жылы Кара-Көл шаарында Чолпонбай мектебине ишке орношуп, ушул күнгө чейин эмгектенүүдө. Өзүнүн 35 жылдык эмгек жолунда бир топ ийгиликтерди жаратып келди жана бир канча Мактоо грамоталардын ээси болгон. Өзүнүн көп жылдык эмгек жолунда жүздөгөн окуучулардын эсинде сүйүктүү мугалим катары кала тургандыгы менен сыймыктанат.

Чоң класстар менен майда класстарды окутуунун ортосунда абдан чоң айырма бар,-дейт Фанара Жакутова. -Майда класстар менен иштегенде өзүң да бала менен бала болосуң. Ар бир окуучунун мүнөзүн изилдейсиң, кыял-жоругунун өзгөчөлүгүнө жараша сүйлөшөсүң, алдайсың, мактайсың...

Чынында эле мектептин түйшүктүү турмушуна өзүнүн 35 жыл өмүрүн сарптаган мугалим ар бир окуучу менен жекече тил табышып иштегендиги менен айырмаланат.

Үй-бүлөдө эки уул, бир кыздын мээрбан энеси.

КУРМАНАЛИЕВА УРБУКАН ТОКТОНАЛИЕВНА

"Эл агартуунун отличниги". Эмгек стажы 29 жыл.Чолпонбай атындагы мектепте француз тилинен сабак берет. Жогорку кесиптик чеберчиликке ээ.

Шаардын аймагында Урбүкан Курманалиева өтө чебер жана мыкты мугалим экенин билбегендер аз чыгаар. Анткени, акыркы он жылдан ашуун мезгилден бери жыл сайын областтык, Республикалык окуучулардын олимпиадасында Урбүкан Курманалиева окуткан окуучулары француз тили боюнча башкаларга алдыңкы орундарды бербей келе жаткандыгы буга күбө.

Урбүкан Курманалиева өз кесибинин чебер устаты, балдарга француз тилин үйрөтүүдөгү логикалык ой, так ойлонуу жөндөмдүүлүгүнүн күчтүүлүгү менен айырмаланып турат. Биз сөзүбүздү далилдүү мисалдар менен ачып берели:

2003-2004-окуу жылында 10-11-класстын окуучулары З.Ажибаева, Ш.Дорбонова, республикалык олимпиадада 3 байлегүү орунга ээ болушса, 2005-2006-окуу жылында У.Т. Курманалиева областык олимпиадада 1-орунга ээ болгон. 2006—2007-окуу жылында 10-класстын окуучусу Ташыбек кызы Акылай 1-орунга, 11-класстын окуучулары У. Курманалиева, 2-орунга, С.Акматжанова 3-орунга ээ болушкан. Мектепте 2008—2011-жылдар аралдыгында француз тили боюнча олимпиадада алдыга чыккан окуучулардын саны 18 болду. Бул айтканга гана оңой. Ушул ийгиликтин өзүндө Курманалиева Урбүкандын баа жеткис чоң чыгармачылык эмгеги, кесибине болгон терең берилүүсү жана ак ниет эмгеги жатат. Изденүү жана түйшүк, убакыт сарптоолор. Талыкпаган аракеттер. Окуучуларга Француз тилине кызыктыруунун жаңы - жаңы табылгалары... "Француз тили" класстык бөлмөнүн мазмундуу жана жагымдуу жасалгаланышы да купулга толуп, көңүлүңдү бурат. Албетте мында да мугалимдин чыгармачылык изденгичтиги менен табылгалары айкалышып турганын төгүндөөгө болбойт.—Чет тилин окутуу оор, бирок жетишсе болот,-дейт Урбүкан, ар бир окуучу менен сабак сайын жеке иштөөгө, ар биринин теманы өздөштүрүүсүнө бирден көзөмөл жүргүзүүгө жетишүү керек. Ар бир сөздүн туура айтылышы билимдин деңгээлин аныктагандыктан, ар бир окуучунун тилин "таптоого"бир эле сөздү бир нече жолу кайра-кайра кайталатып айттырууга, так сүйлөө үчүн ооз көндөйүндөгү тилдин кыймылын кандай аракетке келтирүүгө чейин үйрөтөт.

Өзүнүн чыгармачылык дараметине жана мугалимдик чеберчилигине ишенген Урбүкан Токтоналиевна бир нече ирет шаардык, областтык деңгээлде көргөзмөлүү ачык сабактарды сук-

танарлык кылып өтүп бергендигин да баса белгилөө максатка ылайык. Натыйжада чебер жана изденгич мугалим областык семинардын катышуучуларынын сунушу боюнча "Эл агартуунун отличниги" наамына көрсөтүлдү.

Мындан тышкары У.Курманалиев тил үйрөтүп гана чектелбестен класс жетекчи катары да оор жүктү аркалап, классында тарбиялык иштерди жүргүзүүдө, класстан тышкаркы көптөгөн уюштуруучулук иштерге да чоң жоопкерчилик менен мамиле жасап ийгиликтерге жетишип келатышы Урбүкандын тубаса жөндөмдүү инсан экендигин айгинелеп турат. Мектептин коомдук бардык иштерине классы да, өзү да ар дайым активдүү катышып, алдыңкы катарда турат.

Өз билимин жогорулатуу үчүн бир нече жолу Бишкектеги мугалимдердин билим өркүндөтүү институтунда курстан өтүп келген. Ошондой эле 1997-жылы Франция мамлекетине 2 айлык стажировкада өз билимин өркүндөтүп келген.

Учурда өзү иштеген мектепте гана эмес, шаардын мектептериндеги жаш мугалимдерге да чет тил сабактарын өтүүдөгү жаңычыл, интерактивдүү ыкмаларды колдонууну жана бай тажрыйбасын үйрөтүүдө насаатчы катары кадыр-сыйдын ээси.

НУСУБАЛИЕВА НУРИЯ КЫМБАТКАНОВНА

Н.К.Нусубалиева "Эл агартуунун отличниги". Мектепте 1983-жылдан бери эмгектенип келүүдө. Окуучуларды немец тилине кызыктыруу үчүн изденип, ар түрдүү жаңы ыкмаларды колдонот. Ар бир сабагында окуучуларга теманы жеткиликтүү өтүү үчүн жана балдарды немец тилине кызыктыруу максатында оюндарды, ырларды, техникалык каражаттарды пайдаланат. Сабактарга даярдануууда окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен пландаштырат. Ар бир сабактын темага ылайык талаптын деңгээлинде жабдылышына көңүл бурат. Сабак өтүү учурунда дифференциалдуу жана жеке окуучулар менен иштөөнү көп пайдаланат. Өз ишине тактыгы, билим берүүдөгү же мектеп көйгөйлөрүндөгү проблемалык маселелерди көрө билгендиги, так сунуштарды айта билгендиги менен да айырмаланат.

Нурия Нусубалиева мектепте класс менен иштөө же мугалим катары сабак гана бербестен мектеп администрациясында да бир топ эмгек сиңирип келгендигин айтууга болот. Ал бир жыл ди-

ректордун тарбиялык иштер боюнча орун басары, эки жыл окуу бөлүмүнүн башчысы, 7 жыл директор болуп иштөө менен жалпы мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоого да бир топ салымдарын кошту. Мектептин чарбачылыгын жакшыртууда 3 долбоор жазып, аны ишке ашырды. Натыйжада мектептин спорт залынын полу жаңыртылып, мектептин чатыры шифер менен жабылды жана терезелер жаңыртылып коюлду. Албетте мындай көрсөткүчтөр Нурия айымдын талыбаган көп эмгегинин, алга умтулуусунун, учур талап кылган милдеттерди так аткаргандыгынын натыйжасында колго кийирилди.

Нурия Кымбатхановна мектепте эмгек адамынын укугун коргоочу профсоюздук уюмдун жетекчиси катары да бир топ эмгегин сарптап келүүдө. Мында өзүнүн уюштуруучулук касиетке ээ экендигин бир нече жолу иш жүзүндө көрсөтүп келе жатат.

ЖУСУПОВА ТАМАРА КЕРИМБАЕВНА

Т.К.Жусупова "Эл агартуунун отличниги".1955-жылы Жалал-Абад шаарында туулган. №5-Орто мектепти бүтүп, бала бакчада тарбиячы, педагогикалык окуу жайда кадр бөлүмүнүн инспектору, мектепте мугалим болуп иштеген. Билими жогору. Ош Мамлекеттик педагогикалык окуу жайынын филологиялык факультетин бүтүргөн. Мектепте орус тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенип келүүдө. Жогорку квалификациялуу мугалим. 1989-жылдан бери шаардагы №4-3-2-мектептерде орус тили жана адабиятынан сбак берди жана ШББББүндө инспектор, усулчу болуп да эмгектенди. Жаш мугалимдерге мектепте туура жана жагымдуу шарт түзүп берүүнү, алардын өз кесибине тез үйрөнүп, өзүнө-өзү ишенип жакшы иштеп кетүүсүнө жардам берүүгө көп күч жумшайт. Мектеп жетекчилиги менен жакындан иштешип, мектептеги кырдаалды анализдеп, пландаштырып жана ар жылы шартка байланыштуу өзгөртүп алууга кеп-кеңеш, сунуштарын киргизчү. Мектеп жетекчилигинде финансылык камсыздоону колго алып иштеди. 2003-жылы мектепте башталгыч класстар боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы, 2007—2010 – жылдарда мектептин директору болуп эмгектенди.

Тамара Керимбаевна терең- билимдүү жана жаңы эрежелер менен талаптарды мыкты өздөштүргөн мугалим катары мектеп бүтүрүүчүсүнүн моделин иштеп чыгууга, республикалык курри-

кулумду жамаатта түшүндүрүү иштерине, мектептин куррикулумун иштеп чыгууга кошкон чоң салымы бар. Мугалимдердин айлык акыларынын өз убагында берилишине, алардын ар тараптуу укуктарынын корголушуна, ж.б. маселелердин чечилишине да мыйзамдуу жолдор менен талаптарды коюуга салымы чоң. Тамара Керимбаевна эч убакта жасалмалуулук, кошомтчылык жана эки жүздүүлүк менен келише албаган чынчыл мүнөзү менен көптөрдөн айырмаланган айым.

ТҮРКБАЕВА КАЛИМАН АСКАРБЕКОВНА

Калиман Түркбаева "Эл агартуунун отличниги". 1956-жылы, 8-мартта туулган.Билими жогорку, В.Маяковскийатындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун физика-математика факультетин 1980-жылы аяктаган. Эмгек жолун Токтогул районуна караштуу Чкалов атындагы орто мектепте математика мугалими болуп иштөө менен 1981-жылы баштаган. Ал жерде 1989-жылга чейин иштеп, мектепте 1989—1993-жылдарда директор, анан шаардагы №2-орто мектепте 1993-2004-жылдарда окуу бөлүмүнүн башчысы жана тарбиялык иштери боюнча директордун орун басары, 2004-жылдан ушул убакка чейин мектепте математика мугалими болуп жигердүү эмгектенип келе жатат.

Калиман Түркбаева мектепте жаш муундарды билимге сугаруу менен бир мезгилде эле өлкөбүздүн жана шаарыбыздын саясий турмушуна да, коомдук иштерине да активдүү салым кошуп келгендердин катарында өзүнүн орду бар десек болот. Тагыраак айтканда дайыма Кыргыз Республикасынын Президентин, Жогорку Кеңештин жана Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо учурунда участкалык шайлоо комиссиясынын бир нече жолу төрайымы жана шаардык шайлоо комиссиясынын төрайымы болуп шайланган.

К.Түркбаева 1989-1999-2009-жылдарда болуп өткөн 3 жолку Улуттук эл каттоодо да инструктор болуп иштеген.

Калиман айым жогоркудай коомдук тапшырмаларды, кошумча жумуштарды аркалоого өзүнүн ишке болгон так жоопкерчилиги, сергек түшүнүгү бар экендиги менен жетишкен. Шайлоо-

лордун жүрүшүндө артынган коомдук милдетин ар-намыс менен аткарып келгендиги анын буга чейин алган бир топ сыйлыктарынан көрүнүп турат.

Иштерман мугалим 2002-жылы областтык мамлекеттик администрациянын, 2004-жылы шаардык Кеңештин жана мэриянын, 2005-жылы шаардык билим берүү бөлүмүнүн, 2006-жылы шаар мэриясынын, Жалал-Абад областык билим берүү башкармалыгынын, 2007-жылы КРнын билим жана илим министрлигинин, 2008-жылы КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын жана шаардык Кеңеш менен мэриянын, 2009-жылы КРнын Улуттук статистика комитетинин Ардак грамоталары, ал эми 2010-жылы "Кыргыз Республикасынын "Билим берүүнүн отличниги" төш белгиси менен сыйланган.

Калиман Түркбаева үй-бүлөлүү, беш перзенттин сүйүктүү жана мээрбан энеси. Балдарынын билимдүү болуусу үчүн да мыкты камкордук көргөн эненин улуу баласы Нарынбек Кыргызстандын эл аралык университетин бүтүргөн, кесиби юрист; кийинки уулу Белекбек Юридикалык Академияны бүтүргөн, кесиби бажы кызматкери , кызы Айсулуу "Ата-Түрк-Ала-Тоо" унриверситетинин 3 –курсунун студенти.

Михаил Васильевич Фрунзе атындагы №3-орто мектеп

М.В.Фрунзе атындагы №3-орто мектеп 1973-жылдан бери карай иштеп келе жатат. Бул мектеп 720 орунга ылайыкташып, адегенде орус мектеби болуп ачылган, акыркы жылдардан бери орус жана кыргыз тилинде окутулуп келе жатат. Мында ондогон мыкты мугалимдер эмгектенип келишкен. Алардан пенсиядагылардан Редько О,И,. Выграненко Е.Д., Соловьева Т.А., Катунина М.И., Черноткач Т.Д., Охаева Н.М., Корнилова З.К., Никулин А.П., Панова И.М., жана башкалар ондоп саналышат. Мектеп мындан башка да билим берүүнүн ондогон отличниктери менен сыймыктанат. Директор Исаева Тынара Жолчубековна.

ИСАЕВА ТЫНАРА ЖОЛЧУБЕКОВНА

Исаева Т.Ж. 1971-жылы Токтогул районунда туулган. 1988-жылы Кара-Көл шаарындагы №3-орто мектепти бүтүргөндөн кийин Бишкектеги Гуманитардык Университетинин орус тили жана адабияты факультетине кирип окуп, мугалимдик кесипке ээ болгон.

Өзүнүн эмгек жолун Исаева Тынара кайра эле өзү окуган №3-орто мектебинен баштаган. Бул мезгилдер ичинде Исаева Т.өзүнүн кесибиндеги чеберчилигин, үлгүлүү аракеттерин көрсөтүп эмгектенүү менен коомдук бардык иштерге да активдүү катышкандынын натыйжасында ББББнүн, мектеп администрациясынын ишенимине ээ болуп 2008—2010-жылдарда башталгыч класстар боюнча директордун орунбасары болуп иштеген. 2010-жылдан ушул кезге чейин ушул мектепте директорлук кызматты аркалап келе жатат.

Мектеп жетекчиси болгондон бери бир топ көйгөйлөрдү чечүүгө жетишти. Мисалы, проекти жазып Мерси-ко эл аралык уюму менен биргелешип иштешүүнүн натыйжасында мектептин бүткүл канализацияларын, суу түтүктөрүн жана ажатканаы жаңылоого жетишти.

Азыр аталган мектеп шаарда бир топ жакшы көрсөткүчтөргө жетишип алдыңкы сапка чыгып келе жатат. Атап айтсак, 2011-2012-окуу жылында шаардагы мектептер арасында класстык бөлмөлөрдүн кароосунда 1-орунду жеңип алган. Мектепте спорт иштери да жакшы жолго коюлгандыгы шаардагы спорттук иш чараларда окуучулары биринчиликти алышкандыгынан көрүнүп турат. Шаардагы мектептер арасынан Аксельс боюнча сынактын жыйынтыгында да ушул мектептин окуучусу эң көп баллга ээ болгон.

Исаева Т.Ж.шаардык ББББнүн жана шаар мэриясынын Ардак Грамоталары менен сыйланган.

ТЕМИРКУЛОВА КУМАРКАН МАСУРОВНА

Темиркулова К.М. билим берүү тармагында 1975-жылдан бери жигердүү эмгектенип келе жатат. Өзүнүн 37 жылдык чыгармачылык жолунда окуучуларга билим-тарбия берүүдө эң жакшы ийгиликтерди жаратып келген мыкты адис. Окуучуларга немец тилин үйрөтүүдө берилген теманы жеткирүүнүн чебер

ыкмаларын таба билгендиги менен күчтүү. Сабакта окуучулардын кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрүнө жараша мамиле кылат. Кумаркан Масуровнанын изденгичтик чыгармачыл аракеттери текке кетпей, окуучулары шаардык, областтык, республикалык олимпиадаларга чейин катышышып алдыңкы орундарды алып келе жатат.

Окуучусу областтык олимпиадада 2-орунду алгандыгы үчүн Темиркулова К. 1996-жылы ББ министрлигинин грамотасы менен сыйланган. 2000-жылы мугалимдердин 11 сьездине делегат болгон. 2004-жылы чыгармачылык отчетун шаардык деңгээлде өткөргөн жана ушул жылы чебер мугалим "Билим берүүнүн отличниги" наамын алган.

Темиркулованын К.М. окуучусу 2007-жылы областтык олимпиадада 1-орунду, республикалык олимпиадада 7-орунду алууга жетишкени да анын натыйжалуу ишмердиги. Мындан башка областтык жана регионалдык деңгээлдеги семинарларда "Менин сүйүктүү кесибим", "Аң-сезимдин эрте бузулушунун себептери жана аны алдын алуунун жолдору" деген темаларда мазмундуу докладдарды окуган.

Немец тилин окутуу менен гана чектелбей Темиркулова К.М.класс жетекчи катары тарбиялоо багытында да көп изденип иштейт. 2007-жылы 11-класста өткөн "Бабалардын баа жеткис белеги" темасындагы конкурсу үчүн областтык Грамота менен сыйланган.Немец тилин үйрөтүүдө турмуштук мисалдарды көп пайдаланат.Өзгөчө Германия мамлекетиндеги шаарлар, достук, тилектештик жөнүндө грамматикалык эрежелер менен айкалыштырып өткөн сабактары жеткиликтүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Ар бир сабакта тыбыштар менен иштөөнү унутпайт. Өзүндөгү бай тажрыйбасын жаш мугалимдерге үйрөтүүдө насаатчы катары урматталат. Жаңы ыкмаларды колдонууга жана ойлоп табууга жетишип келет жана жаштарга да ушул талапты коет. "Кыргыз республикасынын билим берүү отличниги" наамынын ээси.

ОСМОНБЕКОВ ПАХТАКЕЧ

Осмонбеков П.1953-жылы 21-июлда Токтогул районунун Камыш-Башы айылында туулган.Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетинен билим алып, мугалимдик кесипке ээ болгон. Эмгек жолун Баткен областынын Кадамжай

районундагы Хайдаркан мектебинен 1975-жылы кыргыз тили жана адабият сабагынан мугалим болуп баштаган.

1978—81-жылдары аталган мектепте директордун тарбиялык иштер боюнча орунбасары болуп иштеген.1981—86-жылдары Ош областынын Фрунзе районундагы "СССРдин 50 жылдыгы" атындагы мектепте директор болуп турган. 1995-99-жылдарда Кара-Көл шаарындагы №2-орто мектепте директорлук кызматты аркалаган.

Осмонбеков Пахтакеч Кара-Көл шаардык мэриясында 1-категориядагы адис болуп эсептелет.2007-жылы №3-орто мектепке директор болуп, өз ишин кайра эле жаш муундарды тарбиялоого арнаган. Бул жылдардагы жемиштүү эмгеги үчүн П.Осмонбеков бир нече ирет областтык билим берүү бөлүмүнүн Грамоталарына татыктуу болгон. Ал эми 2011-жылы" Кыргыз Республикасынын элге билим берүү отличниги" төш белгиси менен сыйланган. Көп жылдык бай тажрыйбанын ээси катары жаш мугалимдердин ишенимдүү насаатчысы.

АТАМБЕКОВА ИНАЯТ ДЖАКУБОВНА

Атамбекова И.Ж. 1953-жылы 24-январда Таш-Көмүр шаарында туулган. Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын 1971- жылы аяктагандан кийин 1974-жылга чейин өзүнүн туулган айылында башталгыч класстар боюнча мугалим болуп иштеген. Андан ары Жаңы-Жол районундагы Райкомол мектебинде иштеп, 1976—77-жылдарда Таш-Көмүр шаарындагы Токтогул атындагы мектепте пионер –вожатый болуп эмгек жолун улантканан.

Атамбекова И.Ж.1980-жылдан бери Кара-Көл шаарында эмгектенип, №3-орто мектебинде башталгыч класстарда мугалим, 1998—2005-жылдарда башталгыч класстар боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы, 2005—2007-жылдары жогорку класстар боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. 1996-жыл Атамбековада И. "Жыл мугалими" сынагынын жеңүүчүсү болгону менен эсинде калды.

Өзүнүн билим берүү тармагындагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн Кара-Көл шаарынын билим берүү бөлүмүнүн Грамо-

тасы, Кара-Көл шаардык мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы, областтык мамадминистрациясынын Ардак Грамотасы, Жалал-Абад областтык билим берүү башкармалыгынын Ардак Грамотасы менен сыйланып келген. Ага 2007-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги" төш белгиси ыйгарылган.Азыр аталган мектепте мугалимдик кесибин улантып эмгектенүүдө.

КУРГИНОВА ЕЛЕНА ГЕННАДЬЕВНА

К.Е.Геннадьевна 1961-жылы 20-январда Свердлов областынын Артемовск шаарында туулган.

Кара-Көл шаарына 1967-жылы келип, М.В.Фрунзе атындагы №3-орто мектебин 1978-жылы бүтүргөн жана ошол эле жылы №2-орто мектепте пионер-вожатый болуп эмгек жолун баштаган. Кийинки жылы Ош педагогикалык институтунун филологиялык факультетине сырттан окуу бөлүүмүнө кирип, ийгиликтүү бүтүргөн.

1983-жылы №3-мектепте башталгыч класста мугалим болуп иштеп туруп, 1983-жылдан 5 жыл бою шаардагы балдар чыгармачылык үйүнүн директору болуп иштеди. 2005—2007-жылдарда №3-мектепте директор болду.Ал эми андан бери карай ошол мектепте башталгыч класстардын мугалими болуп иштеп келе жатат. Елена Геннадьевна мугалимдин жетишпегендигине байланыштуу дайыма 2 класс менен иштеп, өтө түйшүктүү экенине карабастан, окуучулары сабактарга жакшы жетишкендиктери менен айырмаланышат.Мунун өзү мугалимдин билим берүүдөгү изденгичтиги, аракетчилдиги менен түшүндүрүлөт. Көп жылдык эмгеги бир топ сыйлыктар менен бааланган: Ага Шаардык ББББүнүн Ардак Грамотасы, Шаардык мамлекеттик администрациянын Грамотасы, областтык ББ башкармалыгынын Ардак грамотасы, областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы берилген. Ал эми 2003-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги" наамы ыйгарылган.

АБЛАКУЛОВА САЛИМА

Аблакулова С.1950-жылы 6-мартта азыркы Ноокен районунун Момбеков айылында туулган. Айылындагы Ж.Турусбеков атындагы орто мектептен 8-классты аяктагандан кийин Жалал-Абад педагогикалык окуу жайына кирип, аны 1969-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган.1971-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна сырттан окууга кирип, 1977-жылы жогорку билимге ээ болгон.

Аблакулова Салима 1969-74-жылдарда Кочкор-Ата шаарчасындагы Ломоносов атындагы мектеп-интернатында эмгектенди.1974-жылдан Кара-Көл шаарындагы №2-орто мектепте башталгыч класстарда мугалим, 1985-89-жылдары ушул мектепте кыргыз тили жана адабияты боюнча чоң класстарда мугалим, 1989—97-жылдары мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенди. 1997-жылдан бери №3-мектепте кыргыз тили жана адабияты сабагынан билим берип, үзүрлүү иштеп келүүдө.

Аблакулова Салима шаардагы көптөгөн уюштуруучулук иш чараларга ар дайым активдүү катышып келгендиги менен элге белгилүү. 1990-жылдан бери шаардык "Нооруз" майрамынын Умай энеси. 2002-жылы болуп өткөн шаардык "Мырзайым" сынагынын жеңүүчүсү. Билим берүү тармагындагы жана коомдук иштерге кошкон слымы үчүн Аблакулова С.Шаардык БББнүн Ардак грамотасы, шаарды мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы менен сыйланган. 1984-жылы Кыргыз ССРинин агартуу Министрлигинин буйругу менен "Улуу мугалим" наамын алган. 1989-жылы "Кыргыз ССРинин элге билим берүү отличниги" наамын алган.

АЛДАКЕНОВА АТЫРКҮЛ БИРИМКУЛОВНА

Алдакенова А.Б.1954-жылы 1-майда Калинин районунун Сары-Булак айылында туулган. 1972-жылы Токтогул районундагы Ж.Бөкөмбаев атындагы орто мектепти бүтүрүп, Бишкек шаарындагы В.В.Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунда окуп, математика бөлүмүн 1976-жылы бүтүргөн.

1976-жылы Кара-Көл шаарындагы №3-орто мектепте муга-

лим болуп эмгек жолун баштаган. Көп жылдык чыгармачылык жана үзүрлүү эмгеги аркылуу Алдакенова А.жүздөгөн окуучулардын урматтоосуна татыды. Класс жетекчи катары көптөгөн жаш муундарды мекенинин татыктуу атуулдары даражасына жеткирип тарбиялады. Улам алдыга умтулуп, сабак өтүүнүн көптөгөн жаңыча ыкмаларын өздөштүрүүгө жетишти. Мектептин жана шаардын коомдук иштерине да активдүү катышып келди. Далай жолу мектепте жана шаарда өтүлгөн семинарларда берилген темаларда мазмундуу докладдарды окуду.

2006-жылы өз тажрыйбасына таянып, чыгармачылык менен жазылган "Балдарды окутууда теорияны практикада колдонуу үчүн" деген китепчеси басылып чыкты. 2007-жылы 6-класстар арасында областтык олимпиадада 4 окуучусу 1-орунга жетишкендигинин өзү Алдакенова Атыркүлдүн мугалимдик чеберчилигинен дарек берип турат.

Алдакенова А.Б.чебер шахматчы катарында шаардык, областтык, республикалык мелдештерде ар дайым алдыңкы орундарга жетишип келе жатат. Жогорудагыдай көптөгөн ийгиликтери шаардык,областтык грамоталар, Ардак Грамоталар менен бааланган жана "Кыргыз Республикасынын эл агартуу отличниги" төш белгисинин ээси.

КАМБАРОВА ДИЛБАР ДЖУРАЕВНА

Камбарова Д.Д. 1963-жылы Көк-Жаңгак шаарында туулган. Орто мектепти 1981-жылы Кара-Көл шаарындагы №1 мектебинен аяктаган жана ушул эле жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна окууга кирген. Бул окуу жайды 1985-жылы бүтүрүп, жогорку билимге ээ болгондон кийин Токтогул районунда, Жалал-Абадда эмгектенди. Кара-Көл шаарында 1998-жылдан бери башталгыч класстар боюнча мугалим болуп №3-орто мектепте иштеп келе жатат. Мектептин, шаардын коомдук иштерине активдүү катышат. Жаш муундарга жеткилең билим берүү үчүн ар дайым чыгармачылык менен изденип аракеттенет. Класстар аралык ар түрдүү майрамдык жана тематикалык иш чаралардын сынагында, тарбиялык ачык сааттарда өзүнүн окуучуларынын тыкан,

чыгармачыл жана активдүүлүгү Камбарова Дилбар Джураевнанын окуу-тарбия ишинин таасирдүүлүгүнөн деп айтууга болот.

Камбарова Д.Д.шаардык билим берүү бөлүмүнүн Грамотасы менен сыйланган.

АБДУМУТАЛИПОВА РАИСА ХАМЗАЕВНА

Абдумуталипова Р.Х. 1953-жылы 7-майда Токтогул поселогунда туулган. 1970-жылы 10-классты аяктагандан кийин Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине сырттан окуу бөлүмүнө кирүү менен ошол эле институттун китепканасында эмгектенген. 1974-жылдан 1983-жылга чейин Токтогул районундагы Токтогул орто мектебинде иштөө менен 1976-жылы институтту аяктап жогорку билимге ээ болду.

Абдумиталипова Р.Х.Кара-Көл шаарына 1983-жылы келип, Токтогул атындагы №1-орто мектепте 1995-жылга чейин эмгектенди. 1995-жылдан баштап Фрунзе атындагы №3-орто мектепте орус тили жана адабияты боюнча мугалим болуп жигердүү эмгектенип келе жатат. Бул мезгил аралыгында бир нече жыл окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. Мугалимдерди ишке уюштурууда, алардын чыгармачылыгын өркүндөтүүдө бир топ билгичтик, талапчандык менен иш алып барды. Мектепте эмгектенген бардык жылдарында класс жетекчи катары ондогон, жүздөгөн окуучуларды коомго татыктуу кылып тарбиялоого жетишти.

Хамзаевна А.Р.өзүнүн көп жылдык ишмердүү эмгегинин натыйжасында областтык, шаардык жана Кыргыз республикасынын Билим министрлигинин Ардак Грамоталарын алды.

Шопоков атындагы №4-орто мектеп

Шопоков атындагы №4-орто мектеп өзүнүн билим берүү сапарын 1985-жылы 1-сентябрда баштаган. Мектеп ошол кездеги жаңыдан конуш алган "Достук" заводу менен "Фестивал" көчөсүнүн аймагынан орун алып, алгач ирет 684 окуучу мектеп босогосун аттаган жана 20 класстык бөлмөдө 37 мугалим жаш муундарга билим бере баштаган. Окуу эки нөөмөт менен жүргүзүлгөн.

Мектепте 1997-жылы мектептин физика жана математи-

ка мугалими Чынара Илипбаева республикалык "Жыл мугалими—97" сынагына катышкан жана сабак өтүүнүн эң мыкты, жаңы усулдарын колдонуу, чыгармачылык менен иштөө боюнча алдыга чыгып, 1чи орунду жеңип кайткан.

Алгачкы директорлор:

Гарипова Галия Манаповна -1985—2007-жылдары мектепти жетектеген.

Абатова Шаршенбү - 2007—2009-жылдары мектептин директору болуп иштеген.

2009-жылдан бери Бердигулова Раткан Кадырбаевна директор болуп иштеп келе жатат. Азыркы күндө мектепте 423 окуучу билим алууда.

Учурда жалпы мугалимдердин саны -31, Эл агартуунун отличниктери – 4, жогорку категориялуу мугалимдер – 17, 1-категориядагылар – 5, 2-категориядагылар – 4 мугалим.

БЕРДИГУЛОВА РАТКАН КАДЫРБАЕВНА

Раткан Бердигулова 1967-жылы 11-январда Токтогул районунда кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Токтогул районундагы Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектепти 1984-жылы аяктаган жана 1984—1986-жылдарда Токтогул районундагы Куйбышев атындагы орто мектепте пионер-вожатый болуп иштеп туруп, 1986-жылы Бишкек шаарындагы орус тили жана адабияты институтуна кирип, аны 1991-жылы ийгиликтүү аяктаган. Жогорку окуу жайын бүтүргөн 1991-жылы Кара-Көл шаарынын Фрунзе атындагы №3-орто мектебинен мугалимдик кесип боюнча эмгек жолун баштаган.

Р.К.Бердигулова 1997—1999-жылдары Токтогул районундагы Нургазы Бримкулов атындагы гимназияда орус тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенип, 1999-2001-жылдары ушул эле райондогу "Кетмен-Төбө" лицейине иштөөгө атайын өткөрүлгөн сынактын негизинде которулуп, ошол жерде орус тили жана адабияты боюнча мугалим болуп эмгектенген.

2001-жылдын сентябрь айынан баштап кайрадан Кара-Көл шаарындагы №4-орто мектебине орус тилчи мугалими болуп

кирип, 2002-жылдан баштап ал мектепте окуу-тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп дайындалган.

2007—2008-жылдары мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп, 2009-жылдын август айынан бери ушул мезгилге чейин аталган мектепте директор болуп иштеп келе жатат.

Ал Кыргыз Республикасынын билим берүү жана алим министрлигинин,областтык методикалык борборунун ,Кара-Көл шаарынын мэриясынын, Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөлүү, бир уул, эки кыздын сүйүктүү энеси.

ГАРИПОВА ГАЛИЯ МАНАПОВНА

Бүткүл жаштыгын жана чыгармачылык, ишмердик күч-кубатын, дараметин кыргыз мектептеринде билим алган жаш муундарга сарптаган татар кызы М.Г.Гарипова 1947-жылы 20-февралда Ош областынын Ленин районуна караштуу Кара-Көл кыштагында туулган. 1966-жылы М.Г.Манапова Кара-Көл шаарындагы №1-орто мектебин бүтүрүп, эмгек жолун өзү бүтүргөн мектебинде пионер-вожатый болуп иштөөдөн баштаган.

1972—1985-жылдары Кара-Көл шаарындагы Ч.Түлөбердиев атындагы орто мектебинде вожатый жана биология сабагынын мугалими болуп эмгектенген. Ушул эле мектепти 1985-жылдан 2007-жылга чейин директор болуп жетектеп келген. Өзүнүн жаштык жигерин жана 47 жылдык өмүрүн шаарыбыздын мектептеринде окуучуларга татыктуу билим жана тария берүүгө арнап, 2007-жылы эс алууга чыкканга чейин эмгектенген.

1990-2000-жылдар мезгилинде билим берүү тармагында биздин шаарда кандай алгылыктуу иштер болсо, ал эң биринчи №4-орто мектептен—Галия Гарипова жетектеген мектептен башталчу. Элдин баары анын чыгармачылык, уюштуруучулук жана демилгечилдик, жаңычылдык дараметинин күчтүүлүгүнө таңданышаар эле. Ар кандай тематикалык иш чараларды ийине жете уюштуруп, шаардык деңгээлдеги иш чараларда мектеп биринчиликти колдон чыгарчу эмес.

Билим берүү тармагына, же бир тематикалык уюштуруу иши-

не байланышкан шаардык деңгээлдеги жыйындарда сөзсүз Галия Манаповна өзүнүн "жарк" этип көзгө көрүнө кала турган жүйөлүү идеясы менен элдин көңүлүн бурчу жана анын жыйынтыгы болору талашсыз эле.

Көп жылдар мектепте иштөө менен кыргыз жигити менен түтүн булатып, уул-кыздарды өстүрүп, алар турмуштан татыктуу орун алышында бул аялзатынын эмгеги чоң. Элдин салтын, үрп-адатын абдан урматтап, ар убак өз турмушунда колдонуп келет. Шаардыктардын кимиси болбосун Галия Гарипованы урматташат.

Эгерде бул инсандын жарым кылымдык билим тармагындагы эмгегин эске ала турган болсок, анын жүздөгөн окуучулары ар кай тармактын адистери, кадрлары.

-Мугалимдин ушунусу кызык, өзүң окуткан окуучуңдун уул-кыздары кайра эле сага келип окуп калышат. Аны укканда тим эле өзүңдүн неберең келип калгандай кубанып коесун. Окуучуларың жакшы адам болуп, үй-бүлө күтүп өсүп-өнүп жатканын баалап ичиң жылыйт,-дейт Галина Гарипова. - Азыр чынын айтсам менин алгачкы окуучуларымдын неберелери мектепте окуп жатышат. Эмнеси болсо да элибиз илим-билимдүү болуп, мамлекетибиз өсүп-өнүксө экен.

Билим берүүнүн мыкты устаты, шаарыбыздын кадырман инсаны Галия Гарипова өз мезгилинде коомго салым кошуудагы активдүү инсан катары көптөгөн республикалык, областтык конференцияларга делегат болуп катышты. (Делегаттарды эмгектин эң мыктыларын, алдыңкы сапта жүргөндөрдү гана партиялык, комсомолдук уюмдардан же өзү иштеген тармактан элдин жалпы чогулушунан тандап көрсөтүшчү)

Г.Гарипова мыкты ишмер инсан катары союз мезгилинде шаардык Кеңешке депутат болуп да шайланган.

Чыгармачылык эргүү менен иштеген жетекчи-адистин "Сабакта багыт берүү", "Жаратылышты коргойлу","Жашоонун сак- саламаттуу образы" сыяктуу бир топ кызыктуу макалалары республикалык газета-журналдарга жарыяланып келген. Көп жолу областтык жана республикалык педагогикалык окууларга катышып, жаш муундарга билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча мазмундуу докладдарды окуган. Мындай докладдары үчүн областтык билим берүү башкармалыгынын жана республи-

калык билим министрлигинин Ардак Грамоталары менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын "Эл агартуу отличниги". Үй-бүлөдө 2 кыз, 1 уулдун жана көптөгөн неберелердин сүйүктүү энеси.

Ал "Бүткүл союздук пионер уюмуна 50 жыл" ,1974-жылы республикада "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү"төш белгилери, 1984-жылы СССРдин агартуу министрлигинин, 1987-жылы Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин жана Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин Ардак Грамоталары менен сыйланган.

ТАЖРЫЙБАСЫ РЕСПУБЛИКАГА ЖАЙЫЛТЫЛГАН

Мүсүралиев Байышбек Казыбекович 1959-жылдын 16-ноябрында Жалал-Абад областынын Ноокен районундагы Сакалды айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.

1967-жылы Кара-Көл шаарындагы №2-орто мектептин 1-классына кирип, 1977-жылы орто билим алып чыккан. Өзүнүн келечектүү эмгек жолунун башаты 1978-жылы №6-орто мектепте пионер-вожатый болуп иштөө менен башталган. 1978-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин филология факультетине окууга кирип, аны 1985-жылы ийгиликтүү аяктоо менен кыргыз тили жана адабияты боюнча адистик алган.

Мүсүралиев Байышбек Казыбекович 1985-жылдан №4-орто мектепте тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп иштеген. 1991-жылы №5-орто мектепке директор болуп дайындалат. Кайра эле 1994-жылдан Шопоков атындагы орто мектепте кыргыз тилчи мугалим болуп ийгиликтүү эмгек жасап, окуучуларга билим-тарбия берүүдө, билим берүүнүн чеберчилигин жогорулатууда, жеткиликтүү билим берүүнүн жаңы усулдарын ойлоп табууда чыгармачылык чыныгы жигер менен эмгек жолун улантып келүүдө.

Байышбек Мүсүралиевдин кыргыз адабиятын окуткан окуучулары ар бир сабактын алдында адатка айланган "5 минут поэзия" салтына катышышат жана кыргыз элинин поэзия дүйнөсүнө сүңгүп киришип, не бир сонун ыр кайрыктарын көркөм окушат,

жатка айтышат, ага уланта айрым талантына жол тапкысы келген окуучулар өздөрүнүн туңгуч чыгармаларын, ырларын окуп беришет. Алардын арасында ыр , аңгеме ж.б. жазуу жагынан азыр элге бир топ таанымал болуп калган окуучулары бар.

Мүсүралиев Б.К. табиятынан болгон жөндөм-шыгын жана изденгич чыгармачылыгын жалаң жаш муундарга терең билим берүүгө багыттаган сейрек кездешүүчү билим саяпкери. 2011-жылы июнь айында Байышбек Мүсүралиевдин эмгек тажрыйбасын республикабыздын мектептерине кеңири жайылтуу максатында Шопоков атындагы №4-орто мектепте республикалык 2 күндүк семинар уюштурулду жана семинарга катышкан көптөгөн мугалимдер талантуу кыргыз тилчинин талыбаган изденгичтигине, сабак өтүүнүн жаңы-жаңы усулдарын табууга тынымсыз умтулуп келген аракетине, көп жылдык бай тажрыйбалуу дараметине чын дилден ыраазы болуу менен өздөрүнө да көптөгөн жакшы тажрыйбаларды алып кетишти. Шаар аймагында да мыкты тажрыйбаны жайылтуу максатында бир топ семинарлар болуп келүүдө.

Дагы бир өзгөчө белгилөөгө татыктуу жагдай Байышбек Мүсүралиевдин тыкан, сарамжал жана эч убакта эринбеген мээнеткечтик сапаты. Дүйшөнкүл атындагы мектепке барып, Байышбектин иш бөлмөсүнө кирип калсаңыз, анын окуучуларга өтүлгөн кыргыз тили жана адабияты боюнча сабактарынын иштелмелери өзүнчө эле ондогон томдорго барабар болуп бажырайып жазылып ирээттелип турат. Бул не деген эмгек, не деген гана баа жеткис дарамет, аракет! Ар бир темага китептеги берилген материалдардан сырткары ага кошумча жыйналган газета-журналдардан жана башка адабияттардан алынган маалыматтар кошо тиркелген. Өз-өз ордунда, ырааттуу. Керектеген убакта табуу да оңой. Мындай эмгекти, ирээттүүлүк менен сарамжалдыкты бүгүнкү күнү "Компьютер киши" деп гана баалоого татыктуу деп ойлойсуң. Шурудай тизмектеп жазган колунун сулуулугу өзүнчө, изденгичтиги өзүнчө, эринбеген ышкысы өзүнчө сөз кылууга арзыган мындай инсан эл ичинде өтө сейрек кездешет деп ишенимдүү эле айтууга болот.

Талыбаган мээнеткеч жана чыгармачыл мугалим Байышбек Мүсүралиев мектептен сырткары шаардагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кара-Көл колледжинде да кыргыз тили

жана адабияты сабагы боюнча ага окутуучу болуп жигердүү эмгектенип жатат. Колледждин жамаатында жаш адистердин сүйүктүү насаатчысы жана жамаат ичинде зор урмат-сыйдын ээси. Кайда болсо "Жакшынын шарапаты тийет" дегендей өткөн жылда колледждер арасында болуп өткөн областтык сынакта сабак өтүүдөгү чеберчилигинин натыйжасында биринчиликти жеңип, окуу жайдын кадыр-баркын тийиштүү даражада көтөрө алды.

Байышбек Мүсүралиевдин бир топ чыгармачылык изденүү менен жаңы ыкмаларды колдонуп өткөн сабактарынын иштелмелери "Кутбилим" жана областык "Дил" газетасынын беттерине жарыяланып келүүдө.

1995-жылы Кыргыз Республикасынын Билим Берүү министрлигинин Ардак Грамотасы, 2004-жылы "Билим берүүнүн отличниги" төш белгиси, 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиясынын, 2007-жылы Кыргыз билим берүү Академиясынын грамотасы менен сыйланган.

Байышбек Мүсүралиев. үй-бүлөлүү, Жубайы Илипбаева Чынара да кесиби боюнча мугалим,

4 кыз, 1 уулдун сүйүктүү ата-энеси.

БИЛИМ КӨКҮМОВА

Билим Көкүмова 1949-жылы Кетмен-Төбө өрөөнүндө жумушчунун үй-бүлсүндө туулган. Токтогул районундагы Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектебин 1967-жылы бүтүргөн. Ушул эле жылы Бишкек шаарындагы "СССРдин 50 жылдыгы" атындагы кыргыз мамлекеттик университетине кирип, 1973-жылы математика боюнча адистигин тастыктаган дипломду алган.

Көкүмөва өзүнүн эмгек жолун 1973-жылы Таш-Көмүр шаарындагы № 4 –орто мектебинде математика сабагы боюнча мугалим болуп иштөөдөн баштаган. Жаш болсо да өз ишине тыкан жана кесибине берилген жаш мугалим ошол мезгилде эле Таш-Көмүр шаардык комсомол комитетинин жана мектеп администрациясынын бир топ мактоо грамоталарын алууга жетишкен.

1975-жылы Билим Көкүмова Кара-Көл шаарындагы №1-орто мектепке келип ишке кирген. Жыл өткөн сайын сыймыктуу жана түйшүктүү кесиби боюнча бай тажрыйбага ээ болуп барды. Улам өзүнөн кийинки муундарга салыштырмалуу тажрыйбасы артып, кесиптештеринин арасында сый-урматка ээ боло берди. 1985-жылдан баштап шаардагы Шопоков Дүйшөнкул атындагы №4-орто мектепке которулуп, ушул күнгө чейин иштеп жатат.

Мугалим өзү табиятынан изденгич жана чыгармачыл, түйшүкчүл келет эмеспи. Билим Көкүмова окуучуларга матетматика сабагынан билим берүү менен гана чектелбестен, класс жетекчи катары көп иштерди аткарып келди. Ал жетектеген класс мектептер арасында жана класстар арасында ар кандай сынак-жарыштарда алдыңкы орундарга чыгып келгендиги да белгилүү. Ошентип, Б.Көкүмова өз эмгек жолунда бир топ урмат-сыйдын ээси болду, сыйлыктарга да жетишти.

1995-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасын, 1996-жылы "Эл агартуунун отличниги" наамын алды. Мындан башка көптөгөн шаардык, областтык жетекчиликтин, билим берүү тармагынын грамоталарын алууга татыктуу болгон.

Билим Көкүмова эки кыз, бир уулдун, бир топ неберелердин ардактуу энеси.

ТОКТОБАЕВА КАЛИПА ДОМОРБЕК КЫЗЫ

Калипа Токтобаева 1955-жылы 1-майда Аксы районундагы Ак-Суу кыштагында жылкычынын үй-бүлөсүндө туулган.

1972-жылы Ак-Суудагы А.Осмонбеков атындагы орто мектепти аяктап,1973-1977-жылдары Ош Мамлекеттик Педагогикалык Институтунун филология факультетинен билим алган жана кыргыз тилчи адистиги боюнча дипломуна ээ болгон.

1977-1978-жылдары азыркы Кербендеги жатак мектепте эмгектенип, 1978-1979-окуу жылында Кара-Көл шаарына келген жана ошондон бери шаардын билим берүү тармагында кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалим болуп эмгектенип келе жатат. Бул аралыкта 1978-1984-жылдарда Токтогул атындагы мектепте, 1985-1988-жылдарда Шопоков атын-

дагы орто мектепте мугалим жана окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген.

1998-2003-жылдары шаардын Жазы-Кечүү айылындагы Темиров атындагы №6-орто мектебинде директор, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. Андан бери карата кайра эле №4-орто мектепте өз адистиги боюнча жаш муундарга билим-тарбия берип жигердүү эмгек кылып келүүдө.

Калипа өзүнүн сөзмөрдүгү, сүйлөө мүмкүнчүлүгүнүн кененди-ги, окуучуларды өзүнө тарта билгендиги менен айырмаланган мугалим. Ар кандай теманы жөнөкөй эле күндөлүк турмуштан алынган мисалдарга байланыштыргандыгы менен жеткиликтүү түшүндүрө алат. Тилчи катары ар бир сөзүндө макалдарды кеңири колдонуп, ыр саптары аркылуу окуучулардын дилине ойду жеткире билет. Ондогон окуучулары Калипаны класс жетекчиси катары да терең урматташат.

1995-жылы шаардык, областтык, билим берүү жана маданият министрлигинин, 2005-жылы шаардык, областтык билим берүү бөлүмүнүн, 2006-жылы ноябрь айында шаар мэриясынын жана шаардык Кеңештин Ардак грамоталары жана 2006-жылы Кыргыз Республикасынын "Билим берүүнүн отличниги" төш белгиси менен сыйланган.

АЛЫКУЛОВА АСЫЛХАН ИСРАИЛОВНА

Асылхан Алыкулова 1958-жылы 13-августа Жалал-Абад областынын Советский селосунда жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1973-жылы Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайына кирген жана аны 1977-жылы ийгиликтүү аяктаган. Алгач ирет азыркы Ноокен районунун Сакалды айылындагы "Кызыл-Кыргызстан" мектебинен келечектеги эмгек жолунун чыйырын баштаган.

1977-жылы Кара-Көл шаарындагы Ч.Түлөбердиев атындагы №2-орто мектебинде иштеп, 1985-жылы жаңы ачылган Дүйшөнкүл Шопоков атындагы №4-орто мектебине которулган. Ошол жылдан бери карай Алыкулова Асылхан Исраиловна өзүнүн педагогикалык эмгек жолунда көп жылдык бай тажрыйбанын ээси болду. 2001-жылы Жалал-Абад-

дагы мамлекеттик педагогикалык университетине кирип, жогорку билим алган.

-Башкаларга байкалбайт. Мектеп мугалиминин жүгү билген адамга абдан оор,-дейт Асилхан. -Өзгөчө башталгыч класста иштөөнүн түйшүгү түмөн. Ар бир окуучуну 1-классында колунан кармап жаздырып, ар бири менен өзүнчө түшүндүрүп иштейсиң. Сезиминде көп нерселер табышмак бойдон келген наристелердин көзүн чынында мугалимдер ачышат. Ар бир окуучунун сезимине таасир этүүчү, окууга кызыктыруучу жагдайларды изденүү оңой эмес. Тынымсыз түйшөлүү, ойлонуу болот бизде. Жетише албай жаткан окуучуларың үчүн сарсанаа болосуң. Ата-энеси менен сүйлөшөсүң. Көп нерсеге түшүнүгүн ойготосуң...Тил жетпейт. Айрым учурларда өз баласынын психикалык өзгөчөлүгүн, калыптанган мүнөзүн билбеген ата-энелер келип биз менен урушкан да далай учурлар баштан өттү. Мындай учурда далилсиз дооматтарды укканыбыз биз үчүн канчалык оор. Ушулардын баары, анан да мугалимге коюлган талаптардын катуулугу акырындап ден соолугуңа залакасын тийгизет экен. Мугалимдин түйшүгү менен даяр нерсени орното коюучу курулушчунун, же эсеп-чотун ары-бери каликулятор менен бүтүрө кагазга түшүрүү менен алек болуучу эсепчилерди салыштырууга эч мүмкүн эмес.

Ооба, мугалимдердин бардыгы үчүн бул ой төгүнсүз чындык. Бүгүнкү күндөгү окуучуларды класста башкаруу, алар менен тил табышып окутуу өзгөчө кыйынга турган учурда дале болсо мугалимдер мекендин жүгүн татыктуу көтөрүп келаткандыгын моюнга албай коюуга эч кимдин акысы жокко.

Азыркы күндө Асилхан Алыкулова үй-бүлөдө 3 уул, бир кыздын жана небересинин сүйүктүү энеси. Өмүр бою жашоосун мектеп менен байланыштырган айым дагы бир нерсени жашырбайт: "Мектепте иштегендин жакшы жагы да бар. Чыгармачылыкка ой-боюңа койбой үйрөтөт. Классыңды тематикалык тарбиялык сааттарга, сынактарга, ар түрдүү иш чараларга даярдайсың. Башка класстар менен жарышасың. Алардан кем калбоо үчүн болгон дараметиң менен ойлонуп иштөөгө туура келет,-дейт.

Асилхан өзүнүн чыгармачылыкты талап кылган түйшүктүү эмгек жолунда бир нече ирет шаардык, областтык, республикалык Ардак Грамоталарды алууга татыктуу болгон.

2010-жылы "Эл агартуунун отличниги" наамына эгедер болушу Алымкулованын эмгек жолундагы көп жылдык тарткан түйшүктөрүнүн жемиши.

ИДИРИСОВА ТУРСУНКАН БАКЕНОВНА

Турсункан Идирисова 1960-жылы 12-октябрда Ош областынын Совет районундагы Ылай-Талаа айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1967-1977-жылдары Кызыл-Жол орто мектебинен билим алган жана 1984жылы Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктап, кыргыз тили жана адабияты боюнча адистигин алган.

Т.Б. Идирисова эмгек жолун 1978-жылы Кыргыз полиграфия комбинатында жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. Ал эми педагогикалык эмгек жолу 1984-жылдын сентябрынан Кара-Көл шаарындагы №2-орто мектебинде башталгыч класстардын мугалими болуп иштөө менен улантылды. 1985-1986-окуу жылында Д.Шопоков атындагы мектеп ачылгандан тартып ушул мектепте кыргыз тили жана адабияты сабагынан мугалим болуп эмгектенип келүүдө.

2001-2004-жылдары Кара-Көл шаардык мэриясынын социалдык иштер боюнча жетектөөчү адиси кызматын аркалады.

2007-2008-жылдары №4-орто мектептин директорунун тарбиялык иштер боюнча орунбасары болуп иштеп, андан бери карай мектепте окуучуларга тилчи мугалим катары билим берип келүүдө.

Турсункан өзүнүн табиятынан болгон жүрүм-турум маданияты, окуучуларына берген энелик да, мугалимдик да үлгүлүү тарбиясы менен окуучулардын сүймөнчүгүнө айланган мугалим.

Үй-бүлөлүү,жолдошу Жаныбек Мамытов экөө үч уул, эки кызды мээримге бөлөп өстүрүшүүдө.

Өзүнүн жигердүү эмгек жолунда шаардык мэриянын, шаардык Кеңештин, билим берүү тармагынын бир топ Мактоо, Ардак грамоталарына ээ болгон.

РЕСПУБЛИКАЛЫК СЫНАКТЫН ЖЕҢҮҮЧҮСҮ

Ч.Т. Илипбаева 1960-жылы 21-февралда Ысык-Көл областынын Түп районундагы Сары-Тологой айылында туулган. 1977-жылы Кара-Көл шаарындагы №2-орто мектепти ийгиликтүү аяктаган жана ошол эле жылы Бишкектеги В.В.Маяковский атындагы кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун физика-математика факультетине кирген. Аталган окуу жайын 1981-жылы ийгиликтүү бүтүрүп, математика адистиги боюнча дипломун алган.

Илипбаева Чынаркүл Токтогоновна өзүнүн эмгек жолун Бишкектеги политехникалык институтунун АСУ жана ВТ кафедрасында программист болуу максаты менен баштаган. 1982-жылы Ереванга барып программист боюнча 3 айлык курсту бүтүрүп келген.

Ошол эле 1982-жылдын май айында турмушка Кара-Көл шаарындагы политехникалык институттун филиалынын техникалык факультетинде эмгек жолун улантып, 1987-жылы Шопоков атындагы №4-орто мектепке информатика, математика сабагы боюнча мугалим болуп которулган. Ушул мектепте өзүнүн кесиптик тажрыйбасы артып, окутуунун жаңычыл ыкмаларын колдонуп, окуучулардын өз алдынча логикалык ой жүгүртүүсүн өстүрүүдө зор ийгиликтерге жетишкен.

1991-1993-жылдары Камбар-Ата шаарчасындагы Хуриев атындагы №5-орто мектебине жолдошу Байыш Мүсүралиев директор болуп дайындалгандыгына байланыштуу ошол мектепте мугалим болуп эмгектенген. Кайрадан 1994-жылдан баштап шаардагы №4-орто мектептен эмгек жолун уланткан.

Чынаркүл Илипбаева өзүнүн билиминин мыктылыгы жана ишке өтө чыйрак, чыгармачылык менен мамиле кыла билгендигинин натыйжасында сабак өтүүнүн башкаларга окшобогон өзгөчө ыкмаларын пайдалануу менен улам алдыга чыга келди. Тынымсыз изденүүнүн аркасында мыкты мугалим катары мектеп администрациясынын ишенимине кирип, башкаларга иш тажрыйбасын жайылтуу да колго алына баштады.

Эстен чыккыс учур

Чынаркүл Илипбаеваны Дүйшөнкул Шопоков атындагы №4-орто мектебинин жамааты "Жыл мугалими—97" сынагына катышуусун сунушташты. Албетте, бул жөн эле капыстыктан болгон жок. Жаштык жигери жалындап турган мугалимдин шаардагы мектептер арасында болгон бул жарыштан утуп чыгаарына көздөрү жеткен болчу.

Мектептин эмгек жамааты жаңылышпаптыр. Ошол 1997-жылдагы сынакта шаарда 1-орунду жеңип алды. Бул ийгилик Чынаркүлдүн өзүнө гана дем-күч бербестен, шаардык билим берүү бөлүмүнө дагы чоң ишеним жаратты. Эки күн бою созулган сынакта Чынаркүл сабак өтүүнүн эң жакшы ыкмаларын чебердик менен колдонууга жетишти жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн—өзүнүн бардык шык-жөндөмүн ачып бере алды. Сабагы боюнча теманы да, классы менен өтүлүүчү тарбиялык саатты да жогорку деңгээлде өтүп, мугалим катары гана эмес, аял-эне катары, таланттуу инсан катары да өзүн ар тараптуу талантын көрсөттү.

Мындай мүмкүнчүлүк шаарыбыз үчүн жакшы жышаана болору ачык эмеспи. Көп өтпөй областык сынакта да 1-орунду багынтып келди. Ошондо шаар аймагы дүңгүрөй эле түштү окшойт. 1-2-жумага чейин эле "Илипбаева Чынаркүл биздин шаардан республикалык сынакка бармак болуптур" деген кубанычтуу сөздөр ооздон-оозго айтылып жатты.

43 мугалимден биринчи

Баарыдан дагы сыймыктуусу Чынаркүл Илипбаева республиканын ар башка аймагынан эң мыкты деп тандалып жарышка түшүүгө бел байлап келген 43 мугалимдин бири катарында Кыргызстандын борборунда мен деген мыкты педагогдордон, мугалим-окумуштуулардан куралган калыстар тобунун алдында жаш муундарга билим берүүдөгү чыгармачылык чеберчилигин көрсөтүү боюнча ат салышты жана биринчиликти жеңип алды.

Компьютердик тест түзгөн

Чынаркүл Илипбаева өзүнүн уюштуруучулук жөндөмү, жогорку интеллектуалдык сапаты жана жамаатта кадыр-баркынын негизинде ушул эле мектепте окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары болуп 2002-жылга чейин иштеди. Ишмер

мугалимдин дагы бир артыкчылыгы өзүнүн ишинде заманбап техника болгон компьютерди бардык предметтер боюнча колдонуу мүмкүнчүлүгүн биринчилерден болуп далилдеп, компьютердик тестти математика жана англис орус тилчи мугалимдери менен бирдикте аталган сабактар боюнча түзүүнү иш жүзүнө ашырган.

Тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары катары ар түрдүү темадагы жаңычыл тарбиялык иштерди шаардын деңгээлинде көрсөтүп келген.

Тил боюнча адис, уюштургуч айым

Чынаркүл Илипбаева 2002-август айынан бери Токтогул ГЭСтер каскадында жалпы укуктук бөлүмгө тескөөчү инспектор жана мамлекеттик тил боюнча адис болуп эмгектенип келе жатат. Бул мекемеде иштеп туруп эки жолу мамлекеттик тил боюнча билимин жогорулатуу курсун, иш кагаздарды мамлекеттик тил боюнча жүргүзүү боюнча курстарды бүтүрүп сертификат алып келген.

Иштерман айым ушул азыркы кызматында да шаардык деңгээлде "Эне тилим—жан дилим", "Ыр кесе" кароо-сынактарын, ишкананын музейинин экспонаттарын жаңылары менен толуктоо максатында мекеменин ар бир ишканасынын сүрөт көргөзмөсү боюнча сынак уюштурган. Кыргыз Элинин улуу инсандарынын бири Ч.Айтматовдун 80 жылдыгына, Курманжан Датканын 200 жылдыгына арналган шаардык деңгээлдеги иш чараларга да мыкты даярдык менен катышып, жогорку бааны алган. Мындан башка да көптөгөн массалык-маданий тематикалык иш чараларды жогорку деңгээлде уюштурууда Чынаркүл Токтогоновнанын үлүшү абдан чоң. Булардын бири "Өздүк көркөм чыгармачылык таланттарынын кароосу 2002" сынагына республикалык деңгээлде катышып байгелүү орунга жетишкени.

"Электр станциялары" ААКнун республикалык деңгээлдеги "Өздүк-көркөм чыгармачылык таланттардын кароосу—2009" иш чарасына катышышып байгелүү орунга жетишкен. ТГЭСК ишканасы мамлекеттик тил боюнча дубал газеталарды чыгаруда жана иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүдө шаардагы ишканалардын алдында болуп келет. Ч.Илипбаева Токтогул ГЭСтер каскадынын бардык коомдук иштеринде активдүүлүгүн

көрсөтүп иштөөдө. Ал шаардык мамлекеттик тил боюнча комиссиянын активдүү мүчөсү.

Илипбаева Чынаркүлдүн жогоркудай жигердүү ак эмгеги тийиштүү баасын алып келүүдө.

ОРУНОВА ЖАМИЛА ЖАНЫБЕКОВНА

Жамила Орунова 1954-жылы 9-майда чабандын үй-бүлөсүндө туулган. 1-класстан 10-класска чейин азыркы Кара-Суу шаарындагы Кычан Жакыпов атындагы орто мектептен билим алган. 1970-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институнун физика-математика факультетинин физика бөлүмүнө кирип, 1974-жылы физика мугалими адистигин алып чыккан.

Өзүнүн эмгек жолунда класс жетекчи катары да көптөгөн окуучуларга тарбия берди. Алардын көбү ар кайсы тармакта, ар кайсы жактарда өз жашоолорун улантып келишет. Бирок, алар Кара-Көлдүн кулуну катары шаарга мезгилдүү учурларда келип калышса, бир кездеги тентек балдар-кыздарга таасирдүү тарбия берген, ар биринин чыгармачылык, ишкердик жөндөмүн, инсандык ариет-намысын ойготуп жолго салууга жетишкен Жамила эжекесин унутпай алдына келип ал-абал сурап турушат. Мунун өзү мугалим үчүн албетте чоң сыймык жана сыйлык. Алар учурашканы келгенде өздөрүнүн балалык, окуучулук кездерин эстерине түшүрүшүп, ал эмес бир кездеги тентектиги үчүн урушкан эжекесине туура жолго салгандыгы үчүн чын дилден ыраазычылыктарын билдиришет.

Жүргөн-турганы шамдагай, бой-келбети тыкан бул мугалим ар бир сабакты өтүүдөн мурда ошол тема боюнча кандайча тажрыйба жүргүзүүгө болоорун, окуучуларды кантип кызыктыруу керегин изилдеп ойлонот. Айрым учурда кирип келээри менен эле окуучуларга кандайдыр бир суроону берип коет. Мисалы, жаңы эле сабакка кирип отуруп жатып: "Сыртта эмне үчүн даректар термелип жатат? же "Кайык сууда эмненин таасири менен жылат деп ойлойсуңар?" деген суроолорду берет. Окуучулар дароо эле жооп табуу үчүн ойлоно башташат, аларда "сырды ачууга" кызыгуу пайда болот. Ар кимиси күлкүлүү да, ойлоно турган да жоопторду айтышат. Ошону менен сабакка болгон кызыгуу

пайда болот. Жамила андан аркысын темага байланыштырып улап сүйлөйт. Окуучулар теманы жеңил түшүнүшөт.

Ж.Ж. Орунова мугалимдик адистикти алгандан бери карай 1974-жылдан тарта Кара-Көл шаарынын мектептеринде физика мугалими болуп эмгектенип келе жатат. Өзүнүн 38 жылдык эмгек жолунда республикалык билим берүү министрлигинин, областык билим берүү башкармасынын, шаардык билим берүү бөлүмүнүн, билим берүү кызматкерлеринин профсоюздарынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Үй-бүлөдө 2 уул, 2 кызды тарбиялап чоңойтту, окуучулардын сүйүктүү мугалими катары азыр да №4-орто мектебинде физика мугалими болуп жемиштүү эмгектенип келүүдө.

САТАРОВА САГЫНБҮ КАРАБЕКОВНА

Сагынбү Сатарова 1964-жылы 20-февралда Ноокен районуна караштуу Рахманжан айылында туулган. 1971-жылы ошол эле айылдагы мектепке 1-класска кирип, 1981-жылы Кара-Көл шаарындагы Ч.Түлөбердиев атындагы мектептен 10-классты бүтүргөн.

С.К. Сатарова 1981-жылы Бишкектеги КЖПИ (азыркы Ишенаалы Арабаев) атындагы окуу жайынын башталгыч класстар боюнча бөлүмүнө кирип, аны 1987-жылы бүтүрүп чыккан. Эмгек жолун 1982-жылдан баштап, Кара-Көл шаарындагы №2-орто мектебинде мугалим болуп иштей баштаган. Ал эми 1985-жылы Ч.Түлөбердиев атындагы орто мектебине которулуу менен ушул күнгө чейин аталган мектепте эмгектенип келүүдө.

Өзүнүн 30 жылдык эмгек жолунда С.К. Сатарова башталгыч класстарды окутуунун ар тараптуу бай тажрыйбасын топтоду, элдин жана эмгек жамаатынын чоң кадырлоосуна ээ болду. Мотурайган бөбөктөрдүн неченин биринчи ирет ак мектептин босогосунан мээримдүү тосуп алып, 4-классты бүтүрүп эс тартканда ак жол каалап узаткан Сагынбү эжекесин учурда ондогон окуучулары көргөн жерден ызааттоосун жазбай саламдашат.

-Менин оюмча көчөдө бараткан адамдардын ичинен мугалимдерге гана эң көп салам айтышса керек,-дейт Сагынбү. Мен ушуга абдан сыймыктанам. Себеби, ошол сага салам айткан

адамдардын баары тең сенин мугалим экениң үчүн салам айтышат. Алардын же өзүн окуткансың, же уул-кызын, ал эмес небереларин окуткансың. Алар менен класстык чогулуштарда пикир алышып, экинчи эне катары ар бир окуучундун келечек тагдырына күйүп-бышканыңды урматтаган адамдар салам айтышат.

Сагынбү Сатарова 2004-2009-жылдары мектептин башталгыч класстары боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгек өтөдү. Бул да өтө чоң жоопкерчиликти, уюштуруучулукту талап кылат. Мурда өзүндүн классың үчүн жооп берсең, эми башталгыч класстардын мугалимдери үчүн, алардын иши үчүн да жооп бересиң. Муну Сагынбү мүмкүн болушунча аркалай алды.

Түйшүкчүл мугалим 2004-жылдагы "Жыл мугалими" сынагына катышып, шаарда 2-орунду жеңип алган. Бир нече ирет мектептин жана шаар жетекчилигинин, шаардык БББнүн, мектеп администрациясынын баалуу сыйлыктарына, мактоо грамоталарына, 2005—2006- окуу жылында област губернаторунун грамотасына ээ болгон. Ал эми 2009-жылы областтык усулдук бирикменин грамотасы менен сыйланган.

Үй-бүлөдө бир уул, үч кызды тарбиялап өстүрүп келүүдө.

Хуриев атындагы орто мектеп

Б.С. Хуриев атындагы №5-орто мектеп 1991-жылы 1-сентябрда Шамшыкал атындагы орто мектеби болуп ачылган. Директор болуп Байыш Мүсүралиев, анын орунбасары болуп Кыйматкан Нурматов иштеген. Мектепте 27 мугалим иштеп, 10 класстык комплекти окутулган. Алгач ирет бул мектепте 11-классты 4 окуучу бүтүргөн.

Камбар-Ата шаарчасы да гидрокуруучулардын турагы болгондуктан, Шамшыкал мектеби "Нарынгидроэнергокурулуш" курулуш мекемеси тарабынан курулуп, гидрокуруучулардын балдары билим алышкан.

1994-жылы НГЭСтин генералдык директору, чебер жана тажрыйбалуу гидрокуруучу К.Б.Хуриевдин көзү өткөндөн кийин мектепке Хуриевдин ысмы ыйгарылган. Мектепте 1992—1999-жылдарда Ормонов Сайфудин директор болуп иштеген болсо,1999-жылдан азыркыга чейин чебер орус тилчи мугалим, "Эл агартуунун отличниги" Аттокурова Жаңыл Нуржа-

новна эмгектенип келе жатат.

Мектептин жалпы жамааты 36 мугалимден турат. 420 окуучу билим алууда. Мектепте билим берүү жана уюштуруучулук иштер эң жакшы жолго коюлган. 2011-жылы шаар боюнча "Мыкты мектеп—2011" наамын алган. Мектеп мугалимдердин администрация менен биргелешкен чыгармачылыкта эмгектенген чоң аракеттеринин натыйжасында мектептер аралык кароосынак,олимпиадалар менен спорттук мелдештерде эң жакшы ийгиликтерге жетишип келүүдө. Быйыл Хуриев атындагы орто мектептин келечек муундарына билим бере баштаганына 20 жыл толот.

Мамытов Бекмырза атындагы башталгыч мектеп

Бекмырза Мамытов атындагы №7- мектеп 1993-окуу жылында башталгыч мектеп болуп ачылган. Бул мектепте Чоң-Таш айылынын окуучулары билим алышат. Буга чейин чоң-таштыктардын көпчүлүгү шаарга келип-кетип каттап окууга жол алыс ары татаал болгондуктан, бирөөлөрдүн үйүндө жашап окушуп, ага да шарты болбогондор мектептен билим алууга мүмкүн болбой көптөгөн түйшүктөрдү жаратып келген эле. Шаар бийлиги элдин мына ушундай көйгөйлүү маселесин чечүүнү колго алып, алыска келип окууга мүмкүнчүлүгү боло албаган башталгыч класстар үчүн ушул Мамытов мектебин ачып беришкен. Мектепте азыркы учурда 7 мугалим эмгектенип жатат. Мында ачылган күндөн бери Шатманова Бермет Шурубековна жетектеп иштеп келүүдө.

Темиров атындагы орто мектеп

1920-1932-жылдары "Жазы-Кечүү" айыл Кеңешинин аймагында "Чырак-Булак", "Кара-Суу" жана "Кансалык" деген чакан айылдар болгон. Бул айылдарда кулакка тартылган байлардан калган үйлөрдө башталгыч мектептер ачылып иштеп турган.

Ошондо "Кара-Суу" мектебинде Токобаев, "Кансалык" мектебинде Темиров Туралылар мугалим болуп иштешкен. Ал убакта 10—20 жашка чейинки куракгагылар чогуу окуй бериш-

кен. (Себеби, биринчи максат: эптеп сабатын ачып арип таануу, жазганды жана окуганды үйрөнүү болгон. Бул мамлекеттик деңгээлдеги муктаждык болчу)

1935-жылдан тартып "Кара-Суу" мектеби жоюлуп, "Кансалык" мектеби калат да, ушул жылдан окуучулар жаш өзгөчөлүгүнө карай класстарга бөлүп окутула баштаган. Ал эми 1938-жылдан өкмөт тарабынан мектеп салынып, жети жылдык билим бериле баштаган.

"Чырак-Булак" мектебинде Апсатар Кудайназаров мугалим болуп иштеп, 1938-1946-жылдары мектептерде атайын окуу жайын бүтүрүшкөн Ламаза Балтабаев, Мурзабек Ниязалиев, Абдыгул Адраимов мектептерди жетектеп да, мугалим болуп да иштешкен.

1940-жылы болгон катуу жер титирөөдө мектеп урап калып, окуу колхоздун кеңсесинде жүрүп турган. 1950-жылы гана кайрадан мектеп курулуп, ал "Чкалов" атындагы сегиз жылдык мектеп болуп аталган. Анда окуучулардын саны 400дөн ашкан. 1973-74-окуу жылдарында мектепте окуучулардын саны 450дөн ашып, сегиз жылдык мектеп 10 жылдык болуп калган. Бул мезгилде мектеп Токтогул районуна баш ийип турган. Бул мектепте ошол мезгилде Муратов Төлөмырза, Алымкулов Сатылган, Мамытканов Акимжан, Үкүбаев Ырыскул, Сайназаров Сейдакматтар иштешкен. 1991-жылы мектеп Кара-Көл шаардык ББББүнө өткөн.

1990-жылы Хуриев Бексултан Казбековичтин демилгеси менен мектептин актовый залы курулган.

1997-жылы ошол кездеги республиканын өзгөчө кырдаалдар жана граждандык коргонуу министри Абылов Мамбетжунустун демилгеси менен мектептин жаңы 10 бөлмөсү курулган.

1997-жылы "Жазы-Кечүү" айылына жаңы мектеп курулуп Туралы Темировдун ысмы ыйгарылган. Азыр мектепте 400гө жакын окуучу окуп, аларга 25 мугалим билим берүүдө.

Мектеп директорлору болуп: Кудайназаров Апсатар, Балтабаев Ламаза, Ниязалиев Мырзабек, Абдраимов Абдыгул, Исыраилов Кайыпжан, Касымбаев Байсары, Боркеев, Үтүров Зекир, Ниязалиева Лира, Алымкулова Мария, Бокоева Разия, Шайлообаев Б., Райимбеков Кимсан, Түркбаева Калиман, Тумантаев Кыпчакбай, Токтобаева Калипа, Ниязалиев Нурканбек, Макеева Гүлжамал, Токтосунов Шамшидиндер иштеп келишкен.

«Келечек» балдар бакчасы

Шаардагы "Келечек" балдар бакчасы 1987-жылы шаар мектептеринде иштеген мугалимдердин балдары үчүн ачылган. Ачылгандан тартып, 2003-жылга чейин бакчаны Салийма Сыдыкова жетектеп иштеген. Ушул мезгилде бакчада ар түрдүү курактагы 25 наристе тарбияланып келген. 2003-жылдан бери карай мында Гүлмира Сарбалаева жетектеп иштеп жатат.

Мурдагы ар түрдүү курактагы чакан тайпа жоюлуп, эми бакча 7 тайпага кеңейди. Тарбиялануучу бөбөктөрдүн саны азыркы күнгө 210го жетип, бардык наристелер өздөрүнүн жаш өзгөчөлүктөрүнө карай тайпаларга бөлүнгөн. Мурда иштеген 7 жумушчунун ордуна азыр алардын саны 30га жетти. Бакчада өздөрүнүн көп жылдык мээрбан эмгектери менен урмат-сый тапкан тарбиячылар Шамшина Любовь Михайловна, Мырзакулова Сүйүнайым Самидиновналар ондогон муундардын эстеринде сакталып каларында шек жок. Бакчанын улуу ашпозчусу Свириденко Галина Семеновна пенсия курагында экендигине карабастан балдарга даамдуу тамактарды даярдоодо жаштарга үлгү болуп келүүдө.

Балдар бакчасында өзүнүн энелик мээрими, чыгармачылык дарамети менен иштеп келаткандар билим берүү министрлигинин Грамотасы менен сыйланган Т.С.Койбакова, шаар мэриясынын мактоо Грамоталарына татыктуу болушкан Г. Ширгелдиева Кожоева, Г.Свириденко, О. Айткулова, Р.Усенбекова бар.

БАР КҮЧҮН ИШКЕ ҮРӨГӨН АЙЫМ

Башталгыч класстардын тажрыйбалуу жана чыгармачыл, таланттуу мугалими Гүлмира Сарбалаеванын өз ишине жасаган намыскөй жоопкерчилиги, изденгичтиги жана чыгармачылыкка шыктуу таланты тууралуу канча сөз кылсаң арзыйт. Бакчага келгенге чейин Гүлмира Токтогул атындагы №1-орто мектебинде башталгыч класстарды окутуп, өзүнүн көптөгөн жигердүү чыгармачылык ийгиликтери менен эмгек жамаатынын жана мектеп администрациясынын кадырлап-урматтоосуна татыктуу болуп келген.

Өзү окуткан класстын окуучуларын 1-класстан 4-класска чейин жеткирүүдө алардын ар биринин шык-жөндөмүн, таланттын, ички психикалык абалына чейин үйрөнүп, алардын өз мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык иштөөлөрүнө шарт түзүүгө жетишчү. Өспүрүп окуучу Гүлмиранын сүрөөсү, тарбиялоосу менен анын алдында ар дайым тартынбай оюн айтууга, билген өнөрүн, жөндөмүн көргөзүүгө жетишип калчу. Окуучу мугалимдин алдында өзүн эркин кармоого жетишүүсүн камсыз кылуу албетте биринчи кезекте мугалимден, анын жаш наристенин психикасын мыкты түшүнүп багыт бере билүүсүнөн болот эмеспи. Гүлмира ушул жагынан бир топ чебердикке жетишип, бала менен бала болуп, алардын мүнөздүндөгү бири-биринен болгон айырмачылыктарын билип, анан ага ылайык талапты коюп, мамиле жасачу.

Балдар бакчасын жетектөөгө да Гүлмиранын ушул өзгөчөлүктөрү эске алынып жиберилсе керек. Андай дегенибиз, балдар бакчасын союз тарагандан кийинки дымып калуу мезгилинен сууруп чыгаруу үчүн Гүлмирадай жаңыча изденүүгө, ар кандай жагдайлардан жол таап чыгып кетүүгө, ата-энелер менен көптөгөн көйгөй маселелерди чечүүгө жетише алган ишенимдүү адам керек болчу. Союздан кийинки "кайра түзүлүү" түйшүгү балдар бакчасында да жеңил эмес эле. Мурдагы ыргактан чыгып кеткен иштин абалы көп иштерди изденип, чыгармачылыгын сарптап анан жаңыдан баштоону талап кылып турган. Мунун баарын Гүлмира бакчага барган мезгилден эле учур деңгээлинде түшүнө алды. Бар күчүн үрөп, бакчанын ишин мезгил талабына көтөрүп, алдыга жылдырууга бел байлады.

Ишти ыргактуу жөнгө салуу үчүн шаар бийлигине, кайсыдыр ишкана-мекеменин көмөгүнө, кимдир бирөөлөрдүн сунуш-пикирине, балким ата-энелер тарабынан наристелердин таламына ылайык бөлмөлөрдү жасалгалоого таянуу керек экени түйшөлттү. Чымырканып иштеди. Басса-турса ойлонду, план түздү, максат койду, ишке ашырууга далалат жасады. Турмуштун кандай жагдайында болбосун адам тарабынан жасалган жигердүү аракет гана өз натыйжасын берээри бышык эмеспи. Мына, азыр бакчаны жетектеп иштегенине он жылга аяк басканын Гүлмира өзү деле байкабай калганын айтат. Шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу чакан мекемелердин арасында өткөрүлгөн кабинеттер-

ди кароо сынагында бакча үч жыл катары менен биринчиликти берген жок. Областтык усулдук кабинеттерди кароо сынагында да кабинеттик бөлмөнүн ар тараптуу мазмунда, учур деңгээлине ылайык жасалгалангандыгы, тыкан жана көрктүүлүгү эске алынып үчүнчү даражадагы диплом менен сыйланган.

-Мүмкүн менин аракетим эч ким үчүн маанилүү деле болбой, көзгө деле көрүнбөй келгендир, бирок, жетекчи катары көйгөй маселелерди кое билүү, жолун издөө, эл менен байланышып көмөгүн алуу сыяктуу көптөгөн түйшүктөрдүн аркасында мен бакчада абдан көп маселелерди чечүүгө жетиштим десем жаңылбаймын,-дейт Гүлмира Сарбалаева. -Азыр иш бир кыйла ыргакка түштү. Шаар мэриясы тарабынан учур талабын туура түшүнүү, депутаттар тарабынан керектүү сумманы карап берүүлөрү бала бакчага болуп жаткан курч талаптын бир тобунун чечилишин шарттады. Ошон үчүн кошумча тайпалар ачылды да.

Гүлмира Сарбалаева "Эл агартуунун отличниги", бир топ администрациялык алкыштардын, Ардак, мактоо грамоталардын ээси.

БИРИНЧИ МУГАЛИМ

Чукун Токталиев 1908-жылы туулган. Балалыгы азыркы көл баскан жердеги айылдардын биринде өткөн. Ал убак айыл-айылдарда элдин сабатын туташ ачуу мамлекет менен өкмөттүн биринчи максаты болчу. Бирок, элге жазган менен окуганды үйрөтүүчү билими бар адамдар өтө сейрек болгондуктан, мектептерде мугалимдер жок болгон. Ошондуктан өкмөт сабатын алгачкылардан болуп ачып, китеп окуп, дептерге жазганды жакшы билгендерге зор ишеним артып, мугалимдик милдетти арткан. Чукун Токталиев 17 жашында Советтик Армиянын катарына кабыл алынбай, мектепте элди окутууга калтырылган. Ошентип, 1925-1930-жылдар мезгилинде азыркы Шамалыкта (Седьмойдо) чоң теректин түбүндө байлардан калган уранды дубалды ондоп, мектеп куруп, бала окуткан. Ошондогу окуучулары "Эл мугалими", маркум Бекмырза Мамытов, Акматали, Беккулу ж.б.болушуптур. Кийинчерээк Чукун Токталиев Ворошилов колхозунда ферма башчысы, кийин

поссоветте катчы, Үч-Теректе сельсоветтик секретары (айылдык Кеңеш), комсомол комитетинин секретары, элден салык чогултkуч болуп да иштеген экен.

Чукун Токталиев өтө сөзгө чебер, айтканы бир да жерде калбаган сөзү өтүмдүү адам болчу. Кечээ жакында деле шаардык деңгээлдеги маселе болобу, айылдын маселесиби жогортон келген чондордун алдында орчундуу, омоктуу ойлорун айтып, карыялык аброюн бийик кармап жүрдү. Эч ким Чукун карыянын айтканынан ашыкча кемчилик таап, айтканын жерде калтырчу эмес.

ЭМГЕКТЕН БАРКТАЛГАН ПЕДАГОГ

Казыбек Мүсүралиев 1928-жылы 5-майда Кара-Көл кыштагында туулган. 1949-жылы Үч-Терек айылындагы Максим Горький атындагы орто мектепти бүтүргөн. Өз эмгек жолун ошол мектепте окуп жүрүп пионер вожатый болуп иштөө менен баштаган. 1950—1953-жылдарда жигиттик ыйык милдетин өтөп, Советтик Армиянын катарында кызмат кылган.

К.Мүсүралиев 1953-жылы Жалал-Абад шаарындагы мугалимдер институтуна кирип, 1955-жылы аны артыкчылык диплому менен бүтүргөн. Билимге ынтызар жана жетик жигит кайра эле 1959-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна окууга кирип, андан кыргыз тили жана адабияты факультетин аяктаган жана атайын адистик алган.

К.Мүсүралиев 1955-жылы Жалал-Абад областынын Октябрь районундагы Кара-Алма жети жылдык мектебинде мугалим, азыркы Ноокен районунун элге билим берүү бөлүмүндө инспектор болуп эмгектенген.

Андан ары 1956-жылы Бүргөндүдөгү "Социализм" мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1957-жылы Хыла айылында Калинин атындагы мектепте мугалим, 1958-жылы Сакалды айылындагы Ленинград мектебинде директор, 1961-жылы Сталин атындагы мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы жана директору, 1962-жылы Ноокен мектебинде директор, 1963-жылы Коминтерн мектебинде мугалим, 1965-жылы Таш-Көмүр шаарынын №3-орто мектебинде директор, 1966-жылы Таш-Көмүр шаардык билим берүү

бөлүмүнүн башчысы, 1968-жылы Токтогул районунун Өзгөрүш айылындагы Тельман мектебинин директору, 1972-жылы Кара-Көл шаарындагы кечки жумушчу жаштар мектебинин директору, 1976-жылданТоктогул районундагыЧкалов мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп эмгектенип жүрүп, 1988-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Казыбек Мүсүралиев өз замандаштарынан билимдүүлүгү, милдетин так аткаргандыгы, ишке болгон чоң жоопкерчилиги менен айырмаланган Кара-Көлдүн зирек уулу болгон. Кайсыл жерде иштебесин, эмгек жамаатынын ишин ырааты менен жөнгө сала билген, алдыга чыгара билген иштиктүү адис болгон. Бардык жерде ал өзүнүн мээнеткечтиги жана билимдүүлүгү менен иш аткарып элдин эсинде калган. Учурдун талабын терең жана туура түшүнүп билим тармагынын кай жеринде иштебесин, жаштарды билимдүү болууга чакырчу. Жаштардын көп окуп, көп билиши—замананын оңолушуна пайдасы тиерин көп айтчу. Билимдүүлөр менен өлкөбүз гүлдөөрүн ошол кезде эле байкаган. Бүгүнкү заманга деле көз чаптырып, ой калчасаңыз турмуш билимдүүнүн билимдүүсүн талап кылган учур болуп жатпайбы. Казыбек Мүсүралиев муну илгери эле терең түшүнгөн турбайбы.

Казыбек Мүсүралиевдин артында өзү окутуп билим берген, замананын татыктуу уул-кыздарынан болууларына так багыт берип, жол көрсөткөн жүздөгөн окуучулары калышты. Алардын алды азыр пенсия курагына келип калышса да, өздөрүнүн үзүрлүү эмгектеринде багыт берген маяк болгон Казыбек Мүсүралиев дайыма эстеп урмат менен сөз кылышат.

1984-жылы көп жылдык эмгеги эске алынып "Эмгек ардагери" төш белгиси менен сыйланган.

Казыбек Мүсүралиев агайды кай жерде иштебесин жергиликтүү жетекчилик урматтап-сыйлап, райондук, шаардык, областык көптөгөн Ардак Грамоталардын ээси болду. Агайдын ишине болгон сарамжалдыгын, ак, таза иштеген, мээнеткечтиги менен элди таң калтырган инсан болгондугун замандаштары ар убак таңдана, тамшана эскеришет. Ал адамда эч качан көз боемочулук менен илең-салаң, же кайдыгер иштеген күнү болгон эмес экен. Иш кагаздарын бир жерин чийбей же бүктөбөй таза кармап, анан да ирээттеп жыйнап сактачу дешет. Казыбек агайдын жүздөгөн окуучулары бүгүн Кыргызстандын көп аймактарында

ар кыл кесиптин ээси.

Кадырман билим берүүчү 1995-жылы узак оорудан кийин дүйнөдөн кайтты.

УМАРОВА МИНАБАРХАН КАРИМЖАНОВНА

Умарова Минабархан Каримжановна 1952-жылы азыркы Ноокен районунун Сакалды айылында туулган. Ата-энеси абдан мээнеткеч, эмгеги менен элдин урмат-сыйына ээ болушкан инсандар эле. Алар Минабархандын да келечекте өздөрүндөй эл үчүн эмгегин аянбаган мээнеткеч болуп, дөөлөттүү өмүрдө турмуш кечиришин каалашып, заман талабына ылайык билим-тарбияга ээ болуусу үчүн эртелеп ойлонушту.

Ошентип, жети жашка толгон Минабархан Кочкор-Атадагы №15-орус тилдүү орто мектептен билим ала баштады. Мектепте алдыңкы окуучу катары таанылып, мектептин коомдук-өндүрүштүк иштеринде да ар дайым активдүү катышуу менен 1969-жылы эң мыкты бүтүрүүчүлөрдүн тизмесинде болуп, орто билимге ээ экендигин тастыктаган жетилүү атесстатын колго алды.

Идиректүү, катарлаштарынан билимге болгон күчтүү ынтызарлыгы менен, зиректиги жана көп нерсеге жөндөмдүүлүгү менен айырмаланган жаш кыз борборубуздагы кыз-келиндер педагогикалык институтуна кирди. Өз күчү менен билимдин жогорку баскычына жол алган кызына ата-эне колдон келген шартты түзүп берүүгө аракет кылышты. Минабархан ата-эненин бул эмгегин жоопсуз калтырбады.Окуу жайдын администрациясы тарабынан Минабархандай кызды тарбиялап өстүрүшкөндүктөрү тууралуу далай алкыш баракчаларын алышты, оозэки мактоолорду угушуп, перзент артынан кубанычтан жүздөрү тамылжыды. Кызына кең-кечелек, ырыскылуу зор дөөлөт тилешти.

Билим дегенде ичкен ашын жерге койгон кызына болгон ата-эненин жараткандан сураган тилеги да жерде калбады. 1974-жылы педагогикалык жогорку билимге ээ болуп, “анлис тилчи мугалим” экенин күбөлөндүргөн дипломун колго алып, ушул эле жылдын август айында азыркы Ноокен районундагы Турусбеков атындагы №12-орто мектепте иштеп, өзү окуучу кезинде кол

жеткистей баалуу инсандар деп эсептеген мугалимдердин сабына кошулуп калды.

-Менин дилим ушунчалык мугалим болууга берилген эле,-дейт биздин каарман Минабархан. Келген эле күндөн жакшы мугалим деген даражага жетүү үчүн астейдил иштеп баштадым. Окуучуларыма англис тилин жеткиликтүү үйрөтүш үчүн тынымсыз ойлоном, чыгармачылык изденүүлөр менен ар бир тема үчүн көрсөтмө куралдарды өзүм жасайм. Кантсенде окуучуларым менин сабагыма--англис тилин үйрөнүүгө кызыгат деген суроонун үстүндө изденем.

Элибизде: "Аракет кылсаң—берекет" дейт эмеспи. Минабархандын аракети текке кетпеди. Тез эле мектеп жамаатынын ичинде өз ордун таап, кадыр-баркка жетишти. Өндүрүштүк жыйналыштарда, өз ара пикир алышууларда Минабархандын иш жолу башкаларга өрнөк катарында мисалга көрсөтүлө баштады. Мактоолор кыздын демине дем кошуп, ансайын демилгелүүлүк менен иштөөгө тырышат.Үйдө болобу, башка жакта болобу, басса-турса кайсы бир тарбиялык сааттын же теманы өтүүнүн жаңыча жолдорун ойлонот. Ар түрдүү ыкмаларды ойлоп табат. Өзүнүн окуучуларга берген ар бир сөзүнүн жерде калбоосу үчүн тырышат.

Кечээ эле эмгек майданына келип, чоң агымда жеке жоопкерчиликти аркалап иштеп баштаган кыз алмадай жүзү албырып жамалына чыгып, бышкан алчадай мөлтүрөп бойго жетип турган эле. Кызга билдирип да, билдирбей да атасынын алдына келип кызына жуучу түшкөндөр көп болду. Ошентип, 1975-жылы Минабархандын тагдырына буйруган Дарбишев Султан Акматович менен баш кошуп, андан аркы тагдыр жолун бириктирди. Эми үй-бүлөнүн да, мектеп ишинин да, ал эмес аз өтпөй энелик милдеттин да өтөлүнөн чыгууга туура келди.

Өзүнүн табигый адамгерчилиги менен кызмат кылып кайын ата, кайын апанын көңүлүн куш кылды. Алар эки жаштын түбөлүгүн кудайдан тилеп далай ирет аянбай ак батасын беришти.

-Үй-бүлөдөгү келим-кетимди күтүү, жаш балдарымды жуунтарап өстүрүү, мектеп түйшүгүнүн кеп-сөзгө калбай өтөлүнө чыгуу оңой болгон жок,-дейт Минабархан. -Баарына чыдадым. Дилимде бир гана тилек: Элге сөз болбой " начар келин, турмушка

ыгы жок" деген...дагы башкалардан оолак болсом экен. Менин ишиме ата-энем да, кайын журтум да ыраазы болушса экен. Кулагым өзүм жөнүндө жаман пикир укпаса экен.

Ооба, адам дилинде эмнени ойлоп, эмнеге умтулса ал аны жасайт. Минабархан да намыска бек келин, ишине берилген мугалим болууга дилгирленип жүрүп тасмадай чууруган далай жылдардын өтүп кеткенин байкабай да калды.

Тагдыры буйруп Кара-Көл шаарына көчүп келгенде 1975-жыл эле.Чолпонбай атындагы №2-мектепте ишке орношту.Терең билимдүү, коомдук турмуштун күрөө тамырын сезе билген мугалимди жамаат 1985-жылы профсоюздук уюмдун төрайымдыгына шайлашты. Эмгек адамынын кызыкчылыктарын коргоодо да жигердүү иштеп берди. Эми ШБББү Минабарханга толук ишеним артып 1986-1987-жылдары директордун тарбиялык иштер боюнча орун басары болуп иштөөгө сунушталды да, тез эле мектептин тарбиялык иштерин жөнгө салууга жетишти Мектепте көптөгөн маданий уюштуруучулук иштер, спорт иши жанданды. Кийинки эле жылы чоң жамаатты ишке уюштуруудагы чеберчилиги, чечүүнү талап кылган көйгөйлөрдү көрө да, чече да билгендиги эске алынып, аталган мектепке директорлукка сунушталды. Мында мектепти алдыңкы сапка кошту. Мугалимдерди чыгармачылыкка үндөп, жаңыча ыкмаларды колдоно билүүгө багыт бере алды. Дайыма үйгө барганымда окуучуларымдын жеңишин "Менин балдарым мынтти, антти" деп сөз кыла бергенимден бир күнү кызым:"Апа, сиз бизди жакшы көрбөйсүзбү, дайыма эле окуучуларыңызды менин балдарым... деп мактай бересиз?" дебедиби,-деп эскерет Минабархан айым. Ошентип, Минабархан Умарова 1995-жылга чейин Чолпонбай орто мектебинде директор болуп иштеп туруп, үй-бүлөлүк шартына байланыштуу Майлуу-Суу шаарына көчүп кетти.

Андан бери да он сегизинчи жылдын жүзү болууда. Минабархан Каримжановна Майлуу-Сууда алгач экономика жана башкаруу институтунда ага окутуучу, кийин окуу иштери боюнча бөлүм башчы, проректордун орун басары, 2006-жылдан баштап гуманитардык илимдер кафедрасынын башчысы болуп эмгектенди. Өзүнүн чыгармачыл жана демилгечил жөндөмүн дагы эле таштабай ак эмгек өтөп, кай жерде болсо да коомдук өнүгүшкө өз аракети менен салым кошууну парыз деп эсептеген каарма-

ныбыз 60 жашты аркалап калса да, коомдук турмушка салым кошуп келүүдө. 1996-жылдан тартып, шаардык Аялдар Кеңешинин мүчөсү, шаардагы "Эне булагы" коомдук бирикмесинин уюштуруучусу. Аялдардын коомдогу ролун жогорулатуу үчүн күч жумуап, жардамга муктаж үй-бүлөлөргө, алардын ичинен аялдар менен карыяларга жана балдарга колдоо көрсөтүп келүүдө. Анын адамгерчиликке, мээримге жана боорукерликке жык толгон жан дүйнөсү дайыма башкаларга жардам берүүгө даяр турат.

"Эл агартуунун отличниги", көптөгөн мамлекеттик, областтык Ардак Грамоталардын ээси.

№89-кесиптик лицей

№89-кесиптик окуу жайы алгач 1981-жылы «Анар» (Азыркы «Достук») заводунун алдында заводко керектүү жумушчу кадрларды даярдоо үчүн №19-техникалык окуу жайы болуп ачылган. 1984-жылы кесиптик техникалык орто окуу жайы болгон, 1989-жылы кесиптик техникалык билим берүү окуу жайы аталган. 2002-жылы кесиптик лицей статусуна ээ болгон. 1981-жылдан бери окуу жайдан 30га жакын кесип менен 10 миңден ашык окуучулар билим алышкан. 2002-жылы Токтогул ГЭСтеринин каскадына караштуу 410 орундуу жатакана окуу жайдын балансасына өткөрүлүп алынып, 2012-жылга чейин окуу жайдын имараты толугу менен реконструкцияланды. Бүгүнкү күндө №89-кесиптик лицейде жаштардан 9 жана 11 – класстардын базасында курулуш иштери боюнча тигүү, жабдуулар боюнча операторлор; электр, газ менен ширетүүчүлөр; темир-бетон конструкцияларын монтаждоочу; компьютерлерди жана офистик жабдууларды тейлөөчү жана оңдоочу устаттарды окутуп кесипке даярдоого кеңири мүмкүндүктөр ачылган.

КЫДЫКЕЕВА ЖЫПАРКҮЛ КУДАКЕЕВНА

Кыдыкеева Жыпаркүл Кудакеевна 25-декабрь,1960-жылы туулган, жогорку билимдүү. Өзүнүн эмгек жолун 1981-84 жылдары «Достук» заводунда "катушка" түрүүчү болуп иштөө менен баштаган. 1984 -1987- жылдары Москвадагы Индустраиялык Педогогикалык (МИПИ) окуу жайында окуган. Кесиптик окуу жайга 1987-жылы өндүрүштүк окуу устаты болуп жумушка кирген. 1993-жылы аталган окуу жайда директордун орун басары,

1997-жылдан баштап директорлук кызматты аркалап келет.

Ж.К.Кыдыкеева жетекчи болуп иштеген мезгилден баштап, 2000-жылы Токтогул ГЭ-Синин Каскадына караштуу эскилиги жетип жараксыз абалда калган 4 кабаттуу жатаканаларды көптөгөн кыйынчылыктар менен окуу жайдын балансына өткөрүп, жалпы билим берүүчү жана атайын технология боюнча окуу кабинеттерин: тигүүчү, ширетүүчү жана слесардык иштер боюнча окуу устаканаларын, автомобилдердин түзүлушү боюнча лабораториялык кабинетин, ашкана, жатакана, китепкана жана администрациялык кабинеттерди толугу менен реконструкциялап, капиталдык ремонт иштерин жүргүзүп, аларды жабдууга акча каражатынын ар тараптуу булагын таап, окуу жайдын материалдык базасын чындоого зор эмгегин жумшады.

Жыпаркүл айым башкалардан өзгөчө изденгичтиги, тапкычтыгы, жаңыча талаптарга тез ык алууга жетишкен эптүүлүгү, заман талабын көрө билген сезимталдыгы, учурга шайкеш иш жүргүзө алган чебердиги жана ар кандай долбоорлорду кынтыксыз жаза да, жактай билген билимдүүлүгү менен айырмаланат. Мына ушул касиети менен да ал шаарыбызга 9 миллион сомго жакын инвестиция келтирип отурат. Биз сөзүбүзгө мисалдарды келтире кетели:

Эл аралык «Мерси-КО» кайрымдуулук фонду менен иштешип, бир топ долбоорлор боюнча гранттарды утуп алып, анын негизинде кесиптик лицейде бир топ жумуштар жасалды.Алсак, 2006-жылы – 109720 сомдук инвестицияга окуу жайдын 1-кабатындагы полдорду алмаштырды, 2007-жылы – 82035 сомдук окуу корпусунун айнектерин алмаштырылды, 2010-жылы – 101180 сомдук тигүү машиналары алынды. 2011-жылы – 599662 сомдук компьютердик тренажердук класс жана автомобилдерди ондоочу слесардык мастерскойлор курулду.

2006-жылы «Жерүй-Алтын» жабык акционердик коому менен 827848 сомдук келишим түзүлүп, 45 окуучу окутулду.

2008-жылы ОсОО МКК «Финансовая группа Компаньон» Таш-Көмүр шаардык филиалы менен – 2 айлык «Электр жаасы жана газ менен ширетүүчү», «Чач тарач» курстары окуту-

луп, «Чач тарач» кабинетине 2 орундук, «Электр жаасы менен ширетүүчү» кабинетине 2 орундук жабдуу менен жабдылды.

2011-жылы Кара-Көл шаардык Эмгек, ишке орноштуруу комитети менен 50000 сомдук 2 кабинеттин ремонту бүткөрүлдү.

2012-жылы «Азия өнүктүрүү Банкынын» долбоорунун негизинде жалпы суммасы 7185280 сомдук инвестиция тартууга жетишип,окуу жайдын чатыры, жатаканасы, окуу устаканалары толук ремонттолуп бүттү жана жакынкы убактарда 90 орундуу жатакана (керебет, окуу стол, стулдары жана шейшеп-жууркандардын комплектери) жана ашпозчу, тигүүчү устаканасы, 15 орундуу компьютердик класс жабдуулар менен толукталды.

2011-жылы Ош жана Жалал-Абад аймактарында жаштар жана балдар арасында тынчтыкты орнотуу программасынын негизинде «Благодать» коомдук фондунун долбоорунун негизинде тигүү кабинетине 3 тордоочу машина, чач тарач бөлмөсүнө 1 баш жуугуч жабдуу, чач тарачтар үчүн толук комплектүү жыйнак (набор) сатып алынды.

2012-жылы «AVEP» (Евросоюз) коомдук фондунун долбоорунун негизинде кыска мөөнөттүү «Ширетүүчү», «Жасалгалоочу, курулуш иштеринин устаты» жана «Улуттук буюмдарды даярдоочу» 3 кесип боюнча 877500 сомдук жабдуулар келет.

Токтогул районуна караштуу Үч-Терек жана Өзгөрүш айыл округундарынын суроо-талаптарына ылайык Камбар –Ата ГЭСтер курулушунда иштөөчү куруучу кесиптерин даярдоо үчүн окуу кабинеттери ачылып, элдин талабын канааттандыра алды. Окуу жайдын айлана-чөйрөсүн жана шаарды көрктөндүрүүдө,талап коюучулук менен иш алып барып, 2009-жылы окуу жайы «Активдүү окуу жайы», 2010-жылы «Мыкты окуу жайы» номинацияларына ээ болду.

Окуу, план - программаларды иштеп чыгып, жумушчу программаларды усулдук борборго сунуштады. Адеп, ыйман жана окуу тарбиялык иштер боюнча китептерди жазып тажрыйба жайылтуу үчүн усулдук борборго жөнөттү.

1995-жылы шаардык мектептер жана билим берүү мекемелер арасында «Окуу тарбиялык иштердин сапатын жакшыртуу, тарбиясы оор балдар менен иш алып баруу» иш тажрыйбасы жайылтылган.

Жыпаркүл айым эмгектеги жогорудагыдай эң мыкты

жөрөлгөлөрү жана жетишкендиктери үчүн бир топ сыйлыктардын ээси. 1995-жылы «Кесиптик техникалык билим берүүнүн отличниги»;

2003, 2007, 2011--жылдары жылы Жалал-Абад областык администрациянын, 2010-жылы Кара-Кол шаардык Мэриянын,Кесиптик техникалык билим берүү тармагынын Ардак Грамоталары менен сыйланган;

2006-жылдан 2011-жылга чейин кесиптик техникалык билим берүү жамаатынын арасында өткөрүлүүчү Спартакиадаларда «Тогуз коргоол» оюнун жеңүүчүсү;

2012-жылы Жалал-Абад областык Элге билим берүү тармагы боюнча өткөрүлгөн спартакиадасынын «Тогуз коргоол» оюну боюнча областтын чемпиону.

Ж.К.Кыдыкееванын талап коюучулук аракетинин негизинде көптөгөн уюштуруучулук жана чарбалык иштер боюнча маселелер чечилди.

Талыкпаган эмгеги, жогорку квалификациялуу, тажрыйбалуу, өз ишин билген жетекчи катары биздин мамлекетибизге жаш жумушчу кадрлады даярдоодо кошкон зор салымы үчүн инженердик педагогикалык жана эмгек жамаатынын чогулушунун чечими менен Кара-Көл шаарынын мэрине жана Кара-Көл Шаардык Кеңешиние Кыргыз Республикасынын «Билим берүүсүнө Эмгек сиңирген кызматкер» наамына жолдомо берүүгө сунуш кылынган.

Бүгүнкү күндө Ж. Кыдыкеева 4 баланын энеси, 4 неберенин чон энеси.

ЖИБЕК МАТНАЗАРОВА

№89-кесиптик лицейдеги эң тажрыйбалуу жана көп жылдык тажрыйбасы бар мугалимдердин бири Жибек Матназарова. Ал өзүнүн алгачкы эмгек жолун 1984-жылы Токтогул ГЭСинде оператор болуп иштөөдөн баштаса да, кийинки эле жылы мугалимдик кесипке келген. Шаардагы №2—3-орто мектептерде мугалим болуп окуучуларга билим берип баштаган. Ошондон бери жалпысынан билим берүү майданындагы эмгек стажы 27 жылга жетти.

Жибек Матназарова чейрек кылымдан ашкан мугалимдик эмгегинде көптөгөн тажрыйбаларга ээ болуп, билим берүүнүн жана тарбиялоонун көптөгөн ыкмаларын өздөштүрдү. Чыгармачылык аракеттерин жумшады. Көптөгөн ийгиликтерге жетишип келди.

Жибек дээринде өзүнүн өтө түйшүкчүл, уюштургуч жана берилген тапшырмага так жана чоң жоопкерчилик менен мамиле кылгандыгы менен да башкалардан айырмаланып келет.

Кесиптик лицейдин жана жергиликтүү шаардык мэриясынын, кесиптик кошуундардын Ардак Грамоталарынан сырткары да, кесиптик-техникалык билим берүү агенттигинин грамоталары, мактоо баракчаларын бир нече ирет алган.. 2009-жылдан бери "Эл агартуунун отличниги", Кара-Көл,Таш-Көмүр шаарларында, Шамалды-Сай, Көк-Жаңгак шаарчаларында, Аксы районунда кесиптик билим берүү мекемелеринин мугалимдеринин арасында өтүлгөн "Жыл мугалими" сынактарынын 1-2-3-орундарынын жеңүүчүсү. Мындай жеңиштерге жетүүнүн артында түгөнбөгөн түйшүк, чаалыкпаган аракет, изденүүчүлүк дарамет жаткандыгы айтпаса да түшүнүктүү.

Жибек Матназарова 1997-2002-жылдары №89-кесиптик лицейдин окуу иштери боюнча усулчусу, директордун орун басары болуп иштеди.

Өз ишинин устаты болгон айым 1989-жылы Ош педагогикалык институтунун химия жана биология факультетин аяктаган. 1998-2002-жылдары Чолпонбай атындагы №4 жана №3-М.В.Фрунзе атындагы мектептерде химия жана биология боюнча мугалим болуп саат алып иштеди.

Жогорудагыдай аракетчилдигинин натыйжасында администрациянын да, эмгек жамаатынын да чоң ишенимине ээ болгон Жибек Матназаровага көптөгөн коомдук тапшырмалар да жүктөлүп, аны да ар-намыстуулук менен аткарып келатат. Ар кандай кароо-сынактарга өспүрүмдөрдү даярдоо үчүн күйүп-бышып, убакыт менен эсептешпей иштеп жүрүп, денесине өндүрүштүк жаракат (травма) алган да учуру бар. Мунун айынан алигүнчө убак-убагы менен дарылануура мажбур болуп, азабын чегип келүүдө. Бирок, эмгекке болгон жоопкерчилигин таштап койгон жок. Дале жаштар менен бир катарда эмгегин ак өтөп келүүдө.

Жибек 2007—2010-жылдары кесиптик лицейдеги профсоюздук уюмдун төрайымы болуп, эмгек адамынын укугун коргоодо жана жамааттын башын бириктирип ар кандай уюштуруучулук иштердли жүргүзүүдө бир топ аракеттерин жумшаган болсо, шаардагы ак сакалдар сотунун мөчүсү катарында да шаар аймагындагы ак сакалдар сотунун кароосуна келип түшкөн көптөгөн маселелерди чечүүгө жигердүү салымын кошуп келди.

Иштерман жана сезимтал айым Ата Мекенинин келечек тагдырына да кайдыгер карай албай, 2000-жылдан бери "Ата Мекен" партиясынын мүчөсү катарында коомдук-саясий турмушта да тийиштүү деңгээлде кызматын өтөп келе жатат. 2006-жылдан бери аталган партиянын Кара-Көл шаарындагы координатору катарында да бир топ иштерди жүргүзүүгө жетишип келүүдө.

Жибек Матназарова 1966-жылы Базар-Коргон районунун XXП партсьезд атындагы колхоздо жарык дүйнөгө келген.Үй-бүлөлүү жубайы Эргеш экөө эки кыз, бир уулдун, неберелердин мээримдүү ата-энеси.

УКУЕВА АБИДА КАЛЫБЕКОВНА

Абида Укуева 1962-жылы 30-сентябрда төрөлгөн. Ош шаарындагы советтик соода техникумун 1983-жылы ийгиликтүү аяктаган. Кесиби боюнча "Өнөр жай тармагынын эсепчиси".

Абида Укуева эмгек жолун 1983-1987-жылдарда Кара-Көл шаарындагы борбордук оорукканада башкы эсепчи болуп иштөө менен баштаган. Ал эми 1987-жылдан ушул убакка чейин ал шаардагы №89-кесиптик лицейде башкы эсепчи болуп үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Тажрыйбалуу жана өз кесибине ак дили менен мамиле кылып келе жатышы анын миң, миллиондогон суммадагы акча каражаттарын каржылоодо одоно кемчиликтерге, алдым-жуттумдукка, эсеп-кысап маселелерине коюлган юридикалык талаптардын бузулушуна жол бербей келаткандыгы күбө. Бир орунда, бир мекемеде узак убакыт бою башкы эсепчи катарында катасыз иштөө сейрек көрүнүштөрдөн десек да жаңылбайбыз.

Отуз жылга чукул эсепчилик эмгек жолундагы ырааттуу, билгиликтүү жана ак эмгеги үчүн кесиптик-техникалык билим

берүү тармагынын "Кесиптик билим берүүнүн эң мыктысы" деген төш белгисин алууга татыктуу болгон.

Эки ирет Жалал-Абад областынын губернаторунун Ардак Грамотасы, кесиптик-техникалык билим берүү агенттигинин Мактоо баракчасы жана Кара-Көл шаардык мэриясынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кара-Көл колледжи

Кара-Көл колледжи 1981-жылы Куйбышевдеги (Самара шаары) Энергокурулуш техникумунун филиалы катары уюшулуп, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим Министирилигинин 1994-жылынын 3-июндагы №4/4 - буйругунун негизинде ЖАМУнун 1994-жылдын 15-сентябрындагы №188 буйругу менен Жалал-Абад мамлекеттик университетинин курамына кирген, ал эми Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим Министирлигинин 17 –август 2008 –жылдагы № 487-буйругунун негизинде Кара-Көл колледжи болуп өзгөртүлгөн. Колледж орто кесиптик билим берүүчү мамлекеттик окуу жай болуп эсептелинет. Окуу жайда 3 бөлүм бар. "Экономика жана информатика" болүмүн - Мамырова Тинатин Осмоналиевна. "Энергетика жана транспорт" болүмүн - Кадырова Миновар. "Педагогика" бөлүмүн – Мамырасулова Чүрөк Жолдошбековна жетектейт. 27 профессордук-окутуучулар курамы эмгектенишет, анын ичинде 3 илимдин кандидаты, 1 профессор, 3 КРнын билим берүүнүн отличниги, 3 ага окутуучу, 24 окутуучу. 2 окутуучу "Электр станциялары" ачык акционердик коомунун филиалы Токтогул ГЭСтеринин каскадынын энергетиктери келип сабак беришет. Азыркы мезгилде Кара-Көл колледжинде - 600 дөн ашык студенттер билим алып жатышат. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кара – Көл колледжин 1981-1994-жылга чейин окутуучу Подгорец Любов Сергеевна, 1994-жылдын 1-сентябрынан 2008-жылдын 15-апрелине чейин "Жалал-Абад" мамлекеттик университетине эмгек синирген кызматкер, эл агартуунун отличниги, ага окутуучу Зияев Кадыралы Абдыганиевич, 2008-2009-жылдын 2-февралына чейин колледжи т.и.к. доцент Турдалиев Шыйкыманар Эсенович жетектеп келсе, 2009-жыл-

дын 2-февралынан Чолпонкулов Шайырбек Сатыбалдиевич жетектеп келүүдө.

ЧОЛПОНКУЛОВ ШАЙЫРБЕК САТЫБАЛДИЕВИЧ

Жалал –Абад мамлекеттик Университетинин Кара –Көл колледжинин директору.

Кыргыз Республикасынын Инженердик Академиясынын аспиранты, 22-илимий иштердин, 5 – окуу усулдук эмгектердин автору, доценттин м.а.

1964-жылы 13-октябрьда Ноокен районунун Шайдан айылында төрөлгөн. 1982-жылы №19 "Жаны-Турмуш"орто мектепти ийгиликтуу бүтүрүп, Фрунзе шаарындагы №27 училишаны "токарь" адистиги боюнча 1983-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. 1984-1986 жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1986-жылы Россия мамлекетиндеги Томск шаарындагы Киров атындагы политехникалык институтуна тапшырып, 1996-жылы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кара –Көл инженердик факультетинин "машина куруунун технологиясы" багыты боюнча "инженер-механик" адистигин бүтүргөн. 1990-жылы Кара –Көл шаарындагы "Достук" заводунда токарь. 1991-жылы №4 Д. Шопоков атындагы орто мектепте черчение сабагынын мугалими, инженер ГО, 1993-жылдан Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кара – Көл инженердик факультетинин "Машинакуруу" кафедрасында инженер, факультетте башкы инженер. 1996-жылдан, 2006-жылга чейин "Машина куруу" кафедрасында окутуучу, ага окутуучу, 2006-жылдан, 2009-жылдын 1-февралына чейин"Машина куруу" кафедрасында кафедра башчы болуп иштеген. 2009-жылдын 2-февралынан Жалал – Абад мамлекеттик Университетинин Кара – Көл колледжинин директору. Бир уул, үч кыздын атасы. Жубайы Уметова Эльмира Мамашовна кесиби педагог. Мэриянын, ректордун, губернатордун ардак грамоталары, 2012-жылдын 21-февралында Москвадан "ДОСААФ СНГнын 85-жылдык " юбилейинин медалы менен сыйланган.

ЭРГЕШБАЕВ ТЕМИРБЕК

Эргешбаев Темирбек ЖАМУнун Кара-Кол колледжинин тарбия иштери боюнча директордун орун басары. Ага окутуучу. Кыргыз Республикасынын билим берүүнүн отличниги.

1952-жылы 18-декабрда Токтогул районуна караштуу Үч-Терек айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.

1960-жылы Үч-Терек айылындагы А. М. Горький орто мектебине 1-класска кирип, 1970 - жылы аталган мектепти аяктаган.

1973-жылы Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынын дене-тарбия адистиги боюнча ийгиликтүү аяктап, жолдомо менен Кара-Көл шаарындагы №12 мектебинде (азыркы №2 Ч.Тулебердиев атындагы орто мектебинде) дене-тарбия мугалими болуп эмгек жолун баштаган.

1980-1982 -жылдары Кара-Кол шаардык спорт комитетин жетектеген. 1981-1987 жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык окуу жайынын «Автомобиль жана Автомобиль чарба» адистигин бүтүрүп, инженер- механик кесибине ээ болгон.

1982-жылда Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кара-Көлдөгү жалпы техникалык факультетинде «окуу мастери», «инженер» болуп иштеген.

1989-1992-жылдары Кара-Кол шаарындагы ПТУ -№ 89- окуу жайында директордун орун басары, 1993-жылдан ЖАМУнун Кара-Кол инженердик факультетинде дене-тарбия мугалими, 2009-жылдан ЖАМУнун Кара-Кол колледжинде дене-тарбия боюнча ага окутуучу, 2012-жылдан баштап колледждин тарбия - иштери боюнча директордун орун басары болуп эмгектенип келет.

1979-окуу жылында шаардык билим берүү мекемесинин, 1981-жылы Кара-Көл шаардык дене-тарбия жана спорт комитетинин жана 1997, 2010-жылдары ЖАМУнун ректорунун Ардак грамоталары, 2000-жылы Кыргыз Республикасынын Билим жана Илим министирлигинин «Билим берүү отличниги» төш белгиси менен сыйланган.

Кара-Кульский технологический институт кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова

Кара-Кульский инженерный филиал, ныне Кара-Кульский технологический институт КГТУ им.И.Раззакова был образован в1963 году, как обшетехнический факультет Фрунзенского политехнического института с вечерней системой обучения для удовлетворения потребности строительства Токтогульской ГЭС и сыграл важнейшую роль в подготовке инженерных кадром, участвовавших в строительстве гидроэлектростанций, их безопасной и эффективной эксплуатации.

У истоков создания Кара-Кульского инженерного филиала стоял главный инженер строительства Токтогульской ГЭС Толкачев Леонид Азарьевич.

С ноября 1963 года Толкачев Л.А. был назначен деканом ОТФ ФПИ на обшественных началах, а заместителем декана по учебной работе—Ковалева Р.А.

Под его руководством была проделана большая организационно-методическая работа по комплектованию ППС, учебно-методической литературой, оборудовнием. Были сформированы три группы будущих инженеров: гидростроителей, энергетиков и механиков. Со времени образования КИФ постоянно поддерживается тесная связь с гидростроителями и эксплуатационниками ГЭС, так как главной его задачей является подготовка грамотных квалифицированных кадров, которые бы обладали не только теоретическими знаниями, но и практическими навыками.

В 1985 году в г.Кара-Куль на базе Кара-Кульского инженерного филиала было проведено совещание – семинар по проблемам надежности и безопасной эксплуатации Токтогульской и Курп-Сайской ГЭС с участие руководителей инженерных институтов Москвы, Ленинграда, Ташкента и многих других.

Вдохновителем всех начинаний в развитии КИФ был ветеран ВОВ, политолог, доцент, заслуженный пенсионер Никулин Алек-

сандр Петрович.

В период с 1971—1976гг.деканом КИФ был к.т.н. Усубалиев Эрмат Усубалиевич.Каждый из его последователей внес весомый вклад в развитие Кара-Кульского инженерного филиала:

-с 1976 по 1985 гг.—к.т.н., доцент Джумагулов С.Д. По инициативе Джумагулова С.Д. и силами студентов завершено строительство трехэтажного главного учебного корпуса.

-с 1985 по 1990 гг.к.т.н., доцент Кененсариев К.С. Начато сквозное обучение по специальностым "Промышленно-гражданское строительство" и "Технология машиностроения".

-с 1990 по 1995гг.-к.т.н., Сартов Т.Э. Открыта дневная и заочная форма обучсения. Начато сквозное обучение по специальности "Электроснабжение". С образованием Жалал-Абадского Государственного Университета, по указу Президента КР от 02.04.93г., Кара-Кульский инженерный факультет был передан в состав ЖАГУ.

-с 1995 по 2007гг. –к.ф-м.н. Алишеров А.А. На факультете открыты новые специальности: "Финансы и кредит", "Бухучет и аудит", "Экспертиза и управление недвижимостью","Организация безопасности дорожного движения". Произошел рост научного потенциала ППС, защищены 4 кандидатских диссертации.

-с 2007 года по настоящее время директором Кара-Кульского технологического института работает профессор КГТУ Ниязов Нуридин Тажибаевич.

Директор института Ниязов Нуридин Тажибаевич, выпускник ФПИ 1978г, кандидат технических наук, доцент, директор КИФ КГТУ им.И.Раззакова, отличник образования КР, автор 12 научных трудов, 17 учебно-методических пособий, 14 рационализаторских предложений, 3-х изобретений, член Национальной федерации "Каратэ-до"КР, президент "Каратэ-До" г.Кара-Куль.

На основании Постановлении Правительства Кыргызской Республики №337 от 17 августа 2007 года и приказа Министерства образования и науки Кыргызской Республики №538/1 от 7 сентября 2007 года Кара-Кульский инженерный факультет вернулся в состав Кыргызского государственного технического универстета им.И.Раззакова. С 2008 года он был переименован в Кара-Кульский инженерный филиал.

За сорок девять лет существования Кара-Кульский техноло-

гический институт подготовил и выпустил более 6 тысяч квалифицированных инженерных кадров, профессорско-преподавательский состав и материально-техническая база филиала получила качественный рост. В настоящее время учебный процесс в институте ведут 6 кафедр, трудятся более 60 преподавателей. Среди них 2 доктор (по совместительству), 7 кандидатов наук, 1 заслуженный работник и 6 отличник образования. Широко привлекаются в учебной процесс подготовки инженерных кадров ведущие специалисты в области электроэнергетики и гидростроительства.

Благодаря тесному сотрудничеству с Каскадом Токтогульских ГЭС и ОАО "Нарынгидроэнергострой" КИФ оснащен современными учебными лабораториямы и имеет мощную производственную базу. В распоряжении филиала имеются 4учебных корпуса, 29 лабораторий, 20 учебных кабинетов, 1 научно-исследовательская лаборатория "Импульс", 3 лекционных зала, 3компьютерных класса с выходом в международную коммуникационную сеть Интернет, соответственная электронная библиотека (учебно-методические комплексы дисциплин, электронные учебники по всем направлениям и специальностям), библиотека и 2 читальных зала.

Кара-Кульский технологический институт КГТУ им.И.Раззакова имеет лицензии на реализацию образовательно-профессиональных программ базового высшего образования по специальностям

551701. 01"Электрические станции",
551701.03"Электроснабжение (по отраслям)"
550101.03 "Гидротехническое строительство"
550101.10"Экспертиза и управление недвижимостью"
552101.02"Организация и безопасность движения"
510101 "Финансы и кредит"

Обучение в институте ведется по дневной и заочной форме, на бюджетной и контрактной основе. В настоящее время обучаются свыше 1050 студентом.

По указу Президента КР подписано постановление "О строительстве Камбар-Атинской ГЭС-2" и вводе в эксплуатацию ее первого агрегата в 22-декабрю 2009 года. Камбар-Атинские ГЭС-1 и 2имеют стратегическое значение для развития эконо-

мики Республики и в ближнейшей перспективе завершение их строительства является приоритетной задачей. Для решения этого постановления Министерство образования и науки начало организовывать подготовку квалифицированных инженеров и рабочих кадров по специальным квалификациями для строительств Камбар-Атинский ГЭС-2 по заявке пождрядчика. Нехватка таких специалистов остро ощущается сегодня, поскольку с миграцией русскоязычного и коренного населения произошел отток многих квалифицированных инженеров технического профиля. Поэтому Ученым Советом КИМ КГТУ им.И.Раззакова было принято решение об открытии Кара-Кульского технического колледжа при Кара-Кульском инженерном филиале.

Кара-Кульский технологический институт поддерживает тесные связи с ВУЗами России и Казахстана. Это : Московский государственный университет им. Н.Э. Баумана, Московский Энергетический Институт (МЭИ), Санкт-Петербургский Государственный политехнический университет, Кемеровский Государственный Университет, Алма-Атинский институт энергетики и связи и многие другие.

За годы своего существования институт стал одним из ведущих учебных заведений южного региона Кыргызстана по подготовке инженеров-механиков энергетиков и строителей.

Выпускники ККТИ сегодня успешно трудятся в разных отраслях народного хозяйства во многих регионах нашей республики,в ближнем и дальнем зарубежье. В свое время мэром г.Кара-Куль была Абытканова Р., губернатор Жалал-Абадской области Масиров К.М., Торага Кара-Кульского Кенеша народных депутатов Токтогулов С.У., мэром г.Таш-Кумыр—Жакыпбаев М., г.Майли-Суу—Шерматов А.,ген.директором корпорации "НЕМАН-холдинг"—Артыкбаев О., зам. Ген.директора АО "Нарын ГЭС"—Дарбышев А.А., начальником Курп-Сайской ГЭС—Болгонбеков А.Т., начальником Таш-Кумырской ГЭС-Кыдыршаев М.К., инженером эксплуатационного участка "КТГЭМ"-Дуйшебаев Б., главный инженер КТГЭС—Толубаев Т., начальник Кара-Кульской РЭС-Медеров Т.и многие другие. Они показали свой творческий талант и инженерное мастерство при строительстве крупных гидростанций в России, Таджикстане и Грузии, а также государствах Восточной Азии, Африки, Латинской Америки и Германии.

В том, что Кара-Кульский технологический институт продолжает свою успешную деятельность, большая и неоценимая заслуга профессорско-преподавательского состава. Сотни студентом вспоминают добрыми словами настоящих и чутких наставников, отдающих свои педагогические премудрости в бес конечно трудных и напряженных днях работы и развития филиала.

НИЯЗОВ НУРИДИН ТАЖИБАЕВИЧ

Техника илимдеринин кандидаты, доцент, КМТУнун профессору, И.Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл технологиялык институтунун директору.

Ниязов Нуридин Тажибаевич 1954-жылы 1-декабрда Ош областына караштуу Алай районунун Гүлчө айылында кызматкердин үйбүлөсүндө туулган.

1972-жылы Гүлчөдөгү Макаренко атындагы орто мектебин ийгиликтүү аяктагандан кийин, Алай районундагы совхоздо жумушчу болуп иштеп, алгачкы эмгек жолун баштаган. 1973-жылы Фрунзе политехникалык институтунун (И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети) энергетика факультетине өтөт, ал эми бул факультетти 1978-жылы «Электр станциялары» боюнча бүтүрүп, инженер-электрик адистигине ээ болот. Жогорку окуу жайын бүтөөрү менен өндүрүшкө келген. 1978-жылдан 1981-жылга чейин Фрунзе (Бишкек) шаарындагы «Кыргызэнергоремонт» өндүрүштүк-ремонттоо мекемесинде инженер-наладчик болуп иштеген, 1981-жылдан 1994-жылга чейин Токтогул ГЭСтеринин каскадында, тактап айтканда Токтогул ГЭСинин электротехникалык лабораториясында, адегенде релелик коргоо жана автоматика инженери, анан ага- инженери, кийинчерээк Күрп-Сай ГЭСинин электротехникалык лабораториясынын башчысы болуп дайындалган.

1986-жылы Санкт-Петербург шаарындагы энергетиктердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунда стажировкадан өткөн.

Н.Т. Ниязов электрэнергетика багытындагы жогорку квалификациялуу адис. Ал инженер-өндүрүшчү катары гана тааныл-

бастан, инженер-ойлоп табуучу, окумуштуу жана белгилүү педагог, камкор насаатчы катары да белгилүү инсан.

Кара-Көл технологиялык институтунда 1982-жылдан бери өндүрүшчү катары сырттан келип сабак берип жүргөн болсо, 1997-жылдан баштап «Электроэнергетика» кафедрасынын штаттык доценти болуп эмгектенген. Өндүрүшчү – практикалык бай тажрыйбасын пайдаланып «Электроэнергетика» кафедрасынын азыркы замандын талаптарына жооп бере турган деңгээлдеги окуу-лабораториялык базасын уюштурду жана түзүп чыкты. Ошондой эле Токтогул ГЭСтеринин каскадынын көйгөйлүү маселелери боюнча студенттерге илимий-изилдөө дипломдук иштерин жасатуу, өндүрүшкө сунуш этүү жумуштарын колго алып, өнүгүү жолуна багыттады.

2007-жылдан баштап И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кара-Көл инженердик факультетине декан болуп дайындалган, ал эми 2010-жылдан бери бүгүнкү күнгө чейин Кара-Көл технологиялык институтунун директору.

Н.Т. Ниязов Кара-Көл технологиялык институтуна «Курулуш», «Транспорт» кафедраларында окуу-өндүрүштүк иштери жылбай, жетекчилик, уюштуруучулук жактары аксап, өзүнчө түйшүктүү проблемаларга айланганда жетекчиликке келди. Ошону калыбына келтирүү, институттун проблемаларын чечүү, оңдоо, алдыңкы деңгээлге көтөрүү – учурдун кечиктирилгис талабы катары кабыл алып талбай эмгектенүүдө.

Даярдалган адистердин билиминин сапаты, тереңдиги, аны иш жүзүндө пайдалана билгендигинен дароо эле байкалат. Айткандай, бүгүнкү күндө Токтогул ГЭСтеринин каскадында, «Нарынгидрокурулуш» мекемесинин тармактарында, Камбар-Ата-2 ГЭСинде эмгектенип жаткан инженер-курулушчулардын, энергетиктердин дээрлик көпчүлүгүн Кара-Көл технологиялык институттун бүтүрүүчүлөрү түзөт.

Ниязов Нуридин Тажибаевичтин окумуштуулук изилдөө багытында 20 илимий макаласы жана 30дан ашуун окуу-методикалык пособиясы бар. Ошондой эле, ойлоп чыгуу табылгасы (изобретение) боюнча 3 патенттин ээси. Ал жетекчилик, илимий-изилдөө жана педагогикалык ишмердүүлүгүн ийгиликтүү шайкештикте жүргүзө алат. Бүгүнкү күндө доктордук диссертация-

сынын үстүнөн иштөөдө. Илимий эмгектери жана ойлоп табуу табылгалары электрэнергиясын өндүрүү ишканаларынын негизги электржабдыктарын автоматикалык түрдө көзөмөлдөө жана диагностоо, чогултулган билим базасын колдонуу аркылуу диагноз коюунун эксперттик системдерин иштеп чыгууга арналган. Сапаттуу адистерди даярдап чыгаруу маселесин чечүү менен катар коомдук – саясий иштерге активдүү катышат: Кыргыз республикасынын улуттук Каратэ-До федерациясынын кеңешинин мүчөсү, Кара-Көл шаарындагы Каратэ-До федерациясынын президенти.

Н.Т. Ниязов электр энергиясын өндүрүү тармагында «Токтогул ГЭСтеринин Каскады боюнча алдыңкы адис», «Алдыңкы инженер-техникалык кызматкер» наамдарынын ээси. 2004-жылы «Билим берүүнүн отличниги» төш белгиси менен сыйланып, ал эми 2010-жылы энергетиканын отличниги «Каарман» наамына ээ болгон. А.Эйнштейн атындагы эл аралык энергетиктердин Академиясынын академиги.

Жалпы эмгек стажы 40 жылды түзөт, ал эми жогорку окуу жайында иштеген илимий-педагогикалык стажы – 30 жыл.

АЙНА БАКАСОВА

Техника илимдеринин кандидаты, доцент, И.Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл технологиялык институтундагы «Электроэнергетика» кафедрасынын башчысы.

Айна Бакасова 1958-жылы 18-ноябрда Нарын шаарында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. 1976 -жылы Нарын шаарындагы №1 Токтогул атындагы орто мектепти артыкчылык аттестаты менен бүтүргөн.

Фрунзе политехникалык институтунун (И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети) энергетика факультетинде окуп, аны 1981-жылы «Өндүрүш мекемелерин, шаарларды жана айылдарды электр энергиясы менен жабдуу» боюнча бүтүрүп, инженер-электрик адистигине ээ болгон.

1981-жылы аталган институтту бүтөөрү менен билим берүү министирлигинин багыттамасы боюнча, жаш адис катары Ток-

тогул ГЭСинин алдында уюшулган Фрунзе политехникалык институтунун Кара – Көл шаарындагы жалпы техникалык факультетине «Электротехниканын теориялык негиздери» сабагы боюнча окутуучу катары жиберилген.

1995-жылдан бери бүгүнкү күнгө чейин Кара-Көл технологиялык институтунун жогорку деңгээлдеги квалификациялуу энергетик–инженерлерди даярдаган алдыңкы катардагы белгилүү «Электроэнергетика» кафедрасынын башчысы болуп эмгектенип келүүдө.

«Электроэнергетика» кафедрасын түзүү жана уюштуруу башатында болуп, албан-албан эмгектерди жарата алды. Мисалы, окутуучулук – профессорлук кадрларды күтүп алуу, алардын белгилүү деңгээлде катарын чыңдоо, ынтымагын бекемдеп, мыкты адистерди даярдап чыгаргыдай илим – билимдик сапаттык деңгээлин көтөрүү, өндүрүш менен тыгыз байланышты чыңдоо, ошондой эле кафедраны окуу жана окуу-методикалык пособиялар менен камсыз кылуу, лабораторияларды түзүү жана уюштуруу, окуу пландарын жана сабактардын иш программаларын иштеп чыгуу жана башка ушул сыяктуу багыттарда жеткиликтүү эмгек сиңирди.

2004-жылы кандидаттык диссертациясын жактап, техника илимдеринин (электр станциялары жана электроэнергетикалык системдер) кандидаты – окумуштуулук даражасына, ал эми 2008-жылы доцент – окумуштуулук наамына ээ болду.

Айна Бакасова окумуштуулук илимий изилдөө багытында, составында 1 илимий монография кирген 35тен ашуун эмгектери жарык көргөн. Ошондой эле 38 окуу-методикалык пособиясы бар.

А.Бакасова илимий-изилдөө жана педагогикалык ишмердүүлүгүн ийгиликтүү шайкештикте жүргүзө алат.

Азыркы күндө доктордук диссертациясынын үстүндө иштөөдө. Илимий эмгектери түз эмес сызыктуу (нелинейная) электрэнергетиканын көйгөйлөрүн жана келечегин изилдөөгө, жаңы заманбап энергетикалык ыкмаларды колдонуу аркылуу интеллектуалдык электрэнергетика системдерин түзүүгө арналган. Ал квалификациясын дайыма жогорулатуу менен бирге эл аралык конференцияларга, симпозиумдарга (Россия, Казакстан, Кыргызстан) активдүү катышат. Коомдук – саясий ишмердүүлүктө

да өз активдүүлүгүн көрсөтүп келүүдө, 2007-2008 жылдары Кара-Көл шаардык кеңешинин депутаты – укук жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы болуп иштеген. Бүгүнкү күнгө чейин шаардагы студенттердин, жаштардын арасында коомдук-тарбия иштерин талбай жүргүзүп келе жатат.

Айна Бакасова Кыргыз Республикасынын электрэнергиясын өндүрүү, алыс аралыкка берүү жана пайдалануу тармактарына жогорку квалификациядагы адистерди даярдоодогу жетишкен ийгиликтери жана көп жылдык ак эмгеги үчүн бир катар мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болгон. Фрунзе политехникалык институту, Жалал-Абад мамлекеттик университети, Токтогул ГЭСтеринин каскады, Жалал-Абад мамлекеттик администрациясы жана областтык Кеңеши, Кыргыз республикасынын энергетика министирлиги тарабынан Ардак грамоталар менен сыйланган. Ал эми 2005-жылы «Билим берүүнүн отличниги» төш белгисине татыктуу болгон.

31 жыл бою бир орунда Кара-Көл технологиялык институтунда иштеди, ошондуктан жалпы эмгек стажы менен илимий – педагогикалык стажы дал келип 31 жылды түздү.

Үй-бүлөлүү, эки кыздын, бир уулдун энеси. Белгилей кетчү нерсе мында Ниязов Нуридин Тажибаевич менен Бакасова Айна Бакасовна бири-бирин толуктаган өмүрлөш жубайлар.

ТУРАЛИЕВА НУРЖАМАЛ ДАРМАНБЕКОВНА

Туралиева Нуржамал Дарманбековна 1959-жылдын 12-октябрында Токтогул районунун Камыш-Башы айылында төрөлгөн.

1981-жылы Свердловск шаарындагы (Россия) Урал Мамлекеттик университетинин орус филология факультетин аяктап, филолог-окутуучу деген квалификацияга ээ болгон. Эмгек жолун Токтогул районунун Чкалов атындагы орто мектебинин орус тили жана адабияты сабактарынын мугалими катары баштаган.

1985-жылдан баштап ушул күнгө чейин Исхак Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университетинин Кара-Көл технологиялык институтунда орус тили боюнча окутуучу болуп эмгектенет.

2002-жылы Кемерово мамлекеттик университетинин (Россия) диссертациялык советинде илимий диссертациясын жактап, филология илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болгон.

2008-жылы Кыргыз улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан орус тили боюнча «доцент» илимий наамы ыйгарылган.

Бүгүнкү күндө «Гуманитардык илимдер кафедрасынын» башчысы.

Ушул жылдар ичинде 11 илимий эмгек, коллеждин биринчи курсунун окуучулары үчүн орус тили, орус адабияты боюнча 2 методикалык пособие жана институттун студенттери үчүн 15тен ашуун методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыкты.

Жогорку квалификациядагы адистерге билим берүүдө жана тарбиялоодо жетишкен ийгиликтери үчүн

Университеттин, шаардын, областын, 2011-жылы Билим жана Илим министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланып, 2006-жылы «Билим берүү отличниги» төш белгисине татыктуу болгон. 2010-жылы «Жылдын мыкты окутуучусу» номинациясын жеңүүчүсү деп табылган. Үй-бүлөлүү. жолдошу М.Койчиев жеке ишкер. Эки уул, бир кыздын мээримдүү энеси.

АЛДАКЕНОВА ЖЫПАР БИРИМКУЛОВНА

Жыпар Алдакеновна Калинин районундагы Сары-Булак айылында 1949-жылы 3-декабрда туулган. Мектепти ийгиликтүү аяктаган соң, 1965-жылы Маяковский атындагы кыргыз аялдар педагогикалык институтундагы математика факультетине окууга кабыл алынган. Аны 1970-жылы аяктап, эмгек жолун Токтогул районунда Токтогул атындагы мектепке мугалим болуп баштаган. Ал эми 1972-1976-жылдары Фрунзедеги политехникалык институтуна математика кафедрасында ага лаборант болуп иштеген. 1976-жылдын февраль айында Кара-Көлдөгү жалпы техникалык факультеттеги жалпы техникалык илимдер кафедрасына мугалим болуп которулуп келген. 1978-1982 жылдары декандын орун басары, 1982-1992-жылдары жалпы техникалык илимдер кафедрасында кафедра башчысы,

1982-1984-жылы ага окутуучу, 1992-жылдан декандын орун басары жана доценттин милдетин аткаруучу болуп иштеп келе жатат. Жаш мугалимдерге методикалык иш боюнча көптөгөн иштерди жүргүздү. Институттун материалдык жана окуу методикалык техникалык базасын чындоодо, чоң салым кошуп келген ошондой эле 29 усулдук методикалык иштери бар.

Иштеги көптөгөн жетишкендиктери үчүн, уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү үчүн ректораттын, шаардык, областтык ардак грамотасы менен сыйланган. Ошондой эле 2010-жылы жылдын мыкты мугалими, "Эл агартуунун отличниги" деген наамга ээ болгон жана кыргыз республикасынын элге билим берүү министирлигинин Ардак грамотасынын ээси.

СУЛТАНАЛИЕВ КУТМИДИН

Кутмидин Султаналиев 1968-жылы Токтогул районундагы Ичке-Сай айылында туулган. 1986-1989-жылдарда Советтик Армияда кызмат өтөгөн жана келген жылы эле Фрунзе политехникалык институтуна кирип, 1994-жылы "Өнөржай, граждандык курулуш" адистигин алган. Жаш жигит чу дегенден эле улам алдыга умтулуп, 1996 - 1997-жылдары Кара-Көл энергокурулуш техникумунда директордун окуу бөлүмүнүн орун басары, 1997-2004-жылдары ЖАМУнун Кара-Көл инженердик факультетинде сырттан окуу бөлүмү боюнча декандын орун басары болуп иштеген.

Кутмидин ар бир ишке ынтызарлык менен сүңгүп кирип, өздөштүрүп, жоопкерчилик менен иштөөгө жетишчү. Жаш кадрлардын катарын толуктап 2004-2005-жылдарда Кара-Көл шаардык мэриясында курулуш боюнча башкы адис болуп иштеди. 2005-2006-жылдары Токтогул, Кара-Көл, Таш-Көмүр аймактары боюнча "Билим биздин келечек" коомдук фондунда регионалдык өкүл болуп иштеп, 2006-2009-жылдары шаардык социалдык коргоо башкармалыгынын начальниги болуп дайындалды.

2009-жылдан баштап Кутмидин Сабырбекович Кыргыз Мамлекеттик университетинин Кара-Көлдөгү филиалында "Курулуш" кафедрасында башчы жана улук окутуучу болуп иштеп келаткан жана ал өзүнүн билимдүүлүгү, кызматтык ишине бол-

гон чоң жоопкерчилиги, адамкерчилиги менен өзүн билгендердин бардыгынын арасында зор кадыр-баркка ээ болгон.

Кыска жашаган өмүрүндө Кутмидин илимий ишкер катары бир топ илимий-усулдук китепчелерди, илимий эмгектерди жазууга жетишкен. "Строительные материалы","Гидротехническое строительство", "Методические указание преддипломной практике по гидротехнической строительство", "Методическое указание к выполнению дипломного проекта", "Сызма геометрия", "Начертательная геометрия и инженерная графика", "Альбом заданий по специальности экспертиза и управление недвижимости имущества" ж.б. методикалык колдонмолордун автору.

Кутмидин өзүнүн бүтпөй калган диссертациялык иши боюнча "Рахматулинские чтения" аттуу эл аралык илимий конференцияда Москва шаарындагы Ломоносов атындагы университетинде "Комплексний подход к сейсмозащите малоэтажных зданий в условиях Кыргызской Республики", "Совершенствования и оценка эффективности различных методов сейсмозащиты зданий" аттуу темада 2 доклады басылмаларга чыккан. Ошондой эле келечекке ишенимдүү караган жана билимдүү жигит өзүнүн диссертациялык иши боюнча "Конструкция гражданских зданий част 1-2" китептин соавтору болуп, китеп Бишкек шаарындагы "Аят" басмаканасынан 2011-жылы жарык көргөн.

-Кутмидиндин келечеги кең жан эле. Биз андан көптү күткөнбүз. Изденгич, чыгармачыл, мээнеткеч, адам менен оюн түшүндүрүп сүйлөшө да билген, илимий даражада көп нерселерге ой жүгүртө да билген жигит эле"-деп эскерет Кутмидиндин диссертациялык илимий ишинин жетекчиси, академик Мухаммеди Дадиевич Кутуев,--Ал "Восстановление и усиление строительных конструкций жилых зданий" деген тема боюнча диссертация жактамак. Мен көзү өтөрдөн эки-үч күн мурда эле аны менен пикир алышып, жазып жаткан диссертациялык ишинин деңгээлине баа берип, өз ойлорумду, сунуштарымды айткан элем. Жигиттин оюнда ыраакка, бийиктерге канат сермеген канаттуу үмүт-кыялдары, жан - дүйнөсүндө ошол даражага жете турган көрөңгөсү бар эле.

Ооба, эми Кутмидиндин жаркын элеси гана анын жубайы Тилек менен балдарынын жана аны урматтап-билгендердин эсинде калды. Келечекте анын ордун басып, изин улантаар эки уулу жана эки кызы бар.

МЫРЗАЛИЕВА АЛЫМКАН БОПОНОВНА

Алымкан Мырзалиева 1967 -жылы 20 -августа Жалал-Абад областынын Ноокен районунда кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Улуту кыргыз. 1984- жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун математика факультетине тапшырып, 1989 -жылы аталган факультетти артыкчылык диплому менен аяктап, «математика жана информатика мугалими» адистигине ээ болгон. Ошол эле жылы Ош мамлекеттик университетинде окутуучу болуп эмгектене баштаган. 1991-жылдан баштап Кара-Көл технологиялык институтунда алгач окутуучу, 1998- жылдан тартып ага окутуучу, 2007- жылдан баштап доценттин милдетин аткаруучу болуп эмгектенет. Жыйырма бештен ашуун илимий-методикалык эмгектери жарык көргөн. 2004 -жылы «Билим берүүнүн отличниги» төш белгиси менен сыйланган. 2012-жылы Кыргыз билим берүү Академиясында «Техникалык колледждин окуучуларынын геометриялык элестерди жана түшүнүктөрдү кабыл алуусунун өнүгүшүнүн методикалык негиздери» аттуу окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ийгиликтүү коргоду. Жалпы эмгек стажы 23 жыл. Азыркы мезгилде Кара-Көл технологиялык институтунда тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары. Алымкан Мырзалиева тарбиялык иштер багытында абдан чыгармачылык менен иш алып барат. Стунденттерди ар кандай тематикалык иш чараларга чоң жоопкерчилик менен уюштууга жетишип, институттун тарыхында өзгөчө даталуу юбилейлерге, тарыхый окуяларга байланышкан (М: "Курманжан Датканын-200 жылдыгына, түштүктөгү 2010-жылдагы июнь окуясына байланыштуу) иш чараларды таасирдүү уюштургандыгы менен салымы бар.

Үй-бүлөлүү, төрт баланын энеси. Жашоодогу принциби: «Адамдын өмүрү темир сымал,канчалык иштетсе курчуйт, иштетпесе дат басат».

Саламаттыкты сактоо мекемелери

ШААРДЫК ООРУКАНАНЫН ТАРЫХЫ

Ош областынын аткаруу комитетинин №41 15-апрель, 1963-жылдагы чечими менен Токтогул ГЭСинин жумушчулары үчүн 35 койкалуу медициналык-санитардык бөлүм ачылган. Анда иштеген бардык штаттык бирдик 40 адам болуп, анын 8и дарыгерлер, тиш дарыгери 1, мед.мээрбан—17, кенже кызматкерлер –8, кызмат көрсөтүүчүлөр –6 кишини түзгөн.

Ал кезде ооркана азыркы НГЭС мекемесинин жанында барак тибинде болуп, администрация, "тез жардам", жугуштуу оорулар бөлүмү, терапея жана балдар бөлүмдөрү жана балдар консультациясы боюнча эмкана иш алып барган. Ушул 1963-1968-жылдарда А.Т. Маматбеков жана В.М.Арнаймин башкы дарыгер болуп иштешкен.

Бул мезгилде ооркана Таш-Көмүр шаардык ооруканасына караган. 1963-1964-жылдары Ош шаарынан иш сапар (командировка) менен дарыгерлер келип иштеп турушкан.

Кара-Көл шаар тибиндеги поселок болгондон кийин гана 1964-жылы бир имараттын ичинде хирургия, төрөт бөлүмдөрү ачылган, анда А.А. Арынов,В.М. Арнаймин , акушер-гинеколог С.С. Осокеева, балдар дарыгери (педиатор) А.У.Осмоналиева иштешкен.

Ошол учурда жаңы гана келечектин улуу иши башталып, ГЭС куруу ишине келишкендерден поселокто дээрлик жаш үйбүлөлөр болушуп, кары-картаңдар жок эле. Терапиялык кызмат дарыгер Г.Д. Майдановага жүктөлүп, ал дарыянын жээгиндеги "тез жардам" медпунктунда гидрокуруучуларды медициналык жактан тейлеген жана аны менен бирге фельдшерлер А.М. Мажаева, Садабаев, Попкович, ж.б.иштешкен.

1965-жылы 3 кыргыз улутундагы дарыгер, 2 мээрбан—азыр да ооруканада улуу мээрбан болуп эмгектенип жаткан Ш.Ы.Бекташова болушкан. 1966-жылы жугуштуу оорулар боюнча дарыгер К.А. Абазбеков, дарыгер-педиатр З.Ж. Суйналиева, Т.Ж. хирург Жумаев иштей башташкан.

1968-жылы Матвиенко Антонина Ивановна , 1969-жылы К.С. Сарбалаев башкы дарыгер болушкан.

1970-жылы 24-апрелден Кара-Көл участкалык оорукана болуп аталып, педиатр дарыгер Д.М.Цвич , Л.Т. Худина, Н.Т. Егурновалар бир жамаатта иштешкен.

1972-жылдын декабрь айында оорукана азыркы имаратка которулган. Поликлиника(эмкана) 2-кабатта жайгашып, күнүнө 250 оорулууну кабыл алуу мүмкүндүгү түзүлгөн. Имарат 3 кабаттан туруп 250 орундуу болгон. Анда төрөт, хирургия, операциялык блок, терапия, неврология, 60 орундуу балдар бөлүмдөрү жана жугуштуу оорулар бөлүмдөрү иштей баштаган. Өзүнчө дарыкана(аптека) ачылган. Бардык бөлүмдөр керектүү медициналык каражаттар, инвентарлар менен жабдылган. Ооруканада З.Ж.Зуйналиева, А.Т.Турумова- балдар бөлүмүнүн башчысы, Т.Ж.Жумаев- хирургия бөлүмүнүн башчысы, Пиянзина- төрөткананын, К.А.Абазбеков-жугуштуу оорулар бөлүмүнүн, Мамновский неврология, терапия бөлүмүнүн башчылары болуп иштешкен. Аталган бөлүмдөрдүн башкы мээрбандары болуп – балдар бөлүмүндө Ш.Ы.Бекташова, жугуштуу оорулар бөлүмүндө В.Замлененко хирургия бөлүмүндө А.А.Михеева, неврология-терапия бөлүмүндө З.Терехова, төрөт бөлүмүндө В.Н.Пилявцева, эмкананын башкы мээрбаны болуп Л.Труханова,, оорукананын башкы мээрбаны болуп Ф.Хайруллина иштешкен.

1976-жылы 4-октябрда Кыргыз ССРинин Саламаттык Сактоо министрлигинин №137-буйругу менен Кара-Көл шаардык ооруканасы болуп аталган.

1973-1975-жылдары Т.А.Атабеков башкы дарыгер болгон.

1975-1980-жылдарда Кыргыз ССРинин медицина илимдеринин кандидаты А.А.Абдукаримов башкы дарыгер болуп иштеп турганда 40 орундуу балдар бөлүмүн курууга долбоор жазууга уруксат алууга жетишкен.

1980-жылы Ж.С.Суйналиев башкы дарыгер болуп дайындалып, ооруканага капиталдык ремонт жасатуу менен бүтпөй калган имаратты бүткөргөн жана оорулуулар үчүн теплица курган. Ошол жылдары областтык семинар Кара-Көл шаардык ооруканада өткөрүлгөн.

1986-жылы башкы дарыгер болуп С.Р. Раманкулов бир жыл иштеп, 40 орундуу балдар бөлүмүн кабыл алган.

1987-жылдын май айынан башкы дарыгерлик милдет Т.А. Ковеленокко ыйгарылып, жаңы бүткөрүлгөн имараттын 1-каба-

тын аптека, лаборатория, тиш дарыгер бөлүмү, балдар жана аялдар консультациясы, 2—3 – кабатын 60 орундуу балдар бөлүмү кылып жайгаштырган. Ушул учурда физкабинет, флюро кабинет ишке киргизилген.

Бөлүм башчылар болуп ошол учурда хирургияда К.Бекболоев, терапияда Ибрагимова, М.Н.Нуржанова төрөт бөлүмүндө Көкөнова, балдар бөлүмүндө Кулжыгачов, жугуштуу оорулар бөлүмүндө Р.К.Кадинов З.С.Саитовалар эмгектенишкен.

1989-жылы оорукананын 2-кабаты анестезиология-реанимация болуп 6 орунга ачылган. Башкы дарыгердин энени жана балдарды коргоо боюнча орун басары болуп З.К.Казатова дайындалып, балдар менен аялдар консультациясынын иши жакшырган. Дарыгерлер менен мээрбандардын айрымдары өздөрүнүн кесиптик билимдерин жогорулатуу үчүн Германияда жана Калининград шаарында окуп келишкен.

Бул жылдарда башкы дарыгердин дарылоо иштери боюнча орунбасары болуп иштин көзүн билген мыкты дарыгер Ж.А.Табалдиев дайындалып оорукананын дарылоо иштери жакшыртылган.

1997-жылдын март айынан башкы дарыгер болуп Р.К. Кожоев келген. 1998-жылы медициналык аккредациялоодон өтүп жогорку категория алууга жетишкен. Мээрбандардын көчмө бригадасынын Ош филиалы тарабынан окуудан өтүшкөн. Мамлекетибизде саламаттык сактоо тармагында реформа жүргүзүлүп, оорукана 190 орунга ыңгайлаштырылган жана 4 жайда үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштей баштаган. 1999-жылда Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан текшерүүдө ооруканага жогорку категория берилген. Оорукана 1998-жылы Жалал-Абад милдеттүү медициналык камсыздоо башкармалыгы менен келишим түзүлүп, азыркы күнгө чейин ОМС программасы менен иштеп келүүдө.

2002-жыл, январь айынан КРнын СС министрлигинин буйругу менен оорукана үй-бүлөлүк медицина борбору жана аймактык оорукана болуп бөлүнгөн. Үй-бүлөлүк медицина борборунун башчысы болуп Казатова З.К., аймактык ооруканын башчысы болуп С.Ж.Жетешиков дайындалган. Оорукана бөлүнгөндөн кийин көп кыскартуулар болуп: терапия, неврология, балдар бөлүмү 58 орундуу, хирургия бөлүмү 54 орундуу, төрөт бөлүмү

13, жугуштуу оорулар бөлүмү 24, реанимация 6, бардыгы болуп 155 орундуу болуп калган.

2007-жылы КРнын СС министрлигинин № 194 20.04.2006-буйругу менен Үй-бүлөлүк медицина борбору менен аймактык оорукана биригип Жалпы дарыгерлик практикалоо борбору болуп аталып директору Казатова Зоя Казатовна болгон. 2009-жылдын май айынан 2011-жылдын май айына чейин ЖДПБнун директору болуп Орозов Мээримбек Касымалиевич иштеген.

Саламаттык сактоо министрлигинин 2010-жыл, февралдагы № 67-буйругу менен ЖДПБ көп жылдар бою ооруканада үзүрлүү эмгек сиңирген хирург-дарыгер, маркум Рысбеков Боронбай Рысбековичтин ысмы менен аталып калды.

Башкы дарыгер болуп 2011-жылдын май айынан июль айына чейин Нуржанова Марийпакан Нуржановна иштеп, ушул жылдын август айынан бери Эшалиева Тотукан Турдумаматовна иштеп келүүдө.

Учурда оорукана 100 орунга ылайыкташтырылган, хирургия-34, терапия-24, жугуштуу оорулар бөлүмү- 13, төрөт бөлүмү 17, балдар бөлүмү- 12 орундуу. Мындан тышкары азыр №1,2,3,4-үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу, Жазы-Кечүү ФАПы, Кеңеш берүү бөлүмү, Тиш дарыгерлер бөлмөсү, тастыктоо бөлүмү, УЗИ, физ. кабинет, Флюро бөлмөлөрү иштеп жатат.

ЭШАЛИЕВА ТОТУКАН ТУРДУМАМАТОВНА

Тотукан Эшалиева - 1955-жылы 20-апрелде Наманган областынын Үч-Коргон селолук Советинде туулган. 1971-жылы Шамалды-Сай шаарчасындагы ВЛКСМдин 50 жылдыгы атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1978-жылы Фрунзедеги медициналык институтунун дарылоо факультетин аяктаган. Азыр Кара-Көл шаардык оорукананын бөлүм башчысы.

Анын балалык чагы Өзбекстандын Үч-Коргон селолук советинде ата-энесинин колунда өттү. Атасы Турдумамат совхоздо бригадир болуп иштеген. Апасы Токтогулдук кыз болгон. Ал кичинесинен Өзбекстанда окугусу келген эмес. Кыргызстан менен чек аралаш жашашкандыктан, күн сайын Шамалды-Сай шаарчасына каттап окучу. Атасы 1986-

жылы каза болгондо апасы төрт баласын алып, Достук айылдык Кеңешиндеги Ынтымак айылына көчүп келишкен. Апасы макал-лакаптарда көп билген сөзмөр аял болгон. Тотукан кыргыз өнөрүн баалагандыгы да апасынын таасири болсо керек. Ал мектепте жакшы окуду. Мүнөзү жумшак, уяң кыз болчу. Бирок, келечекте доктор болом деп ошондо эле максат кылган. Алгач медициналык институтка кирип, өтпөй калып даярдоо курсунда окуп, бир жылдан кийин студент болгон. Биринчи курста эле ал группадагы 25 студенттин арасында комсорг эле. Окуу жайын бүтөөр жылы интернатураны Жалал-Абад шаардык ооруканасынын хирургия бөлүмүнөн өткөрдү. Бөлүмдүн башчысы Фат Вахидов интернатурада анын жетекчиси болгон. Алар алты эркек, бир кыз келишкен. Бул жерде хирург Жээналы Айтмырзаевден да операция жасоонун жолдорун үйрөндү. Операция жасаганда ал балдарды өзү көтөрүп чыгып, көтөрүп түшчү. Ага чейин ассисент болуп жүрсө бул жерде биринчи жолу хирургиялык бычакты кармаган. Ошол кезде сокур ичеги менен ооруган оорулуу келди.

-Тоту бычакты-скальпельди карма,- деди хирург. - Кыз ага карады. -Операция жасайсың.

Ошондо Тотукан оорулуу адамдын сокур ичегисине операция жасады. Бул анын өз алдынча алгачкы ирет жасаган операциясы эле. Кийин Ош шаардык төрөт үйүнө анестезиолог-врач болуп барды. Мурда иштеген эмес, билбейт. Белоусова Тамара Петровна деген аял башкы врач болчу. Областтык оорукананын кайра жандандыруу бөлүмүндө эки ай үйрөндү. Андан соң, үйрөнүп калганда Кара-Көл шаардык ооруканага келип, анестизиолог-врач болуп жумушка орношту. Кадр жок жалгыз иштеп жатты. Күнү-түнү оорулуу келсе чакыра беришет.

Ал Жалал-Абадда иштеп жүргөндө эле Токтогазы аттуу жигитке турмушка чыккан. Кара-Көлдө иштеп жатканда эки балалуу болду. 1984-1994- жылга чейин нерв оорулар бөлүмүндө бөлүм башчы болуп иштеп, кадрдын жетишсиздигинен анестизиология жана кайра жандандыруу бөлүмүнүн башчысы болуп которулду.

Бишкекте ооруканада жатып, өпкөсүнөн суу алып, абалы ого бетер оорлошуп кеткенде Борсал Айдаралиевди Кара-Көл шаардык ооруканасына Тотукан Эшалиевага алып келишти. Тулптай болуп шишип, денесине суу толуп кеткен. Анын өмүрүн сактап

кала албайбыз дешкен Бишкекте караган врачы.. Тотукан Эшалиева оорулууну көрдү да, дары жазды. Ал эми мурда туура эмес дарыларды беришкендигин айтты.

- Менин айтканымды кылсаңыз жашайсыз,- болбосо айыкпайсыз, - деди врач.

- Жасайм, - деди оорулуу араң сүйлөп.

- Дары ичкенде гана ичесиз, башка учурда таптакыр суюктук ичпейсиз.

Оорулуу дарыгердин айтканын жасап жатты. Денесиндеги суу табарсык аркылуу гана чыгып кетти. Тотукан бул адамдын жашоосун кайрып берди. Борсал аба бул дарыгерди анын өмүрүн сактап калгандыгы үчүн сыйлап калды.

Медицина жаатын тандап алып, адам өмүрү үчүн саламаттыктын сакчылыгында турууга ант берип, адал иштеп, жигердүү кызмат кылган Тотукан Эшалиева 2002-жылы Кара-Көл шаарында «Жылдын мыкты дарыгери » номинациясын жеңип алды да, ошол кездеги Жогорку Кеңештин депутаты Тайырбек Сарпашовдун баалуу белеги түстүү телевизор менен сыйланды. 2006-жылы дагы ушул номинацияны бериштн. Ошондо областык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасына татыктуу болду. Анын саламаттыкты сактоо тармагындагы үзүрдүү эмгеги бааланып, Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланды, саламаттыкты сактоонун отличниги наамын алды.

Мурдагы чакырылышта шаардыктар анын талапкердигин шаардык кеңештин депутаттыгына коюшту. Ошондо алар менен жолугушканда мындай деди:

- Мен силерге чоң нерсе жасап берем деп убада бере албаймын, үйүңөрдүн, же болбосо иштеген жайыңардын чатырын жаап бере албайм, нткени ага менин каражатым да болбот, ар убак убакыт да таба албайм. Себеби, мени ар убак оорулуулар күтүшөт, алардын саламаттыгы үчүн камкордук көрүүдөн кымбат мен үчүн ыйык милдет жок.

Бирок, шайлоочулары аны шаардык кеңештин депутаттыгына шайлашкан. Бул ишенимди ал ар-намыстуулук менен аткара алды.

- Аялзаты үчүн эң баалуу нерсе, үй-бүлөлүк бакыт, -деди биздин каармаибыз. Жолдошум Токтогазы Сандыбаев менен бир

үй-бүлөдө бактылуу жашоо кечирип келатабыз. Ал азыр №30-жол курулуш жана экспулатациялоо башкармасында кассир-оператор болуп иштейт. Бир кыз, үч уулубуз бар. Тун кызыбыз Айганыштын кесиби финансист, коммуналдык тейлөө ишканасында инженер, Кубаныч, Айдарбек студент, Байсалбек Кыргыз техникалык университетинин гидростанциялар факультетин бүтүрдү, алты неберебиз бар.

Ал сөз арасында азыркы жаштардын тарбиясы туурасында да ой бөлүштү. Анан тээ мурдагыдай бүгүнкү жаштардын көпчүлүгү китеп окубай калгандыгына кейиди.

- Мага хоббиңиз эмне?-деп сурашат айрым учурда. Аларга тор токуганды жактыра турганымды, анан китепти сүйүп окуй турганымды айтам. Эсенгул Ибраев, Надырбек Алымбеков, Бактыгүл Чотурова, Турар Кожомбердиев, Алыкул Осмонов, Байдылда Сарногоевдердин ырларын жакшы көрөм. Алыкулдун китебин жоготуп жиберип, эстесем азырга чейин ыйлагым келет, - деди Тотукан Эшалиева. Көрсө ал адабиятты баалап, кыргыздын таланттуу акын-жазуучуларынын чыгармаларын сүйүп окуп, андан таасир алат тура. Мындай өз адабиятын, өз маданиятын баалагандык, өз улутун сыйлагандык эмеспи.

Тоту Эшалиева бир чети адам баласынын ден соолугу үчүн чын дили менен кызмат кылса, экинчиден мына ушул адал эмгеги менен Кара-Көл шаарынын саламаттыкты сактоо тармагынын өнүгүшүнө да салымын кошо алды. Мына ушундай татыктуу эмгеги үчүн ал өткөн жылы шаардык оорукананын башкы директорлугуна дайындалды. Бирок жетекчи болуп, иш бөлмөсүндө гана олтуруп калган жок, дарыгер катарында да оорулуулардын дартына даба болуп келет

КАЗАТОВА ЗОЯ КАЗАТОВНА

Казатова Зоя Казатовна 1950-жылы Токтогул районундагы Үч-Терек айылынган кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1968-жылы айылындагы М.Горький атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаары менен кыргыздын карапайым жана зээндүү кызы Зоя билим алуусун улантуу максатында Кыргыз Мамлекеттик Медицина институтуна кирип, аны 1974-жылы

бүтүргөн. Ушул эле жылы өзү туулуп өскөн Токтогул районуна келип ооруканада балдар дарыгери болуп иштөө менен эмгек чыйырын баштаган.

Өз кесибин жанындай сүйгөн тырышчаак жана аракетчил жаш дарыгерди байкаган оорукана жамааты Зояны 1979-жылы балдар бөлүмүн, 1980-жылы Кара-Көлдөгү оорукананын балдар бөлүмүн жетектөөнү тапшырат.

Ишине тыкан жаш дарыгердин мыкты сапаттарын эске алышып 1976-1978-жылдарда оорукана боюнча элдик көзөмөлдөө тобунун мүчөлүгүнө, аялдар Кеңешинин төрайымдыгына дайындашат. Мындай коомдук тапшырмаларды да Зоя Казатовна ийгиликтүү аткарып, эл алдында жүзү жарык болду. Аялдар Кеңешин жетектеген убактарда көптөгөн маселелерди чечүүгө туура келди. Кошумча түйшүк жаралды. Саламаттык сактоо тармагында көпчүлүгү кыз-келиндер болгондуктанбы, алардын арасында чечиле турган ар кыл мазмундагы маселелер да көп болчу. Турмуш болгон соң бирөө жолдошунан жапа чеккенине арызданып келсе, дагы бири ден соолугунан көйгөй болуп, дагы бири пикир келишпестик жаңжалдары боюнча, айтор толтура иштер болчу. Алардын ар кимисинин койгон маселесин ылайыгына жараша жыйналышта кароо, жетекчиликке жеткирүү же жекече пикир алышып чечүүнү талап кылат. Баары тең убакытты талап кылат.

-Жаш кезиңде бардыгына жетишет экенсиң. Чаалыгып-чарчоону билбейсиң. Эң биринчи көрсөтүлгөн ишенимди ойдогудай орундабай калуудан намыстанасың. Болгон күчүңдү жумшайсың.Уктабай иштеген да күндөр болгон. Себеби, коомдук тапшырмаларың да убакытты талап кылып турса, дарыгерлик милдетиң да желкелеп турат.Анткени, Гиппократтын анты бар. Анүстүнө дарыгер болуунун өзү адам өмүрү үчүн жан аябай күрөшүү. Жетишүүң керек,-дейт Зоя Казатовна өткөн эмгек жолун эскерип.

Аракетчил, чаалыгууну билбеген мээнеткеч, өз кесибинин чебери Зоя Казатовна 1978-жылы областтык саламаттык сактоо борборунун Ардак Тактасына көрсөтүлгөн. Ал убакта областтык, республикалык жана жергиликтүү "Ардак такта" дегендер болчу эле. Ал бийлик турган жакын жерге уюштурулган чоңураак көлөмдөгү кооздолгон стенд болчу да, ага татыктуулардын гана

сүрөттөрү кыска таржымалы менен илинип турчу. Мунун өзү сыймыктуу болоор эле.

1987-1990-жылдары ооруканадагы партиялык уюмдун катчысы болуп дайындалуу менен партиянын чыныгы дилгир мүчөсү катары өзүн көрсөтүп, таасирдүү иш алып бара алган.

Эгемендик келгенден кийинки 1993-жылы башкы дарыгердин энени жана баланы коргоо боюнча орун басары болуп эмгектенсе, 2002-жылдан 2009-жылдын май айына чейин жалпы дарыгерлик практикалоо борборунун директору болуп кызмат өтөгөн. Жетекчи катары оорукананын бир топ көйгөйлүү маселелерин жергиликтүү жана жогорудагы бийликке чейин кое билген жана чече алган.

Зоя Казатовна 2009-жылдан азыркыга чейин директордун амбулатордук иштер боюнча орунбасары болуп жемиштүү иштеп, насаатчы катары жаш дарыгерлерге билгенин үйрөтүп, атуулдардын ден соолугун чыңдоого мазмундуу салым кошуп келүүдө.

З.К.Казатова саламаттыкты сактоо майданына кошкон салмактуу үлүшү үчүн "Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери", "Балдардын эң жогорку даражалуу дарыгери"наамдарын алууга жетишкен. Мындан сырткары КРнын президентинин Ардак Грамотасы менен жана Жалал-Абад областтык жана шаар мэриясынын көптөгөн грамоталары менен сыйлануу татыктуу болгон.

ЭМГЕГИ МЕНЕН ЭСТЕ КАЛГАН ДАРЫГЕР

Марийпакан Нуржанова калктын саламаттык сактоо майданында 30 жылдан ашуун убакыт бою ак пейили менен эмгектенип, көптөгөн адамдардын өмүрүнө өмүр улаган чыныгы дарыгер катары эстеринде калды. Марийпакандын кичи пейил жөнөкөйлүгү, сыркоолор менен пикир алышуусундагы тил билгилиги ооруну сөзү менен дарылаган сымал таасир этчү. Өзгөчө ооруканада дарыланып жаткан адамдарга анын ар бир сөзү эртеңки жаркын жашоонун үмүтүн тартуулап тургандай сезилчү. Анткени, дилиндеги табигый сезимталдыгы менен Марийпакан ар убакта оорулууну сөзсүз сакаярына, аз эле күндө эл менен аралашып "так секирип" жүрүп калаарына

ишендирчү. Жүзүндөгү мээримдүү жылмаюусу менен сыркоолордун көңүлүнө жарык шоола чачып турчу.

Алдына келген адамдар улуубу, кичүүбү жаркылдай тамашасын сүйлөп, анан дилин коюп даттануусун угуп, шашылбай ойлонуп, буга чейин эмне ичип, кандай дарыланганын сурап, эрикпей ийне-жибине чейин териштирип туруп анан бир жыйынтыкка келчү да, эми бериле турган дарылардан сөзсүз натыйжа чыгарына ишендирип койчу. Ошонусунун өзү эле адамды жарымжартылай дарылап койгонго тете болчу. -Оорулуу менен абдан терең- көңүл коюп сүйлөшүүнүн өзү эле дарылаганга тете,-дечү аны менен кесиби тууралуу сүйлөшүп калсаң. -Анткени адам дарыгерге чоң ишеним, үмүт менен шыпаа издеп кайрылат. Айткандарын кунт коюп угуп жатканыңдан улам эле ал адам сенин жаңылбай дарылашыңа ишенип калат.

Марийпакан Нуржанова Токтогул районундагы Орто-Арык айылында 1955-жылы 23-мартта кызматчынын үй-бүлөсүндө жарыкчылыкка келген.Тырмактайынан эле билимге ынтызар болуп мектепте жакшы окуйт. Ал дарыгер болууну бала кезинен эңседи. Апакай халат, чепчик кийинген медиктерди көргөндө көзү тойбой суктанчу. Алардын ар бир кыймылы Марийпаканды өзүнө тартып турар эле. Ичинде:" Ак халатчандар кандай бактылуу адамдар" деп ойлой берчү. Орто мектепти да ушундай таттуу үмүт менен жакшы аяктап, келечекте элди дарылаган барктуу, таза, сүйкүмдүү, эл суктанган дарыгер болуу мүмкүнчүлүгүнө чыйыр ачкан. Медициналык жогорку окуу жайында окуп жүргөн мезгилде дарыгерлерге ушунчалык зор жоопкерчилик артыларын түшүндү. Өмүр бою тандаган кесибинде ажал менен өмүрдүн ортосунда күрөшүүгө туура келерин билди. Демек, бул кесипте эмгектенүү-өмүр бою изденүүнү, күнү-түнү кайсы бир оорулуунун эртеңки тагдыры үчүн санаа тартууну милдеттендирет турбайбы.

Марийпакан 1979-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун аяктап, дарыгер-терапевт адистигин алган жана Жалал-Абад шаардык ооруканасында бир жылдык интернатурасын өтөгөн. Ошондон тартып, 1980-жылдан Кара-Көл шаардык ооруканасына келип дарыгер-терапевт болуп кызматка орношкон. Ошол күндөн бери Марийпакан өз эмгек жолунда улам алдыга илгерилеп өз адистигинин устаты болууга умтулуп иштеди. Чоң

жамаат жана элдин алдында оозго алынды. Мыкты дарыгер деп ишеним арткандар көбөйдү.

Натыйжада 1988-1996-жылдары ооруканандын терапея бөлүмүнүн башчысы, 1996-2000-жылдары борбордук ооруканандын башкы дарыгеринин орун басары, 2000-2001-жылдары башкы дарыгердин методикалык иштер боюнча орун басары, 2001-2006-жылдары шаардык социалдык жактан коргоо башкармалыгынын башчысы, 2006-2011-жылдарда кайра терапия бөлүмүнүн башчысы болуп жемиштүү эмгектенип турду. Ал эми 2011-жылдын май айынан Кара-Көл шаардык Боронбай Рысбеков атындагы жалпы дарыгерлик практикалоо борборунун директору болуп иштеди. Жетекчи болуп аз иштесе да бир топ иштерди жасай алды. Шаардык ооруканандын келечеги үчүн дагы көп нерселерди жасоо максаты бар эле. Көп көйгөйлөрдү чечип иштөө максатын алдына коюп турган. Тилекке каршы күтүүсүздөн шум ажал алып кетти.

Марийпакан Нуржанова саламаттык сактоо майданына 32 жылдык өмүрүп сарптады. Ак иштеди. Болгон билимин, энергиясын сарптап иштеди. Ал саламаттыкты с актоо тармагына кошкон үзүрлүү эмгеги үчүн 2001-жылы "Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери" төш белгиси менен сыйланган. 2003-жылы ак ниеттүү эмгеги жана областын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн Жалал-Абад областык мамлекеттик администрациясынын жана областтык Кеңештин Ардак грамоталары менен сыйланган. Марийпакандын артында анын атын өчүрбөй турган ак эмгеги, үлгүсүн алган шакирттери, уул-кыздары калды.

МЭЭНЕТКЕЧ МЭЭРБАН

Мен Шайлоокан Бекташова тууралуу жыйырма жылдан ашуун мезгилден бери билем. Бой-келбети олбурлуу, ар дайым чайпалып бир калыпта жүрүп өз ишин так бүтүргөн бул мээрбанды Кара-Көл шаарындагы эски жана ортоңку муундардан тааныбаган эч ким жок деп так эле айтаар элем. Анткени, жарым кылымга чукул убакыт шаардык ооруканада ак эмгегин өтөп келаткан адам кантип калың элдин катмарына

таанымал болбосун. Баары тең "Шура эже" деп көнүп калышкан.

Чынында мен Шайлоокан эже тууралуу бир жактуу ойлоп жүрүпмүн. Эртең менен убагында ооруканага жумушуна барат, акырын отуруп бардык ишин так бүткөрөт,кечкисин үйүнө келет да эс алат-деп ойлочумун. 2009-жылы шаар мэриясы тарабынан айлана-чөйрөнү жашылдандыруу жана көрктөндүрүү боюнча чоң иш чара пландаштырылып, анан ар бир көчө, квартал, аймак боюнча да сыйлыктар белгиленди.

Биринчи сыйлыкты утуп алды

Шаар боюнча Исанов көчөсүндөгү үйлөрдүн айлана-чөйрөсүнүн көрктөндүрүлүшү, тазалыгы жана кооздугу тууралуу сынактын жыйынтыгы чыгарылганда Шайлоокан Ызаковна биринчиликти алганы маалым болуп, 10 миң сом сыйлыкты утуп алды. Ушундан улам мен Шура эже жөнүндөгү пикириме жаңылык кирди. Көрсө, биздин каарманыбыз аябай мээнеткеч адам тура. Керели-кечке ооруканада башкы мээрбандык милдетин аткарып, тийиштүү бардык маселелерди орду-орду менен чечип, анан да үйүнө келгенде тыным алып жатып калбай, жаздын эрте күнүнөн эле эшик алдын тазалап, түркүн гүлдөрдүн көчөттөрүн камкордукка алып, ирээти менен отургузуп, майда гүл уруктарын сээп, тилке-тилке жөөктөргө ар кыл жашылчаларды да орду менен өстүрүп, жайкысын эшигине барган адам бейишке кирген сымал чыккысы келбейт тура. Бир карап туруп жайды-жайлай канча көп мээнет кылганына суктанасың да, таң каласың.

-Эшик алдында иштөө өзүнчө эле ырахат. Жаз келери менен эрмегим жерде иштемей. Ар бир түп көчөтүмдү, багымды сүймөнчүк менен бапестөө мага эртели-кеч өзүнчө эле дем берип турат. Көздөрүм менен сүйүп карайм, алардын күн санап жагалданып өсүүсүнөн, ар бир ачкан гүлүнөн, бүчүрүнөн кубат алам,-дейт Шайлоокан Бекташова.

Бекташова Шайлоокан Ызаковна 1947-жылы Токтогул районуна караштуу Өзгөрүш айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1965-жылы Жалал-Абаддагы медициналык окуу жайын бүтүргөн жана эмгек жолун 1965-жылдын июль айында Үч-Терек участкалык ооруканасында мээрбан болуп иштөөдөн баштаган. 1966-жылдын февраль айында Кара-Көл участкалык ооруканасынын балдар бөлүмүнө мээрбан болуп которулуп келген. 1970-

жылы балдар бөлүмүнүн башкы мээрбаны болуп дайындалган. 1995-жылдын апрель айында Кара-Көл шаардык ооруканасынын башкы мээрбаны болуп дайындалып, 1999-жылдын сентябрь айында башкы дарыгердин мээрвандардын иштери боюнча орун басары кызматы статусу берилген.

Өзүнүздөр байкагандай эле саламаттыкты сактоо тармагына келген жапжаш күнүнөн эле ага башкы мээрбандык милдет ишенип тапшырылып жатышы, албетте Ш.Бекташованын жаш болсо да ишке маш болуп ишти уюштура билиши, өзүнө тапшырылган милдетти жогорку чеберчиликте өздөштүргөнгө жетишиши, жалпы жамааттын ишенимине киришинин далили болуп жатпайбы.

Уюштургуч жөндөмгө ээ

Чындыгында эле Шайлоокан Бекташова уюштуруучулук жөндөмү жогору кызматкер катары медициналык мээрбандардын иш тажрыйбасын жогорулатууга ар дайым кам көрүп келет. Өкмөттүн маанилүү "Ден соолук", "Манас" жана башка программалары боюнча көптөгөн иш чараларды, сынактарды, жолугушууларды жогорку деңгээлде уюштуруп өткөрүүгө жетишип келди.

Ш.Ы.Бекташова эң чебер жана тажрыйбалуу мээрбан кызматкер катары өзүнүн ишин гана өздөштүрбөстөн эң жакшы насаатчы катары да жаш мээрбандардын ишин өздөштүрүп кетүүсү үчүн камкордук көрүп, иштөөгө үйрөтүп, ошол эле учурда өкмөтүбүздүн тийиштүү буйруктарын да окутуп үйрөткөн ой жүгүртүүсү күчтүү кызматкер. Өткөн 50 жылга чукул мезгил аралыгында Ш. Бекташова өздүк билимин жогорулатуунун бардык баскычтарынан өтүп келген.

Ышкылуу жана чебер мээрбан ооруканандын коомдук жана маданий бардык иш чараларына активдүү катышкандыгы жана жогорку уюштуруучулук жөндөмдүүлүгү менен белгилүү. Ошондуктан Ш.Ы.Бекташованы ооруканандын бүтүндөй жамааты зор урмат менен кадырлап-сыйлашат

Саламаттыкты сактоо тармагына кошкон зор салымы үчүн Ш.Бекташова "Эмгектин ардагери", "Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери", "Саламаттыкты сактоонун отличниги" төш белгилери менен жана көптөгөн мамлекеттик, областтык, шаардык Ардак Грамоталар менен сыйланган. Учурда али да башкы мээрбан болуп кызматын өтөөдө.

ЧЕБЕР ХИРУРГ, ИЗДЕНГИЧ АСТРОНОМ

Ж.Т. Жумаев 1938-жылы Токтогул районуна караштуу Ничке-Сай айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1964-жылы Кыргыз Мамлекеттик медицина институтун бүтүргөн. Эмгек жолун 1964-жылдын август айынан 1967-жылга чейин Сузак райондук ооруканасында дарыгер – анколог болуп иштөөдөн баштаган. 1967-жылы Кара-Көл участкалык ооруканасына дарыгер-хирург болуп которулуп келген. 1973-1988-жылдары хирургия бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген жана ошол учурда жалгыз хирург болуп, травматолог катары шаар элин, ГЭС курууучуларды тейлей алган.

Ж.Т.Жумаев өз кесибин чебердик менен өздөштүрө алган мыкты кызматкер, мыкты насаатчы катары жаш дарыгерлерге чоң жардам берип келет. Замана өзгөрүп, медицина илиминде улам жаңы ачылыштарды өздөштүрүүдө Т.Жумаев өздүк билимин өркүндөтүүнүн бардык баскычтарынан өткөн эң чоң тажрыйбалуу хирург-дарыгер. Мисалы Харьков, Ташкент, Ленинград, Алма-Ата шаарларынан хирург, травматолог курстарын окуп келген.

Торон Жумаев оорукананын коомдук жана маданий уюштуруучулук иштерине жоопкерчилик менен катышып келет жана айрым иш чараларды уюштуруу жөндөмдүүлүгүнө да ээ. Ишиндеги жетишкен ийгиликтери үчүн Т.Жумаевич 1976-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак Грамотасы менен,кийин Борбордук Аткаруу комитетинин Ардак Грамотасы, Ош обкомунун, Кыргыз ССРинин президиумунун Ардак Грамоталары менен, 1990-жылы "Эмгектин Ардагери" төш белгиси менен сыйланган.

Ай, күн календарынын автору

Тажрыйбалуу жана чебер хирург, травматолог Ж.Т.Жумаев дарыгерлик кесибинен сырткары өз алдынча да бир топ илимдерге кызыккан, анын артынан сая түшүп изилдеген мээнеткеч, талыкпаган жана тажабаган изденгич инсандардын бири.Ал үркөр топ жылдызы менен мүчөл жылдын календарын аныктоого жетишкен. Кара-Көл шаарынын эли Т.Жумаевди дарыгер катары гана эмес, жаратылыштын кубулуштарын эрикпей из-

илдеген астроном, жыл сүрүүчү, ай, күндөрдүн өзгөчөлүктөрүн, аба-ырайынын абалын алдын ала байкап –билүүчү байкоочу-жайчы инсан катары да жакшы билишет жана урматташат.

Акыркы 4-5-жылдан бери өзү көп жылдар бою астрологиялык изилдөө жүргүзгөн Ай, жылдардын кыргызча аталыштарын, ар бир айдын аба-ырайынын өзгөчөлүктөрүн, ар менен күндүн качан башталып, качан бүтүшүн, кайсыл айда жаанчыл же кургакчыл болорун ж.б. так билген адис катары өз тажрыйбасын Кыргыз Илимдер Академиясында тастыктап, Кыргыз Республикасынын автордук укук обьектилери Мамлекеттик каттоо мекемесине №579-сан менен катталган.Торон Жумаевич өз авторлугунда эсептеп түзгөн ай, жыл эсеп календарын кыргызстандыктар дээрлик колдонуп келатышат.

Жумаев Торон Жумаев азыркы учурда да ден соолукту чындоо кабинетинин дарыгери болуп иштөө менен жаш дарыгерлерди тарбиялоодо насаатчы. Шаардык аксакалдар кеңешинин мүчөсү.

Жалпы эмгек стажы 48 жыл мезгилди камтыган Торон Жумаевич жаш дарыгерлерге берүүчү осуяты али да көп.

"ТЕЗ ЖАРДАМ" БӨЛҮМҮНҮН МЭЭРБАНЫ

Шаардык оорукананын "Тез жардам" бүлүмүнүн башкы фельдшери Гүлайым Кочкорова 1953-жылы азыркы Ноокен районуна караштуу Сакалды айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1967-жылы Майлы-Суу шаардык медициналык окуу жайын аяктаган. 1971-жылдан эмгек жолун баштап 1973-жылга чейин Сакалды айылында фельдшер болуп иштөөдөн баштаган."Тез жардам" бөлүмүндө фельдшер болуп иштөөнү 1973-жылы Кара-Көл участкалык ооруканасында баштаган. 1985-88-жылдары Кара-Көлдө балдар консультациясынын мээрбаны, 1988-2004-жылдан ушул күнгө чейин "тез жардам" бөлүмүнүн башкы фельдшери болуп иштеп келе жатат.

Гүлайым айым биздин: "Тез жардам" бөлүмүндө көп иштептирсиз. Бул жеңилби? –деген сурообузга төмөнкүчө жооп берди:

-Жеңил деле эмес. Бул бөлүмдө күзөттө турган учурда күтүлбөгөн ар кандай кырдаалдар болот. Ал жак, бул жакка ча-

кыруулардан тышкары ар кандай кырсыктардан улам алынып келинген адамдар, көп болот. Андай учурда күн же түн менен, убакыт менен эсептешпейсиң. Милдетиң, "Тез жардамга" муктаж болгон адамдардын абалынан кабар алуу же мүдөөсүн орундатуу. Кыскасы, тезинен ыкчам медициналык жардам көрсетүү, Күчүң жетпесе, тиешелүү башка дарыгерлерди чакыруу, сыркоо адамдын "Историясын" баш-аягына иликтеп толтуруу. Жабыркап турган адам улуубу, кичүүбү же наристеби, аны оор кырдаалдан чыгарып алуунун аракеттерин көрүү эң башкы милдетиң болуп саналат.

Андан ары мээрбан айым жаны кыйналып турган адамдын ар кандай маанайын да, кыжың-кужунун да, тилдөөлөрүн да укkан күндөрү болоорун кошумчалады. Аны туура түшүнүп, ар кандай сооротуучу, тынчтандыруучу гана сөздөр менен мамиле кылуу ыйык парызы экенин белгилеп өттү.

Мыкты медициналык мээрбан Гүлайым Кочкорова ишке жасаган жоопкерчилдиктүү мамилеси аркылуу зор сый-урматтын жана кадыр-барктын ээси.

Гүлайым Кочкоровага өз ишинде жетишкен ийгиликтери жана оорукананын коомдук-маданий турмушуна активдүү катышкандыгы үчүн 1996-жылы Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак Грамотасы ыйгарылган. Саламаттыкты сактоо тармагындагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана тармакты өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын медицина кызматкерлеринин күнүнө карата 2010-жылы Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы, 2011-жылы Саламаттык сактоо тармагына кошкон зор салымы үчүн "Саламаттык сактоонун ардактуу кызматкери" төш белгиси менен сыйланган. Жалпы эмгек стажы 42 жыл.

КЕҢЕШБЕК АБАЗБЕКОВ

Абазбеков Кеңешбекти Кара-Көл аймагындагы алгачкы жогорку билимдүү дарыгер катары улуу-кичүүнүн баары жакшы билишчү, жана да ал кишини баары тең урмат менен оозго алыша турган. Саламаттыкты сактоо тармагына тиешелүү кандай маселе, кандай көйгөй болбосун оорукананын деңгээлиндеби, же шаардык деңгээлдеби өзүнүн жүйөлүү, иш билгилик дарамети ме-

нен алгалыктуу ой-сунуштарын айтып тураар эле. Медиктердин дээрлик баарысынын ишенген жана сүйүктүү кеңешчиси болчу.

Кеңешбек Абазбеков 1937-жылы 15-августа Токтогул районуна караштуу Чкалов айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. Билимге жан-дили менен умтулган көп жаштардын катарында көксөгөн максатына жетүүнү көздөп, 1954-жылы Фрунзедеги медициналык жогорку окуу жайынын санитардык-гигиеналык факультетине кирип, 1960-жылы жогорку билимдүү дарыгер экендигин тастыктаган дипломун колго алган. Ушул жылы Кочкор-Ата шаарчасынан Кеңешбек акенин санитардык дарыгер катары алгачкы эмгек жолу башталган.

Ошол жылдан бери карата Кеңешбек Абазбеков өз өмүрүнүн 51 жыл убактысын элдин саламаттыгын сактоого сарптаган болсо, анын 40 жылы Кара-Көл элинин—Согуш ардагерлеринин, гидрокуруучулардын, энергетиктердин, алардын улуу жана жаш муундагыларынын саламаттыгын сактоого сарптаган.

Өткөн кырк жыл аралыгында шаардагы поликлиниканын (эмкана), жугуштуу оорулар жана терапея бөлүмдөрүнүн башчысы, 1999-жылдан 2011-жылдын 15-августуна чейин шаардагы №1-үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун башчысы болуп эмгектенди.

-Кеңешбек Абазбеков абдан билимдүү, маданияттуу, дили таза дарыгер эле,-деп эскерет 40 жыл бирге иштешкен Шайлоокан Бекташова.-Биз бардыгыбыз урматтоо менен мамиле кылчубуз, Кеңешбек буга татыктуу болчу.

Ал эми дарыгер-травматолог Торон Жумаев:--Биз менен эмгектенип келген 40 жылга тете убакыттын ичинде Кеңешбек Абазбеков бизге өзүнүн эң бир жакшы жактарын гана көрсөтүп иштеди. Уюштуруучулук чоң жөндөмгө ээ эле. Ал оорулууларга терапевт дарыгер катары гана жардамын бербестен, башка сыркоолор боюнча да өзүнүн ишенимдүү кеп-кеңешин, көрсөтмөсүн, сунушун бере алчу, –деп белгилейт.

Көп жыл бою мээрбан катары чогуу иштеп келген Саламат Мамытова: "Кеңешбек Абазбековичтин өз ишине инсан катары да, саламаттыктын Гиппократтын антын ичкен сакчысы ката-

ры да чоң жоопкерчилик менен мамиле жасагандыгы тууралуу баса белгилейт. Кеңеш аке ким менен мамиле кылбасын өзүнүн тактикалуу, жумшак, адамгерчиликтүү мүнөзүн көрсөтчү. Жалпы шаар тургундарынын кадырлоосуна ээ болгон адам эле",-деп эскерет.

Акушер-гинеколог Жеңиш Чукуновна Абазбековду бай тажрыйбасы бар, бардык медиктердин насаатчысы болгондугун, элдин саламаттыгы үчүн өзүнүн жарым кылым өмүрүн сарптаганын айтат.

Чынында эле Кеңешбек Абазбекович элге эмгегин, күч-кубатын, кесиптик мыкты чеберчилигин бүтүндөй арнап койгон асыл инсандардын бири эле. Элүү бир жылдык эмгек жолунда не деген гана учурларды башынан өткөрбөдү. Сыркоодон жаны кейип ыйлап, онтоп, үшүнөн кетип келгендерди көрсө, кадимки өз жаны кыйналгансып боорукердик менен карап, ал эми кечээ эле, баягы күнү эле жаны көзүнө көрүнүп өзүн билбей келген сыркоонун айыгып күлүп калганын көрсө, тамаша сүйлөп кубана каткырып, ошол адамга дарыгер катары көмөгү тийгенине маашырлана рахаттанып көнгөн адам болчу. Өзү көзөмөлдөп жүргөн сыркоолорду кай жерден көрсө жаркылдап дайыма көнүмүш адаты боюнча: И-ии, абал кандай? Ден соолук жакшыбы?-деп сурап, анан анын жообун кунт кое угуп калчу. Эгер ал адам арыздануп калса дароо дарыгерлик сунуштарын айтып, эмне кылып, кандай дарыларды колдонуусун сунуштап, же дагы бир жагымдуу пикири менен адамды жубатып койчу. Эгерде абалын сураган адам өзүнүн жакшы жүргөнүн айтса, ага өтө кубанып, жонунан таптап:-Ооруба, этиет болуш керек,-деп андан ары да эки-үч ооз кеңешин айта салчу.

Кеңеш Абазбековду шаар аймагындагы көпчүлүк эл, өзүнүн куда-сөөк, урук-туугандары же шаардык бир салтанаттуу иш чаралардан калтырбай чакырышчу. Ошондо ал кишинин бир өзгөчөлүгү бар эле. Өзүнүн дарыгерлик, жетекчи лик касиетин такыр унутуп, башкача бир ачык, шайыр, тамашакөй мүнөзгө өтүп алаар эле. Отурган жериндегилердин баарына теңата карсылдата тамашасын сүйлөп, анекдоддору менен кыраан-каткы күлдүрүп, анан да музыканын үнү чыгаары менен ушул кечээ эле 75 жашка толуп турган убагында деле дароо ордунан тура кимдир-бирөөнү бийге тартчу да жеңил, элпек, чебер, мадани-

яттуулук менен чимириле бийлеп кирчү. Ал киши бийлегенде башкалар эч кимиси өздөрүн бийчи катары эсептешчү эмес. Кай музыка болбосун кыраатын келтире так секирип жаш жигитче бийлеп жатканда анын жеңил жана чыйрактыгына сугун артып эле күлө карап калышчу. Андай жерде жетекчи да, дарыгер да эмес, жөпжөнөкөй шайыр мүнөз бир адам...

Кеңешбек Абазбековичтин көп жылдык жана да элге көрсөткөн жигердүү кызматы көптөгөн сыйлыктар менен бааланып келген. 1970-жылы "Эмгектеги жетишкендиги үчүн" төш белгиси, 1981-жылы Саламаттык сактоо министрлигинин Ардак Грамотасы, 1987-жылы "Эмгектин ардагери" жана 2004-жылы "Саламаттыкты сактоонун отличниги" төш белгилери менен жана көптөгөн областын, шаардын жана оорукананын администрациясынын Мактоо Грамоталары менен сыйланып, алкыштар жарыяланып келген.

Кеңешбек Абазбеков эки кыз, эки уулдун жана бир топ небереелердин сүйүктүү атасы болгон. Ардактуу жана ардагер мыкты дарыгер 2011-жылы 15-августа күтүүсүздөн чолпондой болгон кыздары Элмира жана Альбина менен чогуу жол кырсыгынан дүйнөдөн кайтып кетти.

РЫСБЕКОВ БОРОНБАЙ ОРОЗБЕКОВИЧ

Родился 19.09.1949г.

Место рождения: с.Уч-Терек Уч-Терекского района Джалал-Абадской области

Национальность: кыргыз

Образование: высшее медицинское, Киргизский государственный медицинский институт, 1967—1973гг. Врач-хирург.

ТРУДОВАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ:

1.10.08.1966—11.12.1966гг. Ученик бетонщика строительств Токтогульской ГЭС в СУ-2

2.12.12.1966—15.12.1966гг. Плотник-бетонщик 2 разряда СУ-2

3.20.12.1966—20.03.1967гг. Плотник —бетонщик 2 разряда СМУ-1 треста "Ошоблстрой"

4.25.03.1967—13.07.1967гг. Разнорабочий по зерноскладу совхоза "Уч-Терек"

5.07. 1967—07.1973гг. Учеба в КГМИ

6.01.08.1973—14.10.1974гг. Врач-анестезиолог хирургического отделения Таш-Кумырской гор.больницы

7.15.10.1974—04.09.1975гг. Врач-эксперт Госстраха г.Таш-Кумыр.

8.05.09.1975—18.04.1976гг. Врач-травматолог-хирург Таш-Кумырской горбольницы

9.19.04.1976—06.04.1977гг. Врач-хирург участковой больницы поселка Кара-Куль

10.07.04.1977—28.02.1986гг. Заведующий хирургического отделения Кара-Кульской горбольницы.

11.01.03.1986—21.08.1986гг. Заместитель главного врача по ОМВ Кара-Кульской горбольницы

12.22.08.1986—31.12.1987гг. Врач-хирург хирургического отделения Кара-Кульской горбольницы.

13.02.01.1988—16.01.1990гг. Заведующий ОПК Кара-Кульской горбольницы

14.07.01.1990—28.02.1993гг. Врач-хирург хирургического отделения Кара-Кульской горбольницы

15.01.03.1993—20.10.1996гг. Заместитель главного врача по поликлинической части Кара-Кульской горбольницы

16.21.10.1996—12.12.1999гг. Врач-хирург хирургического отделения Кара-Кульской горбольницы.

17.13.12.1999г.по оконч.жизн. Заведующий хирургическим отделением Кара-Кульской Горбольницы.

ПРАВИТЕЛЬСТВЕННЫЕ НАГРАДЫ:

1.03.07.1985г. Грамота Верховного Совета Киргизской ССР

2.26.12.1985г. Свидетельство об занесении в Книгу Трудовой Славы. Постановлением ЦК КП Киргизской ССР, Президиума

ССР.Киргизсовпрофа и ЦК ЛКСМ Киргизской ССР.

СУЙНАЛИЕВА ЗУЛПИЯ ЖОРОБЕКОВНА

29.08.1935 г.рождения

Место рождения: Ошская область, Узгенский район, с.Ильичевка.

Национальность: кыргызка

Образование: высшее медицинское, КГМИ 1951—1957г.г.

ТРУДОВАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ:

1.08.1957—1958гг. Врач-педиатр в Советском районе, Ошской области

2.1958—1968гг. Главный педиатр г.Узген, Ошской области

3.1968—1990гг. Зам.главного врача - 2 года, зав.детским отделением-12 лет,участковый педиатр- 1 го кат.

ПРАВИТЕЛЬСТВЕННЫЕ НАГРАДЫ:

1.1966г. Медаль "За трудовое отличие СССР"

2.1968г. Почетная грамота президиума Верховного Совета Кирг ССР.

3.1970г. Медаль "За доблестный труд" Верховного Совета СССР

4.1974г. "Отличник здравоохранения СССР" Минздрав СССР

5.1976г. Орден "Знак Почета" Президиума Верховного Совета СССР

6.1976г. Почетная грамота Ошского Обкома КП Кирг.ССР

7.1977г. Занесена в книгу "Летопись трудовой славы" ЦК Компартии Кирг ССР и Президиума Верховного Совета Кирг.ССР

8.1982г. Медаль "Ветеран Труда" Верховного Совета Кирг ССР.

САЙИТ АТАНЫН КЫЗЫ

Зулфия Сайитова Болот Нурбаевдин жубайы. Алардын өмүрүнүн мазмундуу учурлары Кара-Көл шаарында өттү. Азыркы кеп өзөгү мына ушул аялзаты туурасында болмокчу. Анын«Дарыгер» деп аталган медициналык борбору бар. Кесиби боюнча ар тараптан такшалган, тажрыйбалуу дарыгер. Биз ошондо аны менен иш бөлмөсүнөн жолуктук.

-УЗИ аппаратым бар,- деди ал.-Биз кайрылган адамдарга компьютер диагностикалык аппарат аркылуу оорулуу адамдын колунунун жана бутунун керектүү точкалары менен ооруну так аныктап беребиз,- деди Зульфия эже. Бул үчүн өзүм атайын Алма-Ата шаарынан окуп, программасын алып келип орноттум. Компьютерди да сүйлөтө билиш керек. Жакшы билбесе, туура маалымат бере албайт.Колубуздан келгенди жасап жатабыз, эгерде мүмкүнчүлүгүбүз жетишпесе, өзүбүз Бишкекке жөнөтөбүз. Ал жерде жакшы да, арзан да кызмат кылган жекече ооруканалар бар. Алар менен байланышып, ооруну даярдап, диагнозун тактап анан жөнөтөбүз.

Бул медициналык борбор Зулфия эженин жеке ишканасы. Мындагы медициналык жабдууларды өзү сатып алып, бардык шартты өзү түздү.

1966-жылы Оштогу кыздар орто мектебин бүтүрүп, Фрунзедеги медициналык институттун дарылоо факультетине тапшырды. Аталган окуу жайын бүтүрүп, жогорку билимдүү дарыгер адистигине ээ болгондо алгачкы эмгек чыйыры Фрунзедеги №2-оорукананын эмканасында участкалык врач болуп иштөө менен башталды. Балалыгынан дарыгер болом деп эңсеген тилеги ак халат кийип, иштей баштагандан тартып, ишке ашты. Анын аспирантурада окуйм деген максаты орундалган жок. Анткени, окуп жүргөн мезгилинде ага ашык болгон көп жигиттердин ичинен Болот аганы тандап, үчүнчү курска келгенде ага жар болду. Төртүнчү курска келгенде кызы Гүлзат, интернатураны бүткөндө уулу Азамат төрөлдү. Эмканада участкалык врач болуп 1972-жылдан 1976-жылга чейин иштеди. Ини-сиңдилерин окутуу керек болчу, алардын түйшүгү да анын мойнунда болгон. Андан соң, саламаттыкты сактоо министрлигинин жолдомосу менен ар башка ооруканадан тандалып алынган үч адистин бири болуп, «Физприбор» заводунда жаңы ачылган медициналык

санитардык бөлүмгө иштөөгө которулду. Бул жерде 1981-жылга чейин иштеп, анын аралыгында Москва шаарындагы Ленин атындагы борбордук институттан кесиптик чеберчиликти жогорулатуу курсунда окуп да келди. Бул жерден адам баласынын ден соолугуна зыян келтирүүчү заттар менен иштөө багытында адистик алды. Кийин Фрунзе шаарында курортология боюнча билимин өркүндөттү. Ушул кезде аны медициналык-санитардык бөлүмдүн профилакториясына башкы дарыгерликке даярдап жатышкан. Бирок, жолдошу Болот Нурбаевди Токтогул ГЭСтер каскадына директорлукка жөнөтүп, үй-бүлөлүк шартына байланыштуу аны менен кошо Кара-Көл шаарына көчүп келүүгө туура келди. Бул жерде бардык ишин кайрадан жаңыдан баштады. Ал мезгилде медицина тармагында бир топ тажрыйба топтоп калган болучу. Эмканада катардагы дарыгер болуп ишин баштап, анын башчылыгына чейин жетти. Шаардык оорукананын башкы дарыгеринин эмканалар боюнча орун басарлык кызматына дайындалды. Бул мезгилде медицинанын тили менен айтканда «профпатология» боюнча көп жумуштарды жасады. Ал адам баласынын ден соолугуна зыян келтирүүчү заттарды аныктап, алдын алуунун жолун билген чыныгы жападан жалгыс адис болчу. Анткени, шаарда ГЭСтер болгондуктан, энергетиктер жашап, алардын ичинде газ менен ширетүүчү токарлар сыяктуу адистер иштеп, алардын ден соолугун так жана туура аныктап бериш керек. Бул үчүн мезгил-мезгили менен алардын ден соолугун текшерип туруу зарыл эле. Бул багытта « Физприбордо» иштеп, такшалып калган болучу. Бул жерде кыйналбай иштеп кетти. Башкы дарыгердин орун басары болуп иштеп жатканда көрө албастык өктөмдүк кылып кетти. Анткени, ал медицина тармагында кадыр-барк, аброй тапты, эл арасында өз ишин мыкты билген дарыгер катарында таанылып калган. Ошону менен бирге жетекчиликке да такшалган эле.

1994-жылдан дары чөптөр менен иштөө максатында атайын жеке ишкана ачып, жумушунан бошоп кеткендигин айтты. Анын негизинде атайын аптека ачышты. Кийин кийим тигүү цехин уюштурду, анын шарапаты менен канчалаган кыз-келиндер жумуш менен камсыз болушту. Кайрадан үй-бүлөлүк шартына байланыштуу Бишкек шаарына көчүп кетишип, бул жумушунун да аягына чыкпай калды. Борбордо ал жеке медициналык борбор

ачты. Атайын медициналык жабдууларды сатып алды. Өзү Алма-Ата шаарында окуп, компьютердик диагностиканы үйрөндү.

- Анан жолдошум Токтогул ГЭСтер каскадына директорлук кызматка келгенде мен да Кара-Көл шаарына кайра келип иштөөмө туура келди. Бул жерде жаңыдан Бишкектеги борборду которуп, жаңы лицензия, жаңы сертификат алып, «Дарыгер» медициналык борборун ачып, иштеп жаткан кезим.

Ал эми азыр Болот ага менен Зульфия эженин бакыбаттуу жашоосу бар. Эгерде эркек кызматтык бийиктикке жетсе, аялынын жакшылыгынан дейт. А балким, бул үй-бүлөнүн ийгилиги Зульфия эженин эмгегинендир .

Билими да, тажрыйбасы да мол, сөзгө чечен, кыйчалышта жол таба билген акылгөй зайып экен. Дегиси ар тараптан жашоосу да, турган турпаты да төп келишкен. Бул да болсо аялдын таалайы, аялдын бактысы.

Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору

Кара-Көл шаарында 1962-жылы 3 адамдан турган дезинфекциялык бөлүм түзүлгөн. Бөлүмдү 1956-жылы Жалал-Абад шаарындагы "Кызыл крест жана жарым ай"коомунун эки жылдык курсун бүтүргөн Е.В. Редко жетектеген.

1965-жылы Таш-Көмүр шаардык санитардык-эпидемиологиялык станциясына баш ийүү менен санитардык эпидемияга каршы бөлүм түзүлгөн. Мында 1968-жылга чейин бөлүм башчы болуп А.И.Заздравных иштеген.

1968-1971-жылдарда Кыргызстан Мамлекеттик медицина институтунун санитардык-гигиеналык факультетин бүтүргөн, учурда эпидемиологиялык бөлүмдүн жетекчиси Сүйналиев Жакып Сүйналиевич жетектеп келген.

1972-жылдан баштап өзүнчө Кара-Көл поселкалык санитардык-эпидемиологиялык станция болуп иштей баштаган.

1977-жылдын февраль айынан баштап Кара-Көл шаардык санитардык-эпидемиологиялык станциясы болуп иштеген жана аны 1980-жылга чейин Кыргызстан Мамлекеттик медицина институтунун санитардык-гигиеналык факультетин 1960-жылы бүтүргөн, кесиби боюнча эпидемиолог А.С. Нурутдинова жетектеген.

1980-жылдан баштап Кара-Көл шаардык санитардык-эпидемиологиялык станциясын Кыргызстан мамлекеттик медициналык институтунун санитардык-гигиеналык факультетин бүтүргөн Ибраимов Мурат Сасыевич жетектеп келген.

Андан бери карай Умаров Барат Жуматаевич, Көчкөнбаева Жамиля Абдуллаевна, Назаралиев Шеркул Камбаровичтер иштеди. 2011-жылдан бери Касымбеков Токторалы Касымбекович жетектеп келүүдө.

Мекеме негизги санитардык, эпидемиологиялык бөлүм, санитардык-бактериологиялык бөлүм, санитардык-гигиеналык лаборатория болуп төрт бөлүмдөн турат. Атайын АХЧ кызматы да иштейт.

КАСЫМБЕКОВ ТОКТОРАЛЫ КАСЫМБЕКОВИЧ

Т.К.Касымбеков 1955-жылы Жалал-Абад областындагы Аксы районунун Кош-Дөбө айылында туулган. 1979-жылы Кыргызстан мамлекеттик медициналык институтунун санитардык-гигиеналык факультетин бүтүргөн. 1979-1984-жылдары Ош областтык санитардык-эпидемиологиялык станциясында дарыгер эпидемиолог, 1984-жылдан баштап профилактикалык дезинфекциялоо бөлүмүнүн жетекчиси болуп эмгектенген.

1991-жылы Көк-Жаңгак шаардык санитардык-эпидемиологиялык станциясынын башкы дарыгери, 1991-жылдын аягында Аксы райондук санитардык-эпидемиологиялык станциясынын башкы дарыгери болуп которулган жана ал жерде 1997-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.

1997-жылдан баштап ошол эле Аксы райондук санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун санитардык бөлүмүн жетектеп келген. Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери. 2010-жылдын октябрь айынан баштап ушул убакка чейин Кара-Көл шаардык санитардык-эпидемиологиялык станциясынын башкы врачы болуп эмгектенип келе жатат.

Т.К.Касымбеков санитария кызматына абдан кызыгуу жана билгичтик менен мамиле жасайт. Өзүнөн кийинки кесиптештерине алар ким болбосун билгендерин үйрөтүп, насаатчы катары

калктын ден соолугу баарыдан кымбат экенин, эл үчүн кызмат кылуунун жоопкерчилиги жогору экендигин түшүндүрөт. Ишине болгон жоопкерчиликтүү жана эмгек жамаатына болгон маданияттуу мамилеси менен көпчүлүктүн кадырлоосуна ээ.

Эмгекти коргоодо, эл арасында ар кыл сыркоолорду төмөндөтүүдө абдан көп иштерди жасап келген. Мекеменин жамаатын ынтымак менен биримдикке багыттоодо маданий-уюштуруучулук иш-чараларды дайыма өткөрүп, жаматтын маданияттуу жашоосуна дайыма кам көрүп келе жатат. Мезгилдин талабынан артта калбай иш жүргүзүү максатында өз кызматкерлерине дайыма жаңы нормативдик документтер менен үзбөй таанышып, алар боюнча маалыматтарды жеткирип турат.

Өз кызматынын көзүн билген, иш аткаруудагы жемиштүү аракеттери менен мыкты жетекчи катары урмат-сыйдын ээси. Буга чейин Т.К. Касымбеков бир топ Ардак Грамоталардын ээси болуп келген.

СҮЙНАЛИЕВ ЖАКЫП

Кара-Көл шаарына башкы эпидемиолог катары таанымал шаардык МСЭКБнын эмгек жамаатынын кадырман инсаны Сүйналиев Жакып Сүйналиевич азыр 74 жашта. Ал 1937-жылы Токтогул районунда туулган. 1961-жылы Кыргызстан мамлекеттик медицина институтунун санитардык-гигиеналык факультетин бүтүргөн жана 1968-жылга чейин Ош областынын Өзгөн райондук санитардык-эпидемиологиялык станциясынын башкы дарыгери болуп эмгектенген.

Жакып Сүйналиевич 1968—1972-жылдарда Кара-Көл шаардык санитардык-эпидемиологиялык станциясынын башкы дарыгери болгон. Ал эми 1972-жылдан баштап ушул мекемеде дарыгер эпидемиолог болуп эмгектенип келүүдө. Ж.Сүйналиев Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери.

Ж.С.Сүйналиев өзүнүн ишин мыкты билген жана өз кесибин жан дүйнөсү менен берилип сүйгөн адис. Өзүнүн эмгек жолунда көп ирет өздүк билимин жогорулаткан жана тажрыйбасы абдан бай. Эмгектин ардагери, эң мыкты жетекчи, жаштардын насаатчысы, жаш адистерге дайыма өз ишин сүйүп иштөөгө жана так,

берилип аткарууга жол көрсөтүп келет.

Өзүнүн эмгек жолундагы айрым учурларды Ж.Сүйналиевич эскерип өттү:

"Өткөн жашоо менен азыркыны салыштырып олтуруп буларды эсиме түшүрөм: Ошондо деле ушул санэпидемиологиялык станция иштеген.Ошондо деле биз жаныбарлардан адамдарга жугуучу коркунучтуу илдеттерден элди сактоо үчүн каңгып жүргөн ит-мышыктарды аттырчубуз. Себеби, айбанаттардан жугуучу оорулардан сактануунун бирден бир жолу аларды аттыруу болуп жатпайбы. Анан да атайын ит-мышыктарды аттыруу үчүн эзелтен эле район, шаар бюджеттеринен жыл сайын тиешелүү суммада акча каралып турулат да. Эми эле шаарыбыздын айланасында каңгып жүргөн ит-мышык толтура .

Көп профилдин ээси

Белгилүү жана тажрыйбалуу ардагер санитария кызматын өркүндөтүүгө өзүнүн күчүн, акылын, чыгармачылыгын аябай келген, көптөгөн комсомолдук, партиялык кызматтардан да четте калган эмес. Бул адам эпидемиолог гана эмес, көп профилдеги адис десек да жаңылбайбыз. Санэпидемиологияга байланышкан кандай маселе болсо да кеңири жана жеткиликтүү түшүнүк бере алат.

Асыл эмгек ардакталбай калбайт

Сүйналиев Жакып Сүйналиевичтин көп жылдык жемиштүү эмгеги текке кеткен жок. Бүткүл ак эмгегин элдин саламаттыгы үчүн сарптап келген кадырлуу кесип ээсинин санитария кызматындагы көп жылдык ак ниет эмгеги көп жогору бааланып, бир нече жолу шаардык, областык жана да мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борборунун Ардак Грамоталарын алды. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин "Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери" төш белгисинин ээси. Жогорку категориядагы дарыгер.

Азыркы учурда пенсия жашында экендигине карабастан дагы эле сүйгөн кесибин таштабай мекеменин эпидемиологиялык бөлүмүн жетектеп келүүдө.

Жакып Сүйналиевич бир кездеги эмгек жолун жана шаардын абалын мындайча эскерет:

"Мен 1968-жылы апрель айында бул жерге Ош областынын Өзгөн районунан которулуп келдим. Ошондо шаардын бардык

аймагында иш кызуу күү менен жүрүп жатыптыр. Ишканалар, дүкөндөр, көп тейлөө точкалары, Токтогул ГЭСинин катлованы, гравийный завод, мектеп, бала бакча,завод...Айтор абдан көп. Токтогул ГЭСинин курулушуна СССРдин бардык аймагынан адистер, жаштар келишкен. Адамдар ошол убакта вагондордо, ПДУларда, убактылуу жайларда, палаткаларда жашашчу. Кара-Көлгө кире бериштеги азыркы пост турган жерден катарынан тизилген бүт эле вагондор коюлган. Ал жерди эл"Зеленный Париж" деп атап коюшчу.

Ар кайсы жерде жаңыдан жүрүп жаткан курулуш участклары, водопроводдор, канализациялар жок. Схема менен курулган суу түтүктөр, сууларды ташып келүү... Жумушчулар отура турган, эс ала турган жана тамак иче турган жерлер санитардык талаптарга жооп берчү эмес.

Мындай кырдаалда курулушта иштеген бардык адамдардын арасында жугуштуу ичеги –карын ооруларынын, ич келте, сарык жана башка жугуштуу оорулардын таркап кетүү корунучу бар эле. Ошондуктан санэпидстанция көзөмөлдү бардык курулуш болгон жерлерде күчөтүүсү зарыл болгон. Биздин СЭС жайгашкан мекеме ошол убакта Ленин көчөсүндөгү барак имаратта, азыркы ОПД турган жердеги 2 бөлмөдө жайгашкан. Жетекчи мен өзүм, 2 жардамчым, 2 лаборант жана 4 дезинфектор ОПД (отдел профилакт.дезинфекции)бир автомашина, айдоочусу. Булардын арасында мен гана жогорку билимдүүмүн, калганы орто билимдүү аялдар, алар санитардык факультетти бүтүшпөгөн. Болгон кыйынчылыктарга карабай , убакытты эсептебей санэпидкөзөмөлдү жүргүзүп, обьектилерди залалсыздандырууга жетишип турганбыз. Муну менен биз чычкандарды жок кылып, паразитардык оорулардын алдын алуу боюнча санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы иштерди аткарып, эл арасында жугуштуу оорулардын массалык таркап кетүүсүнө, ууланууларга жол койбоого жетишип турганбыз. Курулуштар абдан көп экендигине карабай ар бир курулуштун долбоор боюнча туура курулушуна көзөмөл кылып, бүткөндө текшерип кабыл алып турдук.

Санврачтын колу коюлбаса бир да обьект чоң же кичине экенине карабай пайдаланууга берилбейт. Күн сайын 1-2 обьекти кабыл алынып турган. Биз поссоветтин төрагасы Камчыбек Масиров экөөбүз бүткөн обьектинин курулуш сапатына,суусуна,

каналиазциясына,айланасындагы көрктөндүрүү, жашылдандыруу иштери бүтмөйүнчө экөөбүз кол койчу эмеспиз. Анткени, келечекте бул жерде биз калабыз, курулушчулар кайдан келсе акыры кетишет, биз жооп беребиз, бул жерде кыргыздар жашайт дегенбиз.

Жума сайын пландоо, тартип катуу болгон

Ар жумада бир планерка(жасала турган иштерди эрежелөө) болот. Бүтүндөй жетекчилер калбай келишет. Бардык чечүүнү талап кылган проблемалык маселелер ошол жерде айтылат. Кандай чечүүнүн жолдору макулдашылат, тийиштүү адамдарга тапшырмалар берилет. Анын аткарылышын сөзсүз кийинки планеркада суралат. Тартип катуу эле, берилген тапшырманы аткарууга ар бир адам тырышып аракеттенген. Мезгилдин талабы ушундай болчу

Статистика, Архитектура,жана шаар куруу, жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлктөрдү каттоо кызматтары

Шаардык мамлекеттик статистика бөлүмү

Статистика бир канча миндеген жыл мурда эле байыркы Кытай, Египет, Римде колдонулуп, жердин эсебин жана элдин санын аныктаган.

Азыркы убакта Улуттук статистика комитетинин негизги ишмердиги бирдиктүү жалпы методологиянын негизинде мамлекеттик статистиканын жоболорун жетекчиликке алып, шаардын эл чарбасынын түрүнө карабастан бардыгы боюнча эсепти жана отчетту алат, чогултат, иштеп чыгат жана убактылуу мөөнөттөргө сактайт.

Шаардын социалдык жана экономикалык абалы боюнча процесстерди өз убагында сапаттуу жана обьективдүү чагылдырып, аныктуу статистикалык аналитика маалыматтарды жергиликтүү башкаруу органдарына, Улутстаткомго, коомчулукка өз убагында жеткирет жана жоопкерчилигине кепил болуу менен бирдиктүү статистикалык маалымат системасынын функциясын түзөт.

Шаардык статистика бөлүмү азыркы учурда оргтехникалар менен камсыз болунган,маалыматтар электрондук жолдор менен интернет аркылуу күн сайын берилип турулат.

ЖУМАНОВА ГҮЛҮМКАН КОЖОБЕКОВНА

Г.К.Жуманова 1975-жылы шаардагы Токтогул атындагы орто мектепти аяктагандан кийин алгач электрдик-монтаждоочу болуп эмгек жолун баштаган жана ушул эле мезгилде Фрунзедеги курулуш техникумунда окуган. Ал эми 1980-жылы кранчы адистиги боюнча курсту да окуп бүтүргөн жана ошол Бишкекте темир-бетон заводунда кранчы болуп эмгектенген.

1983-жылдан Кара-Көл шаарына кайра келип "Достук" заводунда электро-обмоточный мастер, кийин начальниктин орун басары болуп 1993-жылга чейин иштеген. 1993-жылдын октябрь айынан шаардык статистика комитетинин калкты демографиялык жактан изилдөө боюнча жумушка орношуп, 1994-жылдын июнь айынан шаардык статистика бөлүмүнүн жетекчиси болуп дайындалып, жыйырма жылга чукул убакыттан бери иштеп келе жатат.

Гүлүмкан Жуманова мезгил талабын туура баамдап 2002-жылы Жалал-Абаддагы коммерциялык институтунун финансы-кредит факультетин аяктоо менен экономист адистигине ээ болгон.

Статистика тармагында талыкпай эмгектенгендигинин натыйжасында Гүлүмкан бир топ сыйлыктарды алууга жетишкен. Улуттук статистика комитетинин Ардак грамотасы, Жалал-Абад областтык статистика башкармалыгынын Ардак грамотасы, Жалал-Абад областтык администрациясынын Ардак грамотасы, Кара-Көл шаардык мэриясынын Ардак грамоталарынын ээси.

Гүлүмкан Жуманова статистика тармагына сиңирген 18 жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн 2009-жылы 27-апрелде статистика кызматкерлеринин кесиптик күнүнө карата "Статистиканын отличниги" төш белгисин алууга жетишкен.

Архитектура тарыхы

Кара-Көл шаар статусун алганга чейин 1962-1977-жылдары Таш-Көмүр шаарынын башкы архитекторлору А.И.Попов, Н.В.Цой иштеп турган, ошол учурда Кара-Көл кичи шаарынын жеринин геологиялык сьемкасы (сүрөтү, картасы) ушул архи-

текторлор тарабынан көрсөтмө берилип түзүлгөн. 1977-жылдын июнь айынан Кара-Көл шаар статусун алгандан баштап башкы архитектор болуп Ж.Дастанов дайындалган жана архитектуралык топ түзүлүп, анда 3 кызматкер иштеген.

Ошол кезде шаарыбызда курулуш иштери абдан кызып, чоң-чоң обьектилер жана көп кабаттуу үйлөр курула баштаган. ГЭСтердин курулушунун шарапаты менен СССРдин ар кайсы алыс жактарынан куруучулар менен гидрокуруучулар келе башташкан. Бул учурда Токтогул жана Күрп-Сай ГЭСтеринин курулушу жүрүп жаткан эле. Бир эле мезгилде "Пойма" кичи районунда да көп кабаттуу турак үйлөр, административдик имараттар жана социалдык обьектилер курулуп жаткан.

1978-жылы шаардын башкы архитекору болуп В.Казанцев иштеген жана ал шаардын башкы планын иштеп чыгуу боюнча алдын ала даярдоо процессин жүргүзүп, консультант болуп дайындалган.

1978-1981-жылга чейин К.А.Аскаров шаардын башкы архиктектору болуп, архитектура бөлүмүндө ал учурда 6 кызматкер эмгектенген. 1980-жылдары глобалдуу чоң-чоң курулуштар жүрүп жаткан учурда архитектура бөлүмү шаар үчүн аябай маанилүү кызматтарды аткарган жана мекемелер арасында архитектура маанилүү мекеме болуп эсептелген.

1981-1985-жылдарда В.Ананин башкы архитектор болуп, мекеме бул мезгилде хозрасчеттук топ (чарбалык эсеп тартибинде иштөө) болуп аталган жана анда 7 адис кызмат өтөгөн.

1985-1995-жылдары А.Өмүрбеков башкы архитектор болуп эмгектенип, архитектура тобу Ош областына караган жана "Хозрасчеттук-пландоо-долбоорлоо бюросу" болуп аталып адистер эмгектенген. Ошол учурда Ленин көчөсүндөгү барак тибиндеги убактылуу курулган жыгач үйлөрдү бузууга алдын ала даярдоо иштеринин, көп кабаттуу үйлөрдү куруу иштеринин генпландарын, көрктөндүрүп-жашылдандыруу долбоорлорун түзүүдө ахитектура мекемесинин салымы чоң болгон. Э.Алукеева, архитектуралык-пландоо адиси жана К.А.Дозалиева проектировщик-конструктор болуп пландоо долбоорлорун түзүүдө үзүрлүү иштешкендиктен мамлекеттик аткаруу комитетинен Мактоо Грамота менен сыйланышкан.

1995-1997-жылдары Б.Мөндөшев, 1997-2000-жылдары

Ж.Т.Стамов, 2000-2002-жылдары Б.А.Абдиев башкы архитекор болуп иштешкен жана тутумунда 7 адам кызмат өтөгөн. 2003-2007-жылдары башкы архитекор болуп К.Ж.Мураталиев иштеп, бөлүмдө 3 адис иштеген.

2007-жылдан азырга чейин башкы архитекор жана архитектура шаар куруу башкармалыгынын башчысы болуп К.А.Дозалиева эмгектенип келе жатат. Азыр бул мекемеде 11 адис эмгектенет. Акыркы жылдарда шаарды көрктөндүрүү жана жашылдандыруу боюнча, эки көчөгө аллея куруу үчүн долбоор жана энергетиктер менен гидрокуруучуларга мемориалдык комплекстин,"Энергетик"спорт аянтчасын реконструкциялоо сметасы, долбоору даярдалган.

Шаардык башкы планын корректировкалоо жана даярдоону уюштуруу иштери боюнча көрсөткөн салымдары үчүн башкы архитекор К.А.Дозалиева, Айдаралиева , Калыбай уулу Капар, С. Чымырбаева сыяктуу кызматкерлер областтык мамлекеттик администрациянын Ардак Грамотасы менен сыйланышкан.

Азыркы учурда шаардын башкы планынын долбоорун иштеп чыгуу процесси аяктоодо. Шаардын ички көчөлөрүн кайрадан калыбына келтирүү иштери боюнча архитектура башкармалыгы бардык тийиштүү документтерди даярдоо иштеринде салымы чоң.

ДОЗАЛИЕВА КУМАРХАН

Шаардын башкы архитектору

Кумархан Дозалиева 1964-жылы Аксы районундагы Кашка-Суу айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Ленин атындагы орто мектепти 1981-жылы артыкчылык менен бүткөрүп, ошол эле жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун даярдоо курсуна кирген жана кийинки 1982-жылы бул окуу жайдын атуулдук өнөржай курулуш факультетинин студенти болуп, аны 1987-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Кумархан алгачкы эмгек жолун ушул эле жылы "Суусамыр тажрыйба заводунда" курулуш участкасынын мастери болуп баштап, 1988-жылы "Кыргызгипростройдун" Оштогу филиалында ОКА бөлүмүндө инженер-конструктор болуп иштеген.

1990-1996-жылы Кара-Көл шаарында чарбалык эсептеги проектилик-пландоо бюросунда проектилөөчү конструктор болуп кызмат өтөп туруп, 1996-2007-жылдарда Кара-Көл шаары боюнча курулуш архитектураларына мамлекеттик көзөмөлдөөчү болуп иштеди.

2007-жылдан ушул мезгилге чейин Кара-Көл шаарынын башкы архитектору болуп эмгектенип келе жатат. Өзүнүн ишмердик жылдарында Кумархан Абдракмановна бир нече жолу Кыргыз Республикасынын курулуш тармагына кошкон жигердүү салымдары үчүн Ардак Грамоталарды алган. 2004-жылы Кара-Көл шаарынын коомдук турмушуна кошкон активдүү салымы үчүн шаар мэриясынын Ардак Грамотасын, 2005-жылы өзүнүн кызматтык милдетин ийгиликтүү өтөгөндүгү үчүн Жалал-Абад областык "Мыкты инспектор" номинациясын, курулуш тармагындагы узак жылдар жемиштүү эмгеги үчүн областык мамлекеттик администрациясынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

ШААР АРХИТЕКТУРАСЫНДА САЛЫМЫ ЧОҢ

Жыл өткөн сайын биздин сүйүктүү Кара-Көл шаарыбыз кооз-кооз имараттар жана башка архитектурасы жаңыча курулган курулуштар, дүкөндөр менен көркүнө чыгып жашарууда. Биз кайсы бир күнү айланабызда пайда болуп калган жаңы дүкөндү, же имараттарды көргөнүбүздө ичибизде кандайдыр бир жагымдуу маанай пайда болоорун танбасак керек. Анткени, адамдарды ар кандай жаңы көрүнүш өзүнө тартып, башкаларга окшобогон архитектурасы менен кызыктырбай койбойт. Бирок, көпчүлүгүбүз андай курулуштардын долбоорун ким даярдаганына маани деле бербей келебиз.

Көрсө, шаар болобу, район болобу, ал жерге элге кызмат көрсөтүү үчүн түшүп жаткан курулуштун, же турак үйдүн архитектурасында өзүнчө эле бир чоң маани жаткан турбайбы. Заманабыз өсүп-өнгөнү сайын, элдин жашоо маданияты жогорулага-

ны сайын алардын курулуш архитектураларга болгон табити да өсүп, заманбап көрүнүштүн болушун шарттайт экен да. Ал эми ошол заманбап курулуштун долбоорун кимдер жазып, кимдер чийет? Бул суроого жооп издеп биз аларды даярдай турган адамдын атайын кесиптик адистиги жана тубаса жаралган жөндөмшыгы болоорун 40 жылдык эмгек жолду жемиштүү басып өткөн Шүкүраалы Балташев менен маектешип олтуруп баамдадык.

Шүкүраалы Балташев 1952-жылы 17-июнда Базар-Коргон районунун Кеңеш айылында туулган. 1969-жылы Кеңеш айылындагы №6-орто мектебин ийгиликтүү аяктап,алгачкы эмгек чыйырын азыркы Кара-Көл шаарындагы"Нарынгидроэнерго курулуш" башкармалыгында жыгач кыноочу жана бетондоочу (плотнико-бетонщик) кесибинде иштөө менен баштаган. 1970-жылы Фрунзедеги политехникалык институтунун Кара-Көл шаарындагы филиалынын кечки жалпы курулуш факультетине кирип окуй баштайт. Жаш курагы жетип калгандыгына байланыштуу 1971-73-жылдарда жигиттик милдетин өтөп Советтик Армиянын сабында Согуштук аба күчтөрүндө учкуч-стрелок радист- офицер болуп кызмат кылат. Кайра келип баштагы жумушун улантуу менен Ш.Балташев Токтогул, Күрп-Сай ГЭСтерин жана Чоң бетон заводдун курулуштарында эмгектенет.

А дебей арадан жылдар сызып, 1975-жылы мурдагы кечки жалпы курулуш факультетинен "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын жолдомосу менен Фрунзедеги политехникалык институтунун "Архитектура-курулуш" факультетинин күндүзгү бөлүмүнө которулган.

"Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгына зарыл болуп турган келечектүү адис 1978-жылы окуу жайын ийгиликтүү аяктап дипломдук долбоорун артыкчылык баа менен жактоого жетишкен. Жогорку окуу жайынан билим алып жүргөн учурунда аскер кафедрасында окуганга да мүмкүнчүлүк таап запастагы ага лейтенант наамы берилген.

Жаш жана жогорку билимдүү, заман талабына керектүү адис дипломду алаары менен "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын дагы бир таяныч мекемеси болгон (СУПГС) өндүрүштүк-граждандык курулуш башкармалыгына мастерлик кесипке жумушка кабыл алынат. Ошол жылдан тарта Шүкүраалы Балташев өз эмгек жолун жигердүү улантып, 1988-1993-жыл-

дарда өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн ага инженери, андан кийин НГЭС АКнун Кара-Көл курулуш башкармалыгында өндүрүштүүк-техникалык бөлүмдүн начальниги болуп иштейт.

Бул жылдар мезгилинде шаардагы Серый көчөсүндөгү "Энергетик" маданият үйүн, 4 кабаттуу 60 батирлүү үйлөрдү, Ленин көчөсүндөгү административдик имаратты(азыркы ак үй) 138 жана да 195 батирлүү турак үйлөрдү, Сабиров көчөсүндөгү "Достук" заводунун курулушуна өзүнүн адистик салымын кошкон.

Кийинчерээк Шүкүралы Балташов Токтогул каскадына кызматка которулуп 1994-97-жылдарда мекеменин капиталдык курулуш бөлүмүндө начальниктин орун басары болуп эмгектенди. 1997-жылдан ушул мезгилге чейин Ш.Балташов аталган бөлүмдүн жетектөөчү инженери болуп жемиштүү эмгектенип келе жатат.

Биз менен маектешип отуруп Шүкүралы Балташов өз долбоорлору туурасында сөз козгой кетти:

-Азыркы учурда шаар аймагындагы көп эле курулуш обьектилеринин долбоорлоочу авторумун. Мисалы "Поймодо", "7чи площадкада", "Фестивальнаядагы" электрдик буу казандардын имаратын реконструкциялоо;

-Токтогул ГЭСтер каскадынын жанындагы Телемачты;

-Токтогул ГЭСтер суу сактагычындагы эс алуучу жайлардын курулуштарын;

-Эки кабаттуу "Асель", гүл сатуучу дүкөн, "Канықей", "Бекзат" дүкөндөрү, Ош—Бишкек жолунда туннельдин алдындагы Сатыке Баатырдын эстелиги, Ленин көчөсүндөгү котеждердин(турак үйлөр);

1984-1991-жылдары КСУнун кошумча имаратынын проектилерин, Кара-Көл шаарынын оорукана имаратындагы оорулуулар жолугушуучу кошумча имаратынын проектилерин даярдаган.

Мээнеткеч жана өз кесибинин устаты Ш.Балташов жалаң эле кесиптик чеберчилигинин үстүндө иштебестен, көптөгөн коомдук тапшырмаларды да аркалап келген.Союз мезгилинде партиянын чыныгы жоокери катары кадыр-баркка жетип, КСУ мекемесиндеги баштапкы партиялык уюмдун секретары (катчысы) болуп турган. Бул деген коммунисттердин уюму болуп, чоң жоопкерчиликти да артынчу, ишти уюштурууда жана жөнгө салууда, талап коюуда таасири да күчтүү болчу. Бирок, партиялык

уюмду жетектөөгө ишеним көрсөтүлүшү коммунисттен убакыт менен эсептешпей иштөөнү талап кылган. Шүкүраалы Балташов өз убагында мындай талапты туура түшүнүп, ишенимди так аткарууга жетишип турган.

Ш.Балташов 40 жылдык эмгек жолунда көптөгөн Ардак Грамоталардын, алкыштардын, урмат-сыйдын ээси болуп келди.

Шүкүраалынын өмүрлүк жубайы Кырбашова Бүбүайша шаардагы Токтогул атындагы орто мектепте 37 жылдан бери математика мугалими болуп иштеп келүүдө. "Эл агартуунун отличниги". Окуучулары олимпиадаларда байгелүү орундарга жетишип келе жатат. Жаш математиктердин кадырман насаатчысы, үлгүлүү устаты.

Өз эмгек жолунда Бүбүайша жаш муундарга татыктуу тарбия берүүдө да чоң чыгармачылык дараметин жумшап келди. Ондогон тарбиялык ачык сааттарды жогорку деңгээлде өткөргөндүгү, классындагы окуучуларды ар түрдүү тематикалык сынактарга татыктуу даярдагандыгы, ата-энелер менен байланышты чыңдоого жетишкендиги, "Жылдын мыкты мугалими" сынагында шаарда биринчиликке жетишип, областка чейин баргандыгы да мыкты мугалим экендигинин далили.

Бүбүайша Кырбашова 1954-жылы 16-июнда Нарын областынын Нарын шаарында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти 1971-жылы аяктап, азыркы Кара-Көл шаарындагы педагогикалык институтунун математика факультетине кирген жана 1975-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Экөө үй-бүлөдө 4 уул, бир кызды бапестеп чоңойтушту. Алардын ар бири өз кесиби менен эмгектенип жатышат. Чөжөдөй таттуу неберелердин чоң ата-чоң апасы болушуп,Кара-Көл шаарында 1978-жылдан бери жашап дөөлөттүү өмүр сүрүп келе жатышат.Ата кесибин улантып улуу уулу Максат да азыркы учурда Москва шаарында жигердүү эмгектенип, көптөгөн кооз жана заманбап проектилердин автору катарында элге таанылып калган убагы. Азырынча буйрутма бергендердин эч кимиси Максат чийген проектини четке кага элек.

Шаардык жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо башкармалыгы

Жеке адамдардын жана юридикалык жактардын жерге жана башка кыймылсыз мүлккө болгон укугун коргоо максатында 1998-жылдын 22-декабрында Кыргыз Республикасынын "Кыймылсыз мүлккө укуктарды Мамлекеттик каттоо жөнүндө" мыйзамы кабыл алынган.

Буга чейин кыймылсыз мүлккө болгон укуктар мэриянын алдындагы техникалык тизмелөө бөлүмүндө катталып келген. Ал эми менчик укугун коргоо боюнча иш алынып барылган эмес. Ошол эле учурда жеке адамдардын жана жергиликтүү уюмдардын жерди пайдалануусу жаңыдан калыптанып келе жаткан. Алардын укуктарын каттоо, жер участокторунун чегин жана географиялык турган ордун, участокто жайгашкан үй курулуштарды тактоо эч мүмкүн болгон эмес. Ошондуктан аларды тактоо үчүн бирдиктүү каттоо базасын түзүү зарылдыгы келип чыккан. Ушул максатта Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы жерге жайгаштыруу, геодезия жана картография агенттиги менен техникалык инвентаризациялоо бюросунун базасында 1999-жылдын 22-февралында Президенттин буйругу менен Кыргыз Өкмөтүнүн алдында кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо Агенттиги түзүлгөн.

Кара-Көл шаарында болсо 1991-жылдан баштап Техникалык тизмелөө бюросунун жетекчиси болуп Эргешов Жээнмырза Мейманович иштеп келген.

1999-жылы шаарыбызда да Жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоо башкармылыгы түзүлүп, мунун жетекчиси Аскаров Култемир Аскарович дайындалган.

Бул башкармалыктын—жергиликтүү каттоо мекемесинин түзүлүшүнө ошол мезгилде шаар мэри болуп иштеп турган Зебикан Кутманованын салымы чоң болгон. Ал эми алгачкы жетекчи катары Култемир Аскаровдун талыкпаган аракетинин натыйжасында бир топ алгылыктуу аракеттер жүзөгө ашырылган.

2000-жылы мекемени Ж.Т.Салимбаев жетектеген.2001-жылы 10-декабрда Кара-Көл шаардык мэриясынын №121/3 буйругу-

нун негизинде жаңы мекемеге кирүүнүн атайын ачылыш маарекеси болуп, Кара-Көл шаардык Мамлекеттик каттоо башкрмалыгы түзүлгөн. Ушул эле мезгилде шаарыбыздагы кыймылсыз мүлктү системалуу түрдө каттоо уюшкандык менен башталган.

2002-жылы мамлекеттик каттоо башкармалыгынын жетекчиси болуп Н.Т. Дүйшөбаев дайындалган.

Шаар боюнча жалпы кыймылсыз мүлктү каттоодо Н.Д.Дүйшөбаев бир топ эмгек жасаган. Бул мезгилде мекемеде Каныбек Миндибаев, Рысбек Чондолоев Рысбек, Махабат, Кулжыгачева Махабат, Арзыбек Исманов, Жумабек Дөңбашев, Калыбек Сейталиев, Аширбек уулу Манас, Шайыр Эсенгулова, Нурбү Каримовалардын натыйжалуу эмгектеринин натыйжасында 2004-жылы шаардагы кыймылсыз мүлк укуктары толугу менен катталып бүттү.

2006-жылы мекемеге жаңы жетекчи болуп Г.С.Сооронбаева дайындалган. Ал аталган мекемеде 1992-жылдан бери мэриянын алдында түзүлгөн БТИден баштап иштеп келүүдө.

Азыркы учурда мекемеде 11 адам эмгектенет. Алардын кесиптик билимдерин жогорулатууга жетекчилик тарабынан жакшы камкордуктар көрүлгөн. Натыйжада Аида Султанкулова, Чолпонай Медетова, Азат Ыстамов, Мээрим Чолпонбаева сыяктуу жаш адистер өз эмгек жолун ушул мекемеден башташты жана алар жогорку окуу жайларынан алган билимдерин ишканада турмуштук практика менен айкалыштырып иштешүүдө. Мекеме жетекчисинин демилгеси менен мындагы ар бир кызматкер юридикалык билимдерге ээ болушууда жана ар бир кызматкер билимдерин жогорулатуу максатында Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинен билим алышып өздөрүнө тиешелүү сертификаттарга ээ болушууда.

2009-жылы Кыргыз республикасынын Граждандык кодекске өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин 3, 390, 392, 393, 448- статьялардын негизинде кыймылсыз мүлктү сатуу жана сатып алуу келишимдери нотариуссуз эле күбөлөндүрүп берүү укугуна ээ болгон.

Мекемеде алдыга коюлган пландуу тапшырмаларды аткаруу улам жыл өткөн сайын илгерилеп келатканы байкалат. Мисалы баштапкы жылдары жылдык планды аткаруу 300миң сом болсо, азыркы учурда 1350 миң сомдон ашкан. 2011-жылга белгиленген

план 136 пайызга ашыра аткарылган. Кызмат көрсөтүүнүн темпи жылдан-жылга өсүү жолунда баратат.Улам жыл сайын кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоо боюнча маалыматтарды берүүнүн өсүшү өзгөчө байкалат. Мындан башка менчик ээлеринин келишимдерди жол-жоболоштуруу жана укугун каттоо боюнча кайрылуусу көбөйүүдө.

Шаарыбызда кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоо Департаментинин түзүлгөндүгүнө быйыл 13 жыл толууда. Мекеме атуулдардын талабына ылайык иш алып баруунун бардык аракеттерин көрүп иштөөдө.

Муниципалдык менчик башкармалыгы

Бул мекеме 2002-жылы шаардык мэриянын алдында коммуналдык кызмат бөлүмү болуп ачылып, Ташыкулов Ш. ККБнүн жетекчиси болгон. Ал эми 2003-2004-жылдары бул бөлүмдү Жекшеев Н.С., 2004-2006-жылдарда Аскаров К. жетектеп иштеген.

2006-жылдан бери карай бул бөлүм шаардык мэриянын муниципалдык менчик бөлүмү болуп өзгөрүп, З.Ж.Бекташов жетектеп иштеген.

2008-жылдын 23-январынан баштап шаардык Кеңештин №101\30-4-токтомунун негизинде Кара-Көл шаардык мэриясынын муниципалдык менчик башкармалыгы болуп түзүлгөн жана жетекчиси Бекташов З.Ж. болгон. 2011-жылдан баштап ММБнын башчысы болуп Э.Э.Бабаканов иштеп келе жатат.

Муниципалдык менчик башкармалыгы тарабынан шаардык стратегиялык өнүгүү программалары аткарылып, жылдан-жылга шаардын инфраструктурасы оңдолуп, калкка ыңгайлуу шарттар түзүлүүдө. Бүгүнкү күндө муниципалдык менчик башкармалыгында 60 адам эмгектенип, шаардын аймагын иретке келтирүү, жашылдандыруу, көрктөндүрүү, оңдоп-түзөө, гүлбакчаларды өстүрүү, бак-даректарды, газондорду сугаруу ж.б. жумуштары менен алектенишет.

БЕКТАШОВ ЗАБЫР ЖОЛДОШЕВИЧ

Бекташов З. 1964-жылы Токтогул районунун Торкент айылында туулган. Эмгек жолун 1981-жылы НГЭСте жыгач уста болуп иштөө менен баштаган. 1982-1985-жылдары Аскер Деңиз флотунда жоокердик кызматын өтөгөн. Кайра 1985-1991-жылдары Токтогул ГЭСтер каскадынын коммуналдык ишканалар комбинатында уста, анан бригадир, участканын башчысы, Камбар-Ата ГЭСинде ЖЭУнун башчысы болуп иштеген.

2006-жылы ОМСтин, 2008-2011-жылдарда ММБнын башчысы, 2011-жылдан тартып Кетмен-Төбө шаарчасындагы суу-канал бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Шаардын коомдук иштерине зор салымын кошкондугу үчүн бир топ сыйлыктарды алууга татыктуу болгон.

БАБАКАНОВ ЭЛДИЯР ЭРКИНАЛИЕВИЧ

Э.Э.Бабаканов 1981-жылы 19-апрелде Кара-Көл шаарында туулган. Д.Шопоков атындагы мектепти 1998-жылы ийгиликтүү аяктаган. Өзүнүн билимин жогорулатуу максатында 1998-жылы Ош технологиялык университетинин юридикалык факультетине кирип, 2000-жылы Бишкектеги Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине которулуу менен 2008-жылы юриспруденция кесибине ээ болууга жетишкен.

Өзүнүн эмгек жолун Бабаканов Элдияр Токтогул ГЭСтер каскадынын ЖЭКТМда юрис болуп иштөөдөн баштап, 2008-жылы №7- "Төш-Мазар" округу боюнча шаардык Кеңештин депутаты болуп шайланган.

Токтогул ГЭСтер Каскадынын башкармалыгында 1-категориядагы юрис-кеңешчи болуп 2008-2010-жылдын 18-октябрына чейин иштеген. Андан кийин "Нарынгидроэнергокурулуш" акционердик коомунда 2-категориядагы юрист болуп эмгек кылган. 2010-жылдын ноябрь айынан 2011-жылдын март айына чейин шаардык мэриянын башкы адис-юристи болуп болуп иш-

теп келди. Ал эми мэриянын 15.03.2011-жылы №118-б.буйругунун негизинде шаардык муниципалдык менчик башкармалыгынын башчысы болуп дайындалып бүгүнгө чейин иштеп жатат. Өзүнүн жаштыгына карабай Э.Бабаканов эмгек жамаатынын арасында чоң кадыр-барктын ээси жана шаардын өнүгүүсүнө кошкон салымы, коомдук иштерге активдүү катышкандыгы үчүн бир топ сыйлыктарга ээ болгон.

«Жазы-Кечүү» айылынын аймактык башкармалыгы

Азыркы "Жазы-Кечүү" айылы 1970-жылдары Токтогул суу сактагычын курууда улам көчүрүлгөн элдердин эсебинен келип отурукташкан калктын эсебинен пайда болгон. Ошол убакта Токтогул районунун Шопоков совхозунун бир бөлүмү болуп турган. Совхозду көп жылдар бою Шакир Шаматов башкарып келген. 1996-жылы Үч-Терек район болуп негизделген соң "Жазы-Кечүү" айыл өкмөтү болуп уюшулган.

Ошондогу биринчи айыл өкмөт башчысы болуп Абдымомун Анакеев дайындалган. 2000-жылдын май айынан баштап элдин суроо-талаптарынын негизинде КРнын ЖКи тарабынан каралып, бул айыл өкмөтү Кара-Көл шаарынын карамагына кошулган. Бирок, ошол убакта элдин союздук коомдун тарбиясы боюнча калыптанганынан уламбы, байлыкка кызыкпай, шаарга Жазы-Кечүү айылы гана жакын турган жайыттары менен өтүп, алыскы жайлоолору Токтогул районунун карамагында калып кеткен.

Айыл өкмөтүн 2000-жылдын июнь айынан Камчыбек Көлбаев, 2002-жылы Куралбек Көрпөбаев, 2004-жылы Болуш Жумалиев, 2006-жылы Жумабай Каракулов башкарып эмгектенишкен.

АЙЫЛ ӨКМӨТКӨ ИНВЕСТИЦИЯЛАР КЕЛТИРИЛГЕН

"Жазы-Кечүү" айыл өкмөтүнө 2005-2008-жылдар аралыгында АРИС программасынын алкагында иш алып баруунун натыйжасында жалпы суммасы 1млн. 578миң сомдук 8 обьект бүтүрүлүп керектүү инвентарлар менен да толук камсыз болунган.

ДОБФХЮМ ЭППИЭЛ интернешл фирмасынын спонсордук жардамы менен Жазы-Кечүү айылына 250-300 кишиге ылайыкташтырылган мечит курулган.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2008-жылдын 3-ноябрындагы №238 мыйзамы, КРнын Өкмөтүнүн ушул жылдын 10-ноябрындагы №619-токтому жана шаар мэриясынын ушул жылдын 5-декабрындагы № №364-буйругунун негизинде "Жазы-Кечүү" айыл өкмөтү жоюлуп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-ж.10.09. №556-токтому жана шаар мэриясынын 2009ж.22.09. №406-буйругунун негизинде "Жазы-Кечүү" айылынын аймактык башкармалыгы болуп түзүлгөн.

Башкармалыктын башчысы болуп конкурстун негизинде К.А. Таштанкулова дайындалган.

Азыр башкармалыкта үч муниципалдык кызматкер эмгектенет. Башкармалык акыркы эки жылдын ичинде "Атайын фонддон" 26 млн сом, АРИСтен 450 миң сом инвестиция тартып келүүгө жетишип, элдин, жаштардын спорт иштери менен машыгуусу, көңүлдүү эс алуусу үчүн жаңы спорт зал курулуп жатат, таза суу чыгаруу максатында скважиналар казылып, суу кампасы курулууда.

Жаңыдан жайыт комитети түзүлүп, төрт адам жумуш орундары менен камсыз болду.

"Жазы-Кечүү" аймактык башкармалыгынын борбору "Жазы-Кечүү" айылы. Областтын борбору Жалал-Абаддан 226 км.алыстыкта турат, Кара-Көл шаарынан 6 чакырым аралыкта. Деңиз деңгээлинен 1200 метр бийиктикте жайгашкан.

Аймактык башкармалык мамлекеттик каттоодон 2009-жылы 26-ноябрда өткөн жана каттоо №109054-3303-У-е күбөлүк № 0063698.

"Жазы-Кечүү аймактык башкармалыктын жалпы жер аянты 40379 гектар. Айдоо аянты 137,83гектар, анын ичинен сугат жер 78,76гектар. Кайракы жер аянты 59,07 гектарды түзөт.

Анын ичинен ФПЗга таандык жер аянты – 62,0 гектар, Бул жерлер сугарма жана кайракы жерлер.Ошону менен бирге атайын чөп аянттары да бар. Мындан тышкары короо-жай участоктору 30,0 гектарды ээлейт. Жалпы жайыттын аянты 15550,0 гектар. Мындан ижарага берилген жайыттар -2683,2 гектарды түзөт.Мындан жайытка кирбеген тоо-таштардын аянты- 24596,0

гектар. Дыйкан чарбаларга үлүшкө бөлүнгөн жер аянты: - 78,76 гектар сугат, 59,07 гектар кайракы аянттар. Аймактык башкармалыктын курамы 5 айылдан турат, башкармалыкка караштуу 1 ФАП, 1 башталгыч мектеп, 1 орто мектеп бар.

Аймактык башкармалыкка караштуу айылдар

"Жазы-Кечүү" айылы , Сары-Булак айылчасы 18 чакырымды түзөт. Көк-Бел айылчасы 28 чакырым.

Жылаңач-Булак айылчасы 40 , Оот айылчасы 45 чакырым алыстыкта жайгашкан.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №216, 2000-жыл. 19-апрелдеги "Кыргыз Республикасында жакыр үй-бүлөлөрдүн социалдык паспортун киргизүү" жөнүндөгү токтомунун негиздерин аткаруу максатында 2012-жылы "Жазы-Кечүү айылынын аймактык башкармалыгынын тургундарынын социалдык абалы текшерилди. Мунун жыйынтыгында "Жазы-Кечүү" айылынын аймактык башкармалыгында 308 кожолук бар, "Жазы-Кечүү" айылында 64 үй-бүлө аз камсыз болунгандыгы такталып, социалдык паспорт түзүлгөн.

"Жазы -Кечүү" аймактык башкармалыгында жашап эмгек сиңирген инсандардын таржымалы

ЭКИ "КЫЗЫЛ ЖЫЛДЫЗ" ОРДЕНИНИН ЭЭСИ

Төлөн Шатманалиев 1924-жылы Ош областындагы Токтогул районунда Үч-Терек участкасынын №4-бүлүмүндө кедей-дыйкандык үй-бүлөсүндө туулган. 1941-жылга чейин советтик мектепте окуп билим алган. 1941-жылдын июнунда Калинин башталгыч классынын мугалими болуп иштеп баштаган.

1942-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылат да, андан ары Улуу Ата Мекендик согушка катышып, кан майдандын узак жана кан кечкен каргашалуу жолун басып өтөт.

Төлөн Шатманалиев согуш майданында чыныгы эр жүрөктүүлүк менен душмандарга каршы салгылашып, бир топ эрдиктерди жасагандыгы менен мезгилинде согуш майданында далай ирет алкыштарга татып даңкталып, эки "Кызыл Жылдыз"

орденинин жана да көптөгөн төш белгилеринин ээси болгон.

Берлинге туу саюуга катышкан

Жазы-кечүүлүк азамат Төлөн Шатманалиев беш жылга жакын кандуу майданга жүрүп, акыры согуштун азаптуу алаамат күндөрүн артта калтырып, 4 ирет катуу жарадар болуп госпитал-дарда жатып, ошентсе да кайра түзөлөрү менен кан майданга кирип, ырайымсыз душмандын жеңилишине салымын кошкон. Согуштун акыркы күндөрү жоокерлер менен бирге Берлинге чейин жетип, ЖЕҢИШтин Туусун Берлинге саюуга катышкан.

Жоокер мугалим

Аскердик шинели менен майдандан аман-эсен келген Төлөн Шатманалиев 1946-жылдан баштап кайрадан "Жазы-Кечүү" жети жылдык мектебинде мугалим, завуч, директор болуп талыкпай эмгектенген жана элдин жүздөгөн балдарын билимге сугарын, көөдөнүн жаркыткан.

Партиялык кызматкер

Заманасынын алдыңкы интеллигенциясынын катарында болгон Төлөн Шатманалиев өзүнүн уюштуруучулук жөндөмү, жеткилең сабаттуулугу жана ар-намыстуу, ишенимди актай ала турган мыкты жигиттик сапаты менен коммунисттик партиянын да ишенимине кире алган да коммунист катары партиялык кызматтарга жиберилген. Ал 1954-жылдан 1956-жылга чейин Үч-Терек, Токтогул райондорунда партиялык комитеттин пропаганда жана агитация бөлүмдөрүн жетектеп иштеген.

1958-жылдан баштап Ворошилов колхозунда баштапкы партиялык уюмунун катчысы болуп иштөөгө ишеним көрсөтүлгөн. 1962-жылдын сентябрь айынан кайрадан Чкалов атындагы мектепке мугалимдикке жиберилген.

Аны коомчулук, өкмөт баалаган

Шатманалиевди кайсыл жерде иштебесин андагы эл, эмгек жамааты кадырлап-урматтаган. Коомчулукка жана өкмөткө иши жаккан инсан өкмөт тарабынан "Кыргыз Республикасынын Грамотасы" менен сыйланган. "Эмгектин Ардагери" төш белгисинин ээси. Ошондой эле өзү иштеп жүргөн мезгилдеринде райондук жана билим берүү тармагынын көптөгөн Ардак Грамоталары-на татыктуу болгон.Адилет жана ак ниет эмгекчил инсан 1994-жылы дүйнөдөн кайткан.

Бүгүнкү күндө Шатманалиев Төлөн аганын уул-кызы эл

керегине жарап, окуп адистиктерге ээ болушуп коомубуздун өнүгүшүнө колдон келген салымдарын кошуп келе жатышат.

ШАКИР ШАМАТОВ

Шакир Шаматов 1914-жылы Өзбек Республикасынын Андижан областына караштуу Сталин районунда туулган. Өзүнүн эмгек жолун 1935-жылы "Интизам" колхозунда эсепчи(бухгалтер) болуп иштөөдөн баштаган. 1937-жылдын 20-июлунан 1938-жылдын октябрына чейин "Большевик" колхозунда, 1939-жылдын 20-январынан 1946-жылдын 20-сентябрга чейин Ворошилов колхозунда иштеген. 1948-жылдан тартып катардагы колхозчу болуп Үч-Терек совхозунда эмгек жолун улантып келген. Ал эми 1958-жылдан тартып №6-фермада кайрадан бухгалтерлик кызматта иштеген. 1963-жылдын март айынан өсүмдүк өстүрүүчүлүк боюнча бригадасына жетекчи болуп дайындалган. 1973-жылдан Үч-Терек совхозунун №4-бөлүмүндө бригадирликке которулуп, а 1974-жылы №4-фермада Шопоков совхозуна башкарма болуп дайындалган. 1985-жылга чейин ал жерде иштеп, Нарын совхозунан улгайгандыгына байланыштуу пенсияга чыккан.

Шакир Шаматов өзүнүн басып өткөн көп жылдык үзүрлүү эмгек жолунда көптөгөн сыйлыктарга татыктуу болгон. Ал Ленин ордени, юбилейлик төш белгилерди алган, "Эмгек ардагери", "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү". Бир нече жолу айылдык Кеңештин депутаттыгына шайланган. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак Грамотасы менен (1974-жылы, 30-октябрь, №55456) сыйланган. Ар дайым ак ниеттүү эмгекчил, чынчыл жана адилет адам болгондуктан элдин урматтоосуна ээ болгон. Ш. Шаматов 1993-жылы кайтыш болгон.

МИҢДИБАЕВ КОЧКОР

Кочкор Миндибаев 1958-жылы 18-январда "Жазы-Кечүү" айылында туулган. 1965-жылы ушул эле айылдагы Чкалов атындагы мектепке 1-класска кирген жана бул мектептен 5-классты бүткөндөн кийин Кара-Көл шаарынан 10-классты бүтүргөн.

1976-жылы май айында Ата Мекенинин алдындагы жигиттик ыйык милдети болгон Советтик Армиянын катарына кызмат өтөөгө чакырылып, аны 1978-жылы өтөп келген.

К.Ж. Миндибаев Токтогул ГЭСтер каскадында иштеп туруп,

1988-жылы Россия мамлекетинин аймагындагы Чернобыль атомдук электр станциясындагы авариядан улам, ошол Чернобыль апаатынын зыяндарын кыскартуу иштерине катышууга кеткен. Ал жакта радиацияга ууланган аймактарды тазалоого катышкан жана элдерди зыяндуу зонадан сыртка көчүрүп чыгууда шофер болуп эмгектенген.

Кочкор Миңдибаев алааматтын зыяндарын калыбына келтирүүдөгү достук кызматта эң жакшы иштегендиги үчүн көптөгөн Ардак Грамоталарды жана сыйлыктарды алууга жетишкен. Ал 1988-жылдын 22-сентябрында кайрадан өз айылына келген.

Атомдук радиация көпчүлүк катары Кочкор Миңдибаевдин да ден соолугуна да зыянын тийгизген. Ал "0,72 БР" деп аталган уулуу заттан зыян алган. Ушундан ден соолугуна тийген зыяндан улам 2003-жылы "Чернобыль апаатынын 3-топтогу майыбы" катарында пенсияга чыккан. Миңдибаев Кочкор Кыргыз Республикасынын "Ардагерлер жана майыптар","Союз Чернобыль" коомдук бирикмесинин "Сиңирген эмгеги үчүн" ордени менен жана "Чернобылга 25 жыл" төш белгиси менен сыйланган.

Кетмен-Төбө аймактык башкармалыгы

Кетмен-Төбө шаарчасы 1984-жылдан тартып Камбар-Ата-1,2 ГЭСтерин куруп жаткан гидрокуруучулар үчүн түптөлүп курула баштаган. 1991-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен Кетмен-Төбө шаарчасы деген статус алган. Ушул жылы Кетмен-Төбө шаарчасында Шаарчалык Кеңеш түзүлүп, шаарчалык Кеңештин төрагалыгына Токтогулов Сабыр Уезбаевич шайланган. Бул жылдары союздук деңгээлде Камбар-Ата-2 ГЭСи курулуп жаткандыктан, шаарчанын калкын негизинен гидрокуруучулар түзгөн. 1995-жылы Кетмен-Төбө шаарчалык Кеңеш Кетмен-Төбө шаарчалык айыл өкмөтү деген статус алып, айыл өкмөтүнүн башчылыгына шаарчадагы жашаган калктын көпчүлүк добушу менен Көрпөбаев Куралбек Көрпөбаевич шайланган.

1999-2000-жылдары айыл өкмөтүнүн башчысы болуп Ор-

монов Сайфудин Ормонович шайланган. Бул аралыкта Кетмен-Төбө шаарчасы социалдык жана экономикалык жактан бир топ өнүгүп, шаарчада ири мүйүздүү мал, кой-эчки көбөйгөн.

2000-2008-жылдары шаарчалык айыл Өкмөтүнүн башчысы болуп Бекташов Забыр Жолдошевич, ал эми 2008-2009-жылдары Мырзалиев Арыкбай Асилович иштеген.

2009-жылы КРнын Президентинин Указы менен Кетмен-Төбө шаарчалык айыл өкмөтү деген статус жоюлуп, Кара-Көл шаардык мэриясынын курамындагы Кетмен-Төбө шаарчалык аймактык башкармалыгы түзүлүп, Ниязалиев Советбек Жолдошевич башчы болуп калган.

Шаарча Кара-Көл шаарынан 67 км. Аралыкта жайгашкан. Шамшыкал, Бекназар, Камбар-Ата, Жийде көчөлөрүндө элдер жайгашкан. Шаарчада 446 түтүн болуп, 2226 калк бар. Шаарча боюнча бир жылуулук берүү мекемеси, суу чарба мекемеси, Кара-Көл шаардык РЭСтин бөлүмү, УБДТ-4, К.Б.Хуриев атындагы №5-орто мектеп жана эки тайпа бөбөктөрдү тарбиялап жаткан "Байчечекей" балдар бакчасы иштейт.

Азыркы мезгилде шаарчада 10 баатыр эне, 8 "Даңк" медалынын ээлери бар. Келечекте Камбар-Ата – 1,2 ГЭСтери ишке кирсе Кетмен-Төбө шаарчасы Кара-Көл шаарынын курамындагы социалдык жана экономикалык жактан өнүккөн эң алдыңкы шаарчалардын катарына кошулаарына чоң ишеним бар.

Кара-Көл мамлекеттик архиви

Архив - элдин тарыхы, маданияты, социалдык-экономикалык илимий мурасы

Кыргызстандагы Мамлекеттик архив кызматы Кыргыз автономдуу облусунун аткаруу комитети тарабынан "Кыргыз автономдуу облусунда архив иштерин жөнгө салуу жана архив материалдарын сактоо боюнча" токтомдун негизинде 1926-жылы 30-августа кабыл алынган.

Кара-Көл шаардык мамлекеттик архиви Ош областтык аткаруу комитетинин 1977-жылдын 15-сентябрдагы №448-чечиминин негизинде "Кара-Көл шаардык өздүк курамдар боюнча архиви" болуп түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2002-жылдын 29-апрелиндеги №264 – токтомуна ылайык "Ша-

ардык мамлекеттик архиви" деген статуска ээ болгон.

Азыркы күндө шаардык мамлекеттик архивинин казнасында документтердин жалпы сакталышы:

1944-2010-жылдар боюнча 52 казына.,19 626 сактоо бирдиги бар. Алардан:

Түбөлүккө сакталгандары 8 292 сактоо бирдиги;

Өздүк курам боюнча : 11 334 сактоо бирдиги бар.

Кара-Көл шаардык мамлекеттик архиви 212, 55 чарчы метрден турган капиталдык имаратта жайгашкан.

Кара-Көл шаардык мамлекеттик архивин 1997-жылдан бери Жороева Зейнеп Эргешовна жетектеп иштеп келүүдө. 5 кызматкер эмгектенет.

Архивдин адистери социалдык-укуктук мүнөздөгү, тематикалык суроо-талаптарга тактама даярдоо, сактоо бирдигинин сакталышын камсыздандыруу, сактоо бирдиктерин кабыл алуу жана каттоо кызматтарын көрсөтүшөт.

Кара-Көл шаардык архивинде 1979-жылдан 1989-жылга чейин жетекчи болуп иштеп келген. Гүлсара Төрөкулова 1952-жылы 19-июнда Токтогул районунда кызматкердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ал Ош Мамлекеттик педагогикалык институтунун чет тили боюнча факультетин бүтүргөн. Кийин мектептерде мугалимдик кесипте эмгектенген, азыр ардактуу эс алууда.

ЖОРОЕВА ЗЕЙНЕП ЭРГЕШОВНА

Зейнеп Жороева 1973-жылы 3-мартта Сузак районундагы Кыз-Көл айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган. 1990-1995-жылдары Бүбүсара Бейшеналиева атындагы искусство институтунун "маданий агартуу иши" факультетинин, методикалык уюштуруу бөлүмүн окуп бүтүргөн.

1996-1997-жылдары Гапар Айтиев атындагы көркөм өнөр музейинде экскурсовод болуп иштеген. 1997-жылы Кара-Көл шаарына атайын архив кызматына орношуп келип үзүрлүү иштөө менен бирге 2007-2011-жылдарда Жалал-Абад мамлекеттик университетинин тарых факультетин сырттан окуп бүтүргөн.

Зейнеп Жороева 2003-жылы иштеген көп жылдык эмгеги үчүн

Жалал-Абад областык мамадминистрациясы менен областык Кеңешти, 2006-жылы Жалал-Абад областык профсоюздук комитетинин Ардак Грамотасы менен сыйланган. 2006-жылы архивдин ишин талаптын деңгээлинде ырааттуу жүргүзүп келаткандыгы жогору бааланып, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик архив агентствосу тарабынан "Эң жакшы архив" деген Диплому, 2009-жылы архив ишин өнүктүрүүгө кошкон мыкты салымы жана көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлигине караштуу "Мамлекеттик архив агенттигинин" Ардак Грамотасы менен сыйлануу татыктуу болгон. 2009-жылы Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлигине караштуу "Мамлекеттик архив агенттигинин" Архивчилер күнүнө карата өткөрүлгөн "Архив периси—2009" сынагына активдүү катышкандыгы үчүн Диплом менен сыйланган.

Шаардын «Кыргызпочта» мекемеси

Шаардагы "Кыргызпочта" байланыш мекемеси алгач ирет 1968-жылы шаардык байланыш түйүнү болуп түзүлүп, эгемендүүлүк келгенден кийин 1994-жылы "Кыргызпочтасы" мамлекеттик департаменти болуп түзүлгөн. 2004-жылы 9-январда "Кыргызпочтасынын" Кара-Көл шаардык филиалы болуп өзгөргөн. Бөлүм шаардын Ленин көчөсүндө №1а- имаратында жайгашкан. Филиалда учурда 24 адам эмгектенет. 5 бөлүм бар, ар бир бөлүмдө 2ден адам иштейт, алар бөлүм башчы жана почточу.

Шаардык "Кыргызпочтасы" 2000ге жакын пенсия алуучуну жана 800 социалдык пособиелерди алуучуларды тейлейт. Имарат эски типте болгондуктан борбордук бөлүмдө 2009-жылы өрт кырсыгы болуп, андан кийин капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү жана заманга ылайык шарттар менен камсыз болду. Борбордук бөлүм компьютердик техникалар менен жабдылган.

"Кыргызпочта" филиалы акча которууларды, электрондук жана экспресс почта жөнөтмөлөрүн, газета-журналдарга жазуу-ну жүргүзүү иштерин аткарат. Авиа жана темир жол билеттерин сатуу, айып пулдарды алуу, жалпы почта өнүгүшүн технологи-

ялык жактан өнүктүрүү, тейлөөнүн маданиятын жогорулатууга жетишүү ишкананын дайымкы милдеттерине кирет.

МЫРЗАКУЛОВА БИЛИМКАН КЕВЕКОВНА

Билимкан Мырзакулова 1990- жылдан бери почта байланыш түйүнүндө эмгектенип келе жатат. 2005-жылдын 10-май айынан бери шаардык "Кыргызпочта" мекемесин жетектеп келүүдө.

Б.Мырзакулова 1990-жылы азыркы Бишкектеги политехникалык техникумунун почта байланыш факультетин жана Жалал-Абад университетинин энергетикалык факультетин аяктаган. Мекемени жетектөөгө келгенден бери Билимкан Кевековна өзүнүн бир топ мүмкүнчүлүктөрүн "Кыргызпочтасынын" ишин заманбап деңгээлге көтөрүүгө жумшады. Жаш кадрларды эл менен маданияттуу мамиле кылууга үйрөттү. Жетекчи катары шаардагы коомдук-маданий иш-чараларга активдүү катышууга аракеттенип келе жатат.

СОЦИАЛДЫК ФОНД БАШКАРМАЛЫГЫ

Шаардык социалдык фонд башкармалыгы 1977-жылы шаардык социалдык камсыздандыруу мекемеси болуп шаардык аткаруу комитетинин бир бөлүмү катарында уюшулган жана Ош областтык социалдык камсыздоо башкармалыгына баш ийип турган. 1991-жылы Жалал-Абад облус болгондугуна байланыштуу Жалал-Абад социалдык башкармалыгына баш ийип калган. 1997-жылдын апрель айынан Кара-Көл шаардык социалдык фонд бөлүмү болуп түзүлгөн. 2007-жылдан Кара-Көл шаардык социалдык фонд башкармалыгы болуп аталып калды. Азыркы күндө шаардык социалдык фонд башкармалыгында Мамытов Рахатбек жетекчилик кылып иштөөдө. Мекеме жаш курагы улгайган атуулдарга мыйзамдуу пенсияларды чектөө кагаздарын толтуруу, пенсионерлердин өздүк карталарын түзүү иштерин жүргүзөт.

МАМЫТОВ РАХАТБЕК ЖОЛДОШЕВИЧ

Рахатбек Мамытов 1973-жылы 20-мартта Ош областынын Өзгөн районунда туулган. Жогорку билимге ээ болуу максатында Бишкек шаарындагы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Мамлекеттик улуттук университетин кирип, "юриспруденция"

факультетинен юрист адистигине ээ болуп чыккан.

Рахатбек Жолдошевич 1990-1993-жылдарда жигиттик парзын өтөп, Советтик Арминын сабында кызмат кылгандан кийин 1993-2002-жылдарда Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин күзөт башкармалыгында милиционер болуп кызмат кылган. 2003-жылдан Чүй райондук социалдык фонд башкармалыгынын киреше бөлүмүндө жетектөөчү адис болуп эмгектенип туруп, ушул жылдын июль айынан бөлүмдүн башкы адиси кызматына өткөн.

Р. Мамытов 2004-жылдан баштап Токмок шаардык социалдык фонд башкармалыгында киреше бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп иштеди. Ал эми 2008-жылдан баштап Аламүдүн райондук социалдык фонд бөлүмүнүн башчысынын орунбасарлык кызматына келди. Бирок, өзүнүн кызматтык ишин тыкан жана мыйзамдуу жөндөп кете алган жаш жигитти тиешелүү министрлик керектүү кадрлардын катарында карап, 2008-жылдын октябрь айында Кара-Көл шаардык социалдык фонд башкармалыгын жетектөөгө жиберди.

Рахатбек Жолдошевич бул кызмтка келгенден бери шаардык социалдык фонд башкрмалыгында элге максаттагылай кызмат көрсөтүлүп, жаш курагына жетип пенсияга чыккандарды да, башка ар кандай себептер менен пенсия алууга муктаж болгондорду да мыйзамдык эрежелердин негизинде документтештирүүдө эмгек жамаатын ишмердүүлүккө багыттап эмгектенип келүүдө. Башкармалыкта күн сайын эртеден кечке жумуштап келгендердин аягы үзүлбөйт. Алар ар түрдүү маселелер боюнча сурап кайрылышат: Айрымдары пенсия курагы жеткендигине байланыштуу кандай иш кагаздарды топтоо керектигин билгиси келсе, дагы бирөөлөрү майыптыгына, оорулуулугуна, же пенсиясынын аздыгына ж.б. даттанып келишет. Алардын ар бири менен сылык, маданияттуу мамиле кылуу—социалдык фонд кызматкерлеринин милдети экендигин Рахатбек жетектеген кызматкерлер жакшы түшүнүшөт.

Жаш экенине карабастан кай жерде болсо да мыкты эмгектенген Р.Мамытов буга чейин Токмок шаарынын Ардак Грамотасын, Чүй областык мамлекеттик администрациясынын,

Аламүдүн райондук мамлекеттик администрациясынын, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонд башкармалыгынын Ардак Грамоталарын алууга жетишкен.

Рахатбек Мамытов үй-бүлөлүү, үч перзенттин атасы.

Социалдык жактан коргоо башкармалыгы

Шаарда калкты социалдык жактан коргоо башкармалыгы 1994-жылы КРнын Өкмөтүнүн алдындагы мамлекеттик агентствонун социалдык камсыздоо ("Социалдык жардам бөлүмү") бөлүмү болуп түзүлгөн. Ал эми 1996-жылдан бери карай Социалдык жактан коргоо башкармалыгы болуп аталып келүүдө.

Кара-Көл социалдык коргоо башкармалыгы боюнча биринчи жолу 1993-жылдан 2007-жылга чейин документтерди илимий-техникалык кайра кароо болгон. Бул башкармалык юридикалык жак болуп саналат жана өзүнүн мөөрү, казына системасында эсептик счету бар. Укуктук формасы боюнча –мамлекеттик мекеме.

Башкармалыктын иштөө багыттары: калкка өз убагында сапаттуу кызмат көрсөтүү, социалдык коргоого муктаж болгон жалгыз бой карыларга, жетишсиз үй-бүлөлөргө жана майыптарга даректүү жардам көрсөтүү, мамлекеттик жөлөк пулдарды жана төлөмдөрдү так, туура, өз убагында чектөө жана төлөмдөрдү жүргүзүү, мамлекеттик жөлөк пулдарды жана жана төлөмдөрдү жүргүзүүдө максаттуулугуна байкоо жүргүзөт, даталуу күндөрдү өткөрүүдө иш чараларды түзөт жана өткөрөт. (Жеңиш күнү, Балдарды коргоо күнү, Майыптар жана карылар күнү), шаардык бюджеттин эсебинен кошумча социалдык жана материалдык жардамдар көрсөтүлөт(көмүр сатып алууда же шаар ичинде бекер жүрүү боюнча).

Кара-Көл шаардык калкты социалдык жактан коргоо башкармалыгы Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүктүрүү министрлигинин аймактык бөлүмү болуп эсептелет. Башкармалыкты министрдин дайындоосу менен башчы жетектейт.

Учурда социалдык жактан коргоо башкармалыгында 28 штаттык бирдик бар:

Башкармалыктын структурасы, штаттык бирдиги, кызмат-

керлердин эмгек төлөмүнүн фонду Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүктүрүү министрлиги тарабынан бекитилет.

Башкармалык түзүлгөн алгачкы 1994-жылы Ж.А. Алиев жетекчи болуп иштеген. Ал эми 1995-2000-жылга чейин Ж.К.Сейденбаев, 2000-жылы А.К.Сулайманов , 2001-жылы М.Н.Нуржанова, 2006-жылы К.С. Султаналиев, 2008-жылы К.И. Карабаева жетектеп келди. 2010-жылдан Гүлбара Камбарова социалдык жактан коргоо башкармалыгынын башчысы болуп иштеп келатат.

Кара-Көл шаарында азыркы учурда катталган 1-2-3-топтогу төрөлгөндөн майып болгондордун жалпы саны 139 адам, мындан башка ар кандай кырсыктардан улам майып болгондор 60. Мамлекеттик жөлөк пул алгандар –352, социалдык жөлөк пул алгандар 434 адам.

Шаарда 2012-жылга карата: Баатыр Энелер - 107, Чернобыль апаатына катышкандар – 26, Ооган согушунун катышуучулары – 19, жетишпеген үй-бүлөлөр, мындан өтө жакыр деп табылгандар 387, орто жакыр жана жакыр үй-бүлөлөр 483. Жалгыз бой карылардын саны 81ди түзөт. Бардыгы болуп шаарда 2012-жылга 1316 адам социалдык коргоого муктаж.

"Кыргызтелеком" ачык акционердик коому

Учурда мекеме "Кыргызтелеком" Ачык Акционердик коомунун Жалал-Абад областык филиалынын Кара-Көл шаардык бөлүмү болуп аталат. Ишкана калкты жергиликтүү, шаардык жана эл аралык телефон байланышы менен камсыз кылат.

Көрсөтүлүүчү кызматтар:

-Жергиликтүү,шаар аралык жана эл аралык телефон байланышы;

-телеграф байланышы;

-интернет желечесине кошуу;

-интелектуалдуу байланыш кызматы;

-сандык АТСтин сервистик кызматтары ж.б.

Ишкана бүгүнкү күндө заманбап байланыш каражаттары менен камсыз болгон жана жаңы үлгүдөгү байланыш кабелдери, волокно – оптика кабелдери пландаштырылууда.

Шаар боюнча 2048 номерлүү Si-2000 сандык АТСи, 1000 номерлүү СДМА-450 зымсыз телефондук байланыш станциясы, 72 номерлүү ADSL ылдам интернетке кошулуу технологиясы калкка кызмат көрсөтүүдө.

Бул ишканада жетекчи болуп, Безруков Александр Петрович, Рахматулин Аслан Камалович, Довгополая Татьяна Алексеевна, Осадчев Сергей Степановичтер иштеп келишкен. Аталган жетекчилер калкты байланыш менен камсыз кылууда чоң эмгектерин сарпташкан. Азыркы учурда 1994-жылдан бери бул ишкананы Салаев Темирболот Бакиевич жетектеп келе жатат.

САЛАЕВ ТЕМИРБОЛОТ БАКИЕВИЧ

Темирболот Салаев 1990-жылы Өзбек Республикасынын борбору Ташкент шаарындагы Электротехникалык байланыш институтун аяктагандан кийин Токтогул районунда байланыш түйүнүндө АТСтин электрдик монтеру, 1991-жылы Кара-Көл шаардык байланыш түйүнүндө байланыш инженери, Токтогул ГЭСтеринин каскадында байланыш инженери болуп үзүрлүү иштөө менен өзүнүн теориялык билиминин тереңдигин жана өзүнө тапшырылган ишке ар дайым жоопкерчилик, ар-намыстуулук менен мамиле кыла турганын да иш жүзүндө далилдеген. Ошондон улам 1994-жылы бул мекемени жетектөөгө ишеним көрсөтүлгөн.

Салаев Темирболот Бакиевич өзүнүн жыйырма жылдык эмгек жолунда мол тажрыйбага ээ болду жана жетекчи катары да Кара-Көл шаарынын байланыш тармагын сандык станцияга өткөрүү, интернет булактарына кошулуу жана зымсыз телефондук байланыш технологиясын өнүктүрүүгө чоң салымын кошту. Бул үчүн бир нече ирет шаар мэриясынын жана "Кыргызтелеком" Ачык акционердик коомунун жана Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлигинин Ардак грамоталарын алууга татыктуу болгон.

ИШКАНАГА ЭМГЕК СИҢИРГЕН АРДАГЕРЛЕР

ГАБРИЭЛЬ ТАТЬЯНА ПЕТРОВНА

Татьяна Габриэль 1950-жылы туулган. 1967-жылы Кара-Көл байланыш түйүнүнө байланыш электромеханик болуп ишке кирген. ЛАЗ, АТС, ЛТЦ бөлүмдөрүндө электродик механик жана техникалык цехтин башчысы болуп эмгектенген. Өзүнүн иш тажрыйбасында байланыш аппараттарын сапаттуу тейлеген жана аларды өздөштүрүүдө үлгүлүү эмгегин көрсөткөн. Шаардык жана "Кыргызтелеком" ААКнун бир нече жолку Ардак Грамоталарына татыктуу болгон. Өзүнүн 41 жылдык эмгек жолунда көптөгөн жаш кесипкөйлөргө таалим-тарбия берген.Азыр ардактуу эс алууда.

МАМЫТОВА ЖУМАГҮЛ ТАШКУЛОВНА

Жумагүл Мамытова 1958-жылы туулган.1976-жылы телефонистка болуп ишке кирген. Бүгүнкү күндө 1-класстагы байланышчы оператор болуп эмгектенет. Телефондук байланышчыларды ишке үйрөтүүдө жана элди сапаттуу тейлөөдө анын 35 жылдык салмактуу эмгеги бар.

Областтык жана шаардык "Кыргызтелеком" ААКунун бир нече Ардак грамоталарынын ээси.

Кара-Көл шаардык №94-өрт коопсуздук бөлүмү

Кара-Көл шаардык №94-чү өрт коопсуздук бөлүмү 1962-жылы Токтогул ГЭСтеринин Каскады Нарын суусунун жээгинде негизделе баштаганда уюшулган. А дегенде ушул азыркы шаарыбыз Комсомольск на Нарыне деп аталып, кийин Кара-Көл шаарчасы, анан Кара-Көл шаары болуп аталган. 1962-жылы Шаарыбыз түптөлгөн жылы эле ушул жерде Токтогул ГЭСтеринин каскадынын аскерлешкен (ВОХР) күзөт менен бирдикте өрт коопсуздугунун бригадасы түзүлгөн.

1966-жылы ВОХР НГЭСтен бөлүнүп, өзүнчө №59-өрттөн

сактоо бөлүмү болуп калган. Бөлүмдүн алгачкы начальниги болуп В.А. Игнатьев иштеген. Андан кийин 1969—80-жылдарда Зулум Нусупов бөлүмдү башкарып иштеген, ал мезгилде курамында 20 адам иштеп, АЦ-40, ЗИЛ-130 маркасындагы эки өрт өчүргүч автомашина болгон.

1980-жылдын баштап бул бөлүм №94-чү өрттөн сактоо бөлүмү болуп түзүлгөн жана Ош—Бишкек жолунун жээгинен орун алып, ушул күнгө чейин №94-өрт коопсуздук бөлүмчөсү болуп элге кызмат кылып келүүдө.

1981-жылдан баштап №94-чү өрттөн сактоо бөлүмчөсү атайын адистештирилген бөлүмдөргө которулуп, бөлүмдүн башчылары офицерлер менен бекитиле баштаган. Эң биринчи ӨКБнүн башчыларынан болуп майор В.Юлдашев, капитан Б. Байтемиров, капитан Ж.Н. Саипбаев, ага лейтенант Бекеев, ага лейтенант С.О.Каримовдор жетектеп келишкен.

БӨЛҮМДҮН АРДАГЕРЛЕРИ

Зулум Нусупов -1927-жылы 2-майда туулган. Өз ишин так аткарган, жамаат арасында зор кадыр-баркка жетишкен. Көп жылдык бай тажрыйбасынын натыйжасында жаштардын ишенимдүү насаатчысы болгон. Жакшы иштегендигине байланыштуу бир топ материалдык сыйлыктарга ээ болуп келген.

Падалкина Валентина Антоновна—1930жылы туулган. Бул бөлүмгө өзүнүн кайратман жана жигердүү чоң эмгегин сиңирген. В.А. Падалкина бөлүмдө иштеп жүрүп өзүнүн билимин жогорулатуу үчүн Алма-Ата шаарындагы өрт өчүрүүчүлөрдүн атайын курсун бүтүрүп келген. Бөлүмдүн начальниги, башкы бухгалтери, андан кийин инструктор болуп иштеген.

Валентина Антоновнанын иштеги өзгөчөлөнгөн сапаты, ишкердиги, изденгичтиги менен жамаатта зор урмат-сыйга ээ болуп, көптөгөн шаардык, областтык сыйлыктарды, мактоо баракчаларды алган.Падалкина В.А. 25 жыл өрт коопсуздугун сактоо кызматында үзүрлүү иштеп, ардактуу эс алууга чыккан.

Совет Рустамов—кароолдун (күзөттүн) башчысы катары өз ишине берилүү менен эмгектенип, кол алдындагыларга талапты кое билген башчы болгон.

Ч.Арыкбаев - 1940-жылы туулган. Өрт өчүрүү күзөтүндө күзөт башчысы болуп иштеген. Күзөттө тургандарга атадай мамиле

жасап,, камкордук менен акыл-насаатын айтып, дайыма өрт коопсуздук ишинин жакшы жүрүшүнө көмөктөш болуп келген.

Каримов Садыралы Орунбаевич—Алма-Ата шаарындагы өрт өчүрүүчөлөрдүн кесиптик окуу жайын бүтүрүп келген. Андан кийин Кара-Көл шаарындагы Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинен жогорку билимге ээ болгон. 1997-жылы Кара-Көл ИГПСтин башчысы болуп дайындалган. Өздүк курамдын тартиби жана күжүрмөндүүлүгүн, билим деңгээлдерин жогорулатуу үчүн бир топ иш-аракеттерди жүзөгө ашыра алган. Натыйжада өрт өчүрүүчүлөрдүн катары бир топ өз ишин билген, кесиптик билимдери бар, спортко ышкыбоз, шамдагай жаштар менен толукталды. Албетте мунун эсебинен шаарда өрт коопсуздугу багытындагы иштер дагы жакшы жолго салынган.

Анарбек Мамбетов учурда №94-өрт өчүрүү коопсуздук бөлүмчөсүнүн башчысы болуп иштеп жатат. 1953-жылы 25-январда Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Үч-Терек айылында туулган. Фрунзе шаарындагы автомобиль жана жол курулуш комбинатында цехтин мастери, андан кийин ошол эле автотранспорт цехинде 1986-жылга чейин башчы болуп иштеген. Кара-Көл шаарындагы "Достук" заводунда цехтин мастери, улуу мастер болуп иштеп келип, 1996-жылдан бери №94-өрткө каршы бөлүмүнүн башчысы болуп жигердүү иштеп келе жатат.

Анарбек Мамбетов келгенден баштап бөлүмдө бир топ жакшы өзгөрүүлөр болгон. Тетиктери жок иштебей турган өрт өчүрүүчү машиналар оңдолуп, күжүрмөн катарга киргизилди. Өздүк курамдын мүчөлөрүнүн өрт өчүрүүдө шамдагайлыктары артып, бир кыйла чеберчиликтерди өздөштүрдү.

ПОДПОЛКОВНИК КАДЫРОВ РЫСБЕК ЗАРИЛОВИЧ

Азыркы учурда Кара-Көл шаардык мамлекеттик өрт коопсуздук бөлүмүнүн башчысы болуп подполковник Кадыров Рысбек Зарилович эмгектенип келе жатат.

Подполковник Рысбек Кадыров 1967-жылы 30-мартта Токтогул шаарчасында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Ош шаарындагы айыл чарба техникумун, андан кийин Кара-Көл шаарындагы Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин машина куруу технологиясы факультетин аяктаган. 1990-жылдын август айынан баштап Токтогул райондук ички иштер бөлүмүндө, ан-

дан кийин Кара-Көл шаардык ички иштер бөлүмүндө кызмат өтөп, 1994-жылдан баштап Кара-Көл шаардык өрт коопсуздук бөлүмүндө инспектор кызматын аркалап, ушул эле жылы Бишкек шаарындагы Кыргыз Республикасынын Ички Иштер Министрлигинин Өрт Коопсуздук Башкармалыгынын окуу борборуна билим деңгээлин жогорулатуу максатында окууга жиберилген жана ийгиликтүү окуп келген.

1998-жылдын ноябрь айында Үч-Терек районундагы ӨКБнын жетекчиси болуп дайындалган. 2003-жылы Жалал-Абад областына караштуу Чаткал райондук өрт коопсуздугу бөлүмүнүн башчылыгына которулат. Ал эми 2004-жылы Кара-Көл шаардык ӨКБнүн жетекчилигине дайындалып, ушул күнгө чейин жемиштүү кызмат өтөп келүүдө.

Рысбек Зарилович өрт коопсуздук бөлүмүнө жетекчилик кызматка келген күндөн тарта жаңы жана максаттуу идеяларды ишке ашырууну алдыга коюп, алгылыктуу аракеттерди жасап келе жатат. Келген күндөн 1964-курулган өрт өчүргүч бөлүмү жайгашкан эскилиги жетип, урайын деп турган имаратты ыңгайлуу шартка келтирип реконструкциялоону колго алды. Жетекчи катары маселени республикалык деңгээлге чейин алып чыгып койгондугунун натыйжасында Өзгөчө Кырдаалдар Министрлиги өзү каржылап, жакшынакай имаратта отуруп иштөөгө шарт түзүлдү. Мындан тышкары сыйымдуулугу 4 тонна болгон атайын өрт өчүрүүчү техниканы алууга, калган 2 техниканы оң абалда кармап турууга да бир топ аракетин жумшап келүүдө.

Жогорудагы жемиштүү аракеттерди жүргүзгөндүгүнүн натыйжасында тармак боюнча жогорку жетекчилик тарабынан "Кыйтыксыз кызматы үчүн" деген төш белгисинин бардык даражасы менен сыйланды. Ошондой эле жергиликтүү бийликтин бир топ Мактоо Грамоталарын алууга татыктуу болду.

Өрт коопсуздук бөлүмүнүн эмгек жамааты биргелешкен ынтымак менен бөлүмдүн имаратынын айланасын жашылдандыруу жана көрктөндүрүү багытында көп иштерди аткарып келүүдө. Улам барган сайын бөлүмдө өздүк курамдын тутуму өз ишин тыкан билген, жоопкерчиликтүү адамдар менен толукта-

лып барууда.

КРнын эмгек, ишке орноштуруу жана жаштар министрлигинин Кара-Көл шаардык бөлүмү

Кыргыз Республикасынын эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигинин Кара-Көл шаардык бөлүмү алгач ирет 1987-жылы "Жумуш менен камсыздоо бюросу" болуп түзүлгөн. 1991-жылдан 2006-жылга чейин "Жумуш менен камсыздоо кызматы", андан кийин 2006-жылдын январынан "Миграция жана жумуштуулук комитети" болуп келген.

Ал эми Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 17-ноябрындагы №709-токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлиги жөнүндө" жобонун 7,8 пункттарына ылайык 2010-жылдын 14-июнунда КРнын Адилет министрлигинен каттоодон өтүү, "Кыргыз Республикасынын эмгек, ишке орноштуруу жана миграция министрлигинин Кара-Көл шаардык бөлүмү" болуп аталган.

2011-жылдын декабрь айында жаңы түзүлгөн КРнын Өкмөтүнүн курамынын жана түзүмүнүн негизинде, азыркы учурда "Кыргыз Республикасынын Жаштар, эмгек жана иш менен камсыз кылуу министрлиги" болуп түзүлгөн.

Бул мекеме төмөндөгү багыттар менен иш жүргүзөт:

-эмгек рыногун анализдоо;

-жумушсуз жарандарды каттоого алат жана ишке орноштурууга көмөк көрсөтүү;

-убактылуу жумуш орундарын түзүү;

-өз ишин ачууну каалаган жумушсуздарга чакан кредит берүү;

-кесиби жок жумушсуз жарандарды кесипке окутууну же кайрадан кесипке даярдоону;

-миграция процесстер боюнча, этникалык жана Кайрылмандар менен;

-адамдарды сатууга каршы күрөшүү, жүк-200.

Ишкана юридикалык жак болуп, өзүнүн мөөрү жана казына системасында эсептик счету бар. Укуктук формасы боюнча – Мамлекеттик мекеме.

КУРАМАЕВ МАКСАТ САДЫРБЕКОВИЧ

1982-жылы Токтогул районунун Токтогул шаарчасында туулган. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук Университетинин юридикалык факультетин аяктап, юрист кесибин алган. Кайра Кара-Көл шаарындагы техникалык университетинен Экономика жана бухгалтердик учет адистигин, ошондой эле КРнын президентинин алдындагы Башкаруу Академиясынан магистр багытында "Мамлекеттик башкаруу" адистигин алган заманбап жогорку билимдүү адис.

Максат Курамаев өзүнүн эмгек ишмердигин 2006-жылдан баштап, 2009-жылдын 20-майына чейин Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Кара-Көл шаардык бөлүмүнүн башчысы болуп иштеди. Кайра эле ушул жылдан азыркы мезгилге чейин ЭИОжММнин шаардык бөлүмүнүн башчысы болуп жигердүү иштеп келүүдө.

Ветеринардык башкармалык

Шаардык ветеринардык кызмат көрсөтүү башкармалыгы 1965-жылы Таш-Көмүр шаардык ветеринардык кызмат көрсөтүү базасынын тутумунда уюшулган. 1973-жылдан Кара-Көл шаардык ветеринардык дарылоо кызматы болгон. Аны Кравцова Мария Григорьевна жетектеген. Ветеринардык фельдшер болуп Лампель-Иванова Анна Степановна 21, 1973-жылдан башкы эпизоотолог болуп Решетникова Надежда 20 жыл иштеген. 1977-жылдар мсезгилинде М.Г.Кравцовдун демилгеси менен шаарда коенчулук жана бал аарычылык коомдору түзүлүп иштеген. Мекеме улам билимдүү кадрлдар менен толукталып барган.1981-82-жылдары Самарканддагы ветеринардык институтун бүтүрүп келген Асанбаев Шаршен, 1982-83-жылдары Бабин Наталья Леонидовналар лаборант болуп иштешкен.

1986- жылдан мекемени Кадырбек Еркеев жетектеп иштеди. 1990-жылдардан башкы эпизоолого болуп Ш.Асанбаев, вет-

фельдшер болуп Н.Л.Бабин., лабораториянын башчысы болуп Айтмамбет Акимжанов, лаборант болуп Гүлзат Абдылдаева иштеди. 1984-1994-жылдарда ветеринардык бөлүмдү В.Чекиров башкарды, 1994-1997-жылдарда эпизоотолог болуп Борсол Айдаралиев иштеди. 1998-жылдан 2012-жылдын март айына чейин ветеринардык башкармалыкты Канчоро Кармышаков жетектеп келди. Азыркы убакта бул башкармалыкта 9 адам эмгектенет.

ЕРКЕЕВ КАДЫРБЕК

Кадырбек Еркеев 1929-жылы Токтогул районунун Кансалык айылында жумушчу-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Жазы-Кечүү жети жылдык мектебин бүтүргөндөн кийин Үч-Терек райондук айыл чарба башкармасында экономист болуп иштеген.

1947-1950-жылдарда Жалал-Абад зооветеринардык техникумунун студенти болгон жана 1950—1954-жылдарда жигиттик милдетин өтөп, Советтик Армиянын сабында кызмат өтөгөн. Кийинки 1954-жылдан 1965-жылга чейин Үч-Терек районунда Үч-Терек сүт-товар фермасында башкы зоотехник, кайра Үч-Терек совхозунда зоотехник,Токтогул аймактык өндүрүштүк башкармалыгында инспектор-уюштургуч, Үч-Терек совхозунда башкы зоотехник кызматтарын аркалап эмгектенип, 1967-жылдан баштап Ош областык госплемстанциянын директору болуп бир нече жыл иштеген.

Кадырбек Еркеев 1965-жылы борборубуздагы Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктап, жогорку билим алууга жетишкен жана өз эмгек жолунда республикабыздын айыл чарбасын, анын ичинде мал чарбачылыгын өнгүктүрүүгө зор салымын кошкон. Бардык жерде чоң жоопкерчилик менен эмгек кылып, өз адистигин так жана терең билген адис катарында иш жүргүзүп келген.

Өзүнүн өмүрүндөгү 50 жылдык эмгек стажынын 15 жылын Кара-Көл шаарында өтөп, шаардык ветеринардык башкармалыкты жетектөө менен элге ак кызмат кылган. Шаар аймагында мал чарбасын жугуштуу ыландардан сактоого жана тургундардын үй жаныбарларын, канаттууларын өз убагында эмдөөгө зор

көңүл буруп, башка район-шаарларга салыштырмалуу жакшы көрсөткүчтөрдү камсыз кылып турган.

Элүү жыл бою мал чарбасынын тармагына кошкон бараандуу салымы үчүн Кадырбек Еркеев Улуу Ата Мекендик согуш жылдарда көрсөткөн эмгеги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун "Эмгектеги жетишкендиги үчүн", СССРдин Жогорку Советинин 1970-жылы Указы менен "Эмгектеги өзгөчөлүгү үчүн" төш белгилерин алган. СССР Жогорку Советинин 1973-жылдагы Указы менен "Ардак белгиси" ордени менен сыйланган. Ал эми 1996-1997-1998-жылдары катары менен Кыргыз Республикасынын айыл жана суу чарба министрлигинин Ардак Грамтоларын алган.

АЙДАРАЛИЕВ БОРСОЛ

Борсол Айдаралиев мал чарба тармагына кырк жылга жакын эмгек сиңирген чебер жана дасыккан адис болгон. Ал 1942-жылы туулган. Жогорку билимдүү ветеринардык дарыгер катары теориялык да, турмуштук да билими терең адистердин бири болуп, жаш кезинен тилсиз малдын ылаңына каршы күрөшүүдө ветеринардык дарыгер катары эреже-талаптардын негизине таянып иш алып барган. Алма-Ата шаарынан айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүтүрүп келгенден кийин өзгөчө мал чарбачылыгына, анын ветеринария тармагына тиешелүү илимдерди көп изилдеп окуп, өз тажрыйбасы менен салыштырып, мал ылаңдарына кылдат байкоо жүргүзүп, эмдөөлөрдүн өз убагында жүргүзүлүп турушу малдардын массалык ылаңдарын алдын алууга чоң мүмкүнчүлүк берерин жаштарга дайыма айтып келээр эле.

-Борсолдун тубаса колунда эми бар, кээде чакырганыбызда ылаңдаган малдарыбызды эки жагын абдан карап, иликтеп сурап, анан бирди жарым уколун же дарысын берип туруп малды жонунан таптар-таптап эле кармалап коюп кетип калса, бир аздан соң айыгып кетээр эле,-деп эскеришет билгендер.

Борсол Айдаралиев өзүнүн көп жылдык эмгек жолунда бир топ материалдык сыйлыктардын, областтык, шаардык, тармактык жетекчиликтердин көптөгөн Ардак грамоталары менен сый-

ланып келген. Акыркы жылдарда ветеринардык башкармалык тарабынан айыл чарба министрлигине эки ирет документтери ырасталып, эмгек сиңирген ветеринар катары жогорку наам алууга татыктуу экендиги сунушталгандыгына карабастан, каттар жоопсуз бойдон калган. Артында анын мыкты өрнөгү жаштарга калды.

КАРМЫШАКОВ КАНЧОРО КАЛЕНОВИЧ

Канчоро Кармышаков Канчоро 1967-жылы Токтогул районундагы Жетиген айылында туулган. "Жетиген" орто мектебин 1984-жылы аяктап, ошол эле жылы Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумуна кирген. Натыйжада ветеринар-техник адистигине ээ болуп чыккан. 1985-1987 –жылдары жигиттик милдетин өтөп, Советтик Армиянын катарында жоокер болгон.

Калчоро Каленович өзүнүн келечеги үчүн жогорку билимдүү адис болуу туура болооруна ишенип, 1990-жылы техникумдан дипломун алаары менен эле Бишкектеги Скрябин атындагы айыл чарба институтунун сырттан окуу бөлүмүнө кирген. Ошол жылдан эле өз ишмердүүлүгүн Кара-Көл шаарынан баштап, "Достук" заводунда зооветеринардык дарыгер болуп эмгектене баштаган.

1992-жылдан Жалал-Абад областынын Үч-Терек районунун ветеринардык башкармалыгында эпизотоолог болуп эмгек жолун уланткан. Жаш жигит тынымсыз алдыга умтулуп, жана да анын келечегине болгон умтулуусу менен тынымсыз кылган аракети бааланып, 1993-жылдан Жалал-Абад мамлекеттик Университетинин каржы-чарбалык ишмердүүлүгү боюнча агро-биологиялык факультетинин деканынын орун басары болуп ишке алынган. Үч жылдан соң 1996-жылдан тартып ошол эле окуу жайдын каржы-чарбалык ишмердүүлүгү факультетинин проректорунун жардамчысы болуп эмгектенди. Ал эми 1997-жылдын май айынан тарта инженердик-педагогикалык факультеттин деканынын орун басары болуп иштеген.

Калчоро Каленович 1998-жылдан баштап Кара-Көл шаарына келип, 2012-жылдын март айына чейин шаардык ветеринардык

башкармалыгынын башчысы болуп иштеп келди.

Жаш ветеринар аз болсо да саз жашап, шаардагы бир мекеменин жетекчиси катары эмгек жамаатын ишке уюштура билип, жана шаардын бардык коомдук иштерине активдүү катышкандыгы менен элдин эсинде калды. Областык деңгээлде да, республикалык деңгээлде да Канчоро жетектеп турган мезгилде малдардын ылаңдарын алдын алуу, айрым жугуштуу ылаңдарга каршы эмдөөлөрдү өз убагында жүргүзүү, жазгы, күзгү эмдөөлөрдү уюштуруу жаатында ишмердүүлүгүн жана уюштургучтугун көрсөтүп, алдыңкы орундарда болуп келди.

Жаш жетекчи гана болбостон саясий турмушка да кеңири аралашып,шаардык жана областтык бир нече Ардак грамоталар менен сыйланган.

Калчоро Каленович өзүнө тапшырылган кызматка жоопкерчиликтүү, элдин, шаардын кызыкчылыгына багытталган коомдук бардык иштерде демилгечил, уюштургуч жана эмгекти сүйгөн инсан эле. Ал жамаатында улууларга урмат, кичүүлөргө ызаат көрсөтүүнү да жакшы билген жан болгон. Өзүнүн мүнөзүндөгү ак ниеттүүлүгү, шайыр жана тамашакөйлүгү, тил билгилиги менен элдин эсинде калды. Анын артында өмүрлүк жубайы Мамытканова Тамара Акимжановна экөө өстүргөн Манас, Аскар жана Толкунбек аттуу изин улантуучу үч уулу бар.

БОРЖУЕВ МЫРЗАГАНИ АВАТАЕВИЧ

Мырзагани Боржиевди эл Мырза деп гана тааныйт. Жөнөкөй жана кичипейил. Ким менен болбосун токтоолук менен акырын сүйлөшүп, келген адамдын мүдөөсүн чечип берүүгө дайыма дилгирлик менен мамиле кылат.

Мырзанын элге жакканы, эч убакта апыртып калпты сүйлөбөйт. Алдым-жуттум болуп да бирөөнүн көзүнө чөп салбайт. Шаар аймагында элде кой, эчки, ири мүйүздүү мал, жылкы, итмышык болуп мал арбын. Ошого жараша ар кыл суроо-талаптар, муктаждыктар менен кайрылышкан адамдардын да саны арбын. Күн болобу, түн болобу элден чакыруулар түшүп турат. Ветеринардык дарыгер малдагы оорунун себебин кылдат текшерип, абалын байкоо менен аныктайт. Бул жагынан Мырзаганиде 30

жылдык бай тажрыйба топтолгон.

-Мал аччыгы—жан аччыгы",- дейт эмеспи элибизде. Ар бир эле адам үмүт менен мал күтөт. Аны бир маанилүү маселесин чечүүгө жаратат, киреше алам деп багат. Анан тилсиз мал эмделбей, же кайдыгерликтен өлүп калса, ээси чыгымга учурайт да,-дейт Мырзагали. -Ар кимдин ордуна өзүмдү коюп ойлоном. Ким, каерде болбосун эптеп кыйынчылык менен болсо да жетип дарылоо биздин милдет. Эл бизге ишенет, бизден жардам күтөт. Бир мезгилде баарына жетишип кетпесек да элди нааразы кылбоого аракет кылыш парыз.

Ооба, күн да, түн да иш боюнча тынчын алган далай окуялар болуп келүүдө. Кимдир бирөөнүн малы төлдөй албай ээси тынчы кетип ветеринардын келишин күтөт. Кимдир бирөөнү ит же мышык тиштеп алган болот. Ал кутурма оорусуна чалдыккан же бир жугуштуу ылаң менен ооруган ит-мышык эмеспи. Аныктоо тез талап кылынат. Буларга кайдыгер кароо, жок эле дегенде элдин эртеңине кайдыгерлик болот. Муну Мырзагани туура түшүнөт. Ветеринарларга жүктөлгөн эрежелүү милдетти тартип бузбай аткарууга тырышат. Өзүнөн кийинки өсүп келаткан жаш ветеринарларга насаатчылык кылуу да маанилүү милдет экенин Мырзагани терең түшүнөт. Кимисине болбосун туура кеңеш берип, туура жол көрсөтүүгө аракет кылат. Ак ниет жана өз кесибин сүйгөн ветеринар коомдук иштерге да активдүү катышат.

-Мен ветеринар багытындагы көптөгөн тажрыйбаларды 40 жыл мал доктур болуп иштеген, тажрыйбасы мол, адамгерчилик көрөңгөсү арбын Борсол Айдаралиевден да алдым,-дейт Мырзагани,-жакшы адамдардан жакшы нерселерди үйрөнөсүң да. Албетте бул калетсиз чындык.

Көп жылдык эмгеги үчүн Мырзагани Боржуев Кыргыз Мамлекеттик ветеринардык башкармалыктын жана Кыргыз Республикасынын ветеринардык департаментинин Ардак грамоталары, ошондой эле областтык, шаардык Ардак Грамоталар менен сыйланган.

“АЭРОДРОМЖОЛКУРУЛУШ” ААК

№2- ФИЛИАЛЫ (№875 КБ)

Бишкек-Ош автожолунун мамлекеттик дирекциясына караштуу №30-жол тейлөө мекемеси “Аэродромжолкурулуш” ачык акционердик коомунун №2-филиалы

(№875 КБ) эмгек жолунүн башталыш таржымалы союздук мезгилде кандай чечимдин негизинде башталганы ошол мезгилдеги документ боюнча орус тилинде берилет:

Распоряжение совета министров союза СССР

от 22 августа 1955 года № 518-Р

“О строительстве автомобильной дороги Фрунзе-Суусамыр-Ош”

Предложить главному управлению по строительству автомобильных дорог при Совете Министров СССР организовать для строительства данной автодороги Управление строительства №16 с дисклокацией в г.Фрунзе

П Р И К А З

Главному управлению по строительству автомобильных дорог при совета министров СССР от 26 сентября 1956г. №74

“ Управление строительства №16 находится в непосредственном подчинении Главного управления по строительству автомобильных дорог при Совета Министров СССР (Главдорстрой СССР).

Основной задачи Управления строительства №16 является производство работ по строительству и реконструкции автомобильных дорог общегосударственного значения, искусственных и гражданских сооружений на них по подрядным договорам в соответствии с планами, установленными Главдорстроем СССР.

Управления строительства №16 является самостоятельной

организацией, осуществляет свою деятельность

Свою деятельноьсть на началах хозяйственного расчета в пределах плановых заданий Главдорстроя СССР и пользуется правами юридического лица. В непросредственном ведении Упрвления строительства №16 находятся строительные предприятия и подсобно-вспомогательные хозяйства, состоящие на хозрасчете и имеющие самостоятельный баланс.

Управления строительства №16 может производить на своей территории Союза ССР все операции, необходимые для выполнения возложенных на него задач. Во всех случаях Управления строительства №16 действует на основании Положения о государственных промышленных трестах, утвержденного ЦИК и СНК 29 июня, 1927 года. Управления строительства №16 имеет печать с излображением Государственного греба СССР и с обозначением своего наименования."

***

Жогорудагы ССР Министрлер Советинин Автомобиль жолдорун куруу боюнча башкы башкармалыгынын буйруктарынын негизинде 1956-жылы Таш-Көмүр шаарынын аймагында №2 ДСР (дорожное строительство и ремонт) №16 -курулуш башкармалыгынын бөлүмү ачылган.

№2-ДСРдин базасында кийинчерээк №875-курулуш башкармалыгы Минтрансстройдун 25-май, 1961-жылдагы №150- буйругунун негизинде уюшулган. №875 - КБнын негизги багыты автомобиль жолдорун куруу жана реконструкциялоо болгон.

1961-жылдан 1968-жылга чейин Фрунзе-Ош жолунун Көк-Бел ашуусунан Ош шаарына чейинки участокторунда жол, көпүрө курулуштарында иш жүргүзүлгөн жана 40 километр жолго асфальт төшөлгөн. 1974-1986-жылдары Фрунзе-Ош жолунун Токтогул суу сактагычын айланып өткөн, узундугу 70 километр болгон участогун куруп бүтүп пайдаланууга берилген.

1974-1981-жылдары Күрп-Сай ГЭСинин курулушуна байланыштуу узундугу 33 километр жолду Нарын дарыясынын сол жээгинде, 1981-1983-жылдары Таш-Көмүр ГЭСинин курулушуна байланыштуу узундугу 20 километр жолду курууга жетишкен. Мындан сырткары 1961-1983-жылдары 90 чакырым жол реконструкцияланган. Магистралдык жолдордон сырткары Токтогул поселогунун, Кара-Көл шаарынын көчөлөрүн салган жана алар-

га асфальт төшөгөн. 1983-1990-жылдары Токтогул районуна караштуу Жетиген, Кызыл-Ураан, Көтөрмө, Торкент, Кара-Жыгач ж.б. айылдарынын ички көчөлөрүнө асфальт төшөө иштерин аткарган.

1988-1991-жылдарда Үч-Терек—Өзгөрүш автожолундагы 3 көпүрө жана 9 чакырым автожолду реконструкциялап, асфальт төшөлгөн. 1989-1991-жылдары Чүй областындагы Көкө-Мерен айылын Жалал-Абад областынын Сары-Камыш айылы менен туташтырган жол салынып бүткөн.

Жалал-Абад—Казарман деңиз деңгээлинен 3000 метр бийиктиктеги автожолунун курулушу да №875- курулуш башкармалыгынын эмгеги.

Бардык ГЭСтердин курулушу жол куруудан башталат эмеспи. Ошондуктан НарынГЭС курулуш башкармалыгы менен №875-жол курулуш башкармалыгы тыгыз байланышта болуп, Камбар-Ата-1,2 ГЭСтерине салынган жолдор да курулган.

1997-жылы Бишкек-Ош автожолун реаблитациялоодо "Суусамыр-Интер" биргелешкен ишканасы менен 412—424 чакырымында 3 жыл иштешкен. Самсунг ишканасы менен биргеликте Кара-Балта капчыгайында бир көпүрө, 6 чакырым узундукта "подпорная стена" (тосмо дубал)курган.

Мындан сырткары Бишкек-Ош автожолун реконструкциялоодо Ирандык, Кытайлык фирмаларында субподряддык иштерди аткарган.

1992-жылы №875- Курулуш башкармалыгы Минтрансстрой СССРдин №16-курулуш башкармалыгынын тутумунда акционерлештирилип, анда 355 акционер болгон.

Жол курулуш иштеринин көлөмү азайганына байланыштуу кийинки жылдары өзгөчө кырдаалдар министрлиги менен биргелешип иштеп, Кара-Көл шаарын аралап өткөн Кара-Суу сусунун жээгинде 4 жерге жалпы узундугу 1550 метр болгон тосмо курган. Токтогул районунда Торкент-Толук автожолунда 3 көпүрө жана Торкент суусунун жээгинде 660 метр тосмо курулуп бүткөрүлгөн.

Акыркы учурда Токтогул ГЭСтеринин каскады менен кызматташып курулуш иштеринде жумуштарды аткарып жатат.

Азыркы 875-жол курулуш мекемеси союздук мезгилден тартып,өз милдетин так жана жоопкерчилик менен аткарып ке-

лет. Аталган мекеме 1965-жылы Кыргыз Республикасынын 1-даражадагы диплому менен сыйланган.1965-1976-жылдары 9 жолу республикалык "Ардак Тактага" жазылган. Курулуш башкармалыгында эмгектенген 8 адамга "СССР транспорт курулушунун эң мыкты механизатору", СССР транспорт Курулуш Министрлигинин "Социалисттик мелдешинин отличниги" наамдары берилген, 6 куруучу "Эмгек Даңкы" ордени менен сыйланышкан.

Башкармалыкты 1961-1964-жылдары Трухин Иван Александрович , 1964-1967 – жылдары Бец Александр Карлович 1967-1976-жылдары Ганцев Геннадий Гаврилович, 1976-1981-жылдары Семенов Алексей Александрович , 1981-1983-жылдары Скуйбеда Владимир Григорьевич, 1983-2006-жылдары Попов Анатолий Федорович жетектеп келишкен.

СУЛТАНАЛИЕВ СЫРГАТАЙ САГЫНБЕКОВИЧ

Сыргатай Султаналиев- 1952-жылы 2-январда Токтогул районундагы Үч-Терек айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Токтогул районундагы Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектептен 1969-жылы 10-класс билимге ээ болгон. Ошол эле жылы азыркы Бишкектеги Политехникалык институтунун инженердик факультетинен автомобиль жолдору боюнча адистигине ээ болгон.

Алгачкы эмгек жолу Токтогул районундагы №23-жол пайдалануу башкармалыгында башкы инженер болуу менен башталган. 1979-1984-жылдарда Кыргыз республикасынын автомобил жана транспорт министрлигинин Токтогул районундагы №23-жол пайдалануу башкармалыгынын башчысы, 1984-1990-жылдары Кара-Көл шаарындагы №3-жол пайдалануу башкармалыгынын башчысы, 1990-2006-жылдарда Кара-Көлдөгү №30-жол курулуш башкармалыгынын өндүрүштүк-техникалык бөлүмүнүн башчысы, башчынын орун басары болуп иштеп, 2006-жылдан азыркыга чейин ошол мекеменин жетекчиси болуп эмгектенип келе жатат.

Ар бир доордун, учурдун өз талабы болот эмеспи. Союздук система убагында кайсы бир участкага, мекемеге, же район, шаар-

га жетекчи болуп иштөө үчүн практикалык кызматта абдан такшалган, билими менен аткарган иш-аракети жетиштүү деңгээлде шайкеш келген, ар башка улуттардын өкүлдөрү менен орус тилинде эркин сүйлөй ала турган, партиянын талабын, Уставын так, чоң жоопкерчилик менен аткара алган кадрлар талап кылынуучу. Ал эми Сыргатай Сагынбековичте мындай жөндөм-сапат толугу менен бар болчу.

-Ал учур азыркыдай эмес. Партиянын талабы дегенде эч кимибиз чегинбей, дилгирлик менен ишке даяр тураар элек. Тартип да ошончолук катуу болчу. Ар бир коммунисттин, жетекчинин иш-аракети партиянын түз көзөмөлүндө болуп, пландуу тапшырмаларды сапаттуу аткаруу үчүн убакыт менен эсептешпей иштечүбүз,-деп эскерет Сыргатай Сагынбекович.-Жолдорду куруу, аны пайдаланууга тапшыруу иши өтө оор иш десем туура болот. Себеби, өзгөчө айлана-тегеректин баары тоо-таштан турган аймактарга жол салуу мелтиреген түз жерлерге жол салуудан такыр башка он эсе машакатты талап кылчу. Күжүрмөн эмгек да, уюштуруучулукка көзү жеткен иш билгилик да, теориялык билим да, ар башка улуттардан турган инженер-техникалык кызматкерлер, жумушчулар үчүн шарт түзүү, тил табышып мамиле кылуу да – баары коммунист жетекчиден, адистен талап кылынуучу. Ошол талаптардын баарын аткарып эмгектендик.

Ооба,Сыргатай Сагынбековичтин айткандары турмуш чындыгы.Союздук доордун кадиксиз тарыхы.Жогорку билимдүү куруучу-инженер, мекенинин патриот адиси катары Кара-Көлдүн аймагындагы жолдордун курулуштарына жаштык демин, жигердүү үлүшүн кошту. Партиянын ишенимдүү жардамчысы, патриот комсомол жигит 1978-жылы Кыргызстан комсомолдорунун ХХУП сьездине делегат болуп барып келген. Мындай укукка жетүү оңой эмес болчу. Комсомолдордун чоң жыйындарында талкуудан өтүп, жасаган ишинин, адеп-ахлагынын ар тараптуу сындан өтүшү гана сьездге катышууга татыктуулугун аныктаган. Татыктуунун татыктуусу делегат болгон.

Тоо-таштарды бузуп, тегиздеп жол салууда С. Султаналиев изденгич жана ойлоп-табуучу адис катары көптөгөн рационализатордук сунуштарды киргизип иштей алганын белгилей кетүү да максатка ылайык.

Сыргатай Сагынбековичтин иштерман жана билимдүү адис

экендигин жаш, али эч канчалык тажрыйба топтой элегинде эле 1978-жылы Кыргыз Республикасынын автомобилдик жолкурулуш министрлиги тарабынан берилген "Эң мыкты ойлоп табуучу жана рационализатор" деген наамы далилдеп турат. Кайра эле 1979-жылы Кыргыз Республикасынын жалпы Түштүк региону боюнча автомобил жолдорун эксплуатациялоо боюнча башкармалыгынын "Ардак Грамотасын", кайра 1984-жылы Кыргыз Республикасынын транспорт жана автомобил жолдор министрлигинин "Ардак Грамотасын" алган.

Адамгерчилик нускаңы туу туткан Сыргатай Сагынбекович шаар бийлигинин да, элдин да ишенимине ээ болгондуктан 1990-жылдан 2005-жылга чейин Кара-Көл шаарында дайыма участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы болуп, ишке болгон тактыгын иш жүзүндө көрсөтүп келген. Ал эми 2005-жылы болсо Таш-Көмүр жана Кара-Көл шаарлары боюнча Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоо комиссиясынын төрагасы болуп шайлоолорду жүргүзүүнүн бардык жаңы эрежелерин терең өздөштүрүп, жигердүүлүк, ак ниеттүүлүк менен иштеп берди.

Өз эмгек жолундагы ийгиликтери жана эл арасынан алган кадыр-урматтын натыйжасында бир нече ирет Токтогул райондук, Кара-Көл шаардык Эл депутаттарынын аткаруу комитетинин Кеңешине депутат болуп шайланган.

Бишкек-Ош автожолунун мамлекеттик дирекциясына караштуу №30-жол тейлөө ишканасы

Бишкек-Ош автожолунун курулушу 1940-жылы башталган. Бирок, бүткүл дүйнөлүк алаамат болгон Улуу Ата Мекендик согуштун 1942-жылына туш келип 1942-жылдын декабрь айында көпчүлүк курулуш жумуштары токтоого мажбур болгон.

1952-жылы жаңы изилдөөлөрдүн негизинде Төө-Ашуу-Ала-Бел- Токтогул-Ош автожолдорунун курулушу жаңы вариант менен башталып, 1965-жылы толугу менен бүткөрүлгөн. 1975-жылы №23-жол тейлөө ишканасынан бөлүнүп, №30-жол тейлөө ишканасы болуп калган жана аны жетектеп төмөнкүлөр иштешкен.

-1979-1984-жылдары Ж. Баймырзаев,1984-1992-жылдары А.Самидинов, 1992-1995-жылдары З. Садыков, 1995-1998-жылдары С.Борбиев, 1998-2010-жылдары З.Сарсеитов, 2010-жылдын февраль-июнь айларында Ж. Мамасалиев, 2010- 2010-жылдары Р.А.. Абылов, 2011-жылдын ноябрь айынан тартып, Алтынбек Сагынбекович жетектеп келе жатат.

№30- жол тейлөө ишканасы Эл аралык маанидеги Бишкек-Ош автожолунун 109 чакырымын жана жергиликтүү маанидеги Үч-Терек-Өзгөрүш жолунун 0-71 чакырымын, ошондой эле мамлекетибиздеги белгилүү Көк-Бел ашуусун тейлейт.

Азыркы убакта №30-жол тейлөө ишканасында 90 адам эмгектенет.

Ишкананын акыркы жылдардагы жетишкендиктери

1996-жылы 22-апрелде тоннель кызматы ачылса, 2006-жылы Тараза көзөмөл кызматы уюштурулган. 2006-жылдан баштап "Спутник" байланыш бөлүмү ачылган. Азыркы убакта №30-жол тейлөө ишканасына караштуу Бишкек-Ош автожолу жана Үч-Терек-Өзгөрүш жолдорунда өз убагында тейлөө иштери жүргүзүлүүдө.

ЖОЛ ТЕЙЛӨӨ ИШКАНАСЫНДА ЭМГЕГИ СИҢГЕН АРДАГЕРЛЕР:

А. Тургунбаев- №30-жол тейлөө ишканасынын биринчи жетекчиси. Жол куруу, мекемени түптөө жумуштарында баа жеткис салым кошкон;

З. Сарсеитов -Бишкек-Ош жолун реаблитациялоо жумушуна чоң салымын кошкон, З.Сарсеитов жетектеп турган убакта №30-ЖТИ Бишкек-Ош генералдык дирекциясында алдыңкы орундарды ээлеп келген. "Эмгек сиңирген куруучу" наамын алган;

М.Ф. Садыков -№30-жол тейлөө ишканасынын ардактуу аксакалы, көп жылдык эмгек жолунда ар тармактуу жол курулуш иштерине иш билги адис катары өзүнүн үлгүлүү салымын кошуп келе жатат;

Ч.К. Байтиков- өзүнүн 38 жылдык эмгегинде бул жол-тейлөө ишканасында айдоочу болуп үзүрлүү эмгектенип келүүдө. Байтиков Чынтемир Кыргызалиевич Кыргыз Республикасынын жол жана унаа министрлигинин, Бишкек-Ош жолунун, №30-ЖТИнын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Банк кызматтары

"КЫРГЫЗСТАН" КОММЕРЦИЯЛЫК БАНКЫ

"Кыргызстан коммерциялык банкы" ачык акционердик коомунун Кара-Көл шаарындагы бөлүмү 1990-жылы Кыргыз Республикасынын Жилсоцбанкынын негизинде ачылган. Ошол күндөн баштап бан шаар эли үчүн адилет кызмат кылып келүүдө. Банк шаардагы мекемелерди тейлөө менен бирге калкыбызга күн сайын арзандатылган насыяларды берип, айлык акы жана жекече "Золотая Карона" картасын чыгарышат жана тейлешет. Кыргызстандын аймагынан сырткары эл аралык которууларды жасап жана аларды төлөп өз кардарларына өтө тез жана ишеничтүү тейлөөнү камсыз кылып келе жаткандыгы менен элдин барктоосуна татыктуу.

Ушул убакка чейин "Кыргызстан коммерциялык банкы" ААКу 2003—2004—2004-жылдардын жыйынтыгы менен катары менен үч ирет "Выбор года" эл аралык фестиваль-сынакта эксперттердин" №1-Банк" деген жогорку баасына татыктуу болду. Бул жетишкендикте шаардык "Кыргызстан коммерциялык банкы" ААКунун да кошкон салымы чоң десек жаңылбайбыз. Банкта өз ишин мыкты билген көп жылдык тажрыйбасы бар. Төрөгелдиева Зинакан Сейденовна, Сейдикеримова Чынар Сулаймановна, Мамытова Бактыгүл Беккулуевна ж.б. кызматкерлер жигердүү эмгектенип келе жатышат. Аталган банкты :

1990-2005-жылдары Алжамбаева Савле Джумашовна,2005-2008-жылдары Болотов Азимбек Исаевич, 2008-жылдан бери Чолпонкулов Азизбек Медербекович жетектеп эмгектенип келе жатат.

ЧОЛПОНКУЛОВ АЗИЗБЕК МЕДЕРБЕКОВИЧ

Азизбек Чолпонкулов 1968-жылы Токтогул районунун Үч-Терек айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти 1985-жылы М.Горький атындагы мектептен аяктап, 1986-1989-жылдары Советтик Армиянын сабында кызмат өтөгөн. 1990-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетине кирип, 1995-жылы экономсист адистиги боюнча диплом алган.

Эмгек жолун 1995-жылы Үч-Терек районунун мамадминистрациясында экономист болуп иштөөдөн баштап,1996 - 2008-жылдарда Бишкек шаарында АКБ "Кыргызстан" банкында түрдүү баскычтардагы кызматтарда жемиштүү эмгектенген. Ал эми 2008-жылдан азыркы убакка чейин "Кыргызстан" ачык акционердик коом банкынын Кара-Көл шаарындагы филиалынын башкармасы болуп иштеп келүүдө.

2011-жылы Кара-Көл шаар мэриясынын чечими менен "Жылдын мыкты банкири " наамын алды.Ишканада ар дайым бир калыптагы ыргак менен элди тейлөө жүрүп келе жатат. Жетекчинин ишмердүүлүгүнүн жана эмгек жамаатындагы кадрлардын сапаттык деңгээлинин максатка ылайык толуктангандыгынын натыйжасында банкта шаардыктар үчүн ар түрдүү максаттагы операциялар ыраатуу жүргүзүлүп, элдин ыраазылыгына ээ болуп келүүдө. Өмүрлүк жубайы Абдиева Фарида Төлөбековна аталган банкта бөлүм башчы болуп эмгектенип, кесиптеш жубайлар 4 перзентти өстүрүшүүдө.

ТӨРӨКЕЛДИЕВА ЗИНАКАН СЕЙДЕНОВНА

Төрөкелдиева Зинакан 1962-жылы Токтогул районундагы Жазы-Кечүү айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган. Чкалов орто мектебин аяктап Кара-Көл шаарындагы "Достук" заводунда жумушчу болуп эмгек жолун баштаган. 1982-жылы Борбордук статистикалык комбинатынан бухгалтердик курсту бүтүргөн. Банк тармагында 1983-жылдан тарта иштеп, адегенде Мамлекеттик банктын Кара-Көл шаарындагы бөлүмүндө бухгалтер болуп иштеген. 1984-86-жылдары сырттан окуу менен Фрунзедеги финансы-экономиклык техникумун бүтүргөн.

1990-жылдан ушул күнгө чейин "Коммерциялык Банк Кыргызстан" ачык акционердик коомунда башкы бухгалтер болуп жигердүү эмгектенип келе жатат. Өз эмгек жолунда бай тажрыйбанын ээси, жамааттын кадырлоосуна ээ. Бир нече сыйлыктардын ээси:

Кыргыз Республикасынын улуттук акча бирдиги болгон сомдун киргизилишинин 10 жылдыгына карата жана областын экономикасынын, банк системасынын өнүгүүсүнө кошкон зор салымы үчүн Жалал-Абад областык мамадминистрациясы жана областык Кеңештин "Ардак Грамотасы" менен, Кыргыз Республикасынын акча бирдиги—сомдун киргизилишинин 15 жылдыгына карата банк системасынын өнүгүүсүнө кошкон салымы үчүн "Коммерциялык Банкы Кыргызстан" ААКнун "Ардак Грамотасы" менен сыйланган.

КАРА-КУЛЬСКОЕ ОТДЕЛЕНИЕ «Госбанка» в настоящее время филиал ОАО «Залкар Банк-Кара-Куль»

29.05.1964 г. Открыто Кара-Кульское отделение «Госбанка СССР».

Управляющий Алиев Курсант Алиевич.

13.10.1969 г. Торокулов Карыпбек

14.11.1972 г. Борбугулов Абыткан

27.05.1976 г. Сыргабаев Осмон

18.01.1977 г. Садиев Акынбек

05.01.1988 г. отделение «Госбанк» было преобразовано в отделение

«Промстройбанк СССР» Управляющий Садиев Акынбек

09.07.1994 г. Отделение «Промстройбанка» было преобразовано в ОАО

«Кыргызпромстройбанк»

09.07.1994г. Абытканова Рабшан

16.06.2001г. Жумабаева Жамийла

28.02.2003г. Карыбаев Мейманжан

03.05.2005г. Абытканова Рабшан

03.11.2008г. отделение ОАО «Кыргызпромстройбанк» было преобразовано в ОАО «Азия УниверсалБанк». Директор Абытканова Рабшан.

28.12.2010г. преобразован в ОАО «Залкарбанк».Директор Абытканова

БОРБУГУЛОВ АБЫТКАН

Мен шаардык каржы бөлүмүнүн жетекчиси Жапар Түркмөновичтен Борбугулов Абыткан ата тууралуу айтып берүүсүн сурандым. Ал жандили менен сүйлөп берди:

"Ал ар дайым элине, Ата Мекенине, шаардын тагдырына күйгөн чыныгы патриот адам болчу. Абыткан аганын өмүр бою туу тутуп көтөргөн урааны "Өзүмө эмес, мамлекетибизге, шаарыбызга болсун" деген адилет максат болгон. Мен бул адамды союздун ишенимдүү кадрлары болушкан Казбек Хуриев, Турсунбек Чынгышев, Роба Насыровналар менен бир катарда көрөм. Идеалдуу адам болчу. Эл үчүн көйгөй болуп жаткан ар бир маселени көрө билчү жана аны шаардык, областтык гана деңгээлде эмес, мамлекеттик деңгээлде кое билген адам эле. Анан да бир маселени көтөрүп эле тим калчу эмес, аны кайсы жол менен, канткенде чечет, качан бүтүт, бүт баарын алдын ала жазып, чечүүнүн жолун көрсөтүп да берер эле. Ал эмес, өзү койгон маселенин чечилиши кайсыл адис, кайсыл жетекчи, же министрге тапшырылса, анын артынан сая түшүп иш аягына жетмейин куун алчу.

-Дегеле финансист же мекенчил гана эмес, адамгерчилик мамилесинде кандай артыкчылыктары бар эле?

-Чынын айтайын, мен атамдан жаш калганмын. Кичине кезимден эле финансылык, бухгалтердик маселелерге абдан кызыкканымдан 10-классты бүткөндөн кийин эле 17 жашымда Абыткан акеге өзүм эле окуучу болуп иштин жөнүн үйрөнүш үчүн кирип алгам. Мени көп нерсеге үйрөттү. Аракетиме карап туруп "Кудай буйруса ушул жол менен кетсең сен көп нерсеге жетишесиң" деп көп айтчу. Мага аталык мээримин төктү. Аракетиме көп көңүл бурду. Кийин мен Фрунзеге барып окууга кирип кетсем, борборго барганда атайын менин жатаканамды сурап жүрүп издеп тааптыр. Мага жолукту. Абалымды сурады, колума тыйынын карматты."Аракетиңден кайтпа, азаматсың"- деп көңүлүмдү көтөрдү. "Жаштар—биздин келечек. Биз өзүбүздөн кийинки жаштарды өстүрүшүбүз керек, үйрөтүшүбүз керек" – деп ар дайым айтчу.

Жапар Түркмөновичтин бул оюн Абыткан атанын замандаш-

тары менен бирге иштешкендеринен Абыканова Лайли, Абдразаков Насыр, Паязов Токтоназар акелер да бекемдешет. Мекенчил, алысты билими, саясий көрөңгөсү менен көрө билген, чынчыл адам эле деп баалашат.

Ооба, жакшы адамдар тууралуу канчалык сөз кылсаң арзыйт. Абыткан Борбугулов 1934-жылы август айында Үч-Терек районунун Жазы-Кечүү айылында бу жарыкка келген. Мектепте катарлаштарынан билимге, окууга болгон чоң ынтызарлыгы менен айырмаланган бала жыйырма жаш курагында Жалал-Абад шаарындагы мугалимдер институтунун физика-математика факультетине окууга кирип, мугалим адистигине ээ болуп чыккан. Бирок, жаш жигиттин мүдөөсү дагы илгерилеп билим алуу болду. Дароо эле Ташкенттеги каржы-экономикалык институтуна кирип кетти. Аны 1959-жылы ийгиликтүү аяктап, экономист-финансист адистигин тастыктаган дипломду колго алды.

Ошентип, Абыткан атанын эмгек башаты мугалимдиктен башталганы менен бир эле жылдан кийин Ташкенттеги каржы-экономикалык институ болгон жогорку окуу жайынан улантылып, Ташкент институту болсо келечегинен көптү күттүргөн студент катары Абыткан атаны алып жаткан билимин тереңдетүү үчүн дагы бир жыл Москвадан окуп келүүгө жиберген. Ишенимдүү кадр бу жолу туулган мекенине финансист адис катары келип, 1959-1968-жылдарда Токтогул райондук каржы бөлүмүнүн башчысынын орунбасары болуп иштеген. Каржы маселелеринин ошол мезгилдеги заманбап күчтүү адиси катары 34 жашында Баткен райондук каржы бөлүмүн жетектөөгө жиберилип, ал жакта 1968—1975-жылдарда жигердүү эмгектенген.

Туурун сагынган куш сымал алыскы жактарда иштеп жүрүп туулуп өскөн аймагын эңсеп, 1973-жылы Кара-Көл шаардык мамлекеттик банктын башкаруучусу болуп кызматка келди да, 1979-жылга чейин иштеди. Ал эми 1979-80-жылдары шаардык почтого жетекчи болуп турду. 1980-83-жылдарда Токтогул ГЭС-Стер каскадынын пландоо бөлүмүнүн улук инженери, көмөкчү чарбасынын жетекчиси болуп иштеп туруп да өзүнүн иш билги жактары менен мекемеге зор пайда алып келгендигин ошол кездеги жетекчилик жакшы билишет.

Абыткан Борбугуловдун элине бере турган кызматы али алдыда көп болчу. Жогорку билимдүү адис-финансист катары эге-

мендик келген жаңы коомдо да көптөгөн жаштардын окутуучусу болоору күмөнсүз эле. Бирок, пендеге жараткандан чектелүү өмүр берилет тура. Абыткан ата 1989-жылы 55 жаш курагында оорудан кийин о дүйнө салып кете берди. Алпейим атанын улуу кызы Рабшан Абытковна ата жолун улантып, "Залкарбанкты" жетектеп иштеп келүүдө.

Элине берген ак эмгегинин үзүрү адамдардын урмат-сыйынын жана мамлекеттик, областтык, шаардык бийликтин көптөгөн Ардак грамоталары, материалдык сыйлыктары менен бааланып келди.

Кара-Көл токойчулугу

Кара-Көл өз алдынча баланстагы токойчулугу мурдагы Үч-Терек өндүрүштүк токойчулугу жоюлганда КРнын Мамлекеттик токой кызмтынын 2002-жылдын 13-марттагы №14-буйругу менен уюштурулуп, негизинен Токтогул районунун жана Кара-Көл шаарынын аймактарын камтыган токойчулук болуп саналат. Адегенде Беке-Чал, Сүттүү-Булак, Төгөрөк-Сай жана Кара-Суу,Көк-Бел аймактары токойчулукка киргизилип, 19017,4 гектар аймакты 8 кызматкер тейлеп иштеген. 2006-жылы Токтогул токой чарбасынан 16194 гектар жер аянты менен Эш-Сай, Кулама-Сай капчыгайлары өткөрүлгөн. Азыр жалпы аянты 35211,4 гектар, 18 адам эмгектенет. Токойчулук чарбасынын 0,62 гектар аянтта көчөт өстүрүүчү питомниги бар, анда 9 түрлүү көчөт өстүрүлөт. Көмөкчү чарбасы түзүлүп, жылкы, кара мал, кой багылууда. Аарычылык чарбасы да колго алынып 130 аары уюгу асыралууда. Токойчулук чарбасынын негизги максаты токойду коргоо жана сактоо, өнүктүрүп көбөтүү, токой ресурстарын ирээттүү, максаттуу пайдалануну камсыз кылуу болуп саналат. Токойчулук уюшулган күндөн баштап Доронкулов Маматраим Көчөрбаевич жетекчилик кылып келүүдө.

ДОРОНКУЛОВ МАМАТРАИМ КӨЧӨРБАЕВИЧ

Маматкарим Доронкулов 1965-жылы Ноокен районундагы Бүргөндү айыл Кеңешинде туулган. 1984-жылы Ташкент шаарындагы айыл чарба институтуна кирип, аны 1991-жылы аяктаган жана "токой чарба инженери" адистигине ээ болгон. 1986-1988-жылдарда Советтик Армиянын катарына барып, Оо-

ганстандын коогалаңдуу аймактарында жоокердик милдетин өтөгөн. Интернационалдык милдетти өтөөдөгү кайратмандыгы үчүн бир нече сыйлыктардын, төш белгилердин ээси. 1992-жылы февраль айында Токтогул токой чарбасында бөлүм башчынын орун басары, бөлүм башчы, токой өстүрүү инженери кызматтарында үзүрлүү иштеп келди. 1996-жылы Үч-Терек өндүрүштүк токойчулугу уюшулганда адис катары жетекчинин орун басары болуп которулуп, 2002-жылдын март айынан ал токойчулук жоюлуп Кара-Көл өз алдынча баланстагы токойчулугу уюшулгандыгына байланыштуу жетекчиликти колго алып келе жатат.

Маматкарим Доронкулов токойчулукту өнүктүрүүдөгү жана аларды сактоодогу жигердүү кызматы үчүн бир нече сыйлыктардын ээси. Атап айтсак 2011-жылы "Токой чарбанын мыкты кызматкери" наамын алган. 5 перзенттин атасы. Өмүрлүк жубайы Чолпонай жогорку билимдүү, кесиби бухгалтер-экономист.

ХУДАЙБЕРДИЕВ АВАЗБЕК РАХМАНАЛИЕВИЧ

Худайбердиев Авазбек Рахманалиевич 1955-жылы 24-апрелде Таш-Көмүр шаарында туулган. Таш-Көмүр шаарында орто мектептин аяктагандан кийин 1972-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтуна тапшырып, андан 1977-жылы инженер-механик адистигин алган жана жолдомо менен Кара-Көлдөгү ДЭП-30 ишканасына механик болуп ишке кирген. Ишине дилгир жаш жигит тез эле ишенимге кирип ошол эле жылдын декабрь айында шаардык комсомол комитетинин конференциясында комитеттин бюро мүчөлүгүнө шайлануу менен комсомолдун шаардык комитетинин бөлүм башчысы болуп иштеп калды. Кайра 1979—1989-жылдар аралыгында өндүрүш жаатына өтүп транспорт тармактарында башкы механик, өндүрүш башчысы, автотранспорттук чарбанын башчысы болуп Таш-Көмүр, Ош шаарларында иштеди. 1989-жылдын июль айынан бери карай ошол кездеги союздук масштабда жаңыдан түзүлгөн бирдиктүү жаратылыш коргоо

тармагында, Кыргыз Республикасынын "Жаратылышты коргоо" боюнча мамлекеттик комитетинин Ош областык комитетине тандоо жолу менен өнөр жай тармагын көзөмөлдөө боюнча жетектөөчү адис кызматына, андан кийин бөлүм башчылык кызматына алынып, 1992-жылы10-декабрда Кара-Көл шаарына Жалал-Абад областык жаратылыш коргоо комитетинин өкүлү болуп дайындалган. Андан бери А.Р.Худайбердиев 2003-жылдан Кетмен-Төбө регионалдык инспекциясынын ага тескөөчү-жетекчиси, 2005—2008-жылдары Таш-Көмүр райондор аралык инспекциясынын башкы тескөөчү-башчысы (Буга Таш-Көмүр РАМИ карамагына Чаткал, Ала-Бука, Аксы райондору, Таш-Көмүр, Кара-Көл шаарлары камтылган) болуп иштеди.

2008-жылдан ушул мезгилге чейин Таш-Көмүр, Кара-Көл, Токтогул райондор аралык инспекциясынын башкы тескөөчү-башчысы болуп жигердүү эмгектенип келүүдө.Бул тармакта эмгектенүү менен бир мезгилде 1995-1997-жылдары Кыргыз Мамлекеттик Улуттук Университетинин юридикалык факультетинде сырттан окуп, "Айлана-Чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик көзөмөлдү жүргүзүү, анын укуктук негиздерин өнүктүрүү боюнча" дипломдук ишин артыкчылык менен жактап, жогорку адистикке ээ боло алды.

Авазбек Худайбердиев өндүрүштө жана табият коргоо тармагында көп жылдык эмгегинин натыйжасында жана алган тажрыйба-билимдеринин негизинде Кыргыз Республикасында жаратылышты коргоо тармагында нормативдик-укуктук актылардын кабыл алынышында айрым өкмөттүк токтомдоруна кошумча түзөтүүлөрдү киргизүүгө да өз салымын кошуп келүүдө. 1995-1996-жылдары Кара-Көл шаарында эмгектенген учурунда анын түздөн-түз иш чараларды колдонуусунун натыйжасында ар дайым канализациялык саркынды суулардын Кара-Суу дарыясынын суусун булгап жаткан зыяндуулугун жөнгө салууда шаардагы фекалдык-насостук станциялар реконструкцияланып, резервдик насостук агрегаттар менен жабдылды. Бул иштер "Энергохолдинг" компаниясынын ошол кездеги 38,6 млн. сом акча каражатынын Токтогул каскадына бөлүнүшү менен аткарылган.

1997-2004-жылдары мамлекеттик маанилүү проектилердин бири болгон Бишкек-Ош автожолун реаблитациялоо мезгилин-

де 161-кмден баштап 456 км.чейинки аралыктарда (Суусамырдан Таш-Көмүр шаарына чейинки аралык) А.Худайбердиев өз кызмат абалындагы жоопкерчилиги катарында толугу менен катышып, айлана-чөйрөгө келтирилген терс таасирлерди минималдаштыруу боюнча секциялардагы долбоорлорго өз түзөтүүлөрүн киргизип, экологиялык нормативдердин сакталышы, бузулган жерлерди рекультивация жүргүзүп калыбына келтирүү багытында бир топ иштерди жасады.

2009-жылы А.Худайбердиев Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан берки алгачкы чоң проектилердин бири болгон Камбар-Ата-" ГЭСинин курулушунда суу тосмону ири Масштабдуу жардыруу ишинде (ИМЖ) Өкмөттүк тармактар аралык жумушчу тобунун мүчөсү болуу менен ИМЖнын Москвадан түзүлгөн долбоорун мамлекеттик экологиялык экспертизадан өткөрүүгө түздөн-түз катышып, активдүү позицияда иштерди жасоого жетишти.

Авазбек Худайбердиев жооптуу мамлекеттик кызматтарда иштөө менен шаардын көптөгөн коомдук иштерине да активдүү салымын кошуп келет. Ал 1995-жылы областтык Кеңешке депутаттарды шайлоо боюнча округдук шайлоо комиссиясынын төрагасы, кийинки жылдары Жогорку Кеңештин, Президенттик шайлоолордун иштерине аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы, округдук комиссия, штаб мүчөсү болуп келген. Шаардык деңгээлдеги бардык коомдук иштерде четте калбай катышып келе жатат.

2005-жылы "Айлана-чөйрөнү коргоонун отличниги" төш белгиси менен, 2009-жылы Кыргыз Республикасынын президентинин "Ардак Грамотасы" менен сыйланган. Худайбердиев А.Р. үй-бүлөлүү, жубайы Саттарова Бүүниса шаардык ооруканада улук мээрбан айым болуп эмгектенет, "Саламаттыкты сактоонун отличниги". Алар 4 уул-кыздын жана неберелердин сүйүктүү ата-энеси.

Кара-Көл РЭТи

Кара-Кульский РЭС осуществляет электроснабжение города Кара-Куль, а также сбыт электроэнергии физическим и юридическим лицам города.

Начальник КК РЭС- Медеров Тынчтык Рапитбаевич - Инженер-электрик, главный инженер – Кемелов Анарбек Айтмырзаевич- инженер-электрик, заместитель начальника по сбыту – Муратов Турдакун Толобаевич –инженер-механик.

Всего по штату Кара-Кульского РЭС – 64 работников. Из них руководитель – 3 чел. Рабочих – 50 чел.

На балансе Кара-Кульского РЭС имеется: ВЛ-6-10к.В с прототяженностью – 105,63 км. ВЛ-0,4 кВ с протяженностью -76,06 км. КЛ-10 кВ с протяженностью – 7,81 км. КЛ-04 кВ с протяженностью – 1,66 км. ТП, КТП – 6 – 10/0, 4 кВ в количестве – 128 шт.с суммой мощностью-44,2 мВА.

По Кара-Кульскому РЭС имеется 6259 абонент частного сектора, включая сельские округи «Жазы-Кечуу», «Кетмен-Тобо». По госсектору имеется 473 абонент из них. Коммерческие структуры – 390 абонента. Учреждения и организации финансируемые Республиканским бюджетом – 14 абонента. Учреждения и организации финансируемые областным бюджетом – 3 абонента. Учреждения и организации финансируемые местным бюджетом – 8 абонента. Всего бюджетных организаций – 25 абонента. Прочие хозрасчетные учреждения – 37 абонента. Всего по частному и Государственному сектору имеется 6259 абонента.

МЕДЕРОВ ТЫНЧТЫКБЕК РАПИТБАЕВИЧ

Тынчтыкбек Медеров 1957-жылы туулган, үй-бүлөлүү, 4 перзенттин атасы. Фрунзедеги политехникалык институтун бүтүргөн, кесиби инженер-электрик. Тынчтыкбек Рапитбаевич эмгек жолун 1975-жылы №1-техникалык окуу жайда байланыш эпкери болуп иштөө менен баштап, Советтик Армияда кызматта кылуу менен 1978—1984- жылдарда окуу жайынын студенти болду. 1979-1985-жылдары Кара-Көл шаарында Токтогул ГЭСтер каскадында эмгектенди.

"Жогорку чыңалуу өлчөмү" тобунун 2 барккатардагы электроэпкери, машзалдын 4 барккатардагы электроэпкери, оодаргычты оңдоо тобунун ага устаты, релейлик коргонуу кызматынын кыбачысы, 1988—92-жылдары "Нарынгидроэнергокурулуш" ме-

кемесинин Негизги курулуш башкармалыгында устат-энергетик, ага устат, Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулушунда эмгектенген. Ал эми 1992-2008-жылдары Токтогул райондук электр тармактар ишканасынын "ЖЭЭ"; ТРЭТИнин башкы кыбачысы болуп иштеген. 2008-жылдан азырга чейин "ЖАЭ" Кара-Көл электр тармактар ишканасынын жетекчиси болуп иштеп келүүдө.

Өз эмгек жолунда Тынчтыкбек Рапитбаевч өздүк адистигиндеги билимин өркүндөтүүгө да жетишти. 1991-жылы шаарда "Тоокырларын тазалоо" курсунан өтсө, 2000-жылы Жалал-Абад шаарында "Энерготармакта автоматташтырууну киргизүү" боюнча кошумча билим алган.

Каарманыбыздын көп жылдык ак эмгеги сыйлыктар менен бааланган.

2009-жылы КРнын ИИМи тарабынан 1- даражадагы "Айбат" төш белгиси берилген. 2010-жылы Энергетика министрлигинин Ардак Грамотасы, 2011-жылы КРнын Мүлк Министрлигинин Ардак Баракчасы менен сыйлануунга татыктуу болгон. Мындан башка да Жалал-Абад областык башкармалыгынын Ардак баракчасы, "Алдыңкы ишкер" диплому, ТГЭСтин "Эмгек ардагери" төш белгиси, райондук, шаардык бийликтердин Ардак баракчалары менен сыйланган.

КЕМЕЛОВ АНАРБЕК АЙТМУРЗАЕВИЧ

Анарбек Кемелов 1973-жылы туулган, билими жогорку, кесиби электртармактарды жабдуу адистигинин ээси. Эмгек жолу 1991-жылдан башталып, Талас областында өндүрүштүк бирикмеде жумушчу, Токтогул районунда жумушчу, 1994-1995-жылдантартып, Кара-Көл электр тармактар ишканасында электрэпкер, 3-барккатардагы электрэпкер, ыкчам тейлөө бөлүмүнүн 4-барккатардагы электроэпкери, Кара-Көл райондук электртармактарынын устаты, КК РЭТИнин электрэнергиясын сатуу бөлүмүнүн эсептөө инженери, 2004-2006-жылдарда Кара-Көл РЭТинин электрэнергиясын сатуу боюнча жетекчинин орун басары, 2006-жылдан баштап Кара-Көл райондук электртармактар мекемесинде башкы инженер болуп эмгектенип келди.

«Достук» заводу

"Достук" заводу 1978-жылы Кара-Көл шаарында "Анар" заводунун филиалы катарында ишке киргизилген. Завод тездик менен эле эки эсеге кеңейген. Тез темп менен заводдун имараты курулуп бүткөрүлгөн жана бир эле жылдын ичинде завод өз алдынча "Достук" заводу болуп калган.

1979-1990-жылдар ичинде завод СССРдин Элдектрондук өнөр-жай министрлигине баш кийип турган. Ал эми 1991-жылдан баштап завод Кыргыз Республикасынын өнөр-жай министрлигинин карамагына өткөн. 1993-жылдан баштап "Достук" заводу ачык типтеги акционердик коом болуп кайрадан түзүлгөн. Кайрадан юридикалык мекеме катарында мамлекеттик каттоодон өтүп, "Достук заводу" Ачык Акционердик коому болуп калган.

Эгемендик доор келгенден берки миңдеген жаштарды иш менен камсыз кылып турган "Достук" заводу көп кыйынчылыктарга туш болду. СССР ыдырап, баштагыдай көптөгөн шаарлардан деталга керектөө муктаждыгы болбогондуктан завод жетекчилиги ишти заманбап ыргакка буруп, элге иш орундарын камсыз кылуунун ар түрдүү жолдорун издеп келүүдө. Учурунда миңдеген жумушчу эмгектенип, дүркүрөп иштеп турган заводдо азыр жүзгө жетпеген адам эмгектенип, болгону пластикалык материалдан турмуш-тиричиликке керектүү буюмдарды чыгарат. Бирок, шаардын жана ишкананын жетекчилиги тарабынан көптөгөн адамдар иштөөгө боло турган даяр имаратты кайсы бир өндүмүрдүү жана келечектүү ишканага айландырып элди иш менен камсыз кылуу максатын көздөгөн аракеттер тынымсыз көрүлүп, изделип келүүдө.

ДАРБИШЕВ СУЛТАН АКМАТОВИЧ

Дарбишев Султан Акматович 1950-жылдын 2-январында Ош областынын Фрунзе районундагы Донал айылында кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.1967-жылы Кызыл-Кыядагы орто мектепти аяктап, ошол жылдан 1969-жылга чейин Кызыл-Кыя шаарындагы тоо-кен техникумунун лабораториялык кабинетинде тоо механиги болуп эмгектенди. Жаш жигиттин алдыдагы максаты келечектүү эле. Албетте максатка жетүү стунденттик доордон

башталат эмеспи. Ошентип, 1969—1974-жылдары борбор шаарыбыздагы политехникалык институтунун механикалык факультетинин студенти болуп, инженер-механик адистиги боюнча дипломун колго алды. Окуу жайдын жолдомосу менен 1974-жылдан 1977-жылга чейин Фрунзедеги "Кыргыз ССРине 50 жыл" заводунда мастердин жардамчысы, мастер жана өндүрүштүк диспедчер бюросунда начальник болуп эмгектенди. Андан ары эмгек жолун уланткан Султан Акматович 1977-жылдан 1979-жылга чейин Кара-Көл шаарындагы "Анар" заводунда механик-энергетик болуп иштеди. Бул завод кийин "Достук" заводу болуп, бул жерде С. Дарбишев улуу механик, башкы механик, диспедчердик-өндүрүштүк бөлүмдүн начальниги, башкы инженер жана 1989-жылдан "Достук" заводунун директорлугу даражасына чейин жетти.

Бул мезгилдерде өндүрүштө жигердүү жана билимдүү адис катары иштөө менен эле бир мезгилде өздүк билимин дагы жогорулатуунун үстүндө болуп келди. Натыйжада 1991-жылы СССР Эл чарба Акдемиясынан кесиптик квалификациясын жогорулатуу институтун бүтүрдү.

Союздук курулуш урагандан кийин Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу менен Дарбишев Султан Акматович Майлуу-Суу шаарынын мамлекеттик администрациясынын башчылыгына жиберилди. Андан ары ушул шаардагы лампа заводунда ар башка өндүрүштүк бөлүмдөрүндө начальник, заводдо башкы механик болуп жигердүү эмгектенип туруп, 2005-жылдан 2010-жылга чейин бул заводдун генералдык директору даражасына чейин жетип эмгектенди.

Өзүнүн эмгек жолунда Султан Дарбишев иш кызматтарында кандай кырдаалдарда болбосун өзүнүн уюштургучтугу, адистик билиминин жеткиленди жана логикалык ой жүгүртүүсүнүн артыкчылыктары менен мекемеде иштин ийгилигин жаратууда негизги орунду ээлеп келди. Ал иштин жагдайын теориялык да, практикалык да жактан терең билет, элге талапты да катуу коет жана эмгекти баалай да билет. Мындай сапаттары менен каармаңыбыз зор абройдун, кадыр-урматтын ээси. Эл ага таянат, жардамын, пикир-сунушун күтөт, көйгөйдү чечип берерине ишени-

шет. Кайсыл жамаат менен иштебесин дал ушундай болуп келди. Ар бир ишке кылдат мамиле кылат. Иш билги, тыкан, таза, ою токтоо. Мына ушундай сапаттары менен кайсыл участокто иштебесин иштин ыргагын жөнгө салып, эмгек жамааттарынын стабилдүүлүгүн камсыз кылууга жетишип келди. Ондогон жаштарды тарбиялап өстүрдү. Коомдук өнүгүшкө ар тараптуу салымын кошту. Өз ишине шалаакы,, жоопкерсиз мамиле кылгандар менен, билбеген нерсесин билем деп агургандар менен эч качан келише алган эмес. "Адам колунан келген ишке гана урунуш керек жана аны сөзсүз сапаттуу, купулга толорлук кылып бүткөрүш керек" деген принцип менен иштеген адам. Көп адамдар менен иштешти, кошоматчылыктын аркасы менен абройго умтулгандарга эч убакта жол бербеди. Абалды таамай байкайт, көйгөйдүн чечилиш жолуна көзү жетет, кетирилип жаткан кемчилик боюнча сын-пикирин ачык айтат жана кесип адамынын деңгээлин көрө билет.

Султан Акматович өзүнүн жаштайынан баштаган эмгек жолунда коомдук иштерге арбын эмгек сарптады. Кара-Көл шаардык Кеңешине да депутат болуп шайлануу менен салым кошуп келсе, Майлуу-Суу шаардык Кеңешине да XXП жана XXШ чакырылыштарынын депутаты. Көп жылдарды арыткан эмгек жолунда көптөгөн сыйлыктардын ээси болгон.

Жубайы Минабархан Умарова быйыл 60 жашка толот, ал эми экөөнүн түтүн булатып дөөлөттүү өмүр кечирип келатканына 40 жыл. Бул аралыкта үч перзентти тарбиялап чоңойтушту. Неберелердин сүйүктүү чоң ата, чоң апасы болушту. Жалпы жакын санаалаштарын, урук-туугандарды дасторконго чакырышып юбилейди белгилешти. Уулу Алымжандын төрүндө уулдун сыйында, кыздардын, кадырлаган калың элинин урматында өмүр сүрүп жатышкан убагы

"Ротор" ишканасы

1996-жылы "Ротор" менчик кичи ишканасы ачылган. Ишкананын ээси Койчиев Мамбет Дүйшалиевич болуп, бир топ жыл бою 20-30 адамды иш менен камсыз кылып, бөтөлкөлөрдүн фолигаларын, капкактарын жасоо ишин жүргүзүп турду. Азыр ата-андаштык күчөгөндөн улам мекеме бир топ кыйынчылыктар ме-

нен чакан көлөмдө продукция жасоо менен алек.

Керек-жарак башкармалыгы

1977-жылы Токтогул керек-жерек башкармалыгы атайын Буйруктун негизинде Кара-Көл керек-жарак коому болуп кайра түзүлгөн. 1993-жылы Кара-Көл керек-жарак коому Жалал-Абаддагы мамлекеттик мүлк башкармалыгынын №187-буйругу менен Ала-Тоо Акционердик коому болуп кайра түзүлдү. СССР тарагандан улам башкалардай эле бул мекемеде да соода түйүндөрүнүн ишин башкарган аракети токтогон.Азыр Осокеева Нурчакан жетектеген бул акционердик коом " Ала-Тоо" делип, ишкерлер пайдаланган имараттардан алымдарды топтоо, айрым дүкөн, ашканаларды иштетүү менен мыйзамдуу деңгээлде бюджетке салым кошуу аракетинде иш жүргүзөт.

НУРЧАКАН ОСОКЕЕВА

Нурчакан Осокееванын эмгек жолунун башаты тээ отуз беш жылдын ары жагында калды. Анда жапжаш мезгили болчу. Орто мектепти бүтөөрү менен соода техникумун аяктап, соода тармагында сатуучулук кесибинде эмгектенип жүрүп жогорку окуу жайын сырттан бүтүрдү. Катардагы сатуучу болуп эмгектенүүдөн жетекчилик деңгээлге чейинки эмгек жолунда далай ийгиликтер жаткандыгы айтпаса да белгилүүгө. –Башка район, шаарларда көптөгөн соода точкалары таланып-бүлүнүп, ар башка мекемелерге сатылып кетти. Мен союз ыдырагандан кийин да эл үчүн али көп кызмат кыла турган шаар борборундагы эки кабат "Универмаг" дүкөнүнүн имаратын талатпай-тонотпой алып калууга жетиштим,-дейт Нурчакан айым. -Бул оңой болгон жок, ар жакка күйүп-бышып көп чуркоого, далай жетекчинин алдына кирип, далай ирет маселелерди коюуга, шаар үчүн керектүү мүлктү жок кылбай кармап калуунун зарылдыгын түшүндүрүүгө туура келди.

Чынында эле бул соода имаратынын ичинде азыр ондогон ишкерлер өз соодасын ырааттуу жүргүзүшүп, кышкы суукта, жайкы ысыкта ыңгайлуу имараттын ичинде ишкерликтерин улантууда. Нурчакан айымдын максаты: өзүнүн жамааты менен

биргелешип элди тейлөөдө ак ниеттүү кызматын улантуу. Көп жылдык эмгек жолунда шаардагы көптөгөн коомдук иштерге да ар дайым активдүү катышып келүүдө.

ЭМИЛБҮ АДИШОВА

"Советтик соода тармагынын мыктысы" Эмилбү Адишова 1954-жылы Жазы-Кечүү айылында төрөлгөн. Орто мектепти 1971-жылы аяктап, Ош шаарындагы соода техникумуна билим алуу үчүн кирди да, 1974-жылы Кара-Көл шаарына келип шаардын борборундагы"Универмаг" чоң дүкөнүнүн өнөр жай товарлар бөлүмүнө сатуучу болуп орноштu.

Мына ушул жыл Эмилбүнүн эмгек жолунун башталышы болду. Болгондо да узак жылдарга созулган жемиштүү башат болду. Сатуучу болуп кызмат өтөө менен бирге эле адегенде комсомолдун мүчөсү катарында шаардык керек-жарак коомунун жаш активист кызы болсо, кийинчерээк жаш кызды КПССтин мүчөлүгүнө өтүүгө татыктуу деп жолдомо беришти.Бул аралыкта өзүнүн соодадагы так, таза, ак эмгеги менен чоң жамаатка таанымал болуп калган.

1983-жылы Эмилбүнү Украина Советтик Социалисттик Мамлекетинин Киев шаарына соода тармагында жетекчиликти өздөштүрүү боюнча окууга жиберишти. Убакытты текке кетирбеди. Жакшы жүрүп, жакшы окуп, соодага байланышкан, аны жетектөөгө байланышкан көп нерселерди үйрөнүп келди.

Эмилбүнүн жашоосунда ушундан ары карата шыдыр илгерилөөлөр биринин артынан бири болуп турду. Мурдараак жаш комсомол катары ысмы белгилүү болуп келсе, эми шаарга гана эмес, областка чейин жаш коммунист катары белгилүү боло баштады. Көптөгөн партиялык конференцияларга катышты. 1977-79-жылдарда Шаардык Кеңешке депутат болуп да шайланды. Бул жылдарын Эмилбү мындайча эскерет:

-Ошондогу бизди чыныгы патриот десе болот. "Депутатпыз. Элдин тагдырын чечишибиз керек. Биз шайлоочуларыбыздын наказдарын сөзсүз аткарып беришибиз керек" деп эле күнү да, түнү да көчөдөн- көчөгө, айылдан- айылга чуркап жүрө берип-

тирбиз. Бирок, ошондой чуркап жасаган аракетибиз акталчу. Мисалы, фестиваль көчөсүндө эки кабаттуу турак үй өрттөнүп кетти. Тургундар баарысынан айрылып сыртта калышты. Ошол аймактан шайланган депутат катары бир жагынан соодамды бүтүрөм, экинчи жагынан бир да бош убакытым жок, үйү күйгөндөр менен жолугам, аларга тиешелүү кагаздарды топтойм, отуруп алып жазам, шаар бийлигине алып кирем, жообун кайра тургундарга жеткирем...Айтор чарчап-чаалыгуу дегенди билбептирмин. Акыры ошол кездин мыйзамына ылайык страхование (камсыздандыруучу акча) алып берүүгө жетишкенмин.

Ооба, Эмилбү тырышып эмгектенди. 40 жылдык өмүрүн ушул тармакка арнады. Коомчулук, бийлик да анын эмгегине ылайыктуу баасын берди. СССР дүңгүрөп турган убакта анча –мынча менмин дегендер ала албаган КПСС БКнын 1-секретары Брежнев менен СССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели Георгадзенин өз колдору коюлган күбөлүгү менен "Ардак Белгиси" төш белгисин алды.Кийин "Эмгектеги жетишкендиги үчүн" төш белгисин, ар бир беш жылдыкта "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү" наамдарын алып келди.

Бүгүнкү учурда Эмилбү эки перзентинин урматын көрүп, неберелерди сүйүп эс алууда.

"Нурлан-Алко" жоопкерчилиги чектелген ишкана

Бул ишкананын ээси Абдыманап Арыкбаев ."Нурлан-Алко" ишканасы 1997-жылдан бери шаарда ишке киришип, көптөгөн шаар, райондорго арак жасап чыгаруу менен кызмат берип келген. Ишкана буту менен туруп иштегенден тарта бир топ жыл бою шаар бюджетине салым кошуп турган. Акыркы 1-2 жылдан бери ар кандай кыйынчылыктардан улам ишканада аракет солгундап, иштин өндүрүмдүүлүгү болбой турууда.

Кенжекан Сарсейитова

Бакыбаттуу жашоону өз колдору менен курушкан

Кенжекан Сарсейитованын ысмы Кара-Көл шаарына белгилүү. Бул үй-бүлө бешене тери менен эмгектенип, уул-кыздарына жашоонун маңызы менен маанисин түшүндүрүп, анын натыйжасында баары бакыбаттуу турмуш курууунун жолуна түшүшкөн.Заирбек Сарсейитов көп жылдар бою шаардагы жол курулуш жана эксплуатациялоо (ДЭУ-30) курулуш мекемесин жетектеп, Кара-Көл шаарынын жолдорун оңдоп-курууда өлөчөөсүз эмгек сиңирди. Өмүрүнүн кызыктуу жана мазмундуу жаштыгы жалаң жолдордо өттү. Акыркы үч жылда өзү атайын « Империя» деп аталган курулуш ишканасын ачып, аны да уулу Исламбекке өткөрүп, азыр балдарына баш болуп, акыл-насаатын айтып, эс алууда жүргөн кези.

Кенжекан Сарсейитова Кара-Көл шаарындагы Ала-Тоо дүкөнүн сатып алып, ишкердик дүйнөсүнө аралашып жүргөн кези. Союз учурунда мына ушул дүкөндө иштеген. Менчиктештирүү саясаты жүрүп, керек-жарак коомуна караган бардык магазиндер сатылып, ал да өзүнө таандык соода жайына ээ болгон. Мурда бул дүкөн баары аралаш болгондуктан, эми өз колуна алып, калкка керектүү болгон азык-түлүктөрдү камсыз кылды. Башка жайларга караганда бир топ арзан наркта саткандыктан, бул жерге келген элдин агымы күн сайын үзүлбөйт.

Менчиктештирүү саясаты жүргөндө мал-койлордун баары элге таркатылып берилип, анын үй-бүлөсүнө да отузга жакын кой, бир бээ менен бир жылкы тийди. Ага чейин кайын атасынын да 60-70тей коюболгон. Өздөрүнүн кошуп алган үлүшүнүн эсебинен фермердик чарбасын түзүп, малдын башын көбөйтүүнүн үстүндө бир үй-бүлө иштеди.

-Биздин үй-бүлө эмгек менен гана бутка туруп кетти. Өзүбүз гана эмес балдарыбызды да иштөөгө үйрөттүк. Азыр ар бир ба-

лабыздын өз жумушу бар. Тун кызыбыз Айгүлгө фермердик чарбабыздын бардык жоопкерчилиги жүктөлгөн. Жогоруда айткандай Исламбек жол курулуш «Империя» мекемесин жетектейт. Кызыбыз Айсулуу «Империяда» эсепчи. Зууараш Бишкекте жашайт. Рыскулбек да атасынын кесибин улантуу жолуна түшкөн. Бишкекте окуйт, буюрса жол куруучу болот го.

Кенжекан эже баласы тууралуу мына ушуларды айтты. Андан алган маалыматка караганда азыр өзү башкарган «Ала-Тоо» магазинин акыркы үлгү менен жасалгалап, шаардыктарды эң зарыл болгон товарлар менен камсыз кылып турат.

- Өзүбүздүн чарбанын эсебинен базарда 300 сомдон болсо биз 220 сомдон койдун этин сатабыз. Жайында бээ саап, кымыз алып келебиз. Малдын сүтү менен да элди камсыз кылып турабыз. Бишектен алып келген азык-түлүк жана башка товарлардын наркы бир топ арзан,-дейт Кенжекан эже. Жергиликтүү бюджетке да салым кошуп турабыз, айына́ салык, соцфондго 30 миң сомдон кем эмес өткөрөбүз.

Кенжекан Сарсейитовага социалдык коргоо кызматкерлери атайын бекитип берген аз камсыз болгон үй-бүлөлөр бар. Алардан сырткары жардам сурап келишкен адамдар да бир топ. Өз балдарынан сырткары иштеген жайын да экинчи үй-бүлөм деп эсептейт. Бул жерде иштеген 15 адам да анын үй-бүлөсү сыяктуу. Аларга эмгек маяналарынан тышкары да турмушунда жетишпестик болсо материалдык колдоо көрсөтүп турат.

Жакшы жашоо ар бир адам баласынын өз колунда экендигин айтат каарманыбыз. Айтымында жолдошу Заирбек Сарсейитов экөө эмгек менен өз жашоолорун ар тараптан камсыз кылып алышты. Жолдошу өмүр бою жолдо иштесе, ал магазинде, балдарын да иштегенге үйрөттү. Өзү айткандай эки уулу менен эки кызы атасынын кесибин алышты. Жакшы жашоону алар өз колдору менен жаратышты. Ал эми жалпы элдин бакыбаттуу жашоосу журт башына келген башчынын ооматынан дейт. Татыктуу иштеп, оомааттуу жашаган бул үй-бүлөнүн өмүр жолунан башкалар өрнөк алууга гана болот.

АЙНАГҮЛ АЛЫБАЕВА

Ишкерлер ассосациясынын төрайымы

Шаарыбызда бүгүнкү күндө 200гө жакын ишкерлер бар. Алардын шаарыбыздын экономикалык жана социалдык жактан өнүгүүсүнө кошуп келаткан салымдары абдан чоң. Анткени алардын эсебинен чогултулган салыктардын эсебинен бүтүндөй шаардын инфра-структурасы жакшырып, көчөлөр салынып, оңдолуп, асфальталып, жарыктандырылып келе жатат. Бүтүндөй шаардагы элдин кызыкчылыктарынын таламдарын көздөгөн иштердин бардыгында ар бир ишкердин салымы бар десек туура болот.

Алыбаева Айнагүл Абдыжапаровна акыркы он жылдан бери шаардагы ишкерлер ассосациясын жетектеп келүүдө. Бул деген маселе ишкерлердин ар тараптуу муктаждыктарын,талаптарын, көйгөйлөрүн шаар бийлигине, керек болсо жогорку жетекчиликтерге чейин коюу укугу берилген чоң тапшырманы көтөргөн адам. Ишкерлердин укуктарынын корголушу үчүн күрөшүүгө, тийиштүү жетекчиликтерге маселе коюуга, ишкерлер үчүн мамлекеттик же эл аралык деңгээлдеги талаптарды аларга жеткирүүгө, алардын башын бириктирип уюштуруучулук иш чараларды жүзөгө ашырууга эмгек жумшайт.

-Бүгүнкү күндө деле ишкерлердин көп көйгөйлөрү бар. Ар кандай кырдаал-жагдайлар боюнча шарт түзүп берүү, социалдык фондго төлөмдөрдү азайтуу, элге кызмат көрсөтүүнүн деңгээлин жогорулатуу, калкты тейлөөнүн жогорку маданияттуулугуна жетишүү, ж.б. маселелер болуп турат,-дейт Айнагүл,-биздин мамлекетибизде башка өндүрүш жок болгондуктан ишкерлерди президентибиз колдоп жардам берип келет. Буга чейин мен ишкерлердин форумдарына катышып келдим. Мамлекеттик деңгээлде ишкерлерге көмөк көрсөтүү кандай болот, ишкерлерди өнүктүрүүнүн кандай жемиштүү жолдору бар, ушулар боюнча кандай сөздөр болуп, кандай чечимдер алынып, кандай талаптар коюлуп жаткандыгын ишкерлерге жеткирүү менин милдетиме кирет. Форумдарда, сьездерде же семинарларда болгон жаңылыктарды ишкерлерге маалымдап турам.

Чынында эле Айнагүлдүн ишкерлер ассосациясынын

төрайымы катары аткара турган бир топ эле маанилүү милдеттери бар. Ишкерлердин ар кандай областык, республикалык деңгээлге чейинки өтүлүп турган кароо-сынактары да бар. Айнагүл айым ишкерлерди ошол сынактарга даярдайт, уюштуруп алып барат, шаар бийлигине коюп алардын муктаждыктарын чечет. Жеке ишкерлердин орундарын кеңейтүү, башка жерге жайгаштыруу сыяктуу маселелерин да чечүү Айнагүлдүн төрайымдык милдети.

Айнагүл кокусунан эле шаарыбыздагы ишкерлер ассосациясына төрайым болуп калган жери жок, ошол милдетти аркалап кете алаары алдын ала байкоодон өткөрүлүп, адамдар менен иштеше алаары, ар кыл иш чараларды деңгээлинде уюштуруу мүмкүнчүлүгү, билим деңгээли жана тажрыйбасы эске алынган. Он жылдан берки убакытта Айнагүл айым берилген ишенимди аткарып келе жатат.

Айнагүл Алыбаева 1959-жылы Талас областындагы Бакай-Ата районундагы Ак-Дөбө айылында туулган. 1976-81-жылдары студенттик доор сүрүп, Фрунзедеги Скрябин атындагы айыл чарба институтунун экономика факультетинин бухгалтериялык эсеп-кысап бөлүмүн аяктаган. 1991- жылдан бери ушул кесиптин үстүндө жигердүү эмгек кылып келүүдө. Учурда шаардык ШМСЭКБдө эсепчи болуп иштөө менен коомдук тапшырма катары артылган жүктүн да өтөлүнөн чыгып, элдин ишенимине кирген кези.

Айнагүл айым ишкерлерди ишембиликтерге мыкты уюштурууга жетишкендиги үчүн Кара-Көл шаардык мэриясынын Диплому менен сыйланган. Областык деңгээлдеги кароо-сынактарда да көп жолу байгелүү орундарды жеңип сыйлыктарга жетишип келген.

Жумалиева Гүлүмкан

ЧЫГАРМАЧЫЛ, ИЗДЕНГИЧ, ТАЛЫКПАГАН АР ИШТЕН, КУРАК, ОЙМО, САЙМА КӨП, ҮЙҮНӨ КИРСЕҢ ГҮЛҮСТӨН

Кара -Көл шаарынын аймагында акыркы мезгилде аялзатынан чыккан уз-чеберлердин бири Гүлүмкан Жумалиева. Он жылдан ашуун мезгилден бери шаардагы "Жез оймок" менчик ишканасын жетектеп, элге улуттук кол өнөрчүлүктүн курак, оймо, сайма түрлөрү боюнча кызмат көрсөтүп келе жатат.

Гүлүмкан Жумалиева Жалал-Абал областынын Кара-Көл шаарында туулуп-өсүп, ушул аймакта үзүрлүү эмгек өтөп, жемиштүү ийгиликтерди колдон чыгарбай келаткан сарамжал десек сарамжал, таланттуу десек таланттуу, мүнөзү оор-салмактуу, тажабаган иштөөдөн таланты ар тармактуу айым.

Айымдардын узу Гүлүмкан советтик доордо билим тармагында иштеп, шаардагы №4 жана №1-орто мектептерде окуучуларга кол өнөрчүлүктөн сабак берип келген. Союздук доордун өкүмү бүткөндөн кийин Гүлүмкан Жумалиева да көпчүлүктүн катарында мектеп мугалимдеринин оор жашоосун башынан өткөрдү. Бара-бара өз билимин тынымсыз өркүндөтүүгө көнгөн Гүлүмкан газета-журналдардан, теле-радио берүүлөрдөн өз алдынча ишкердүүлүк кылган инсандар тууралуу угуп, кандайча ишкердик кылса болоору жөнүндө көптөгөн маалыматтарды окуп үйрөнүп, анан 2001-жылы ал алгачкы проектиси менен ишке киришти.

Проекти өз алдынча цех ачып, анда жаш кыз-келиндерге кол өнөрчүлүк—куракчылык, саймачылык, оймочулук боюнча өнөр үйрөтүп, бир эле мезгилде кол өнөрчүлүк боюнча жасаган буюмдары менен элге кеңири кызмат көрсөтүү болду. Ал учур азыркыдан кыйын , ишсиздик да элди алкымдан алып турган маал эле. Жашоо-турмуш оор, экономикалык татаал шартта көптөгөн жаштар же алыс жактан иш таап кете албай, же мурдагыдай жакын жердеги завод-фабрикалардан иштей албай(завод-фабрика

бүтүндөй токтоп калган) турган.

Ошентип, 2001-жылдын башында Гүлүмкан Ош шаарына барып өз проектисин алгачкы ирет жактап келди. Оңдой берди болуп ошондогу чет элдиктерден проектиси колдоо таап, эреже боюнча мындай ишкер айымдарды колдоо аракети жер-жерлерде да жергиликтүү бийлик тарабынан жүрө баштаган учурга туш келди. Көп өтпөй жергиликтүү бийликке өз максатын тааныштырып, кичинекей бөлмөдө 2-3 кыз-келин менен 15миң сомго жетпеген каражатка сатып келген кездемелер, ар кимиси өздөрүнүн үйүнөн алып келген тикме машиналар менен иш баштады.

Гүлүмкан өзү бардык иште башкы ролдо. Күн сайын бир жаңы идеяны ойлонуп келип ал жердегилер менен, курдаштары менен кеңешет. Алардын пикирин да жерде калтырбай угат. Жасалган буюмдар элге өтүп кетмейин, мында иштегени келгендер да таркап кетери айдан ачык эле. Ойдун баарын ушуга бурду, себеби, ишкердиктин уланып кетиши иштин туруктуу жүрүп калышынан көз каранды да. Адегенде бир бычмачы, бир куракчы, бир тикмечи болуп бир эле мезгилде кийимдерди заказ алуу, анча-мынча курак буюмдарды жасай коюу менен иш кылдырап жүрүп отурду.

"Кыймылдаган кырды ашат" дегендей Гүлүмкандын "Жез оймок" деп аталган цехинен даярдалган буюмдар элге тааныла баштады. Кыздардын себи үчүн, жаңы там куруп киргендерге белекке алып баруу үчүн жер төшөктөрдүн түрлөрү даярдалып, ал көрүнөө жерлерге улам көбүрөөк түрлөп алып чыгыла баштады. Чу дегенден эле жаркыраган бир өңчөй велюр кездемелеринен курастырылган, оймолонгон жаздыкчаларды, жөлөнгүчтөрдү, жерге салма төшөктөрдү элдер биринен сала бири алып кетип, буйрутмалар күн санап көбөйүп отурду.

Цехке келгендердин суроолоруна жооп кылып, кадыресе кыз себине керектүү бардык буюмдар, ал эмес, кыз бала төрөгөндө алып баруучу жасалгалуу бешик да даярдала баштады. Көз ачып-жумганча мына-мына бутубузга турабыз дегенче эле 3-4 жыл өтүп кетти. Кудай жалгап цехтин иши да алдыга жыла берди. Гүлүмкан утуру үйүнөн ойлонгон кыялдарын чиймеге түшүрүп цехтеги жамааты менен кеңешет, анан даярдап сатууга коюп коюшат. Ал жаңы даярдалган кооз буюмду дароо эле цехке келген алармандар жактырышат да, сатып алат. Андан көргөн экинчиси, үчүнчүсү....

Ошентип отуруп, Гүлүмкан "Жез оймок" цехинин иши элге таанымал болуп кеткенин байкабай да калды. Адегенде жергиликтүү мэрия ар кандай кыйноочу төлөмдөрдөн куткарып турганы да айтарлык жардам болду. Анан 2-3жылдан кийин мыйзам талабына ылайык иш жүрүп шаар бюджетине да колдон келген салыгын, сарпталган электр энергиясынын төлөмүн төлөй баштады. Иштегиси келгендер арбып, саны 10го жетти. Улам элдин талабы күчөп, 2009-жылдан кийин кийимдерди заказ алууну биротоло токтотуп, эми улуттук төшөк-жууркандарды, жерге салар төшөктөр менен туштурдуктардын, жаздыкча, жөлөнгүчтөрдүн түрлөрүн жасоого өтүштү. Шаар аймагында гана эмес, биягы Токтогул, Үч-Терек, Бишкек, тиягы Таш-Көмүр, Майлуу-Суу, Жалал-Абад чөлкөмдөрүнөн талапкерлер заказ бере башташты.

Цехте жууркан-төшөк, бешик, туштурдуктардын түрлөрүн кооздоп жасоо менен гана чектелген эми Г. Жумалиевага аз көрүндү. Бул жерде өзүнүн таланты менен чыгармачылык мүмкүнчүлүгү өркүндөп турган учурда кыргыздын эзелтеден аздектелүү улуттук баалуу буюмдарынын бири—боз үй жасоону колго алды. Боз үйдүн сөөгүн Ош шаарынан сатып келди да, анын бүтүндөй жасалгасын ийне-жибине чейин өз колуна алды. Эргиген кыялдарын бүтүндөй боз үй жасалгасына чегерди. Туурдуктарындагы сырткы жасалга өзүнчө жаңыча арноменттер менен кооздолду. Мисалы туурдуктун четиндеги оюуларда ата-бабаларыбыз мурастап укумдан-тукумга бапестеп карманып келген аргымак аттын сөөлөтү арышын керип оймого түшүрүлдү. Эми боз үйдүн ички жасалгасына көз чаптырып көрсөңүз не бир укмуш жаратылыштын табигый кооздугунан маашырланасыз. Оймо туштурдук, курак туштурдук, түк сайма менен саймаланган туштурдукта бүтүндөй бир дүйнөнүн керемети жаткансыйт. Жашыл тулаң, жашыл бактагы канаттуу чымчык, куштардан тартып көз кумарын кандырып сулуулуктун символундай койкойгон аппак ак куулар, кулактарын тикчийтип көздөрү бакыракай коендор, кызгалдактуу талаа менен коштолгон токой элестери Гүлүмкан Жумалиеванын ички дүйнөсүнүн ошончолук бай экендигинен кабар берип, көргөн адамды суктандырбай койбойт.

Сиздер Г. Жумалиеванын чыгармачылык, уздук чеберчилигин берилген фото-сүрөттөрдөн да даана байкай аласыздар. Азыркы учурда цехте 10дон ашык кыз-келиндер жигердүү эмгектенип,

биринчиден эженин үлгүсүн алып жатышса, экинчиден элдик өнөрдү улантып да, өркүндөтүп да иштеп, ошол жерден үй-бүлөсү үчүн маяна таап келишүүдө.

Гүлүмкан Жумалиеванын демилгеси жергиликтүү бийлик тарабынан колдоого алынып, башталышына азыраак акча каражаты гана бөлүнбөстөн иштөөгө ыңгайлуу имарат да берилген. Азыркы учурда Г. Жумалиеваны кара-көлдүктөр гана эмес, обалстыбыздын бир топ аймагындагы элдер таанып-билишет. Бир нече жолу шаардык, областтык кароо-сынактарга катышып, көркөм өнөрдүн устаты катары, коомдук иштин активдүү инсаны катары Мактоо, Ардак Грамоталарды да алып келген. Шаарыбызда Г.Жумалиеванын иши дагы өркүндөтүлүп улантылса, жаштар кол өнөрчүлүктү карманып калышса,мунун өзү элдин чоң байлыгы болору талашсыз эмеспи.

Аялдар кеңеши

БАКТЫГҮЛ МАМАТАЕВА

Кара-Көл шаарында башка коомдук уюмдар менен бир катарда аялдар кеңеши да жигердүү иштеп келет. Кеңешке шаар аймагындагы ар башка тармактарда эмгектенишкен, өздөрүнүн уюштуруучулук жөндөмү, турмуштук тажрыйбалары, эл ичиндеги кадыр-барктары менен айырмаланышкан айымдар мүчө болушкан. Кеңештин төрайымы Бактыгүл Маматаева.

Бактыгүлдү шаар аймагында билбегендер аз чыгаар. Кайсыл жерде жүрбөсүнал айымдын жаркылдаган күлкүсү менен адамгерчилиги шайкеш. Сыртынан көргөн адам ар дайым шакылдай сүйлөп, каткыра күлүп жүргөн бул айымды анча-мынчаны көзгө илбеген кыйынсынган немего деп да түшүнүшү турган кеп. Тарс эттире тамашасы менен кишинин талуу жеринен чымчып өткөн мүнөзүндө ачыктык да, баамчылдык да, сезимталдык да бар бул айым сүйлөгөн сөзү, жасаган иши, коомдогу турмушка болгон көз карашы менен өзүнчө орду бар. Өзгөчө аялдардын ички дүйнөсүндөгү дүрбөлөңдү, энелик, аялдык назик туюму менен түшүнө билгендигинен улам шаарда таасирдүү инсандардын катарына кирет.

Бул дегеним, Бактыгүл Маматаева бир топ жылдан бери шаардык Аялдар Кеңешинин төрайымы.

-Сырттан караганда эч нерсе бүтүрбөй эле жүргөндөй болгонубуз менен Аялдар Кеңешине кайрылгандардын саны азыр бир топ,-дейт Бактыгүл айым. Ар кими ар түрдүү, бир топ таатаал маселелер менен кайрылышат. Баарыдан мурда алар мага жыргаганынан, же жеңил-желпи эле бир нерсесин сүйлөшүп чечип алганы келбейт. Болушу мүмкүн: турак үйдөн, ишсиздиктен, жетишпөөчүлүктөн, араккеч же чоң муштум күйөөсүнөн кыйналып келгендер. Булардан башка ички дүйнөсүнө бүлүк түшүп, турмушу, тагдыры башына салган кыйынчылыктан майышып, туңгуюкка кептелген кезде, өз башындагы мүшкүлдү бирөөлөргө айтууга мүмкүн болбой, намысы кекиртектеп кыйнаган учурда, бу дүйнөдө жан адамга айта албай турган өксүүлөрү жүрөгүн эзген учурларда келишет.

Мындай учурда ошол айымдын абалын жүрөгүңдүн тереңи менен түшүнүп туруунун өзү оордой сезилип, кадимкидей жүрөгүң ооруйт. "Бул аял мага акыркы үмүтү менен, жандүйнөсүн кырчыган, барчалап-кескилеп жаткан кыйноодон кутулгусу келип келди. Сөзсүз жардам беришим керек" деген ой мени да далай түйшүккө салып кыйнайт. Ушундай кырдаалдан алып чыгып ушул айымды жеңилдетип койсом деп дилгирленем. Албетте, алар ким болбосун тагдырлары менде сыр бойдон сакталып калат. Жашыруун, бирок таасирдүү, оң натыйжа бере турган иш жүргүзүүгө аракеттенем. Зарылдыгына жараша аялдар кеңешинин мүчөлөрү менен кеңеш курам.

Жабыркап келген айымга айтарлык жардам бере албай калган учурларым деле жок эмес. Бул жалгыз менин колумдагы иш эмес да. Айымдарды жабыркатып жаткан экинчи же үчүнчү бир тараптар бар эмеспи. Алар менен жашыруун, жакшына, түшүнүшүп сүйлөшүүгө аракеттенем. Ырас, адамдар ар кандай болот экен да. Кээ бирлери түшүндүрүп сүйлөшсөң, ошону ойлонуп, жыйынтык чыгарып, менин сунушума макул болуп, өзүнүн туура эмес жагына чекит коюшат. Мындай учурда мен өзүмө-өзүм ыраазы болуп кубанып калам. Себеби мен бирөөнүн бир түйшүгүн жеңилдеттим.А кээде андайынан айтсаң да, мындайынан айтсаң да өз билгенин бербеген кежир адамдарга да жолугуп каласың. Кандайынан айтсаң да сен эмес, ал өзү туура болуп тура берет. Ички дүйнөсү сокур, аялынын гана эмес уул-кыздарынын жан-дүйнөсүн бүлүндүрүп жатканын түшүнбөйт. Бирок, адам-

дын ким экенин аны менен жакындан баарлашсаң, ишиң түшсө, сырдашсаң түшүнөт эмессиңби.

Мен Бактыгүл айымга: -Деги сен өзүң үйдөгүлөрдүн кимисин тарткансың? Качан көрсөң каткырып күлүп, тамаша сөз менен айрымдарды "талыта" коюп жүргөнүң кимден өткөн? Жаш кезиңде кандай элең?-деп суроо узаттым. Ал адатынча каткырып:

-Жашымда "хулиган" кыз болчумун. Өзүм дайыма эркек балдар менен ойночумун. Анан кошуналардын өзүм менен куракташ эркек балдарын сабап ыйлатып койчумун. Апалары үйгө арызданып келишсе, апам мени жемелеп калчу. Атам болсо кайра мага ыраазы болуп, "Адам өзүнө чыйраак, тың болгону жакшы, кызым өзүнө тың, кайраттуу, чечкиндүү болот",- деп кубанып да калчу,-деди. -Ачык, шайырлыгым атамдан өткөнгө, атам ушундай шайыр киши болчу. Ал эми ачык, бетке айтканым апамды тарканым. Апам ушундай аял, аркы-беркисине карап отурбай туура эмес болсо шак эле бетине айтып салат".

-Мектепте кандай окудуң эле?

-Мектепте отличник окугам, мектептеги коомдук иштердин бардыгына катышчумун. Мектептин тарых музейине саякатка келгендерди жетектеп, музейдеги экспонаттар тууралуу маалыматтарды айтып берчүмүн. Музейдеги бардык нерселер тууралуу маалыматты билип, жаттап алгам. Келгендер абдан ыраазы болушчу. Мен бул боюнча Москвадагы ВДНХга көргөзмөгө да атайын жолдонмо менен барып келгем. Мектептин комсомолдук уюмун жетектечүмүн. Мындай коомдук тапшырмаларымды эң жогорку деңгээлде аткаргандыгым үчүн далай Ардак грамоталарды алгам.

Ооба, Бактыгүл 1980-жылы орто мектепти аяктайт да, Фрунзедеги политехникалык институттун технологиялык факультетине кирип, аны 1986-жылы ийгиликтүү аяктайт. Ошондон бери эле эмгек жолун Кара-Көл шаарына келип баштап, шаардык керек-жарак коомунун башкармалыгында инженер-технолог болуп, кийин Таш-Көмүр ГЭСинде ашкананын жетекчиси болуп иштеген учурунда 24 гана жашта болчу. Союздук мезгил, өзбек,татар, украин, ж.б. улуттар менен жаштыгына карабай тил табышып иштөөгө жетишкен.Чоң ашканада жаш кызга жетекчилик кылуу оңой эмес болчу. Бирок, Бактыгүл өздүндөгү табигый мүмкүнчүлүктөрү аркылуу ишти жөндөп кете алган.

Союздук система ыдырагандан кийин өз алдынча ишкерликке өтүп, "Чолпон", "Эдельвейс" кафелеринде иштеди. Токтогул каскадынын "Интурист" мейманканасын ашканасы менен тейлеп, нечендеген кадырлуу инсандарды, чет элден келген меймандарды күтөт. Иш деген иш, милдетин алдыңбы, сөзсүз өтөлүнөн чык!-дейт Бактыгүл. - Бир жолу эки жактан келген меймандар абдан көп болду. Анткени, Камбар-Ата–2 ГЭСинин агрегатын ишке киргизүү аземи болмок. Мейманканада орун калбады. Күн кеч. Кайда алып барам. Билем. Мен жоопкермин. Анан немецтерден экөөн үйүмө алып бардым да экинчи этажга жайгаштырып кайра келе бердим. Жолдошум жумуштан кеч келип үйгө кирсе, үстүдө эле немецче бирөөлөр сүйлөшөт. Телевизор десе окшобойт. Акырын чыгып караса кадимки эки немец. Анан мага чалып сурап жатпайбы,-деп күлдү.

Мен бир топ элдерден Бактыгүл айрымдарга кайрымдуулук жардамын да аябагандыгын уккан элем. Сурап калдым:

-Эми адам болгондон кийин баары бирдей эмес, ар кандай тагдырга туш болгондор бар. Муктаж болуп кыйналган айрым адамдардан жардамымды аябайм. Бир жолу ата-энелери кайтыш болуп эки бир тууган эле калгандардан Айбек деген баланы ишке орноштурдум, техникумга киришине, колдон келишинче финансыдан жардам бердим. Жигит эрезеге жетип, мени жүрөгүнө жакын тутуп үйлөнгөндө өкүл апа койду. Жаштарга белек болсун деп нике шакегин алып бердим. Зиякулова деген аялга квартира алышына жардамдаштым. Мындайлардан Рахат Камбарова, Нурсултан Маратовдор квартира, майыптар үчүн араба алууга жетишти. Мындан тышкары көп эле маселелеринин чечилишине жардам берип келемин. Жумушсуздуктан келгендер абдан көп, сүйлөшүп, абалын түшүндүрүп ишке киргизген учурларым жок эмес.

Шаардык аялдар Кеңешине абдан көп маселелерди карооо келет. Опекундагы балдардын тагдырына, жетим-жесирлердин, оор тагдырга туш болгондордун, багар-көрөрү жок калгандардын тагдырына байланышкан, үй-бүлөдөгү чыр маселелер... түрдүү мазмунда. Алиментин төлөбөй качып, аз келгенсип аялы отурган үйгө чейин сатып жиберип качкан күйөөсүн прокуратура менен байланышып карматып, алиментин төлөттүм, өзү түрмөгө кетти. Көп келиндерди жумушка орноштурдум.

Мен Аялдар Кеңешине карооо келген каттарды же адамдардын маселелерин албетте жалгыз өзүм чечпеймин. Кеңештин 11 мүчөсү бар. Биз чогулабыз, кеңешебиз, изденебиз. Анан ылайыгына карап чечебиз. Алар Рабшан Абытқановна, Гүлмира Окушевна, Тоту Турдуматовна, Нурбү Усеновна, Кенжекан Сарсейитова, Билим Мырзакулова, Гүлнара Мүсүралиева, Роза Бекмурзаева, Токтокан Мажиновна жана башкалар.

Бактыгүл кандай жагдайда болбосун сөзүн таап, орду менен, таасири менен сүйлөгөн дагы бир өзгөчөлүгү бар. Учур талабын, жашоонун күрөө тамырынын кагышын терең сезип, ошого жараша сөз сүйлөйт. Аны алдын ала кагазга жазбайт, ирээттеп отурбайт. Сөз берилдиби, шыр сүйлөйт. Кандай "теманы" сүйлөп жатканын билип, ылайыктуу пикирин, сунушун, сынын шакылдатып айтып коет. Бир ирет областа аялдардын 8-Март майрамына карата салтанат жыйын болуп, сөз сүйлөдү. Бактыгүл аял-энелердин бүгүнкү күндөгү ордун кыска, нуска сөздөр менен ачып сүйлөдү. Аны дүйнөлүк аренага таанымал аялдардан мисал ала келип, кыргыздын кыз-келиндеринин коомдогу ордуна чейин жеткирди да, Отунбаева баш болгон аялдар тобунун ысымдарын атады.Кыргызстандагы аялдардын бүгүнкү ордун, ролун таасын көрсөттү. Мамлекетибиздин жүгүн теңата тартышууга жарап жаткан кыз-келиндерибиздин дарамети дүң эле дей түшкөнсүдү. Залда мурда сүйлөгөндөрдөн өзгөчө шаңдуу кол чабуулар болду. Бактыгүлдүн ошол жердегилердин жүрөгүнө чырак жаккандай сүйлөгөнү ушундан байкалды.

Бактыгүл бактылуу айым. Үй-бүлөлүү. Өмүрлүк жубайы Токтогул каскадынын директорунун орун басары Болгонбеков Арстан Күрп-Сай ГЭСин он жыл жетектеди. ТГЭС Каскадынын директорунун орунбасары. Бактыгүл экөө курсташ болуп жүрүп баш кошушкан. Үч уулду тарбиялап өстүрүшүүдө. Улуусу Асыл Камбар-Ата ГЭСинде иштейт.Кийинкиси Өмүрбек Славянскийде билим алууда, кенжетайы Айбек 1-класста.

Шаарыбыздын коомдук турмушуна кошуп келаткан мазмундуу салымы үчүн областык, шаардык жана Токтогул ГЭСтер каскадынын администрацияларынын бир нече жолку Ардак Грамоталары, Мактоо баракчалары жана Алкыш баракчалары менен сыйланган.

Жаштар кеңеши

2010-жылы болуп өткөн 2- элдик революциядан кийин республикабызда жаштар иштери боюнча министрлик түзүлүп, Алымкулов Алиясбек Төлбашиевич жетектеген министрликк дайындалып, 7 облуста жана бардык район, шаарларда, айыл жерлеринде Жаштар кеңештери түзүлгөн. Кара-Көл шаарында 2011-жылы февраль айында 300дөй жаштар катышкан форум болуп,анда шаардын активдүү, билимдүү жаштары шаардагы жаштар көйгөйлөрү тууралуу докладдар менен чыгып сүйлөшкөн жана ушул күнү 25 адамдан турган шаардык Жаштар кеңеши түзүлгөн.

Аракеттеги Жаштар кеңешинин максаты-- жаштар саясатын туура жүргүзүү, аларга спорт, маданият тармагында жана социалдык маселелер боюнча колдоо, көмөк көрсөтүү болуп эсептелет. Жаштар кеңешинин тутумуна 14 жаштан 28 жашка чейинки улан-кыздар биригишкен.

Шаардык Жаштар кеңешинин төрагасы Камбаров Мирлан Адилбекович шаар жаштарынын башын кошууга, аларды ынтымакка, адеп-ахлакка, ишмердүүлүккө жана толеранттуулукка чакырууга багытталган бир топ аракеттерди жүргүзүп, Жаштар кеңешинин жамааты менен бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып иштеп жатат.

Жаштар кеңеши ишке киришкен 2011-жылдан баштап эле шаарыбызды көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана таштандылардан тазалап иретке келтирүү багытында мекеме-ишканалардын жетекчилери, мектептер, шаар мэри Еркеев Ильяз Марсовичтин катышуусу менен "Кара-Көл шаарынын тазалыгы үчүн" деген акция, улуттар аралык ынтымакты бекемдөө максатында облустук деңгээлде КВН, мектептер аралык эркин күрөш боюнча мелдеш, мүмкүнчүлүктөрү чектелген мектеп жашындагы өспүрүмдөргө материалдык жардам (ручка, дептер, альбом ж.б.) Жеңиш күнүнө карата ардагерлерге белектер даярдалып, жардамдар берилген.

Азыркы учурда Жаштар кеңешинин алдында "Жаштар борбору" түзүлүп ал жер акыркы үлгүдөгү заманбап техникалар менен жабдылган. Интернет, программалар, англис тили, орус тили ж.б.үйрөтүү боюнча 1 айлык курстар иштеп жатат.

"МЕНИН БҮТКҮЛ АРАКЕТИМ—ЖАШТАРДЫН КЕЛЕЧЕГИНЕ БАГЫТТАЛГАН"

Жаштар кеңешинин эң активдүү мүчөсү Дилара Алтымышбаевна улам бир жаңы долбоордун үстүндө изденип иштеген аракетин ушинтип түшүндүрөт. Дилара шаарыбыздын жаштарынын эртеңки жаркын келечеги үчүн ой калчап, басса-турса ишсиз жаштардын, адеп-ахлак эрежелерине ылайык эмес жүрүп-турумдарга барып жатышкан мектеп окуучуларынын, рекетчиликтин, билимге болгон умтулуулардын солгундап баратышынын ж.б.көйгөйлөрдүн кандайча чечилиши тууралуу түйшүк тартып жүргөнү көңүл кубандырат. Интернетке тынымсыз чыгат, жаңы багыттарды, жаштар көйгөйүн чечүүчү жолдорду издейт. Коомдук өнүгүүнү дүйнөлүк деңгээлге салыштырып, жаңыча ой жүгүртөт.

Дилара Алтымышбаевна азырга чейин эле бир топ максаттарына жетишип келүүдө. Эки жылдан бери жаштар борборунда улан-кыздарга акысыз англис тилин окутууда.2011-жылы декабрь айында "Турмушка, окууга, коомго кызыгуунун жоктугу" деген темада талкуу уюштуруп, көп жаштар мунун себептери боюнча ойлорун ортого салышты. Жаңыча көз караш менен кызыгуунун жолдорун табууга боло тургандыгы боюнча сунуш-пикирлер айтылды. Дүйнөнү сестентип келаткан СПИД ылаңынан сактануу боюнча акция да абдан таасирдүү өткөрүлүп, жаштар видеороликтерден ВИЧти жуктуруп алгандардын абалын көргөндөн улам коркунучтуу илдетке жоопкерчилик менен кароонун зарылдыгын түшүнүштү. "Кыргызстан—менин өлкөм" сынагына жалаң мектептердин окуучуларынан түзүлгөн тайпалар катышышып, достук, улуттук салт, мекен, тарыхый маалыматтар, инсандар ж.б.тууралуу деңгээлдерин көрсөтүштү. Бул сынактын максаты—жаштарды ынтымак менен биримдикке ширелтүү болчу.

-Азыр мен дагы бир топ көйгөйлөрдүн үстүндө иштеп жатам,-дейт Дилара Алтымышбаевна. -Мектеп окуучулары менен жолугушууларда болуп аңгемелешип киджап жамынуу, жеңил ойлуулук, наркотикке берилүү, рекетчилик, жумушсуздук, жаш-

тардын өз жандарын кыюуга барып жаткандыктары, пикир келишпестиктердин себептери ж.б.боюнча ойлор ортого салынды. Мен алардын туура эмес пикирлерин кайра өздөрүнө суроо берүү аркылуу жөнгө салып жаттым. Акырында алар ар кандай терс жоруктарга кыска ойлуулук гана алып барып жаткандыгын түшүнүштү.

Жаштардын көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган дагы бир топ бизнес-тренингдерди өткөрүү, "Кыздын келечеги кандай?" "Алкоголизм",ж.б.темалар боюнча жаштар менен тегерек столдорду уюштуруу пландарынын үстүндө иштеп жаткан мээнеткеч кыз, бардык аракетин жаштар келечекке жаңыча, таза, ишенимдүү кароосуна өбөлгө болууга сарптоодо.

Дилара 1984-жылы Кара-Көл шаарында туулган, жогорку билимдүү Кыргызстандагы чет тилдер боюнча эл аралык университетин аяктаган, кесиби чет тили боюнча котормочу.

Маданият жана спорт мекемелери

ЧӨЛКӨМДӨН ЧЫККАН МАНАСЧЫ

Кара-Көл шаарынын тургуну, республикабызга белгилүү манасчы Салимбай Турсунбаев 1959-жылы 13-январда Жалал-Абад областынын Токтогул районунун Кайрыма кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Ал үй-бүлөдөгү эки агасынан киийинки 6 бир туугандын ортончусу.

Салимбай 1976-жылы Чоң-Арык айылындагы Энгельс атындагы орто мектепти бүтүргөн. Үй шартына байланыштуу өзү көксөгөн жогорку окуу жайынан окууну кийинки жылдарга калтырып, 1977-1979-жылдарда Советтик Армиянын катарында Коми АССРинин борбору Сыктывкар шаарында кызмат кылат. 1980-жылы Кара-Көл шаарына келип эмгек жолун баштаган жана ушул күнгө чейин жигердүү эмгегин улантып келе жатат.

Салимбай Манас айтууну эң биринчи атасы Орозбайдан үйрөнгөн. Ал киши Манасты кара сөз менен жорголотуп айткан чоң санжырачы болгон экен. Бирок, Салимбай атасынан дагы көп нерсени ала албай калган сыяктуу. Анткени, Салимбай эми

гана эс токтотуп 4-класска көчкөн жылы атасы каза болгон.

Салимбай да түш көргөн

Башка көптөгөн манасчылар сыяктуу эле Салимбай да 7-класста окуп жүргөн мезгилинде түш көрүүдөн улам Манас айта баштаган. Бирок советтик доор болгондуктан жана да белгилүү кырсыктардан улам тийиштүү деңгээлде ага Манас айтууга тыюу салынган. Андан соң көөдөнүндө оргуштап турган илхамын ал жамактатып сүйлөө, ыр жазуу менен сооротот. Бирок да Салимбай Манасчылыкты таштай алган эмес. Басса-турса көкүрөгүнө тынчтык бербей куюлушкан Манас окуяларын баян эткен ыр саптары аны тобокелге түртүп 1987-жылы кайрадан эл алдына чыгып Манас айтууга мажбур кылат. Ошентип, көп өтпөй өз аймагындагы аш-тойлордо Манас айта жүрүп элге Манасчы катары таанылып кете

Алгачкы ийгилик

1992-жылы элге эгемендик заман келип, а дебей эле улуу манасчы Сагымбай Орозбаковдун 130 жылдык мааракеси республикалык деңгээлде дүңгүрөтө белгилене турган болуп, ага байланыштуу манасчылардын кароо-сынагы жер-жерлерде өтө баштайт. Мына ошол мезгилде Салимбай мансчылардын областык сынагында 1-орунду, республикада 3-орунду жеңип алат. Мындай жетишкендик Салимбай манасчыны ого бетер курчутуп, өзүнүн манасчылык өнөрүнө болгон ишенимин арттырат. Манасчылык чеберчилиги күн санап өөрчүп, элге тааныла берет.

Дүйнөлүк сынакта катышкан

1995-жылы мамлекетибизде биринчи жолу "Манас" эпосунун 1000 жылдыгын эл аралык деңгээлде белгилөө колго алынып, ага бүткүл дүйнөлүк эл аралык манасчылардын сынагы уюштурулат. Мына ушул эң чоң сынакта да Салимбай 3-орунга ээ болуп, көпчүлүктү тамшандыра Манас айтат. 1997-жылы "Башканы коюп Манасты айт" аттуу республикалык сынакта дагы Салимбай кызыктыруучу сыйлыктын ээси болууга жетишет.

Республикалык биринчиликти алган

2004-жылы Эмил уулу Назар манасчынын 230 жылдык мааракесинин урматына өтүлгөн республикалык деңгээлдеги сынакта Салимбай Турсунбаев ээ-жаа бербей ээлигип айткан манасы менен 1-орунду утуп алат. Ошондон бери карата да Салимбай республикалык же областык деңгээлде болобу манасчы-

лык өнөрдүн аркасы менен ийгиликтерди колдон чыгарбай келе жатат.

2005-жылы "Эл ичи—өнөр кенчи" аттуу сынак Жалал-Абад областында өткөрүлүп, Салимбай дагы эле биринчи орунду жеңип алган.

Сыйлык артынан сыйлык

2006-жылы Салимбай Турсунбаев мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө жана анын кадыр-баркын көтөрүүгө кошкон зор салымы үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик катчысы, Кыргыз Республикасынын президентине караштуу мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы, коомдук ишмер Дастан Сарыгуловдун колунан диплом алган.

Ошол эле 2006-жылы маданият тармагындагы көп жылдык эмгектик жетишкендиктери, маданий-агартуу иштерине кошкон зор салымы үчүн Жалал-Абад областык маданият башкармалыгынын Ардак Грамотасы менен сыйланган.

2007-жылы 11 басма табактан турган "Сезимдеги элестер" аттуу биринчи ырлар жыйнагы басмадан жарык көрүп, окурмандардын сүймөнчүгүнө ээ болгон.

Манасчыга чет элдик автомашина

2012-жылы 4-мартта көп жылдык жана чебер манасчылык өнөрү үчүн "Улуу мурас" аттуу коомдук фондунун атынан 350миң сомдук чет элдик автомашина менен сыйлануга жетишти. Учурда чебер манасчы жана ыр жазуунун чебери Салимбай Турсунбаев экинчи ырлар жыйнагын чыгарууга кам көрүп, чыгармачылыктын үстүндө эмгектенип жатат. Өздөрүнүн манасчы уулун кара-көлдүктөр сыймык менен кадырлашып, шаардык деңгээлде өткөрүлгөн бардык иш чараларынан калтырышпайт жана буудандай чаптырып, мөндүрдөй төктүрүп Манас айттырышып, көшүлүп угушат.Салимбайдын уулу Жылдызбек Турсунбаев да республикага белгилүү жаш таланттардын катарын толуктап жаштайынан кыял чабытын арыштатып мазмундуу ырлар жазган, манас айткан таланттуу жигит.

ЖАНЫШБЕК КОЧКОРОВ

Ала-Тоо аймагынын бүткүл жергесине аттын кашкасындай таанымал обончу жана ырчы-аткаруучу Жанышбек Кочкоров 1954-жылы Жаңы-Жол районунда туулган. 1974-жылы Жанышбек Кочкоров токмок шаарындагы маданият техникумун ийгиликтүү аяктап, "Элдик оркестрдин дирижеру" адистигин алган.Жанышбек Кочкоров өзүнүн эмгек жолун 1974-жылы Ош областынын Ленин(азыркы Ноокен) районунун маданият үйүндө усулчу (методист) болуп иштөөдөн баштаган. 1977-жылы Кара-Көл шаарындагы "Энергетик" маданият үйүндө вокалдык-инструменталдык ансамблдин көркөм жетекчиси, 1996-жылдан Токтогул ГЭСтер каскадынын спорт жана маданий-массалык иштер боюнча инструктору, 2001-жылдан Токтогул ГЭСтер каскадында (ВОХР) кароолдор бөлүмүндө башчынын орунбасары болуп иштеп келүү менен бирге али да өзүнүн чыгармачылык дараметин бошондотпой жаңы обондорду жаратып жана мамлекеттик, шаардык, областтык ар кандай чоң-чоң иш чараларга катышып, сахнада обон созуп келүүдө. Анын репертуарына таандык ондогон обондору жаш өнөр ышкыбоздоурунун ооздорунан түшпөй улам жаңы боөктор менен элге таанылып, калкыбыздын дилине сиңип келе жатат. Өткөн мезгил эскирсе да, жаштардын заманага болгон көз караштары өзгөрсө да, Жанышбек Кочкоровдун жүрөк кылдарын терметкен кудуреттүү обондору эркин учкан ак кептердей улам жаңы муундарга өтүп келе жатышы обончунун накта таланттуу чеберчилигин далилдеп келүүдө.

Жанышбек Кочкоровдун көңүл эргитип, жүрөк толкуткан ондогон мукам обондорун кара-көлдүктөр гана эмес, бүткүл Кыргызстан эли кулак моокумун кандырып угушат жана ооздон түшүрбөй эски, жаңы муундардын баары сүйүп ырдашат. Жанышбек Кочкоровдун мамлекеттик деңгээлдеги эле алган бир топ Ардак грамоталары, төш белгилери анын сейрек кездешчү тубаса талант экенинин далили.

МУКАМ ҮНДҮҮ АТКАРУУЧУ

Апал Аликееванын үнүн Кара-Көл аймагында маашырланып эшитпеген инсан жок чыгаар. Шаар аймагында акыркы 30 жыл мезгил аралыгында кандай иш чара, кандай салтанаттуу жыйын, кандай майрамдар болбосун Апал Аликеева өзүнүн тубаса уккулуктуу үнү менен уккандардын жан дүйнөсүнө эргүү тартуулап обон созуп ырдап келет.

-Ырдоого мен бала кезимден кызыкканмын,-дейт апал Аликеева,-Мектептен окуп жүргөнүмдө эле радиодон кандай ыр уксам ошону дароо жаттап, обонун келиштире ырдап үйрөнмөйүнчө тынч алчу эмесмин. Өзгөчө Ырыспайдын, Асанкалыйдын көптөгөн ырларын сүйүп ырдап келем, эл да сүйүп угуп келатат десем жаңылбайм. Себеби, ал таланттардын чыгармаларынын өзүндө элге жеткиликтүү бир касиет бар, анан да аткаруучу катарында мен да изденем, эл мени берилип, көңүл коюп, кол чаап кызыгып угууларына жетишүү үчүн ар дайым аракетимди жумшап келе жатам.

Ооба, таланттуу аткаруучунун мөлтүрөгөн жамалдуу жүзүнө шайкеш келген обондуу ырларын укkан эч бир жан кайдыгер калбайт. Тематикалык ырларды да ийине жеткирип ырдаганын элдин баары билишет, суктанып кабыл алышат. Бир жолу шаардагы Улуу Ата Мекендик согуштун курмандыктарына арнап ачылган эстелик жанында кезектеги 9-Май салтанаты болду. Жеңиш майрамынын мазмунуна шайкеш "Уулуңар тирүү биз менен" деген ырды Апал Аликеева аткарды. Эл былк этпей тунжурап укту. Менимче ар бир угармандын ички дүйнөсүн согуштан калган ачуу так ачыштырып да, калгандарга кайрат берген ырдын мазмуну толкундатып да турду окшойт. Азыр эле ЖЕҢИШ үчүн миллиондогон адамдардын өмүр кыйылгандыгы, дүйнөлүк адамзаттын жүрөгүн титиреткен алааматтын зыяндуу залдары тууралуу сөз боло келип, ушул күнкү ЖЕҢИШ үчүн жанын берген миллион дордун жыргал турмушту бергени үчүн урпактардын эсинде түбөлүк калаары ырдын ыргагы менен жүрөктөн жүрөккө жетип жатты.

Чебер аткаруучунун сыйлыктары да аз эмес, алар Апал Аликееванын таланты менен шыгынан, изденгич жана эринбеген

мээнеткечтигинен дарек берип турат.

1989-жылы Фрунзе шаарында Бүткүл союздук фестиваль болду. Анда нукура элдик (фольклордук) ырлар аткарылмак эле. Апал Аликеева Кара-Көл шаарынын намысын көтөрүп алдыңкы орунду жеңип, фестивалдын лауреаты болуп кайтты. Андан бери да нечендеген жаңы обондор, жаңы ырлар жаралбады. Аларды сахнада ырдап элди кубандыруудан Апал айым чарчаган жок.

Шаарыбызда "Ырдын пири Ырыспай" аттуу областтык деңгээлдеги кароо-сынак болду. Апал Аликеева биринчиликти өзү жеңип алды. Бишкекте мамлекеттик тил мыйзамынын 20 жылдыгына карата "Элдик көркөм таланттар—2009" сынагы болуп, элдик ырлар аткарылды. Апалга 1-орун ыйгарылды. Ушул сыяктуу көптөгөн сынактарга катышып, көптөгөн ийгиликтерди багынтуу Апал айым үчүн көнүмүш болгон сыяктуу.

Электр станциялар ачык акционердик коомунун "Ардак Грамотасы", областтык, шаардык бийликтин көптөгөн "Ардак грамоталары" чебер аткаруучунун эмгек үзүрү.

АЙНАГҮЛ ЖОЛДОШОВА "АЛТЫН ӨРӨӨНДҮН АЛТЫН ДОБУШ, БУЛБУЛ КЫЗЫ"

Мына ушундай титул аргендей мукам үндүү, жаркыган жылдыз жүздүү, куюлуштура сүйлөгөн сөзү менен аймагыбызга кеңири таанымал ырчы кызыбыз Айнагүл Жолдошевага таандык.

Айнагүл жаш кезинен эле ырчылыкты көздөп, окуучулук кезинде эле мектептеги ар кандай тематикалык уюштуруу иштерине активдүү катышкандыгы менен көзгө көрүнгөн. Ошондо эле өзүнө абдан тыкан, айтылган тапшырманы орду менен так аткарган кызды мектеп жамааты сүймөнчүк менен урматташаар эле. Айнагүл 1984-жылы өз шык-жөндөмүнө шайкеш кесипке ээ болуу максатында Фрунзе шаарындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун музыкалык факультетине кирип, 1988-жылы "Музыка мугалими " деген адистикке ээ болду. Ушул жылы эле эмгек жолун Токтогул шаарчасындагы Ю.Гагарин атындагы орто мектепте музыка мугалими жана пионер-вожатый болуп иштөө менен баштады. 1989-1992-жылдары "Кызылтуу" гимназия мектебинде мугалим, Кара-Көл шаарында

1992-93-жылдары Токтогул атындагы орто мектепте,1993-жылдан Д.Шопоков атындагы №4-орто мектебинде музыка мугалими болуп иштеди. Ар кандай даталуу күндөргө, тематикалык тарбиялык сабактарга ж.б. карата көптөгөн иш чараларды уюштуруу га, өткөрүүгө, сынактарга катышууга туура келет.Сынак демекчи, мында мугалимдин чеберчилиги сынактарда алдыңкы орундарды жеңгендиги менен бааланат. Айнагүл бул жагынан камчы салдырбады. Болгон чыгармачылык дараметин ийгилик жаратууга жумшады. Анын даярдаган сценарийлери боюнча өтүлгөн иш чаралар баарына жакчу. Бара-бара Айнагүлгө ишеним арта берди.

2003-2005-жылдарда шаардык маданият үйүн жетектөө дайындалды. Бул учур республика боюнча маданият тармагы кыйналып турган учур болчу. Улуттук кийимдер, музыкалык аспаптар, айлык маяналар боюнча чоң көйгөй жаралып турган. Кантсе да Айнагүл болгон күчүн сарптап, шаардык деңгээлдеги уюштуруу иштерин аткарып иштеди. Шаар бийлигинин алдына бир топ орчундуу маселелерди коюп, анын оң тарабына чечилишине жетишти.

Айнагүлдүн ырчылык таланты алып баруучулук жөндөмү менен шайкеш. Көптөгөн шаардык деңгээлдеги иш чараларда алып баруучу катары да, ырчы, аткаруучу катары да көпчүлүктүн купулуна толгондугун эч ким танбайтко. Өзгөчө 1970-90-жылдардагы обондорду аткарганда эл шатыра-шатман кол чаап кубанышат.Шаардын намысы үчүн көптөгөн республикалык, облласттык, шаарлар аралык кароо-сынактарга катышып, байгелүү орундардын ээси болуп келгендиги да Айнагүл айымдын табигый шыгынын көрөңгөлүү экенинде. Айнагүл 2005-жылдан бери №4-орто мектепте музыка мугалими болуп эмгектенүү менен андагы ондогон жаш таланттарды музыка коштогон чыгармачылыктын чыйырына салды. Ар бир тема боюнча талыбай изденип, жаңы-жаңы өзгөчөлүктөр менен уюштуруучулук иш чараларды өткөрөт. Мына ушундай эмгектери үчүн КРнын билим берүү министри И.Болжурованын Ардак Грамотасы менен сыйланган. Азыркы мезгилде Айнагүл айым шаардык билим берүү бөлүмүнүн балдар чыгармачылык үйүндө келечек муундарга өнөр-билим берип келе жатат.Ушуну менен эле бир катарда шаардын коомдук иштеринен да четте калбай келе жатат. 2000-жылдан бери шаардык Аялдар кеңешинин активдүү мүчөсү.

Жолдошева Айнагүлдүн маданият тармагынагы жигердүү ак эмгегинин далили болуп анын алган сыйлыктары эсептелет. Мисалы, "Эл ичи—өнөр кенчи"аттуу республикалык теле сынагынын лауреаты болгон. Кара-Көл шаарында маданият тарамагын мыкты жетектегендиги үчүн Кыргыз Республикасынын маданият министрлигинининн "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгиси менен, кыргыз тилин өнүктүрүүдөгү кошкон чоң салымы үчүн 1997-жылы областык "Мырзайым" жана 2007-жылы өткөн "Кыргыз айымы" телесынактарынын баш байгеси менен, КРнын президентинин акчалай сыйлыгы менен, жана башка көптөгөн шаардык, областык, республикалык Ардак Грамоталар, байгелүү сыйлыктар менен сыйланган.

ШААРДЫК БОРБОРЛОШТУРУЛГАН КИТЕПКАНА

Кара-Көл шаардык балдар китепканасы 1967-жылы Кара-Көл шаарчасында балдар китепканасы болуп ачылган."Эң биринчи "Наша главная площадь" китеби мүлк каттоо Китебинде 1967-жылы 1-апрелде катталган. Бул китеп басмаканадан 1966-жылы чыккан, баасы 94 тыйын болгон.

1967-1968-жылдарда китепканада китептердин саны 4876 нуска китепти түзгөн. Балдар китепканасынын башчысы Жунушова Айна Молдобековна, китепканачы болуп Гарифулина Хадича иштеген. 1972-жылы китепкананын бөлүм башчысы Р. Ганиева, китепканачылар Н.Садыкова, Ф.Онгоевалар иштешкен. Китеп фонду 15миң 760 нускага жеткен. Ал кезде балдар китепканасы Клубная көчөсүндөгү үч бөлмөлүү барак тибиндеги имаратта жайгашкан.

1987-жылы китепкананын бөлүм башчысы И.А.Гизатулина, китепканачы болуп Ж. Муратова иштеген. Китепканага кыргыз улутундагы окурмандардын келүүсү 100 пайызга өскөн. Бир күндө китепканага 150-160ка чейин окурмандар келип турган.

1989-жылы Клубная көчөсүндөгү китепкана Ленин көчөсүнөн орун алган 6 – үйдүн 1-кабатына көчүрүлгөн. Китепканага 2 окуу залы, 2 китеп сакталуучу бөлмө 1 кийим илүүчү бөлмө, 1 эс алуу бөлмөсү, 1 ашкана, 1 усулдук бөлмө берилген.

2002-жылы китепкананын директору болуп Ж. Муратова дайындалган. Китепканачылар В. Земцов, В.Малышенколор иштешкен. 2002- 2011-жылдар ичинде китепканага 4892 нуска

китеп кошулуп, китепкананын фонду өскөн. Бүгүнкү күндө балдар китепканасынын фонду 31миң 60 нуска китепти түзөт. Азыр китепканада 8 адам эмгектенет. Китеп көргөзмө, аңгеме, тематикалык текче, оозэки маалымат, адабий кече сыяктуу бир топ иш чаралар мезгил-мезгили менен өткөрүлүп турат. Азыркы убакта китепкана шаардык "Энергетик" маданият үйүнүн 2-кабатында жайгашкан.

Шаардык балдар чыгырмачылык үйү

Шаарда билим берүү тармагына түздөн-түз тиешелүү болгон балдар чыгармачылык үйү көп жылдан бери иштеп келе жатат. Бул мекеменин максаты – жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоо жана алардын кызыкчылыктары боюнча илимий-техникалык, көркөм-эстетикалык, чыгармачылык жана башка кошумча билим берүү. Мындагы ар бир ийрим окуучулардан да, окутуучулардан да өзгөчө шыктуулукту, талантты жана чыгармачылыкты талап кылат.

Балдар чыгармачылык үйүндө негизинен көркөм чыгармачылык жана предметтик сабактар өтүлөт. Дээрлик бардык сабактар чыгармачылык нукта орус жана кыргыз тилдеринде алып барылат. БЧҮдө окуучуларды кызыктырган сырдуу сандар, улуттук даам, куурчак театр, бычып тигүү, сүрөт, экология, драмтеатр, улуттук бий, токуу ийримдери иштейт. Азыркы тапта БЧҮдө 12 киши эмгектенет, алардын 10у жогорку, экөө атайын орто, үчөө эл агартуунун отличниктери. Туралиева Айтилек Токтоналиевна директор болуп жетектеп келүүдө.

ТУРАЛИЕВА АЙТИЛЕК ТОКТОНАЛИЕВНА

Туралиева А.Т. 1976-жылы 18-февралда Кара-Көл шаарында туулган. Борборубуздагы С.Чокморов атындагы кесиптик окуу жайын бүтүрүп "Гончар живописчи" адистигин алган, КРнын Президентинин алдындагы башкаруу академиясынан 2 айлык курстан окуган жана Жалал-Абад университетинен мамлекеттик жана мунаципалдык башкаруу факультетин аяктоо курсунда билим алууда. Эмгек жолун 2001-жылы БЧҮдө "Керамика" ийримин жетектеп баштаган, 2008-жылы БЧҮдө директордун орун

басары, 2009-жылдан бери директор болуп иштеп келүүдө.

Туралиева Айтилек табиятынан эле ар тараптуу чыгармачылык талантка эгедер айым. Кол өнөрчүлүккө өтө берилип, сүрөт тартууну, апликациялар менен иштөөнү, сайманын түрлөрүн өзгөчө кооздоп саюуну, тигүүнү жана керамика менен иштөөнү жакшы билгендиги менен белгилүү. Буга кошумча А. Туралиева көп түрдүү темаларга кайрылып ырлар жазып келет. Буга мисал катары айта кетели: залкар обончу-композитор Р.Абдыкадыровдун 65 жылдыгына карата "Ырдын пири – Рыспай" аттуу аймактык кароо-сынакта Р.Абдыкадыровго арналган ыры менен биринчиликти алып Ардак грамота менен сыйланган, "XXI кылым радиосу" үналгысынан жарыяланган "Даңктайлы кутман эл-жерди" республикалык сынагынан"Гран При" сыйлыгына ээ болгон жана Кыргызстандын жаш адабиятчыларынын "Айтматов Эл аралык Фондусунун" "Дебют – 2007" жайкы мектебинин сертификатынын ээси.

Балдар музыкалык мектеби

Кыргыз ССР Министрлер кеңешинин 1956-жыл, 12-марттагы №83 –чечими менен жана Ош областык, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кеңешинин чечими менен 1963-жылы 15-августа шаарда балдардын музыкалык мектеби ачылган. Ал мектепте биринчи болуп, Петр Иванович Морозов директор болгон. Мектептин ачылыш жана уюштуруу иштеринде , ал кишинин эмгеги абдан чоң десек жаңылбайбыз. Музыкалык мектептин учурдун талабына ылайык иштөөсүнө багытталган бардык көйгөйлүү маселелерди чечүүгө жетишип иштеген.

Андан бери бул мектепте Т.Т.Малькова, завуч болуп Р.Ф.Заналютдинова, Ш.А.Аджибекова, Т.Б.Бабашева, А.Я. Старинцев, Г.Н.Рамазанов иштешкен. Ал эми 1990-жылдын 1-сентябрынан бери ушул күнгө чейин мектептин завучу болуп Н.П.Нестерова эмгектенет. 1994-жылдан тартып, бүгүнкүгө чейин мектептин директору болуп Т.Ш. Шекербекова иштеп келе жатат.

Балдар музыкалык мектеби ачылган мезгилден бүгүнкүгө

чейин шаарыбыздын таланттуу жаш өспүрүмдөрүнө классикалык жана элдик музыканы үйрөтүүдөгү жана пропагандалоодогу ролу абдан чоң. Бул мектептен окуп тарбияланган окуучуларыбыз өздөрүнүн музыкалык билимдерин андан ары улантышып, ар башка шаарлардан музыкалык, консерваториялык окуу жайларын бүтүрүп келишип, ушул өзү бүткөн мектебине келип иштеп жатышат.

Шаардын музыкалык мектебинин окуучулары областык жана республикалык ар түрдүү юбилейлик, тематикалык кароо-сынактарга катышышып, эң алдыңкы орундарды багындырышып, музыкалык мектептен жемиштүү билим алгандыктарын далилдеп келе жатышат.

Балдар музыкалык мектебинде 125 окуучу ар түрлүү шыкжөндөмдөрүнө жараша музыкалык билимдерди алып жатышат. Аларга өнөр үйрөтүүдө 9 мугалим эмгектенишсе, алардын 4ү жогорку билимдүү мугалимдер, ал эми 5и атайын орто окуу жайларынан билим алып келишкен адистер. Музыкалык мектепте эмгектенип жаткан жамаат баары тең өз адистигинин устаттары, өнөр адамдары. Мугалимдик кесиптин чебер ээлери. Муну биз окуучулардын республикалык деңгээлдеги иш чараларда дайыма алдыңкы орунга чыгып келатышы менен эле далилдеп бере алабыз. Кечээ эле 2012-жылдын май айында областта болуп өткөн карооого катышкан бул мектептин жаш таланттары дагы эле биринчи орунду жеңип келишти. Мындай жакшы жетишкендиктер албетте жетекчинин уюштуруучулук иш билги жөндөмүнөн көз каранды экендиги талашсыз. Демек, Таалайкан Шекербековна кадрларды тандоодо, музыкалык мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоодо албан эмгегин жумшап келеткандыгы талашсыз.

Шаардык басылма

Кара-Көл шаары статус алгандан кийин эле "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын алдында "Огни Нарына" деген аталышта газетасы чыга баштаган жана бүтүндөй ГЭСтердин, шаардын курулуш иштеринен, социалдык-экономикалык абалындагы иш ыргактарынан элди кабардар кылып турган. Жумасына үч ирет чыккан бул газетанын беттеринде ар бир тар-

мактагы эмгек ыргагы, коммунисттердин, комсомол жаштардын каарман эмгектери, профсоюздук, медицина ж.б. тейлөө тармагынын иштери чагылдырылып келген. Мезгил талабына жараша кайсы бир ишкана-мекемедеги кемчиликтер же эмгек адамындагы жоопкерсиздик, адам укугун бузуулар, алдым-жуттум ж.б. фактыларын газета бетинен чагылдырылып, ал сөзсүз түрдө шаардык деңгээлде эмгек жана кылмыш Кодекстеринин талабына ылайык өз жазаларын алышкан. Ондогон коммунисттер менен комсомол жаштарга газета да алардын ысымдарын даңазалоо менен дем-күч берип турган.

Эгемендүүлүк доору келгенден кийин жергиликтүү басылмаларды каржылоочу булак да жок болуп, бир топ өз нугуна түшө албаган бардык басылмалардай эле шаардык газета да бир топ чыкпай калды. 1998-жылдын 21-мартынан тартып гана "Кара-Көл нуру" деген аталыш менен газета кайрадан айына бир ирет чыгуу мүмкүндүгүнө ээ болду. Баары бир 4-5 жыл кабарчылардын айлык маянасы, газетаны каржылоо кыйнап, үзгүлтүккө учурап анан барып бир ыргакка түштү. Башка шаар, райондорго салыштырмалуу шаардын мэри Рабшан Абытканова келген күндөн тартып, 2002-жылдан үзгүлтүксүз чыгышы колго алынды. Мына ошол мезгилден тартып, шаардын мэриясы, шаардык Кеңеш, анын депутаттары жана ишкана-мекемелердин колдоосу менен үзбөй чыгып келүүдө. Газетанын кайра жаралгандан берки 160-саны жарыкка чыкты. Газетанын максаты—шаар бийлиги менен элдин байланышын чыңдоо, эл үчүн бийлик тарабынан кандай камкордуктар көрүлүп, кандай шарттар түзүлүп, кандай максаттар аткарылып же пландалып жатканы ж.б. менен элди кабардар кылуу. Газетада 2002-жылдан бери журналист Разия Кошматова редактор болуп эмгектенип келүүдө.

Бүгүнкү күндө шаарда Москва шаарынан жогорку билимге ээ болгон журналист Жолдошбек Алиев түптөгөн "Кара-Көл үнү" газетасы да бар.

Шаардагы дене тарбия жана спорт иштери

Энергетиктердин шаары—жаштыктын шаары болгондуктан шаарга ГЭС куруучулар келген күндөн эле жетекчилик тарабы-

нан спортко да чоң көңүл бөлүнгөн. Шаарда спорттук комитет жана шаардык балдар жана өспүрүмдөрдүн спорттук мектептери иштеп турган. Жүздөгөн жаш өспүрүмдөр спорттун ар кандай түрлөрүнө машыктырылып, ондогон областыбызга, республикага чейин белгилүү спортчулар өсүп чыккан. Спорттун чебери жана мыкты уюштуруучу Валиулина Ирина Болеславовна көп жылдардан бери шаарда балдар-өспүрүмдөр мектебин жетектеп, окуучулары республикалык деңгээлдеги мелдештерге катышып, алдыңкы орундарды багынтып келүүдө. Тажрыйбасы мол спортчунун ондогон окуучулары республикалык, областык деңгээлге таанымал болушкан. Ирина Болесловна ондогон Ардак областык, шаардык Ардак Грамоталардын ээси.

Ал эми шаардык дене тарбия жана спорт бөлүмүн Алымбаев Дөөлөтбек Молдобекович 1995-жылдан бери жетектеп келүүдө. Ар дайым шаарыбызда өтүлгөн майрамдык жана тематикалык иш чараларда, юбилейлерде, атайын спортко машыктыруу багытында, ишкана-мекемелердин арасында спорттун бардык түрлөрү боюнча кызыктуу мелдештер уюштурулуп, мыктылардын мыктылары тандалып, кызыктыруучу белектер, материалдык колдоолор көрсөтүлүп келе жатат. Жыл сайын шаарлар жана райондор аралык ондогон мелдештер өтүлөт.

ДӨӨЛӨТБЕК АЛЫМБАЕВ МОЛДОБЕКОВИЧ

Дөөлөтбек Алымбаев 1959-жылы туулган. Билими жогору. Эмгек жолу 1977-жылы НГЭСтин курулуш башкармалыгында куруучу болуп иштөөдөн башталган. 1980-1994-жылдары шаарда ББББүнүн алдындагы балдар жана өспүрүмдөрдүн спорт мектебинде эркин күрөш боюнча мугалим-машыктыруучу (тренер) болуп иштеген. Ал эми 1995-жылдан азырга чейин дене тарбия жана спорт бөлүмүнүн жетекчиси.

Көптөгөн спорт сүйүүчүлөр, өзүнүн тарбиячылары Алымбаевди чоң урматтоо менен оозго алышат. Дөөлөтбек чебер уюштуруучу, эркин күрөш жана каратэ-до боюнча 2007-2008-жылдарда эл аралык турнирлерге катышып 1 жана 2-орундарды жеңип келген. Ал эми 2009-жылы Турциянын Анкара шаарында өтүлгөн дүйнөлүк чемпионатка катышып эркин күрөш боюнча 7 – орунга

жетишкен. Ошондой эле 2010-жылда Швейцария мамлекетинин Домдидер шаарында болгон бүткүл дүйнөлүк спорт ардагерлеринин чемпионаттыгына катышып үчүнчү орунду кол кийириши Дөөлөтбектин спорттун чоң чебери экендигинин дагы бир далили. Ондогон шаардык, областтык Ардак грамоталарды жана Кыргыз өкмөтүнүн алдындагы спорт жана дене тарбия боюнча мамлекеттик Агенттигинин Ардак Грамотасын алган.

МОЛДОДОСОВ ИСКЕНДЕРБЕК

И.Молдодосов 1954-жылы, январь айында туулган. 1983-жылы "Нарынгидроэнергокурулуш" мекемесинде жылуулук коммуналдык чарбасында спортжабдууларынын мастери, кийин АТПОдо `өндүрүштүк гимнастика боюнча инструктор, 1987-жылдан шаардагы жаштар жана балдардын спорт мектебинде футбол боюнча машыктыруучу, кайра дене тарбия жана спорт боюнча усулчу, №4-орто мектепте дене тарбия мугалими, 1990-жылдан спортчулардын шаардык профсоюздарынын төрагасы, 1992-жылдан 1995-жылга чейин шаардык мамадминистрациясында спорткомитетинин төрагасы, 1996-жылдан "ИМАРАТ-СЕРВИС" мекемесинин механикалаштырылган цехинде мастер, 2000-жылдан кытайлык "ГОИН" мекемесинде курулуш жана реконструкциялоо боюнча инженер, 2004-жылдан "ТААТАН" ишканасынын техникалык бөлүмүндө техникалык коопсуздук боюнча инженер, 2007-жылдан менчик ишкана "АЗАТ"мекемесинде прораб болуп туруп, 2009-жылы Бишкек шаарынын коопсуздук кызматынын начальниги болуп которулган.

Молдодосов Искендербек 1974-жылдан бери Кара-Көл шаарында футболчулардын "Энергетик" тандалма тайпасында ойноп келе жатат. 1-категориядагы инструктор, 1-категориядагы тренер, КРнын дене-тарбия иштери боюнча отличниги

Д Ю С Ш

В 1967 году была создана Детская- юношеская спортивная школа. В то время функционировало 4 вида спорта. В настоящее время ДЮСШ -- это школа, в которой обучается ежегодно 600 и

более человек 6 видах спорта. ДЮСШ воспитывает спортсменов по таким видам спорта как футбол, волейбол, баскетбол, вольная борьба, тогуз коргоол, бокс. Ежегодно, для повышения спортивного мастерства, ДЮСШ устраивает своих воспитанников в школу олимпийского резерва, и спорт клуб "Дордой"-футбол. В настоящее время в ДЮСШ работают 15 тренеров—преподавателей—из них 1 отличник образования, 2- отличника Спорта, 2-награждены Грамотами Министерства Образования.

ТРЕНЕР ПО ВОЛЬНОЙ БОРЬБЕ НАЗАРБЕКОВ АБДЫЛАС

Назарбеков Абдылас, родился 14 августа 1955 в с. Озгоруш, закончил КГИФК в 1988 г., образование высшее. В ДЮСШ работает с 1982 г., общий трудовой стаж 36 лет, педагогический стаж 30 лет.

За время работы в ДЮСШ показал себя добросовестным работником, вовремя комплектует группы, проводит обучение учащихся на хорошем методическом уровне, в результате этого учащиеся тренера Назарбекова А. Показывает высокие спортивные результаты во время участия в соревнованиях, так в 1997 году воспитанник Назарбекова А Рахимов А участвовал в чемпионате мира, а так-же в Международном турнире в Иране, в том же году Анашев М участвовал в чемпионате Кыргызстана и занял 2 место,в настоящее время, в 2012 году команда воспитанников Назарбекова А в областной спартакиаде школьников заняла 3 место,а двое из троих участников Республиканской Спартакиаде школьников заняли 3 место, в 2012 году больших спортивных результате добились Байкашкаев Бакыт, Букуев Нургазы, Рыспек уулу Эмиль, Сманбеков Алмаз,Мавлянов Эльдияр, Гүлчоро уулу Ильяз.

Назарбеков А—2009—2010гг. Сам участвовал в Чемпионате Мира Турции и показал высокий спортивный результат, заслуженно пользуется авторитетом и уважением, любовью среди детей, развивает у учащихся умение и навыки ведения боя, организует и контролирует самостоятельную работу учащихся. Большую работу ведет по воспитанию подрастающего поколения,

имеет организаторские способности. Назарбеков А совместно с тренерами ДЮСШ организует и проводит соревнования внутришкольные, городские, и областного значения. Ежегодно воспитанники Назарбекова А. Поступают в школу Олимпийского резерва Поддерживает тесную связь с родителями и школой.Активно участвует в методической работе школы.

Назарбеков А. В своей работе добивается больших успехов, его ребята участвуют во всех городских, междугородных, областных турнирах, где занимают призовые места. Все успехи достигнуты благодаря контролю и отбору перспективных юных спортсменов.

Назарбеков А. Обеспечивает безопасность проводимых занятий и соблюдение санитарно-гигиенических норм.

ВАЛИУЛИНА ИРИНА БОЛЕСЛАВНА

Валиулина Ирина Болесловна работает в отделе образования 28 лет. Валиулина Ирина Болеславна трудовую деятельность начала в 1984 г. После окончания института была направлена в Кара-Кульское ГорОО тренером по баскетболу и завучем ДЮСШ. С 1999г. Работает директором ДЮСШ.

За время работы в детской спортивной школе проявила себя добросовестным и исполнительным, дисциплинированным, требовательным к себе, подчиненным и учеником, громатным знающий свое дело руководителем. Большую работу ведет по подбору квалификационных кадров, воспитанию подрастающего поколения, имеет большие организаторские способности руководителя.

Благодаря ее организаторским способностям учащиеся стали часто выезжать на областные и республиканские спартакиады школьников, в которых не редко занимают призовые места.

Ирина Болеславна оказывает методическую помощь учителям физкультуры при проведений занятий,а также при проведении соревнований. Ирина Болеславна внедряет в работу эффективные формы тренировок и мет оды воспитания спортсменов, организует культурные мероприятия, походы и посещение музеев.

За время работы директором спортивной школы выиграла грант по линии Мерсико в сентябре 2006 года на ремонт кровли спортивного зала "Энергетик". В 2007 году по составленной и поданной в городской Кеңеш смете, доказала значимость сметы,приобрела спортивный инвентарь для отделений баскетбола, волейбола, футбола ДЮСШ, в 2008 году по смете приобрела спортивный инвентарь для отделения вольной борьбы. В 2009 году по смете выиграла грант на обеспечение спортинвентарем отделение бокса. В течении ряда лет,по смете составленной и поданной в местный городской Кеңеш, воспитанники ДЮСШ смогли принять участие в областной Спартакиаде школьников,а в 2009 году 8 воспитанников вошли в состав сборной области по видам спорта, волейбол, баскетбол, футбол. В результате обеспечения видов спорта инвентарем воспитанники ДЮСШ 2009 году показали лучще результат по сравнению с прошлыми годами. Как тренер, у Валиулиной И.Б.в составе сборной области по баскетболу, принял участие 1 воспитанник. В 2009 году награждена грамотой Министерства образования. В 2011 г.футболисты в составе сборной Джалал-Абадской области заняли 3 место, были награждены медалями и дипломми министерства образования, в республиканской Спартакиаде школьников. В 2012 году 2 из трех воспитанников вольной борьбы заняли 3 место в Республиканской Спартакиаде школьников. В 2009 году в г.Кара-Куль проходила Областная Спартакиада работников образования где учителя заняли 1 место, в 2010 году заняли 2 место, 2012 году футболисты заняли 1 место шахматы женщины и Тогуз Коргоол женщины. В 2011 году на Республиканской Спартакиаде работников системы образования 3 место заняли волейболистки Омурова Калийма СШ №3 Чукунова Орунбю СШ №1.

Кара-Көл шаарында жашаган адамдардын эскерүүлөрү

Кара-Көл шаары менин жүрөгүмдө

Абдылда Исраилов, Токтогул ГЭСтер каскадынын мурдагы директору, азыр "Электр станциялар" ачык акционердик коомунун директорунун орун басары ??????

1978-жылы Токтогул шаарчасындагы орто мектепти бүтүргөн соң мен Кара-Көл шаарына бардым. Ошол мезгилде Кара-Көл жаштардын шаары болчу, Бүткүлсоюздук жаштар уюмунун (комсомолдун) эпкиндүү курулушунун борбору эле. Борбордук Азиядагы эң чоң гидроэлектростанциялардын бири Токтогул ГЭСи курулуп жаткан.

Биз азыркы суу сактагычтын астында калган шаарчанын жаштары болчубуз, биздин бала чагыбыз ошол азыркы суу калкылдаган аймакта жайгашчу. Ошондуктанбы кыялыбызда биздин бардыгыбыздын эмнегедир энергетик болгубуз келчү. Ал кезде дээрлик бүт үйлөрдө ГЭСтер тууралу, өлкөнүн келечеги тууралу көп кеп жүрчү. Биздин аймак үчүн гидрокуруучу, гидроэнергетик дегендер дегеле жаңы кесип эле. Ошентип атамдын тилине кирип, мен ал үйрөткөндөй эле Кара-Көл шаарына жөнөдүм. Ал кезде Кара-Көл азыркыдай эмес болчу: анда убактылуу курулган кепелер көп эле, бүгүнкүдөй татынакай кабат тамдар да жок. Ошол учурда көп кабаттуу үйлөрдөн турган кичи район жаңы гана курула баштаган. Менин Кара-Көлдө туугандарым бар болчу, алгач мен ошолордукунда жашап турдум. Кийинчерээк анан Токтогул ГЭСине электромонтердун шакирти болуп ишке орноштум. Ошол маалда ал курулуп жаткан Токтогул ГЭСинин мүдүрлүгү (дирекциясы) деп аталчу, анткени гидроэлектростанция иштей баштаганы менен учурунда курулуштар дагы эле жүрүп жаткан. Айтор мен жумушчулардын жатаканасында жашап калдым.

Кара-Көл тууралу менин алгачкы элесим: ал жаштардын шаа-

ры болчу, ал жердеги иш кайнап-ташкындап турчу. Анан да шаардын тургундары бүт жалаң курулуш менен алектенип, жумуш керээли-кечке токточу эмес. Жумушчулардын баары үч топ менен күнү-түнү иштечү. Жашоо мына ушундай болчу.

Ириде эле айта кете турган нерсем: мен бул шаарга, анын жашоочуларына абдан ыраазымын. Мен бул жерде эң мыкты тарбия алдым – мен бул үчүн тагдырыма да ыраазымын. Мен өтө жаш кезимде, он жети жаш курагымда ушул шаарга келгем.

Бул шаарда мурунку Советтер Союзунун бүткүл бурч-булуңунан келген ар кандай улуттардын өкүлдөрү жашачу. Бул себеп дагы кандайдыр бир деңгээлде өз таасирин тийгизбей койгон жок. Кара-Көлдүн тургундары бири да калбай күжүрмөн эл болчу, бардыгынын көңүлү көтөрүңкү, тилеги таза, мамилеси тегиз. Менимче, ушул Кара-Көл шаарында кандайдыр бир майрамдык маанай жаркырап тургандай сезилчү. Ал эми шаардын тургундары, кими гана болбосун, мугалими болобу, дарыгери болобу, башка дагы кандай гана кесиптин ээси болбосун, бүт-бардыгы бир ой-максат менен, бирдей мүдөө менен дем алып, шыктанып, көңүлдөнүп жашачу. Бардыгынын бири бирине мамилеси түз, маанайы жарык эле. Жада калса, жатаканада дагы... Мындайча ойлосоң, кадимки эле жумушчулардын жатаканасы болчу, ал жерде маселелер деле, терс көрүнүштөр деле көп болушу керек эле, бирок андай эмес, тескерисинче, адамдар бири бирине түшүнүү менен мамиле кылчу, элдин бүт ынтымакта жашачу.

Сөзгө аралжы айта кетчү нерсе: мен Фрунзе политехникалык институтунун Кара-Көлдөгү филиалында кечкисин окучумун. Ошондой белгилүү, абройлуу жогорку окуу жайынын филиалын жаштар үчүн ачып коюу өзү деле кандайдыр бир жакшы самаалык болчу. Бул чоң курулушта иштеген жаш улан-кыздарга эмгектенүүдөн тышкары дагы билим алууга мүмкүнчүлүк түзүп берүү өзү эле мыкты чечимдерден болгон деп эсептейм. Кудай жалгап, мен дагы ошондой мүмкүнчүлүктөн пайдаланып калдым.

Шаардагы жаштардын бүт иш аркылуу, окуу аркылуу, чогуу жашоо-тиричилик аркылуу бири бирин жакшы таанычу. Шаардын ар бир тургуну чогуу ишке аралашып, бири менен бири ынак жашап, тез ымалашып кетчү. Дагы белгилей кете турган нерсе: шаар

өтө чоң эмес, таза, бак-дарак толо, жашоо шарты ыңгайлуу келчү.

Менин жашаган шаарым ушунчалык кооз, көктөмгө толо, абатталган болчу; бул жерде Комсомолдук, Пионердик деген эки татынакай көл бар эле. Эсимде, ошол Комсомолдук көлдүн жанында дагы эки көлмө бар эле, анын ичинде балыктар сүзүп жүрчү. Кишилер бул жерге бала-чакасы менен, достору менен келип, табияттын сулуулугуна суктанып эс алчу. Бактын ичинде ар кандай оюн-зооктор, бийлер болуп турчу, кыскасы, адамдар жумуштан кийин келип эс алууга шаарда эң жакшы шарттар түзүлгөн. Жогоруда айтканымдай, шаарда ал кезде Советтер Союзунун бурч-булуңунан келген эл жашачу, ошондуктан мунун баары мен үчүн бир жакшы таалим болгон. Мага окшогон токтогулдук жигитке ошол кездеги Кара-Көл ушунчалык таасир калтырган десең: мен ошондой кишилер менен чогуу иштеп, чогуу эс алып, алардан үлгү алып, алар менен пикирлешип, көз карашымды кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк алдым. Менин оюмча, Кара-Көл деген бул тажрыйба үчүн эң мыкты шаар.

Мен иштеген Токтогул ГЭСинин жамаатындагы адамдардын аркасында бүткүлсоюздук далай чоң курулуштар калган, алардан мен көптү үйрөндүм: жалаң эле адистигим боюнча эмес, турмуштиричилик жагынан дагы чоң таалим алдым. Кечкисин назарият (теория) тарабынан үйрөнсөм, күндүзү ошонун баарын иште өз колум менен аткарып, тажрыйба чогулттум. Ошондуктан жалаң эле мугалимдер эмес, чогуу иштеген менин кызматташтарым дагы мага устат болду. Анан дагы мен мындай деп айтаар элем: эгерде менин ушул турмушта кандайдыр бир ийгилигим бар болсо, кесибим боюнча болобу, үй-тиричилигимде болобу, алардын бардыгы ошол Кара-Көл деген улуу мектептен башталган. Мен ошондой кишилер менен кошо иштеп жана чогуу бир шаарда жашаганыма дайыма тагдырыма ыраазымын. Дегеле мен ушул Кара-Көл шаарына келип калганыма түбөлүк ыраазымын, анткени өзүмдүн турмушумду башкача элестете да албайм.

Ошентип эс тартканыман бери Кара-Көлдүн тургундары менен чогуу жашап, чогуу иштеп жүрүп, мен дайыма аларга ыраазы болуп жүрдүм, колуман келишинче ушул шаар үчүн бүт күчүмдү жумшап, эл үчүн кызмат кылууга аракеттендим. Тилегимде мен ушул шаардын дайыма таза, кооз бойдон калышын, адамдардын турмушу жакшырышын, алардын бүт маселелери чечилип, жа-

шоо-тиричилиги батыраак оңолушун каалаар элем. Андан тышкары мен Кара-Көлдүн тургундарынын жүзүнөн жарык кетпей, турмуш шарты оңолуп, алардын руханий дүйнөсү дагы бийик деңгээлге жетишин тилейм.

Албетте, Кара-Көл шаары өз башынан кыйын кезең, оор маалды кечирди: СССРдин ойрон болушу, бүткүл өлкөнүн да, биздин эгемендүү жумурияттын да экономикасынын ыдырап талкаланышы – бүт сөзсүз түрдө шаардын тургундарына кандайдыр бир денгээлде өз таасирин тийгизбей койгон жок. Андай дегенимин себеби – шаардын өзөгүн түзүүчү чоң ишканалар, мисалы, «Нарынгидроэнергокурулуш», дагы башка ошол сыяктуу мекемелер, ГЭСтер каскады деле өзү – бардыгы тең татаал экономикалык кырдаалды өтүп жатты. Мунун баары элдин турмушуна өз залакасын тийгизди. Бирок ошентсе да Кара-Көл азыр деле энергетиктердин, куруучулардын шаары болуп кала берди, ошондуктан азыркы өлкөбүздүн турмушунда, экономикасында болуп жаткан өзгөрүүлөр кандайдыр бир деңгээлде бул шаардын тургундарына да өз таасирин тийгизип турат. Биздин адамдар кандай гана болбосун иштеп, куруп көнүп калган, анткени алар башынан эле ушундай жашап келген. Иш-жумуш болобу-болбойбу, айлык тийеби-тийбейби, биздин куруучулар, энергетиктер анысына да карабай иштеп көнүп алган. Алардын айтканы эсимде: "Айлык деле болбосо койсун, сатып алганга эчтеке калбаса деле мейли, бирок иш токтобосун, гидроэлектростанциялар курула берсин, биз ишсиз олтуруп калбайлы.

Мурда айтканымдай эле, Токтогул ГЭСи – Бүткүлсоюздук жаштардын (комсомолдук) эпкиндүү курулушу болчу: бул жакка Советтер Союзунун туш тарабынан жаштар келген. Эсимде, ар жактан студенттер тажрыйба алууга келчү, тажрыйба алмашуу үчүн башка өлкөлөрдүн өкүлдөрү дагы келип турчу. Ошондо жаздан баштап күзгө чейин шаардан өңдөрү, көздөрү ар кандай түстүү кишилерди жолуктурууга болот эле. Алардын арасында Советтер Союзунун булуң-бурчунан, Азия, Африка, Чыгыш Европанын мурунку социалисттик өлкөлөрүнөн келген жаштар бар болчу. Биз алар менен чогуу топ ойноп, чогуу эс алып, таанышып жана достошуп, кызматташып турчубуз. Ошол өңүттөн караганда, кыргыздардан, башка улуттардан турган Кара-Көлдүн жаштары башка жердегилерден айырмаланып, бүгүнкү сөз ме-

нен айтканда, көз карашы тереңирээк көрүнүп турчу, себеби бизде көп элдер менен байланышып, пикир алышып турууга мүмкүнчүлүк бар болчу. Эгерде бүгүн Интернет, чөнтөк телефон аркылуу, ар кандай социалдык тармактар, мисалы, скайп (Skype) аркылуу дүйнө жүзү менен байланышуу мүмкүнчүлүгү болсо, ошол кезди элестетип көргүлөчү: өз маалында дүйнө менен байланышууга, башка маданияттарды өздөштүрүп таанууга, дүйнө тутумубузду кеңейтүүгө биздин жанагындай шарттарыбыз бар болгону – бул өтө сейрек учуроочу жагдай эле. Ошондуктан ушунун бардыгына ээ болгон мен дагы ал кездеги бактылуу жаштардан экенмин деп ойлойм.

Көпчүлүгү билет болушу керек: ал учурда Кара-Көл эң мыкты камсыздалчу, ошондон улам аны "Маскөөдөй камсыздалган шаар" деп коюшчу, анткени дүкөндөрдө жумушчулардын жакшы иштөөсүнө өбөлгө түзгөн бардык нерсе бар болчу. Мындайча айтканда, дүкөндөрдөгү дүр-дүйүм азык-түлүк, буюмдарды, эстеп көрсөм, Кыргызстандын башка жерлеринен тапчу дагы, көрчү дагы эмессиң. Бул дагы болсо ошол кездеги Кара-Көл шаарынын бир бөтөнчөлүгү эле.

Менин жашым азыр элүүдөн ашып калды. Менин эки уулум Кара-Көл шаарында төрөлдү. Кара-Көлдөн мен ушул күнгө чейин катташып жүргөн досторумду тапкам. Мен бул шаарга абдан ыраазымын. Ушул маараканин алдында мен өзүмдүн Кара-Көлүмө, сүйүктүү шаарыма алпейим заман, щлкөн мезгилдерди башынан кечирүүнү тилейм. Замандаштарыма, кызматташтарыма, коңшу-колоңума, бардык Кара-Көлдүк мекендештериме узун өмүр жана бакыт-таалай, анан да ырыскы-кешик, бакубат турмуш өткөрүүнү каалайм. Каракөлдүктөрдүн бардыгын майрамыңар менен куттуктайм! Ылайым эле Кара-Көл дайыма мурункудай таза, күнөстүү, үлгүлүү шаарлардан боло берсин!

Камбар-Ата ГЭСин дагы бүтүрөлү", – деген алар. Мына ушунун баары бир нече муундун мүдөөсү эле, каракөлдүктөрдүн сарсанаасы эле. Алар Камбар-Атаны куруп бүтүп, анан Нарындын үстү жагына дагы, асты жагына дагы бир катар башка ГЭСтерди курсак деп эңсечү. Бул деген биздин элибиздин аң-сезиминин, көз карашынын, дүйнө тутумунун жогорку деңгээлде экенин көрсөтөт.

Улуу муундардын эскерүүлөрүүнөн

МАМЫТОВ БЕККУЛУ:

Э-ээх, аттиң десеңчи. Байыркы заманда элде сабаты болбой, болсо да ата-бабаларыбыздын тарых-таржымалы,басып өткөн жолу тууралуу терең изилденбей, билинер-билинбес бүлбүлдөгөн чырактай даана көрүнө албай келди го. Советтик доор өткөн ата-бабаларыбыздын тарыхын сөз кылдырбай келген да.

Чындыгында байыркы элдин тарыхы оозэки, муундан-муунга санжыра катары гана кээ бир булактарда айтылып көптөгөн маанилүү маалыматтар унуткарылып кеттиго. Ошол оозэки айтыла жүрүп бизге жеткен маалыматтарга караганда Кара-Көл аймагында да байыркы доорлордо "Жедигер", "Сарбагыш", "Келдике", "Четейлер", "Сарттар", "Мундуз", "Моңол" жана "Караборчо" ж.б.уруулары нан элдер мекендеп жашашкан экен да. Ушул аймак бүтүндөй Майлуу-Суу аймагындагы Токтоназар болуштугунун карамагына, Токтоназардан кийин Базарбаев Тагай болуштугуна баш ийип турган учурда ушул Кара-Көл аймагында Кара-Таш менен Кичи-Көл аймагында Кулсары уулу Орунбай элүү башы, ал эми Чоң-Конуш, Кош-Жайык, Чоң-Тескей аймактарында Жедигердин "Байкалмак" уруусунан чыккан Султамурат элүү башы, андан ары "Тиккен-Тал","Чор-Камыш","Оро-Төбө" жана "Тыт-Сеңир" аймагын Назараалы бий бийлеп турушкан экен.

М.В.Фрунзеге адам жиберилген

Азыркы Кара-Көлдө совет бийлигинен кийинки жылдарда элдердин өсүп-өнүгүшүнө тоскоолдук көрсөтүп турган Көлбөй деген басмачынын тобу болуп, алар ушул аймактагыларды оокат кылдырбай, зордук-зомбулуктарын көрсөтүшүп, кыйноолорго салышып күн бербей келишкен экен. Жыла бастырбай элди бир-ротоло мүңкүрөтүп турган мезгилде,(ал учурда элде эч бир курал-жарак да болгон эмес) эл билермандары билдирбей тымызын Ташкентке ошол кездеги Бүткүл Түркестан аскер округунун башчысы М.В.Фрунзеге адам жөнөтүп, барган адам бул жактагы жагдайды М.В.Фрунзеге толук түшүндүрүп, дароо кандайдыр бир жолдор менен муктаж болгон элге өз убагында ок-дары, ку-

рал-жарак жеткиртип, натыйжада жаш-кары дебей куралданышып басмачыларга каршы турушуп, басмачынын тобун качыра кирип талкалашып толук басмачылардан бошонууга жетишишкен.

Мамыт кедейлер тобун жетектеп, Баймурат сот болгон

Ошол мезгилде Отун Мамыт (Беккулу карыянын атасы) эл арасынан активист катары Совет бийлигин түптөө багытында кедейлер тобун жетектесе, Шоруков Баймурат элдин тынчтыгын, биримдигин сактоодо адилеттүү өкүм жүргүзүү үчүн сот болуп иштеген.

Көлгө кирип кайып болгон кулун

Кара-Көл жайлоосунда илгери Жорупбай деген бай отурган. Анын кыштоосу Кара-Көл көлү турган жер, жайлоосу андан жогору экен. Ошол жерде кыштап турган күндөрдүн биринде Кара-Көлдүн суусунан бир кара айгыр чыгат да үйүрдө жүргөн бээлердин бирин карайт. Жорупбай муну байкап калып, бээни таанып коет. Кийин бээни абайлап багып, эч кимге көргөзбөй төлдөтүп, кулунду да аздектеп багып жүрөт. Бирок, туура бир жылдан кийин ошол маалда кайрадан көлдөн баягы кара айгыр чыгат да, кулунду тиштеп көлдүн ичине алып кирип, ошол бойдон көрүнбөй кайып болушат.

Муз тоңгон көлдөн төө боздочу

Мындай сырдуу көрүнүштөр башка көлдөр тууралуу деле айтылып жүргөнү бар. Эзелкилердин айтымында Арсланбап-Ата тарапта Бабаш-Ата тоосу тараптан орун алган Көл-Куппан Ата деген көлдү да эл ыйык көрүп сыйынып жүрүшкөн жөнү бар. Ал көлдүн аймагын кадимки Мухаммед пайгамбарыбыздын күйөө баласы Азирети Аалы бир топ мекендеп жашаган имиш. Ошол мезгилде Азирети Аалы атабызга да Көл-Куппан ата көлүнүн ичинен бир бээ көрүнгөн экен. Ал бээ азыр деле байкаган адамдын көзүнө көрүнөт деп жергиликтүү элдин айта жүргөнү бар. Бизден мурдагы муундардын айтымдарына караганда Чоң-Көл кышкысын тоңуп калчу экен. Ошол убакта да түнкүсүн кадимкидей ошол көлдүн ортосунда төө боздочу имиш.

Көчүп жүргөн чым

Анан да биз бала кезде ошол көлдүн үстүндө ар кайсыл жерге жылып жүрчү чым бар болчу. Азыр жылбай токтоп калды,--дейт Беккулу карыя. Чым дегенибиз кararган туптунук терең көлдүн

үстүндө калкып өскөн кандай чөп экенине таңданган эл байкап көрүп, там ордунан азыраак эле калкып жүргөн топуракта чым өскөнүн байкашкан. Таң каларлыгы ал топурак (жер кыртышы) нечен жылдар сууга ээрип кетпей көл үстүндө ар кай жерине жылып чымы жайкысын көгөрүп өсүп, кышкысын куурап турганы сыр бардай көрүнүш.

Басмачылар байлап кеткенде

Совет бийлиги жаңыдан бутуна туруп келаткан отузунчу жылдардын болжолу го, ошол кезде Үч-Терек районун жетектеп турган Абды Сүйөркулов Жазы-Кечүү айыл Кеңешине (ал убакта сельсовет дешчү) уполномочен (иштин абалын көзөмөлгө алуу үчүн райондон жиберилген адам) болуп келип калат. Айыл кеңештин төрагасы Кайыпов Бекташ менен Абды Сүйөркулов экөө Кара-Көлдө Кайыпов Бекташтын үйүндө кагаз жазып отурушса эле үстүнө басмачылар келип экөөнүн колун байлап айдап кетип калышат. Айылдагылардын баары той көргөнү башка айылга кетип калышкан экен.Үйдө Бекташтын апасы бар болгондуктан Шамен аксакалдын жаш эле баласы Токтобайды тойдогу айыл аксакалдарына ат чаптырып кабар айттырат.

Угуп Ырысаалы чоң чеңгел, Шамен, Байгазы сыяктуу бир нече аксакалдар жете келишсе алып кетишиптир. Артынан түшүп жетишсе, тигил экөөн алып кеткендер дабандан ашып Чоң-Салдын үстүндөгү бир жайда эс алып отурушуптур.Карыялар- дын бири басмачыларга кыйкырып:

-Бергиле биздин балдарды, алардын эч нерсеге залалы жок. Биздин да эч кимиңерге залалыбыз жок. Бул эмне кылганыңар?--дейт. Ошондо Кайбалы паңсат (басмачынын чоңу) :

-Экөөңөр гана келгиле, калганыңар ошондой тургула!-деп буйрат. Ырысаалы менен Шамен басып жакын барышса тиги экөө байланууэкен. Эптеп тил табышууга аракет кылып аны-муну сүйлөшөт. –Деги силер буларды эмне кыласыңар, эч кимге зыяны жок балдарды,--дешсе, тигилер:

-Биз басмачыбыз. Тияктагыларыбыз алып кел дешсе алып барабыз.Ат десе атып салабыз. Совет өкмөтүнө каршы чыккандарбыз. –дейт. Эми бул экөөнү кайда алып барасыңар, бергиле— дешсе:

-Эч кайда алып барбайбыз. Атып суурдун ийинине тыгып кете беребиз. Биз буйрукту аткарабыз,--дейт. Эптеп сүйлөшүп

жагынып-жалынып жатып экөөн бошотуп алышат.

"Үйдөгүлөр менен коштошуп чыгайын"

Кийинчерээк Абды Сүйөркулов Совет Министр болуп иштеп турганда Бүргөндүгө (азыркы Ак-Бата) Өскөнбай Кайыпов башкарма болуп турган Карл-Маркс колхозуна командировкага барып калат да, Кайбалыны сураштырса андагылар ал киши бар экенин айтышат. Чакырткыла деп киши жибертет. Чакырган адам барса Кайбалы намазга даарат алып жүргөн экен: Ким чакырып жатат,--деп сурайт. Сүйөркулов экенин укканда эле өңү бузула шашкалактап "Эмне кылат экен? – дейт. Барган адам билбегенин айтат. Ошондо Кайбалы:

-Ой шашпай кое тургула, мен балдарым менен коштошуп алайын!—деп шашып калган дейт.

Ошентип Абды Сүйөркуловдун алдына кирип келсе, ал киши күлүп-жайнап эски таанышындай эле эч нерсе болбогонсуп тосуп алып, басмачылык замандагы өткөн-кеткенден бир топ кеп салышып анан үйүнө жибериптир. Бул эл ичинде узака чейин эле аңыз болуп айтылып, укандар күлүп калышчу экен.

Апаларыбыз кош айдаган

Согуштун апаат жылдарында ишке жарамдуу эр азаматтын баарысын согушка алып кетип, анча-мынча калган эркектерди "Трудовой фронт" деп алыс, биз билбеген жактарга ишке алып кетип, айылда жалаң кары-картаңдар менен жаш балдар жана апаларыбыз калган. Ошол күндөрдө тиричиликтин бардык жүгүн апаларыбыз көтөргөнүн кийин эс тартканда барктап сезбедикпи. Үйдө болгон аш-оокатын жүргүзүп, анан шымаланып бири-бирин чакырышып ишке жөнөшчү. Анан өгүз, аттарга буурсун чиркешип, эгин эгилчү аянттардын баарын тилдиришкен. Эс алуу, эмгек акы алуу, дем алыш дегенди билбей эмгектенген апаларыбыздын кайраты деле согушка аттанган аталарыбыздан кем эмес экен азыр ойлосок. Жашоо-турмуш жеңил, жыргал болгону сайын кийинки муундарга эч нерсе жакпай, жеңилдин асты менен, оордун үстү менен жүрүшсө да жашоого нааразы болгондорун көрүп таңданасың.Ондогон гектар жер аянттарын өздөрү айдап, өздөрү суугарып, өздөрү отоп элдин курсагын багышкан.Фронтко да азык-оокат, кийим-кечек жиберишкен. Мен ошондогу кайратман энелерден апам Калияны, Токталиева Ажар, Карачач, Айгүмүш дегендерди билем. Азыркы АТК турган

жер Кара-Шыбак, "Пожарный" турган жер "Торгой,, анын этеги Кичи-Татыр, Чоң-Татыр деп аталчу. Баарысына буудай эгилчү.

Жаш балдар буудай оргонбуз

Ошол мезгил баарыбызды эмгекке такшалтып өстүргөн. Жети жаштагы балага да иш табылчу. Комсомолдор бригадасы деп түзүп, 14—15 жаштагы балдардан он, он бешин бириктирип бир бригада кылып койчу да норма бекитип берчү. Мисалы бир күндө 1-2 гектар жердин буудайын оруу керек. Күндүз күн өтө ысык болгондуктан кечке чейин эс алып, түнкүсүн ай жарыкта уктабай орок орчубуз. Ороктун сабына өйкөлгөн колдорубуз кабарчыктап ичине суу толуп, сыйрылып оорутчу. Чүпүрөк менен ороп алып иштей берчүбүз. Күн сайын гектарлаган жердин буудайын оруп таштачубуз.Колхоз башкармалары бригадаларды жарыштырып, көп көрсөткүчкө жеткендерди мактачу. Биз ошого кубанчубуз.Ошондо биз да замандын талабын айттырбай түшүнгөн экенбиз. Бар тилегибиз согуш токтоп, ЖЕҢИШ биздики болсо экен, буудай-арпаны өз убагында жыйнап, курсагыбыз ток болсо экен деген тилек менен бардык колдон келген жумушту иштей берчүбүз. Ошентип биз балалыктын бактылуу күндөрүн түйшүк менен күзөткөнбүз.

Ошол эле бекен. Кычыраган кышында эркек балдар төштөн кар малтап отун кесип келебиз, эрте жаздан кош айдоого катышып, чарбанын ишине дайыма кол кабыш кылчубуз. Эгин орулуп алынгандан кийин кайра жаш балдар кырманга барып, буурсун чегилген ат, өгүздөрдү минип, дан бастыруу үчүн темин айдачубуз, Темин айдап жүрүп, өгүздүн үстүндө чарчап уктаган далай күндөрүбүз болгон. Азыркыдай түмөн-түркүн оокат кайда, ысык оокатыбыз жарма, анан нан. Ошонун барына эле каниет кылып кубанчубуз. Дегеним, бир аз мурда эле ачарчылык баштан өтүп, бир кесим нанга жетпей зар болгон күндөр узай элек убак эле.

Кара-Көл аймагында жерлер бир канча бөлүктөн турган. "Ак-Шар", "Шамалык", "Желе-Терек". "Кара-Шыбак", "Жээн-Кыштоо", "Күлүк-Таш", "Кайынды" ,"Чоң-Таш","Төлгө-Таш" аягы тээ Күрп-Сайга кеткен ж.б. Азыркы "Пожарный" турган аймакты илгери кара шыбак басып жаткандыктан "Кара-Шыбак" деп аталчу эле.

Бакал көл менен Чоң- Көлдүн түбү биргеби?

Илгертен эле жергиликтүү элге ушул суроо табышмак бойдон келүүдө. Бирок, көргөн бир окуяны алар дайыма эскерип кеп кылышат. Илгери ошол жакта жайлап жүргөн элдин бирөөсүнүн торпогу Бакал-Көлгө сууга түшүп кетиптир. Ал торпоктун өлүгү бир топ күндөн кийин башка жактагы Кара-Көл көлүнөн чыгып калганын көрүшөт. Таңданган элде: "Эмне, Бакал-Көл менен Чоң-Көлдүн түбү биргеби?" деген жүйөлүү суроо туулат. Бирок, көлдөрдүн түбүнө түшүп көрүп чыккан эч ким жок суроо жоопсуз бойдон келүүдө.

"Эл башынан нелер өтпөгөн"

Кара-Көл селолук совети болуп турган 1928—жылдары селолук Советтин төрагасы болуп иштеп турган Токталиев Жуман атанын байбичеси ачарчылык болгон жылдарды ушинтип көп эскерээр эле: "1938-жылдардан бери карай согуш мезгилинде да элде ачкачылык болду. Менмин деген инсандардын башына мусаапырчылык түшкөн. Ачып-арып бир тиштем нанга зарлап, айыл кезип, көчөлөп, кайыр сурап калган күндөр кантип эстен чыксын. Эсимде, ушул эле Кара-Көлдө күн сайын эле аер-буерде кимдир бирөөлөр ачкадан өлүп жаткан болот. Аларды көмүүгө алдуу-күчтүү эркектер да согушта, же аскерде. Эки-үч сапар айылыбыздагы бир сексенден ашкан карыя: "Көчөдөгү жаш-жаш мендей отузга чыга элек келиндерди чакырып, адамдын өлүгү ачык жатса болбойт, баарыбыз бир күнү өлүмгө баш ийебиз. Тиги жерде жаткандардын сөөгүн жашырып коелу. Алы-күчүм жетпейт, мени менен барып, мен айткандай кылсаңар, сөөктөрдү көөмүп коебуз"-деди. Кыш, жерде жарым метрден өйдө кар жатат. Каяктандыр ачка каңгып келген аял кишинин сөөгүн көрсөттү. Киши аны тааныйт экен. Кебинин төркүнүнө караганда дөөлөттүү бүлөдө жашаган турбайбы. Үстүндө кийиминен деле байкадык. Ошондогу баалуу элечеги башында, баркыттан сайма белдемчи, сыртында баалуу чапан, айтор кийими абдан тың экен. Биз ошондо түшүндүк, адам башына иш түшүп, ачкачылык болсо, сыланып кийинген кийим эч нерсеге асыгатпаганын. Жаштыгыбыз да, үтүрөйүп корктук. Карыя ага койбоду, "Коркпогула, келе кетмениңди" –деп төтө жолдун эле жээгинен бир кадам четтеги коңулду көрсөтүп, бир аз таштарын алдыртты да, ошол жерге жылдыртып туруп үстүн колго кирген таш менен

корумдатты. Сууктан жерге тоңгон ташты да күрөктөп араң чыгарып алып корумдадык".

"Желе терек"

Азыркы эс алуу багы турган аймакта илгери эки түп чооң-чоң терек болоор эле. Аны элдер илгери бир байдын короосуна кулун-тайларды байлоо үчүн желе кармоого сайылган казыктардан өсүп кеткен теректер экен"-деп айтышчу. Ошол казык теректер көктөп кеткенден улам "желе терек турган жер" дегенден келип "желе терек"аталып калган экен.

Качандыр апасынын төркүнүнө ээрчип келгендерге жашоо үчүн берилген жер—"Жээн-Кыштоо" аталган делет. "Чоң-Таш" жактагы "Күлүк-Таш" делген жерде илгери айылдын боз уландары чогулуп алышып, ошол жердеги бир ташты белги кылышып, тай минип жарышчу экен. Ошондон улам " Күлүк-Таш" деп аталып калыптыр. "Чоң-Таш" азыр да ал жерде эбегейсиз чоң таш турганынан улам аталганы көрүнүп турат. Капчыгайды ичкерилей кетсе "Кайыңдыга" барат. Азыр да кайыңдар көп, демек "кайыңдуу жер" дегенден келип чыккан," Төлгө-Ташка" илгертен эле эл ыйык тутуп сыйынышчу экен. Азыр да барып турушат. Таң каларлыгы ошол жерде төлгө сала турган ап-апак майда таштар көп. Айрым көзү ачыктар андан төлгө салууга пайдалануу үчүн 41ди терип үйүнө алып келип койсо, өзү эле көбөйүп кеткен имиш, кайра алып барып таштаганын айтышат. Андан ары "Өрүктү" деген жерде жапайы өрүктөр али деле көп экен. Илгерки жер аттарынын баары эле өздөрүнүн табигый өзгөчөлүктөрүнө ылайык аталып жүргөнүнөн улам биздин ата-бабаларыбыз ар бир жердин өзгөчөлүгүн, табиятын абдан кылдат байкап, билип анан ага аталыш бергени көрүнүп турат.

94 жаштагы Орунбаев Макамбай аксакалдын аяткан баяндарынан

Мен үстүнө кирип барганымда олбурлуу, ак сакалчан абышка сергек карап саламдашты. 94 жаштагы карыя болсо, менин айткандарыма түшүнүп жооп берээр бекен деген санаркоо менен барган элем. Жаңылышыпмын. Мен өзүмдү тааныштырып, келген максатымды айттым. Карыя дароо түшүнүп жүзүн кубаныч аралады:

-И-ии, мен өзүм издеп жүргөн адам экенсиң. Абдан жакшы болот. Айтаар сөз көп,-деди. Ошентип, экөөбүз аңгемелеше баштаганда эле суроо салдырбай көп нерсени ирээттеп айтып кирди. Адегенде жер аталыштарына токтолду. Ошол айтым боюнча мен редакциялап кагазга түшүрдүм.

"Жазы-Кечүү"

Бир кезде ушул шаар жайгашкан жер "Жазы-Кечүү" деп аталыптыр. Бул азыркы Жазы-Кечүү айыл өкмөтү жайгашкан жердеги Кара-Суу дарыясынын кечүүгө ылайык болуп жайылып жазы болуп акканынан улам аталган сөздөн келип чыккан делет. Ал эми азыркы "Седьмой" -- "Шамалык" деп аталган аймакта эл ар-ар жерде сейрек жайгашып, көбүнэсе сарыбагыш, келдике, жедигер, мундуз уруулары болушкан делет. Шамалык деген сөздүн маанисин илгерки жергиликтүү карыялар "Бул жер (Азыркы Седьмойду айтып жатышат) шамалга абдан ыктуу болгон. Эл арпа, буудай, жүгөрү, таруу жана күрүч өсүмдүгүн өстүрүшчү. Булардын баары кол менен орулуп, бооланып, кырманга ташып алып келинип, аны буурсун чиркелген ат, же өгүздөр менен жанчып, сабагынан ажырап түшкөн данды ыпыр-сыпырларынан ажыратып алуу үчүн кол менен көкөлөтө шамалга сапырышкан. Ошондо ушул жайда ар дайым бир калыпта шамал согуп тургандыктан "Шамалга ыктуу жер" дешип кырман ошол жерде болгон. Бара-бара кыскартылып " шамалга ыктуу жер" деген сөз "Шамалык" болуп аталып калган дешет.

Кулундар эмбеген жайлоо

Ал эми Кара-Көл деп чыныгы атын алып жүргөн жер мындан бир топ жогору 40 чакырым алыстыктагы күн батыш тараптан орун алган жайлоо. Ал жер малга жайлуу, кара кыяк, бетегелүү келет. Элдин айтымына караганда чөбү малга жагымдуу жана күчтүү . Ошол жерде чакан көл жайгашкан жана ал көл барып караган адамга суусу көккашка тунук болгондугуна карабастан карарып көрүнөт. Ушул өзгөчөлүгүн баамдап-сезген ата-бабаларыбыз жайлоонун атын Кара-Көл деп аташкан делет. Ал эми Кара-Көлдүн эң бийик жайлоосу "Кулданбес" деп аталат. Муну карыялар чөбү жагымдуу жана күчтүү болгондуктан бээлер чың тоюп желинине сүтү толуп, ал эми күчтүү чөпкө, суткө тойгонунан,анын үстүнө жайлоонун бийиктигинен кулундардын мурдунан түтөктөп кан атып кетчү экен. Демек "Кулданбес"

деген сөздүн түпкү маанисн жагымдуу чөп менен сүткө тоюп, көпкө чейин энесин эмбей койгондон улам : "Кулун эмбес жайлоо" деген сөздөн келип чыккан тура.

Карыя андан ары Кара-Көлдүн аймагында жашаган элдердин жашоосунан баян этти:

Эл Ак-Батага жөө каттаган

Улуу Октябрь социалисттик революциясына чейин элдер ошол жерде боз үйлөрдө жашашкан. Кара-көлдүктөр революциядан кийин гана бирин-экин там салып жашоого өтүшкөн. Жергиликтүү калктын негизги кесиби мал чарбачылыгы болуп, бир азыраак дыйканчылык кылышкан. Алар буудай, арпа, жүгөрү, таруу, конок өстүрүшүп, өзгөчө суулуу шалбаалардын бардыгына шалы (күрүч) эгилген. Башка жактагылар кара-көлдүктөрдүн күрүчүн даңазалап аңыз кеп кылышып, базарларда өтүмдүүлүгү менен айырмаланган.

Ошол мезгилде кара-көлдүктөр азыркы "Ак-Батадан"(илгери "Избаскен", кийинчерээк "Маданият" деп аталчу) базар кылышып, жол каттамында жөө-жалаң, же ат, эшек сыяктуу унаалар менен жогоруда аталган жайлоо аркылуу жүрүшкөн.

Октябрь Революциясына чейин Кара-Көлдө башка улуттар болгон эмес. Жалаң кыргыздар болуп, элдин социалдык абалы башка жерлердегидей эле байлар жана колунда жок кедейлер болуп эки башка болгон.

Кошумча түйшүк жаралган учурлар

Октябрь революциясынан кийин партия менен өкмөт тарабынан зор программалуу иштер жүргүзүлгөн. Элдин жашоотурмушун ар тараптан өнүктүрүү үчүн уюштурулган үзгүлтүксүз оор эмгектер талап кылынган. Элдин келечекки жыргал турмушу элдин өз колунан жаралары терең түшүндүрүлүп, эл массасы эпкиндүү эмгек майданына чакырылган.

Бирок, эпкиндүү эмгек майданынын да кара-көлдүктөр үчүн оор кыйынчылыктары болгондугун ошол мезгилдин күбөлөрү алиге унутушкан жок. Райондун борборунан бир кыйла ыраак жайгашып, башкаруу жана уюштуруу иштери кыйынчылыкка турса, анан дагы мындагы колхоздорду бирде Үч-Терек, бирде Токтогул , Ноокен районторуна, ал эмес, бирде Талас, бирде Ош, Жалал-Абад областтарына кошуп, карапайым эмгекчи элдин райондун же областтын борборуна барып кандайдыр бир доку-

мент иштерин бүткөрүшү абдан кыйынчылык туудурганы ошол мезгилдеги элдин баарынын көкөйүнө тийгени унутулбайт.

Канткен менен эмгекчи эл коомдук бардык иштерден калбай, кандай шартта болсо да Ата Мекенге колдон келген салымын кошуп келди. Ал убакта кара-көлдүктөрдүн башка район, шаарлар менен байланышы жөө-жалаңдап, ат, эшек менен жүрчү. Майлы-Сууга баруу үчүн Токтобек-Сай аркылуу ашуу ашып өтчү.

Кол менен кеңейтилген жол

Азыркы Ош—Бишкек жолу туурасында да карыя айттырбай сөз кылды:

1935-1945-жылдары республикабыздын түндүгү менен түштүгүн байланыштыруучу азыркы Бишкек-Ош жолун кеңейтүү жумуштары жүргүзүлгөн. Бул жол биздин шаарды аралап өткөндүктөн анын Көк-Белден Таш-Көмүргө чейинки 80 чакырымга тете аралыгы кара-көлдүктөрдүн үлүшүнө туура келип, элдин тагдырына өзүнүн кыйла ыңгайсыз изин калтырды десек болчудай. Анткени, жолдо иштөөдө бүгүнкүдөй эмгек күнү саат менен эсептелчү эмес. Таң саардан кеч күүгүмгө чейин адамдар жалаң кол күчү менен зылдай оор таштарды жылдырып, кум, аң-дөң, ойдуң-чуңкурларды кетмен, күрөк, лом менен тегиздешчү.

Мен карыянын бул айткандарынан улам илгерки байбичелерден уккандарым эсиме түштү:

Өзгөчө жаш балалуу келиндер, үй кызматындагы аялдар да жумалап үй бетин көрбөй жолдо иштешкен. Ал убакта азыркыдай эмгек акы берет деген түшүнүк да жок, күнүмдүк курсак тойгонуна канимет кылышкан. Муну башынан өткөргөн маркум Токталиева Ажар апа эскерип айткан. Демек, бул күндөр келгенге чейин улуу муундагы ата-апаларыбыз чыныгы патриоттук дили менен коомдук өнүгүүгө салымдарын кошкон турбайбы.

Азыркылардын заманы жыргал

Ушул жол салууда иштеген эски муундардан Бегалиева Байызкан чоң апанын эскергенин кыстара кетейин:"Биз ал убакта жаш-жаш келин-кыздарбыз. Өкмөт эмне иш буйруса аткарууга ынтызарбыз.Жолго иштегени чыгарып калды. Жайды-жайлай ар бир үйдөн ишке жарамдуу аял-эркек дебей чыгабыз. Жаш балалуу биздей келиндер үйлөрүнө кайын апаларына, улгайгандарга жаш балдарын таштап коюп жолго кетишет. Талап катуу. Кээде ыраа-

гырааkта иш болсо жатып иштейбиз. Жумалап үй бетин көрбөй иштеген күндөрүбүз болгон. Мени менен кураkташ Батма, Ажар, Макмал деген дегеле көп аялдар болгон. Жолдо таштарды кертип уратып,майда таштарды сүрүп, көтөрүп четке ташып чыйырды кеңейтип жол салчубуз. Колу-буттарыбыз тилинчү, ташка жанчылчу, оор таштарды көтөргөндө кыз-келиндер аябай эле кыйналчубуз. Ал эмес ичкенибиз да азыркыдай түрдүү эт-аш кайда, куру сууга чайып кайнатылган атала-жарма, нан.Бирок, бизден мурункулар андан да кыйын, апаат, кайгы-касиреттүү замандарды башынан өткөргөндөрүн угуп-билчүбүз.Ага салыштырмалуу биздин ошол заман сонун эле. Ошон үчүн барына кубанып канаат кылчубуз.Анткени, биздин балалык күндөрүбүз жокчулук менен ачарчылыкка, басмачылык күндөргө туш келип, ар бир күнүбүздүн аман өтүшү да биз үчүн зор бакытта й туюлган күндөр да болгон.. Анан мамыр-жумур заман келип, өкмөт баарыбызга тең укук берсе, элди өз камкордугуна алып жатса кубанып эле иштечүбүз. Бүгүнкү жакшынакай жолдор бир эле күндө азыркыдай болуп бүткөн эмес. Азыркы муундардын чоң-ата, чоң апалары көп эмгек сарптап анан жол болгон.Азыркы жаштардын заманы жыргал заман".

Согуштун каардуу залалы

Макиш ата андан ары согуш мезгилиндеги Кара-Көл, андагы элдин абалы тууралуу айта кетти.

"Мына-мына турмуш оңолуп келатат деп мамыр-жумур жашоо өкүм сүрө баштаганда күтүлбөгөн жерден 1941-жылдын 22-июнунда Улуу Ата Мекендик согуш башталды. Фронтко жарамдуу эркек эр-азаматтын баарысы майданга аттана баштады. Согушка барбай калган улгайган эркектерди жана кол-аякка жараган эркек балдарды Көк-Жаңгакка, Таш-Көмүргө, Кызыл-Кыяга, Боом капчыгайына (ФЗОго) "эмгек фронту" деп көмүр казууга, жол салууга алып кеткен.

Ушундай учурда айылдарда жалаң гана чал-кемпирлер менен кыз-келиндер жана нариste жаш балдар калган. Алар күнүмдүк өлбөстүн тирилигин жүргүзүү менен гана чектелбестен, чарбалык жумуштардын бардыгын аткарышкан. Жолдо иштешет, жер айдайт, эгин эгет, чөп чабат жана башка ушул сыяктуу толгон иштер.

"Айта келсе арман көп" дегендей Улуу Ата Мекендик кандуу

согушта канчалаган эр азаматтардан эл ажырады. Анысы аз келгенсип "Какаганга муштаган" дегендей элди жакырчылык, ачарчылык, жокчулук менен айрым жугуштуу жаман ылаңдар шаштысынан тайдырды. Айылда калган жалаң бала-бакыра , чал-кемпир, кыз-келиндер эптеп турмуш арабасын кылдыратып отуруп да майданга дан, жылуу кийим-кечек, сары май, токулган кийимдерди,башка да сүт продукцияларын жөнөтүп турушту.

Эл бири-бирине кароо эле

Мен жаңыдан эс тартып келаткан бала чагымда Никелейдин (Николай) заманы болчу. Ушул азыр салыштырып турсам мага ошол заман жагып кетет. Ошол заман накта кыргыздын заманы экен деп ойлойм. Азыр эле баары бар, ыман жок. Дегеним, ошол мага жаккан Никелейдин заманында эл бири-бирин эч убакта алдаган эмес. Бири-бирине күйгөн, бири-бирине кароо эле. Баео эл болчу. Ал убакта азыркыдай тамды билчү эмеспиз,эл боз үйдө жашачу. Аны кышкы үй, жазгы үй дешчү.

Ууру деген болбогон

Мен азыркы эле Кара-Көл жайлоосунда туулгам. Андагы адамдар менен азыркы адамдардын асман менен жердей айырмасы бар. Үшүйт, кокуй суук тиет, ооруп калат дегенди билчү эмеспиз. Кышкысын деле кыпкызыл болуп дандайып жүрчүбүз. Буттарыбызды жөнөкөй эле кадимки отко кактап ысытсак кызыл ала болуп кетчү.

Пул (акча) дегенди билчү эмеспиз. Уй, кой, эчки, жылкы, эгин... Активдерди болуш, бий, айылдык активдерди элүү башы деп коюшчу.

Ошол кездеги пейилдин тазалыгын айтпайсызбы. Ууру деген жок эле. Эл кышы менен короо жыттанды деп бөксө жайлоолорго, андан өйдөлөп чоң жайлоолорго көчүшчү. Карынга куюлган алтындай сары майларды, чаначтарга куюлган сүзмөлөрдү айылыбыздагы Бейшебейдын атасы Кенебай дегендин мал камаган там сарайына ала бакандарга асып коюшчу. Тамдын ураган тешиктерине соку, жыгачтарды ит кирбей турган кылып тосуп коюшаар эле.

Ошол оокаттарга эч ким тийчү эмес. Жайлоодон көчөрүндө эл "Буудай орулсун, анан көчөлү" деше турган. Көчкөндө элдик салт боюнча журтун жаңыртчу. Жайы менен 2--3 ирет көчүп журт жаңыртып турушчу. Жаңы журтка келгенде бейиштей та-

залыгын көрүңүз. Тим эле жайлоодогу көпкөк өсүп турган таза чөптөргө томолонуп-жумаланып жыргап ойночубуз.

Элдин нарктуулугун баалаймын

Элдин салттуу, нарктуулугу ошол убак экен. Көч келатканда жер-жерден жолдо токтотуп тааныган-таанысбаганына карабай алдын ала камдап турган эт-ашын, нан-чайын коюп, дасторконун жайнатып, арнагандарын кошо берип узатып калышчу. Эми ошонун баары жок болбодубу.

Баарынан менин кейигеним, ошондо көчкөндөр калтырып кеткен ээн тамдагы май-сүзмөлөрүн бизге окшогон тентек балдар гана барып, акырын алып керегин сүзмөсүнөн же майынан жеп көрбөсөк, башка эч ким алып кетип калчу эмес. Бала-чака ооз тийгенди эл да эрөөн көрбөй туура түшүнчү. Эми азыр андай ачык оокатты эч ким койбой калдыго. Кошогу менен кулпуланып коюлган жерден уурдап кетишкендерди көрүп түңүлөсүң.

Магрүп-күн батыш, машрүп-күн чыгыш

Никелей тактан кулаган мезгилдерден кийин Кара-Көлдө Байкалмактардан (урууну айтып жатат) 200дөй кожолук, бери жактагы Кош-Жайык, Кайыңды, Кулданбес, Айры-Таш деген айылдарда 300—400дөй түтүн болгон. Биз турган айыл Кара-Көлдүн үстүндөгү Кара-Таш деген айыл эле. Буудай, арпа, таруу айдачубуз. Буудай отогон маалда тайларын минип алып, он чакты бала эгин талаасына буудай отогону барчубуз. Кечке чейин ал жактан ишти бүтүп кайра келип калчу элек. Ошол мезгилде да баягы мен айткан сарай тамда сүзмөлөр, сары майлар менен чоң-чоң сүкөндөрдө тартылган ун, акталган күрүчтөр тураар эле. Биз буудай отоодон келатып ошол жерге калтырылган казанга майдан салып, күрүч, же ундан оокат кылып жечүбүз.

Мен өзүм жедигер уруусунан болом. Ошол жедигерлердин орустар тобу, Асан-Үсөн тобу болчу эле.

Андагы карыялар кыпкызыл жүздүү, балпайган, жайкалган ак сакалчан болоор эле. Алар отуруп алышып жыйындарда: "Ой, акыр заман болот имиш, Магрүптан сүйлөсө, Машрптан угулат имиш" деп сүйлөшчү. Магрүп—күн батыш, машрүп—күн чыгыш деген түшүнүктү берчү.Бүгүнкү телевизор, телефон, радио ж.б. жетишкендиктер ошол имиштердин чындыгы эмей эмне.

Калпа атанын бала жуткан жыланды кууганы

Чыны калпа деген чоң аталарыбыз болгон. Көзү ачык экен.

Биз 2 кыз, 3 уул элек. Чоң эжем кечээ жакында эле 96 жашынча каза тапты. Ошол эжемден кийин бала токтобойт экен.Анан ошол чоң атабызга чоң атам Кулсары:"Сайкал жыл сайын эле төрөсө балдары турбай жатат, дем салып кой" -дептир.

-Үйгө келсин,-дейт. Апам Чыны калпа чоң атабызга келет. Ал чоң атабыз байбичесине: "Менин ээр-токулгамды башына коюп, менин аяк жагыма төшөк салып бер"-дептир. Апам айтып калчу:

-Мен уктабай эле жатам. Бир топтон кийин бир жылан керегенин башынан сойлоп үзөңгүгө келди, аны кылдыратты. Чоң атабыз үн кагып койсо кетет, кайра келет. Акыры камчы менен үстүмдөн чаап-чаап "Ушунча баланы алып тойбодуңбу"-деп эле куун жөнөдү. Кайра келип байбичесине "Балдызды (апам байбичесине синди болгон экен) Кайыңдынын суусуна жуунтуп туруп, кийимдеринин баарын сууга ыргыт, өзүң башка кийимдериңден кийгизип кой", -дептир. Ошондон кийин апамдын төрөгөн балдары биз экенбиз.

Замана бирдей турбайт, жаш балдарын "Орус келатат"-деп коркутушчу. Кийин алар менен аралашып эле кеттик.

Дүкөн деген жок болгон

Анан дагы ал убакта дүкөн деген жок болчу. Шакар куурай дегенди оруп алып эле эмне кылышкандарын билбейм, самын жасап алышчу. Болжолу аны өрттөп, күлүн эчкинин майына ийлеп алышчубу, жакшы эсимде калбаптыр. Азыркыдай кант, чай ичкен эмеспиз. Күзгүсүн азыркы декабрь айы согум ай болчу. Себеби, жыл сайын үй-бүлөдө жакындары чогулуп бирден бээни союп алышчу. Айыл боюнча ким согум сойсо, элдин баарын чакырып тойгузуп коер эле, согум союлуп бүткөнчө элдин үйүндө казан асылчу эмес. Ким согум сойо турган болсо, алдын ала айтып койчу.

Кийимди таардан кийчүбүз

Азыркыдай өкмөт унду тартып берет деген болбогон. Сүкөндөрдө каптар тирелип турчу. Тегирмен жалгыз болуп, ар дайым кезек үзүлбөй көп болчу. Апталап (жумалап дегени) тегирмен тартчубуз. Кайрылып дан бышканга чейин каптарда, сүкөндөрдө азыктар түгөнбөй турчу. Эл камдуу эле, Загыра, талкан, күрүч, ун үзүлгөн эмес.Кийим-кечек азыркыдай жок эле. Колго жүндөн, пахтадан ийик менен жип ийрип,өрмөк согуп та-

ардан кийим тигип кийчүбүз. Буттарына эскирген чаначтан эле чокой кылып

Укмуштуу өтүк

Ошол замандарда бир күнү атам менен үйгө бир уполномочен келди (райондогу чоңдордон жер-жерлерге бекитилген өкүл). Бутунда кийиз өтүгү бар экен. Атамдар аны мурда көрбөгөндүктөн "Бул эмне?" деп сурайт. Ал киши "Аксакал, бул жүндөн жасалган кийиз, орустар жасайт мындайды" дейт. Атам ал кеткенден кийин эле үйдөгү кийиз тердикти бузуп мага чокой жасап берди. Калган балдар мени "Төө кетти" деп кууп алышчу.

Эл төмөн жактагы азыркы Ак Бата деген жерди Маданият, Избаскен деп коюшчу. Ошол жакка чанда бир адам базарга барып келсе, эл турпагы оор жерден келди дешип атайын келип учурашып кетишчү.

Кайыңдын кабыгына жазганбыз

Бара-бара өкмөт күч алды.Байлар кулакка тартылып жок кылынды.Жайлоодогу өз эрки менен ээн-жайкын жашап жүргөндөр түзгө көчүрүлдү.Совхоз , колхоз деген түзүлүп, эл ага кирип коллективдүү иштөө деген пайда болду.

Айылдарга мектеп ачылып, мугалим келет имиш дешти. Бизге Чоң-Өтөк деген жердеги мечитти мектеп кылды.Меш жок, шарт жок. От жакканга мор жок. Мечиттин төбөсүн тегерек кылып оюп, ошонун тушуна от жагылат, анын чогуна жылынабыз. Алдына чөп, шалча салып, жатып алып өбөктөп окуйбуз. Доска, парта, отургуч түгүл,китеп, дептер деген жок, кайыңдын жалбырагын, кабыгын сыйрып ошого жазчубуз.

Имиштер чындыкка айланды

1961-1963-жылдар мезгилинде баягы 4 колхоздо тоюттук өсүмдүктөр өстүрүлчү. Мен бригадир элем. Бул жерде 7-8 короо мал кыштачу. Анан эле жайдын бир күнүдө азыркы ак үй турган жерде колхоздун бедеси бар жерде эле үстү аппак чатырлар. Эмне болгонуна түшүнбөй таңданам.Анаш деген кароолчу бар эле , аны чакырттым."Бул эмне болуп жатат?"-деп. Малчылар бар, 2—3 орус чатыр тигип жаткан экен: "Бедени тебелединер, эмне кылып жатасыңар? "-деп опоңдодум.Ары жактан тил билген татар жигит келди да колун жаңсап "Таштын үстүндө отурган кишиге бар"—деди. Ал Саткын Сасыкбаев деген жазуучу экен. Барсам ал мага карап күлүп:

"Эми бул жер силердики эмес. Бул жерге ГЭС курулат. Бедеңерди болушунча тез оруп алгыла"—деди. Биздин оподогонубуз шоона эшпесин түшүнгөндөн кийин бедени болушунча оруп алган болдук. Баягы "Кара-Көлгө ГЭС курулат имиш" деген сөз чындыкка чыкты.

Согуш мезгилиндеги азап

Согуш жылдарында мен бой тартып жигит болуп калгам. Акем Турдубай, Көкүмбай, жездем болуп колхоздо иштеп турдук. Тайкелерим Торкенден эле. Бир күнү Кара-Көлгө повестка алып келип, Таш-Көмүргө жиберди. Көрсө, ал "трудовой фронт" экен.(Эмгек фронту) Мага жан тартып алыскы жактарга, же согушка алып кетпесин деп Таш-Көмүргө жибериптир. Атам: "Балдарымды бирден албайбы?,--деди эле, тайкем: "Унчукпа, Таш-Көмүргө эле барат",-деди. Ал жерге баргандар Нарын дарыясына сал таштап, кесилген карагайларды агызабыз. Анда 3 жылдай иштедим.

Ачкачылыктын каргашасы

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында да элибиз эмнени көрбөдү. Эр-азаматтын баары фронтто. Калган ишке жарамдуу аял-эркек дебей чарбанын ишинде, жол курулушунда. Жер тилип эгин айдайбыз, мал багабыз. Аз келгенсип үрөй учурган согуш алааматына аба-ырайы да туруштук бералбай жаткан өндөнүп кургакчыл келди. Чарбачылык жумуштары жалаң майыптар, карыялар менен аялдардын, жети жаштан өйдө балдардын мойнунда калды.Жеп-ичкенге эч нерсе жок ачарчылык болду. Уулжан деген ачкасынан чаар куурайды жеп алып ууланып мерт болгонун көрдүм. Ал жылдарда өкмөт душмандарды жеңиш үчүн бүт күчтү жумшап, кайра элден жардам алчу. "Бардык күч—жеңиш үчүн!" деген чакырыктын алдында өкмөт кайда жумшап, эмнени тапшырса карапайым эл жан үрөп аткарып келди.Элдер болгон май-курутун, данын, кийим-кече ж.б. өкмөткө өткөрүп, ага заем алышчу. (Заем качан мамлекет оңолгон кезде акчага алмаштырып алуучу баалуу кагаздар) Кыйынчылык убагында айрым сабырсыздардын пейили бузулду. Жеп отурган оокатынды тартып алган зөөкүрлөр да болду.

Карыялар ыйлашты

Бир күнү оокатыбыздан ашкан 20—30-килограмм дандарыбызды колтурмачтап алып(баштыкка салынган данды желкебиз-

ге жип менен арчындап байлап алып) 2 аял, 8 киши болуп кемкаржы кылганга дабанды ашып Маданиятка (азыркы Ак-Бата) жөө жөнөдүк. Дабандын кырына чыгып, ары жагына артынган жүктөрүбүздү сүйрөп түшүрдүк. Эптеп бир колоттун оозуна жетип эс алдык. Кокустан эле мылтык атылды. Коркуп отуруп калып, кайра жөнөсөк, кайра дагы атылды. Туруп жөнөсөк эле атылат. Бир убакта арабыздан бирөөбүз:

-Ой кимсиң, сатканы баратабыз,-деп кыйкырса, бирөө арчага жөлөнүп туруп алыптыр. Биз билген эле Чечеш деген неме экен. Мылтыгын таянып турат. Ак сакалдар тилдешти.

Ал бизге чекелеп жакындай берип: -Биз өкмөттөн качып, эптеп жан багып жүрөбүз,-деди.

"Бизди қое бер" деп азыраактан дан берип сурандык. Андан ары жол улап бир колотко барып жатып калдык. Корктук.Курсактарыбыз ачка, алып алган көөрөбүзгө (отко суу кайната турган чөөгүн) сууга талкан чайып, отко кайнатып ичебиз. Эл ошондо үч жыл бою нанды көргөн жокпуз.Эртеси жол улап Карагалмак деген жер бар, кысылып өтөт.Ошол жак аркылуу Майлы-Сууга кирип барсак жалпак ташта бир кыпкызыл семиз бала отурат. "Токтогула! Таштагыла! Жүгөрүңөрдү таштап артыңарга кайткыла.Эч нерсе айтпа! Кепти айтып эмне кыласың!?"-деди. Баарыбыз коркобуз, алар куралчан.

Айла жок баарыбыз таштап, эптеп үйгө кайра жетип алуу үчүн өзөк жалгаганга бир чеңгелден талкан сурадык. "Бир чеңгелден алгыла, эки чеңгел алсаңар колуңарды сындыра атам!"--деди

Тебетейлерибизге бир чеңгелден салдык да артка качтык. Аксакалдар заманага, бузулуп турган ырайымсыз киши пейилине наалат айтып ыйлашты. Каргап бата кылышты. Элде болсо "Ой баягы отряд дегени келген экен, үчөөн торойто атыптыр..."- деген ар кыл аңыз кеп көп.

Үрөй учурган жер титирөө

Макиш карыя айта кеткен ушул алааматтуу жер титирөө тууралуу Шатманов Мырзакан, Мамытов Беккулу, Жуманов Рысбек ж.б. көп эскерип айтып өтүштү.

"...Акыры бүтүндөй советтик эл чыдамсыздык менен зор кайрат жыйнап күткөн ЖЕҢИШ келди. Канчалык каржалып кыйналган эл жеңишти кучагы толо кубаныч менен тосуп алышты. Ошондон бери карай улам саат сайын, күн сайын жаңы үмүт,

жаңы тилек менен эртеңки жакшылыктарга таттуу үмүттөр коштоп турмуш уланды.

Бирок, жараткандын жазасы али бүтпөптүр! 1947-жылдын ноябрь айында бул аймакка дагы бир күтүлбөгөн зор алаамат келди. 2-ноябрь күнү түнкү саат 2лер чамасында болгон катуу жер титирөөдөн эл башына дагы кайгы-капа түштү. Шамалык, Чоң-Таш, Ак-Жар, Ак-Шар жана башка айылдарда, көчөлөрдө дээрлик турак үйлөр калбастан кыйрады. Жер титирөө чоң күч менен жана түн ортосунда болгондуктан терең уйкуда жаткан көпчүлүк адамдар ураган тамдардын алдында калышып мерт болушту, майып болушту. Эл дагы чабылып-чачылып, үй-бүлөдөгү жакындарынан уул-кыз, ата-эне, бир туугандарынан ажырап кайгыда калды.

Көчүрмөнүн пайда-зыяны

Адегенче арадан 7 жыл өттү. Бардык советтик (СССР) өлкөлөрдөгүдөй эле ошол кездеги коммунисттик партиянын жүргүзгөн саясатынан кара-көлдүктөр да четте калбады. Ош, Жалал-Абад областтарынын эгин талааларында эл чарбасын өнүктүрүүгө зор киреше алып келе турган пахта өсүмдүгүн арбын өстүрүп, андан мол түшүм алуу милдети алдыга коюлуп, 1953-жылы бул аймактагылардын бардыгы үй-бүлөсү менен азыркы Ноокен, Базар-Коргон райондорунун колхоздоруна көчүрмө кылып жиберилген. Ушул көчүрмө боюнча ача пикирлер да жок эмес.

Бул боюнча Мамытов Беккулу карыя: "Көчүрүлгөн эл ачарчылыктан сакталып калгандыгын:

"Ошол кездерде Кара-Көл аймагында элдин жашоосу кыйын болуп, ачарчылык да жүрүп турган 1950-жылдар мезгилинде эл өзү бул аймакты азыркы Ноокен (мурдагы Ленин) районуна кошууну өтүнүшүп жетекчиликке арыз менен кайрылышкан. Ошол кезде кыздардан чыккан алгачкы сабаттуу, Ленин, Базар-Коргон райондорунда маданият бөлүмүн жетектеп иштеген Маркозуева Акынай өз элинин таламын Ленин райодук партиялык комитетинин 1-секретары болуп иштеп турган Жунусалиев Кушназардын алдына коюп, элди ошол Ноокен районуна көчүрүү маселесин чечкен. Ал жакка жаңы көчүп барган элди отурукташтырууда, үй-жай, кийим-кечек менен камсыз кылууда Акынай чоң роль ойноп, элди ачарчылыктан сактап калганы маалым",--

деп эскерсе, Жуманов Рысбек карыя көчүрмөнүн да азабы болгонуна токтолот:

"-Бирок, көчүрмөнүн өзүнө жараша түйшүгү менен азабы да болгону чындык. Эзелтен берки туулуп өскөн аймагынан аба-ырайынын өтө ысыктыгы, сууларынын бул жерге салыштырмалуу киргил, жылымыктыгы, түйшүгүнүн көптүгү менен айырмаланган жерге барышы элди алда канча кыйынчылыктарга кептеди. Кара-Көлдүн туптунук агын сууларын, шылдыр аккан булактарын ичип көнгөн эл, ал жакта пахта аянттарынын жөөктөрүн аралап келген пайнап жана жылымык сууларды ичип, ич оору ылаңынан көп азап чегишти. Ысык аптапты көтөрө албай да ооруштү. Абасы таза, суусу тунук туулуп өскөн жерин эңсеп сагынып качкандар да болду. Ал кездеги тоталитардык эреже менен элди башкарган коммунисттик партиянын мыйзамы ага койчубу, кайра эле жергиликтүү өкмөт тарабынан изделип, артына жеткирилчү.

Бара-бара эл көнүп да, биротоло отурукташып да калды. Кара-Көлдөн баргандар көбүнчө таза суулуу, салкын абалуу жайды көксөп, мал чарба фермаларына киришип, уй, кой, жылкы багууда эмгектеништи".

Ээн калган аймак

Он жылдай мезгил бою азыркы Кара-Көлдө ээндик өкүм сүрүп, эч ким жашабады. Эл көчүп кеткенде айылда жалаң гана улуган иттер менен мыеологон мышыктар калганы да тарыхтын чындыгы. Күн өтүп, ай өтүп мезгил жылган сайын адам жашабаган жерлердин баарын камыш менен калың чөп басты. Ээн калган тамдар, адам аягы басып жүргөн көчөлөр бир кездеги жандуу турмуштан күдөр үзбөй мелтиреп жатты. Көнгөн жерин эңсегенде көкүрөктөн көк түтүн оргуган элдин жүрөк түпкүрүндөгү мүдөөсү эле "Элибизге кайра кетсек экен" деген тилек болду.

Ооба, бул айтылгандардын баары турмуш чындыгы. Жашоонун түйшүгү менен жыргалы, кайгысы менен кубанычы ээрчишип жүрөт тура. Аңгемебизди элде айтыла жүргөн маалыматтар менен улап кетели.

Коркпой сүзгөн балыктар

Карыялардын айтымында бул поселок жайгашуучу жер (азыркы ушул шаарыбыз турган жер) бир кезде камыш басып,

арасын жапайы өрдөктөр менен чочколор мекендеген. Эски адамдар азыр ушул Кара-Суунун суусунда балыктар адамдардын көз алдында эле ары-бери сүзүп жүрчү дейт. Ал кезде кыргыздар балыкты кармап жегенге боло турганын билишпегендиктен ачарчылык, кыйынчылык учурда деле суудагы балыктарды кармап тамак катарында жешпегендерин айтып өздөрү таңданышат.

Анан татар улутундагы Манап аттуу киши башка жактан үйбүлөсү менен көчүп келип жашап калат. Ал өзү уста болгондуктан элге кызмат көрсөтүү менен бирге чоо(тал чырпыктарынан токуп жасалган челек сыяктуу сетка) менен балык кармайт. Айылдагылар менен тил табышып калган Манап уста балык кармап аларды меймандап жүрүп балык жегенге үйрөтүптүр.Айылдагы аксакалдар:" Манаптыкынан балык жеп келебиз" деп эле жөнөп калышчу экен. Муну Мамытов Беккулу карыя да эскере кетти. Ошондон кийин жергиликтүү элдер да суудан балык кармаганга көнө башташкан турбайбы.

Жүрөк ысыткан жылуу кабар

Алтымышынчы жылдардан бери карай кара-көлдүктөрдүн кулагына жылуу кабар угула баштады. "Кара-Көл шаар болот экен. Орустар келип жерлерди текшерип изилдеп жатат экен. Ал жерлерге Нарындын агымына ГЭСтер курулат имиш" деген сыяктуу бир топ каңшаар айтымдар эл аралады. Көчүрмө болгон калк башка жакта жүрүп да айтылгандардын чын болуп калышын кудайдан тилешти. Биротоло жашап калган адамдарда кайрылып туулган өз жерине келээри жөнүндөгү үмүттүн чырагы жанды.

Арадан көп өтпөй эл Кара-Көлдө ГЭСчилердин иши башталгандыгынан кабардар болушту. Анан көп өтпөй ал жакта айрымдары гана калбаса, көпчүлүк эл кайрадан өз жерине көчүп келе башташты. Келгендер өздөрү уккан кабарлардын бардыгы чын экендигин көздөрү менен көрүштү. Күн санап аймак жанданып отурду.

Алгачкы чатырлар менен палаткалар

Аймак ГЭС курулушунда иштөө үчүн келгендердин эсебинен өсүп, жакшы жагына өзгөрө берди. Республикабыздан сырткаркы жактардан, башка райондордон, областтардан жумушчулар, адистер, инженер-техникалык кызматкерлер жана башка ондогон кесип ээлери, жүздөгөн карапайым жумушчулар агылып ке-

лип жатышты. Курулуш участогунда иштешкендер кыйла ыраакта жайгашкан кыштактарда эле. Ошондуктан, ар тараптан келгендер Нарын дарыясынын жээгиндеги чатырларга жана палаткаларга гана жайгаштырылган. Курулушчулар үчүн азык-түлүк да, медициналык борбор да, элди ар түркүн мезгилдүү басылмалар,(газета-журналдар) адабий-көркөм китептер менен тейлөөчү кызыл бурч да(китепкана), азык-түлүк, кийим-кечек ж.б. менен тейлөөчү соода түйүндөрү менен мекемелер да ал учурда жалаң палаткаларга жагаштырылган.

Жумушчулар поселогун улуу курулуштун створу жайгашкан жерден 8—10 километр аралыктагы анчейин чоң эмес Кара-Суу суусунун боюна, Нарын дарыясынын сол жээгине куруу маселеси чечилди.

Биринчи пайдубал

Ошентип, 1962-жылдын май айында бул жерге М. Садыков менен З. Кутлубаевдердин куруучулар менен бульдозерчулар бригадасы келишет. Алар мындагы дөңсөөлөрдүн топурагын тегиздеп, саздуу жерди тоонун топурагы менен шагыл таштарды кошуп катуу кыртышка айландырышкан. Шаар жайгашкан аймак саз болуп, камыш басып, анан да жапайы өрдөк-каздар мекендеген экен. Аны бүгүнкүдөй дың кыртышка айландыруу үчүн эле канча миллион куб метр топурак, таш, шагыл төгүлдү болду экен. Канчалаган кудуреттүү техникалар, быкпырдай кайнаган адамдар күжүрмөн эмгегин сарптабады. Жаңы эле тапталган жаңы жерге турак-үйлөрдүн чиймелери чийилип,ушул эле жылдын 16-июнунда турак үйлөрдүн алгачкы пайдубалы коюлду. Гидрокуруучулар менен азыркы энергетиктердин келечектеги шаарынын негизи ушинтип башталды.

Тез бүткөн жыгач үйлөр

Алгачкы учурда жумушчулардын негизги бөлүгүн кыш киргенге чейин тез бүткөрүлүүчү жыгач шиттерден жасалган тамдарды куруп бүткөрүп жумушчуларды кийирүү үчүн тездетилген аракеттер жасалды. Ошондуктан турак үйлөрдүн курулушуна абдан көп жумушчулар уюшкандык менен мобилизацияланды. Эгерде июнь айынын орто ченинде бул курулуш иштеринде 20га жетпеген адам иштеген болсо, октябрь айында турак үйлөрдү кураштырууда (кураштыруу дегени ал убакта орусиядан жыгач турак үйлөргө ылайыкташтырылган даяр шиттер алып келинип,

ошолорду гана кураштыруу иши жасалган) 900дөн ашык адам иштеп калышты. Ошол жылдын октябрь айынын аягында курулушчулар 140 батирлүү (квартиралуу) алгачкы турак үйлөрдү пайдаланууга беришип, башка жактардан келип иштеп жаткандардын алгачкылары палаткалардан ушул турак үйлөргө көчүп киришти. Демек, энергетиктердин келечектеги шаары негизделди.

Ошондогу жыгач үйлөрдүн дээрлик бардыгы тең мөөнөтү бүтүп, эскилиги жетти. Барак тибиндеги салынган үйлөр өзгөчө бүлүнүп баратат. Анан калса жыгач үйлөр ар дайым өрт коопсуздугунда болот экен. Эскилиги жеткен электр зымдары өзү эле кооптуу болуп турса, көпчүлүк жашаган үй, бири болбосо бири ката кетирип, электр тогунан өрт чыккан күндөр арбын болууда. Бул элдин социалдык абалына да, шаардын бюджетине да өзүнүн салакасын тийгизбей койгон жок. Баарыдан да 2005-жылдын ноябрь айында Бекташ көчөсүндө өрттөнүп кеткен эки кабаттуу эки турак үйдүн күйүп кеткенинен улам шаардын 32 үй-бүлөсү бүткүл буюмдары күлгө айланып сыртта калышты. Булардын келтирилген зыяндарын калыбына келтирүүдө, убактылуу жана бир жылдын ичинде турак үй менен камсыз кылуу шаар бийлигине оор түйшүктү да жаратты. Кантсе да, өздөрүнүн бир боорлорун энергетиктер жамааты жээрибестен жаңыдан бүтүп жаткан Ош—Бишкек жолунун боюнда бүтүрүлгөн үйдөн ажыратып беришти.

Шатманов мырзакан

Мырзакан Шатманов 1930-жылы 20-июлда Кара-Көл селолук советине караштуу азыркы Кайыңды кыштагында туулган. 1938-жылы Кара-Көл селолук советине караштуу Шамалыктагы (азыркы Седьмой)жети жылдык мектептин 1-классына кирип, 1947-жылы 7-классты аяктагандан кийин бул жерде орто мектеп жок болгондуктан Үч-Терек районундагы М.Горький атындагы мектеп-интернаттан (жатак мектеп) 10-классты бүтүргөн.

Биринчи зоотехник

1950-1951-жылдары Кара-Көл селолук советине караштуу Фрунзе колхозунда табелчи (эсепчи) болуп иштеп, 1951-жылы жайында Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумга кирип окуп, 1954-жылы зоотехник адистигин алган. 1954-жылдын сентябрь айынан баштап Токтогул районунун Шевченко, В.И.Ленин атындагы колхоздорунда 1958-жылга чейин зоотехник болуп иштеген. Жалал-Абад областтык айыл чарба башкармасынын жолдомосу менен 1958-жылдын май айынан 1961-жылдын мартына чейин Ала-Бука районуна караштуу Чаткал совхозуна жиберилген. Мырзакан карыя ал убакты төмөнкүчө эскерет:

-Чаткалда кардын калыңдыгы 1,5метр. Ушуга карабастан жайкысын малга керектүү рациондук тоютту жетиштүү камдоого жетишкендигибиздин натыйжасында совхоз боюнча ошол жылда ар бир уйдан 1400--1500 литрге чейин сүт саалып алынган. Бул ошол мезгилдин чоң эле көрсөткүчү болчу.

Партиялык кызматкер

1961-жылдын апрель айынан 1970-жылга чейин Үч-Терек совхозунун №6-бөлүмүндө мал чарбасы боюнча бригадир болуп иштеп туруп, октябрь айынан партиялык уюмдун секретары болуп Үч-Терек, Шопоков, Нарын совхоздорунун бөлүмдөрүндө 1987-жылдын аягына чейин эмгектенди. Ал эми мал чарбасы боюнча бригадирлик иши 1992-жылы илгерки колхоз, совхоздор такыр тарап кеткенге чейин уланган.Жаш курагына байланыштуу 1990-жылдан пенсияга чыккан.

Аксакалдар сотунун төрагасы

Ооба, мээнеткеч карыя 2000—2010-жылдары жашы улгайып карыганына карабастан коомдук өнүгүшкө өзүнүн уюштуруучулук жана демилгечилдик салымын кошуп Жазы-Кечүү айылында аксакалдар сотунун төрагасы болуп иштеп турду.

Мырзакан Шатманов эгемендик келгенден берки эле жаңы заманда коомго кошкон салымы үчүн бир топ сыйлыктарга ээ болгон. 2004-жылы жергиликтүү өзүн өзү башкаруунун 10 жылдык маараке синин урматына жана коомдук иштерге активдүү катышып, жасаган алгылыктуу иштери үчүн Жазы-Кечүү айыл аксакалдар төрагасы катары шаар мэриясы менен шаардык Кеңешинин Ардак Грамотасы менен сыйланган. 2006-жылы

жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жамааттарынын күнүнө карата жамааттык таламдарды чечүүдө, жаштарды тарбиялоодо ар-намыстын соту болуп көрсөткөн ак эмгеги үчүн Жазы-Кечүү айыл аксакалдар кеңешинин төрагасы катары кайрадан шаар мэриясы менен Шаардык Кеңештин Ардак Грамотасына татыктуу болгон. 2005-социалдык мобилизациялоо жана акыйкат башкаруу жылында коомдук жана саясий иштерге катышкан Жазы-Кечүү айылдык аксакалдар сотунун төрагасы катары Жазы-Кечүү айыл өкмөтүнүн Ардак Грамотасы менен сыйланган.

МЫРЗАКАН АТАНЫН ЭСКЕРҮҮ-БАЯНДАРЫНАН ЧИГИТЕЙ БААТЫР БАЯНЫ

Бул баян 82 жаштагы карыя Шатманов Мырзакан атанын айтымы боюнча жазып алынды.

"1830-жылы Сарыбагыш элинин Райым деген абройлуу адамынын бир жакшы уулу Суусамыр жайлоосунда каза болот. Ошондо эмнегедир Райым өзүнүн урук-тууган, жамааты менен "Биз Кетмен-Төбөдөгү Кара-Көлгө кетебиз, Шамалык деген жерге отурукташабыз"- деп 20 ага-тууганы биригип көзү өткөн уулунун сөөгүн атка айрымач кылып жүктөп, Сары-Сөгөт, Бел-Алды, Торукен аркылуу Ала-Жийдеге келип, Нарын дарыясынан кечмелик аркылуу атчан өтүшүп Үркөр-Бел аркылуу Кара-Көлдүн Шамалыгына жетип маркумдун жайын казып көмүп жаткан болот.

Ушул учурда пас тараптагы (төмөн жактан дегени) Избаскенден Кайдакы аттуу кол башчы 30 атчан кол менен "Аркадан олжо чаап келебиз" деп(Арка дегени тоонун аркы бетинен же Токтогул тарапты айтканы) Кара-Көл дабанын аша келип Чоң-Ташка бир аз өргүмөкчү болуп түшүп калат. Ошол учурда Чоң-Ташты жердеген тарууу багар аштыкчы Чотон деген адам жолугуп калат. Ал адамдан Кайдакы: "Тээтиги чаттагы кара-бараан (карайыңкы караан дегени) кимдер?" – деп сурайт. Чотон аштыкчы:"Алар өйүздөгү Суу-Самыр тараптан келди. Райым дегендин бир жакшы уулу кайтыш болуп, ошонун сөөгүн алып келип коюп жатышат", –деп жооп берет.

Ошол жоопту угаар замат Кайдакы кол башчы Чотон аштыкчынын башын кылыч менен үзө чаап өлтүрүп, ырымдап найзаларын ичине сайып кандашат да Райымдар турган жакты көздөй

чаап калмакка жөнөйт.

Мүмкүн сезиминин күчтүүсүнөнбү, ушул учурда Райым да:"Менин суук этим тартып жатат, белги берди", деп өлүктү тезинен көмүп куран окушат да, артка көздөй жүрүп беришет. Бирок, артынан Кайдагы баштаган кол кууп отуруп, Үркөр-Белде ага жете барат. Ошол Үркөр-Белге чыга бергенде Райымдардын тобунда бирге жүргөн өз тобунун айтылуу баатыры Чигитей менен Кайдакы экөө беттешип калат. Ошондо Чигитей Баатыр Кайдакынын санын найзасы менен жара сайып аттан оодарып өлтүрөт.

Бир элдин даяр мүлкүн күчкө салып тартып алып олжо кылууну көздөп келген Кайдакы кол башчынын минген атын Чигитей Баатыр тартып алып минип, Кайдакылардын найза, кылыч, чокмор өңдүү бүт жарактарып алышып, Кайдакыны ээрчиген колду артын карай кууп отуруп Шамалыктан өткөрүп жолго салат. Чигитей Баатырдын аты баскынчылыкты көксөгөн, башка элди кордукка салууну көздөгөн арам ойлуу душмандардан элин коргогон жогорудагыдай тайманбастыгы менен легендарлуу болуп эл оозунда айтылып тарыхта калган экен".

Элдин Кара-Көл аймагына көчүп келиши жөнүндө

Болжолу 1840-жылдан баштап сарбагыш элинин Манап тукумунан тараган элдерден 70 түтүн эл, мундуз уруусунан 10 түтүн эл Базар-Коргон тараптан көчүп келип, Чакыр-Корум, Сары-Булак, Ак-Кыя, Шамалык жана Кайыңды өрөөндөрүнө отурукташат.Ал эми Карабектин айтуусу боюнча жедигерлер Жумгалдан жана Майлы-Суу тараптан келишип Ак-Шар, Төш-Мазар, Тыт-Сеңир жана Кара-Көлдүн тоосуна отурукташкан.

Кара-Көлдө да 4 колхоз болгон

Азыркы Кара-Көл шаарына, Жазы-Кечүү айылына Октябрь революциясынын жеңишинен кийин гана элдер көчүп келип там салып, аз-аздап отурукташа башташкан. Жаңы замандын алгачкы мезгилинен (Октябрь революциясынын жеңиши айтылууда) бул жерде да колхоздор уюшула баштайт. Ошентип, "Кара-Көл", "Кормал", "Жаңы-Турмуш" жана Фрунзе атындагы төрт колхоз пайда болот. Кийинчерээк бул колхоздор ирилештирилип Фрунзе жана Молотов атындагы колхоздорго биригет. Эл буудай, жүгөрү, шалы (күрүч)айдоо менен мал чарбачылыгына көбүрөөк көңүл бурат.

Канат бий жөнүндө

Бий деген илгери аймак-аймактарга бийлик жүргүзүп, карапайым элден түшкөн арыз-даттануларды жогорку бийликке чейин билдирип, алардын жообун кайра элге угузуп турган жергиликтүү өкүмдүк наам болгон. Бекболот уулу Канат 1931-жылдары бул аймакта бий болгон. Азыр "2-Ак-Кыяда" (өзү жашап өткөн жер) анын атына коюлган көчө бар.Мурдагы муундардын айтымына караганда Канат бий өзү бийлеп турган элине бир топ эле адилеттик менен бийлик жүргүзгөндөй.

ЖЕР АТАЛЫШТАРЫ:

"Шамалык"

Азыркы "Седьмой" деген жер илгери "Шамалык" деп аталчу. Өзүнүн табигый атын берип "Шамалык" деп чоң кылып жазып, илип коюу керек. Жаштар өз аты менен атасын. Илгери ал жерде чоң кырман болуп, эл эгинин сапыруу үчүн ошол кырманды пайдаланган. Себеби, ал жер шамалга ыктуу болуп, дайыма сыдырым шамал согуп турган. Шамалга ыктуу деген сөздөн "Шамалык" деп аталып калган.

"Поймо"

Мурда бул жердин табигый аты"Ак-Жар". ГЭС куруучулар келгенден кийин "Поймо" деп аталып кетти. Себеби жаңы курулушка келген орустар ал жердин кайсыл тараптан келсе да ылдыйышкы түшүп келген чуңкур жер экенин байкап, суунун айлампасы сыяктуу жерге салыштырып "Поймо" деп коюшуптур. Кайра өзүнүн табигый атын берүү керек. Илгеркилер суунун аркы өйүзүндөгү тоого чыга бергендеги төштүн ак топурагы көчүп жар болуп көрүнгөндөн улам чөлкөмдү ушинтип аташканы табигый көрүнүш.

Кара-Көлгө 1955-жылы автоунаа каттаган

Бул жерге 1955-жылдын апрель айынан машина жол пайда болуп, анан машина каттай баштаган. Ага чейин эл эки жакка жөө-жалаңдап эле катташчу. Базарыбыз төмөндөгү Избаскенде (азыркы Ак-Бата) болуп, базарлап кеткендер бир нече күндөп, жумалап кайра келишчү. Айылдаштар базарлап келгендер менен ыраакка барып келгени үчүн атайын барып учурашышкан. Азыркылар өз заманын ушуга салыштырып көрүп, жетишкен доордо жашап жаткан тагдырына ыраазы болушса болот.

Айыл өкмөттөр, колхоздордун уюштурулушу

Улуу Октябрь революциясынын жеңишинен кийин бүтүндөй советтер өлкөсүндөй эле Кыргызстандын аймагында да ар түрдүү тармактар боюнча реформалар жүргүзүлгөн. Жаңы замандын эң маанилүү көрүнүштөрүнүн бири—эл мурдагыдай ар кимиси өзү үчүн гана эмгектенбестен, "Баары—бирөө үчүн, бирөө—бардыгы үчүн" деген Лениндик ураандын алдында жашоого өтүп, бүтүндөй жер-жерлерде колхоз-совхоздор уюшулуп, эл коллективдүү эмгектене баштаган.

Биринчи төрага Токталиев Жуман

Совет бийлиги орногон алгачкы жылдарда кыргызстан "Кыргыз Советтик Социалисттик Автономиялуу республикасы" деп аталган. Мына ушул Кыргыз АССР Жогорку Советинин Указынын негизинде 1928-жылы жалпыга бирдей мурунку Кетмен-Төбө районунун карамагында Кара-Көл селолук Совети (кыргызча Кара-Көл Айылдык Кеңеш .Ал убакта баарысы орусча аталчу) түзүлүп, ал селолук советтин төрагасы болуп Токталиев Жуман шайланган. Ал учурдагы совет өкмөтүнүн кадрларынын баары эле партия менен өкмөткө жан-дилин берип кызмат кылышкан. Бирок, эл ичиндеги айрым ою бузулган, же совет өкмөтүн жектеген, же дагы башка өкмөт шайлаган кадрлар менен пикири келишпегендерденби, болбогон шылтоолор менен көп адамдарды репрессияга кириптер кылышкан. Токталиев Жуман да ошондой каралоолорго кабылганын көп уктук. Элдин айтымында Токталиев Жумандын каршылаштары аны өкмөткө "Токталиев Жуман элге бузуку иш жүргүзүп жатат. Ал элге: "Жакында немецтер жеңет.Биз жеңилебиз.Жеңиш ошолордуку болот..." деп айтты деген жалаа менен каматышкан деп айтылат. Бул имиштер болгону так эмес.Ошол бойдон Токталиев Жуман камалып кетет да, кийин камактан акталып чыкканы жөнүндө элде имиштер болгону менен ал айылына келбей кайтыш болуп кетет.

Токталиев Жуман жөнүндө Ажыкулов Назарбектин да бир маалыматын кыстара кетели:

Ноокен районундагы Рахманжан деген жерде Шамшы карыя ошол мезгилде НКВДнын (азыркы ГОВД) командир болуптур. Токталиев Жуман экөө кыйышпас дос болушуп, жакшы мамиледе жүрүшкөн экен. Ал адамдын мындайча эскерүүсү бар:

Токталиев Жуман 1905-жылы туулган.30 жашында сельсоветтин төрагасы болгон. Ал бейкүнөө караланып кесилгенден кийин Жалал-Абадда түрмөдө отурат. Өзү сабаттуу болгондуктан жогору жактарга кат жазып, акталууга жетишет. Кайра Үч-Терекке түрмөгө которулуп келет. Мен Жуманды биротоло чыгарып үйүнө алып келүү үчүн керектүү кагаздарын ырастатып Үч-Терекке барганымда Токталиев Жуман 2 саат мурда ошол түрмөдө каза болгон экен. Чын-төгүнүн ким билсин азыркыдай судмедэкспертиза жок. Эмне болгонун сурасам "Экөө келип, бир нерсени ичкин дешти, ичпейм дегенине болбой оозуна куюп кетишти, анан эле ушинтти"- дешет. Азыр Жумандан Ырысбек аттуу баласы, анын балдары бар.

Көп жетекчилер иштешкен

Андан кийин Кара-Көл селолук Советинин аймагында 1932-жылдын 21-апрелинде М.В.Фрунзе атындагы колхоз уюшулат да, анын председатели (төрагасы) болуп Үрүстөмов Ади шайланат.

Ушул эле жылы 22-апрелде бул аймакта "Жаңы-Турмуш" колхозу уюшулуп, Есекеев Аалы башкарма болуп шайланат.Андан кийин бул колхоздо 1943-жылдан 1946-жылдын апрель айына чейин Кожон аттуу киши башкарма болуп иштейт.

Ал эми 1936-жылы 23-апрель күнү Кара-Көл селолук Советинин аймагында "Хормал" колхозу уюшулуп, анын башкармасы Сарпашов Мырзабек деген болот.

1936-жылдын 24-апрелинде дагы бир Кара-Көл колхозу уюштурулат. Анын башкармалыгына Жээналиев Жумаш шайланат. (Бул колхоздордун ар биринин өз аймактары болгон)

Ирилештирүү саясаты

Улуу Ата Мекендик согуштан кийин совет бийлигинде ирилештирүү саясаты жүргүзүлүп, көптөгөн колхоз, совхоздор кайрадан бириктирилген. Ошондо 1946-жылы май айында Фрунзе колхозу менен Жаңы-Турмуш колхозу бириктирилип, Фрунзе колхозу деп аталат да, башкармалыгына Маргозиев Култай шайланат.

Ал эми "Хормал" менен "Кара-Көл" колхозу биригип В.М. Молотов атындагы колхоз болот,анын председатели болуп кайра Жээналиев Жумаш шайланат.

1951-жылы Кара-Көл селолук Советинин аймагындагы

Фрунзе, Молотов колхоздору биригип, Фрунзе колхоз болот. Председатели Сулайманов Тагайалы болот.

1953-жылы Кара-КөлдөнҮч-Терек районунда кызматкер болуп иштеп турушкан Кайыпов Бекташ менен Маркозуева Акынайлардын макулдуктары боюнча Кара-Көл селолук советинин Фрунзе колхозу Ленин (азыркы Ноокен) районуна кошулат.

Москвада болгон сьезд суу сактагычты куруу чечимин кабыл алган

1961-жылы 17-октябрдан 31-октябрга чейин Москвада КПССтин кезектеги ХХП сьезди болуп, сьезддин күн тартибине Кыргызстандагы ири курулуштардын бири болгон Токтогул суу сактагычынын курулушу башталсын деген чечим чыгат да, ошонун негизинде 1962-жылы 16-июнь күнү Таш-Көмүрдөн машинага палаткалар жүктөлүп келип азыркы АТПО деп аталып жүргөн аймакка, андан соң Кара-Көл шаарынын болочок борборуна тигиле баштайт".

Келечекте заманбап үйлөр салынат

Шаар 50гө толуп турган учурда бийлик элдин кызыкчылыгын көздөгөн орчундуу маселелердин бири болгон жыгач үйлөрдү кирпичтелген заманбап үйлөргө алмаштыруу маселесин көтөрүүдө. Эгемендик келген замандан бери эле бир эмес, бир нече ирет энергетиктердин шаарын өздөрү өндүрүп элге берип жаткан электр энергиясынын төлөмдөрүнүн эсебинен жаңыртууга болоорун, мөөнөтү бүткөн жыгач үйлөр кооптуу экенин жогорку инстанцияларга тынымсыз коюп келүүдө. Мунун жөнү—ГЭСтер өндүрүп жаткан энергиядан түшкөн каражат жылыга жүздөгөн миллион сомдорду түзүп, бирок анын баары республикалык бюджетке түшөт экен. Эгерде анын 0,1 эле пайызы ай сайын шаарыбызга түшүп калчу болсо, шаарыбызда заманбап, кирпичтен тургузулган көп кабаттуу тамдар жыл санап өсүп отуруп, кооптуу жыгач үйлөрдүн маселеси ырааттуу чечилмек. Учурдагы шаар бийлиги да бул маселени кабыргасынан коюп турган убагы.

Шаар түптөлгөн алгачкы мезгилдердеги айрым жагымдуу маалыматтар

Шаар тибиндеги поселок

1962-жылдын 26-октябрында Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму бул жерге "Кара-Көл" деген аталышты ыйга-

рып, ал шаар тибиндеги поселок болуп калды.

1962-жылдын аягында куруучулар 7,668 чарчы метр турак үйлөрдү—убактылуу барак тамдарды кабыл алышты. Поселокто чакан мектеп пайда болду. Бул азыркы Токтогул атындагы №1-орто мектеп болуп, ал азыркы институттун жанындагы баракта болчу. Ал турак үйлөрдү жылытуучу буу казандар да биринчи кезекте орнотулуп бүткөрүлдү.

Тейлөөгө көңүл бурулган

ГЭСтин жана шаардын курулушунда иштеген элди тейлөөчү мекеме-ишканалар биринен сала бири бүткөрүлүп жатты. Ошентип, коомдук тамактануу (ашканалар), азык-түлүк жана өнөржай товарларын сатуучу соода точкалары, калкты медициналык жактан тейлөө мекемеси, көчүп жүрүүчү эки мончо, байланыш бөлүмү (ал убакта телефон менен байланыштыруучу атайын телеграф жана кат, газета-журналдарды элге жеткирип туруучу почта иштечү) жана башкалар ишке киргизилди.

Убактылуу турак үйлөргө киргендер 10 миңге жетти

Бир жылда эле көчүп жүрүүчү айрым тейлөөчү мекемелердин ордуна туруктуу көп кабаттуу имараттар курулду. Ошентип 1963-жылы убактылуу типтеги турак үйлөр 21 миң чарчы метр, турактуу үйлөр 25 миң чарчы метрге жеткирилди. Поселокто ушул жылдарда 10 миңге жакын калк жашап калды. Аларды тейлөөчү 216 орунга ылайыкташтырылган 3 ашкана, 4 дүкөн, чайкана, суу түтүктөрү, борборлоштурулган жылыткыч системасы, 51 орунга ылайык мончо, турмуш-тиричилик жактан тейлөө үйү (буйрутма менен кийимдерди жана үй буюмдарды тигип даярдоочу цех), китепкана, мындан башка көчүп жүрүүчү үч китепкана (көчүп жүрүүчү деген атайын ыңгайлаштырылган автомашинанын үстүнө жайгаштырылган китепкана)бут кийимдерди оңдоп-түзөөчү жайлар бүткөрүлдү. 470 орундуу балдар бакчасы , 260 орундуу маданият үйү элге ошол мезгилдин талабына ылайык кызмат көрсөтө баштады. Бардык үйлөр менен мекемелер электрлештирилди жана радио точклары менен камсыз болду.(Бул деген ар бир үйгө борборлоштурулган жерден иштетилүүчү кичинекей радиола аппараты сайып коюлат да, ал азыркыдай үйдөн каалагандай башкарылбай, шаар аймагында бир жерден—АТСтен белгиленген саатта коюлуп, түркүн кабарлар, концерттер ж.б. уктурулуп, кайра белгиленген саатта—ми-

салы түнкү саат 11—12лерде өчүрүлгөн).Эми поселоктун өзүндө базар, чайхана иштей баштады.

Комсомол жаштардын күжүрмөндүгү

Турак үйлөр менен турмуш-тиричилик жана маданий жактан тейлөө курулуштарын жүзөгө ашыруудагы ийгиликтерде эң чоң уюшкандык жана чымырканган күжүрмөн эмгек зор роль ойногон. Ошол учурда партиянын чыныгы жоокерлери болушкан коммунисттер менен алардын күжүрмөн жардамчылары деп эсептелген комсомол-жаштар бардык эмгек майданында эпкиндүү аракеттери менен алдыда болуп келишкен.Ошондой комсомолдук-жаштар бригадаларынан бири В.И. Бузько жетектеген жаштар бригадасынын жамааты кыш кыноодо күнүмдүк нормаларын (норма деп ал убакта ар бир адам белгилүү бир талап—норма менен иштөөчү, мисалы бир күндө бир норма—бир адам 3 чарчы метр кирпич кынаган же бир бригада бир айда 100 чарчы метр турак үйдүн дубалын бүтүргөн ж.б.) 144 пайызга ашыра аткарууга жетишкен. Бул бригада 1963-жылдын сентябрь, октябрь айларында 3 жайда курулуп жаткан сегиз квартиралуу үйлөрдү бүткөрүүгө жетишишкен.

Турак үйлөр менен тейлөө обьектилеринин курулуш иштерине №1-курулуш башкармалыгынын жамаатынан башка да бөлүмдөрдүн куруучулары активдүү катышышты. 1963-жылдын август айынын биринчи жарымында УМРдин (Управление механизированных работ) жумушчулары бардык курулушчуларга карата убакытты үнөмдөп пайдалануу чакырыгы менен чыгышты. Бул чакырыкты колдоп көптөгөн бригадалар өздөрүнө жогорулатылган пландарды кабыл алышты.

70 миң чарчы метр турак-үй

Ошентип, кийинки 1964-жылда да турак үйлөрдү куруу иши активдүү улантылды. Бул жылы жумушчулар менен кызматчылардын 2850 үй-бүлөсү жаңы үйлөргө көчүп киришти. Ал эми 1965-жылы мындай үй-бүлөлөр 1423 болду. Кийинки эки жылда 9,5миң чарчы метр турак үйдүн, мунун ичинен 411 орунга эсептелген жаштардын төрт кабаттуу жатаканасынын имараты куруп бүткөрүлүп пайдаланууга берилди. 1968-жылы поселокто эки көп кабаттуу имарат: жаштар жатаканасы, "Турист" мейманканасы пайда болду.Бул учурда коомдук турак үйлөрдүн фондусу поселокто 70 миң чарчы метрден ашып кетти, ага 70 миң адам

көчүп кирди. Муну Беккулу карыя мындайча эскерет:

Кайсыл күнү келсең иш даяр

Ошол замат ишке алынчусуң, үй да берилет. Жатанакалар да бар.Азыркыдай ишсиз болот деген түшүнүк болбогон. Өкмөт менен ПАРТИЯ комсомол-жаштарга өзүнчө кам көргөн, жоопту участокторго жибергени менен бардык нерсе менен камсыздандырчу, тамактануубузду, эс алуубузду ж.б. уюштуруп беленделп берчү.Жаш үй-бүлөлүүлөр үчүн бакчалар, мектептер иштеп турган. Сегиз саат жумуш күнү.--дейт Беккулу карыя жаш кезин эскерип,--Ошол жылдарда атакталып эпкиндүү иштегендерден бетончулар Турускулов Акылбек, куруучу Эшенканов Сакатбай сыяктуулар жүздөп саналчу. Кыргыз элине таанымал акын кыз Алмаш Чойбекова да алгачкы эмгек жолун ушул жерде ооруканада келген сыркоолорду каттоочу бөлүмдө (регистрация) иштеп баштаган".

Я помню все...

Семигласова В.А Гл.технолог АО "НГЭС", персональный пенсионер, заслуженный строитель КР

Кара-Куль был образован 16-июня, 1962 года как поселок гидростроителей крупнейшего в средней Азии гидроузла—Токтогульской ГЭС мощностью 1,2млн. кВт час и водохранилища, емкостью 19,5 млрд.м3.

Указом Президиума Верховного Совета Кыргызской ССР от 07.01.1977года поселок был преобразован в город областного подчинения.

Первая организационная сессия депутатов трудящихся первого созыва состоялась 27.04.1977 года, на которой председателем исполкома горсовета была избрана Абдысаматова Роба Насыровна, заместителем председателя Тавашаров Казыбек Абдуллаевич, ответсекретарем Семигласова Валентина Алексеевна. За время работы председателем исполкома горсовета Абдысаматовой Р.Н. было решено много проблем по благоустройству города, большие преобразования произошли в работе городских предприятий и организаций. За эти годы были построены авто-

заправочные станции, пассажирская автобаза, станция техобслуживании, убойный пункт и другие обьекты.

О Робе Насыровне Абдысаматовой я вспоминаю с особой теплотой. Со дня нашего знакомства прошло свыше 30-и лет. Очень жаль, что ее нет с нами, могла бы достичь еще больших успехов в жизни.

Я благодарна судьбе, которая когда-то нас познакомила. В 1977 Кара-Куль получил статус города и Абдысаматову Р.Н. Ошский Обком Компартии Киргизии рекомендовал на должность председателя горисполкома. В то время я работала редактором многотиражной газеты "Огни Нарына" и не могла предположить, что знакомство с Робой Насыровой таку изменит мою судьбу. 26.04.77г. ее избрали председателем горисполкома, а я стала работать ответсекретарем. В течении 30-и лет я проработала на госслужбе и не жалею об этом.

А Робу Насыровну я помню с нашей первой встречи в горкоме партии-худенькую небольшого роста с длинными косами. Меня сразу покорило в ней какая-то независимость, умный и властный взгляд. А вскоре она показала себя прекрасным, талантливым руководителем, стала известным человеком. Это была светлая голова, она была очень трудолюбива и независима. Многое она сделала для жителей города, знала все их проблемы, решала их и поэтому заслужила их уважение и любовь.

Я помню наши встречи с населением по месту жительства, наши субботники по благоустройству города. Именно благодаря ее настойчивости в те годы город постепенно преображался, были построены многие обьекты социального назначения АЗС, Дом культуры, больница, благоустроеные дороги и тротуары.

Затем Робу Насыровну рекомендовали на партийную работу, сначала на должнолсть секретаря горкома партии, затем в аппарат ЦК Компартии Республики. Находясь на высоких должностях она всегда находила возможность встречаться с нами.

Все уходит в прошлое, остаются только память и воспоминания и самые теплые воспоминания о человеке с большой буквы—Абдысаматовой Робе Насыровне.

В ноябре 1980 года председателем исполкома горсовета был избран Паньков Александр Иванович 1942 года рождения, работавший с 1979 года заместителем председателя горисполко-

ма. Он закончил Ташкентский институт инженеров ирригации и механизации сельского хозяйства, получив специальность инженера-гидротехника. Работал в управлении основных сооружений мастером, затем инженером, заместителем начальника производственного отдела управления строительства "Нарынгидроэнергострой", а затем с октября по ноябрь 1977 года работал заведующим промышленно-транспортным отделом горкома компартии Киргизии.

От занимаемой должности председателя исполкома Паньков А.И. был освобожден в мае 1986 года в связи с переходом на другую работу, а затем –выездом в Россию, город Десногорск (Смоленская АЭС), где он также работал, а аппарате горгосадминистрации, затем заместителем директора Смоленской АЭС.

Неоценимый вклад в развитие Кара-Куля внес Абдыкалыков Орозмат, который был избран на должность председателя исполкома горсовета в янвре 1987 года и работал в этой должности по июль 1990 года. Многое сделано для развития и благоустройства города Масировым К.М., Бекбоевым Т.Б., Кутмановой З.К.,Абыткановой Р.А., Молдомуровым Т.Т. и другими председателями исполкома горсовета.

Много сил и энергии было отдано решению социальных вопросов города заместителями председателей исполкома горсовета: Тавашаровым К.А., Джумалиевой М.М., Юркевич С.А., Омурзаковым М.А., Паязовым Т.П., Амановым Ж.А., Исраиловым Т.И., Турсунбаевым А.Д., Осмонкуловым Ж.Т.руководитель аппарата Сулаймановым А.К. Все они зарекомендовали себя инициативными руководителями, много сил и энергии отдавали решению экономических и социальных задач города, по способствовали улучшению работы предприятия и организаций сферы обслуживания, образования, здравоохранения, финансов, промышленности.

Я ПОМНЮ ВСЕ...

Я помню все...
Дорогу в диких скалах,
Пробитую на будущую ось.
И паутину труб на горных склонах,

Где беркутам летать не довелось.

***

Напор виды упрямого Нарына,
Готовый смыть все сделанное впрах.
И вкус незабываемой малины,
Чичканской, сладко млевшей на губах.

***

Я помнью все...
Начальников, прорабов...
В штормовках, запыленных, в сапогах
И первую победу над природой,
Что ввысь взметнулась,
Победивших страх.

***

И Он стоял на гребне вместе с нами,
Спокоен, как всегда, и молчалив.
Только глаза волненье выдавали,
Смотревшие совсем не в обьектив.

***

Глаза смотрели выше обьектива,
На север, в горы Камбар-Ату.
Манила сильно перспектива,
Реально воплотить мечту.

***

Я помню все...
Загорск, Саяны,
Курп-Сай, Таш-Кумыр ГЭС и Ат-Баши,
Шамалды-Сай - он ветром славен,
Камбар-Ата - течет в глуши.

***

А рядом - город «Тополиный»,
И в нем мечтатели живут.
Опор «красавиц вид невинный»

Характер, мужество дают.
***
Мечтать не вредно:-скажент скептик,
Но он мечтать! И все сбылось!
И это мужество творенья,
В наследство нам передалось.
***
Сегодны мы опять в полтете
На всех завет Камбар-Ата,
Не астоновят нас пороги,
Покоя не дает мечта.
***
Ему б сегодня было 80
НоОн,потерейнескорбя.
Отдал в лвдоных солнце людям,
Оставив темень для себя.

МОЙ ГОРОД, СЕГОДНЯ ТЕБЕ 50 ЛЕТ!

Этот город - судьба моей жизни,
Здесь я вырос и вырос мой сын.
По утрам мне кивали привычно
Две горы, тополей стройный тын.
***
И опоры - красавицы, издали
Проводами сверкали во след,
И как водится в обществе издравле
Посылали лукавя привет.
***
Я люблю этот город - строителей.
Он родился по зову сердец
Молодых непосед и мечтателей,
Здесь нашедших любимой венец.
***
Я горжусь своим маленьким городом.

Он противник старинных свечей
Нет на гербе ни серпа, ни молота,
Есть ладонь с миллиардом лучей.
***
Каждый луч - это сердце строителя
Покорявшего гордый Нарын,
А ладонь - это сила воителя,
Сила разума, мощь и твердынь.
***
С юбилеем тебя, славный город!
Расцветай каждый год и цвети!
Вырастай в ширь и ввысь, и будь молод,
Нам с тобой нет другого пути!

10.10.2002г.

Стефанович Л.Ф.

Чтобы дети и внуки помнили...

Чем дальше уходят в историю годы созидания XX века, тем понятнее и ярче встает в нашей помяти величие трудового подвига гидростоитроителей и энергетиков, всех кто создал каскад гидроэлектростанций на горной реке Нарын, вносил личный весомый вклад в дальнейшее укрепление экономики Кыргызстана, всех, кто посвящает свою жизнь во имя блага народа, даря кыргызстанцам свет, уют, тепло, свою заботу молодому поколению.

Хотелось бы, чтобы наши дети, внуки, правнуки знали об этих достойных уважения и доброй памяти людях, учились на примерах трудолюбия, высоких человеческих ценностях старшего поколения любви к родному краю, заботе о славных исторических страницах Кыргызстана.

Правильно говорят, что каждый, живущий на земле человек, должен оставить добрый след. Я с особым чувством ответственности и восхищения воспринимаю сверщенный на реке Нарын подвиг трудостроительство каскада гидроэлектростанций, работая в созданном музее Каскада.

За 14 лет его истории на экспонатах, фотодокументах исто-

рически ценном материале музея прошли подготовку, узнали о первопроходцах, славных гидростроителей. Президента республики Кыргызстан, члены правительства , депутаты Жогорку Кенеша, делегации многих стран дального (США, Франция, Япония, Куба, Германия, Вьетнам, Индия, Бангладеш, стран Европы и Азии и т.д.), и ближнего (Узбекистан, Казахстан, Таджикистан и др), россияне—дети и внуки первопроходцев гидростроителей, студенты ВУЗов, республики, делегация послов 75 стран мира—все они были внимательны к информации на экскурсиях,с благодарностью оставляют свои записи в Книге Почетных Гостей, книге отзывов.

Руководство Каскада, директора Исраилов А.Н., Момукеев С.О., Султаналиев М.С., Нурбаев Б.Н., Абдыкадыров А.Э. Бримкулов Т.Н. председатель совета музея Булатов А.Х. (Айбек Хаджиевич) высоко оценивая воспитательную миссию музея, оказывают постоянную помощь и внимание оснащению музея современной техникой, новыми техническими средствами.

Благодаря участию всех жителей города, здесь собран богатейщий исторически ценный материал. В музее мы проводим экскурсии, встречи молодежи с ветеранами—гидростроителями, ветеранами –энергетиками, знатными людьми, тематические вечера, собеседования со студентами, воинами армии, выставки творчества детей, выставки посвященные историческим датам.

Еще не выработана, не опередлена система оценки подобной работы, ее эффективной целенаправленности, но я убеждена и верю, что на примерах трудового подвига поколений 40-50-60-70...годов прошлого столетия воспитывается молодежь, неся в своих сердцах славные традиции отцов.

Маралбай Бекболотов жана Акынбек Турдукуловдордун эскерүүлөрү:

Ой жүгүртүп байкаган адамга шаар бир чөйчөктүн эле ичинде турган сымал. Түндүк тарабынан “Тегерек” тоосу, чыгыш тарабынан “Бир –Тилде”, батыш тарабынан “Торгой” тоолорунун кучагынан орун алган. Шаардын түндүк тарабынан Кара-Суу

суусу агып турат. Кара-Суунун башында чоң кооз көлү бар. Ал эми Чыгыш тарабынан Кайыңды суусу агып келет. Бул суунун өзгөчөлүгү башынан аягына жалаң булактардан кошулуп куралган суу. Түндүк батыш тарабынан Кара-Көл суусу агып түшүп, анын баш жагында жети жерде кооз, табигаты башкача көлдөр жайгашкан. Кайыңды, Кара-Суу, Кара-Көл суусу үчөө тең Кара-Көл шаарына келип кошулушат."Бир-Тилде" жана "Торгой" тоосунун үстүнө илгери элдер кайракы буудай эгишчү. Кечээ эле токсонунчу жылдардагы союз ураган мезгилдеги кыйынчылыкта да ошол жерге эл буудай эгип кыйынчылыктан чыгышты.

Жайлоолор

Шаардын түндүк тарабында "Гүү-Дүү" деген жайлоо бар. Муну элдер кыска эле "Гүдү" деп атап коюшат. Жайлоого келе турган эки тарабы тең капчыгай. Жайкысын июнь, июль айларында тынымсыз катуу шамал согуп турат да, ошол шамалдын үнүнө жараша илгеркилер гүүлдөп шамал согуп турган жер деген мааниде " Гүү-Дүү" деп атап коюшкан экен.

"Шылдырак" деген жайлоо да табигый аты менен аталган. Анткени, жайлоонун чар тарабында кайда бассаңыз шылдырап сансыз булактар үн безеп агып турат.

Андан жогоруда "Ыспы","Кыйды" деген жайлоолор да бар, алар тууралуу икаясы эсте калбаптыр.

Шаардын Түндүк батышындагы Кара-Көл жайлоосунда азыр да бир топ эл туруктуу жашашат. Ал жайлоонун кыштоосу илгери Жазы-Кечүү болгон.

Илгери Жазы-Кечүүнү-- Молотов, Кара-Көлдү-- Фрунзе, азыркы Ак-Шарды --Ак-Шар колхозу, Шамалыкты-- "Жаңы-Турмуш", Чоң-Ташты --"Чоң-Таш" колхозду деп аташкан. Бул колхоздор Октябрь революциясынан кийинки колхоздоштуруу убагында болгон экен.

Шаар аймагында совет бийлиги орногондон кийин 4 мектеп ачылган: Шамалыкта, Кара-Көл жайлоосунда, азыркы Жазы-Кечүүдө, "Достук" заводу турган аймакта Курама деген адамдын үйүндө.

Кара-Көлдүн күрүчү

Элдер илгери ушул шаар турган аймакта жана Чоң-Таш тарапта, Кара-Көлдүн ичинде жана Кара-Шыбакка чейин жалаң шалы өстүрүлгөн. Чоң-Таштын суусу шалыга жетпегендик-

тен Кайыңдынын суусун азыркы 18-Карьердин үстү аркылуу (УЭИС) Кара-Көл менен Кара-Шыбакка кол менен арык казып алып өтүшкөн. Азыр да ал жерде арыктын нугу кадимкидей билинип турат. Буга адамдар канчалык зор күч жумшаганын байкасак болот. Анан да Үч-Коргондогу (азыркы "Ак-Бата") базарда эл Кара-Көлдүн күрүчүн ширелүү, даамдуу , эң баалуу деп талап алып турушчу экен.

Ээлүү устакана

Азыркы "Эдельвейс" жайгашкан жерде илгери чоң устакана болгон экен. Анда Жапаркул деген чоң уста ээлик кылчу. Чоң уста "түтөтмө мылтык" да жасачу дешет. Жапаркул уста узанып жаткан убактарда эки жылаңач наристе бала келип анын билегинен кармаган учурда ал иш убактысын токтотуу керектигин түшүнчү. Дароо жумушун токтотуп, убакыт бир топ өткөндө же эртеси кайра ишин улантчу.Эгерде ал ишааратты кабыл албай койсо кырсык болоорун уста өзү жакшы түшүнгөн. Муну ошол мезгилдеги элдин баары билишчү экен. Ошол эле "Эдельвейс" турган жерге жаңыдан шаар түптөлө баштаган кезде эки ирет жыгач там тургузулуптур. Экөө тең эч себепсиз, эл көчүп кире электе өрттөнүп кеткенин азыркы эски муундардан көбү билишсе керек. Кийин ал жерге металдан азыркы кафенин баштапкы имараты курулуптур.

Адамдын сөөгүн буюм кылганда

Бир кезде ушул азыркы көп кабаттуу турак үйлөрдүн пайдубалы орнотулуучу жер казылып жатканда жер алдынан көптөгөн адамдын скелет сөөктөрү чыгат. Анын бирөөн эксковатор башкарган Рязанов Сергей деген жигит "Үйүмө алып барып тазалап күл салгыч кылып алам" деп көтөрүп алат. Чогуу иштеген Маралбай Бекболотов ага адамдын сөөгү ыйык болоорун, аны буюм катары кордосо зыяны тиерин эскертет. Бирок, тиги жигит айтылганды кулак сыртынан кетирип алып кетет. Көп өтпөй кош кат келинчеги майып бала төрөсө, андан азыраак өтүп эле өзү да кырсыктан каза табат. Бул ошол учурдагы ушул окуяны билгендер үчүн чоң сабак болгон сыяктуу.

Алгачкы төрөт үйү

Шаарда алгачкы ачылган төрөт үйү азыркы ОПД ("Сабина" дүкөнүнүн арты) жайгашкан жерде болгон. Жаңы ачылган төрөт үйүндө эң биринчи орус келин көз жаргандыгы жарыя болуп,

ошол учурда төрөткананын тарыхына жазылган.

Жер которуп балдары токтогон

Чоң атам Отунчу байбичеси Калбү экөөнүн тун баласы Мамыт чоң атам болуптур. Андан кийинки беш-алты перзенти күтүүсүздөн эле чарчап калышат. Акыркы ирет эгиз эркек балдары биринин артынан бири чарчап калган соң бала күйүтүнө чыдабай зилдеген бай-байбиче түн ичинде үйүн мүлкү менен кошо толук өрттөп Майлы-Сайдын Көлмөн деген жерине көчүп кетишет. Ошол жакта жүрүп Бекболот деген акыркы баласы төрөлүп, азыр анын балдары биз 7 бир тууганбыз.

Балдардын ден соолук борбору

Азыркы Чоң-Ташка кете бериштеги эски котельныйдын ордунда эң биринчи балдардын ден соолук борбору иштеп турган. Союз мезгилинде бардык шартты түзүп, балдар үчүн мындай жайларды дароо эле иштетип койчу. Эс алуучу, ойноочу аянтчалары, уктоочу, тамактануучу, сабак өтүүчү ж.б.бөлмөлөрү бар бул борбордо жүздөгөн балдар эс алып ден соолуктарын чыңдап, ондогон адамдар иш менен камсыз болгон.

Эң биринчи курулуш. Кара-Көлгө ГЭС куруучулар келе баштаган алгачкы жылы эле эң биринчи түшкөн курулуш азыркы эски базардын артындагы көпүрө. Мурда ал жерде суудан өтүүчү гана жыгач көпүрө болгон.

Балдардын батасы тийген

Атам Отунчиев Бекболот эл өндүргөн сары майды өгүз, ат, эшек менен Үч-Терек районуна ташычу экен. Ошондо Ош—Бишкек жолунун курулушунда жалаң 15-16 жаштагы балдар кол менен жол салып иштеп жүрүшкөн. Алардын арасында Беккулу, Кукуш акелер да бар эле. Кантсе да бир боору Беккулуга боор тартыппы, сары майды жүктөп Үч-Терекке өткөн сайын белгилүү бир тобулгу дарагынын түбүнө фляганын ичине сары майдан салып, нандан таштап өтчү экен. Ал мезгилде жумуш оор, кубаттуу эт-аш аз болгондуктан сары майды соруп алган нанды жеген балдар аябай эле кубат алып кубанышып: "Ылайым биздей балдарыңыз болсун"дешип бата беришчү экен. Ошентип, атам 38 жашка келгенде араң биринчи перзентин көрүптүр.

Илгерки аты—Кара-Булак

Азыркы "Водозабор" турган жердин илгерки аты Кара-Булак болгон. Азыркы "Грабзаводдогу" көлдүн жасалышынын

биринчи максаты --кумду жууш болсо, экинчи максаты— ал жактан жерге сиңген суу "водозабордон" чыгыш керек болгон. "Водозавбордогу" суу Артезянский скважинасы менен 32 метр тереңдиктен сордуруп чыгарылган таза суу. Азыркы "Комсомол" көлү да "Водозаборго" жердин алды менен келет. Мында да биринчи максат жайкысын көлдө элдер эс алышат, экинчиден жерге сиңген суу фильтрленип тазаланып водозаброго келет. "Водозабордон чыккан суудан эч качан оору чыгышы мүмкүн эмес. Ал өтө тереңден жана жер аркылуу фильтрленип тазаланып чыгып элге берилип келет.

Эмгек жана согуш ардагерлери

НУРБАЙ УУЛУ КОЖОН

Өзүнүн көпчүлүк өмүрүн эли үчүн жумшаган, өмүр бою Чоң-Таш айылын мекендеп өткөн карыя Нурбай уулу Кожон бу жарык ааламга 1901-жылы Жазы-Кечүү айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө келген экен. Тагдырына жазылганы ошолбу, ардактап кубат кылган атасы 8 жашында, мээримин төгүп сүйүп турган апасы Кожон 12 эле жашка келгенде о дүйнө салып кете беришип, томолой жетим калган. Ошол мезгилден тарта улуу агасы, бир карындашы менен үчөө аталаш агаларынын үйүндө эптеп чоңоюшат.

Балалыгынан турмуштун ысык-суугун баштан өткөргөн Кожон кураКташтарынан эрте акыл токтотуп, чыйраак, чечкиндүү, ар нерсеге терең баам сала түшүнгөн идиректүү болуп чоңоет. Ал эми гана он беш жышка келген 1916-жылда кыргыз элинин жүрөгүнө каран күндүн каргашалуу мөөрүн өчпөс кылып салган үркүн окуясын өз көзү менен көрүптүр.

Улуу Октябрь Революциясынын жеңиши жергебизге келери менен Кожон биринчилерден болуп комсомолдук уюмга мүчө болуп катталат жана ошол күндөн чыныгы патриоттук сезим жүрөгүн туйлатып, жаштык жигери менен коомдук турмушка баш-оту менен кирип эмгектене баштайт.

1930-жылдары Жазы-Кечүү айылында колхоздоштуруу жүрүп, " Октябрь" колхозуна башкарма болуп дайындалат жана эл ал ки-

шини Жеке Кожон деп атап калышкан экен.(болжолу талапчан, карсылдап турган жигитти айылдаштары эркелетсе керек го)

Согуш жана колхоз жумушу

1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында колхоздогу чарбачылык жумуштары да абдан оордойт. Себеби, кечээги эле бардык жумушуна шай турушкан ишке жарамдуу эркектердин баары тең кан майданга аттанып кетишип, алардын ордун күчтөн кайта баштаган карылар менен аялдар жана балдар ээлеп калышкан. Колхоздо чарбачылык жүргүзүү оордогон. Колхоз үчүн гана эмес, Батыштагы кан майданда жүргөн жоокерлерге азык, кийим-кечек камдоо, курал-жарак үчүн акча топтоп берүү милдеттери да элди эки эселентип түйшүккө салган. Колхоз башкармасы күчкө салмайынча иш алдыга жылбайт. Элдин көңүлү кайгы-капада, ачка, жокчулуктан жүдөгөн эл. Башкарманын милдети аларды иштетүү эле болбостон, жетим-жесирди сооротуу, ачкасын тоюнтуу, карапайым элдин жүгүн бүтүн көтөрүү. Бул милдет башкарма үчүн жеңил эмес болчу. Күн тынымын, түн уйкусун кечип тылда бел чечпей иштөөгө туура келген.

Ошол оор жүк, тил жеткис кайгы-касирет арткан жылдар да артта калып, Нурбай уулу Кожон ата башкармалыкты 1950-жылы кийинки жаштарга өткөрүп берген да көп жылдар бою бригадир болуп эмгектенген.

Эл урматтаган чоң ата

Ошондон тарта Жазы-Кечүү аймагынын ар бир күнкү эмгек ыргагында Кожон атанын деми бар. Ал киши көптү көргөн көсөм катары элдин акылманы да, кеңешчиси да болгон кадырлуу адамы эле. Аймактагы Кожон атаны билгендердин баары тең атайын келип мезгили менен ал-ахыбалын сурап учурашып турушкан. Кепкеңеш сурап кайрылгандар көп болчу. Иштин көзүн билген адам болгон үчүн баарысы ишенишээр эле. Айткандарын эп көрүшө турган.

Айылдын кутман карыясы катары эл кимиси болбосун жакшылыктарынан калтырбай чакырышчу.

Өзүнүн 98 жаш өмүрүндө Кожон ата 5 уул, 3 кызынан 37 небере, 53 чебере, 12 кибиресин көрүп өткөн. Кожон ата Чоң-Таштын салкын аба, таза суусун ичип дөөлөттүү карылыкты сүрүп жүрүп 1999-жылы дүйнөдөн кайтты.

ТАГАЙАЛЫ СУЛАЙМАНОВ

Тагайалы Сулайманов 1913-жылы август айында Кара-Көл айылында туулган. Бул жерден мектепти аяктап, Жалал-Абаддагы зооветеринардык техникумду бүтүргөн.Улуу Ата Мекендик согуш башталганда 1941-жылы эле эли-жерин коргоо үчүн көптүн катарында кан майданга аттанган. Ал жакта Дунай дарыясындагы катуу согушта жарадар болуп госпиталга түшкөн. Дарыланып айыккандан кийин кайрадан дагы алоолонуп турган согуш отун кечип Венгрияны бошотуу үчүн экинчи ирет майданга кирген. Дагы жарадар, кайра госпитал, кайра согуш талаасы...

Ошентип, 1945-жылга чейин кан майданда баатырларча эрдик менен согушкан Тагайалы Сулайманов Фашисттик Германияны жеңип, Берлинге Туу сайган, ЖЕҢИШТИ ошол Берлинде тоскон. Ошол жеңиш алдындагы салгылашууда жамбаштан алган катуу жаратынан улам госпиталда 1946-жылга дейре дарыяланып жатып, ушул жылы туулуп өскөн айылына келген.

Кан майдандан ала келген жарааттары бир канча кубатын алган болсо да, кайрадан кесиби боюнча чарбада зоотехник болуп эмгектене баштаган. 1947-жылы Жалал-Абадда зоотехник, азыркы Ноокен районунда райондук зоотехник, Жаңы-Жол , Үч-Терек райондорунда башкы зоотехник болуп 1962-жылга чейин иштеген. Андан кийин согуш калтырган жарааттан улам 2-топтогу майып болуп пенсияга чыккан. Отуз жыл бутунда жүргөн согуш осколкасы 1975-жылы оорусун күчөтүп, 1-топтогу майыптыкка чыккан жана ошол кесепеттүү согуштан алган жарааттан улам 65 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Ары Ата Мекендик согуштун каарманы, ары чарбалык иштерге бараандуу салымын кошуп талыбай иштеген Сулайманов Тагайалы атаны урпактары урмат менен эстеп жүрүшөт.

ФИЛИМОНОВ АЛЕКСАНДР СЕРГЕЕВИЧ

А.С.Филимонов родился 11 августа 1923 года в селе Красный-Кут, Саратовской области. Имеет удостоверение участника Великой Отечественной войны. Удостоверение бессрочно действительно на всей территории Кыргызской Республики .

Александра Сергеевича распредилили в город Дубов во фронтовую учебную бригаду, через 3 месяца присвоили звание сержанта. После попал в 159 отдельную Таганрогскую стрелковую

бригаду и с нею вместе он прошѳл войну в качестве начальника связи 4 – батальона. Он воевал в городах Элиста, Ростов на-Дону, Днепр. С сентября 1943 года его направили в 18 учебный фронтовой полк, а затем в декабре того же года окончив курсы стал командиром орудия и самоходной установки СУ-122.

1943 году весной он попадает в Венгрию участвует в боях в озере Балатон. После Венгрии Австрия, Вена и Чехословакия. До Праги не дошѳл 70 км. Остановился в городе Прижбрам, потому что закончилась война.

А.С.Филимонов имеет следующие награды: В феврале 1943 года медаль «За отвагу» за освобождение Ростова на-Дону. В конце 1944 года получил орден «Красной Звезды» за уничтожение немецких средник танков Т-4. Во время демобилизации он получил орден «Отечественной войны», медали «За взятие Будапешт-Вена», «За освобождение Праги», медаль «За победу над Германией».

В 1943 году при завоевании Ростова он был ранен осколком в бедро. 18 дней пролежал в госпитале, затем продолжил воевать.

Самое душераздирающее событые которое осталось в памяти – это зверство фашистов в городе Ростове на-Дону: фашисты забросили в колодец живых людей: матерей, детей, стариков. Облили их бензином и подожгли, после жители вытаскивали обгоревшие трупы из колодца.

Если возвратиться в те годы без войны, то мирное время он был бы моряком на корабле в Каспийском море.

После демоблизации он приехал в город Зряновск Восточно Казахстанской области. Работал слесарем в строительно-монтажном управлении. Во время аварии Зряновского рудника в шахте он познакомился с девушкой, работавшей машинистом водоотлива Ивановой Тамарой 1935 года рождения 1954 году поженились.

В 1970 году по окончании Капчыгайской ГЭС был направлен в Кыргызстан, город Кара-Куль в Токтогульскую ГЭС.

Принимал участие во всех строительствах ГЭС Каскада. За успешную работу на Токтогульской ГЭС получил орден «Трудо-

вой славы» III степени.

В 1990 году пошөл на заслуженный отдых. В данное время находится в городе Кара-Куль по ул. Серего. Воспитал сына Владимира Александровича, который также работает в Спецгидроэнергомонтаже.

ДОЛОНБАЕВ АРСТАНАЛЫ

Долонбаев Арстаналы 1947-жылы 7-февралда туулган. 1970—1985-жылдарда шаардык ички иштер бөлүмүндө эмгектенген.

1985-1990-жылдарда "Нарынгидроэнергокурулуш" башкармалыгынын автобазасында механик болуп иштеген. Ал эми 1990-1994-жылдары "Достук" заводунда өрт коопсуздугу бөлүмүндө бөлүм башчы болуп, 1994-жылдан улгайгандыгы боюнча эс алууга чыкканга чейин Токтогул ГЭСтер каскадынын аскерлештирилген кайтаруу (ВОХР) бөлүмүнүн башчысы болуп жигердүү эмгектенген.

Долонбаев Арстаналы шаардын эл урматтаган кадырлуу аксакалдарынан. Шаардык аксакалдар кеңешинин төрагасынын орун басарлыгын коомдук тапшырма катары бир топ жылдан бери аркалап келе жатат. Шаардык Кеңештин алдында түзүлгөн "Дин жана улуттук каада-салт" комиссиясынын төрагасы. Балдар иштери боюнча комиссиясынын активдүү мүчөсү.

2009-жылы "Мыкты коомдук ишмер" номинациясына ээ болгон. Долонбаев Арстаналы шаардагы өткөрүлүп келе жаткан бардык иш чараларда абдан активдүү катышат жана өзүнүн пайдалуу кеңештерин берип келет. Ак ниеттүү карыя шаардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө ар тараптуу кошуп келген салымы үчүн бир нече республикалык, областтык жана шаардык Ардак грамоталар жана баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

Кыргызстандын тарыхы менен байланышкан өмүр

16 жашында эл башкарган бала

Каипов Бекташ 1907-жылы Кара-Көл айылында бийдин үй-бүлөсүндө туулган. Тубаса зээндүү, акыл-туюму күчтүү бала алгачкылардын катарында мектептен сабат алып, эрте жетилип, совет бийлиги сабаттуу кадрларга суусап турган мезгилде айылдык Кеңешке төрага болуп дайындалган. Ошондон тарта Бекташ Каипов Совет бийлигин биротоло орнотууга , айыл чарбасын өнүктүрүүгө өзүнүн чоң салымын кошкон. Совет бийлигинин чыныгы жоокери катары ага берилип, күйүп-жанып кызмат кылган.

Басмачылардын 7 бандасын жок кылган

Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиши орногондон кийин 1920—1930-жылдар мезгилинде бүткүл аймактарда совет бийлигин чыңдоо аракети жүргүзүлгөн. Бирок, карапайым элге өз башынча бийлик жүргүзүп келген бай-манаптар совет өкмөтүнө колдон келишинче каршылык көрсөтүшүп, басмачылар бандаларын түзүп биригип алышып күрөшүшкөн. Ошол убакта Каипов Б. Кызылдар Армиясынын легендарлуу атчандар дивизиясында кызмат өтөп, басмачылардын элге күнүтүнү коркунуч туудуруп турган 7 отрядын талкалап жок кылууга катышкан.Отряддын командирлери Чанышев Я., Маслов., Орозбековдор менен таанышкан.

Орто Азиянын тоолорун түрө кыдырган

Ошол кезде басмачыларга каршы күжүрмөндүк жана эр жүрөктүүлүк менен күрөш жүргүзгөн Кызылдар отрядынын командири (азыркы милициянын генералы) Эргеш Алиев экөө Орто Азиянын тоолорун, кокту-колотторун узун-туурасынан басып өтүп, басмачыларды биротоло жок кылганга чейин күрөшүшкөн. Генерал Эргеш Алиев менен кийин да өмүрлөрүнүн акырына чейин үзөңгүлөш дос болушуп катташып жүрүшкөн.

Немецтик баскынчылар менен күрөшкөн

Каипов Бекташ бармактайынан элдин ишенимине кирип, жогоркудай бир топ эмгек кылгандан кийин да 1941—45-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта немецтик баскынчыларга каршы кан майданда салгылашкан. Ленинград фронтунда артиллерист болуп согушкан. Кенигсберг (азыркы Калининград) шаарын душмандардан бошотууга катышкан. Денесинин көптөгөн жерин душмандын огу көзөп, октордун калдыктары Каипов Бекташтын денесинде өмүр бою калган. Бир топ убакыт госпиталда дарыланып, кайрадан майданга кирип, акырында кыргыз жергесине Жеңиш менен кайткан.

Ушул Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн Каипов Бекташ И. Сталиндин өз колунан "За отвагу" орденин алган.

Колхоздордо башкарма болгон

Согуштан кийин эл чарбасын калыбына келтирүүдө да Каипов Бекташ өндүрүштүк иштерге абдан чоң активдүүлүк менен катышкан. Ал Токтогул жана Ленин (азыркы Ноокен) райондорунда жетекчилик кызматтарда иштеген. "Өзгөрүш", Чкалов атындагы колхоздордо башкарма болуп иштеген убагында колхоздордун эмгек талааларында, мал чарба фермаларында коллективдүү эмгекти уюштурууда зор демилгелүүлүк менен эмгек кылган. Бир нече Ардак грамоталарды алган.

Бүткүл союздук эпкиндүү курулушта иштеген

1961-жылы Бүткүл Союздук эпкиндүү курулуш болуп аталган азыркы Токтогул ГЭСинин курулушу алгач башталган. Ошол учурда Каипов Б. Кара-Көлдө биринчи поселкалык советтин председатели (азыркы мэрго) болуп дайындалган. Бул мезгилде да Каипов Б. ар дайым калың элдин арасында болуп, жергиликтүү элди да, ар тараптан келген адамдарды да турак үй жана жумуш менен камсыз кылууну билгичтик менен жүргүзүп турган. Элдин социалдык, турмуш-тиричилик деңгээлин көтөрүүгө бар күчүн жумшаган. Уюштуруучулук жана демилгечилдик аракети менен ГЭСтин, шаардын курулушуна иштөөгө келген адистерге, комсомол жаштарга ар тараптан камкордугун аябай жардамын берген.

Жетекчи катары Каиповго күн сайын ондогон адамдар өз муктаждыктары боюнча ар кыл маселелер менен тынымсыз кайрылып турушкан жана эч кимисинин суроо-талабы, өтүнүчтөрү четте калган эмес. Жетекчи катары гана эмес, Каипов Бекташ инсан катары да элден жардамын, баалуу кеп-кеңешин аябаган адам болгон.

Адамдар менен тыгыз байланышта болгон

Бул аймакта ошол кезде бардык жерде эпкиндүү курулуш иштери жүргүзүлүп турган. Ар бир аймактагы курулуш иштеринин өз жетекчилери, өз пландары бар эле.Ар башка курулуш мекемелери да болгон. Мына ошолордун бардыгынын жетекчилери менен тыгыз байланышта болуп иштөөгө жетишкен. Алар: Серый З.Л., Хуриев Б.К., Толкачев Л.А., Британев А.М., Шинко П.Ф., Бушман Д.В., Новиков В., Байбуз В.К; партиялык жетекчилерден Абдрахманов М.А., Керимбеков , Исанов Н.И., Чынгышев Т.Ч. жана башка көптөгөн жетекчилер менен урматташып иштешкен.

Жан-дүйнөсү бай адам

Каипов Б. жетекчилик мансабы менен жөн эле элди башкарганды билбестен, жан-дүйнөсү өтө бай, ыр-күүгө ышкыбоз да адам болгон. Искуствону абдан жакшы түшүнгөн жана баалай да билген. Өзү комузда кол ойнотуп кыргыздын кулакка жагымдуу мукам күүлөрүн чертип, үн кошуп кыраатын келтире обондуу ырларды да ырдай билген. Аш-тойлордо, салтанаттуу күндөрдө өзү да кубанып, элди да кубантып ушинтип өнөрү менен да кадыр тапкан.

Ат таптаган саяпкер

Ар түрдүү жетекчилик кызматтарда жүргөндөн уламбы, Каипов Б. өмүрүнүн дээрлик көпчүлүк мезгилин ат үстүндө жүрүп өткөрдү. Анткени, ал убакта азыркы жетекчилердей машина минүү деген жок эле. Ат менен гана жүрүп кызматын иштеп, ат менен гана эл аралап жүрчү.Ошондон улам болсо керек Каипов Б. көп ирет ат таптап, күлүк чаап райондук, шаардык, областтык ар түркүн иш чараларга катышып, ал эмес көбүнчө жеңишке жетишип байгелерди утуп алып жүргөн.

Күжүрмөн жетекчи, күйүмдүү ата

Кипов Бекташ коомдук турмушка—эли-жерине эмгек сиңирди. Ата Мекенине, эли-жерине берилген чыныгы инсан катары өзүнүн замандаштарына да, кийинки муундарга да үлгү катары каларында шек жок. Бекташ атанын өмүрлүк жубайы Анар апа да өз кезинде жубайынын түйшүктүү иштерине дайыма колдоо көрсөткөн, жакын кеңешчиси болгон акыл-эстүү, сезимтал жан эле.

Ак эмгектен аты калды

Баштапкы эмгектерин айтпаганда да Каипов Бекташ Улуу Ата Мекендик согуштун жана эмгектин ардагери катары зор урматсыйдын ээси болду. Шаар бийлиги бул адамдын көп жылдык ак эмгегин жогору баалап шаар аймагындагы "Фестивальная", "Заводская", "Ак-Шар", "Төш-Мазар" көчөлөрү турган микрорайонун Бекташ Каиповдун ысмы менен атады.

Б.Каиповдун уулу Бекташов Токон да азыр эмгектин ардагери, "Гидроспецстрой" мекемесинде электрдик ширетүүчү болуп, эң татаал жер алдындагы иштерде, тоннелдерди курууда иштеп келди. Буга чейинки бүткөрүлгөн бардык ГЭСтердин курулушуна активдүү катышты.Эмгектеги жетишкендиктери үчүн ата наркын улаган мээнеткеч уул көптөгөн Ардак Грамоталар жана баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

МЫРЗАЕВА САМАРА

Мырзаева Самара 1939-жылы туулган. Жаш кезинен тартып эле шаардын өнүгүүсүнө салмактуу салым кошуп келгендиги анын өмүр таржымалына көз жүгүртсөңүз даана байкалат. Адегенде жашылдандыруу, көрктөндүрүү тармагында эмгектенген болсо, 1963- жылдан СУПГЭС мекемесине келип, кичи бетон заводуна ишке орношуп, ал жерде жыйырма жылга чукул эмгек өтөгөн. 1982-жылдан шаардагы "Достук" заводунда аба үйлөткүч (компрессорщик) болуп, пенсия жашына жеткенге чейин жигердүү эмгектенип, 1994-жылдан эс алууга чыккан. Шаар өндүрүшүнө кошкон өрнөктүү салымы үчүн Мырзаева С.эки ирет "Эмгектин ардагери" төш белгиси менен сыйланган. Эл тарабынан Ош областтык Кеңешине депутат кылып шайланган. Кезегинде Кыргыз Республикасынын депутаттыгына талапкерликке да сунушталган. Сүрөтү көп жолу областтык, шаардык "Ардак тактада" илинип, бир нече Ардак Грамоталар, материалдык сыйлыктар менен сыйланып келген.

НИКУЛИН АЛЕКСАНДР ПЕТРОВИЧ

Никулин А.П. родился 30 мая 1925 года в селе Нагольное Кривцовского района Курской области. После окончания семилетней школы поступил учиться в техникум виноградства и виноделия в г. Боржом-Парке Грузии, где проучился до 1940 – 1941 г. После начала войны работал в прифронтовых зонах по восстановлению железнодорожных путей, за что был награжден медалью как ветеран "За доблестный труд в ВОВ". После окончания ВОВ приехал в Жалал-Абад, где находился его отец после излечения от ранений в ВОВ. Здесь он окончил педагогическое училище и поехал работать в Курскую область, где был назначен заведующим Колбосовской начальной школы. Был избран первым секретарем Пристенского райкома комсомола и до 1951 года там работал. В 1951 году был назначен директором Владимировской семилетней школы, где проработал до 1952 года. С 1952 года работал в Киргизии, в тор.Жалал-Абаде в качестве заместителя зав.облОНО. После слияния Жалал-Абадской об-

ласти с Ошской был назначен директором Таш-Кумырской средней школы. Когда началось строительство Токтогульской ГЭС был переведен на стратку для организации школы, где и работал преподавателем истории и политологии. Окончил Фрунзенский педагогический институт в 1964 году. Потом принялся за организацию филиала ФПИ в г. Кара-Куль, где он впоследствии проработал преподователем истории и политологии.

Имеет множество грамот за хорошую работу. Был дважды депутатом городского Кенеша г.Кара-Куль. С 2012 г. «Почётный гражданин» Кара-Куль. Имеются медали за Победу в ВОВ.

ЭНЕНИН КАЙРАТМАН ЭМГЕГИ

Биз Каипова Нурчакан апанын энелик жана эмгектик түйшүгү аркылуу шаарыбыздын аймагындагы көптөгөн энелердин шаарыбыздын өсүп-өнүгүшүнө, ГЭСтердин курулуштарына кошкон салымдарынан кабар берели дедик.

Нурчакан Каипова Токтогул районунда 1943-жылы туулган. Балалык кезинен эле колхоз жумушуна катышкан. -Токтогул районунун Куйбышев колхозунда ал убакта пахта өстүрүлчү. Талаага чыгып пахта чаап,ачылганда баарыбыз пахта терчүбүз,- деп эскерет Нурчакан апа. - Мал чарбасы үчүн да окуучулар кол кабыш кылчу. Тоют жыйноо мезгилинде жайында чөп чаап, чөмөлө кылып, балдар менен тең иштеп бешилик менен чөп да жүктөчүбүз.

Н. Каипова Ленин районуна (азыркы Ноокен) көчүрмө болгондо Рахманжан атындагы колхоздо катардагы колхозчу болуп эмгектенди. Эл менен бирге кайра көчүп келгенден кийин мектепте пол жуугуч болуп иштеп туруп, 1973-жылы НГЭСке Токтогул ГЭСинин курулушуна шыбакчы-маляр болуп жумушка кирет. Ошол бойдон 1994-жылдын октябрына чейин үзгүлтүксүз иштеген.

-Бизди окуткан агайларыбыз да эсептешпей иштеген. Кышында мектепти жылытуу үчүн кыштоого барып, агайыбыз өзү көң чаап, аны окуучулар биз өзүбүз эшектерге жүктөп мектепке ташып келчүбүз. Ошол убакта улууда да, кичүүдө да адеп, ыйман, тартип болгон экен. Ким эмне ишке жумшаса каяша айтчу эме-

спиз. Элде талапты туура түшүнүү,сабырдуулук болгон экен.

Андан ары Нурчакан апа өз эмгек жолу туурасында бизге кеңири кеп салып берди, айрым суроолорубузга да жооп алдык.

Бардык ГЭСтердин курулушуна катышкам

-Ал убакта ГЭС курулуш иштери –эпкиндүү курулуш майданы делип, сутка бою үч нөөмөт менен иш жүрүп турган. Жумасына 5 жумушчу күн, 8 саат иш күнү. Нолевой ГЭСтен баштап Токтогул, Күрп-Сай, Таш-Көмүр, Камбар-Ата –" ГЭСтеринде шыбакчымаляр болуп эмгек кылдым,-дейт Нурчакан апа.

Ишибиз оор эле болчу. Аял кишилер үчүн чака-чака кумцемент кармап шыбак шыбоо оңой бекен. Бирок чыдап эле иштедик. Абдылдлабектин аялы Кадича, Долонбаев Арстандын аялы Айша, Базылова Людмила, Горбачева Таня жана бир тобу чогуу иштедик. Бири-бирибизге күйүмдүү, боорукер, ынтымак элек.Шыбакчылардын бригадири болуп өзбек улутунан Мансуров Юлдашбек көп жыл иштеди.Камбар-Атада Валя деген орус аял бригадир эле. Улутун айруу деген түшүнүк жок болгон бизде.

Ойлосом уктабай эле жүрүпмүн

Каипова Нурчакан ГЭС курулушунун оор тармагында эмгектенүү менен эле бирге он бала төрөп, анын 9ун тарбиялап өстүрдү. -Баары тең бирисинен бириси кичинекей. Эң эле улуусу 9—10 жашта. Алардын кир-когу, аш-наны. Башка да үйдүн тиричилиги, келим-кетим... Анан дагы балдар сүтүн ичет деп колубузда тоого кетирбей кармаган уй, торпок. Жумуштан келем дагы балдарымдын аш-оокатын бышырып-күйдүрөм,жыйып-термей. Уйду эл жатаарда Кара-Суунун жээгине чөпкө аркандайм да, таң саардан эл ойгоно электе үйгө алып келип коем. Анткени, күндүз колхоздун жүгөрү-бедесин жеп коет деп уй-койлорду кароолчулар Кара-Суу жакка жолоттурчу эмес.

Жумушка жөнөгөнгө чейин уйду саап, машинадан каймагын чыгарып, бышырып айранды да уютуп бүтөм да, даяр оокатты улуурак балдарыма дайындап коюп жумушума кетем. Эми олйлосом, ошончо түйшүктүн баарына жетишем деп уктабай эле жүрүптүрмүн. Анан да абышкам экөөбүз макулдашып ал бир сменге кетсе, мен кийинки сменге чыкчумун. Азыркы жаштар бир күн эле чала уктап калышса, башым ооруду дешет,-дейт Нурчакан апа.

Оорусак акча төлөйбүз

Союздук мезгилде жашаганыбызда биз өтө көп артыкчылыктарга ээ болгонбуз да. Ооруп калсак доктурга акча төлөп көрүнүү, дары-дармектерди кымбат бааларга сатып алуу, ондогон миң сомдорду төлөп операцияга кирүү ж.б. сыяктуулардан биздин түшүнүгүбүз да жок болгон. Ооруканага дайыма эле барып бекер эле жатып дарылана берчүбүз, улууларыбыз да, балдарыбыз да. Анча-мынча дары-дармек жетпей калса, аптекадан 1-2 сомго, же бир аз тыйынга эле сатып алчубуз. Айрым көптү билгендерден "капиталисттик өлкөдө акча төлөп дарыланасың" дегенди уксак, үрөйүбүз учуп:"Ал жактагы элдер кантип жашашат болду экен?" деп ойлочубуз. ГЭСтердин курулушунда иштеп жүргөнүбүздө чет элдиктер да көп келишчү. Анан алар менен кээде сүйлөшүп калсак, "бизде бардык нерсеге акча төлөнөт" дешсе да, колунда жоктордун абалы кантет деп капиталисттик өлкө дегенден зааркончубуз. Эми ошол заман бизге да келбедиби.

Тамеки да баккам

Бул жерде да өкмөт тамеки айдаткан . Ошондо 9 жыл тамеки бактым. Ал учурда "Менин ГЭСте иштеп жаткан жумушум бар, ошол жетишет" демей эч кимде жок.Бригадирге берилген планды ошол айылдагы ар бир үй-бүлөгө бөлүп милдеттендирип коет. Биздин айылда Шакир деген бригадир эле.(Антпесе анын да чарасы жок, план –мыйзам) Анан тамекинин көчөтүн отургузмай, суугармай, отоо чөбүн жулуп, жумшартып чапмай. Жетилгенден кийин күн сайын эртең менен эрте, же кечки салкында бышкан жалбырагын жыйнайбыз, аны балдарыбыз менен жапа-тырмак отуруп жипке тизебиз. Кургатууга илебиз. Утуру кургагын көлөңкө жерге кийиребиз, жаңысы илинет...Күз келгенче жалбырак жыйналат. Анан аны буулап таңгактоо башталат. Бүткөндөн кийин жалбыректын ар бир килограммы 2—3 сомго араң алынат. Ошого да каниет кылмай. Түйшүгүнө чыдамай. Бул түйшүккө ошол кездегилер баарыбыз көнгөнбүз.

Эки төш белгинин ээсимин

"Саргара жортсоң—кызара бөртөсүң" дегендей кыйналып эмгек кылдым, көп бала тарбиялап өстүрдүм. Мээнетим текке кетпеди. Бириси—жемиштүү эмгегим үчүн "Эмгектин ардагери", бири—"Баатыр Эне" төш белгисин алдым. Буларды көкүрөгүмө тагып жүргөнүмдө менин балдарым, балдарымдын балдары,

азыркы жаш муундар менен чыныгы ак эмгектин натыйжасын, жакшы жашоого жетүүнүн үлгүсүн көрүп турушат деп сыймыктанам. Адам чымырканып мээнет кылса, ал эч убакта жерде калбайт, эмгек—дөөлөттүү жашоого жеткирет.

Албетте ошончо тириликтин баарын өзүм жалгыз жүргүзбөдүм. Абышкам Каипов Арыкбай да мээнеткеч жан эле. СУПГЭСте 1962-жылдан 1994-жылга чейин пенсияга чыкканча бетончу болуп иштеди. Мыкты иштегени үчүн көптөгөн Грамоталарды алды, макталып жүрдү. Тиги жумушунан келгенде үйтиричилик жумушунан баш көтөрчү эмес. Мал-койго жүгөрү экмей, суугармай, чөп чапмай...Ошентип жүрүп балдарыбыздын үчөөн жогорку билимдүү кылдык, азыр балдардын урматын көрүп кубанам. Абышкам 2005-жылы кайтыш болду.

АРСТАН ОСОКЕЕВ

Шаардагы кадырман карыялардын бири Осокеев Арстан 1943-жылы туулган.Кесиби ширетүүчү. Кара-Көл шаарында 1965-жылдан бери өмүр кечирип, шаарга эмгек өтөп келүүдө. "Гидроспецстройдо" 5 жыл, СУ-2 мекемесинде 7 жыл иштеп, калган 26 жылдык эмгегин Гидромонтаж" мекемесинде өтөдү.

Осокеев Арстан өзүнүн табиятынан коомдук турмуштун абалына, адамдардын психологиялык көз караштарына өз алдынча баа берип, ой калчап, жалпы карапайым элдин мүдөөсүнө төп келген ишаракеттери аркылуу көп нерсени жасоого умтулгандыгы менен өзгөчөлөнгөн инсан. Улгайып пенсия жашына жеткен 1993-жылдан бери Осокеев Арстан шаарда укук коргоочу болуп иштеп келе жатат. Бир топ иштерди аткарды. Бир эле мисалды алсак, шаар калкынын энергияга болгон төлөмүнө өкмөт тарабынан жеңилдик берүү маселесин көтөрүп Жогорку Кеңештин депутаттарына (О.Артыкбаевге) кайрылган, жыйынтыгында Кара-Көл эли электр энергияга төлөмдөрү үчүн жеңилдиктерди пайдаланып келүүдө.

Осокеев Арстан тубаса таланттуу, көп нерсеге умтулган ынтаалуу инсан. Ал кезегинде Токтогул ГЭСинин элге бере турган кызматына зор маани берип, жаштык жигери менен эргип Шай-

лообай Култаевдин сөзүнө жазылган "Токтогул ГЭСи" деген ырына обон жараткан. Ушул ыры менен республикалык кароосынакка катышып, биринчи орунга ээ болгон. Бул ыр азыркыга чейин эски муундагылардын оозунда ырдалып келе жатат. 1988-жылы Осокеев Арстан Ата Мекенине кылган узак жылдык жана ак ниет эмгеги үчүн СССР Жогорку Советинин Президиумунун "Эмгек ардагери" төш белгиси менен сыйланган.

Кесепеттүү Ооган согушу

1979-жылдан 1989-жылга чейин созулган Ооган согушуна мурдагы СССРдин аймагынан 14миң 453 адам курман болсо, биздин Кыргызстандан да 7 миңден ашык жоокер бул согушка катышып, өз мекенине, өз бир боорлорунун кучагына 300гө жакыны кайтпай калды. Бул кандуу майданга биздин Кара-Көл шаарыбыздан да 26 жоокер катышып алардан 2 жоокер Ооганстандын кандуу талааларында курман болушкан. Ысмайыл Ажыматов, Кайыпов Алымбек Жумашевич. Ал эми К.М. Атанаев туулуп-өскөн жерине кайтып келгенден кийин Ооган жараатынан улам каза болгон.

Итикеев Казыбек өз башынан кечирген Ооган апаатын эч убакта унутпайт

Көз алдынан тасмадай чуурат

Ооган согушунун токтогонуна жыйырма жылдан ашса да жоокерлердин көз алдынан алиге анын каардуу элестери тасмадай тизилип жүрөктүн тынчын алат. Шаарыбыздагы Ооган согушунун ардагер жоокери Итикеев Казыбек Смаилович да 1982-1984-жылдарда өзүнүн жигиттик милдетин өтөп жүргөн кездеги окуяларды дайым эстеп кеп салат: "Мен 1964-жылы 17-августа Токтогул районунун карамагында турган Кетмен-Төбө кыштагында туулгам. 1971-жылы Кара-Көл шаарына көчүп келгенбиз жана шаардагы Чолпонбай атындагы №2- мектебин аяктагам.

1981-жылы август айында “Нарынгидроэнергокурулуш” мекемесине (СУПГС) электрдик-ширетүүчү болуп ишке киргем. 1982-жылдын октябрь айында мени Советтик Армиянын катарына чакырып алып кетти.

Ата Мекенди коргоого кызмат өтөө ар бир эр азамат үчүн сыймык эмеспи. Мен да сыймык менен жөнөгөм. Бизди адегенде Таласка алып барып, ал жерден командаларга бөлдү. Кара-Көл менен Токтогулдан 66 баланы Түркстан аскердик округуна алып кетти. Биз Түркмөнстандын Кушка шаарына бардык. Ал жерден да кайрадан бөлүштүрүү болуп мени менен ушул Кара-Көлдөн Назарбек Кушубаков экөөбүздү 66-чы чалгындоочу батальонго бөлдү.

Ошол 1-ноябрь күндөн баштап менин чыныгы аскердик жашоом башталды. Армиянын оор күндөрүн баштан кечире баштадым. 1982-жылдын 2-декабрь күнү аскердик ант бердик. Анан эле бизди Ооган жергесиндеги согушка 7 ай бою катуу даярдады.

1983-жылы июнь айында Иран чек арасына бардык. Ал жерден эки айдан соң кайра келдик да бир ай бою медициналык кароодон дыкаттык менен өткөрүлдүк. Андан ары бизди Ооганстанга алып кетти. Биз Термез аркылуу колонна менен кеттик. Ал колоннанын тутумунда 172 согуштук ар түрдүү техникалар, 1000ден ашык жоокерлер бар.

Жоготууга учурап, жарымыбыз эле калдык

Биз ал жакка чек арадан өткөндөн 2 күндөн кийин эле колоннабызды душмандар аткылай башташты. Мен ошондо гана чындап Ооган согушунда жүргөнүмө ишендим. Бир жолу Полихумри кыштагында болгон түнкү согушта биз көптөгөн жоокерлерден, офицерлерден айрылдык. Эртең мененки саат 6лар чамасында гана согуш токтоду. Ошондо баягы 172 согуштук техникадан болгону 82 гана машина калыптыр. Ошону менен Ооганстандын Кабул шаарына кирип бардык.

Мен снайперчи болгом

Көп жоготууга учураган колоннабызды кайрадан толуктап бизди эми Ооганстандын Кундуз шаарына жөнөттү. Үч күн дегенде менин ротам Кундуз шаарына кирип бардык. Мен снайпер атуучу, танк, машина айдоого, ж.б. көп нерсеге машыктырылган элем. Мында да жарымыбыз жолдо душман колунан мерт болушту. Калгандарыбыз ошол бойдон жоокердик кызматты өтөп калдык.

Акыркы тапшырманы аткаруудагы кырсык

Убакыт өтүп, 1984-жылдын 1-сентябрында менин ротамды дембилдик сапарга жөнөттү. (бул деген мөөнөтүн өтөп бүткөндөр жаңы келгендерди үйрөтүү үчүн кошулуп акыркы тапшырмаларды аткарууга чыгышат)

Тапшырмабыз—Менин ротам автоколоннанын Файзабад шаарынан Кишим кыштагына жеткирүү болду. Биз эртең мененки саат 5те жолго чыгып жөнөдүк. Бир суткадан кийин биздин колоннаны душмандар минамет менен аткылай башташты. Бул аткылашуу 4 саатка созулду. Мен башкарып келаткан БТРдин огу түгөнүп аргасыз абалда калдык да, жанымдагы шеригим экөөбүз эки люкту (танканын үстү жагындагы эшиги) ачып сыртка чыгып алдыга көздөй чуркадык. Ок жамгырдай жаап, күйүп жаткан машинанын жарыгынан сырт жапжарык. Бир маалда алды жагымдан эки мина, снаряд жарылганын гана билем, башка эч нерсе билбейм.

Каердемин, эмне болдум?

Канча мезгил өткөнүн да, өзүм эмне болгонумду да, кай жерде экенимди да билбейм. Бир маалда көзүмдү ачсам врачтар менен медсестралар тегеректеп карап турушуптур. Мен каердемин, мага эмне болду деп сүйлөйүн десем сүйлөй албай койдум. Врач агай менин башымды көтөрдү да менден кечирим сурады:"Кечирип кой, мен сени курман болду деп үйүңө телеграмма бердиртип ийген элем"-деди. Мен али да эч нерсеге түшүнбөй жатсам эле, сырттан апамдын ыйлап кирген үнүн уктум, артынан атамдын элесин бир аз көрүп калдым. Кайра эсимди жоготуп коюптурмун. Бир аздан кийин көзүмдү ачсам ата-энем, бир туугандарым барышкан экен. Мен болсо Ташкенттеги госпиталда жатыптырмын. Денелеримден тамтык жок, жаракаттарым көп. Ошол бойдон мен ошол госпиталда 3 ай 10 күн дарылануууда болдум.

-Ооган талаасында сиздер кимдер менен согушкансыздар. Билесиздерби?

-Мен билгенден алар Америкага жалданып (наемщиктер) келгендер. Алар согушка абдан машыгышкан. Атайын түзүлгөн келишим менен иштешет да, чоң суммадагы акча алышат. Биз ушундай деп укканбыз. А советтер өлкөсү болсо, согушуунун эч кандай тактикасын билбеген жоокерлерди жибере берген. Согуштун жүзү курусун. Эч убакта согуш болбосун! Анын эч ким-

ге, эч качан жакшылыгы жок. Мен келгенден кийин бир жылдан кийин үйлөндүм, азыр эки кыз, бир уулум, неберелерим бар.

Биз ООган согушунун келип чыгыш себептерин билгибиз келип суроо узаттык:

-Айтыңызчы, ООган согушу эмне себептен башталган. Демейде Советтик Армиянын катарына жоокерлер Ата Мекенин коргоо үчүн барышат. Ал эми Ооган согушунда советтик жоокерлер Ооган жеринде жүрүшпөдүбү. Биздин жерге басып кирген душман менен эмес, Ооган жеринде согушуп жатышты?

-Ооба, ал убакта саясат ушундай болгон. Орто Азияга кызыккандар азыр да көп. Ошондон улам Америка Ооганстанга күчүн жайгаштырып алып Орто Азияны көзөмөлгө алып тургусу келген. Бирок, Советтер өлкөсү андан мурда Ооганстанга кирип Орто Азияны өзү көзөмөлгө алгысы келген. Ошондон улам Ооган жергеси согуш талаасына айланган. Биздин түшүнүгүбүз боюнча ушундай.

-Ошол учурда көптөгөн Ооган жеринде курман болгон жоокерлердин сөөктөрү кара сандыкта (гробдо) алынып келинчү да, сөзсүз аны коштогон 2-3 жоокер жигиттер келчү. Анан ал сандыкты ачууга уруксат бердирбей көмдүрүп кетишчү. Эмне үчүн деп ойлойсуз?

-Мунун ар башка версиялары бар. Мисалы өзүм көргөн чындык боюнча жоокерлер дайыма эле бир жерине ок жаңылып өлбөстөн, ар түрдүү кыйноолорго учурап, жарылуулардан башынан, колу-буттарынан ажыраган, ал эмес көздөрү оюлгандар, кээде сөөк эмес жөн эле бир денесинин жартысы же күлү келчү. Аны маркумдун ата-эне, тууган-уруктары көрсө эмне дешет, кандай абалда болушат. Ошон үчүн ачтырбаганы да туура болгон.

Ал эми дагы бир версия боюнча жоокердин сөөгү делген кара сандыкта курал-жарак, же наркотикалык зат бар экен дегендери да чын болушу мүмкүн. Анткени бийликтегилер аралашкан наркобизнес да жок болгон деп айтуу кыйын.Бул боюнча биз да ар кыл айыңдарды угуп жүргөнбүз. Көбүнчө Россия тарапта жоокерлерди көмгөндөн кийин, белгисиз бирөөлөр тарабынан мүрзөлөрү кайрадан ачылып кара сандыктар алынып кеткендиги тууралуу айтылып жүрдү.

-Сиз кара-көлдүк Ажыматов Исмайыл тууралуу да бир нерсе биле аласызбы?

-Исмайыл мен баргандан эки жыл мурда дал ошол мен барган Кундуз дивизиясында болгон экен. Алар дивизиясы менен Кара-Комер кыштагындагы блок постто турушкан. Күтүүсүздөн душмандар кол салышып, түнү менен атышуулар болгон. Ошонун натыйжасында жоокерлерден 12 адам курман болушкан. Ошолордун бири биздин жердешибиз Ажыматов Исмайыл болгон. Ошол 12 адамга Ооганстандын аймагындагы өздөрү салгылашкан жерде эстелик орнотулган. Аттары жазылып турат.

Мындан улам гезиттен окуган дагы бир маалымат эсиме түштү: Ошол жылдары Ооганстанда кызмат өтөп жүргөн орто азиялык бир жигитти командири чакырып шашылыш тапшырма берет. Колуна бекем пломбаланып бекилген калың конвертти карматат да: "Сен муну тез жеткир, мынча убакытта жетесиң, катты бергенден кийин үйүңдө бир ай отпуска менен эс алып кел" –дейт. Жоокер кубанып жолго чыгат. Поезддe келатып байкаса үйүнүн жанынан өтөт экен, конверт жеткирчү дареги да жакын. Үйүнө кирип эле анан барса да бир-эки саатта жеткирет. Жигит поезддeн түшүп үйүнө келсе, "өзүнүн сөөгү салынган гробдун" үстүнөн чыгыптыр.Ызы-чуу...

Көрсө, эгер жигит конвертти дарек боюнча жеткирсе, ошол бойдон ың-жыңсыз жок болмок тура...

"ТИРҮҮ БОЛГОНДО ЭКИНИН БИРИ БОЛМОК"

1981-жылы 4-апрелде Советтик Армиянын сабына чакырылып, жигиттик милдетин өтөөгө барып, эки жыл Ооган жергесинде жоокердик милдетин өтөгөндөн кийин туулган Ата Мекенине, бир тууган агайын-туугандарынын кучагына кайтаарына үч күн гана калганда 1983-жылы 27-апрелде Алымбек минген танка минага жарылып, гүлгүндөй жигит курагында курман болгон Алымбек Каиповдун эжеси Нурбү Арыкбаева ар дайым Алымбек жөнүндө ушинтип эскерет.

Ооба, Алымбек жаш болгондугуна карабастан бир тууганларын таң калтыра таап сүйлөп, эс-акылынын тереңдигинен кабар берип эр жетип келаткан кыргыздын жетик жигиттеринин бири болчу. "Мүнөзү ачык, жайдары, биз улуу болсок да анын бир айткан сөзү дилиңдин тереңине, чучугуңа жеткендей курч, маанилүү экендигине тан бербей кое алчу эмеспиз. Кыска, нуска, күлө сүйлөп жаркылдап турчу. Жаштайынан эле өтө сезимтал,

парасаттуу жан эле"-деп эскеришет туугандары.

Шаарыбызда Ооган жоокерлеринин элесине арналган эстеликтин ачылышында Алымбек Каиповдун эжеси Нурбү өзүнүн жүрөгүнөн күйүт аралаш чыккан ырын окуп берген эле.Анда:

Өмүр жолуң ак-карада сындалып,
Өттүң-кеттиң көздөр калды нымдалып!
Жашоо деген бир көз ирмем турбайбы,
Эрдик жана эмгек гана бир калып.
Кайгыга сен баарыбызды салдың бүтүн,
Каректер жашырдыго кайгы күчүн.
Капилеттен кайрылбаска кеткениң,
Кандай гана оор жоготуу биз үчүн!
"Жалп" деп өчүп жарык жылдызым,
Оор үшкүрүп онтоп калды бир бооруң.
Белек кылып эрдигиңди таштадың,
Жаткан жериң жайлуу болсун, бир боорум!"-деп айтылат.

Алымбек Каипов 1963-жылы 22-февралда азыркы Ноокен районундагы Рахманжан атындагы колхоздо туулган. Мектеп жашына келгенде Кара-Көл шаарында жашап калышкандыктан Чолпонбай атындагы №4-орто мектептен окуган. Ал эң жакшы окуган. Өзү окуган мектебинде анын эстелигине арналып бурч ачылган. Айрым буюмдары ошол жерде турат.

Алымбек мектепте, тууган мекенинде кандай иштерман, эпчил, дилгарак болсо, Армияда да ошол сапатын көрсөткөн. Ал адегенде өз ротасында катчы болуп, аскердик билеттерди толтурчу экен.

Нурбү эжеси кайра эскерет: "Кол жазмасы бир укмуштай таза, сулуу эле. Шурудай тизилген кол жазмасын катынан кайра-кайра окучумун. Эмнеси болсо да улуусумун да. Армияга кат жиберем:"Алымбек, жакшы жүр. Сен келечекте экинин бири болосуң. Билимдүү болосуң. Сенин колуңдан көп нерсе келет. Мен сага абдан ишенем. Армиядан келсең, Фрунзеге Политехникалык институтуна кирсең да болот..." деп бир далай кеңештеримди айтам. Анан ал мага жооп жазыптыр:"Эже, биз бул жакта бир гана нерсени ойлойбуз. Күн сайын жатаарда "Эртеңки күндү аман-эсен көрөөр бекенбиз" деген. Аман болсом, калганын көрө жатаарбыз" дептир. Бул каттын чыныгы маанисин Алымбек курман болгондон кийин гана түшүнбөдүмбү!.

Алымбек Каиповдун чыныгы эр жүрөк жоокер экендиги өзүбүздүн өкмөт тарабынан да, Ооган мамлекети тарабынан бааланды. Ага "Кызыл жылдыз" ордени, "Интернационалчы жоокер" деген төш белгиси, Ооган мамлекетинин төш белгиси, СССР Жогорку Советинин Проезидиумунун Ардак Грамотасы ыйгарылды, бирок, көзү өткөндөн кийин. Кантсе да биз Алымбек менен түбөлүккө сыймыктанабыз. Анын элеси бир туугандарынын жүрөгүнө дем берип турат. Эрдиги кийинки муундарга эң таза өрнөк болуп кала берет. Гүлгүндөй жоокер жигиттин урматына шаардагы мурдагы "Парковая" көчөсү 1993-жылдан бери Каипов көчөсү болуп аталып калды.

"КЫЗЫЛ ЖЫЛДЫЗ" ОРДЕНИНИН ЭЭСИ

Ажиматов Исмаил Калмаматович 1962-жылы 23-октябрда Кочкор-Атада төрөлгөн. Балалык чагы Кара-Көлдө өттү. Үйдө дайыма шайыр, ачык, шамдагай жүргөндүктөн атасы Калмамат аке да, апасы Рабы эже да уулуна чоң үмүт артчу. Чоңоюп киши болсо бизди бага турган, көп жакшы иштери менен кубандыра турган уулубуз деп ишенишчү.

Токтогул атындагы №1-орто мектептен окуду. Окуучулук кезинде мектептеги көркөм чыгармачылык ийримине үзбөй катышып, Вокалдык итнструменталдык ансамблде бас гитара ойноого чебер болчу. Спортко абдан кызыгып, баскетбол боюнча мектептер аралык мелдештерде дайыма алдыңкы орунду жеңип алчу. Исмаил мээнетке жакын өстү. Мектепти аяктаары менен эле "Достук" заводуна ишке кирип иштеп, анан да келечекте жогорку билимдүү адис болууну көксөп, таттуу тилек менен ФФПИге окууга кирип, күндүз жумушта иштеп, кечкисин окуп жаткан. 1980-жылы "Күрп-Сай" ГЭСине жумушка которулуп жаштарчылап оюн менен иши жок, бардык аракетин ишин так аткарууга жана институтту бүтүрүүгө жумшап жүрдү.

1981-жылы апрелде көптөгөн жаштардай эле Советтик Армиянын сабында кызмат өтөөгө чакырылды. Ата-эне, ага-тууган менен салтанаттуу коштошуп, жигиттик сапарга узаган. Тынчтык заман, эч кимдин оюна жамандык келген эмес. Баарынын оюнда

жигиттик милдетти өтөп, ырааста жүрүп турмушка кагылып-согулуп келет дешкен.

Көп өтпөй кат келди. Ооган жеринде кызмат өтөөгө бөлүнүптүр. Анча-мынча көңүлдү селт эттирген маалыматтарды угуп жүрүшсө деле ата-энеси Исмаилди жамандыкка ойлоболу. Эртерээк эки жыл өтүшүн, жаркылдап үйгө кирип келишин, күн санап күтүп жүрүштү. Кээде келген каттарынан кандайдыр алааматтын жыты келгенсип, жүрөктөрү үшүй түшсө да ата-эне, бир туугандары кулактары угуп жаткан жамандык булардан да айланып өтпөсүн билишкен жок.

Күндөр күнгө тогошуп, Ооган республикасынын Кундуз шаарында №82860 - аскердик бөлүктө кичи сержант болуп, №95866 – аскердик бөлүктө БМП-3кл. Командири болуп жүрдү. А-бу дегенче 1982-жыл келип, январь айында ошол жакта Кундуз шаарында аскердик кызматтын кезектеги тапшырмасын өтөө мезгилинде душмандар менен салгылашуудан улам эрдик менен курман болду. Бир үй-бүлөнүн келечегинен көптү үмүттөндүргөн бир перзенти шамдай жанып, куштай талпынып баралына толуп турган маалында "жалп" өчтү да жок болду.

Арга канча! Боздосо да таппайсың. Бирок, Исмаил бекер эле өлгөн жок. Ал Ата Мекенге өтөөчү ыйык милдетин аткарып жатып курман болду. Артындагы ата-эне, бир туугандарынын топук кылганы ушул болду. "Биздин Исмаил эр азаматтык парзын аткарып жүрүп курман болду. Элдик уул катары милдетин өтөп жүрүп мерт болду" деп өздөрүнө топук айтты.

Ооба, эл-жерине ак кызмат өтөп курман болгон жоокерге кийин "Кызыл Жылдыз" ордени, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Грамотасы, Ооганстан республикасынын ордени, Аскердик гвардия наамы, "Аскердин отличниги" наамы ыйгарылды. Анын артына кыска жана нуска өрнөгү, жаркын элеси калды.

Ооган согушунун жоокерлери

К.М. АТАНАЕВ (келгенден кийин кайтыш болгон)
И.К.(АЖЫМАТОВ курман болгон)
Р. М.АКМАТОВ
АСАНБАЕВ
Т. БӨКӨНБАЕВ

М.К.ДООРОНКУЛОВ
А.Ж ТАБАЛДИЕВ
КАИПОВ.(курман болгон)
А.С. КУЛМАТОВ
Ж.К. КЫДЫКЕЕВ
Н.М. КУШУБАКОВ
С.Т. КАКАЕВ
К. ИБРАГИМОВ
К.К. МАСИРОВ
С. ШАРАПОВ
Ж.ШАЙЫМКУЛОВ .
А.Т. НИЯЗАЛИЕВ
В.В. НАЗАРЕНКО
К. МАКЕШОВ
Б.Т. ЧАКЫРАЛИЕВ
А.Ч. ОРМОНКУЛОВ
Е.А. САМСОНОВ
Э.СТАМБЕКОВ
И.Д. ЖОЛДОШЕВ
К.С. ИТИКЕЕВ
К.М. ЖАМАНКУЛОВ

Кетмен-Төбө туурасында уламыш

Кара-Көл аймагынын тарых-таржымалы сөз болуп жаткандан кийин биз Кетмен-Төбөнүн таланттуу жазуучу кызы Бактыгүл Чотурованын калемине таандык, азыркы күндө ГЭСтердин иштөөсүн шарттап турган көл турган жер жөнүндөгү баянын "Суу алдында калган шаар" деген китебинен алып бере кетсек азыркы муундар үчүн кызыктуу болчудай:

"Замандардын бир заманында калкы камыштай кылкылдаган шаарлардын жери имиш. Ал шаарларды Ажо же хандар башкарып турчу экен. Канча бир кылымдардан кийин учу-кыйырына көз жетпей , мелмилдеп жаткан мейкин талаага айланганы айтылат. Дагы канча дооорлор өткөнүн ким билсин, сыягы жүз миң жылдар болсо керек го, баягы калкып жаткан мейкин талаа чалкып жаткан көгүлтүр көлгө айланган имиш. Кадимки айкөл Манас атабыздын доорундагы "Ит ичпестин Ала-Көл" ушул жер болгон дейт. Ошондонбу, бүт өрөөндүн тоолорунун бооорлорун-

да суу жеген кыртыштардын, катмарлардын издери азыр дагы көрүнүп турат. Туздун кени бар болгондуктан мында көлдүн үстү аста эриген тузга көбүрөөк туш келген жери агала болуп көрүнчү экен, анын суусунун кычкыл даамынан ит да иче албаган имиш. Ошондон "ит ичпестин Ала-Көл" деп аталып калган окшойт. Ал көл акырындап отуруп капчыгайдын ар-ар желип кеткен жерлеринен агып кетип, суунун кыртыштары кылымдарга чейин турган так болуп тоолордун боорлорунда кала берген экен.

Ал а болду, жана бир топ кылымдар өткөн соң бу чөлкөмдө төбөдөн күн куйкалаган кызыл кумдуу чөл талаа жатат дейт. Кудайдын кудурети менен ал чөл дагы көптөгөн кылымдар өткөндөн кийин ортосунан күрпүлдөгөн дарыя агып өткөн , өйүз-бүйүзүндөгү айыл-айылдардан адамдар бир-бирине катташып, карым-катыш жасаган, жай турмушта жашаган эли бар, туш тарабын тоолор сакчыдай курчап турган, ичинде мөлтүр булактар, көккашка дарыялар аккан, таш менен кумунан кендер чыккан, жашыл бактарында түркүн куштар сайраган, арча карагайлуу капчыгайлары бар, не бир жан-жаныбарлар жайлаган, мөмө-жемиштин түрү бышкан, жайкалган дан эгиндүү даркан талаасы бар бир өрөөн жаралган экен. Бул өзү теңир жараткан табияттын бир биз билбеген өз мыйзамы бар экенинин далилидир. Бул жерде жылдын төрт мезгили өзүнүн дооранын сүрүп, жазы жаштыктай кооз жагымдуу, жамгырлуу, жай айы көйрөңдөнгөн көркөм жашыл ыраңга оронгон, күзү сары алтындай жаркылдап, марттыгын далилдеп не болсо да дасторгонго төгүлүп, байкер түшүмү мол, кышы чаң жолотпогон, кычыраган аппак карлуу, жашоого абдан ыңгайлуу бейиштей өрөөн жаралган. Кечээ эле биз бала чакта жайлоодон суу бойлоп түшүп, алма, өрүктү чаначка толтуруп кетчүбүз...

Ошол өрөөндө илгери Ажокыйык деген алп баатыр чыгып, элине хан болуптур. Адамдан ага теңдеш туулбаган ал алп хандын өз заманында бүтүн эли анын айтканын эки дебей аткарышчу экен. Алптыгын мындан билиңиз , Ажокыйык хан бир күндө кырк казан тамак бышыртып алып жеп, ошого да кээде чала тойчу имиш. Мындай шартка түтпөй кеткендиктенби, же бир себеп болгонбу, айтор күндөрдүн бир күнүндө Ажокыйык иччү кырк казан тамак толук жасалбай калыптыр.Ал ошондо мындай каяшаны өмүрүндө көрбөгөн немедей, ызалыкты биринчи туй-

ган Ажокыйык хан жаалданып ачуусу келип, каары канына кайнап чыккан го.

-Мени тоотпой баштадыңарбы, бу көрөкчө туулбай туна чөгөйүн, ажалдан мурун өлөйүн, ага чейин дарыяны киши жумшабай так өзүм бууп, көл кылып, силерди мына бу турган жериңер менен бүтүндөй көлгө чөктүрүп ийбесем элеби! Качып чыга алганың качып кет, көчүп чыга алганың көчүп кет, мага десе ата-бабаңдын сөөгүн казып, алың жеткениң артынып ала кет, анте албаганың алдында кал, келе кетмен! -деп Нарын дарыясын тосуп, көлгө айлантып, сууну Таласты көздөй ашырмакчы болот. Хандын каарынан калчылдап корккон нөкөрлөрүнүн бири эң чоң деген кетмен таптырып келип колуна кармата салат.Буурадай булкулдаган алп хан Көк-Белдин чокусуна чыгып, Кара-Кырдын үстүнөн бир кетмен топуракты чаап алып Нарындын жээгине таштайт. Кетмен демекчи, Ажокыйыктын колуна алганы канчалык чоң кетмен болгону менен, өзүнө жараша атайын жасалбагандан кийин, алптын күчүнө саал ылайык келбеген кетмен тура. Ошондо да бир чаап алган топурагы бир бөксө тоодой болуп үйүлүп калган экен. Каары кайнап, албууттанып турган алп ачуусун баса албай экинчи жолу күү менен кетменди топуракка чапканда сабы сынып кетиптир. Ажокыйык хан атабыз анчалык ачууланбай эле чапканда кетмендин сабы эч нерсе болбойт беле, чунак кишинин жаалы анча мине катуу кармап келгенин ким билсин. Ошол ошо болот, эл жарданып жакасын кармап Кудайга жалынып күтүп калат.

Дарыяны бөгөйм деген Ажокыйык алп хан кетменге сап таптыра албай кыйналат. Жумшаган адамдары канча жерди кезет, деги бир ага ылайык кетменге сап болор жыгач жолукпайт. Анан алп хан да ачуусу секин-секинден тарап ойлонот, кантсе да темир эмес, хан болсо да тирүү жан, адам да , ушу өзүн караган калдайган калың журтуна бир чекилик иш жасап жатканын алп жүрөгү менен туйгансыйт. Ошол арада көкүрөгүнөн көп ойлорду сыдырып, көп күндөр өтүп, бара-бара акылга тунат. Канчалык алп, баатыр хан болуп, алдынан эч ким кыя өтпөй, сүрдөшкөнү менен Ажокыйык деле бир жагынан алганда башкалардай эле киши баласы болуп туулуп, анан хан болгон эмеспи, баягы окуудан кийин эмнегедир ден соолугу болбой , өзүн жаман сезип жүрөт. Бир күнү даанышман кеңешчисин жанына алып акыл

калчап олтуруп айтат:

-Күнөөсүз элди сууга чөктүрөм, Кудай жараткан улуу сууну агып жаткан жолунан бурам деп калктын пири Калкаман менен суунун пири Сулаймандын кусуруна калдым окшойт, кой, бул оюмдан кайттым, эми мени Шайык Бабам (акылдын пири) өзү колдой көрсө экен,-дейт, муну акыл кошчусу туура көрөт. Ошондо Ажокыйык алп хан экинчи мындай ачууга алдырбаска өзүнөөзү ант берип басып кетет. Бирок, дале болсо хандыктан мурун жаралган пенделиги калбай, өзүнө гана ылайык алп кетмен жасатып, кийин ага сап болорго кереги тиер деп, үч теректин көчөтүн алдырып келдирип отургуздурат экен. Ал үч терек өсүп жетилип, кетменге сап болгуча Ажокыйык хандыгын жай гана, акылга салып башкарып, өмүр тагдырында ичээр суусу түгөнгөнбү, келбес сапарга кетеринде элден кечирим сурап, коштошкон экен...

...Кыскасы, ошондон улам бул жер баягы Ажокыйык алп хандын кетмени чапкан топурак дөбө болуп, ал дөбө тоого айланып, эл оозунда айтылып жүрүп бара-бара Кетмен-Төбө аталып кетиптир....

Андан дагы кызыгы Ажо деген сөздүн өзүндө чоң маселе камтылып жаткансыйт. Себеби, тарыхты баракталганда билгенибиз боюнча 6—9-кылымдарда Эне-Сай кыргыздары бийлеген ханын "Ажо" деп атаганы белгилүү эмеспи. Хусаин Карасаевдин "Камус Наама" (Карасай сөздүк) китебинде мындайча айтылат: 9-кылымда кыргыз элин бийлеп турган, аны чоң мамлекет кылып бириктирген Ажоо деген баатыры болгон. Ажоо 815-жылы кыргыздарды чет душмандардан коргоп турган, ал дүйнөдөн кайткандан кийин кыргыздар бытырап, бирдиги кеткен. Ошондон улам кыргыз эли ошол баатырын эскерип: "Ай дээр Ажоо жок, кой дээр кожо жок" деп накыл кеп калтырган, Ажоо унутулуп калган". (Х.Карасаев "Камус Наама", 1996-ж.Бишкек ш., "Шам" басмасы. 33-б.)...

Эгерде топонимдик жагынан алып караганда Кетмен-Төбө өзүнчө маани-маңызы бар экени чындыкка окшош жагы учурайт. Мисалы "кетмен төбө" деген сөз эмнени түшүндүрө турганын изилдегендер да бар. Биздин муундун белгилүү акын, тарыхчы-окумуштуусу, учурда Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун төрагасы Байас Турал (Абдрахман Алымбаев) "Гетман төбө" же жер аттары тууралуу" деген эмгегинде

мындайча жазган: “Элдик этимология боюнча ой жүгүртсөк, анда ал “кетмен” жана “төбө” деген эки сөздөн турат. “Кетмени” кадимки эле дыйкан ийинине салып көтөрүп бараткан кетмен. "Дөбөсү" –кадимки дөбө. Экөө тең эле кыргыздын сөздөрү.... Ушинтип сөздүн сырткы угулушу менен изилдөө жүргүзсөк, анда "кетментөбө"—“кетменделген төбө”, айдалып эгин себилген дөң” ж.б. деген эле түшүнүктү билдирет”.

Автор андан ары жогоруда биз айткан Ажокыйык тууралуу элдик уламышты кошо айтат, чынында “төбө” деген сөздөн ошол аймактагы эң бийик “чоку” дегенди билүүгө да болот. Легенданын маанисинде кетмен менен жаралган бийик жерди түшүнүү жөн”... Мындан башка да Кетмен-Төбө тууралуу бир топ пикирлер жазылган.

Редакциядан

Уходят в историю годы... Но не меркнет в памяти величие трудового подвига гидростроителей и энергетиков- инженеров, техников, рабочих – всех, кто создавал энергетику Кыргызстана.

Представители 47 национальностей, специалисты самых разных профессий как единая многонациональная семья были одержимы одной мечтой – заставить воды неукротимого горного Нарына служить добрую службу для блага человека, способствовать экономическому росту Кыргызстана.

Здесь, в некогда недоступных скальных каньонах построены и введены в эксплуатацию гиганты энергетики-Уч-Курганская, Токтогульская, Курп-Сайская, Таш-Кумырская ГЭС, строятся Шамалды-Сайская и Камбар-Атинские ГЭС, вырос благоустроенный город с современной инфраструктурой Кара-Куль, который мы любовно и по-праву называем столицей энергетики Кыргызстана.

Выступал с докладом «80 лет плану ГОЭРЛО» Президент Республики подчеркнул особую роль энергетики, выразил глубокую благодарность народу Кыргызстана нашим славным гидростроителям э энергетикам, труженикам и ветеранам, золотыми руками которых были созданы уникальных гидроэлектростанции и вся могучая энергетическая система, которая является основным фактором социально-экономического развития Кыргызстана в XX1 веке.

Издавая «Энциклопедию города Кара-Куль», редакция пыталась обобщить наиболее важные факты и этапы строительства, назвать фамилии гидростроителей и энергетиков, посвятивших свои помыслы строительству ГЭС, социально-культурных обьектов города, внесших достойный вклад в наращивание энергетического потенциала Кыргызстана.

Она расскажет молодежи о великом подвиге труда их отцов и матерей.

**** **** ****

47 улуттун өкүлдөрүнөн турган ар кыл кесип ээлери, ондогон адистер шаардын тарыхынын башаты болгон ГЭСтердин курулушунда бир кишидей ынтымакта иштешип, алп Нарындын агымын бөгөөгө колдон келген зор эмгектерин сарпташкан. Алар азыркы муундардын ата-энелери, чоң ата, чоң апалары. Китепте албан иштерди бүтүргөн гидрокуруучулардын, энергетиктердин шаардын өнүгүүсүнө кошкон салымдары тууралуу баян этилди. Шаардын алгачкы турмушунан баштап, мындагы ишкана-мекемелер, шаарыбыздын өсүп-өнүгүшүнө салым кошкон эски, жаңы муундардын өкүлдөрү, шаарыбызды жана ишкана-мекемелерди жетектеп иштеген, иштеп жаткандар, алдыңкы эмгек адамдары бар. Китеп жазылып жаткан учурда көптөгөн адамдар редакцияга арбын маалыматтарды алып келишти. Алардын бардыгын киргизүүгө аракет кылдык. Бирок, шаардын түптөлүшүнө ар башка тармактардан, ар башка иш-аракеттери менен салымдарын кошушкан инсандар жүздөп, миңдеп саналаары да белгилүү. Мүмкүнчүлүк деген ар дайым чектелүү болоору да баарыга белгилүү. Ошондуктан бул китепке кирбей калган эмгек адамдарынан биз кечирим сурайбыз.

Китептин жазылышына, анын басылып чыгышына көмөк көрсөткөндүктөрү үчүн биз Кара-Көл шаарынын мэриясына, шаардык кеңешке, анын депутаттарына терең ыраазылык билдиребиз.

МАЗМУНУ

Баш сөз 5

1-БӨЛҮМ

Кара-Көл шаарынын жаралышы 6
Рождение города Кара-Куль 10
Кара-Көл шаарынын аткаруу органы: кечээ жана бүгүн 14
Шаар жетекчилеринин өмүр баяндары 18
Кара-Көл шаары туурасында кыска статистикалык маалымат 26
Кара-Көл шаардык мэриясы 27
Кара-Көл шаардык кеңеши 32

2-БӨЛҮМ

Кыргыз республикасынын энергетика тармагын жетектеген инсандар 41
Шаар куруучу мекемелер 42
Татыктуулар сыйлыкка жеткен 80
Взгляд в прошлое 83
ГЭС курууга келген эң биринчи комсомол 94
Н.Меркулов менен М.Рассохиндин бригадалары 100
Хакимжан Нурматов 101
Алгачкы жардыргыч адис 105
Ажиматов Калмамат 107
Жаштар бригадасынын бригадири 108
Алахунов Жаныш 112
Жаныбек Кара-Көлдө тарбияланды 113
Геодезис Анипа Бекташова 115
Токтогул ГЭСтер каскады 118
ТГЭСКнын директорлору 123
Токтогул ГЭСи 138
Күрп-Сай ГЭСи 143
Коммуналдык ишканалар комбинаты 144
Автоунаа ишканасы 145
Токтогул ГЭСтер Каскадына караштуу жылуулук түйүнү 146
Энергетиктердин династиясы 147
Токтогул ГЭСтер каскадынын энергетиктеринин алтын фондун түзгөн инсандар 152
Камбар-Ата ГЭСтери 157

3-БӨЛҮМ

Кара-Көл шаарынын өнүгүшүнө салым кошкон жана республикага белгилүү инсандар 165
«Шаар көз алдымда курулду» 187

4-БӨЛҮМ

Кара-Көл шаарында эмгектенип жаткан мекеме, ишканалар жана уюмдар 215
Милициянын мурдагы муундарынан 222
История войсковой части 718 236
Салык жана фискалдык мекемелер 238
Кара-Көл шаардык Билим берүү бөлүмү 249
Токтогул атындагы №1-орто мектеп 256
Чолпонбай атындагы №2-орто мектеп 275
Михаил Васильевич Фрунзе атындагы №3-орто мектеп 289
Шопоков атындагы №4-орто мектеп 296
Хуриев атындагы орто мектеп 312
Мамытов Бекмырза атындагы башталгыч мектеп 313
Темиров атындагы орто мектеп 313
«Келечек» балдар бакчасы 315
№89-кесиптик лицей 323
Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кара-Көл колледжи 329
Кара-Кульский технологический институт кыргызского государственного технического университета им. И. Раззакова 332
Саламаттыкты сактоо мекемелери 345
Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө борбору 368
Шаардык мамлекеттик статистика бөлүмү 373
Архитектура тарыхы 374
Шаардык жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлкө укуктарды каттоо башкармалыгы 381
Муниципалдык менчик башкармалыгы 383
«Жазы-Кечүү» айылынын аймактык башкармалыгы 385
Кетмен-Төбө аймактык башкармалыгы 390
Кара-Көл мамлекеттик архиви 391
Шаардын «Кыргызпочта» мекемеси 393
Социалдык жактан коргоо башкармалыгы 396
Кыргызтелеком ачык акционердик коому 397
Кара-Көл шаардык №94-өрт коопсуздук бөлүмү 399
Өрттөн эмгек, ишке орноштуруу жана жаштар министрлигинин Кара-Көл шаардык бөлүмү 403

Ветеринардык башкармалык 404
АЭРОДРОМЖОЛКУРУЛУШ ААК 410
№2- ФИЛИАЛЫ (№875 КБ) 410
Бишкек-Ош автожолунун мамлекеттик дирекциясына караштуу
№30-жол тейлөө ишканасы 415
Банк кызматтары 417
Кара-Көл токойчулугу 422
Кара-Көл РЭТи 425
«Достук» заводу 428
Ротор ишканасы 430
Керек-жарак башкармалыгы 431
Нурлан-Алко жоопкерчилиги чектелген ишкана 433
Кенжекан Сарсейитова 434
Бакыбаттуу жашоону өз колдору менен курушкан 434
Жумалиева Гүлүмкан 438
Аялдар кеңеши 441
Маданият жана спорт мекемелери 448
Шаардык балдар чыгырмачылык үйү 456
Балдар музыкалык мектеби 457
Шаардык басылма 458
Шаардагы дене тарбия жана спорт иштери 459
Д Ю С Ш 461

5-БӨЛҮМ

Кара-Көл шаарында жашаган адамдардын эскерүүлөрү 465
Улуу муундардын эскерүүлөрүүнөн 470
94 жаштагы Орунбаев Макамбай аксакалдын аяткан баяндарынан 476
Я помню все... 501
Чтобы дети и внуки помнили... 506
Маралбай Бекболотов жана Акынбек
Турдукуловдордун эскерүүлөрү: 507
Эмгек жана согуш ардагерлери 511
Кыргызстандын тарыхы менен байланышкан өмүр 516
Кесепеттүү Ооган согушу 525
Редакциядан 538
Шаардын кеңештин бешинчи чакырылышынын депутаттары 544
Гидрокуруучулардын эмгек таржымалын чагылдырган сүрөттөр 550
Токтогул ГЭСтер каскады 553

Кагаздын форматы 60x84 1/16.
Көлөмү 34 басма табак.
Заказ №89. Нускасы 500 даана.

«Бийиктик» басмасы
Бишкек шаары, Ю. Абдрахманов көчөсү, 170 «А»
Тел.: 66-17-25, 66-19-18

500 с. 00 т.